Кырг
Б 97

# Кыргыз совет балдар прозасынын антологиясы



Кирг
К-97

# Кыргыз совет балдар прозасынын антологиясы

Түзүүчүлөр: *Шукүрбек Бейшеналиев, Абзий Кыдыров*

ЦЛБ

ФРУНЗЕ
1985
«МЕКТЕП»

84 Ки 7—44
К 97

*Тестиер балдар үчүн*

Сүрөтчүсү Болотбек Каракеев

**К 97** Кыргыз совет балдар прозасынын антологиясы. [Тестиер балдар үчүн] /Түз. Шүкүрбек Бейшеналиев, Абзий Кыдыров; [Редколл.: Б. Асаналиев (башкы ред.) ж. б. Сүрөтчүсү Болотбек Каракеев]. — Ф.: Мектеп, 1985. — 304 бет.

Бул антологиялык жыйнакка Тоголок Молдо, К. Баялинов, М. Элебаев, А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, К. Эсенкожоев жана башка, балдар үчүн жазып жүргөн жазуучулардын аңгеме-жомоктору жана повесть, романдарынан үзүндүлөр кирди.

К $\frac{4803010200-114}{М\ 452(17)-85}$ 118.85

ББК 84 Ки 7—44

Редколлегия: *Байтемир Асаналиев, Мелис Абакиров, Шүкүрбек Бейшеналиев, Өскөн Даникеев, Санжы Егиналиев, Абзий Кыдыров, Дүйшөн Сулайманов.*

Рецензиялаган *Качкынбай Артыкбаев,* филологиялык илимдердин доктору.

© Түзгөн. «Мектеп» басмасы, 1985.

# БАЛДАР СЕЗИМИНДЕ ЧАГЫЛГАН ДҮЙНӨНҮН КӨП КЫРДУУЛУГУ

Көркөм сөздүн бардык жанрлары жана түрлөрү биз үчүн бирдей мааниге ээ экендиги белгилүү. Ошентсе да, биз өзгөчө сүймөнчүлүк менен мамиле жасаган адабияттын түрү бар, ал — келечектин муундарына таалим-тарбия берүү миссиясын аткарган балдар адабияты.

Азыркы илимий-техникалык революция, коомдун ар тараптан дүркүрөп өсүшү, айыл менен кыштактын айырмачылыгынын жоюлуп баратышы сыяктуу көптөгөн факторлор жаш муундарга да таасирин тийгизип, социалдык, турмуштук улам жаңы проблемаларды жаратып жатат. Биздин күндүн мектеп окуучуларынын дүйнөсү алда канча татаал, алда канча бай. Демек, жаш муундардын рухий калыптануусуна багыт берүүгө чакырылган балдар жана өспүрүмдөр адабиятын түзүүчүлөрдүн жоопкерчилиги да күчөөдө.

Албетте, бүткүл көркөм маданиятыбыз сыяктуу эле балдар жана өспүрүмдөр адабияты коммунисттик тарбиялоо ишинин алдыңкы чегинде турат жана анын жакшынакай ийгиликтери, калыптанган салттары бар. Аны көркөм сөзүбүздүн басып өткөн жолунан баамдоого болот. Мисалы, балдарга арналган алгачкы китеп, болгондо да революциянын кеменгери Ленин жөнүндө аңгемелер, мындан жарым кылым мурда жарык көргөн. Аны ошол кездеги жаш калем, кийин көркөм сөздүн элге кеңири белгилүү чебери Касымалы Баялинов которгон эле. Ал эми балдарга арналган элдик оозеки чыгармалардын — турмуштун ар кыл жактарын, эр жүрөк каармандардын башынан өткөн окуяларды чагылдырган ырлардын, жамактардын, уламыш менен укмуштуу жомоктордун жаралышы кылымдардын түпкүрүнөн башталат.

Муундардан муундарга келе жаткан оозеки чыгармачылыктын берене-леринен башка Токтогул, Тоголок Молдо сыяктуу улуу акындарыбыздын балдар жөнүндөгү ырлары, тамсилдери, дастандары эл оозунда, жаш жеткинчектердин жан-дүйнөсүндө жашап келе жатат. Мисалы, Тоголок Молдонун «Тоотай мерген менен үч аркар», «Үркөрдүн кызы үлпүлдөк сулуу», «Толубай» аттуу прозалык чыгармалары балдар адабиятынын көөнөрбөс жаратмаларына айланды.

Эпикалык жомоктордо (айрыкча «Манас» эпосунда), уламыштарда, ырларда көп учураган, кылымдардан бери келе жаткан салттардан жаралган таалим-тарбия берүүнүн азыр да мааниси чоң. Улууну урматтоого, эмгекти, Ата Мекенди, өскөн жерди сүйө билүүгө, эл достугун баалоого үйрөткөн анын кымбат принциптери, жөрөлгөлөрү советтик, социалисттик турмуш өтөө образы менен бүгүн тыгыз биримдикти жаратып олтурат.

Жазуучуларыбыздын дээрлик бардыгы чыгармачылыгынын мыкты барактарын балдар адабиятына арнап келгендиги жана арнап жаткандыгы да бекеринен эмес. А. Токомбаев, К. Баялинов, Ж. Бөкөнбаев, М. Элебаев, Т. Сыдыкбеков, К. Жантошев, К. Маликов, К. Эсенкожоев, Ж. Турусбеков, А. Осмонов, Т. Үмөталиев, А. Токтомушев сыяктуу адабиятыбыздын аксакалдарынын алгачкы эле чыгармаларынын арасында кыргыз элинин өткөндөгү турмушун, революцияга чейинки кыргыз балдарынын бактысыз балалыгын көрсөткөн повесттери, аңгемелери, ырлар менен поэмалары сейрек кездешпегени белгилүү. Алар өткөн заман менен учурду салыштырып, кыргыздын кыздарына, балдарына: Совет бийлиги силерге бактылуу балалыкты берди, дүйнө таанууга колүнөрлү ачты; Совет өлкөсүнүн татыктуу адамы болуп өскүлө, Кыргызстандын материалдык жана рухий байлыгын арбыткыла, даңкын көтөргүлө, — деп айтышты. Оозеки чыгармачылыктын чеберлери сыяктуу эле жаш жеткинчектерди рухий, көркөм тарбиялоону өздөрүнүн бирден-бир парызы катары санашты.

Ошол улуу муундагы сөз устаттарынын жана ошондой эле адабият майданына кийин кошулган авторлордун күчү менен кыргыз адабиятынын балдарга арналган китепканасы жыл өткөн сайын улам толукталуунун, өсүп-өнүгүүнүн үстүндө болду, негизинен балдар үчүн жаза турган авторлордун тобу акырындап түзүлө баштады. Мисалы, алардын ичинде М. Жангазиев, Ш. Бейшеналиев, А. Кыдыров, Ж. Садыков, И. Исаков, Т. Кожомбердиев, Д. Сулайманов, К. Жунушев сыяктуу таанымал жазуучулар бар. Ш. Бейшеналиевдин балдар турмушун баяндаган повесттери, аңгемелери көп улуттуу өлкөбүздүн миңдеген окуучуларынын барктоосуна ээ болду, бир катар чет өлкөлүк элдердин тилдерине которулду. Тайманбас, эр жүрөк пионер Кычан Жакыпов жөнүндө жазылган анын «Кычан» аттуу повести жаштардын сүйгөн китептеринин бирине айланды, ал эми «Мүйүздүү козу» аттуу чыгармасы Андерсен атындагы эл аралык Ардак дипломунен сыйланды. Акын А. Кыдыровдун «Шоңур» аттуу типтүү жана өтө мүнөздүү жаш каарманды сүрөттөгөн чыгармаларынын тобун жалаң гана автордун эмес, жалпы эле азыркы кыргыз балдар прозасынын ийгилиги катары караса болот.

Биздин адабиятчылар катышкан республикалык жана жалпы союздук чыгармачылык ар кандай жолугушуулар балдар үчүн жазган калемгерлерге оң таасирин тийгизип жаткандыгын эскере кетүү туура. Айталы, жакынкы эле жылдарда балдар жана өспүрүмдөр адабиятынын Бүткүл союздук кезектеги жумалыгы кыргыз жергесинде чоң ийгиликтер менен өттү. Өлкөбүздүн ар кайсы жеринен келген көп улуттуу совет адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрү республикабыздын турмушу, анын материалдык жана рухий чоң жетишкендиктери менен таанышып чыгышты. Бул сыяктуу эсте каларлык маданий жана чыгармачылык окуялар жалпы адабий процесстин, ошонун ичинде балдар адабиятынын алга ишенимдүү кадам шилтей беришине шарт түзүп жатат. Республиканын белгилүү акындарынын жыйнактары, ошондой эле көп улуттуу советтик балдар адабиятынан которулган китептер жаш окуучуларга жакшы белек болду. Кыргызстан жазуучулар союзунун катышуусу менен «Мектеп» басмасынан чыгарылган совет адабиятынын көп томдуу «Күн чубак» аттуу антологиясы да жигердүү көркөм жаңылык катары кабыл алынды.

Балдар адабиятын мындан ары дагы ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн чыгармачылык бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу керек экендиги түшүнүктүү.

Бул максатты жүзөгө ашырууда партия менен өкмөттүн, Кыргызстан компартиясынын БКнин көрүп жаткан камкордугу мындан нары да өзүнүн жемиштүү таасирин көрсөтө бермекчи. Буга жаңы театрлардын ачылышы, мектепке чейинки бөбөктөргө арналган «Байчечекей» журналынын чыга баштаашы сыяктуу эң сонун фактылар күбө боло алат. Окуучуларга сунуш кылынып жаткан кыргыз балдар адабиятынын антологиялык ушул жыйнагы да ошол эле максатка — көркөм сөз өнөрчүлүгүбүздүн өтө кылдат жана маанилүү жагы мындан ары да ишенимдүү, көп кырдуу калыбында өрчүп-өнө беришине кызмат кылмакчы.

Ошентип, азыркы балдар адабияты жалпы союздук көркөм процесстин кеңири нугунда өнүгүп, идеялык жана эстетикалык жаңы сапаттарды, табылгаларды жаратуунун үстүндө иштеп жатат.

*Теңдик Аскаров,*
Кыргызстан Жазуучулар
Союзунун Башкармасынын
биринчи секретары



# ТОГОЛОК МОЛДО

Кыргыз совет адабиятын баштоочулардын бири Тоголок Молдо (1860—1942) Ак-Талаа районундагы Куртка деген жерде туулган.

Тоголок Молдо Октябрь революциясына чейин эле жаза баштаган. Биринчи жыйнагы «Насыят» деген ат менен 1925-жылы араб тамгасы менен Москвада басылып чыккан.

Акындын балдар үчүн «Жер жана анын балдары», «Куштардын ангемеси», «Абышка-кемпирдин көмөчү», «Бөрү менен түлкү» деген китептери чыккан. Көптөгөн ырлары, поэмалары орус жана башка бир тууган элдердин тилине которулган.

## ТООТАЙ МЕРГЕН МЕНЕН ҮЧ АРКАР

Ааламга жер-жер бүткөндө Тоотай мерген жашайт. Мунун мергендиги жумурай баштууда жок, адистиги, кылдаттыгы тири укмуш, ок чыгарганда ылайым жаза аткан эмес. Тоо кийигин ойго шилейт. Тоотай мергенди тоотпогон, капкайдан анын жытын алып ыкмасына жолотпогон кайберендин эң шуму үч аркар деген болот.

Күндөрдүн биринде Тоотай мерген сары айгырын минип, мылтыгын асынып, тайганын ээрчитип жүрүп үч аркарды чалыктырат. Апыл-тапыл ээринен ыргып, айгырын кең тушайт. «Мунун үчөөнү тең жайлайын»,— тайганын агытып, мылтыгын үч аркарга сундуруп, мелтирете шыкаалай олтура калат. Аркарлар жыт алып Тоотайды көрүшөт.

— Балакет байкатпай тооруптур, бизге ажал жеткен экен,—

дешин, аркарлар ашып-шашып дыр коюп качып калышат. — Бу балакеттен куткар,— деп аркарлар зар какшашат. Тилегин жараткан кабыл кылат. Жанын таштап аргыштаган үч аркар күүлөнгөн боюнча көкөлөп асманга учуп жөнөйт. Аларды бучкактап жаза-буза тиштеген тайган бу да кошо чыгат. Тоотай мерген өңүп мылтыгын шыкаалаган боюнча бу да көккө ооолойт. Тушоолуу сары айгыр дагы калбай калкып жөнөйт.

Булардын баары асманга барып, ар кими өзүнчө жылдызга айланып, ошондон бери тарта түн боюнча ордун алмашып турушат.

## ҮРКӨРДҮН КЫЗЫ ҮЛПҮЛДӨК СУЛУУ

Жетиген жылдыз мурда жер үстүндө жүргөн каракчылардан, Үркөр да жер үстүндө жашаган адамдан болот. Бир күнү жети каракчы Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулууну ала качышат.

— Үркөр турган жерге туракташ кыйын,— деп асманга чыга качышат.

Кызын алдырган Үркөр ызаланып, жети каракчынын артынан катуулап кууй сызат. Жетиген көк теңирде каккан казыктай былк этпеген Алтын Казык деген жылдызга корголошот да:

— Биз Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулууну ала качып келдик. Адил эмессиңби, бизди кууган Үркөрдөн куткар,— дешет.

— Кымыз ичкендики, кыз алгандыкы. Чочубай эле жүрө бергиле,— дейт Алтын Казык.

Алардын соңунан Үркөр келип, Алтын Казыкка кайрылат:

— Калыссың, жалган кепти укпаган, бир ордуңан жылбаган. Үлпүлдөк деген кызымды жети каракчы ала качып жеткирбей жүрөт. Адилеттик кылып кызыбызды алып бер.

— Анда Алтын Казык:

— Кызың өзү көөндөнүп качкан чыгар. Жети каракчы менин эбиме кирбейт го. Силер көп эмессиңерби. Артынан кууп каракчыларга жетпейсиңерби, кызыңарды тартып алып кетпейсиңерби? — деп Үркөрдү Жетиген жети каракчынын артынан жөнөттү.

Ошо күндөн ушу күн Жетигенди Үркөр Алтын Казыкты айландыра кууп жүргөнү жүргөн.

## ТОЛУБАЙ

Байыркы өткөн заманда, Жаныбек хандын тушунда Толубай деген сынчы, Токтогул деген ырчы, Жейрен чечен, Алдар көсөө, Акыл Карачач, Асан кайгы, Чык татырбас Чынарбай дегендер жашаган.

Булар Алтын ордого жакын Ак-Дөбө деген жерде турушкан.

Толубай сынчы өзү акылга дыйкан, билгич, кыраакы адам. Адамды, малды, жерди сындап, түп жайына дейре билген.

Бир күнү Толубай акыл ойлоп, жолдошторун чакырып кеңеш курду.

— Биз мындай жүрбөйлүк. Элге окшоп жер тандап, шаар куруп оокат кылсак кантет?

Шериктери анын акылына көнүштү. Убаданы чыңаган соң, жер тандады. Арал деңизинин боюн жактырып, ошерди турукташты.

Жаныбек хандын залимдиги күчөдү. Ордунда тынч жаткан оруска тынчтык бербеди. Казак, кыргыз качпас кара кул катары кошуун, колунун алдында кайда айдаса оболунда бара берди. Өзүнчө жаткан өзүбек, тажикти талады. Татарды андан тымтыракайын чыгарды.

Ушундай алааматтан тажаган Толубай шериктерине дагы:

— Бейкуттуураак жакка көчсөк кантет,— деп акылдашты.

Токтогул менен Асан аны колдоду. Жаныбек хандын айдагындагы кыргыз урууларын Ала-Тоого оого бүтүм чыгарышты.

Муну угуп Жаныбек хан өз шартын койду:

— Эгер чындап кете турган болсоңор Толубайдын уулу Миңбай менен Асандын уулу Төлөнгүттү менин карамагыма калтырасыңар.

Залим хан балдарын таштап көчалбас деп кылыйган. Толубай, Асандар кабыргалары кайышып, кайрадан өзүлөрүнчө кеңешишти:

— Уулдарыбызды ак үйлөрү менен берсе берели, элибизди аман-эсен көчүрүп кетели,— деген жыйынтыкка такалышты.

Он беш жашар Миңбайды, он үчтөгү Төлөнгүттү:

— Көптүн намысына жарап, ажат ачкыла. Кырылгандан калган элиңерди бабаларыңардын мекени Ала-Тоо жергесине жеткирели. Силер ашыкпай артыбыздан келгиле,— дешип, эки уулду Жаныбек ханга ак үйлүү беришти.

Толубай, Токтогул, Асан элин дүрбөтүп баарын жолго салышты. Канча күн узагандан кийин Толубай сынчы өзүнө сегиз жолдош кошуп алдыга барып, конуш чалууга шашыла шатектеп аттанды.

Канча күн шакылдата тынымсыз жол жүрүп отурушуп, Ала-Тоодон бөлүнгөн, аркайып сонун көрүнгөн элге жайлуу, Эркин тоого кулушту. Ак-Суу, Талас, айтылуу Кең Колго токтоп өргүштү. Анан Улуу Тоонун аймагын баштан аяк кыдыра чалып, Толубай сынчы жактырды.

— Талас — Талаш, Чүй — Чуу, Кочкор — Кач кар, Жумгал — Жыргал, Нарын — Зарыл — жер соорусу эмес бекен. Арпаны жаздаса, Аксайды жайласа, Ат-Башыны күздөсө, Тоюнду кыштаса мал баккан чарбанын арманы барбы.

Толубай пейли тоюн, Ала-Тоону турактоого, элин бөлүп жайгаштырууга күтүнүп, көч кошуундун алдын утурлашты. Ошентип, эрдиги кабат, эс-акылы арбын Толубай Жаныбек хандан өз элин ажыратып алган...



## БАЯЛИНОВ КАСЫМАЛЫ

Кыргыз совет адабиятын баштоочулардын бири, Кыргыз ССРинин эл жазуучусу Касымалы Баялинов (1902—1974) Балыкчы районуна караштуу Көк-Мойнок деген жерде туулган.

Касымалы Баялиновдун чыгармачылык иши 1922-жылдан башталган. Алгачкы чыгармалары казак, татар тилдеринде басылып чыккан.

К. Баялиновдун 1927-жылы чыккан «Ажар» аттуу повести СССРдеги көптөгөн улуттардын жана чет элдик тилдерге которулган. «Боордоштор», «Көл боюнда» деген романдары коомчулукка белгилүү.

К. Баялиновдун балдарга арналган «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылан», «Мурат» жана башка чыгармалары 1925—1927-жылдары жарык көргөн.

## ЧАБАЛЕКЕЙ МЕНЕН ЖЫЛАН

Эски тамдын үстүнө келип, эки чабалекей уя жасоого балчык ташышты. Балчыгын катар-катар кылып тизмекчи болушту. Бирок балчык токтогон жок, жылбышып туруп алды.

Ошондуктан чабалекейлер балчыкты топонго, жүнгө, кылга аралаштырып алып келишти. Аны балдардын жасаган жүк ташындай кылып, биринин үстүнө бирин эп кыйыштырып, тизе баштады. Балчык мурункусундай жылбышпай желимдей болуп жабыша берди.

Уя бир нече күндөн кийин чөйчөккө окшоп даяр болду. Сырты бүдүр ала тартып, аралашкан кыл, жүндөрү самсаалап чыгып турат.

Эки чабалекейдин бирөө күн-түн дебей уясында жатты. Экинчиси ага тамак ташып келет. Беш-алты күн өткөндө уяда жатканы беш жумуртка тууду.

Бир нече күндөн кийин төрт балапан чыгарды, жумурткалардын бирөө сасык эт болду.

Балапандар энеси жем алып келгенде, жандары калышчу эмес. Бардыгы оозун ачып, бирине бири сүйкөнүп, алга умтулуучу.

Бир күнү энеси жем алып келди эле, балапандардын бирөө мурда жетип жемекчи болду, илгери жүткүнүп, уядан учуп кете жаздады. Энеси: «Балаа болуп, буларды бош койсом, учуп өлөт экен»,— деп балдарынын буттарын кыл менен байлап салды.

Күн чак түш эле. Чабалекей балдарына жем берип болуп, эс алууга уясында жаткан, ал бир мезгилде устундун түбүндө жаткан жыланды көрдү да коркуп:

— Ой, сен ким болосуң? — деди.

— Менин ким экенимди кийин билерсиң. Мени көрдүңбү? Ободу ошону айтчы! — деди жылан.

— Бийик жерде туруп сени кантип көрбөйүн, көрдүм.

— Көрсөң да мени тааныбапсың.

— Кантип сени тааныбайын, тааныдым.

— Таанысаң, мен ким болом, кана, айтчы!

— Ким болмок эле! Жылансың!

— Мына айтпадымбы, ошентип бийик жерде турсаң мени таанымайсың. Мени тааный турган болсоң бери ылдыйлап, жаныма түшүп кел,— деп жылан башын көтөрүп койду.

— Тигини, мени алдап жатканын. Муну көрбөйсүңбү! Сен жылан элесиң, жаныңа барбайм, барсам чагып аласың. Жыландан корком,— деди чабалекей.

— Жыландан мен да корком. Анын тиши узун болот. Тишинин учунда уусу бар. Ал меникин карачы: тиштерим майда, кичинекей, бирок тилим узун,— деп жылан тилин соймоңдотуп чыгарып койду.

— Жылан болбосоң, анан эмнесиң? — деп чабалекей таң калды.

— Кескелдирик болом.

— Мен көргөн кескелдириктердин буттары болуучу эле. Сенин буттарың кана? — деди ал.

— Эмесе сен кескелдириктердин көбүн көргөн эмес турбайсыңбы. Көргөн болсоң, бул сөздү айтпас элең. Кескелдириктин кайсы бирөөндө бут жок болот. Муну жакшы билемин, бутум жок болсо да буттуу кескелдириктен кем жүрбөйм. Кем жүрбөгөндөн кийин буттун эмне кереги бар? — деп дагы жылан башын көтөрүп койду.

Жыландын анда-санда башын көтөрүп, балапандарын караганына чабалекей шектенип:

— Жок, ишенбейм, жылан элесиң,— деди.

— Мага ишенбейт экенсиң го. Эмесе, жаныңа барып ишендирейин,— деп жылан устунга оролуп, жогору сойлой баштады.

Чабалекей, жылан балдарымды жейт экен деп коркту. Жаны

калбай чырылдап, уясынан учуп тышка чыкты. Кайтып уясына келип конду. Балапандарынын оозун ачып жем сурагандарын көрдү.

— Шордуу балдарым ай! Оозуңарды ачып жем сурайсыңар. Өзүңөр бирөөгө жем болгону жатканыңарды билбейсиңер, байкуштарым, ай! — деп чабалекей жашооруп кетти.

Жылан сойлоп чыгып келе жатты. Жылан ачакейлүү уулуу тилин соймоңдотуп чыгарып алган. Ал желмогуздай уулуу тил жалдап эле кетсе, былжыраган курган балапандар соо кала турган эмес.

Чабалекей чырылдап уясына дагы учту. Тышка чыкты. Кайта учуп тамга кирди. Экинчи чабалекей да балдарына көпөлөк тиштеп келип калды, жыланды көрдү. Ал оозундагы көпөлөгүн таштап жиберип, кайрат кылды. Балдарын жоодон сактамакчы болуп, канаты менен жыланды чаап өттү. Бирок аны жылан тоотподу, башын көтөрүп коюп, жогору жыла баштады.

Тамды жандап өткөн жалгыз аяк жол бар эле. Ошол жол менен өгүз минген абышка бир таңгак сабоо өңөрүп, тоодон түшүп келе жатты. Анын камчыланып келе жаткан колунда да бир узун ыргай сабоосу бар. Ал тамга келе берген кезде, эки чабалекейдин тамды айланып, тамга кирип-чыгып чырылдап учуп жүргөнүн көрдү, таң калды. «Жарыктыктарга эмне болду»,— деп өгүзүнөн түштү. Тамдын эки жагын карады. Андан келип тамдын ичине кирди. Жыландын жаңы уяга башын салып баратканын көрдү да, колундагы ыргай сабоосу менен бел талаштыра жыланды тартып жиберди. Жылан тоголоктошуп жерге түштү. Жерге түшкөндө жыландын эки көзү челейип агып түшкөн экен.

Бирөөгө зордук кылам деген жылан ошентип өз азабын тартты.

Чабалекейлер балдарынын аман калганына кубанып, абышкага алкыш айтышты.

## АЖАР

### 1

Күн кылтылдап, уясына батып бара жатат. Ала-Тоонун чокусуна токтогон бирин-серин үлбүрөгөн ак булуттар күндүн батарда чачкан нуруна боёлуп, кызгылт тартып, дүйнөгө жаңылык киргизгендей. Учу-түбү жок туңгуюк көк да, казанбактай көмкөрүлүп, бүткүл макулукту кучагына алып, өзүнүн кечки жумшак илебин менен алда кимди сүйүнткөндөй болот.

Калың бейитти бет алган жалгыз аяк жол менен үч аял келе жатты. Бирөөнүн үстүндө шайы ала чапаны бар, жоолугу бош ийнинe түшүп, жылаң баш, аягында кепич, маасы, өңү саргайыңкы, жүдөңкү, ак жүзүнүн көркү кетип, көзүнүн алды карарган. Жашы 15—16 чамасында, сенделип, буту араң гана шилтөөгө келип, муңдуу жумшак көз жашы тыйылбай, үшкүрүгү таш жарат. Бул — биздин азыркы сөз баштамакчы болуп олтурган Ажар деген

кыз болуп, беркилери — Ажарга жолдош болуп бирге чыккан ошол жердик аялдар. Булар, кедейдин алачыгына окшоп, көп бейиттин четинде турган бир кичирээк мүрзөгө келип токтошту. Ал Ажардын энесинин мүрзөсү.

Ажар мүрзөнү көргөндө, токтоп тура албай, мүрзөнү кучактап, буркурап-боздоп ыйлап жиберди.

— Жаным, апа! — деди Ажар.

Үн жок... Жымжырт...

— Жаным, апа, тур! Жетим тайлактай боздоп, жетимсиреп, артында калган жалгызың келип, жалооруп жанында олтурат. Жалгызыңдын сөзүн ук, ая! Жалгызың бүгүндөн баштап, ата-бабасы таанybаган бөтөн журттун бирөөнө башы байланганы, ага сатылганы жатат. Андан куткар, ал азапты көрсөтпө, койнуңа ал, ач, койнуңду!..

Сенин өлгөнүңө кайгылуу болуп, кан жутуп, сабыркап, санаа тартып жүргөн кезимде, багат-көрөт деген тууганың мени бул күнгө түшүрүп, бир жат кишиге сатып кетип, сай-сөөгүмдү сыздатты, зарлантты, муңдантты, мага да өлүм керексинтти. Бирок сага берген ажалды кудай мага ыраа көрбөдү. Жасаган ай, мунуң эмне? Анык бар болсоң, мени эмне көрбөдүң?

Кантейин, эң болбогондо, теңтуш болсо, кыздын барар жери күйөө дегендей, жаттыгына карабай, «мейли» деп да коёт элем. Бирок ал, маркум атамдан да карыган киши экен. Ага канткенде барам? Кантип аны өмүрлүк жолдош кылам? Андан канткенде кутулам? Кимден кеңеш, кимден жардам сурайм? Айт, апа! Мага айла тап! Менин сенден башка барар жерим, таянар тоом, жашынар караган-бутам калбай калды. Бирок сен, апа, жоксуң... Сен боору суук кара жердин койнунда түбөлүк уйкуда жатасың... — деп, боздоп Ажар ыйлады. Көзүнүн жашы он талаа болуп, бетин жууду...

Ажардын ким экендигин окуучуга айта кетелик. Ажар 16-жылкы үркүндө кытай элине сатылган кыргыз кыздарынын бири. Атасы Айткулу үркүндө окко учкан, энеси Батма кече жакында, кытай жеринде өлдү.

Ажар Айткулунун карыганда көргөн жалгызы болучу. Батманын мурунку балдары токтобой, бардыгы жаш кезинде өлгөн. Батманын боюнан түшкөн балдары да болгон. Айткулу ага көп аракет кылды. Айылдагы бакшы, молдолорго Батманы көрсөтүп, далай чыгымданды, карызданды, Кашкардан келген азрети аппак кожого да көрсөттү. Ал, Батманын мойнуна тумар тагып, чыныга аят жазып, эзип ичирип, бир топ күнү жаткан. Түн ортосуна чейин исми агзам дубасынан бир нечесин кабаттап окуп чыгып, бир канча ырым-жырымдарын жасаган. Түшүндө Батманы айлантып жүргөн кара чаар, көк жал жолборс менен күрөшүп, кырк чилтен менен сүйлөшүп, көп-көп кереметтер көргөн. Мунун бардыгын мыктап туруп эртеңки чайга олтурганда кожокем Айткулу менен Батмага айткан. Көп кечикпей, арысы эки, бериси бир айдын ичинде Батманын боюна шексиз бир эркек бала бүтүп, анын аман-эсен туулушуна Батманы да, Айткулуну да ишендирген. Бирок ал үчүн

кырк чилтендин тапшырган жумушу деп, бир жылкы кудайы керек экендигин айтып жатып, Айткулунун жалгыз көк чологун алып, кожокем жолго түшкөн. Мындан үч жыл өткөндөн кийин кожосуз, молдосуз, бакшысыз эле Батманын боюна бүтүп, Ажар туулган.

Ажар үркүнгө чейин эч бир жаманчылык көрбөй, бир үйдүн эркеси болуп өстү. Эл үрктү. Чүй боорундагы элдер келип, Коңур-Өлөң, Ала-Башты каптап конушту. Түтүнгө бир кишиден ирет болуп, аскерликке чыксын деп, манаптар буйрук кылышты. Ал иретке Айткулуну да чыгармакчы болушту. Айткулу андан калмакчы болуп, айыл манабы Сагындын алдына барды.

— Баатыр, мени иретке чыксын деген экенсиз, бирок мен чыга ала турган эмесмин. Үйүмдө мына бул турган чычкандай жалгыз кызымдан башка бүлөм жок. Минтип, ар ким өзү өлбөс камын кылып, журт бүлүнүп, жоо жакадан алып турган кезде, катын-баламды чыркыратып кайда, кимге таштайм? Мен бара албайм, мени коюңуз, башка бүлөлүү элден жибериңиз. Тиги Алымкулдун ортон колдой эки уулу да барбай калып олтурбайбы? Адилеттик кылып, ошого окшогондордон чыгарыңыз,— деди Айткулу.

— Чык, эшикке, ит! Сен Алымкулга тең келгиң келген экен, ээ! Муну көрбөйсүңбү?! Сен ким, Алымкул ким? Муну билесиңби? Эртеңден калбай аттанасың! — деп, Сагын Айткулуну үйүнөн кууп чыккан.

Алымкул Сагындын жакыны жана байы. Сагын жалаң гана Алымкул эмес, Алымкулга окшогон өзүнө жакын далай бай, манаптын балдарын иретке чыгарткан жок. Иретке чыккан өңчөй кедейлер, кедейдин балдары.

— Айткулу, аттан!

Эртең мененки алачыктын сыртынан чыккан Сагындын жигитинин ачуулуу үнү Айткулуну уйкусунан ойготту. Айткулу төшөгүнөн шашып турду. Кийинди, белин мыктап курчанды. Куруна күздө бир кап арпа берейин деп, Эдилбай устага жасатып алган айбалтаны кыстарды. Алдына алып, Ажарды бетинен өптү. Ажар жумшак, ичке үнү менен ыйламсырап:

— Атаке, кайда барасың? — деди.

— Садагасы, ыраак барбайм, келем.

Бирок анын үнү каргылданып, жүрөгүндө бир коркунуч бар экендигин билгизет. Ал азыркы кеткен бойдон, кайтып үйүнө келбестей, Ажарды алып эркелетип, бүгүнкүдөй сүйбөстөй, мындан ары Батма менен ойноп-күлүп, өмүр сүрбөстөй жүрөгү элеп-желеп болуп, алып учуп токтолбоду. Эшикке чыгып бара жатып:

— Эл көчүп калса, жүгүңдү көк өгүзгө жүктөп. Ажарды үстүнө мингизип ал. Көчтөн калба. Алда кандай заман болот. Көтмалдыга падышанын салдаттары келди деген кабар бар, биз ошолорду бет алып кетип бара жатабыз, кайыр, кош! — деди.

— «Алда кандай заман болот» деп, жаман жороону баштабай, койсоңчу. — Батма эрине кайрат айткан болду. Бирок аны да бир коркуу сезими баскан сыяктанды.

Батма эшикке чыгып, күйөөсүн атказды. Айткулу кызыл-тазыл желек кармап, көлдү бет алып, кылкылдап кетип бара жаткан калың элге барып кошулду.

Айткулунун кеткенине үчүнчү күн болгондо, эл эртең менен бака-шака түшүп, жапырт көчүп калды. Аскерликке кеткен жигиттер да качып келип, айыл-айылына тарады. Айткулу менен бирге кеткен жигиттер да келишти. Бирок Айткулу жок. Айткулуну көрүү ордуна, «Айткулу окко учту» деген суук сөз Батманын кулагына угулду. Батма бакырып ыйлап жиберди. Ажар да ыйлады.

Айыл-ападагылар келип:

— Нээти дурус киши эле, шейит болду, жаны жаннатта болсун. Мындай өлүмгө ыйлаган болбойт, ыйлабагыла!—дешип, Батма менен Ажарга кайрат айткан болушту; райымдуу, жылуу жүздөрү менен каршы алып, жер караптпай, аларды көптөн багып ала турган сыяктанышты.

Батма менен Ажардын ыйына кошулуп, экинчи айылда дагы бир ый пайда болду. Айткулуга кошулуп, Көбөгөн абышканын баласы Жапаркул да окко учкан. Бирок ал душман колдуу болбой, өз колдуу болуп өлгөн. Бул тууралуу сөз укмакчы болушуп, Жапаркул менен бирге барган Кулубайды айылдагы абышка-кемпир, катын-балдар тегеректеп алышты.

— «Беш жүзгө жакын киши элек,— деп сөз баштады Кулубай. — Биз көлгө түшүп, Жел-Тийбестеги Кулумбайдын багына келип токтодук. Ичибизде беш кана барденке, он-чакты бараң мылтыгыбыз бар; калгандарынын колунда найза, кылыч, айбалта, союл, чочмор, шалк этме. Кошту ошол жерге түшүрүп, ар кайсы шектүү жерлерге кароолчулар чыгардык. Өзүбүз жаттык. Экинчи күнү эртең менен «казак орус келип калды» деген кабар алып, жапырт атка минип, алардын келе жаткан жолун тостук. Биз бир аз жөнөй түшкөнүбүздө Боз-Бармактын талаасын каптап, жер-сууну бербей, бизди көздөй келе жаткан солдаттар көрүндү. Алардын карааны эки жүздөй киши эле. Биз шашып калдык. Алар бизди тарсылдатып ата башташты. Эки кишибиз окко учту. Биздин мергенчилер да атышкан болушту. Бирок аны солдаттар тоотпой, бизге жакындагандан жакындап, койчо жайылып келе беришти, бизди курчап, айлантып ала турган болушту. Биз кийин чегинип, мурунку багыбызга келдик. Көтөргөн ханыбыз Жакыпбек:

— Ушул жерден аламан койгула. Качканыңар болсо, атып таштайм — деп, жигиттери менен элди камчынын алдына алып кекетти. Бир мезгилде солдаттардан кырктай киши бөлүнүп, биздин келген жолубузду бет алды. Сыягы, биздин жолду буумакчы болсо керек эле. Журт удургуй түштү. «Аламан койгула» — деп кыйкырган хандын үнү чыкты. Кимди ким көрдү, аламандап кыйкырып, солдаттарды качырып сала бердик. Алар да шашып калды, кайта качышты. Ай, биз оңбойбуз го! Эгерде биз иреттүү, тартиптүү ошол солдаттардай боло турган болсок, биз аларды алыпноймокчу элек. Солдаттарга жакындап кирип барганыбызда, бир-

эки киши кайта качып жөнөдү. Ал аны көрүп, биз да качтык. Качып бара жаткан солдаттар кайта бурулуп, тарсылдактын алдына алышты. Көзүң жамандыкты көрбөсүн, туш-тушубуздан ок зуулдап өтүп жатты. Чиркин, жан деген таттуу го, атына ок тийип, кишиси жөө калып, аттуулар менен тең чуркагандар болду; кишисине ок тийип, атынын боорунда сүйрөтүлүп жүргөндөр да болду. Кыскасы, биз боо түшүп калдык. Кийин эсеп кылсак 72 кишибиз өлгөн экен. Журт кача турган болду. Хан болбой:

— Жакын келсин, эми бир аламан коюп көргүлө! — деп, каарын төгүп туруп алды.

— Жакын келтирип, союлуң менен уруп ала тургандай, сен аларды бөдөнө көрүп турасыңбы? Алар — биз эмес. Алар баштуу, тартиптүү солдат деген болот. Колдорунда биздикиндей союлу жок, мылтыгы бар, жабдыктуу. Биз аларга тең боло албайбыз. Ушунча кишинин убалына калганың да жетишер,— деп Жапаркул хан менен уруша кетти. Хандын бул кезде каны суюлуп, иштөөгө иш, урушууга киши таппай турган кези эле. Жапаркулду камчы менен жон талаштыра эки-үч курдай чаап жиберди. Мындай кордукка Жапаркул кантип чыдап тура алат?.. Тосуп туруп кайра аны бир чапты. Жапаркулдун камчысы хандын бетине тийип, бетин айрып кетти. «Жеп салды, ат!» деген хандын үнү угулду. Мылтык тарс этти. Карай салсам, Жапаркул жерде сулап жаткан экен. Эл чогулуп калды. Мен түшө калып, Жапаркулдун башын жөлөдүм, ыйлап жибердим... Журт өлүккө үймөлөктөшүп турган кезде, солдаттардын топту байлап аткан мылтыктарынын үнү чыкты. Арабыздан эки киши аттан кулап, Жапаркулдун жанына жыгылды. Токтоп тура албадык, качтык...»

Ушинтип Кулубай сөзүн бүтүргөндө, Көбөгөн кемпири экөө боздоп, өксөп ыйлаган. Экинчи айылдагы ый дегенибиздин маааниси ушул болучу.

Эл кымгуут болуп көчүп жөнөдү. Батма бирин-экин жүгүн Айткулу айткан көк өгүзгө жүктөп, Ажарды анын үстүнө мингизип, өзү жетелеп алып, эл менен бирге кетти.

Ар бир айыл манаптарынын өздөрүнчө ылайыкталып жасалган желектери бар. Сагындын желеги ак болучу. Сагын көчтүн алдына келип, ылайыктуу конуш таап, желекти мыктап жерге сайдыруучу. Арттагы көчтөр желекке келип жыйналып, тарап конуучу. Адашкан бала-бакыралар да желек менен үйлөрүн табышкан турган.

Бир күнү көчтө Батманын өгүзү мүдүрүлүп жыгылып кетип, жүгү оош, үстүнөн Ажар учуп түштү. Батма бакырып барып баласын кучактай калды, анын бактысына Ажардын эти гана ооруп, эч бир жери майып болгону жок. Батма боз ала чаң болуп, аман-эсен ордунан күлүп тура калган баласын көрүп, аябай кубанды.

Ажарга өгүздүн мурунтугун карматып коюп, канча аракет кылса да, жалгыз арта албай койду. Кимге ким карасын, тиги көчтөгүлөр да, бул көчтөгүлөр да Батмага кылчайып карашканы жок. Көчтүн артында кырчаңгы, арык тору атка эмерегин артып, кемпири жетелеп, өзү атты айдап, таяк таянып, бүкчүңдөп кетип ба-

ра жаткан Көбөгөн абышка кездешти. Батманы башта эле таанычу: Айткулунун өлгөнүн да уккан. Ал токтоп, кемпири экөөлөп жатып, Батманын жүгүн артышып берди.

Батма Көбөгөн менен бирге жөнөдү. Бир кезде асынган мылтыктары бар бир топ атчан кишилер булардын жанынан кыя салып өтө беришти. Алардын бирөөнө барып, Көбөгөн:

— Өлтүр мени, мени да өлтүр! Мандайыбызга бүткөн жалгыз балабыздан ажыратып, минтип бизди боздоттун, кудай сени да боздотсун. Катын-баландын күнүн көрбөй ач бел, куу жолдо өл!— деп, чылбырына оролуп, сүйрөлүп калды. Бул — бизге тааныш, Жапаркулду өлтүрткөн Жакыпбек хан. Хан илгери бастырайын десе да Көбөгөн бастыртпады, буркан-шаркан түшүп, кыйкырып, өкүрүп, ыйлап жатып алды. Жакыпбектин ачуусу келди. Атынан түшүп, абышканын эки колун эки жигитине карматып алып аябай сабады. Шордуу кемпири да абышкасына болуша кетти, атын таштай чуркап, таянып келе жаткан колундагы сынык ыргай сабоосу менен ханды чаап жиберди. Ал «ханга колу тийди» деп, жигиттери кемпирди да тепкинин алдына алышты.

Жакыпбек жигиттери менен абышка, кемпирди моокуму канганча аябай урду да кылчайбастан, өз жолу менен жүрүп кете берди. Артынан каргап-шилеп, боздоп ыйлап абышка, кемпир калышты. Аларга кошулуп, Батма да ыйлады. Батманы көрүп Ажар да ыйлады.

Күн кечтеди. Көч тарап коно баштады. Эл арасына ызы-чуу түштү, кыйкырык-өкүрүк көбөйдү. Мал-жан көч жоготуп издегендер толуп кетти. Бирок Батма менен Ажарды издеген жан болгону жок. Батма ал күнү айлын таппай, Көбөгөн менен бирге конуп, эртеси кечке сурамжылап олтуруп, желектен улам өз айлын араң тапты.

Беш-алты күн өттү. Сагындан кордук көргөн бир топ кедейлер андан бөлүнүп, башка Тоң болушуна кетмекчи болушуп, сөз байлашты. Алардын ичинде Көбөгөн, Батма, Айткулунун кыйыр туугандары Козубек да бар. Козубекти жана дагы бир жигитти бир топ мал менен түн катырып, бир коктуга качырып жашырышты. Таң атты. Журт жапырт алачыктарын сыйрып, көчө баштады. Көбөгөндөр көчүшкөнү жок. Сагындын көчсүн деп жиберген кишисине:

— Түндө бир топ малыбыз жоголуп, эки кишибиз ошону издеп кетишти. Алар келбей, малыбыз табылбай, көчө албайбыз — деп жооп беришти.

Булар, Сагындын көчү шашкелик жерге узагандан кийин каткан малын, кишилерин алдыртып, башка жол менен Тоң болушуна жөнөшөт. Бирок муну куйту Сагын билип калып, бир топ киши менен артынан кууп жетип, көчтөрүн токтотуп, жүктөрүн түшүрүп, Көбөгөн менен Козубекти баш кылып, бир далайын урат. Ири карасынын бардыгын айдап алып:

— Эми кетчү жагыңарга кеткиле! — деп жооп берет.

Малдан ажырап, шордуу кедейлер жөө кайда, кимге барышмак? «Жаңылдык-жаздык!» — дешип, мойнуна курун салышып,



Сагындын аягына жыгылышты, алдына Козубектин маңдайына бүткөн жалгыз кер атын тартышты.

Кер ат — жакшы ат болучу. Буга мурда эле Сагындын көзү түшүп, «кедейге мындай аттын эмне кереги бар, мага берсин» — деп, Козубекке нечен курдай киши жиберип, атты алалбай, «ай, сени!» деп, Козубекке тишин кайрап, кекенип жүрө турган. Эми Сакендин бактысына жараша иши оңдой берди болуп, кер ат оңоцой гана колуна түштү. Сакең атты алып, ачуусу таркап, буларды кайта көчүрттү.

Бир топ күн өттү. Чек арага жетти. Тянь-Шандын Бедел, Бирикти, Көк-Ирим, Ак-Өгүз деген ашууларына бөлүндү. Батманын айылы Ак-Өгүздү ашмакчы болуп, ашууну шыкап келип конушту. Эртеси көчтүн алды белге чыга берген кезде, күн бүркөлдү, туман түштү, борошолоп кар жаады. Шамал болду. Журт шашты. Кар аралаш ызгаардуу суук шамал туманга аралашып, аскадан аскага тийип, белдеги бардык карды ойго карай учуруп, көчтү жөнөтпөдү. Ордунан кыбыраган мал-жандын бардыгы тайгаланып, төмөн карай учуп жатты. Ар кайсы таштын кычыктарында жүнүн жеп, бүрүшүп, маарап турган кой-эчкилер, башын жерге салып, суулугун чайнап, калчылдаган жылкылар; чөгүп жаткан төөлөр, жүгү оогон уйлар; бутун үшүтүп, кан какшаган катын-балдар. Бирок буларга караган киши да жок, ар ким өз жаны менен алек...

Көч арасы да ызы-чуу, күрү-гүү... Кар жаап турат. Түн түштү. Эл турган-турган жерлерине кийизге, жуурканга оронуп жатышты. Таң атты. Күн мурункудай алай-дүлөй. Малды да, жанды да кар баскан. Карга көмүлгөн малдар араң кыбырап көзгө илинет. Кардын алдында үйдөй болуп, төмпөйүп жаткан жүктүү төөлөр, уйлар көрүнөт. Жамынган кийиз, жууркандары менен бирге тоңуп, сырайып өлүп жаткан кишилер да көп.

Үчүнчү күнү күн ачылды. Туман тарады, шамал басылды. Аман калган эл эптеп, жөөлөп-жалаңдап отуруп, белди ашты. Батма да аман-эсен Ажары менен бирге ашты.

Туу белге чыга бергенде Батма өлүп жаткан бир жүктүү жылкынын, анын жанынан эки адамдын өлүгүн көрдү. Бул — кемпири менен Көбөгөн абышканын өлүгү болучу.

Журт Турпанга түштү. Тарап, шаар-шаарга кете баштады. Батма, Козубек болуп, Турпанда калышты. Экөөнүн тең колдорунда малдан түгү жок. Батманын жалгыз көк өгүзү ашууда калган. Козубектин бирин-эки кой-эчкиси да жолдо жоголду. Эми кантишмек? Турпандык Сабитакундун ат кепесин жумуш кылып бермекчи болуп, Козубек батирге алды. Ал — терезесиз, эшиксиз, үстүндө жарык түшө турган киши баткандай гана тешиги бар, асты жер. Ал ымдашып, аттын чыласы жыттанат. Айла жок! Эшигине кийиз калап, жерине курумшу, чөп төшөп, Батма болуп киришти.

Күн өттү, ай өттү, кыш түштү, турмуш кыйындады. Жагууга отун, кийүүгө кийим, жешке тамак керек болду. Бирок аларды кайдан, кимден алмакчы? Тегерегиндегилер да «өлбө жаным, өл-





ЦЛБ

бо!» деп, өздөрүнө окшоп, ач олтурган качкындар. Турпандыктардан алуу үчүн бир нерсе сатмак керек. Сатмайынча алардан алуу кыйын иш.

## II

Кыштын ызгаардуу түнү агарып, таң белгисин бере баштады. Чыгыштан жумуп-ачкан көз сыяктуу жылтылдап, Чолпон жылдыз көтөрүлдү. Берметтей тизилип, көктө жүргөн көп жылдыздар, «биз эми кетебиз, келерки күнгө чейин аман-эсен тургула» дегенсип, бир күлүп, бир жылмайып, дүйнө менен коштошту да, удургуп үркүп алып, батыш жакка таралды. Көп кечикпей, анын артынан алтын нурга боёлуп, акырын гана козголуп, күн да чыкты.

Дүйнөгө тиричилик кирди. Журт оокатына кам урду. Бирок күн суук. Жер — тушардан кар. Тышка жан чыга албайт. Ажар, Козубектин балдары: Талып, Мурат төшөктө.

Козубек эртең менен эле жаман керкисин белине кыстарып алып, отун издеп кеткен. Кайта элек. Батма, Айша болсо, колдорун жеңине катып, бүрүшүп, калчылдап, балдардын жанында олтурушат. Бардыгынын да кабактары салыңкы, үнсүз, сөзсүз, өлүм кайгысы бар. Бир жактан чыкылдап кыштын ызгаардуу суугу да ач курсакка бычактай тиет.

Бир кезде эшикке каланган курумшу кийиз ачылып, кар аралаш суук жел төр жакка согулду. Аркасында көтөргөн азын-оолак отуну бар, бүткөн бою кар, сакал-мурутуна муз тоңуп, Козубек кирди.

— Эртеден кара кечке чейин жүрүп, алып келген отунуң ушул элеби? — деп, Айша эрин жемелей баштады.

— Анаң кантейин, керкимди турпандыктар тартып алды. Ушуну башка жерден колум менен жулгулап алдым,— деп Козубек ыйламсырап, төмөн карап, терең үшкүрдү.

Отунду Козубек шашкелик жердеги Кумарык дарыясынын жээгиндеги токойдон алып келүүчү. Бирок кийинки күндөрдө турпандыктар аны коруй баштап, качкындарды жолотпой койгон. Козубек анысына деле карабай, тозмочуларга көрүнбөй, таң алды менен барып, керкиси менен жаш чырпыктарды кыя-кыя чаап көтөрүп келип жүрө турган. Эми керкиден айрылып, кур кол калды. Керкисиз отун алынбайт да, табылбайт. Отунсуз жашоо кыйын. Үй суук, курсак ач. Сууктун ызгаары жаш балдарга кандай баткан болсо, чоңдорго да ошондой; чоңдор кандай кыйналса, жаш балдар да ошондой кыйналып жатат.

— Апа, үшүп кеттим — деп, бир кезде ыйламсырап Ажар энесин карады.

— Садагасы, үшүсөң кантейин — деп, Батма муздак колу менен Ажардын жуурканын кумтулаган болду.

Алып келген Козубектин отунун эптеп жагышмакчы болушту эле, эшикке жабылган кийиздин тешиктеринен кирген борошо отту күйдүрбөй, үйдүн ичин түтүнгө толтурду. Түтүндүн илебине,

аламдын демине тамдын, бооруна, жерге, эшикке тоңгон бубак эрип, үйдүн ичин көлдөтүп суу кылды.

Ач жатып калышты. Эртеси Козубек дагы отун издеп, сай жакка кетти. Батма менен Айша да карап жатпай, тамак издешип, турпандыктарды кыдырышты. Кечке жүрүп, бирөө жарым чака жүгөрү, бирөө бир токоч, бир чыны жүгөрү ун таап кайтышты. Бирок Козубек кечикти. Үйдөгүлөр: «Козубек отун таап келер, от жагарбыз, жылынарбыз, ысык тамак жасап ичербиз» — деген ойдо эле.

Бир кезде колу-бутун суукка алдырып эшиктен кирген Козубекти алар билбей да калышты. Ал аябай үшүгөн, тили сүйлөөгө келбейт, колу тытылган, айрылган, канаган...

— Ээ, сага эмне болду?

— Отунуң барбы?

— Отуну курусун,— деди жашооруп Козубек,— жер-суунун баары кар, көзгө көрүнгөн, колго-илинген эч нерсе жок. Кардан кылтыйып баштары чыккан чекендилер кездешти, жулгуласам былк этпейт. Кайсы бир жерден чычырканак, алтыганалар көрүндү; бирок, түгөнүп калсын, жабдыксыз эч бир алына турган эмес. Куру кайттым.

Батма, Айша, балдар болуп ишенгени Козубек эле. Козубектин «куру кайттым» деген сөзү ийне менен сайгандай жүрөктөрүнө такалды. Жүгөрү унду укканда шилекейи чубуруп, Козубек келгенде тамак жасатып ичмекчи болуп, үмүттөнүп төшөктө жаткан жаш балдар кыңкыстап ыйлай баштады. Айшанын кичи баласы Мурат ыйламсырап:

— Апа! — деди.

— Айланайын, эмне дейсиң?

— Курсагым ачты...

— Меники да тоңуп кетти, ичим ысып баратат.

Айшанын эки баласы тең өңгүрөп ыйлап жиберишти. Ажар да араң турду эле, аларга кошулуп ал да ыйлады...

Козубектин куру кайтканын көрүп, Батма эбак эле эшикке чыгып кеткен. Ал бир боо куурай көтөрүп кирип келди, үй ичине шаттык-кубаныч, жаңылык кирди.

— Муну кожоюндун катынынан жалынып-жалбарып жатып, араң сурап алдым. Акысына кир жууп бермекчи болдум,— деди Батма.

Куурайдын жартысын, унду эртеңкиге калтырышып, жүгөрүнү куурул жешти. Мурат андан көп жеп коюп, ичи көөп, эртеси ичи өтүп ооруп калды. Батма да кожоюнунун кирин жууп, бир күн кечке тышта болуп ооруга чалдыкты. Турмуш кыйындады. Бир үйдө эки оорулуу болду.

Батманын оорусу күчөдү. Төшөктөн тура албай калды. Бүткөн бою ысып терден, кыңкыстап, онтолоп таң атканча жөөлүп чыгат. Эки сөзүнүн биринде айтканы — Ажар.

— Жалгызым... кызым... сен кантесиң?.. Келчи мага!.. Окко учту... Айткул ай!.. Кайдасың?.. Ажарды алчы... алчы!.. Үшүдүңбү?.. Куурул берейинби?..

Ажарда жан жок. Жүрөгү элеп-желеп болуп, алып учуп, бир нерсе сезгендей, билгендей болот. Энесин кучактагысы, ыйлагысы, сүйгүсү келет.

— Теңир ай, мен сыяктуу жетимдин тилегин кабыл кылып, жарыктык апамдын алтын жанын аман кыла көр! — деп, көз кылгыртып, Ажар күн-түн энесинин кашында. Бирок шордуу Ажардын тилеги кабыл болбоду. Батма тилден калды. Ажар ыйлап, энесинин башын кучактап:

— Апа, жаным апа! Ойгонсоң, көзүңдү ачсаң... мени карачы, мен кантем? Менин күнүм эмне болот? Бир ооз бирдеме десең? — деди.

Батма көзүн акырын ачып, Ажарды карап, бир нерсе айтмакчы болуп: «А-а-жар» — деди. Бирок тили күрмөлүүгө келбеди. Сөзү токтолду. Көкүрөгүн көтөрүп, эң соңгу демин алды. Жан берди...

Ажар апакелеп, боздоп ыйлады. Анын көз жашын көрүп, муңдуу үнүн угуп, келген качкын кыргыздардын баары да ыйлашты. Козубек Айша менен Ажарды ээрчитип, дагы эки-үч киши менен өлүктү жогоруда айтылган көп бейиттин жанына коюп кайтты.

Эми Ажар толук жетим. Ажарда ата да, эне да жок. Ажар турмуш туткуну, турмуш кулу. Ажарга көрүнгөн ээ, көрүнгөн бий.

Март айы жаңырды. Жаз чыкты, сөөк жукарды. Качкын элдер бирин-эки малын, буюмдарын сатып, кыштан эптеп чыгышты. Эми кара баштарынан башка эчтемелери калбай калды. Тамак издеп, туш-туш жакка тентип кете башташты.

Басууга да, арийне курсактын тогу, кийимдин бүтүнү керек го, кийим дегенден буларда эч нерсе жок. Үстүлөрүндө тынччылыкта жасатып кийген эле кийимдери. Алары да жазгы койдун жүнүндөй самсаалап, тамтыктары кетип, жыртылган. Жол боюнда ак шишик болуп өлүп жаткан кыргыздар: ыңгыранып, кынжыйып, арыгынан баса албай келе жаткан катын-балдар. Колдон-колго өтүп, сатылып жаткан кыргыздын кыздары, балдары. Баасы—бир кап жүгөрү. Оо, дүйнө ай! Ал күнкү окуялар кайсы кыргыздын баласынын оюнан кете коёр экен?

Талыптын оорусу да күчөдү. Бүткөн боюн ак шишик алды. Марттын орто ченинде ал да өлдү. Мүрзөлүк жерди сатып ал деп, турпандыктар өлүктү Батманын жанына койдурушпады. Сатып алууга Козубекке пул кайда? Ичээр-жээрге жок, өздөрү өлүм алдында олтурушат. Жанга көрүнбөй, таң алды менен барып, бир тамдын бооруна өлүктү көөмп, Козубек кайтты.

Элдин бир сыпырасы жөөлөп-жаландап, Какшаалдагы кыргыздарга кетмекчи болушту. Козубек да кетмекчи болду. Бирок Козубекти Сабитакун көчүрбөдү. Кыштан берки болбогон жалган чыгымын айтып, берген бир чымчым чайы, бир ичим көжөсү болсо да доолады. Козубек анын бутуна жыгылды, жалынды, жалбарды. Акысы болсо да, кечип коюшун сурады. Ага Сабитакун болгон жок. Райымсыз ажары менен каарын төктү. Коркутту. Бербесе, шаңыяга (болушуна) билгизип, набакка солоторун уктурду.

Козубек кыйналды-кысталды, эмне кыларын билбеди. Жашыган санаалуу ою алып учуп, тоо-ташка урунду.

— Ээ, катын!

— Эмне?

— Курсактын ачынан да Сабитакундуку өтүп кетти, кандай кылабыз?

— Мен кайдан билейин?

— Ажарды ага сатсак кантет? Сат деп жатат.

— Койчу?

Айша секирип кетти. Батманын өлөрүндө Ажарды тапшырып, айтып кеткен керээзи эсине түшүп, эрине бир нерсе айтмакчы болду эле, эшиктен келе жаткан буттун табышы угулду.

— Акырын, укпасын, келе жатат! — деди Козубек.

Бул табыш — Ажардыкы.

Ажардын сулуу, сүйкүмдүү, ак жуумал өңүн көрүп, Сабитакун мурунтан эле кызыгып жүрө турган. Анын бардык ою иш кылып Ажарды колуна алууда. Сабитакун ал тилегине жетти. Ажарды алды. Ажарга баалап, Козубекке бир эшек, үч зээр акча, бир пуд жүгөрү ун берди. Андан калганын доолаган акысы үчүн чегерди, Козубек Какшаалга көчүп кетти.

Эң обол Ажар чочуркап, ичкен-жегени аш болбой, анын үстүнө ата-энесин сагынып жүдөп кетти. Бирок кийинчерээк, Сабитакундун үй ичи менен таанышып, үйүр алышып, оңолуп. өңүнө кирди, каткан чери тарап, капасы, муңу жазылайын, унутулайын деди.

Бир жыл өттү. Ажар толду. 15 ке чыкты. Ажар десе Ажар дегендей эки бети алмадай болуп, кара көзү балбылдап, көргөн жанды эриксиз өзүнө тарта турган болду.

Сабитакундун тамыры турпандык Чыр деген бир бай дунган бар эле. Сабитакунга ал коңшу туручу. Ажарды ал эки-үч курдай көрүп, бир күнү Сабитакунга келди. Ажардын түбү-жайы менен жакшылап таанышты.

— Бир олжоң экен, досум. Ажарды мага бер. Бул үчүн эмне алам десең да, мына мен даярмын,— деди Чыр.

— Досум, сенден мен эмне алмак элем? Колумдан чыккан чыгымдарымды төлөсөң гана болгону,— деди Сабитакун.

Чыгымга келгенде, Сабитакун эшегин ат кылып, унун күмүш акча кылып көрсөттү. Андан Чыр качканы жок. Шагыраган накта алтымыш зээр акчаны ага санап берди, Ажарды алды. Ажардан алгандагы анын ою — карыганда Ажарга үйлөнүү. Ошентип, аны кучактамакчы, сүймөкчү, өмүр кызыгын көрмөкчү.

Чырдын мындай суук кабарын уккандан кийин Ажар ошол мерчик эки-үч катын менен энесинин мүрзөсүнө барып, капкайдагы бук болгон ичтеги арманын, муң-зарын айтып ыйлаганын аңгеменин баш жагында айткан болучубуз.

## III

Той болду. Журт тарады. Түн кирди. Ажарга күчтөп нике кыйылды. Катындар анын ыйына, жашына карабастан, нике кыйыл-

ган бөлмө үйдөн боздотуп, сүйрөп алып келишип, күйөө-кызга даярдалган экинчи бөлмө үйгө киргизишти, күчтөп кийимин чечишип, төшөккө жаткызышты. Ажар жуурканды чүмкөнүп, шолоктоп ыйлады.

— Жасаган ай! Мени мынча кор кылып эмне жараттың? Чынын менен эле мени ушуга туш кыласыңбы? — деди Ажар.

Көз жашы мөлт-мөлт этип, жаздыгына тамчылай түштү...

Күлүк ой, узун санаа, түпсүз кыял Ажарды курчап алды. Ажар алда кайда кетти. Жазгы өсүмдүктөй гүлүн ачкан мурунку жаш өмүрү, атыр жыттуу Ала-Тоосу, бал татыган тунук булак, өзөн суусу, ээн-эркин жашаган эли-журту Ажардын көз алдына келип элестеди.

Артыкча көзүнүн агы менен тең айланып, атка минсе алдынан, үйдө олтурса жанынан чыгарбаган ардактуу атасы — Айткулу, курсагын ачырбай, ийнин тоздурбай сылап баккан энеси — Батма, Ажардын оюнан чыкпайт. Кыз балага эне жакын го, атасынан да энесин эстегенде, анын көз жашы тыйылбайт. 12 ай көтөрүп, омурткасы сыздап, ак сүтүн берип, азап көрүп баккан байкуш Батма да Ажарды көптүн балдарындай кылып баккан жок эле. Ажар биртике үйдө жок боло калса, «жалгызым, кайда кетти?» деп, жаны калучу эмес. Ошентип баккан бирөөнүн кирдүү кол тийгис жалгызы бүгүнкү күндө жетим болуп, малга сатылып, колдон-колго өтүп, жандын кору болуп, жат кишинин колунда, туткунда жатат. Ай, райымсыз жетимдик ай! Жетимдик кимди ыйлатпаган, кимди кууратпаган!

Эшик кычырай калса, «ошо го» деген кыял Ажарда. Бирок «ошону» менен Ажар кантип бир төшөктө жатмак, кантип бирге өмүр сүрмөк? Ал өмүрдүн келечекте турмушта кандай пайдасы, кандай зыяны болмок? Бул маселе Ажарга чечилбеген караңгы маселе. Ошондо да Ажар эрдүү-катындуу адамдардын өткөргөн турмуштары жөнүндө төмөнкүнү билет: ал кезде Ажардын ондогу кези. Айлындагы бизге тааныш Алымкул байдын эки катыны болгон. Токолу — Айганыш. Айганыштын турмушу эң жаман, мындайча айтканда, итке эле берсин дээрлик. Отун алган, суу куйган, кир жууган, козу байлап, кой сааган — Айганыш. Бул гана эмес, башынан байбиченин таягы да кетүчү эмес.

Муну ойлогондо Ажардын жүрөгү ийне менен сайгандай тыз дей түшөт. Анткени — бүгүнкү боло турган күйөөсүнүн да бир эмес, эки катыны бар. Ажар үчүнчүсү. Ажар, ошондуктан, өзүн Айганышка теңеди, Айганыш болду. Айганыш сыяктуу жаш өмүрү турмуш тепкисинде жүрүп өтөрүнө көзү жетти.

Ажардын дагы бир билгени Буурабай 15 жашар кызы Саараканды күнү үстүнө — Кожомкул байга бермекчи болот. Кыз көнбөй акыры кедей Сатаркул менен шаарга качып кирип кетет. Кайтып кийинки жылы күйөөсү менен Сааракан атасыныкына төркүлөп келгенде, Ажар аны көргөн. Ошондогу экөөнүн бири-бирин сыйлашканы, бирге олтурса, жанаша чыккан гүлдөй болуп, окшошуп жарашканы Ажарды таң калтырган. Бирок ал кезде Айганыш менен Саараканды салыштырып сынай турган, эки турмуш-

тун бироону өзүнө шайлай турган Ажарда кудурет жок эле. Ажар ал кезде экинчи дүйнөдө болучу.

Турмуш жөнүндөгү Ажардын бар билими ушул. Бирок бөтөн журттун колундагы аялдардын турмушу кандай болуп, күн кечерин Ажарга белгисиз. Алардын тили, үрп-адаты Ажарга жат нерсе. Ажар бул сыяктуу журтту биринчи гана көрүп олтурат. Андай болсо, Ажарга кантмек керек? Сааракан сыяктуу өзүнүн теңин таап, бирөө менен качмак керекпи? Качканда ким менен качмакчы? Кимди издемекчи? Азыркы саатта ак көңүл, адал ниет, эр жүрөк жаш жигит Ажарга кайдан табылат? Ажар бактысыз. Ажар турмуш кулу. Эмесе, ал, күнү үстүнө бармакчы, үчтүн бири болмокчу.

Бир кезде эшик кычырап, ачылгандай болду. Ал жактан делдек таноо, кара чаар, көзү кылмыйып уясына кирген, ээгинде сербейген буурул сакалы бар, жашы 50—55 тер чамасында, эң сүйкүмсүз бир киши көрүндү. Бул биздин күйөө — Чыр.

Ажар чочуп кетти. Жүрөгү туйлай баштады. Бүткөн боюна калтырак кирди. Анын басканы, дем алганы Ажардын кулагына угулду. Жакындай баштады. Бүркүттүн бутуна окшоп, арбайган кол келип жууркайга жармашты. Чарымдай катуу, муздак дене жылып төшөккө кирди. Ажар жыйрылды, качмакчы, бакырмакчы болду, бирок алы кетти, үнү бүттү, дени өлдү. Колу-буту кыбыроого келбей барып, суук дененин кучагына кирди. Ал жулмалады, кучактады, бооруна кысты... чоп-чоп эткен үн чыкты...

Алты ай өттү. Чырдын сонуну таркады. Мурун Ажарга үзүлүп түшүп, Ажарды кысып-кысып сүйүп, күн сайын койнунда боло турган болсо, азыр жумасында бир, болбосо жок. Чырдын эки катыны да Ажардын кырына чыгып, жакшылык көрсөтүшпөдү. Ажарды таманга чаап, жумушка салышты. Күл чыгарган, чай койгон, от жаккан ким? Ажар. Ажарга ал да аздык кылды. Байбичелердин таягы да тие баштады. Ажар жүдөдү, арыктады, өчтү...

Сонку кездерде алардын көрсөткөн кордугу айтып бүтүргүсүз Ажардын жанына батты. Ажарга өлүүдөн, болбосо тентип, бир жакка кетүүдөн башка эч бир айла калбай калды.

## IV

Майдын аяк кези. Түн... Асман ачык... Мончоктой тизилип көк төшүндө сүзүп жүргөн сансыз жылдыздар бир-бирине ым кагышып жымыңдашат. Жаратылыш койнундагы нерселердин бардыгы да көңүлүңкү тартып, май айынын түнкү коңур, салкын абасына батып, жай алып, таттуу уйкуга бастырылган. Бирок кыбыладан жумшак жел согуп, өсүмдүктөрдүн жазгы жаш жалбырактарын кыймылдатып, желбиретип турат. Алыста ышкырып, «айттагын» күзөтчүлөрдүн үнү угулат.

Акырын басып, Чырдын дарбазасынан Ажар чыкты. Ажарда өң жок, жүдөгөн, узун кара чачы чубалып аркасында. Элең-селең

этин кылчактап ал арт жагын карайт, жүгүрөт, шашат... Ажар чуркап отуруп, энесинин мүрзөсүнө келди. Мүрзөнү кучактады. Капкайдагы бук болгон ичтеги арманын көз жашы менен айтып, буркурап, боздоп, энесинин мүрзөсү менен коштошту. Түбөлүк таттуу уйкуда жаткан Батманын өлүгү да алыска сапар кетип бара жаткан жетимин аягандай болду, күңгүрөндү...

Ажар Какшаалды бет алды. Себеби: Какшаалда турган кыргыздар бар экендигин уккан. Какшаал Турпандын кайсы жагында нече күнчүлүк жер экендигин да ал жакшы билет. Ажар иш кылып ошол кыргыз элине барып, башын жашырып, Чырдан кутулмакчы.

Ажар чуркап жүрүп олтуруп, таң сүрүүгө жакын калганда, бир калың чычырканактуу токойго келип бекинди. Токой ичиндеги майышкан жаш чөптөр Ажарды аягандай болду; шоодурап, баштарын кыймылдатып, Ажардын кайгысына тең орток боло тургандай, качкан жоосунан кутказып, ээн-эркин өз жолуна сала тургансыды. Буралган көк жашыл сабактары, жаш жалбырактары менен Ажарды жашырды, койнуна алды.

Күн чыкты. Түнү бою тилден калгандай үнсүз жаткан токой ичиндеги барлык нерселер эртеңки күндүн таза, күмүш нуруна балкыды. Ажар да бирге балкып, кечке жатты. Бирок уктай албады. Бүткөн боюнун ооруганы, таманынын сыздаганы, жүрөгүнүн дүпүлдөп соккону — аны жашоорутуп, онтолотту. Бул гана эмес, бир жагынан курсагы ачты, ээрди кеберсиди. Алы да начарлайын деди. Байкуш, анысына карабай, каш карайып, ымырт жабылган кезде, сенделип ордунан туруп, кайта жолуна түштү.

Көп убакыт өттү. Таң саргайып ата баштады. Ажар Турпандын четинен өтүп, кургакка чыгып, Какшаалдын четине келди.

Какшаал суусуз чөл, ээн жер боло турган. Бириндеп ар кайсы жерине чыккан алтыгана, табылгы, жылгындары гана болбосо, башка жерлери чөпсүз, кумдуу мейкин талаа.

Ажарга мурункусундай жашынууга ылайыктуу жер табылбады. Издөөгө алы да келбеди. Бүткөн бою салмактанып, буту шилтөөгө жарабай калды. Илгери басайын десе, мүдүрүлүп буту кумга бата түштү. Жыгылып кетти...

Күн көтөрүлүп, ысый баштады. Ажар араң сүйрөлүп барып бир алтыгананын түбүнө жыгылды, жатты... Күндүн ысык шооласы алтыгананын арасынан Ажардын үстүнө түшүп, боргулдантып тердетип, бүткөн боюн ысытып, капалап жиберди. Таңдайы кургады. Суусады. Бир ичим муздак суу көзүнөн учту.

— Алдаай, суу болсо э. Бир чыны муздак суу ичип өлсөм, арманым болбос эле... — деди Ажар. Бирок мындай чөлдө суу кайдан болсун, суу жок. Суруга эми бир күн — түн катса, ошондо араң жете турган.

Күн чакчайып чак түш болду. Ысыгы мурункусунан да күчөп, мээ кайнатып турат. Ажардын кубаты кетти, өзөгү карарды. Ысып, тердеп, тили оозуна батпай калды. Чиркин, жан деген кыйын го, кантсин! Шордуу үстүндөгү чапанын чечип, алтыганага жаап, бетине калканчык кылды. «Өлөт деген ушул экен» деп, бур-

курап ыйлап, олтура кетти. Көп токтоп тура албады, чырым этип уйкуга кетти...

## V

Майдын кечки салкын жели сокту. Кошоктошуп көктө жүргөн ак булуттар каалгып учат. Жел аларды көрүнбөгөн сүйкүмдүү колу менен түртүп учуруп, Тянь-Шандын көк тирешкен аскаларына айдап барып токтотот. Кээде булуттардын үзүлгөн бөлүндүсү, күндүн үлпүлдөп батып бара жаткан көзүн каптап, Какшаалдын элени, мейкин талаасындагы нерселердин баарын да кара күүгүм, ала көлөкө тарттырат.

Талаа тынч... Булуттардын көлөкөсү Ажар жаткан алтыгананын үстүнө түшүп, улакча ойноду. Коңур жел да Ажарды кытыгылады, эркелетти, ойготту.

Ажар кыбырап ордунан туруп, жолуна түштү. Каш карарып, ымырт жабылды. Түн кирди. Бирок сулуу ай муңайып, алтын бууга боёлуп, чыгыш жактан көтөрүлдү. Аппак нур шооласы менен түндүн мээримсиз караңгылыгын алда кайда кубалап, кең талааны кубантты. Талаа да ыйлап сооронгон жаш баладай, жылмайып, койнун ачып, кучагын жайып, Ажарга жол берди.

Ажар бир аз жол жүрүп келе бергенде, арт жагынан көп нерсенин созултуп улуганы, үргөнү угулду. Ал Ажарга жакындай баштады. Ажардын жүрөгү опколжуп, дүпүлдөп алып учуп, оюна ар түрдүү коркуу сезимдери келди.

Бир мезгилде Ажардын айланасына карышкырлар толуп кетти. Баары да ач, кабыргалары саналып, кынжыйып, эң эле арык, тилдерин салышып, кыңшылашып, Ажарды камап алышты.

Ажар коркту. Ыйлап жиберди... Жан деген кыйын го, жанын корголоп, жерден тырмалап таш алып, туш-тушуна ыргытты. Качты. Жүгүрдү... Колу-буту ташка тийди. Айрылды. Кызыл-ала болду. Шордуу ага карабай жаш денесинин алып учкан кызуулугуна берилип, жүгүрүп олтурду. Бирок илешкен жоо калучубу? Ажарды бура бастырбады, кутказбады. Тийип качып, алды-артын тороп. бир алтыганага камады.

Ажар жан талашып, жанын сыйпалап, жанынан жарты боо ширенке тапты. Оттон карышкыр качат деген бала кезиндеги энесинен уккан сөз оюна түштү. Ширенкенин бирөөнү тартып жиберди. Тегеректеп алгандар жалындуу отту көрүп, азыраак алыстады. Ширенке өчтү... Карышкырлар кайта качырышты. Айтор, эстен танган Ажар, карышкырлар жакындап кирип келген сайын, ширенке тартып жатып, көбүн жерге чачып, ширенкесинин аягына чыгып болду. Жалгыз гана бир тал ширенкеси калды.

— Шамдай жанган жаш жаным, ушул ширенке өчкөндө, сен да кошо өчөт экенсиң, мына эми өчөм, карышкырга жем болом...— деди Ажар.

Ажар бирөө айткандай, жанындагы алтыганага өрт койду. Алты ай жазы менен жаан көрбөй күнгө куурап, араң турган алтыгана, ширенке жанданганда эле дүркүрөп асманга чыкты. Оттун

жалындуу кызгылт ак шооласы учуп алып ыраак кетти. Айланасындагы нерселерди койнуна алып, апайкын кылып, бадырайып, Ажарга көрсөттү.

Карышкырлар жоголуп калышты, кеткендей, качкандай болушту. Ажардын биртике акыл-эси кирейин деди. Анын медери, жөлөгү жалгыз ал — от. Андан чыккысы, кеткиси келбейт. Бардык үмүтү, тилеги, күн көрүү, өмүр сүрүү — ошол отто. Ошого байланышкан. От өчсө, от менен бирге Ажар да өчмөк.

От бастап, өчүүгө айланды. Кайтып алыстан карышкырлар улушту, жакындашты, Ажардын алды-артын тороп, айлантып, курчап алышты.

Ажар чындап эми жанынан үмүт үздү. Таянган жалгыз отунан ажыраарын, жоосунун колуна түшөрүн, райымсыз жырткычтарга жем болорун билди, көңүлү караңгылады. Акылы, алы кетти. Эси ооду. Көзүнө жер, чөптөр, тоо-таш — баары да жоо болуп көрүндү. Арбайып-тарбайып, оозун ачып, жакындап келе жаткан сыяктанат. Ага айла кылмакчы, каршы турмакчы болду. Колу менен чоктуу күлдү шилеп, жан жагына ыргытты, чачты. Карышкырлар болбоду, күчүнө алды, кыңшылашып туш-тушунан качырышты.

— Мына эми, мен силердики, алгыла! — деди Ажар. Башка сөз айтууга кубаты келбеди. Жыгылып кетти...

Үстүнө карышкырлар үймөлөктөшүп калды. Жемди талашты, ырылдашты, ары-бери сүйрөштү. Чырылдаган Ажардын аянычтуу үнү гана угулду...

Асмандагы көп жылдыздар Ажарды аяшты, кызганышты, сулуу ай да муңайып, Ажарга актык нурун берип, кош айтышты.

Кош, боорум! Сага окшоп, өз боштондук, өз теңдигин талашып, кулдуктан кутулууну самаган эчен миндеген ага-туугандарың, эже-сиңдилериң канкор падышанын куугуну, сүргүнү астында тепселишти, көбү максатына жете алышпай, арманда кетти. Кыргыздын далай кыздары, балдары жер-суусунан, эли-журтунан, ата-энесинен ажырашып, кан какшады... Сен ошолордун бирөөсүң. Сен көздөгөн тилегиңе жете албастан, азаттык, теңдик жолунда, ээн жер, элсиз чөлдө арманда кеттиң...

Кош, боорум Ажар!

## МУРАТ

Күн бүркөк, себелеп жаап турат. Жөө туман жаанга аралаш жерди каптап, жан көрсөтпөйт. Тумандын өңгөчө калың жери — Кожомкул байдын айлынын үстүндө.

Байдыкы былтыркы жайлап кеткен конушунда. Конушу эки жагы аскалуу келген «Чуңкур-Төр» деген ушул элдин атактуу жайлоосу боло турган.

Күн кеч, туман да таркады, бирин-серин бөлүнүп калган тумандар үйрүн издеген жылкы сыяктанып, белес ашып өтүп жатат.

Бир кезде, айылдын үстү жагындагы белестен койлор көрүнүп, айылды көздөй чубурду. Айылдагы катын-калачтар:

— Козу жамырабасын.
— Козу кайда?
— Баягы моло жок, кайда экен? Бир жерге уктап калган го,— дешип, бирөөнү карап калышты.

Койлор айылга жакындап, маңдайындагы борчук таштардын алдынан жаңдай бергенде, үстү жагында таштын кычыктарында турган козулар «чур» этип жамырай кетишти. Ойдо турган катындар:

— Түгөт моло, сүттөн какшытты,— дешип, жамыраган кой-козуну карап турушту. Ызы-чуу түшүп, кой-козу да короого киришти.

Бай, малдын ызы-чуусуна чыдамсызданып, эшикке чыкты. Козулардын койлор менен аралашып жүргөнүнө көзү түштү, алдынан кыя салып өтүп бара жаткан кичи катыны — Маасылканды көрүп:

— Койлорду бүгүн саабай жамырата бергенби? — деди.
— Баягы өлүгүңдү көрөйүн Мурат, бүгүн да козуларды жамыратып жибериптир,— деди Маасылкан.
— Ал кайда жүрөт?
— Урат деп коркуп, качып жүргөн чыгар,— деди Маасылкан.

Жерди иңир каптай баштады; күндүн ырайы кайтадан бузулду.

Ал жатууга айланды, күн мурункусунан күчөнүп, шатыратып жаап турат. Жөө туман кайра каптап, айылды басты, жайлоонун суук жели сокту.

Кечтен бери жылкычы Курмандын катыны Күмүш Муратты издеп, таппады. Кирбеген үйү, барбаган жери калган жок. Тышты арылтып чарчап келип, байдыкында болбогондой эле деп, байдын үйүнө кирди, анда да жок. Төрдө олтурган Кожомкулдан ийменип, ачык айта албай күбүрөп, Маасылканга Мураттын жоктугун билдирди.

— Адам, анан кайда кетет? — деди Маасылкан. — Бир жерге уктап калган го,— деди эле, байдын кулагы чалып калып:
— Ал ким,— деди.
— Мурат, Мурат жок дейт, издеп таппай коюптур,— деди Маасылкан.
— Баса, ал баланы мен бүгүн көрө албадым го, энеси өлгөндөн бери ошол баланын өңү жок — деп, алдында олтурган жалпак беттүү сары баланын башын сыйпап, «жасаган, сенин гана атыңдын жаныңды аман кылсын» деген маанини билдирди. Анткени ал аз баласы эле.

Муратка ким кайгырсын, байдын ага учук жиби короп жатабы, малы жаны аман, баласы алдында ойноп, катыны жанында олтурат.

— Эртең табылар,— деди бай.

Күмүш байдыкына көп олтура албай, жылып чыгып, алачыгына келди.

— А жасаган,— деди Күмүш,— кедейди мынча эмне кор кылып жараттың? Биздин жазыгыбыз эмне? Жазыгыбыз — жалгыз

кедейчилик эле го. Бизге окшогон кедей, жетим-жесирдин өлүмү мал өлүмү турбайбы? Ичиңе чок түшкөн бай эч бир кенебейт. Өзүнүн баласы талаага түнөмөк түгүл, күндүз биртике жок боло калса, жаны-маны калбай издешип калат. Эми минтип Муратты оюна алышпай олтурбайбы. Райымсыз жуткучтар, энесин жуттуңар эле, эми баласын да жутат экенсиңер го. Кана, жутпаганда, эмнеси калды? Кайда кетти?

Күмүштөн башкалары Муратты эскеришпеди.

Алар, «кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы» болуп, сүтсүз калгандыгына кайгырышты.

Айыл кызык уйкуга кирди, кыбыр эткен жан калбады. Кечетеп бери ызы-чуу түшкөн малдардын да ызы-чуусу күүгүм киргенде эле басылган; эми жаандан корголоп, бир-бирине ыкташып, үндөрү өчүп турат. Жаан күчөнүп, токтой калып, кайтадан үстүүстүнө шатыратып куюуда. Жалгыз гана айылдын маңдай жагындагы бүгүнкү козу жамыраган борчуктардан анда-санда «апа» лаган аянычтуу үн чыгат. Бул үн, бүгүнкү козу жамыраткан Мураттын үнү.

Мурат, атасынан курсакта калып, энеси — Батмадан былтыр сегиз жашында айрылды. Батманын карыганда көргөн жалгызы. Ал, «Муратым», «Жалгызым» — деп, айланып-үйрүлүп, айылдан жегенинен алып келбей койгон эмес, умачталган талканды да жеңинин учунаката келүүчү.

Батма, Муратты көтөрүп алып, Кожомкулдукуна келгенине үч жыл болгон.

Ошол үч жылкы өмүрүнүн ичинде байдын далай оор жумушун кылды; отунун алды, суусун куйду, кирин жууду, жаны жай тапкан жок. Акырында жумуштун зардабынан оорулуу болуп, былтыр өлдү. Мурат жетим калды.

Жазгы өсүмдүктөй жаңы гүл чачып өсүп келе жаткан Мурат, энеси өлгөндөн баштап байдын ыктыярына өттү. Бай жумушка салды. Күн да, түн да Мурат Кожомкулдун майда-чуйда жумушун иштейт. Ал жумуш аз келгенсип, байдын эрке токолу Маасылкан да аны оор ишке жумшап, алы келбей калса, «ар жакка турчу, кирбийген өлүгүңдү көрөйүн» деп, четке түртүп, муштай турган.

Эң болбогондо ырайымсыз Кожомкул бай, Мураттын кийимин бүтөгөнгө да жараганы жок. Үстүндөгү былтыркы энесинин курандылап тигип берген боз таар чапаны. Анын да колтугу тешик, этек-жеңдеринин жүндөрү самсаалап, чубалып, чыгып турат.

Уктаганда аны айкаласынан жамынып, байдын улагасына бүрүшүп жатып калат. Эртен менен бай дааратка чыкканда көрсө да, көрмөксөн болот.

Мээримсиз, боору таш байдан башка бирөө байдын ак шейшеп менен ак жаздыкта оонап жатканын, жетимдин улагада шыйрагы чыгып, бүрүшүп жатканын көрсө, дүйнөнүн адилетсиз экендигин анык билер эле, эриксизден Муратты кучактап сүйөр эле, өбөөр эле. «Сени ушинткен байга» деп, Кожомкулга ал миң-миң-

деген наалат, каргышын айтар эле. Бирок, Муратты анте турган киши жок. Мурат жетим, Мурат өбөксүз, жөлөксүз...

Мурат арыктады, чийдей болуп катып кетти, тамакка да Маасылкан жарытпайт: ак көңүлү кармаган күнү бир сындырым нан берет, болбосо, кезээртип эчтеме бербей тим коёт. Кайсы бир күндөрдө ээрди кеберсип, ачка болуп, коломтодо олтурганда, төрдө байдын жалпак бет сары баласы алчаңдап эркелеп, кетмендей нан кучактап жеп олтурганын көрүп, Мурат көзүнөн жашын кылгыртып жаш чыгарат: «алда-ай, мен да ошондой нан жесем, ээ», деп тамшанат. Тамшанган менен Муратка нан кайда?

Байдын баласы, Мураттын талаадан таап алган чүкөсү же башка бирдемеси болсо да, кычаштык кылып, меники деп талаша кетүчү; Мурат бербей койсо, ал чын тийбес ыйлап, Маасылканга баручу; Маасылкан суук каары менен келип, сага оюнду ким коюптур деп, Муратты жаакка чаап, тартып алып бере турган. Маасылкандын ошондогу ырайымсыз катуу колу Мураттын жанына батучу. Ошондо Мураттын муңдуу көзүнөн мөлтүлдөп жаш агар эле.

Жайлоого келгенден бери Кожомкул бай Муратты козуга салды. Күндүз козу кайтартып, түндө козу байлатып, жаш жанын кыйнады. Эс алып таттуу уйкуда жатканда,— «тур, козу кетти» деген Маасылкандын чаңырган ачуу үнү Мураттын уйкусун чачыратып ача турган: секирип ордунан туруп, көзүн ушалай-ушалай козу артынан жүгүрүүчү.

Мурат козуларды бүгүн ушул борчуктарга жайып келген. Бирок бүгүн ызгаардуу борошо сокконduктан бир таштын кычыгына бүрүлөп жата кетип, көшүп уйкуга кирген.

Мурат ойгонгон кезде эл жатар мезгил болучу. Жаан шатырап, тоо-таштарды тарсылдатып, куюп турат. Түн караңгы. Мураттын көзүнө эч нерсе көрүнбөйт, басса колу-буту ташка тийди. Жаш жаны кыйналды, кысталды. Элирип, «апаке» деп, туш-туш жакка чуркады.

Дал ушул түндө Күмүштүн күйөөсү — жылкычы Курман, жылкысын жолдошторуна тапшырып коюп, тамак ичип кайтмакчы болуп, борчук таштардын алды менен жандай салып, айылга өтүп бара жаткан кези болучу. Мураттын ыйлаган үнүн угуп, бурулуп барып, Муратты аман-эсен таап алды.

* * *

Беш жыл өттү. Эл жакада. Күз мезгили. Жер куурап, чөп саргайган. Элдин бир кыйласы жаңы эле койлорун кыркышып, кийиздерин басышкан.

Түш убак, шаркырап аккан «Чүй» өзөнүнүн боюнда баш-аягына көз жетпеген калың кой жуушоодо. Мурунтугун чубалтып, ээрчинүүчүн бир таргыл өгүз суу ичип жатат. Өгүзгө жакын жерде жалгыз түп тал турат; анын көлөкөсүндө сулап жаткан койчу жигит.

Бул — Мурат жетим.

Мурат азыр койчу, эр жеткен. Жашы 15 те, козучулуктан былтыр гана кутулду. Үстүндө кырк куранды таар чепкени бар, бутунда чарык.

Жуушап жаткан койлордун бир жагы козголуп, ордунан туруп, төш жакка таяна берди.

— Кош, корум болгурдун койлору! — деп Мурат, ордунан тура чуркап барып, койду кайта кайырып, муңайып келип, мурунку ордуна олтурду. Мураттын үшкүрүгү, муңайышы соо эмес эле; жүрөгүндө чоң кайгы, бир муң — каткан чер бар. Бирөөдөн кордук-зордук көргөн сыяктуу.

Ырас, Мураттын көргөн күнү эң бир оор болучу. Ыраматылык энеси өлгөндөн баштап, так ушул күнгө чейин Кожомкулдун ага көрсөткөн кордуктарын айтып бүтүргүс. Эртели-кеч Кожомкулдун тилдеген заардуу сөзү жанына жаман тиет; ал кайсы бир күндөрдө тепкилеп уруп, үйүнөн кууп да чыгат.

Муратка сөз кайруу, каяша айтуу кайда? Кылмыштуу кишидей башын жерге салып, тынч боло турган.

Бир күнү Мурат коюн айдап, кеч кайтты. Кожомкул алдынан чыгып:

— Иттин баласы, сен минтип түнгө калып жүрө турган болсоң, койдон кол жуугузат экенсиң,— деп оозго алгыс сөздөрдү айтып, абдан катуу тилдеди. Мурат дүлөй кишидей ооз ачпастан, коюн короого киргизди. Өгүзүн байлады. Канжыгадагы чаначын чечип алып, үйгө кирди.

Маасылкан ашкана жакта бирдеме карап жатты эле. Мураттын киргенин көрө коюп:

— Отун ала келдиңби? — деди. Мурат унчуккан жок. Байдын заардуу тилине капаланып, жаш жүрөгү козголуп, ою бир жерде эмес эле.

— Сен эмне унчукпай калгансың? Өлүгүңдү көрөйүн шүмшүк, отун кана, отун? — деди дагы Маасылкан.

Керээли кечке тыным таппай, үй көрбөй, койду ээрчип талаада жүрсө, аны билбей «отун ала келбейсиң» деп Маасылкан урушса, кеч келесиң деп, Кожомкул тилдесе, кууураган Мурат мындай кордукка кантип чыдап тура алсын?

— Мында сенин отунга жалдап койгон кулуң жок — деп, Мурат кабагын чытыңкырады.

— Өлүгүңдү көрөйүн шүмшүк, эмне дейт? Али күнгө чейин сен биле элексиңби, сен кул эмей эмнесиң. Кана, сен кул болбогондо башка жакка кетип көрчү? Өлүгүңдү көрөйүндү карасаң, «кулуң жок» — деп, дагы каяша айткан болот. «Ириген оздон, чириген сөз чыгат» дегендей, бул жамандын сөзүн кара. Сага каяша айтканды ким койду, арам шүмшүк,— деп Маасылкан Мураттын жер-жеберине жетип, үйүнөн кууп чыкты. Мурат, Маасылкандын заардуу тилине сай-сөөгү сыздады. Короонун четине келип, самсаалаган таар чапанын жамынып жатып калды.

— Ушундан кутулар күн болор бекен,— деди Мурат, көз жашын кылгыртып,— өмүрүм боюнча жакшылык көрбөй, Кожомкулдун тепкисинде жүрүп өтөмбү? Менин кылган жумушум бул

арамымсыздардын көзүнө такыр көрүнбөйт? Жаным жай таппайт. Ко бир мага акы берсечи. «Битирим» деп бир чебичтин улагын берди эле, быйыл аны карызына берип жиберди. Менин турмушум турмушпу, илиш салар үстүмдө кийим болбосо. Арып-ачып, чарчап келгенде жылуу жүзү менен каршы алган киши жок. Уулуу сөздөрүн айтып, сай-сөөгүмдү сыздатышат. Жакшы көрсө, карышкырдай көрүшөт. Бир жутум жарма берсе да, боору таш Маасылкан капкайдагыны айтып, жер-жебериме жетип туруп анан берет. Тамакты ан кылбайт. Минтип жүрө берсем, менин көрө турган күнүм ушул. Жок, мындай кылбайм, мен да адамдын баласымын, акымды доолайын. Берсе алып, бир жерге барып, оокатымды кылайын. Быйыл жазда элине бара жатып конуп кеткен Алымдын «сен минтип жаш өмүрүңдү кор кылба. Байдын азабынан кутул. Шаарга бар, мектепке кир. Оку, адам бол... Азыр совет өкмөтү. Ал сага окшогон жетим-жесир, кедейлерге дос. Байларга кас. Жетим балдарды мектепке алып, кийим, тамак берип окутат» — деп айткан сөзү бар эмес беле. Атаганат, ошого мен муң-зарымды айтып, байдан акымды дооласам болмокчу экен... Кап, бекер кылган экемин! Былтыр күзүндө шаардан бир бала келип, айылдагы балдарды «комсомолго жазылгыла» деп, жыйнап жүрдү. Ал «комсомол» деген эмне болду экен, айтор ал да совет өкмөтүнүн бирдемеси го. Жазылайын десем, бай билип калып, чакырып алып:

— «Жазылба, комсомол деген кудайга каршы, кудайы жок дешет», — деп мени тилдеп, айнытып койду. Эгерде комсомол, бул бай ичкич залымдарга каршы болуп, алардын зордугунан кутулуунун жолун билгизсе, кудайы жок десе да, мен ага жазылып алсам болмокчу экен.

Аң акырында Мурат кайраттанды:

— Кожомкулдан кутулайын, эртең акымды доолайын, шаарга барып, бирөөгө малай турсам да, эптеп жан багаармын,— деди.

Ушуга окшогон таттуу ойго батып жатып, Мурат уктап кетти. Эртеси күндөгүдөн эрте туруп кийинди, белине кайыш курун курчанды.

Бирок, кой камылгасын жеген жок. Күмүштүн үйүнө барып отуруп алды. Кой жайылып, төшкө таянды. Бул кезде Кожомкул бай багымдат намазын окуп бүтүрүп, тышка чыкты. Койдун ээнбаш кишисиз кетип бара жатканын көрүп:

— А, ботом, жанагы Мурат деген эмени жер жуттубу, ал эмне койго чыкпайт? Ал кайда кеткен? — деди.

— Тиги Күмүштүн үйүндө олтурат, койго чыкмак түгүл, сенден акы дооламакчы болуп жатса керек,— деди Маасылкан.

— Чакыр бери, доңузду! — деп бай, багымдат намазын бирге окушуп чыккан Эгенбай абышканы Муратка жиберди.

Эгенбай барып, Муратты чакырып келди. Бай кабагын түйүп, көзүн алайтып, ачууланып:

— Сен эмнеге койго чыкпайсың?— деди.

— Чыкпаймын коюңа. Эми мындан ары сага кул болуп жүрө турган алым жок. Менин тиешелүү акымды бер, башка жерге барып, оокат кыламын.

— Ботом бул эмне дейт? Энеңден жетим калганда кор кылбай тарбиялап багып, сени чоңойткон ким? Ой, туз урган чочко! Менин тузумду татып, нанымды жеп, семирип, чоңоюп алып, эми мунун айтып олтурганын көрбөйсүңбү?

— Кой, козу кайтартып, күндүз тыным, түндө уйку көргөзбөй, жаш жүрөгүмө так салган сенин тарбияңды да мен жакшы билем.

— Иттин баласы, каяша айтканды сен кайдан үйрөндүң? Жонуңдан кайыш алайымбы?

— Каяша айтпаганда сен бир көктөн түштүң беле? Сен да, мен да адамдын баласы.

— Бул доңуз эмне дейт? Мени өзүнө теңегенин карачы...

Бай жулунуп, ордунан тура калып, колундагы таягы менен Муратты жон талаштыра эки-үч курдай чаап жиберди. Муратта кол кайтаруу кайда? Кол кайрыса да, Кожомкулга күчү кайдан жетет? Көзүнөн жашын мөлтүлдөтүп, Күмүштүн үйүнө жөнөдү. Бир аз убакыт өттү, кой алыстап бара жатат. Ит-куштан байдын чыйп-ыйы чыгып, койго чыгарууга кишинин ылайыгын таба албады. Кечинде тиешелүү акысын беремин деп айттырып. алдап, Муратты койго чыгарды.

* * *

Мурат койлорду түшкө жакын суу боюна айдап түшүрүп, өзү көлөкөлөп, бадал түбүнө олтурду. Ою онго, санаасы санга бөлүнүп, жаш көңүлү кайгы менен чырмалды. Иши кылып байдан кутулуу, бир жакка кетүү анын оюнда. Бирок кеткенде тааныши, тууганы жок кайда барат? Бул маселе да Муратка кыйын маселе.

Бир кезде эки киши жолдо бара жатып, Муратты көздөй бурулду. Аттын дүбүртүнөн Мурат ордунан тура калды. Келе жаткан жолоочулардын бирөө орус сыяктуу: башында шапкеси бар. Жакындап келгенде, кийими жат көрүнсө да, өңү жылуу учурайт. Караса — Алым.

— Салоомалейкум — деп, Мурат кубанып, күлүңдөп, алдынан чуркап чыкты.

Алым жылуу жүзү, ачык ырайы менен алик алды.

Алым — «П» шаарынын окуучусу, жазда дем алышка элине келип, кайтып кетип бара жатат. Жанындагысы жеткирип бара жаткан жолдошу.

Жолоочулар аттарын эс алдырып алмакчы болуп, Мураттын жанына түшүштү.

Аттарын тушап, коё беришти. Аттар оонабасын деп, Алымдын жолдошу аттардын жанына кетти. Алым Мураттын жанында калды.

Мурат байдан көргөн кордук-зордугун баштан аяк жипке тизгендей, Алымга айтып берди. Өзгөчө бүгүнкүсүн айтып, боздоп ыйлаганда Алымдын боору ооруду, аяды. Муратты кандай кылса да, бул азаптан куткарууга, иши кылып калаага алып барып, бир мектепке киргизүүгө бел байлады.

— Мен сени алып кетейин, шаарга кетесиңби? — деди Алым.

— Агатай, андай күн болсо менде эмне арман. Алып кетсеңиз мына мен даярмын,— деди Мурат.

Мураттын өңүнө кубаныч кирди, күлүңдөдү. Алдынан жаңы турмуш, жаңы бакыт нур чачкансыйт. Түш ооган кезде, койлорду байдын айлын көздөй каптатып жиберишип, жолоочулар жолго чыгышты.

Өзөндү жээктеп, жылаанча ийри-буйру жалгыз аяк жол менен жолоочулар келе жатат. Алдында Мурат. Мингени таргыл ат. Күндүн мээден өткөн ысык күнүндө ал боргулданып тердеп, улам-улам чекесин жеңи менен сүртүп коёт. Өгүзү да кенедей жабышкан көп көгөндүн уусуна чыдабастан, куйругу менен эки жагын чапкылап, бирде желип, бирде басып, кетип бара жатты.

Булар суудан кечип алышып, кара жолго түшүштү. Шарт-шарт камчылашып, кара жолдун топурагын буркуратып, асманга чыгарып, шаарга карай жүрүп кетишти.

Жаштар шаарга келишти. Алым Мураттты эптеп жүрүп окууга киргизди. Мурат байдын таягынан, жазасынан кутулуп, жаңы турмуштун эркүү жаш окуучусу болду.

Мурат бир топ күндөн кийин, Алымдын жардамы менен Кожомкулдан акысын доолап, Совет судуна арыз берди. Суд Кожомкулду айдатып алып, Мураттын жарым тыйын акысын калтырбай, толук алып берди. Бир нече жыл жетимди акысыз кул ордуна кармап, жазыксыз уруп-соккону үчүн Кожомкулга бир жыл абакты кести.

Үч жыл өттү. Жаз мезгили. Бак ичинде ар түрдүү күүгө салып гүлдөрү ойнолот.

Шаардын четиреэк жагында, алты-жети бөлмөлүү «Ж» мектеби көрүнөт. Мектеп ичинде терезелүү бир бөлмө үй бар, ичи кызыл тамыл. Боор-боорунда МАРКС, ЭНГЕЛЬС, ЛЕНИНдин сүрөттөрү илинген. Бул, ал мектептеги окуучулардын клубу.

Клубга бириндеп-сериндеп окуучулар жыйнала башташты. Узун бойлуу, арыкчырай келген бир бала алга коюлган чоң столдун жанына барып олтурду. Эки жагын каранып, тамагын кырып:

— Жолдоштор, «Ж» мектебиндеги окуучу комсомолдордун жыйналышын ачык деп санаймын. Жыйналышты алып баруу үчүн төмөнкү жолдоштор көрсөтүлөт — деп, үч кишинин атын атады. Олтургандар бир ооздон кабыл алды. Шайланган жолдоштор чыгып, орун алышты. Бирөө председатель болду, жыйналышты алып бара баштады.

— Жолдоштор,— деди председатель,— бүгүнкү карала турган маселе үчөө:

1. Коммунисттик жаштардын 9-съездинин жыйынтыгы тууралуу.

2. Комсомолдордун катарына жаштардан мүчө алуу.

3. Келечектеги иштер.

— Каршылыгыңар жокпу?

— Жок!..

— Жок!..

— Жок!..

— Эмесе, бир добуштан кабыл алынды деп эсептейм. 1-маселе тууралу жолдош Алымга сөз берилет.

Алым көрүнө түштү. Балдар алакан чабышты. Анткени — окуучу жаштардын арасында Алымдын баркы чоң. Окуусун былтыр бүтүргөн, жаштардын ишмердүү кызматкерлеринин бири.

Алым докладын бир сааттай созду, бүтүргөн кезде көп колдун алакан чапканы бир далайга дейре басылган жок.

2-маселе, комсомолго жаңы мүчөлөр алуу болгондуктан өңкөй арыз берүүчүлөр текшерилди, аларга балдар тарабынан суроолор берилип, түбү-жайы суралып, комсомолго өткөрүлө баштады.

Бир кезде өткүр көздүү, орто бойлуу бир балага кезек келди; «түбү-жайын, ким экендигин билгизип кетсин» деп, олтургандар тарабынан сунуштар киргизилди. Ал тартынган жок. Акырын алга аттап чыгып, күлүңдөп, балдар жакты карап, өзүнүн өмүр баянын баштан-аяк айта баштады. Сөзү көптө барып токтолду. Балдардын колдору бири-бирине урулуп, дүбүрт чыгып, клубдун ичин толгон жаңырык басты.

— Өтсүн!

— Өтсүн!

— Бир оздон!...— деген добуштар туш-туш жактан жамгырдай жаады.

— Бул — борбую катпаган кезинде Кожомкул байдан кордуктун көп түрүн көргөн Мурат жетим болучу.

## АЛ ЭМИ ЖЕТИМ ЭМЕС

Леля Совет өлкөсүнүн ырыстуу балдарынын биринен эле.

Леля Ленинградда, Стачек көчөсүндө, асман мелжиген алты кабат үйлөрдүн биринде туручу. Атасы — Осипов, Нарва заставасындагы заводдордун биринде, энеси — Антонина, Нева суусунун аркы өйүзүндө, ооруканада иштөөчү.

Леля үч жашар бөбөгү — Костя экөө, эң жакшы кийимдерди кийип, эң жакшы тамактарды ичип, бактылуу өсүштү. Ата-энелери айланып-толгонуп: «алтындарым, садагаларым» деп, аларды алпештеп багышты.

Лелянын мына ушул жыргалдуу турмушун каракчы Гитлер бузду. Ал тынч жаткан элибизге капысынан кол салып, күнөөсүз катын-балдардын, абышка-кемпирлердин канын суудай төктү; өлгөн-тирилгенине, кырылганына карабастан, кутурган итче жулунуп, Ленинградга жакындап, кирип келди.

Ленинграддыктар өз шаарын сактоого чоң-кичине, кары-жашы дебей, бардыгы да жапырт жоого каршы турушту. Осипов да туулуп өскөн шаарын, турмушун, кубанычтуу күлкүсүн, түн уйкусун сактоо үчүн колуна курал алып, фронтко кетти. Антонина мурунку ооруканада иштеп калды.

Күндөр өттү, турмуш оордоду. Леля да, Костя да азып-арыды.

Анын үстүнө, фронтко кеткен атасынан да кабар жок, жетимсиреришти.

— Садагаларым, алтындарым! Эми ырысыңар болуп, мен аман турсам элем — деп, Антонина балдарынын маңдай чачтарын сылап, күн да, түн да көзүнөн жашын тыйган жок.

Антонина Костяны кандайдыр бир балдар үйүнө берди. Үйүндө жалгыз гана Леля калды.

Бир күнү Антонина ооруканадан кеч кайтты. Ал кыңкыстап, чыдай албай, кроватына барып жыгылды.

Антонина катуу ооруп калды. Леля ыйламсырап, энесинин жанынан карыш жылбады. Кээде, ал чарчаганына карабастан, же аптекага — дарыга, же ларекко — нанга чуркайт.

— Эне, дары ичесиңби? Энеке, тамак ичесиңби? — деп, Леля энесинин жанында ирмелет да турат.

Антонинанын эки көзү уясына батып, эки жаагы шимирилип, арыктады, сүйлөөгө да, төшөктөн башын көтөрүүгө да кудурети келе албайт. Ач кенедей асылган ырайымсыз ооруга бир жактан кыйналса, экинчи жактан ал, — эки баласынын эки жерде болушуна, жетим калышына кыйналды, кысталды. Аларды эстеген сайын, жанында ыйламсырап, жетимсиреп олтурган Леляга көзү түшкөн сайын, анын сай сөөгү сыздады.

Ал кантип кыйналбасын? Кантип балдарын ойлобосун? Алар— кандай балдар эле? Экөө бирдей абадагы куштай, сууда жүргөн чабактай эркин өскөн өлкөнүн ырыстуу, бактылуу балдары эмес беле? Анын ал ырысын таш боор душман тартып алмакчы болуп жатпайбы? Жүздөгөн шаарларды талкалап, миңдеген күнөөсүз жаш балдар, абышка-кемпирлерди кыргандыгын ким унутат? Баланы энеден, энени баладан ажыратып, далайды зар какшатып, ыйлаткан мыкаачы душманга миңдеген наалат, каргышты Совет элинин кимиси болсо да айтат эмеспи!

Антонина жанында жалооруп, ээрди кеберсип, ач олтурган кызын карап, дирилдеген алсыз үнүн чыгарып:

— Алтыным, курсагың ачкандыр. Тигинде, менин чөнтөгүмдө акча бар. Ошону ал да, барып нан сатып алып кел,— деди.

Леля акчаны алып, нанга барып, 3 саатча кечигип кайтты. Анын келген нанын столго коюп жатып, ал:

— Энеке, нан алып келдим, жейсиңби? — деди.

Энесинен жооп жок. Анын өңү өчүп, көзү жумулуп, бою созулуп, тынч жатып калган. Леля эмнегедир коркту. Бүткөн бою дирилдеп, жаш жүрөгү опколжуп, токтоно албады.

— Энеке, уктадыңбы? Ойгон, нан алып келдим,— деп ыйламсырады Леля. Энесинен дагы жооп болгон жок. Кроватка жакын келип, энесинин маңдайынан сылап, колунан кармады да:

— Энеке, ойгон! Эмне унчукпайсың? Мен корком! — деди да, ал ыйлап жиберди...

Энеси кайдан ойгонсун!.. Ал, Лелянын көз жашын көрбөс, анын муңдуу, зардуу үнүн укпас, кайта келбес сапарга жол тарткан болучу.

Саруу селосу. Орто бойлуу, кызыл тоголок, жаш келинчек балдар үйүнүн директорунун үстүнө кирди.

— Мүмкүн болсо, бала асырап алайын деп келдим,— деди.

— Жакшы болот, каалоочулары болсо алыңыз — деди директор,— кыздуу болоюн дейсизби, же уулдуубу?

— Тилегеним уул эле.

Кызыл тоголок келин Куйбышев наамындагы колхоздун бухгалтери Амантурдун аялы — Маани эле.

Директор Маанини ээрчитип тышка чыкты. Эшик алдында күн чубактап ойноп жаткан балдарга келишти.

— Кана, балдар,— деди директор,— силерге мына бул жаш хозяйка келди, «балалуу болсом» дейт. Кимиңер бала болосуңар?

Балдар күлүмсүрөп, үн-сөзсүз бирин-бири караршты.

— Эмне унчукпайсыңар? Чочуркап турасыңарбы? — деди директор.

Бир кезде акжуумал, жазы маңдай, жашы 7—8 чамасындагы сергек кыз Маанинин көзүнө урунду.

Бул Ленинградда ата-энесинен айрылып, жетим калган Леля деген бизге тааныш кыз эле.

Леля атасынан айрылып, энеси өлгөндөн кийин Ленинграддын балдар үйүнүн бирине алынып, андагы балдар менен бирге биздин Кыргызстанга, Ысык-Көлгө келген.

— Мен ушул кызды асырап алайын,— деди Маани.

— Кантип, эркек бала керек дебедиңиз беле?

— Ал сөзүмдү кайра алдым.

Директор күлдү.

— Жакшы болот алыңыз.

Маани кызды үйүнө алып келип кириндирип, кийиндирди. Амантур да ары-бери чапкылап, бериси районго, арысы Пржевальскиге барып жатып, Леляга сонун-сонун кийимдер таап кайтты. Леля эми мурунку ата-энеси бардагыдай болуп, адам карап тургандай таптатынакай кыз болду.

# ААЛЫ ТОКОМБАЕВ



Аалы Токомбаев 1904-жылы Кемин районунда туулган.

Кыргыз совет жазма адабиятына негиз салуучулардын бири, Социалисттик Эмгектин Баатыры, Кыргыз ССРинин Эл акыны, академик, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты.

Биринчи ыры 1924-жылы «Эркин тоо» газетасынын биринчи санына жарыяланган. Ошондон бери адабий майданда талыкпай иштеп жатат. «Таң алдында» аттуу ыр менен жазылган романы баш болгон ондогон ыр жана прозалык жыйнактары орус жана башка тилдерде жарык көргөн.

Орус жана башка улуттардын акындарынын ырларын кыргыз тилине которууда көп эмгек сиңирген.

Аалы Токомбаев балдар үчүн «Биздин китеп», «Канаттуу достор», «Акай мерген», «Даат», «Акылмандын жообу» аттуу ыр жана аңгеме жыйнактарынын автору.

## АКАЙ МЕРГЕН

Аңчылык элдин негизги кесиби эмес, шамал менен бирге көчүп, мал менен оокат кылышат.

Малсыздар телмирип бай-манаптар менен коңшу. Алардын бекер эмгектери менен алда кимдер карындарын чертишет. Аларды мал катарында пайдаланышат. Колунда малы жок болсо да, Акай мерген өз оокаты менен өзү алек. Анын оокаты, анын малы аскаларды ээлеген тоо кийик, кулжа, бугу, маралдар болучу. Кеп ошол мерген жөнүндө.

Бир күнү Акай мерген мөлтүрөгөн кара көз келинчегин чакырып

— Сен ок куя турган май сурап келчи,— деди да кара мылтыктын майлыктарын чукулады. Өзү ээритип алган коргошунун ары-бери кармап, тойпоңдогон балдарын ойготту.

— Мен мындай атам.

— Жок, сен ата албайсың. Мен так мына минтип атамын,— деп мергендин мөмөдөй балдары кара мылтыктын сүмбөсү менен ойноп жатышты. Акайдын калдайган кара кисеси менен окчонтоюн алып, эки баласы өздөрүнчө ок, саадактуу киши сыяктанышты. Аны ары-бери сүйрөп алек-челек болушту. Акай мерген ачкалыгына карабай капарсыз ойноп жаткан балдарга карап олтуруп, алда кандай терең окуялары ойлоп кетти да, эмнегедир «быре» этип күлүп жүберди.

— Майың менен мамыран болгур,— деп Акай мергендин аялы ачууланып кирди. Май сураймын деп алда кимден тил укканын айтып, ыза болгон түр менен Акай мергенге ачууланды.

Акай мерген акырын гана ийнинен тынып улутунду да:

— «Жокчулук уят эмес, байлык мурат эмес». Анын эмнесине капа болосуң! — деп сүрдүү, өткүр кара көзү менен аялына бир карап, кайта аны эркелете баштады. Бирок өзүнүн капа болгонун билдирбей жаркылдап күлүп да жиберди.

Акай мерген балдарынын ойноп жаткан окчонтоюн алып, көңүлсүз гана ары-бери кылдыратып чайкады.

Балдары мергендин ок издегенине, адаттарынча кубанышты.

— Кийиктин оң чүкөсүн өзүм алам,— деп улуу баласы жок чүкөнү ээлей баштады.

— Байкем мага берет,— деп кичүүсү жыйырчыктуу тулубундагы чүкөсүнө карай жүгүрдү.

Акай кара бараңды ийнине салды да, үйдөн чыкты. Борсоңдогон чоңураак баласы ары-бери жүгүрүп кубана баштады.

Беркиси: «Байке, эмне атып келесиң?!!» — деди.

## II

Сымбаттуу орто боюна кара бараң кеп куйгандай келише калды. Өзүнө маалым узун кырдын кызыл арсактарын аралап, корумдарды көмүрдөй тебелей баштады. Бирок текелер жолуккан жок.

Кыйды болгон бугулар күмүш ала бакан сыяктуу каркайган мүйүздөрүн көтөрүп, суу боюндагы караган черди аралап да кетишти. Алгыр бүркүттөй талпынган Акай огунун жалгыздыгына кейип, бара жаткан бугуларды тиктегенден тиктеди.

— Бул огум сая кетсе кантем? Жаш балдарым ачкалыктарынан мурун, жылдыздары түшүп жаман болот го... Ай, кара санатай, чүкөдөй май берсе, беш-алты ок куюп алат элем го,— деп ичинен гана кейигенсиди. Мелтиреген кызыл асканын башына барды да, кыраан бүркүтчө өөдө-төмөн көз жиберип, серепчилеп карай баштады.

Ийниндеги бараңын эски майлыгы менен дагы бир сүртүп,

Батып бараткан алтын нурдуу күнгө салып шыкаалады. Окчонтойдогу жалгыз огун кармалап, мылтыгынын оозуна сала берейин дегенде, таштын жаракасында жаткан кызыл түлкү булак дей түштү. Түлкүнүн кокусунан ыргып чыгышы Акай мергенди селт каратты. Салынып бара жаткан жалгыз огу колунан түшүп, кызыл асканын башынан төмөн карай кулады.

Акай мерген өмүрүндө мындай кайгырган эмес. Ал аскадан ылдый кулаган огунун аркасынан кошо учуп түшкүсү келди. Көзү чымыр-чымыр болду. Жаш балдарынын күтүп олтурганын көз алдына келтирип, андан бетер ичи жалындай баштады. Күйбөгөн жери күл болуп, мандайынан чылпылдаган кара тер чыкты.

Бирдемесин жоготкон киши бир жерди кайта-кайта чукуй берет эмеспи. Ошонун сыңарындай, Акай мерген эки жагын кайта-кайта карады. Түшүп кеткен огун көрүп турса да, кылчактап айланасын карай берди. Кулаган ок кайдан табылсын!

Айласы кеткен мерген окчонтой, киселерин чукулоодон башка эчтеме кыла алган жок.

Коргошун түспөлдөнгөн калдайган көк асман Акай мергенге сыртын салгансып, мисирейген бойдон гана турду.

Мергендин балдары сойгон кийиктин ичинен табылган октордү жыйнап чүкөлөрүнө кыт куюшчу. Мерген эч болбосо ошондой октор табылсачы... деп ойлоду.

Талыкпай изденип жаткан мергендин жүрөгү, эмнегедир, тапка келген аттай жулкунду. Анын көзү жайнады. Бетинин эркин эттери чыйралгандай болду. Ал жанындай сүйгөн мөлтүрөгөн, дөңгөлөк кара көздүү аялын, же тойпондогон эки бирдей балдарын кыса-кыса кучактап өпкүсү келди. Ал өзүнүн ойлогонундай, кисесинен кылдыраган коргошун октун бирин тапкан эле. Анын кубанычы ошол. Анын жүрөгүнө батпаган каны ички кубанычын сыртына карай шиледи.

Ошентип, киседен тапкан калдыркан огуна эптеп мылтыгын дүрмөттөп алды да, ичинен шыбырап: «Жаздым атсам, мага шерт, жаңылыш тийсең, сага шерт»,— деп мылтыгы менен шерттешип, түнткө кирип узап кеткен бугуларды көздөп закымдай учту...

Тоңкуган бугулар удургуган бойдон, түнт токойдун аркы четиндеги аянтка барды. Адис болгон мерген алда кайдагы кызыл асканы айланып, сонодой учуп бугулардын алдынан чыкты. Өңүтүнө самагандай жетүүгө болбоду. Анын үстүнө майышкан окко толук ишене албады. Ошондуктан боортоктоп, жыландай сойлоп арап бутага келтирди. Жыт алып калган бугулар шоодой болуп, туура жакка созолоно баштады. Мерген шашкан бойдон тике тура калды, бугулар ага селт карай бергенде, кара барандын түтүнү уюлгуй түштү. Он эки айры бугу чалкасынан жыгылды.

## III

Арадан бир күн өттү.

Байтиктин чакыртканына Акай мерген таң калган жок. «Кан-

кирип эмнеден жаздым экен» — деп, өзүнүн жардамсыз жардылыгына кейип да тим болду.

Келген жигиттердин бири:

— Туруштан эч пайда жок, алдыма түшүп баскын! — деди.

— Мырзалар, баатырдын жардыгына каршылык кылмак белем. Макул,— деп эшиктин алдындагы дөңдөн үйгө карай бурулду.

— Мерген! Үйгө кирбе, баатырдын жардыгы андай эмес! Сен кандай жерде турсаң, ошол бойдон алып кетүүгө милдеттүүбүз,— деди.

Мерген ачуусуна чыдай албай тиштенип туруп, эмнегедир эрксизден күлүп жиберди да:

— Курдаш, баатырың карап турган жок го... Эрге сыпайкерчилик жакшы. Жакшылык кылыңыз, үйгө кирип чыгайын,— деп төмөнчүлүк менен өтүндү.

— Сен акмак, айтканды укпайсыңбы! Карап турбагандыктан казынага кол салып, анын бугусун аттыңбы? Хандын буйругу эки эмес. Ажалың менен ойногонуңду билесиңби? — деди жигиттердин бири.

Мергендин ачуусу келе түштү.

— Хан сыяктуу баатырдын казынасы эл. Элге менин кылча зыяным жок. Казынага кол салгандарды, менден эмес, өзүңөрдөн издегиле!

Куурайды ат кылып минген эки баласы жарышкан бойдон келип атасына жабышты. Мерген адатынча эки көкүрөгүнө көтөрүп эркелетмекчи болгондо, жигиттин бири:

— Мен сага элчиге келгеним жок,— деп ойноктогон боз ат менен мергенди омуроолотуп, жигиттин башчысы жанындагыларга буйрук кылды:

— Сүйрөткүлө, байлагыла!

Жанындагы үч жигит «кулдук таксыр» дешип, аттарынан түшө калышып, мергендин колун аркасына байлап, мойнуна кыл чылбырды сыйыртмак салып, аттарына миништи. Мерген жардамсыздыгын билгендиктен, эч кол кайырган жок. Кол кайырбасам «күнөөм» жеңилирээк болоор деп түшүндү.

Балдарынын чыркыраганын көргөндө мерген кол кайырбаганына өкүндү. «Эч болбосо кармашып өлсөмчү» — деп, көзүнөн жалын чачыраткандай болду.

— Желдеттер, силерде да бала бардыр!

— Биз желдет эмес, хан сыяктуу баатырдын буйругун орундайбыз,— дешти жана «желдет андай эмес; мына мындай болот» — деп, камчыларын чыпылдатып, эңкилдеткен бойдон сүйрөтүп жөнөштү. Мергендин аялы чырылдаган балдарга чыга калып, эринин сүйрөлүп бара жатканын көрдү да, ыйлап жиберди.

## IV

Байтик кең тигилген кара кашка ыпча кемселчен, казылары салаңдаган бийлердин ортосунда, он чакты жаздыктын арасында

жаткан эле. Үйүндөгү элдин канынан жыйналган дүнүйөгө адамдын көзү уялат. Башайы, шайы жууркандар он эки канат үйдүн эки босогосуна чейин жыйылган. Алардын үстүнө кырка тизилген шишак мамык жаздыктар. Жабык бойлогон карышкыр, түлкү, сүлөөсүн, суусар ичиктер. Күмүш ала бакандарга керме тартылып тизилген арстан, жолборс, аюунун талпактары турат. Шайы төшөк, илбирс терилери чоң үйдүн ичинде каршы-терши салынган. Чоң арстандын териси оозундагы тиштери менен Байтиктин жаздыктарынын алдынан башын чыгарып жатат.

Жендеттер Акай мергенди эки жагынан сүйрөп келди да:

— Алдаяр таксыр, буйругуңуз ордунда,— дешти.

Түрдүүсү түрдүү калыпта олтурган бийлерге мергендин кызыл ала болуп турушу эч кандай таасир кылган жок, ыржайып гана караншты.

Байтик ыңгыранган бойдон:

— Акылман бийлерим, касиеттүү байларым, мына бул куу шыйракка жаза бериңиздер! — деди.

— Өкүм өзүңүз тараптан болсун, баатыр! — деп оң жагындагы олтурган кыйшык көз семиз киши обдулуп койду. Калгандары:

— Сөз ушул, баатыр,— деп чуулдай түшүштү.

Байтик кыт-кыт күлүп буйрук кылды:

— Ушундайбы? Эмесе, айылымдан бир киши калбай чогулсун!

— Кулдук таксыр! — Жигиттин бири шарт коюп эшикке чыкты.

— Сен, куу шыйрак мерген, күнөөңдү билесиңби? — деди Байтик.

— Баатыр, күнөөмдү билсем, тобосун кылбас белем.

— Сен кудайдан коркосуңбу?

— Баатыр, кудайдан мурун анын кулунан корком.

Байтиктин муруту тик турду. «Кулунан» деген сөз Байтиктин сөөгүнөн өтүп, чучугуна жетти. Анткени Байтикти — сындырууга аракет кылган башка элдин чоңдору Байтикти: «Кул Байтик»,— деп мыскылдашчу. Ошондуктан бул сөз Байтикти ок менен жүрөккө аткандай болду.

Ызасынан кызарган Байтик мукактанып, ачуусу келип, буулуга калды да:

— Алып кел! Даярда! — деди.

Бул сөз жигиттерине жат эмес, тааныш. Эмнени алып келерин, эмнени даярдашаарын алар мурунтан билишет. Ошондуктан дароо ит аякты алып келип бир деме куюп, эшиктеги балтегин чакырды.

Балтек кирип келип ит аягын шалпылдатып кирди.

— Кана, мерген, иттен энчиңди талашып ичкин! — деди Байтик.

— Жок, баатыр, мен бул ит эмес, адамдын иттери менен талашсам экен,— деди.

— Ээ, башка иттериң биз го,— деди баягы кыйшык көз.

— Сөзүңүз калыбы менен чын! — деди мерген.

— Ичиргиле энчисин,— деди Байтик.

Карап турган жигиттери ит аяк менен оозуна куюшту.

Байтиктин өз аялы көөкөрдөн арак куюп олтурган эле. Байтик ошол жакты карап:

— Мергендин ачуусу келгендир, ачууну ачуу басат. Мунукун даярдагыла,— деди. Бирок Байтиктин айтканы арак эмес эле. Чылаиган уйдун чыласы ит аякка даяр болду.

— Мергенге сунгула,— деп дагы буюрду.

Желдеттер оозуна куюп, буйрукту орундатышты.

Олтургандар жабалактап эшикке чыгышты.

— Мерген жеңилдесин,— деди Байтик шылдыңдай күлүп.

Мергенди дамбалчан кылып чечинтип, эки колун аркасына бек байлашты. Даярдап койгон чычырканакка алып барып, ырайымсыз желдеттер мергенди бөлөй баштышты. Чычырканактын уу тикендери аз келгенсип, көк тал союл менен каршы-терши ургулап турушту. Анын чыңырган үнүн жазууга менин калемимдин күчү жетпейт...

Эң мурун суудан чыккан балыктай чабалактап, андан кийин ар кайсы булчуңдары солкулдап барып, мерген тымтырс болду.

Эл баштарын төмөн салып, ындындары өчкөн эмедей болушту. Аянычтуу шыбыр менен:

— Акай мергендин күнөөсү эмне экен? — деп бири-биринен сурашты...

Байтиктин жөкөрлөрү мергендин туугандарынын малдарын бир жагынан кыйратып соё баштышты. Үйлөрүн бычак менен тилгилеп, чамгарактарын кыйратып түшүрүштү.

Элге таанылып чыккан атактуу Балык Ооз акын, кокустан бул окуянын үстүнөн чыкты да, чычырканакта бөлөнүп жаткан мергенди көрүп:

— Таксыр, мергендин айыбы эмне? — деп сурап, андан кийин үнсүз турган элге карады.

— Ырчым, бул итиң баламдын бугусун атып алыптыр,— деди Байтик.

Он-он бирлерге келген эки баласы:

— Атаке, бугу меники беле? Ал жапан эмеспи?! — деди.

Эл ичиндеги эселек бирөө көзүн жүлжүйтүп:

— Ха-ха-ха! Зордук, бул зордук,— деди.

«Байтиктин бул ишине жинди да күлдү, ээ» — деп, эл катуу жийиркенич менен Балык Оозго карашты.

Акын өзүнүн оозундагы сөзүнө качан болсо да толук ээ эмеспи! Ал тайманбастан өзүнүн оюн айтып калды:

— Таксыр, коён жылкы чоң жутта жапайы кийиктерге бетеге жулуп берип бактыңыз беле? — деди.

Байтик Балык Оозго акырая карады. Балык Ооз аянычтуу сыпат менен элге жалдырай бурулду. Эл тилсиз гана чычырканакта жаткан мергенге бурулуп кайта жаачу булуттай, түйүлгөн кабактары менен Байтикке акырая карап калышты...

**Үчөө**

Айтике ара талаада олтуруп, муңайып күңгүрөнө берди.

— Мен таалайдын изине түшүп кубалап баратам, ал көлөкөсүн көрсөтпөйт, менден качат, менден коркот!.. Жок, мен күнөөкөр болдум окшойт. Бул сөзүм кудайдын кулагына жетпесин, кудайдан кекчил ким бар... Ооба, күнөөкөр болдум, кечир, кудай, кечир, мендей кулуңа ырайым кыл. Мени мындан ары кордобо, таман акым, маңдай терим менен тапканыма өзүм ээ болоюн, ушул жашка келгенче ууру кылганым жок, ушак сүйлөгөнүм жок. Бирөөдөн суук тилди көп уксам да, бирөөгө катуу айткым келбейт. Балким, бул менин кемчилигимдир,— деп токтоло калып, катуу улутунду да өкүнүчтүү дагы бирдемелерди айтмакчы болду. Бирок этеги тилик эски мата чепкендин үстүндө мемиреп жаткан бала уйкусурап чукуранып жиберди. Айтикенин оозундагы сөз учуп кетти, баланы жалт карап, тиктей калды. Кетирейген, сары баласы эки колун ээгине такап, бүрүшкөн бойдон тиштерин кычыратып: «Апаке, дейм, бутум, апаке, бутум, бутум»,— деп кыңылдады да, назик үнүн чыгарып солуктап ыйлап жиберди. Көзүнүн жашы кадимкидей тамчылап, эски чапанга төгүлө берди.

Атасы баладан көзүн алган жок, сол колу менен жер таянып, эңкее түшүп, алдында жаткан баланы арбап жаткандай болду. Бала колдорун жазып, бирдемени кучактагандай, бирөөнү чорбойгон эриндеринен өпкөндөй чопулдатып койду да, созулуп жатып жылуу жылмайып койду. Бала жылмайганда Айтике да жылмайды, бирок анын чокчойгон кичинекей көк сакалы өзүнүн ысык жашы менен эчак жуулган болчу, бала жылмайганда атасынын башына таалайдын жылдызы түшкөндөй кубанды, бүткөн бою эриген коргошундай балкыды. Эмне кыларын ойлогон да жок, ымдалышкан сакалын баланын бетине басып кучактай жыгылып, өпкүлөп жиберди:

— Айланайын Жапарым, кагылайын кулунум, менин таалайым, менин медерим, жакшымдан калган керээзим,— деп ары-бери чайкап эркелетип, бети башынан көйнөк-көнчөгүнө чейин өпкүлөдү. Жапар уйку арасында атасынын колун кармаган бойдон сол колу менен көзүн ушалап күлүп ойгонду. Айтикенин мооку канган жок, Жапарын бооруна кысып кобурай берди.

— Сенсиз менин күнүм жок, сен киши болор бекенсиң? — деп баланын көзүн тиктеп: — Кетпейбизби? Карачы, түш ооп кетти, кардың ачтыбы? Тыт терип берейинби? — деп койду да, баласынын күнгө күйгөн ,сыйрык бетинин отунан, мурдунун учунан өптү. Жапар чочуган эмедей атасын карады:

— Сакалың суу экен, атаке, мына,— деп кичинекей алаканын жазып ымдуу сакалды дагы кармалады.

— Ооба, суу,— деди Айтике, сакалын сылап. Анын үнү каргылданып чыкты, көзү жашка толо түштү.

Жапар атасынын ыйлаганын биле койду да, бир аз төмөн карап ойлонгон эмедей болду.

— Эмне, айланайын, эмне карайсың, мен сакалымды сууга жууп келдим, сенин кардың ачтыбы?

— Чок, и кайдым ачкан чок,— деди Жапар, атасынын сакалын сылап.

Жапар энесинен айрылганын элес-булас боолголойт. Анын үстүнө атасынан дайым угуп жүргөндүктөн, энесинин элеси жапжаңы, тирүүдөй болуп сезилет, ал азыр эле келип эркелетип тамак берчүдөй көрүп, үмүтүн үзчү эмес.

Атасынын сакалын кармалап, кирпигин төмөн түшүргөндө, анын кичинекей башында аянычтуу сагынуу бар эле. «Апа, апаке» деген назик үнү, көрүнбөгөн суу мончоктой көз жашы сыртка тырмышып араң эле турган.

Айтике баласынын жүрөгүндөгү кайгыны сезип, билмексен болгусу келсе да, жашырууга күчү келбеди. Ызаланган балача кемшеңдеп:

— Таалайсыз атаңдын таалайы, сен апаңды сагындыңбы? — дей бергенде, бала шолоктоп ыйлап жиберди. Айтике далайга чейин сүйлөгөн жок, жалжылдап гана баласын тиктеди. Бала болоктоп ыйлаган бойдон атасынын мойнун кучактап, башын анын арык ийнине коюп, жерди тиктеп жалдырай берди.

Ээрчитип жүргөн кара тайганы тыттын көлөкөсүндө жаткан эле, ал ата менен баланын кайгысын сезе койгонсуп, башын көтөрүп баланы тиктеди. Көзүнө конгон чымындардан коргонуп, башын силкти да, үлбүрөгөн узун тили менен жаланып-жаланып тура калды. Бала эркелетип үйрөнгөн итин көргөндө: «Учай, Учай, ме!» — деп колун сербеңдетти. Араң турган Учар куйругу менен камчыланды, кыңшылап жүгүрүп келип, баланын колу-башын жалмалап эркелей баштады, бала атасынын мойнунан жылбышып түшө калып, тайганы менен күрөшө кетти. Тайган өзүнүн боордошу менен ойногонсуп чалкасынан түшүп ооналактап, кээде жата калып, кээде куйругун булгалап, өйдө-төмөн чуркап, ойной баштады.

Айтике өзүнүн сооронгонун байкабай да калды, башындагы үймөлөктөгөн кайгылар кайдадыр белгисиз болуп качып жатты. Бала менен иттин ойногонун далайга чейин тиктеп, өзүнөн өзү жылмайып кубана баштады. Бала менен тайган кубалашып оболой баштаганда, ордунан тура калып, үшкүрүп-үшкүрүп жиберди. Анын көкүрөгүн басып жаткан коргошундай муңдар үшкүрүк менен кошо алда кайда чачырап кеткендей жеңилдене түштү.

Тайган баланын колунан чыгып, кулагын салпылдатып ар жакты көздөй чуркаганда:

— Жапар, ай Жапар! Кач, бери кач,— деди атасы. Жапар бөйпөңдөп бери чуркаганда, тайган ойноктоп, өзүнүн досун жөөлөп өттү да, Айтикеге жетип, тырмалап эркелей баштады. Жапар борсулдап күлгөн бойдон, оозун ачып чаалыга жүгүрүп, атасына араң эле жетти, ал жетээри менен кулачын жайып турган атасы тосуп ала коюп, көкөлөтүп көтөрүп ары-бери жүгүрдү. Тайган

шыктап, баладан көзүн албай, шыйпаңдап кумарданып ойноду, аябай чарчаган Жапар атасынын колунан түшкүсү келген жок. Ошондой болсо да, колдорун сереңдетип, тайгандын ызасын келтирди...

Айтикенин эрки да, өмүрү да, бактысы да баланын колунда [illegible] эле. Баласы көңүлдүү болсо, таалайдын тактысында олтургандай кубанат. Өзүнүн жашыктыгын дайым каргайт. Балам үчүн менин көз жашым оор деп түшүнөт, бирок аны баладан жашырууга күчү келбейт. Бала ыйласа кошо ыйлайт, кээде чоң киши менен сүйлөшкөнсүп, баласы менен акылдуу сөз сүйлөшөт. Сөзүнүн көпчүлүгү: «Сен эптеп адам болор бекенсиң, баякынын баласы дедирип чоңоёт бекенсиң, мен сен үчүн гана тирүү жүрөм»,— деген өңдүү тилектерди айтып, андан кийин сонун окуя жомок сүйлөйт. Айтикенин бул сөзү Жапар үчүн жаңылык деле эмес, анткени бул сөздөрдү күнүнө беш-алты ирет болсо да кайталап берер эле.

Баласынын тили «р», «с» тамгасына келген эмес, анын ошол кемчилиги баланы өтө жаш, өтө жылуу кылып көрсөтө турган.

— Атаке, мен чуучадым,— деди Жапар,— ии, Учай да чуучады, кайчы, атаке, тилин көйчөтүп туят,— деп Жапар балдыраганда, Айтике моокун ого бетер кандыргансып, бир топ сүйлөттү да:

— Түш эми, тамак жейбиз. Учарыңа да, сага да суу берем,— деп баланы жерге түшүрүп, узун моюн жез чайдоостун чоргосунан суу жуткурду да: — Учарга кантип беребиз, анын идиши жок тура, ал суусабайт, азыр бир байдыкына барабыз, Учар сууну ошондон ичет,— деди.

— Чок, Учайга менин топума куюп бейем,— деп майланышкан жаңы кара топусун тосо койду.

— Кой, айланайын, топуң булганып калат.

— Мейли,— деди Жапар чыргайланып,— мейли эчтеме болбойт,— деп топусун жерге коюп: — Ме, Учай, ме,— деп топуну түрткүлөдү. Учар топуну жыттагылап, баланын көзүнө көзүн чагылыштыра койду да, жаланып барып, чочоюп олтура калды.

— Мына көрдүңбү, ичпейм дейт, жүр эми, кетели — деп, Айтике тура калды. Бала ишене калып, топусун ала койду. Топудан «суу жок» деп айтууга анын баамы жетпей калды.

Айтике самтыраган боз чапанын кийип, эшек куржундун бир көзүндөгү комузун, кеп жыгачын, тактеке менен чот керкисин жайлаштырып салды да:

— Келе кой, күчүгүм, сен аябай чарчадың,— деп баласына куржундун көзүн тосо койду. Жапар үйрөнгөн куржунга адатынча секирип түшүп олтура калды.

Ошентип, колу-буту тыртайган тарамыштуу, арык сары киши бутунун салаасынан чаңды буркуратып, кыдыңдап жолго түштү. Бала куржундан колун эрбеңдетип, ээрчип келе жаткан тайганы менен сүйлөшүп, кыткылыктай берди. Бул үчөө Коконшаарын карай жол тартты.

Батып бараткан күндүн акыркы нуру, асмандагы булуттарды өрттөп жаткандай болду. Айтике сызылып аккан терең өстөндүн боюна келип, терин шыпырып олтура калды да, куржундагы Жапарды жерге түшүрүп, кызарган темирдей балкып бараткан күндү далайга тиктеди. Жаш баланын күнгө какталган беттери боргулданып албырып, кызыл мрамор сыяктуу болуп турду. Атасы аны куржундан алып жерге коё койгондо, бала темтеңдеп, бүрүшүп барып олтура калды. Анын бүктөлүп келе жаткан шыйрактары сыздап, керилип созула албады. Бала озондоп жиберип:

— Атаке, бутум оюп жатат,— деп тизесин кармалап атасына карады. Айтикенин ичи уу сепкендей тызылдап кейисе да, баланы жооткотуп:

— Эчтеме болбойт, айланайын, бүтүң ооруса боюң өсөт, чоң жигит болосуң, кана, мына бул жериңби? — Ал баласынын буттарын ушалап,— ий... мына, бул жериң турбайбы, эми сен жигит болосуң, жакшы балдар ыйлабайт.

Бала! «Боюң өсөт, жигит болосуң, жакшы бала ыйлабайт»,— деген сөздү укканда, көзүн чекирейтип, атасын жал-жал карады да, колу менен мурдун сыйпалап:

— Качан чоң болом? — деди күлгөнсүп.

Узун моюн жез чайдоосту сууга чөмөрүп жаткан атасы токтоло калып кылчайып күлдү.

— Сен бүгүн чоңоюп калдың, эртең мындан да чоң болосуң...

Бала жылуу жылмайып, таманындагы жарылган кара тууруктарды чукулап олтуруп:

— Атаке, чуу ичем,— деп мойнун созуп оозун ачты. Атасы чайдоостун чоргосун анын оозуна тосо берди да, канжыгадай самсаалаган чапанынын бир жерин айрып алып, баласынын бутундагы жарылып барып түйрүлүп калган баш бармагына байлап, бети-колун жууп, Жапарга кургаган токочун берип, өзү күкүмдөрүн оозуна салып улутунуп койду. Акактап келе жаткан тайганы шалпылдатып суу ичти да, баланын маңдайына келип, үмүтү менен жата калды да, көзүнүн кыйыгы менен жалт-жалт карады. Айтике итти канчалык аяса да: «А байкуш, токоч болсо мен карап олтурат белем, сага түгүл мага жок»,— деген ойду кылт эттирип өткөрүп жиберди. Жапар иттин суктанып турганын көрбөй олтурган жок, адатынча анын кыжырына тийип «ме, ме!» деп топурак ыргытып бир топ убара кылды да, «ал-ал!» деп калган бир үзүм токочун алдына таштап жиберди.

— Менин ырыскым, боорукерим, чечекейим,— деп баланы кучактап, Айтике өпкүлөдү да,— жүр эми, Кокондон Рават Дарбаза табабыз,— деди.

Рават Дарбазалар Жапарга чоочун эмес. Андай байлардын короосуна барганда атасына иш да, аш да табылат. «Рават Дарбаза табабыз»,— деген сөздү укканда, бала кубанган бойдон алаканын чапкылап:

— Жүй, атаке,— деп ордунан тура калды.

Ицир кирген кезде Коконду аралап, төрт-беш үйдүн дарбазасын каккылап иш сураштырды. Кээде паранжы тартынган аялдар чыгат, кээде үч, төрт жоолукту куймулчагынан курчанган кишилер чыгат, алар анын самтыраган кебетесин көргөндө: «Кете бериң, иш жок»,— дегендери да болду. Кайсы бирөөлөрү:

— Кайырчыдан кутулбадык, эчтеме жок,—дешти. Кай бир жумшак жүрөктөрү баланын колуна нан карматышат да: «Мусапыр, кай жерлик болосуңар?» — дешти. Рават Дарбазалардын бир тобуна барышса да иш табылбады. Конуп кетүүгө Рават Дарбазанын ээлери уруксат да кылышпады. Түн кире баштаган сайын Айтикенин шыйрактары илмендеп тездей баштады. Үстүндөгү куржунда жүргөн баласы шылкылдап уйкуга кирди, атасы дарбазаларды такылдатканда гана:

— Атаке, ийават дайбаза ээ,— дейт да, эки жагын карап коюп кайтадан каалгыйт, уйкуга мас болгон бала кээде атасынын жообун укпай да калат.

— Байларга рават, бакырларга кыянат,— деп ичинен күбүрөп коюп,— ооба, жылдызым, азыр барабыз, уктай бер,— дейт Айтике.

Оймолонгон шаанилүү Рават Дарбазага келгенде, Айтике алсырап болгон эле. Ал ушул дарбазанын ээсинен жакшылык көрчүдөй, эч болбосо конуп, тоюнуп кетчүдөй сезди. Рават Дарбазаны көңүлдүү турупургулады.

— Ийават дайбаза ээ,— деп араң үнү чыккан баласын жонунда болбой, колунда болсо кучактап өөп жибергиси келди.

— Ооба, айланайын, Рават Дарбаза,— деп койду да, мойнундагы куржунду түшүрүп, дарбазаны шыкаалады, ичкериден балбылдап күйгөн чоң лампанын айланасындагы кишилерди көрдү. Шыкаалаган көзүн албай туруп эшикти дагы какты.

— Ким? Ким? — деди кырылдаган киши.

— Кудайы конок, мусапыр чебер, дутарчы... — деп кесиптерин санай баштады. Дагдайган кара киши чыгып келди да:

— Сага эмне керек? — деди жакын келип.

— Магабы, маа жумуш керек, колумдан бардык иш келет. Эмне керек десеңиз менден таба бересиз, эч ким иштебеген нерсени мен иштеймин,— деп көңүлдүү жооп кайтарды.

— Баракелде, колуңуздан бардык иш келер миш, андай болсо таштан өтүк тигип бере аласызбы? — деди кырылдаган кара киши.

— Өтүккө керектүү бардык жарагын берсеңиз, аны тигиш жуда кымбат эмес,— деди Айтике.

— Кош эмесе, ушунуңузда бир кеп бар экен, сизге кандай жарак керек, бардыгын айтыңыз, биз баарын табабыз,— деди.

— Тапсаңыз,— деди Айтике мукактана түшүп,—мага ташты кесе турган бычак бересиз, ташка өтө турган шибеге бересиз, кумдан чарык жип бересиз, анан кийин өтүк даяр болот. Аны сиз туура жүз жылы киесиз,— деп жылмайып тура калды.

— Аны сиз атаңызга тигип бериңиз!

— Жок, байбача, каалаган сизге гана тигем, ал өтүк сизге гана ылайык,— деп дагы күлдү.

Сөзүнө жараша сүйлөгөн Айтикенин тамашасы тиги кишиге шылдыңдай туюлду, кырылдаган дабышын ого бетер кырылдатып айтты:

— Бар, бара бергин, акмак, кумдан да шибеге жасайт бекен,— деп желкеге түртүп, ичке караңгы көчөнү көрсөтүп, көзгө көрүнбөй жогол! — деди.

Айтике тескери кеткенин сезе койду да:

— Байбача, жумушуң болбосо, конуп кетейин, жаш балам бар,— деп жалбарып жиберди.

— Бул жай кайырчы жата турган жай эмес. Сенин жайың, мына! — Ал дубалдын түбүн көрсөттү да, кырылдап күлүп, эшикти жаап кирип кетти.

Жапар атасынын сейрек учураган күлкүсүн угуп, куржундан чыгып, атасынын жанына келе калып: «Атаке»,— деп эски чапандын этегин кармалады. Баласынын үнүн укканда Айтикенин көңүлү караңгылап, дүйнөнү туман баскандай теңселип, туруп калды. Бир топ убакыт өткөндө гана:

— Менин жаркыраган жылдызым, сен болбосоң анда атаңдын күнү бүтөт, сен менин жанымсың,— деп баласын кучактап отура калды.

### Эмгектүү кулда чарчоо жок

Таң кашкайып сүргөн кезде, Рават Дарбазанын босогосунда аянычтуу бирөөнүн элеси көрүндү. Ал муңайып олтурган Айтике эле. Кучактаган тизесине ээгин такап, үшүгөн күйкөдөй түктүйүп жер тиктегендей болот. Анын жанында жүнү тайкы кара тайгандын ийрилип жатышы, алптын тебетейиндей элес берет. Ал бейкут бүрүшүп уктап жаткан балага кынала жаткан эле.

Бийик мунаранын башынан: «Аллоо акбар, аллоо акбар»,— деген сопунун үнү Айтикенин кулагына шак дей түштү. Азанчынын жаңырыгы сыяктанып, заңгыраган үн сол жагынан да угулду, ал үн: «Ысык нан! Кимге, кимге ысык нан!» — деген наавайчынын үнү болучу. Айтике азанды тыңшабастан, наавайчынын үнүн улап, телмире карап ордунан тура калды. Бийикте турган сопу селдесин колу менен сүйөп эңкейип, Айтикени карады да:

— Ой кафир, нанга карабай кудайдын үйүн кара! — деди. Айтике мунаранын башына кылчайып койду да, кыялы менен күбүрөй баштады.

— Кудайдын үйү топурактан жасалган мечит болсо, мага берери кайда? Мага андан көрө бир сындырым токоч кымбат... Жок, жок! Жаңылдым, күнөөкөр болдум, кечир, кудай, күнөөмдү кечир! — деп жакасын кармап, күн чыгышты карап: — О, жараткан, сен мени күнөөлөбө, мен ойлогон пикирди сен өзүң бердиң.

Ал ушул сөздү айтканда, кинелешип жеңип алгандай жеңиле түштү, оор улутунуп колун жакасынан алган кезде, быжыгыр кара сакалын кармалап солдойгон узун чапандуу сопу да көрүндү, Айтике унчуккан жок. Анын оюнда: «Сопунун селдеси канча көйнөк чыгар эле?»— деген пикир бар эле.

— Ой, кафир, салам айтканды билбейсиңби,— деди сопу.

Айтике күлүп жиберди да:

— Салам айтышты кудай мага буюрган жок. Сизге да буюрган жокпу? Салам айтыш сиздин да милдет, же кудай силерди күнөөлөбөйбү? — деди.

Сопу мукактана түшүп:

— Астагфирулла, сиз шайтан болсоңуз керек,— деди кетенчиктей түшүп.

— Жок, демилла,— деп билимдүү молдолорчо,— сиз менен шарият айтышууга болор бекен, балким, мен сизден көбүрөөк билермин,— деди Айтике.

Сопу өзүнүн чабалдыгын алда качан эле билер эле. Ошондуктан мындан артык каршылык кылууга чыдаган жок.

— Бар, бара бериң, даңгаса,— деди да, чапанын сөлбүрөтүп мечитти көздөй жөнөдү. Айтике мөрөйү үстүн болгондой, өзүнө ылымсына түшсө да: «Бар, бара бериң, даңгаса»,— деген сөз ашын кыжырын келтирди.

Тайпак себетке ысык нанды толтура салып, чокусуна көтөргөн наавайчы эки колун делдеңдетип, буттарын, бийлеген эмедей, женил шилтеп өтө берди да: «Ысык нан, кимге ысык нан!» — деп Кокондун тар көчөсүн жаңыртып жиберди. Ойгонсо да баятан бери ышынып жаткан Жапар башын көтөрүп:

— Атаке, атаке, нан, нан,— деп чыңылдап коё берди.

— Ой, наавай, токтоңуз,— деп Айтике ордунан тура келгенде, наавайчы сүлкүлдөй басып жетип келип себетти жерге коюп, нандарды колу менен салмактап: «Кайсынысын аласыз?» — деп илбериңки болуп кетти.

— Биттаны бериңиз,— деп өзбекче айтты да,— углум, пул ёк,— деп чапанын чечип, мойнуна илген сабы жок кетменин көрсөтүп,— ушуга нечте нан бересиң? — деди.

Наавайчы жаңы эле кармаган баланын колундагы нанды жулуп алып, себетке сала койду, бала колун сунуп телмирген бойдон үнүн ачуу чыгарып ыйлап жиберди.

Айтике калтырай түшүп:

— Куда үчүн бир нан бериңиз,— деп наавайчыга жалбара карап кетменди сунду: — Ахыры бир нандык нархы бардур, алың, углум, алың,— деди өзбекчелеп.

— Мен наавайчы эмесмин,— деди тигил жигит,— менин да кожоюнум бар, сиз дубал салганды билесизби? — деди.

— Билем, углум, билем,— деди Айтике,— дандыр да жасаймын, үй да жасаймын, ээр да чабамын, дутар да жасаймын, ашула да айтамын,— деп өзбекче, кыргызча аралаштырып кесиптерин санап жиберди.

— Ал, ала бериң,— дегенде, баланын колу нанга жабыша калды, кара тайган: «Беришерсиң»,— дегенсип, баланын алдына келип жал-жал карап жата калды.

— Ыракмат, углум, ыракмат,— деп Айтике кетменин суна койгондо:

— Жок, албаймын, жүрүңүз, кожоюндун жасай турган дуба-

лы бар, сиз жуда тура келсеңиз керек,— деп себетти башына көтөрүп, тигилерди зэрчите жөнөдү. Тар көчөнүн экөөнү айлана бергенде, ысык пандын жыты Айтикенин мурдун кытыгылап жиберди. «Ушул жерде экен го»,— деп ойлой койду да, көөдөнүн көтөрүп, боюн түзөтүп, күчтүү кишилерче менсине басты. Бирок анын кичинекей боюнда эч кандай өзгөрүш болгон жок.

— Ассалоом алейкум,— деди дандыр жаап жаткан кишиге. Ал киши алик алуунун ордуна, үндү көөдөнүнөн чыгарып:

— А Ташбай, таптыңызбы? — деди Айтикени тиктеп,— колунан бир нерсе келер бекен, а? Кыргыз байлардан болсоңуз керек,— деди көк ала сакал free кексе наавайчы,— мейли, балаңыз бар экен да, мына ушул жерге жатасыз, мына бул дубалдарды бүтөсүз, тамакты бизден жейсиз, үч сом элүү тыйын акча аласыз,— деди.

— Куп болот,— деди Айтике баласынын мандайын сылап,— бардык аракетим ушул балам үчүн, баламдын карды ток болсо болду, мен мээнеттен коркпоймун, сиздин да балаңыз бардыр?..

Алар макулдаша баштаганда, Ташбайдын көңүлү тынгансып:

— Ысык нан, кимге ысык нан! — деп жорголой басып, көчөнү көздөй жөнөдү

— Бул нан биздики болсо керек,— деп баланын колундагы жарты нанды карап,— пулун төлөгөндүрсүз? — деди наавайчы,— төлөбөсөңүз жуда жакшы болуптур, кудага шүкүр, нан жетет, унутпасаңыз болду, эсепке шашууга болбойт. Кардыңыз ачкандыр? — деп койду да балпандай бысып ичкериге кирип кетти. Айтике адатынча баласын кучактап, көкөлөтүп көзүн тиктеп кобурай берди.

— Сен менин өмүрүмдүн сабагысың, сен адам болуп, баякынын уулу дегендей киши болор бекенсиң? Бактысыз атаңдын кайгысын билесиңби? — деп нан кармаган колунан өпкүлөп жиберди.

Бала атасынын колунан түшүп, таңыркап эки жакты карап койду да, жанында жаткан тайгандын узун кулагын кармалап:

— Ченин куйчагың ачтыбы, чага мен токочумду бейбейм, и бейбейм ыйлайчыңбы? Мегой, мегой,— итинин мойнун кучактап:— Атаке, бейейинби?

Бала атасынын ачкалыгын кайдан билсин, «берейинби?» деп сурады да, жоопко карабай итине сугунта берип: «Мына»,— деди. Айтике башын ийкеп, тим болду. Айтике иттин жанталашып сугунганын карап кандайдыр терең кыялга түшүп кетти. Наавайчы ичкериден чыгып келатып:

— Биз суннатты[1] унутканбыз, сиздин атыңыз ким болот? Мени Ашымахун наавай дешет. Биздин бабабыз Кашкардан келген таранчы[2] миш. — Айтике ага лакап атын айтты.

— Аббали, Айтике Сарык десе да болор экен да?

— Болот, кожоюн, болот,— деп Ашымахундун колундагы чылгый чаначка суроо бергендей карады.

---

[1] Суннат — таанышуу деген мааниде.
[2] Таранчы — уруунун аты.

— Суу жуда алыс. Ме,— деп чаначты берип,— күсөрдөн өтөсүз, сол жагыңызда Рават Дарбазага карай жүрөсүз, анын ар жагында казынын каузу[1] бар ошондон суу алып келесиз, сиз аны көрүп аласыз. Сен дубал жасаганда да, сууну ошол коңулдан аласың,— деди да, ээрчийин деген балага карап:— Сиз отуруп туруңуз атаңыз азыр келет, нан жейсизби?

Бала Ашымахунду тыңшаган да жок. Атасынын алдаганына да көнгөн жок: «Куткайбас»,— деп тайганын чакырды да, атасынын аркасынан жөнөдү.

Жүнүн албаган чоң серкенин чаначына суу толгондо, анын бою Айтикенин омуроосуна жете түштү. Килейген чаначты шалактатып көтөрө жөнөдү, орто жолго келгенде сейрек сакалынан тер тамчылап, көзү караңгылай калды. Темтеңдей түшүп тура калды да: «Күчтүн аздыгынан эмес, карындын ачтыгынан»,— деген ойду улам-улам ойлоду. «Кардыңыз ачкандыр?» — деген кожоюндун сөзүн көңүлгө төтөп кылды да: «Эмгектүү кулда чарчоо жок»,— деп мекчеңдеп жүрүп кетти.

### Шыктын жаралышы

Балким, бир жыл өткөндүр, балким, андан да көптүр... Жердин бети жашыл тукаба менен чүмкөнүп керилип жаткансыйт. Ырчы торгойлор чулдураган бойдон көкөлөп көккө чыгышып, ыргыткан таштай зымырап келип жерге түшөт. Иштеп жаткан дыйкандардын кетмендери шилтеген сайын жаркылдап күндүн нуру менен ойнойт.

Иштелип бүтпөгөн алты пайза[2] коргондун түбүндө топтон аралашкан баткак үй ордундай чуңкурду ээлейт. Эки жагын кылдаттык менен имерип койгон күрөң баткак, ачыган камыр сыяктанат, кара тайган узун саптуу чоң кетмендин жанында эски боз чапанды кайтарат. Ал дубалдын түбүндө баткак менен ойноп олтурган Жапарды анда-санда бир карап, оозун керип жаланып коёт да, тим болот. Бала адатынча: «Ме, Куткайбас»,— деп топурактан жасаган «токочун» эчен ирет иттин алдына таштады. Тайган адегенде кубанып барып баса калса да, оозуна эчтеме илинген жок. Тамшанып балага карады. Бала күлүп экинчи ыргытты, ит шимшип барып жыттап коюп туруп калды, үчүнчү ыргытканда мурдун кыймылдатып койду да, үмүтүн үзүп таарынган эмедей көңүлсүз болуп жата калды.

Тайгандын бул кылыгы баланын моокун кандырган жок, ошондуктан иттин көңүлүн улап, өзүнүн марттыгын көрсөтүп, аны менен сүйлөшө баштады, мурда оозун чурмуйтуп, бөбөгүн эркелеткенсип: «Сен токоч жебесең кой өзүм жейм»,— деп «токочун оозуна тийгизип чайнаган болду. Тайган жалт карай салды да: «Сенин баягы

[1] К а у з — суу көлмөсү.
[2] П а й з а — пайса (сокмо дубал).

иллаганыңдыр»,— дегенсип, анда-санда көзүн жылтылдатып тим болот.

— Мегой, мегой,— деди бала чоподон жасаган эшегин көрсөтүп,— и албасаң өзүм минемин, мен минип атама кетсем кантесиң,— деди эле, ит карап да койгон жок.

— Сен тоо аласыңбы? — деп төөнүн сүрөтүн көрсөтүп, иттин тумшугуна тийгизип, ары-бери сүрө баштады. Үмүтсүз ит, тажаган эмедей, ордунан тура калып, бирөөнү сагынган эмедей, көктү карап озондоп улуп жиберди.

Короодон чыгып бараткан Ашымахун чочуп кетти:

— Акмак жолбун, башыңды жут,— деп муштумдай чалма[1] менен итти бир койду, ит бир санын сүйрөп алып, каңкылдап кача бергенде:

— Тийбе, тийбе,— деп Жапар чыңырып жиберди. Чылгый чанач менен суу көтөрүп келе жаткан Айтике, чаначын таштап жиберип, баласына карай жүгүргөндө, алаканын чапкылап колунан топурагын тазалаган Ашымахун алдынан чыкты. Ал Айтикени көргөн жок, чаңырган балага карап:

— Ай жувермек, падарыңа наалат,—деп, сөөмөйү менен таптап койду да, чайпала басып кете берди. Анын сөзүн Айтике ажыраткан жок, Айтике үнүн өкүм чыгарса да, ачууланбастан:

— Ашым аке, эмне болду, эмне? — деди Айтике, анын чокчо сары сакалы корккон мышыктын жүнүндөй сербейип кетти.

— Сиздин итиңиз,— деди Ашымахун,— кыямат кайымды чакырып асманга карап улуганын кара! Аны өлтүрүш керек, өлтүрүш... чакырып алып өлтүрүңүз,— деди. Бала озондогон бойдон тайганын кучактап:

— Байкушум, Куткарбасым, байкушум, бутуң ооруп калдыбы? — деп анын узун кулагын сыйпалап,— атаке, карачы тетигил урду,— деп атасына даттанса да, Ашымахундан жалтанды. Серейтип турган итинин шыйрагын сыйпалап бышактай берди.

— Кыяматты чакырып келтирсе, мен эчак эле чакырат элем, сизге кыямат болбойт, кыяматты куда биздей мусапырларга калтырса керек.

Ашымахун багжаңдап күлгөн болду.

— Капа болбой жүрүң, иттин улуганы сизге гана зыян, мейли эмесе, кор болсоңуз сиз болосуз,— деди да, басып кетти.

Ушул сыяктуу ыгы жок түйшүк, Айтикенин кыжырына бөтөн тиер эле. «Кор болсоңуз сиз болосуз»,— деген сөз этинен өтүп чучугуна жете түштү, чекесинен чымырап тер чыкты. Баласын кучактап, адатынча көзүн дагы тиктеди:

— Менин таалайым, сен адам болуп, баякынын уулу дедиртер бекенсиң, же кордукта жүрүп жайрап калар бекенсиң, а айтчы, кулунум, айтчы?

Бала бул сөздү миң ирет уккан атасынын оозун тиктеп, кичинекей бир колу менен анын сейрек сакалын миң ирет кармалап томсоргон.

---

[1] Чалма — тоголоктолгон топурак.

Жапар чедирендеп оюнчугуна келип, топурактан жасаган эшегин, тактекесин, ээрин, итин чогултуп, бирөөнү колуна кармап:

— Мына, менин күчүгүм,— деп чоподон жасаган томпойдой күчүктүн сүрөтүн көрсөттү,— токочум да бар,— деп татынакай жасалган топурак каламасын да көрсөттү.

— Тигил эмнең? — деди Айтике жылмайып бирдемени көрсөтүп,— киши го? Же сенсиңби? — деп дубалдын түбүндөгү жаңы жасаган оюнчуктарын карады.

Чоңдугу жаңы төрөлгөн баладай, буту кыска, кыйшык баш кишинин сүрөтүн көрдү, ал сүрөттүн аркасында дөңгөч өңдөнгөн бирдеме жасалган, анын ар кайсы жерине майда чөптөрдү жапшырып, төмөн карай сылап койгон оюнчук эле. Айтике аны далайга чейин тиктеди, кишинин сүрөтүн ачык тааныса да, анын маанисине түшүнгөн жок.

— Бул эмнең?

— Ал чен,— деп колу менен көрсөтүп,— чен чанач көтөрүп келатасың, сага токоч жасап койдум,— деп топурак токочун көрсөтүп, мактана баштады. Кубангандыктанбы же баланы аягандыктанбы, Айтикенин бою чымырап кетти, боз топурактын алдында түбөлүк жаткан аялы да эсине түштү. «Ушунун ыракатын көрбөдүң, ушунун өскөнүн көрбөдүң, ушул сени бакпайт беле... Кантейин»,— деп күбүрөп койду да, капкайдагы жыйылган ойлорду кербендей чубатты да, комузун алып олтура калды, атасы комузун алганда, бала чилмеңдеген бойдон куржундагы атасынын тактекесин сүйрөп келип, тетиктеги илмесин атасынын колуна илди. Айтике көпчүлүккө ырдагансып мандаш уруп, комузунун назик үндүү кылдарын дирилдетип, үн кошуп черте баштады. Бала атасынын алдында тыбырчылап секирип жаткан тактекени далайга чейин тиктеди да:

— Атаке, мүйчүн чоң кылчы? — деди,— баякы Атабекке бергендей кылып берчи.

Чынында да тактеке токол боло турган, Атабекке берген тактеке атайылап сонун жасалган эле. Сыртына кулундун терисин каптап, мүйүзүн каркайтып даана жасалган болчу.

— Болот, айланайын, болот, мен аны өрүктөн жасаймын сен Атабекке берген тактекени унуткан жок экенсиң, сен акылдуу болосуң, айланайын, мен сага андан сонун кылып жасап берем, болобу?

Бала элпек мойнун кыймылдатып, башын ийкеди.

Алар дайым дубалдын түбүндө жата турган. Кечинде бойрону жая салган кезде, Жапар жасалган куурчактарын жыйнай баштады, жакшы көргөндөрүн койнуна алып, калганын маңдайына коюп, алар менен өзүнчө сүйлөшүп, кээде атасына суроо берип жатып, уктап кетчү.

Баласы уктаганда кайта туруп, чылгый чанач менен суу алып келчү эле, бүгүн анысын иштеген жок. Баласынын жанында олтуруп далайга чейин комуз чертти.

Ашымахундун нан саткыч жигити Ташбай дайым сырткы босогосундагы чоң өрүктүн түбүнө жатар эле.

— Ысык нан, кимге ысык нан! — деп жүгүрүп жүрүп, аябай чарчап келип, жатары менен эле кыр этип коңурук тартчу. Ал кандайдыр бүгүн уктаган жок, күтүлбөгөн комуздун үнүн угуп, далайга чейин таңыркады да, ордунан туруп, Айтикенин жанына келди.

— Бүгүн сизге илхам[1] пайда болду шекилди, сиз бүгүн бир нерсеге курсант болсоңуз керек, же капасыз? — деп мандаш уруп олтурду да,— сиздин колуңуздан бардык нерсе келер экен. Үй-жайыңыз болгондур, сездин бала-чакаларыңыз кайда? — деди Ташбай.

Айтике комузду жерге коё коюп, Ташбайга жооп бере баштады...

— Ушундай экен да,— деп анда-санда кубаттап коюп, Айтикенин сөзүн тыңшады.

Сөзүнүн аягында катуу үшкүрүп:

— Мына, азыр кайырчыдай болуп калдык. Жалгыз танап жеримди Атабек тартып алды.

Бул баланын энеси өлгөндөн кийин, өзүм сыяктуу жайсыз сандырактаган байкуштардан үч катын алдым, бирөө да жакпады. Ооба, бардыгы ушул баланын айынан болду. Баланы өз энеси урганда билинбесе керек, өгөй эненин чертип койгону, баланы балта менен чапкандай озондотот шекилди. Баланын жүрөгүн түшүргөн, мунун апасынан кийинкиси болду. Анын колунан аш да, иш да келчү, бирок тили жанда жок эле, адамдын сөөгүн жылан чаккандай сыздатчу. Баланы урганда: «Таалайсыз, сенин маңдайыңда жылдызың жок»,— деп кулагын чоюп, калак менен чекеге чапкылачу, такымдарын көк ала кылып чымчып: «Үнүңдү чыгарба»,— деп мокотуп, баланын жүрөгүн түшүрчү. Ошондон кийин балага кол көтөрсө, башын калкалап, бүрүшүп жата кала турган болду. Андан кийинки катындарым урбай эле какыс-кокус кылып колдорун таптачу. Жүрөгү түшүп калган бала, мурункуча эле:

— Атаке, кой дечи,— деп бакырып, бетин басып жата кала турган болду. Мен алардын урбаганын көрүп турсам да, жүрөгүм чыдачу эмес... Менин жалгыз эле тилегим бар, ушул ыйлабаса экен, ушул кор болбосо экен дейм. Баякынын уулу адам болду деген сөз калса болду. Караңызчы, уста боло турган,— деп баласынын жасаган топурак куурчактарын көрсөтүп,— өлбөсө оокат кылып кетет да, ким билсин, бала чегилбеген жумуртка менен бирдей, оймолоп-кыймалап Рават Дарбаза жасай турган уста болор,— деп куурчактарды бир-бирден көрсөтүп, баласынын оюнчугуна корстон боло калды.

## Апакемди жасап алам

Ферагананын талаасындагы мөмөлүү жыгачтар ырыскысына мас болуп, магдырап үргүлөгөндөй сезилет. Бөтөнчө өрүк сейил

[1] Илхам — кубаныч деген мааниде.

үчүн тизген чөлмөктөй болуп, жоон бутактарын тоо текенин мүйүзүндөй ийилтип жерге карай салмагын салып тургансыйт, болор-болбос жел жүрсө мөндүрдөй дыбырап, жердин бети өрүккө жайнап калат. Ашымахун өрүк бышкан кезде жумушсуз кишилерге ырайым кылгансып:

— Эмесе бизге барыңар, өрүктү канча жесеңиздер да куп дейбиз, башка тамак да болор, бизге соодага бир аз жардам кылыңыздар, албетте, мээнетке жараша пул да аларсыз,— деп базардан киши чакырып, шаасы жетпеген өрүктөрүн саттырар эле, бир жагынан эзилгендерин жыйнатып как кургаттырар эле, кыш болгондо бөлөк-бөлөк уюткан алтын сыяктуу туптунук өрүктүн, алманын кагын, жийдесин, анжырын кап-кап кылып шаардан шаарга кыдыртып, кайда кымбат болсо, ошол жерге жеткирип соода кылар эле.

Жемиш бөтөнчө сонун чыкса да, быйыл Ашымахундун тилегине каршы, мурункудай жумушчулар табыла койгон жок.

Кетмен-чотун көтөрүп, көчөдөн-көчөгө кыдырып:

— Арзан! Арзан! Арзан иштеймин, кимде жумуш бар? — деп кыйкырып жүрчү жигиттердин бирин да кармай албай калды. Алар кетмен-чоттун ордуна беш атар көтөрүп, бүркүттүн томогосундай жылдыздуу шлём кийип, мекен коргоп, Бухара фронтуна кетишкен эле.

Эптеп тапкан үч кемпир, эки чал жана Айтике менен Ташбай Ашымахундун кыжырын кайнатпаса, көңүлүн көтөргөн жок. Алар канчалык аракет кылып иштесе да, Ашымахун аларды кекете бере турган болду. Карылар көлөкөгө олтура калган кезде, Ашымахун боргулданып көк чай ичип олтурган эле, тигилердин олтурганын көрө коюп, чок баскандай ыргып туруп, бакырып жиберди.

— Э, даңгасалар, биздин нанды жакшылап жейсиздер, иштеген убакта жуда тез чарчайсыздар, бу кандай кеп! — деп колун аркасына алып чалкалап туруп,— тур, туруңуз, иштеңиз,— деп демитип келип тура калды.

Баласы менен басып бара жаткан Айтике себетин коё коюп, кожоюнду карай бергенде:

— Атаке, сен мына муну алып берчи? — деген баласына бурулду да:

— Макул, айланайын, кана, кайсыны, тетиги чоң өрүктүбү? — деп баланын колундагы узун жыгачты ала коюп, көрсөткөн өрүктү көздөй колун созду. Ал бутунун башы менен тура калса да, көрсөткөн өрүккө колу жеткен жок, салбырап ыргалып, майышып турган шакты сол колу менен төмөн тартып, оң колу менен таякты сунганда, беш-алты өрүк катары менен кулады. Жинденип турган бай чалдарды таштай салып, кыйкырчу короздой мойнун созо калды.

— Э, даңгаса! Жерге түшкөнүн жесеңиз кардыңыз жарылабы?! — деди.

Айтикенин эң жаман көргөн сөзү «даңгаса» боло турган, бүт-

бүт бою дүркүрөй түштү да, мукактана калып, сабырдуулук менен:

— Э, кожоюн, кана болбоңуз, балаңыз,— деди ал баласын кожоюнга таандык кылып, урматтагандай болуп,— балаңыз каалап калган экен,— деди.

— Балаңыз дейсиз а, балаңыз... Куда балаңызды таалайсыз жараткан болсо, ошого канагат кылыш керек да, албетте, сиз таалайсыз адам, балаңыз да таалайсыздыр...

— Кафир болбоңуз,— деди Айтике, ал өмүрүндө мындай орой сөздү көп уккан болсо да: «Балаңыз да таалайсыздыр»,— деген сөзгө чыдай алган жок,— кожоюн, сиз кафир болбосоңуз, сиз куда эмессиз, таалай сиздин колуңузда эмес. Менин таалайым ушул, балам менин өмүрүм, баламдын таалайы, балким, алдыдадыр, балким, таалай сизден кача баштагандыр,— деди.

Ашымахундун көзү чанагынан чыга калды, чын эле анын таалайы качып бараткандай сезилди, шаасы жетпей чачылып чирип жаткан өрүктөр: «Сенин таалайың элем, мен жок болдум»,— деп сүйлөп жаткандай туюлду. 1916—1917-жылдардагы иш таппай көчө кыдырган жигиттердин болбогондугу чын эле таалайдын кете баштаганындай болду. Белгисиз көрүнбөгөн коркунучту көрө койду, бүткөн бою калчылдап, көзү тунара түштү да:

— Кет, акмак, кетиңиз! — деп Айтикени шилиден алып, сыртка карай сүйрөдү. Айтике акарат кылган жок, мойнун жикийтип бир аз барганда, такандай калды да:

— Эсептешиңиз, кетем,— деди.

— Эсеп! Эсепти мен шура[1] өкмөтүнө берем, ал сенин өкмөтүң, бар, бара бериң,— деп уят сөздөрдү катар-катары менен айтты.

Жапар күнөөкөр өңдөнүп, мурдун шуу-шуу тартып тура калды да:

— Атамды жибер, ме өрүгүң,— деп колундагы өрүктү таштап, ыйлап жиберди да, кир колу менен Ашымахунга тырмыша кетти.

— А, иттин уулу, кийимди булгаба! — деп түртүп жибергенде, бала чыңырып барып, көмөлөнүп кетти. Айтике баланын чыңырганына чыдаган жок:

— Сакалың өрттөнгөн эшек! — деп жулкунуп кетти да дардайган Ашымахунду дубалга жапшыра түрттү.

— Ай, дат! Ташбай, кайдасың, карма, өлтүр, өлтүрөм,— деп бакырып тура калды. Семиз колу менен тез-тез муштап, Айтикени жулмалай баштады. Бала эки колун оозуна такап туруп:

— Куткарбас! Куткарбас! — деп бакырды. Буурул тумшук кара тайган тура калып, көз ачып-жумганча жетип келди, муштап жаткан Ашымахунду балтырдан алып силкип-силкип алды.

— Ал, Куткарбас, ал! — деп Жапар тегерене чуркады. Эстүү тайган күрөшкөн кишидей Ашымахунга бойлошо түшүп, омуроодон алып көтөрүп уруп, талап жиберди.

— Ал, ал, Куткарбас! — деп баланын бакырып ыйлаган үнү тайгандын күчүнө күч кошкондой болду. Айтике эчтемени ойлой

---

[1] Шура — кеңеш.

алган жок. Мурдунан аккан кан көкүрөгүн жууп кетсе да токтободу.

Өрүк жыйнагандар «чала» дегенсип, жай басып арачага жеткиче, Ашымахундун эттүү башын тулуп кылып жиберди. Бул Айтикенин өмүрүндөгү биринчи мушташ эле.

Айтике чыга бергенде, тайган да чыга берди, бала атасын кучактап:

— Жүр, атаке, өлтүрөт, кетебиз,— деп атасын жетелеп, бышактай берди. Ашымахун эсин жыя албай жатып, кызыл ала болгон омуроосун басып, көмкөрөсүнөн түштү. Корккон кемпирлер паранжыларын ачпастан:

— Ой, кандай кылай, ой, кандай кылай,— деп чалдарды жаңсап,— көтөрүңүз, тургузуңуз,— деп тегерене беришти. Калгандары Ашымахунду тегеректеп бир аз турушту да, ордунан тургузуп, бактын көлөкөсүнө жеткирип, бирдемелерди сурагандай болушту. Ашымахун онтойт. Анда-санда: «Ой дат, ой дат»,— дегенден башка эчтеке айткан жок.

— Суу алып келиң,— деп чалдын бирөө Ташбайды жумшады. Ташбай Айтикеге бир карап койду да, элпек чуркап калың өрүктү аралап кетти. Айтике мурдундагы канды сүртүп, чалдарды бир аз тиктеп туруп, баласын ээрчитип, балаганын көздөй жөнөдү. Эч ким унчуккан жок. Алардын унчукпай калышы Айтикени таң калтырды: «Булар мени урат го»,— деп кооптонуп, эмне кыларын билбей: «Мейли, туулдум — өлдүм, бирөөнү ала жатам»,— деп ойлогон эле. Чал, кемпирден узаган сайын тез-тез басып, алардын көзүнө көрүнбөй калууга тырышты. Баласы менен балаганга жете бергенде, сол колуна чайдоос алып, таяк кармап чуркап келе жаткан Ташбайды көрдү да, жүрөгү шуу дей түшүп тура калды.

— Атаке, Ташбай сени урат,— деди баласы.

— Урбайт, урса мен да урам,— деп оозу айтса да, ичинен кооптонуп койду: — Сен ыйлаба, сен жигит болдуң, ал урса мага болуш, шыйрактан ал,— деди. Бала унчукпай башын ийкеди. Айтике өзүнчө даярданып ыңгайсызданып какырынып барып олтура калды, Ташбай жакындай берип, эки жагын жалт-жалт карады да:

— Суу ичесиңби? — деди. Чоң өрүктүн түбүнө олтура калып,— ичиңиз куда дурус кылдыңыз, эми сизге кетиш керек, сизди өлтүрүп коёт. Сиз урушпасаңыз да, акыңызды бербес эле. Аны эсеби боюнча сиз андан эч нерсе албайсыз, балким, бересиз,— деди. Айтике унчуккан жок, чайдоостун чоргосунан каадаланып суу жутуп жатып, анын оозун тиктеди, кумганды коё коюп:

— Ыракмат, ардагым, ыракмат, биздин жерди Төлөйкөн деп аташат, мен сизге айткан элем. Беш жыл бир жүрдүк, кожоюндан беш пулдук пайда тапканыбыз жок. Иштин акыры ушул болду,— деди.

— Мен шуранын батрактарына жазылган элем, балким, мен да кетермин... Кош болуңуз, балким, көрүшөбүз,— деп кумганын кармап жөнөй берди.

— Кош, Ташбай, аман бол,— деди Айтике көзү менен уза-

тып,— замана чын эле биздики болуп жүрбөсүн? Мен эмне болсо да, айылга кеттим,— деди.

— Атаке, кайда барабыз? — деди Жапар.

Айтике өкүнүчтүү жалооруп карады да, салкын гана:

— Элге кетебиз, уулум, жүр... — деди. Коркуп турган бала атасынан мурда жетип, ылайдан жасаган эсепсиз оюнчуктарын жыйнап, куржунга сала баштады.

— Балам, мунун баарын ташта, топуракты эмне кыласың, барган жерден дагы жасап аласың,— деди. Бала кыйыктанып туруп:

— Эмесе мына муну алалы,— деди. Эшектин сүрөтүн кармалап: — Мен муну айылдагы балдарга көрсөтөм,— мен аларга үйрөтөм...

Айтике баласын кучактап, өөп-өөп алды.

— Алалы, көрсөт,— деп эски көйнөккө ороп, куржундун түбүнө салды.

— Мына, эми айлыбызга барабыз, кана басчы! — деди Айтике. Топурактан жасаган тактекесин колтуктап:

— Айыл кайда? — деди Жапар.

Айтике сербейген сакалын жогору көтөрүп, куржунду ыкшап койду да:

— Биздин айылбы? Биздин айыл тээтиги тоонун арасында, сен ошол жерде төрөлгөнсүң.

Айтике куржунду мойнуна салып ылдамдай басты. Кара тайган куйругун булгалактатып, балагандын жанындагы кемегенин айланасын шимшиледи. Ал балаганда кайтарарлык эчтеме жоктугун сезе коюп, кыңшылап алды да, ээсинин аркасынан жөнөдү. Жапар атасына жете барып, мойнун созуп, анын бетин карап:

— Апам ошондо өлгөн ээ, атаке! — деп улутунуп койду.

— Ооба, айланайын, апаң ошол жерде жатат. Эми ошого барабыз жүр.

Бала баткактан жасаган тактекесин көтөрүп, бактылуу жылмайып койду да:

— Атаке деййм, атаке, муну карачы, мен ушундай кылып апамды да жасап алам, анан апамды үйгө коюп коём,— деди.

**Мен жок болсом,**
**атам ыйлайт.**

Көп жашаган жалгыз түп мырза терек тоодон соккон назик желге термелип көшүп баратчансыйт. Теректин өмүрүн эч ким билбейт. Ал теректин замандаштары, балким, жоктур, ал жүзгө чыккан чал сыяктуу жапа-жалгыз. Бул терек өткөн кишилердин көңүлүн качан да болсо өзүнө карай тартып турар эле. Кай бирөөлөр анын жападан жалгыз теңдеши жоктугуна таңыркаса, кай бирөөлөр: «Муну ким тикти экен»,— деп ойлор эле, бул теректи ыйыктап малаам[1] байлап, төрөбөгөн аялдар мал союп, бала сурай труган.

[1] Малаам — чүпүрөк

Өткөн кишилер бул терекке бүгүн мурункудан да башкача көңүл бурушту. Анткени теректин түбүндө чөптөн жасалган кичинекей кепенин босогосунда өзү менен алек болгон самтыраган сары бала, анын айланасы толгон топурак куурчактар: эшек, күчүк, төө, тактеке, төөк, мышык жана бир канча адамдын сөлөкөтү. Бала куурчактардын ортосунда, өзүнөн өзү сүйлөшүп, төшөстөп жайган боз кумдун үстүндө бирдемелерди чиймелеп отурат. Жогортон келе жаткан эки киши теректин тушуна келип тура калышты.

— Ой, бала,— деди экөөнүн бирөө, бала анын үнүн уккан жок, боортоктоп жата калып, кумду алаканы менен сылап, тооктун сүрөтүн тартып жатты. Атчандар бура тартып кепенин жанына келгенде, баланын ар жагында жаткан кара тайган үрүп тура калды. Бала көңүлсүз кылчайып итти карап:

— Эмне, коркуп жатасыңбы? Кел, кел! Муну карачы,— деп жылуун койду да, кумун чиймелей баштады.

Карап турган кишинин бирөө камчысын бүктөп туруп, баланын алдына таштап жиберди. Бала жыландай буралган камчынын түшкөнүн көрө коюп:

— Атаке! — деп ордунан ыргып турду.

— Ай, коркпо,— деди сакалын кырдырган кара жигит,— сен кимдин баласысың? Кайдан келдиңер? — Бала чоң киши менен эмес, балдар менен аз сүйлөшкөн. Ал узун кирпигин үкүчө ирмеп уялактанып, унчукпай төмөн карады. Жигит бир топ суроо берсе да, жооп ала албады, жер тиктеп сөөмөйүн оозуна салып, көзүнүн кырын салып чоочуркай берди.

— Сен жакшы баласың го, оюнчуктар сеникиби? Мына бул төө экен го, мына, сонун оюнчук турбайбы,— деди кара жигит, ал аттан түшө калып, куурчактарды кармалап,— мына бул эмне, мышыкпы? — деди.

Бала сөөмөйүн оозунан ала калып:

— Ооба, мына бул эшегим, бул тактекем, бул апам, — деди.

Кара жигит баланын жоругуна жараша мамиле кылганына канааттангансып, атчан турган бүкүр кара жолдошуна карап жылмайып коюп, балага бурулду.

— Сен кимдин баласы элең? Сенин атың Казакбай беле?— деди. Бала эмнегедир таалайлуу жылмайып, сөзүнүн баш жагын созуп:

— Жо-ок,— деп эркинирээк сүйлөдү,— менин атым Жапар эмес беле! Сен кимсиң, байке?

Атчан турган киши ээрдин кашына өбөктөп, унчукпай гана жылмая берди.

— Менби? Мени таанибайсыңбы? Мен Сатар Төрөбаев деген сенин агаң болом, сен мени көргөн эмессиң. Анда сен мына мындай эле болчусуң,— деп бала сүрөттү, топурактан жасаган куурчакты көрсөтүп, — мына бул бала го, ээ? — деди.

Жапар жигитке таңыркай карап: «Ии», — деп Сатардын сөзүнө кыска гана жооп берди.

— Же мен сени таанибай жатамбы, атаңдын аты ким эле, унутуммун?

— Таанайсың эле,— деди бала ишеничтүү карап,— сен ойноп жатасың. Атам Айтике эмеспи,— деди.

— Кайсы Айтике,— деди атчан турган бүкүр киши,— Айтике Сарык эмеспи? Бала атасынын «Сарык» деген ылакап кошумчасын жактырчу эмес.

— Жок, Айтике эле,— деди.

— Атаң комуз чертеби? Тактеке ойнотобу?

— Ооба,— деди бала,— тактекени комуз менен ойнотот, тетигине, тетиги атамдын комузу,— деп кепенин ичин көрсөттү.

— Кана, алып келчи,— деп бат-бат айтып, эңкее калганда, атчандын чоң көк сакалы шамал тийген бедедей сеңселе түштү. Бала чиймелеген кумдан акырын аттап кепеге кирип барып, комузду алып чуркап чыкты.

— Мына.

— Кайран замандашым тирүү экен, дүйнөдө бар экен, бар экен,— деп аттан ооп түшүп, комуздун алаканындагы күмүш кыялды эркелеткенсип, сылап-сылап алды да:— Атаң кайда, айланайын,— деп баланы бооруна кысып өпкүлөп жиберди.

— Бул менин досумдун баласы, 1915-жылы Атабек тентитип жиберген, мен анда зергер болчумун, анда мени Темирбек дебестен, Кедей зергер дешчү. Мына бул күмүш кыялды мен өзүм жасагам... Ушул баласын төрөгөндө бул комуз менен өзүм жентектеп баргам... Бар бол, айланайын, бар бол, атаң кайда?

— Атам эртең келем деген, таякемдикине барам деген, анан таякемдикине көчүп кетебиз деген.

Сатар Төрөбаев бала менен чалдын сөзүн тыңшап, баланын куурчагына шүйшүнүп, биринен сала бирин кармалап олтура берди.

Жарды зергер балага толгон суроолор берип эзе баштады. Жапар Маргалаң, Кокондо жүргөндөрүн, атасы менен Ашымахундун урушканын, кара тайган атасына кантип болушканын, куурчактарынын бардыгы балаганда калгандыгын, улам эстеп, улам токтоп: «Анан, анан кийин»,— деген кошумчаны улам-улам айтып, бир топко чейин сүйлөдү.

— Сиз эрий баштадыңыз, бул тууганым менен өзүм да сүйлөшөт элем. Сиз Айтике менен көпөлөк кубалашып, жардан жар кыдырып, балапан издешип өскөн окшойсуз.

— Ооба, айланайын, ээ, Сатарым, бизди сен билбейсиң, биз бир буудайды бөлүп жешкен дос элек. Мен андан көп улуумун. Байкуштун көрбөгөнү жок. Унутпа, аны кийин жолдон айтам. Ал «тууганың» менен өзүң сүйлөш,— деп Кедей зергер кетенчиктеп олтуруп, комузду кыңгыратып жанына койду да, шадыларын санап:

— О, бир топ жыл болгон экен. Бул байкуш эмдиге оңолбоптур,— деп Сатардын колундагы тактекени карап:

— Ботом, бул чын эле тактеке го, бери кылчы,— деп олурайып карап алды да, Жапардын жасаган оюнчуктарын көрө баштады.

Сатар Төрөбаев:

— Кел, кичинекей бөбөгүм, кел, кичинекей сүрөтчүм,— деп баланы эркелетип, бир топ суроолор берип, сүйлөшө баштады. Бала

Сатардын сөзүнүн көбүнө түшүнгөн жок. «Интернатка барсаң пионер болосуң, кызыл галстук тагынып, шыгыр айтасың, балдарга печенье берет, шоколад берет», — деген сөздөрү балага чоочун угулду. Ошондуктан бала таптакыр унчуккан жок.

Сатар баланын түшүнүгүн биле койду да: «Байкуштун атасы эмдиге эзилүүдөн чыга элек экен го», — деп баланын жасаган оюнчугу менен маданий түшүнүгү бир-бирине шай келбегендигине таңыркаган жок. «Кан тырмак бирөөнүн колунда калган батрактардын бирөө да, мындайлар али да болсо көп»,— деп мурунку ойлогонун дагы бир ирет ойлоп, ошого токоорутуп койду.

— Жапар, — деди Төрөбаев,— сен кедейдин баласы экенсиң, мен сени окууга аламын. Сага жакшы кийим, тамак беребиз! Жакшы үйгө жатасың. Бардыгы сага бекер болот. Окуйсуңбу? Сендей балдар бизде абдан көп, мен ошол балдарды бага турган чоң кишимин,— деди.

Жапар Төрөбаевдин сөзүнө эми гана түшүндү. Жалооруган кичинекей коңур көзү чекирейип, чоңураак ачылды, чормойгон эриндери көзүнүн тескерисинче кичирейип калды.

— Айтчы, айланайын, окуйсуңбу? — Төрөбаев баланын башын сылап,— карачы, сенин топуң абдан эски турбайбы, мен сага топу берем, карандаш, китеп, кагаз — бардыгын берем, барасыңарбы?

Бала бир далайга чейин унчуккан жок, атасынан айрылса жоголуп кетчүүдөй, ачка болуп талаада калчудай сезди. Ошондой болсо да, Сатардын айтканына аябай кызыкты: «Бар, бар,— деп ичинен бирөөлөр шыбырап жаткансыды:

— Атамчы, атамы да аласыңбы? — деди Жапар.

— Атаң чоң эмеспи, атаң дайым сага барып турат, сен дагы келип турасың, алыс эмес да.

— Атама айтам, анан атам келгенде барам, атам барса сени табабы?

— Атаң деле табат, же мен араба менен киши жиберем, сен арабага түшүп келесиң,— деди Сатар. «Арабага түшүп келесиң»,— деген сөз Жапарды ого бетер кубантты.

Кыймылсыз турган арабаларга чыгып түшкөнү анда-санда гана болбосо, Жапар кыймылдаган арабанын үстүнө чыгып көргөн эмес. Ал жасаган куурчактарын аягансып:

— Мен анда мына буларымды да ала барам ээ, байке? — деди.

— Ооба, ала барасың, анда мындан да сонун жасайсың, — деп жылмайып тура калды. Бала эркелегенсип Сатарга жакындай калып.

— Атам издебесе, мен кете берет элем, мен жок болсом, атам ыйлайт,— деп улутунуп койду.

### Мен сизден калбайм

— Ооба, айтам,— деди кедей зергер,— айтканда да ташка тамга баскандай айтам. Баланын атасын Айтике Сарык дешет. Ай, чир-

кин дүйнө, жаш кезинде жигиттин гүлү эле. Чоң комузчу болбогон менен: «Комуздуу жерде аякчы, кыздуу жерде кыякчы», — дегендей эле бар эле. Колунан көөрү төгүлгөн чебер уста эле. Бөтөнчө аялычы! Оймо-чийме ошону менен өтсүн, адамдын көзү тайгылган сайма саяр эле, таңдайлаштырып чий чырмар эле. Кыялдап жабык баш, тегирич жасар эле. Пай, пай, пай, анын кишилигине не бересиң!

Сатар кедей зергердин сөзүн бөлүп жиберди.

— Ал киши азыр жок го,— деди.

— Жок, жок, ал болсо булар мусапыр болбой калсын, ал өлүп калган. Анын өлгөнү менин көзүмө күнү бүгүнкүдөй жапжаңы, ал байкуш кургак учуктан өлдү. Мен барганда Айтике башын жөлөп олтурган экен.

— Кедей зергер, кел,— деди Уулбала, анын үнү кыңылдап араң гана угулду. — Мындай өт. Ал мен барганда кубанып кетчү эле: «Кел, Кедей зергер, кел көптөн бери келбей кеттиң»,— деп арнап сактаган тамагын даярдап, көңүлдүү олтурар элек. Ошондой аяшымдын оору кебетесин көргөндө көзүмө жаш толо калды, тилим байлангандай болду.

— Кош, анан бирдеме дей алдыбы? — деп Сатар карыяга карады. Кедей зергер ээринин кашын тиктеп, көңүлсүз сүйлөдү.

— Ооба, тилден калган жок. Мен бир аз отургандан кийин:

— Кедей зергер, бери болчу, мени карачы, тамырымды кармачы, мен өлөм го,— деп арык билегин араң гана сунду. Билегинин муздактыгы мышыктын таманы сыяктуу сезилди. Тамыры үзүлө жаздап, анда-санда гана бүлк-бүлк этти. Жанакы кичинекей сары баласы ошондо үчтө болсо керек эле, ал үйүндө жок экен.

— Кандай экен, кандай, үмүт барбы? Ай, жок го, өлүм ушинтип келет экен го. Мен эми силерден бөлүнөм,— деп ыйлаган эмедей аянычтуу кыңылдады. — Мен силерден алыстап баратам, баланын атасы, Жапарым кайда? Мага көрсөтчү, Жапар, айланайын, менин жалгызым, жалгыз жылдызым, сенин айлаң эмне болот!— деп жанына келген баласынын маңдайынан сылады.

— О, байкуш, баланын атасы! Мен десең, ушул баланы ыйлатпа, мен эми силерди көрбөйм... Баланын атасы, мага эшикти көрсөтчү, күн барбы? — деп эки колун сербеңдетип эшикке карай далбастады.

— Жок, түн кирди, караңгы,— деди Айтике,— эртең менен алып чыгам, Жапарды карачы, Жапарыңды таштап кетесиңби? Карачы Жапарыңды? — Айтикенин сейрек сары сакалынан мөлтүлдөгөн жаш кулады. Мен баланы кучактап:

— Уулбала, сен кыйналбачы, жатчы, тамырың жакшы, — деп баласын маңдайына жакындаттым.

— Ооба, жакшымын,— деди салт боюнча,— жакшымын. Эми силер жакшы болгула. Сарык курдашыңа көз сала жүр, анын шаары бузулуп баратат. Жапардын атасы! Мени акырын жаткырчы,— деди. Айтике башын алаканы менен сүйөп жаздыкка койду да: «Берчи»,— деп баланы менин колуман ала коюп бооруна кысып, аялына карап:

— Бизди кантесиң, биз ушинтип калмак белек? Улгайганда мени кууратып кетесиңби? Биздин айлабыз эмне болот? — деди башын жерге салып.

— Жапардын атасы, мен эшикти көрөйүнчү, эшикке чыгарчы,— деп жарык дүйнө менен коштошкусу келди. Айтике баланы мага бере коюп, ооруну көтөрүп, эшиктин алдына жетти да:

— Эшик караңгы, эчтеме көрүнбөйт,— деди.

— Ошондойбу, ай, арман ай, мейли...

«Мейли» дегенди Айтике тескери түшүндү да, кайта алып келип, ордуна жаткыра койду. Уулбала көзүн чоң ачып эки жакты имерип-имерип карады да: «Мага ыраазы бол, Жапарды...»,— деп балага колун сунду. Колун оозуна салып коркуп олтурган Жапарды менин колуман Айтике ала койгондо, Уулбаланын көзү жумула түшүп, колу шалк этип жерге түштү. Анын колу баласына жетпей калды. Кедей зергердин үнү каргылдана түшүп:

— Ушинтип Айтикенин шаары бузулду,— деди. Маектешип бара жаткандар бир аз жерге чейин унчукпай калышты. Кедей зергер сүйлөөнү каалаган да жок. Ал капкайдагы унутулган күндөрдү көңүлү менен көрүп, белгиси жок кыялдын дарыясына түшүп бараткандай болду. Сатар куду бирөө чакырган эмедей, аркасына жалт карап койду да:

— Андан кийинки тагдырын билбейсизби? — деди.

Карыя, салкын суу сепкендей, селт дей түшүп Сатарды баамдай карап акырын гана:

— Андан кийинки тагдыры кайгы,— деп көзүн сүртүп жогор жакын карап,— тээтиги булуңди карачы, биздин айыл ошол жерде эле, биздин айыл дегеним, менин тууганымдын айылы, байбиче өлгөндө инимдикине кирип калгам, өзүң билесиң, менде бала болгон эмес. Бир күнү таң заардан Ошко барайын деп төмөн карай бассам, алдымдан бала көтөргөн бирөө баратты. Жете келсем, Айтике болуп чыкты. Мени көрө коюп, балача бакырып жиберди, мен анын ыйлаганын ойлосом азыр да жүрөгүм сыздайт. Мен сурай электе эле сакалынан жаш агызып сүйлөп жиберди:

— Жан курдашым, куурап калдым, Атабек үйүмдү өрттөп жиберип, жалгыз уюмду тартып алды. Ага эч ким дааган жок. Эл жанымды араң зорго ажыратты,— деди.

— Эмне кылдың эле?

— Мен эмне кылмак элем, жанакы жубан алган аялы, мага жеңе сөрөй эмеспи, өзүң билесиң, анын колунан иш да, аш да келет, өзү ашкан сулуу, канткен менен жесир меники да, мен ошону алайын деген элем. Ал менин жардылыгыма кайдан карасын.

«Жоробайдан бала калган жок, агасынын арбагын сыйлап көңүлүмдү калтырбаса болгону, мейли, Сарык кайним мени кор кылбас»,— деп убада берген экен. Мен кайдан билейин. Атабек миң башы кызыкса керек, ага тигил ыраазылык бербей: «Сарык кайнимден башкага барбайм, үйдүн, чарбанын ээси ошол»,— деген миш, калганын өзүң билесиң, Атабектин колунан эмне келбейт. Кечээ кечинде жигиттери менен келип үйүмдү өрттөп, өзүмдү өлтүрмөкчү болгондо араң ажыратышты. «Бүгүн болбосо эртең өл-

түрөм, же болбосо эртеңден калбай өзү өлсүн, же таптакыр тентип кетсин»,— деп буйрук кылды. Мага жардам кылган кишинин башы эртең Акбууранын шары менен кетет деп элдин бардыгына жарыялады»,— деп мага сүйлөнүп өксөп-өксөп жиберди. Менин колумдан эмне келсин. Ошко чейин бирге келдик. Күрүч алайын деген эки сомумдун бардыгын берип, эски шаарга чейин узатып таштадым,— деп карыя Сатарды карап,— ал заманды кудай түшүндө да көрсөтпөсүн. Ал ошол бойдон тентип кеткен. Ошол бойдон баласын эми көрбөдүкпү, кагылайын бул байкуштун шору тоодон чоң болсо керек. Ал кеткенден кийин тез эле кең дүйнөгө кеңеш өкмөтү келди. Бул байкуш эзилгенден кутула элек болсо керек,— деди карыя.

— Кеңеш өкмөтү азыр эң эле жаш эмеспи, карыя, эзилгендер дагы эле бар, байлар малайларын жыйналышка жиберишпейт. Укугуна ээ боло элек батрактар аз дейсизби? Сиздин досуңуз ушулардын бирөөдүр. Аларды таап куткаруу сиздин жумуш,— деди Сатар. Жарды зергер ачык күлүп, Сатарга ыраазы болгондой карап алды да:

— Ооба, ал биздин жумуш, мен батрактар комитетинин мүчөсү болгондон бери далайларды таптым, далайды байлардан куткардым,— деп өзүн өкмөттүн чоң кишисиндей сезди. Чынында да ошондой. Батрактар комитетинин мүчөлөрү жергиликтүү өкмөттүн алтын устуну сыяктуу болучу. — Мен Айтикеге эртең эле кайта келем, баятан бери ошону ойлоп келе жатам. Ачуум келсе Атабекке продналогду дагы салабыз, ал жоголбой кедей оңолбойт,— деп Кедей зергер чоң сөздөргө кирди. Сатар карыянын өткүр сөздөрүнө өтө ыраазы болду, ал Кедей зергерден мындай сезимдүү сөздөрдү күткөн эмес эле.

— Жакшы,— деди Сатар,— абдан жакшы, Айтике али болсо Атабектен коркуп жүрсө керек, сиз аны батракка киргизиңиз, Атабектен акысын алып бериңиз, баласы жапан сыяктуу кишиден чочуп турат, байкадыңызбы? Аны интернатка алалык, жасаган куурчактарын көрдүңүзбү, өлбөсө уста болот,— деп карыяны карады.

— Ооба, айланайын, ооба, мен эртең менен эле ошондо болом. Сенчи? — деди карыя.

Сатар башын ийкеп, сүйүнгөн эмедей атын моюнга бир жаңсап алды да:

— Мен сизден калбайм,— деди.

### Бул талант

Мойнунда кызыл жибек галстугу бар сулуу кара бала интернаттын жатаканасынан чыгып, эки жагын карап, бирөөнү күткөндөй, жай басып кылчактай берди. Эски дубалдын ар жагында жашынып турган аксай баскан жалпак кара бала чыйт эттирип ышкырып коюп, олтура калды. Галстукчан бала улактай секирип жакындай берди да:

— Ууруну эми кармайбыз, ойнойлу десем болбой койду, менин

көйнөгүмдү ошол эле алды,— деп койду да, дубалдан башын чыгарып жатаканаһы акмалады.

— Көрүнбөйбү? — деди аксак бала.

— Жок, ал ушул кезде уурдап жаткандыр. Сатар агайга барып айталыбы? — деди сулуу бала.

— Билбейм, жалган болуп жүрбөсүн.

— Анын атасы да ууру, көрөсүң го.

Колуна көнөчөк кармаган арык сары киши балдарды көрүп токтой калды.

— Ай киши, айран сатасыңбы? — деп сулуу кара бала тура калды, ал киши жалт карай бергенде, чочугандай жолдошун нукуп койду. Ал бала эчтекени байкаган жок.

— Жок, балам,— деди сары чал.— айран ичесиңерби? Кел, кичинекейден жуткула, силер интернаттын балдарысыңарбы? Айтикеев деген бала аман-эсен барбы?

Балдар бири-бирин карап коюшту да, колдору менен дубалды чукуп унчукпай калышты.

— Ой, айланайындар, силер эмнеге унчукпайсыңар? Же аны тааныбайсыңарбы? Чоң курсак, унчукпаган сары бала, мында келгенине бир жыл болуп калды, же силер жаңы балдарсыңарбы? Кел, айланайын кулундар, бери келип айран жуткулачы.

Айтикенин жүрөгү тикилдеп кетти. «Балам өлүп калса керек, же катуу оору болсо керек, балдардын дубал чукуп калышы жакшы жөрөлгө эмес»,— деген кыял Айтикенин жүрөгүн оюп жиберди. Балдар: «Сен айт, сен айт»,— дегенсип, бир-бирине баштарын ийкешти, бирок эч кимиси унчуккан жок. Айтике аларды күтпөстөн, ылдамдай басып балдарга келип:

— Ме, айланайындар, кичине-кичине жуткулачы,— деп көнөчөктү бере койду. Сулуу кара бала мурдун чүйрүп:

— Мен ичпейм, сенин көнөчөгүң эски экен, мен сени таанып турам,— деп кайра түрттү. Экинчи бала жолдошун жаман көзү менен бир карап, көнөчөктү ала коюп, кылкылдатып беш-алты жутуп жиберди.

— Сен кимдин баласысың, айланайын, ич, көнөчөк эски болгон менен таза,— деди Айтике.

Аксак бала жолдошуна шыбырап:

— «Сен» дебе, Сатар агай «сиз» деп сүйлөгүлө дебеди беле?

Сулуу бала жолдошун түртүп унчукпай туруп, Айтикеге тик карады.

— Мен Атабектин баласымын, Сен Айтике Сарык эмессиңби?

— Мм, ошондойбу? — деп саал ойлоно калды да,— ооба, Айтике Сарыкмын, сен качан келгенсиң?

— Бир ай болду.

— Атаң сени жетим бала деп өткөрсө керек, миң башынын балдарын албайт дечү эмес беле?

— Билбейм, мен эле киргем,— деди сулуу бала,— менин атамын жерин алып коюшпадыбы. Азыр миң башы эмес да. — Интернатта кимдер болорун бала билчү эмес. Ата тарбиясы боюнча Айтикени «сиз» дебей «сен» деп айткан бала үчүн, кадыресе ал

Айтикеден жалтанууга эч кандай себеп жок болучу. Атамдын душманы жалгыз эле ушул киши деп билчү. «Бул кызыл шайтанды өлтүрбөй жан тынбайт»,— деп Атабектин айтканы баласынын эсинен чыга элек эле. Атабектин баласы Айтике менен сүйлөшкөндөкуду Атабек сыяктуу кемитип шылдыңдай сүйлөдү.

— Сенин балаң ууру, азыр аны кармайбыз. Мен азыр Сатар агайга барып айтам,— деп дубалдан аттай жөнөдү. Бала Айтикени бир карап алды да, ийрендеп жолдошунун аркасынан жүгүрдү.

— Ай, бала,— деди Айтике, анын муундары калчылдап, сакалдары сербейип, көзү тунара түштү,— айтчы, айланайын, эмне уурдады? Ал уурдабайт.

— Мен билбейм, аке, аны мен айткан жокмун,— бала жерди тиктеп илкий басып туруп калды.

Айтике олтурган жеринен козголгон жок, коркунучтуу кыялдарга бөлөнө берди. Көнөчөгүн тиктеп, далайга чейин эси оогондой олтурса да, «ууру» деген сөздү ойлогондо көзү умачтай ачылды. Бирок ордунан тура алган жок. Кулагына баланын чыңырганүнү угулгандай: «Ур, ур!» — деген балдардын үндөрү күчөп чыккандай, аларды бирөөлөр арачалагандай болду. Терезеге келип шыкаалаган кишилерди көргүсү да келген жок. Анын башында тилсиз, дабыш чыкпаган түркүн сөздөр сүйлөнө берди:

— Сатар деген жигит урдурбас, ал коммунист эмес беле, жок, кеңеш өкмөтү калыс. Ууруну, байды, басмачыны аябайт.

Сатар үйдөн чыкканда, аны менен бирге эки-үч киши кошо чыкты. Атабектин баласы алардын алдына түшүп, интернаттын жатаканасындагы Жапарды көздөй жөнөдү. Сатарлар жатакананын терезесине жакындаганда, беркилерди «токтогула» дегенсип, колун артка жаңсап, акмалай басып терезеден шыкаалады.

Атабектин баласы «токто» деген белгиге караган жок, экинчи терезеге өбөктөп жетип, колун терезеге такай коюп, бир тиктеп, мышыкча басып Сатарга жете бергенде, шыбыраган дабыш менен: «Тигине, матрасты, жыйнап жатат»,— деп оозун басып, кытылдап күлүп жиберди. Сатар терезеден көзүн албай туруп, шыбыраган балага колун жаңсап «акырын» деген белги берди. Бала эки алаканы менен оозун басып, күлкүсүнө чыдабай быкылдаган бойдон кайта чуркап беркилерге келди.

— Не, нерсе,— деди тарбиячы келин,— нерсе ишли анда?[1] — Анын аппак жүзү купкуу болуп, көзү чоңоюп кеткендей болду.

— Уурдап жатат, жүргүлө, уурдап жатат. Анын атасы да ууру болчу...

Сатар терезенин экинчисине барып бир топко тиктеди да, билер-билмексен кылып терезени черткиледи. Ар жактан белги болгон жок. Сатар кайта бурулду: «Келгиле» дегенсип колун жаңсады.

Интернаттын тарбиячы аялы Сатарга чуркап:

— Нерсе соң анда, абзий[2], нерсе бу?

— Нерсе экенин азыр көрөсүз, Наташа ханум, таң калаарлык иш.

---

[1] Нерсе ишли анда? — Ал жакта эмне болуп жатат?

[2] Абзий... — Агай, ал жакта эмне болуп жатат?

Наташа ханум колу менен бетин сыйпалап, тез-тез сүйлөдү:

— Жөлөр болгон, Жапар жөлөр болгон бит, ничик алай болорга ишенмийм... — деди.

Сатар ачык күлүп, келинди колдон алды да, татарчалап:

— Шулай энди, ажап нерселерди көрөсүз,— деп тамашалап, кайта кыргызча сүйлөдү. — Акырын-акырын басып бир-бирден карагылачы, ал өзүнчө башка дүйнөдө олтурат...

Катар турган кроваттын төшөнчүлөрү жерде жатат. Кроваттын алдына салган аппак тактайлардын бети карала-торала болуп көрүндү. Жапар жаңы ойгонгондой, анын кичинекей капкак көзү үчүнчү кроваттын тактайына кадаланып турат.

Тактайдын бетине тийген күндү шыкаалагандардын көлөкөсү басаса, дүйнөдө кандай чуу болуп жатканын Жапар сезбес эле. Шыкаалаган кишилердин көлөкөлөрү, алардын кыймылдарына карата, Жапардын тактайында болду. Жапар адегенде адамдарды байкаган жок. Терезеден түшкөн теректин көлөкөсү деп сезди. Кишилер бир-бирине баштарын кошуп шыбыраша баштагандай анын тактайын кара калың көлөкө каптап калды. Жапар ошондо гана башын көтөрүп, терезеге бурулду, адегенде терезенин тушундагыларды мал деп ойлоду. Ордунан туруп, талыган мойнун ары-бери козгогондо гана кишилердин жабалактаган көздөрүн көрө койду. Эл ага таңыркаса, Жапар элге таңыркады...

Наташа татарча сүйлөгөн орус кызы боло турган, баланын ууру эместигин көргөндө чыдай алган жок.

— Жапарчик, золотой мой, голубчик мой, что ты делаешь,— деп кучактап өпкүлөп жиберди. Анын бетинин оту албырып, ак сергил болуп тамылжый түштү.

— Шулай должен быть айтам бит, айтам.

Айтике кишилердин үстүнө кирүүдөн уялды. «Ушул чалдын ууру баласы мына бул»,— деп кимдир бирөө баласын түртчүдөй эмилди. Ошондуктан үйдү имериле басып, тигилер шыкаалаган терезеге келип көзүнүн кыйыгы менен карады.

Сатар Айтикени жазбай тааныды, ал шамдагай тура калып, терезени ачып жиберди да:

— Аксакал, быягынан келиңиз,— деп колун жайып жылмайып, бээ келиңиз,— деди.

Айтике калтаарып көңүлсүз кайрылды, анын эки кулагына эки киши шыбырагандай туюлду.

— Мына, сени шылдың кылып жатат.

— Жок, эчтеме эмес, баланыкын кечирип койду...— деген сыяктуу капкайдагы көрүнбөгөн жана түгөнбөгөн шыбырларды угуп жиберди.

Сатар:

— Келиңиз,— деп тура калып колун сунду.

Айтике аны байкаган да жок. Беш-алты кишинин ортосунда турган баласын көрө койду. Ал чийкил болгуча боргулданып, киргенин мышыкча жартылап жай ирмеп, жөлөп койгон каалгадай төрт тактайдын бетин тиктейт да, калтыраган уяң үнү менен бир-

дөмөлөрдү айткан болот. Бирок бирөөнү көрүп баамдоого анда чамы жок эле. Атасын да байкаган жок.

Айтике көнөчөгүн коё коюп, дубалга сүйөнүп, баланы карап олтура калды.

— Сиздин балаңыздан бөтөн касиеттер чыгып жатат, тыңшаңыз,— деп Сатардын шыбыраганы Айтикенин кулагынын кырынан кетти. Өңү бузулуп, сейрек сары муруту каадасынча бириндеп кетти. Бетинен куланган мончоктой терлери, узун бырышкан ичке мойнун көздөй шорголой берди.

Наташа кол жоолугун ала коюп, боргулданган баланын бетин сүртүп, быйпыйган кичинекей мурдунан чымчып эркелетип, отургандарга бурулду.

— Вот киргизский Репин, жетер энди,— деди.

Айтике түш көргөндөй болду, өз көзүнө өзү ишенбеди. Келиндин оозун тиктеп:

— Балам, ал эмне дегениң? — деди.

Олтуруп бараткан Жапар атасын үнүнөн таанып, жалт карап кайта тура калды да, эмне кыларын билбей, акырын жылмайып койду.

Сатар баланы колдон алып өзүнө карай тартып, далыга кагып эркелетти.

— Атаңа учураш,— деп баланын колун Айтикенин колуна тийгизе койду.

Айтике ар кимди бир карап:

— Мен эчтемени билбей калдым, бул эмнеңер? — деп баланы бооруна кысты.

Сатар Наташага карап, тактайдагы сүрөттөрдү көрсөтүп:

— Сиз такыр байкабагансыз. Мына бул сүрөттөр кагазга түшсө Фрунзеге көргөзмөгө жиберет элек. Балага эмне керек болсо бардыгын таап бериш керек. Кагаз, карандашты каалаганынча бериңиз,— деп бирөөнө карады да, тактайды көрсөтүп,— бул элдин ырыскысы, бул талант, — деп Айтикеге карап бирдеме айтмакчы болду.

### Түбөлүк достук

Июнь айынын он бештеринде Фрунзе шаары жашыл тукабага бөлөнгөндөй болот. Жогору жагында азууланган мөңгүлүү тоо, андан соккон сыдырым жел, бөксөдөгү эгиндерди жай толкундуу деңиздей кылып көрсөтөт. Муну көрбөгөн кишилер өзүнүн көзүнө өзү ишенбейт, анткени Чүйдүн бою жыйырма беш, отуз градус ысык, андан сегиз километр тоого карай жүргөндө Кисловодскинин абасындай мелүүн, дагы бир аз жогорулаганда күздүн элесин берет, бирок жердин бетинен саргарган жапырак көрүүгө болбойт. Андан арыраак мөңгүлүү Ала-Тоо, каалаган туристтер Кыргызстандын борборунда туруп, бир күндүн ичинде жылдын төрт мезгилин көрүүгө болот.

Аппак мөңгү мала тартып күндүн акыркы нуру менен коштош-

кон учурда же тоонун башын жаңыдан күн чалганда сүрөтчү Абрацов дайым сүрөт станогунун жанында жападан жалгыз болор эле. Күндөрдүн биринде эртең менен Абрацов эки киши болуп олтурду. Анын жанындагысы шамдагай, шыңга сары жигит. Ал дагы сүрөтчү. Ал анда-санда суроо берип коёт, станогунан төрт-беш кадам чегинип, таанча мойнун кыйшайтат да, ыкшырайтып көзүн кысып тарткан сүрөтүн баамдайт.

Абрацов төбөсүн басып кийген эски кара шляпасын сол чекесине кыйшайтып, уйпаланган кара лента галстугун түзөтүп, боёкторун жыйнады.

— Семен Афанасьевич,— деди жаш сүрөтчүгө,— кийинки кезде тез чарчай турган болдум. «Кары келсе ашка, жаш келсе ишке», — деген макал бар, иштей бер.

Семен Афанасьевич:

— Макул, макул, — деп күлдү да: — Сиз бир бала жөнүндө айтам деген элеңиз, — деди.

— Ал так эле сиз үчүн, ал сүрөтчү бала, — деди Абрацов, — анын тарткандарын техникумдан көрсөңүз болот, — деп кистилерин жууп, кутусуна салды да, жай сүйлөй баштады.

— Мен техникумда сүрөттөн сабак бергениме үч жыл болду. Таланттуу балдар эң эле көп, күндөрдүн биринде балдарга Веneranын[1] башын тартууга тапшырма бердим. Кезектеги сабакта тапшырманы текшерип олтуруп, күтпөгөн баладан сонун сүрөт чыкканын көрдүм. Ал Веneranын сүрөтүн эң эле сонун тарткан, жалаң гана тапшырма эмес, лавр жалбырагынан венок кийгизип, өзүнчө вариант жасаган, мындан башка эки кыргоол тартып келген: анын мурунку сүрөттөрү эч кандай балага туура келчү эмес. Тартууга — шыгы да, эби да жок болучу. Баланын аты Кудуң эле, Кудуңдун сүрөтү таптакыр окшошпогондугу менен белгилүү болчу, соңку сабакта жомоктогудай башкача,— жылмайып Семен Афанасьевичке жакындай түшүп, — мына сага, бул баланы кантип баалабай калдым деп өзүмдөн өзүм уялдым. Сабактын көпчүлүгү Кудуңдун сүрөтү жөнүндө болду, класстагы балдардын бардыгы шүйшүнүп караштьі, бир бала колун сунуп сөз сурап: «Бул сүрөттү Кудуң эче күндө тартты экен»,— деди. Кудуң мостоюп туруп: «Кечээ эле тарттык», — деди.

— Ии, мына, — деди экинчи бала, — өзү тарткан эмес, тарттык деп жатпайбы,— деди. Мен шектенгеним жок, орусча тилди начар билгендиктен «тарттым» дегенди айталбай, «тарттык» деп жатат го деп ойлодум. Кудуң унчуккан жок.

— Ким экөөң тарттыңар? — деп баягы бала Кудуңга экинчи суроо берди. Кудуң балага жаман көз менен карап:

— Эмне, сени текшерүүгө койду беле? Кыйын болсоң бирөө менен биригип тартып албайсыңбы? — деди. Балдар чуулдап күлүп жиберишти.

— Демек, сүрөт анык эмес да, — деди Семен Афанасьевич.

— Токтоңуз, кызыгы бар, — деди Абрацов.

---

[1] Венера — аялдын скульптурасы.

Кудуңдун атагы окуучулардын бардыгына таралды. Бир жумага чейин Кудуңдун кубандырганы эсимден кетпей койду.

Төмөнкү класска сүрөт болчу эмес, сүрөт сабагы жүрүп жатканда биздин класстын эшиги дайым кичинекей болуп ачылып кала турган болду. Бир күнү эшикти эки ирет жапсам, эки ирет шыгылдай болуп кайра ачылды. Бирөө зөөкүрлүк кылып жатканына кыжырландым да, шарт эшикти ача салдым. Шыкаалап турган кетирейген сары бала селт дей түштү. Ал төмөнкү класстын баласы эле.

— Эмне керек, кет! — дедим, бала жалооруп карап, унчукпастан басып кетти. Келерки сабакта эшик билинбей дагы ачылды, биле койдум да: «Кантер экен», — деп унчукпай жаап койдум, бир аздан кийин дагы ачылды. Чекесинин жартысы көрүнүп, баягы бала шыкаалап жаткандай сезилди. Мен эшикти ачып баратканда:

— Саламатсызбы! — деген калтыраган баланын каргылданган үнү угулду. Бала мага эң эле аянычтуу көрүндү. Үмүт кылгансып жал-жал карап, мукактана калды. Баланын кебетеси өтө бош, өтө аянычтуу.

— Сүрөттү жакшы көрөсүңбү? — дедим маңдайын сылап.

— Ооба.

— Тарта билесиңби?

— Билем.

— Фамилияң ким?

— Айтикеев.

— Атың ким?

— Жапар.

— Тартканың барбы?

— Бар.

Класстагы балдар биздин сөздү тыңшап турган болуу керек, бирөө чыга келди. Анын аркасынан келип, Кудуң да тура калды. Башка балдар да бириндеп туруп келип босогого чогула башташты.

— Кана, кайда, алып келчи? — дедим, бала чекесин тырмап балдардын ичинен бирөөнү издегендей болду.

— Кудуңда деле бар, ошону көрөсүзбү? — деп Кудуңду көрө коюп: — Кана, Кудуң баягы менин сүрөтүмдү көрсөтчү, — деди. Балдар чурулдап күлүп жиберишти.

— Кудуң, кана көрсөтчү.

— Мен айтпадым беле.

— Алып келчи.

Кудуң унчуккан жок, бир бала чуркап барып Кудуңдун сүрөттөрүн көрсөтүп:

— Ушулардын кайсынысы? — деди.

Жапар чоң кишиче шашпай гана:

— Мына бул кыргоол, мына бул аялдын башы... Тетигил дагы меники деп ит ээрчиткен кишинин сүрөтүн көрсөттү,— деп Абрацов жылмайды да,— ал бала өлбөсө чоң сүрөтчү болот, анын келечеги алдыда турат. Мен сизге аны тааныштырайын, азыркы тарткандары кесиптелгендей эле, — деди.

Семен Афанасьевич баланын машакаттуу окуясын укканда чыдай албады.

— Сиз мага аны бүгүн эле көрсөтүңүз, мен аны көрө электе эле көңүлүм түшүп калды, — деп сүрөттөрүн жыйнай баштады. Алар Дзержинск көчөсүнө кире бергенде, субботник кылып бак тигип жаткан техникумдун балдарына жолугушту. Алар ырдап, күлүп бирин-бири түртүп ойноп жаткан балдарга:

— Жапар Айтикеев кайда? — деди Абрацов.

— А,тетигине, сүрөт тартып жатат, чакырайынбы?

— Чакырыңыз,— деди Абрацов,— жүр, Семен Афанасьевич.

Алар Жапардын арка жагынан жакындап барып, баш ийкешип сүйлөшө түштү. Кармаган үч кистини улам алмаштырып, улам кетенчиктей түшүп, шыкаалап коюп, кадаланып тартып жатты. Семен Афанасьевич «кантер экен» дегенсип катуу жөтөлүп, кара күчкө чүчкүрүп кобурай баштады. Анын чүчкүргөнү, жөтөлгөнү канчалык көңүл бурарлык болсо да, Жапар караган да, байкаган да жок. Ар жагында иштеп жаткан балдар Семен Афанасьевич кара күчкө чүчкүргөнүн сезип күлүп жиберишти. Жапар ошолорду тартып жаткан эле ал алардын күлгөнүн байкаган жок, алардын өзгөрүлгөн кыймылдарын гана байкады.

— Ай, Узак, ай, — деди Жапар колун жаңсап, — сенин позаң өзгөрүлүп кетти, мурункудай кырыңды салып тур, сен, — деп экинчи баланы жаңсап, — көчөтүңдү көрсөтүп ыраазы болгондой күлүп тур, ошондой, ошондой. Аз эле калды. Бали-бали, так ошондой.

Карап турган эки сүрөтчү Жапардын көңүлүн бургусу келбеди. Көрүп турган балдарга билдирбе дегенсип, колдорун жаңсап акырын сүйлөшүп, баштарын ийкешти да, арыктын боюна олтуруп байкай беришти...

Жапар улам-улам кетенчиктеп сүрөтүн карады да:

— Узак, сен ишке жарадың, эми болду,— деди.

— Теперь хватит,— деп Семен Афанасьевич жанына барып тура калды. Жапар селт дей түштү, жыйнап жаткан станогун таштай коюп, чоочун жигитке таңыркай калды. Жаңыдан туруп жаткан Абрацовду көрө койгондо, эрксиз жылмайып:

— Саламатсызбы? — деди.

Абрацов окуучусун Семен Афанасьевич менен тааныштырды. Эки сүрөтчү келгенде, Жапар алка-шалка тердеп кетти.

Семен Афанасьевич Жапардын мойнунан кучактап, далыга каккылады:

— Биз эми үчөөбүз, бирок сен кыргыздан чыккан туңгуч сүрөтчүсүң. Бүгүнкү таанышуу түбөлүк үзүлбөс достуктун башы болсун, жүр сүйлөшөбүз.

### Бирок шашуу керек

Жапар Москваны көргөндө башка дүйнөгө келгендей болду. Башынан өткөн оор күндөрү эрксизден көз алдына элестеди.

Семен Афанасьевич: «Эмне көргүң келет?» — деп, Жапардан кеңеш сураган жок.

— Жүр, галерея көрсөтөм,— деп өзүнүн аялы менен кошо Жапарды ээрчитип, бир топ музейлерге алып барды, Жапардын башы маң болуп чарчай баштады. Түшкө жакындаганда Третьяковский галереяга кириште. Семен Афанасьевич сүрөттөрдүн тарыхын, авторунун өмүр баянын мончоктой тизип сайрай берди...

Жапар канчалык чарчаса да, таң атканча уктай алган жок, көргөн сүрөттөрү лентадай тизилип, көзүнө көрүнө берди. Кыялдан-кыялга өтүп баратып, көңүлүнө коркуу да түштү. Семен Афанасьевичтин сүйлөгөн сүрөттөгү агымдары Жапар үчүн күч жеткис караңгы болуп сезилди. Кайта кеткиси да келди. Кетпей башка окууга киргиси да келди. Семен Афанасьевичтин: «Турмушта жеңил эч нерсе жок»,— деген сөзүнө такала калып: «Ырас,— деди күбүрөп,— жеңил эч нерсе жок, аны күч менен жеңилтиш керек. Эмне болсо да эртең көрөм го»,— деп далайга чейин дайынсыз ой менен жатып, таң агарган кезде үргүлөп кетти.

Семен Афанасьевич менен Жапар сүрөт училищесине киргенде, күн түшкө жакындап калган эле.

Жапар заңгыраган залга киргенде, боёктун күлүмчү жыты бур дей түштү. Шейшептей ак кагаздарга, грунтталган[1] холсторго[2] сүрөт тартып жаткан жигит, кыздар биринен сала бири жалт-жалт карашып, өздөрүнчө күбүрөшө калышты. Көз айнекчен көк ала сакал сүрөтчү профессор аларга карап:

— Иштегиле,— деп койду да, станоктун үстүндө олтурган жылаңач аялга келип: — Сиздин позаңыз өзгөрүлүп калды. Сол колуңузду башыңызга жакыныраак кармаңыз, булчуңдарыңыз көрүнбөй жатат,— деди. Жапар мурда күнү эле жолуккан сүрөт профессорун тааный албай калды.

— Сүрөтчү байкагыч, сезгич болуу керек,— деп профессор күлүп туруп эскертти да,— эчтеме эмес, бир кезде менин сөзүмдү сиз дагы айтасыз, эмесе ишке киришели,— деп далдайган кагазды доскага жабыштырып койду. Көрүп турган Жапар уялгандан тердеп кетти. Мукактанып жер тиктеп туруп: «Кечириңиз, профессор»,— деген сөздү араң айтты.

Профессор саатын карап:

— Бүгүн сизге кеч болуп калды, ал эчтеме эмес, бүгүн мына бул натурщикти тартып туруңуз, сиз менен атайын сабакты эртең баштайбыз, ушу туура деп ойлойм.— Профессор башка сөз айткан жок.

— Семен Афанасьевич, жүрүңүз,— деди. Семен Афанасьевич Жапардын калтаарып уялып турганын сезе койду да:

— Жапар, уялба, тарта бер, сен баарын билсең окууга келбес элең,— деп натурщикти көрсөтүп, колун жаңсап бирдемелерди айтып,— ишиңдин ийгилиги болсун, мен кеттим, Жапар,— деди.

---

[1] Грунт — сүрөт тартар алдында кендир кездемеге биринчи жолу шыбалган боёк.

[2] Холст — кендир кездеме.

Жапар капаска салгандай көрүндү, ал өмүрүндө жыланач аялды көргөн эмес. Ошондуктан натурщик болгон жыланач аялды тик кароодон уялып, жалтангандай болду. Натурщик катырып койгонсуп, бир калыптан козголбой жалдырай берди.

Жапардын колундагы жоон көмүр графит карандаш эң эле кол көтөргүс оор өңдөнүп сезилди, натурщикке карап туруп канчалык аракет кылса да: «Кой, тартпа уят»,— деген шыбырды тили эмес, колу сүйлөп жаткандай болду. Айланасында иштеп жаткан студенттер бир-бирин карашып, жымыңдаган сайын, Жапардын каруусу кеткенсип, денесинин тердегени күчөдү. Жапар келгенине аябай өкүндү, сабак берип, элде жүргөн күндөрү жылуу болуп сезилди. «Менден эчтеме чыкпайт го»,— деген коркунуч Жапардын кайратын жоготуп, шал кылып баратконсыды. Айланасындагылардын сүйлөшпөй ымдашкандыктары Жапарды кордоп жаткандай сезилди.

Натурщикти капталынан тартып жаткан узун чач ак кыз, балбылдаган тегерек коңур көзүн саал кысыңкырап кетенчиктей түшүп, натурщик менен сүрөтүн салыштырды да, Жапарга карап:

— Жаңы билиш, кандай дейсиз? Менимче моюндун көлөкөсү коюураак го? — деди колу менен көрсөтүп. — Мындан ары тааныш болобуз, казаксызбы?

— Жок, мен кыргызмын,— деди Жапар, кыздын сураган кеңешине жооп бербестен,— сиз Казакстандыксызбы? — деп бир аз козголуп койду.

— Ооба, демек, биз жердеш экенбиз, мен каштектик болом, сиз кай жердensиз?

Жапар жерин алыстаткысы келген жок, калп айтпаган неме саал жылмая түштү да:

— Менби, мен токмоктукмун,— деп Каштекке жакын жерди айтты. — Мен андан кичине кезимде кетип калгам, аларды таанывай да калдым,— деп алдын ала акчылана баштады.

Ал кездерде томолок бет кыйык көз кыргыз, казактар көрбөгөн Москва жаштары үчүн эң эле кызык байкалчу. Бул залдагы жаштар өңү сертирээк жонток Жапарды көргөндө, анын көзүн, жүзүн, жаш болсо да наардуу кабагын көрүшүп, таңыркай беришти. Алардын ичинде ишке жалкоо, оюнду жакшы көргөн тентек Сергей деген бирөө бар эле. Ал өзүнүн сулуулугу менен мактанып:

— Мен Байрондон да сулуумун, ал акын болсо, мен сүрөтчүмүн,— деп өзүнө өзү корстон болор эле, ал ошончолук сулуу болсо да, кандайдыр белгисиз сыр аны сүйкүмсүз кылып көрсөтчү, ага кошумча анын мактанчаактыгы менен аксымдыгы анын сулуулугун таптакыр жокко чыгарып таштаган эле. Анын сулуулугунан эч кандай жылуулук сезилчү эмес, Сергей башкаларга караганда Жапарга бөтөнчө таңыркады.

— Эй, дорогой,— деди Жапарга жакын келип,— силердин элде сулуу кишилер болобу? Же баары тоголок бет, кетирекейби? — деп бөйрөгүн таянып тура калды. Бул сөз Жапардын кы-

жырына тийди, Жапар анын мандайынан көп нерсени окуп жибергендей болду.

— Ар бир элде сулуу болууга мүмкүн, сулуулук сырткы көрүнүш менен чектелбейт да, мен адамдын ички сулуулугуна суктанам,— деди Жапар. Ал чыйралып кетти.

— Туура, туура,— деген үндөр туш-туштан чыкты. Сүрөт тартып жаткандар бир-бирден келип, сөзгө аралашты.

— Абдан туура,— деди ак кыз. — Мен жаратылышка түк ыраазы эмесмин. Сырткы кабыгы сулуу болуу менен бирге, анын ички табигаты, жүрөгү, маңызы да сулуу болсо кандай сонун болор эле,— деди.

— Сен мага карата айттың го, Вера, мен билем сени, түшүнөм,— деди сулуу жигит. Акырая карап мойнун көтөрүп: — Өзүңөр мендей болсоңор кантер элеңер?

— Куда сактасын,— деп Вера күлүп жиберди.

— Сен эмнесиң, жансыз муздак мрамор ташсың, көргөндө көргөн жерде өлүк сыяктуу кала бересиң. Бизге жылуу сулуулук керек, муздак сулуулуктан көрө жылуу, эсте каларлык ички сезим, жандуу элес керек. Түшүнүктүүбү? —деди.

Сүйлөгөн сөздөрдүн бардыгы Жапарды оордуктан куткарып жаткандай туюлду. Ал боюн токтотуп, тең ата тарта түштү.

— Мен Москвага биринчи келдим, мындай жайды түшүмдө да көргөн эмесмин,— деп жымың этип койду да,— кандай башташ керек, балким, көрсөтөрсүңөр,— деп колундагы жоон графитти кагазга тийгизбей жаңсай баштады.

— Мына, мында туруңуз,— деди Вера,— албетте, биринчи кезекте сизге оор. Эртең профессор келгенде, атайын лекция окуйт, графитти таптап, натурщикти карап,— мына бул жерден баштаңыз, мындай тартыңыз, сиз уялбаңыз, мына булар да жаңы келди деп,— экөөнү көрсөтүп, графитти жаңсап, кана,— деди.

Жапар көзүн ирмеп бирдемени эске түшүрдү. Ак кыздын элеси, сүйкүмдүүлүгү интернаттын тарбиячысы Наташага окшош боло калды.

Жапар үргүлөгөнсүп саал чегине түшүп натурщикти карады, карандашты эркин шилтей баштады. Ал далайга чейин унчуккан жок, анда-санда саал токтоло калып натурщикти баамдап коёт да, субагай-субагай тартып фигуранын элесин түзөт. Карап турган жаш сүрөтчүлөр бир-бирине жөлөнүп шыбыраша калышат, кай бирөөлөр Жапарга көрсөтпөй колу менен жаңсап, өздөрүнчө өксүгөнүн көрсөтөт, Жапардын колу ошол жерди жанып өткөндө, башын ийкеп кыбасы кангандай жылмая түшөт.

Коңгуроо шаңгырап жатканда сүрөтчү-профессор залга кирип келген эле. Вера анын жолун тосо жүгүрүп, ага кынала түшүп, бирдемелерди айткандай болду. Коңгуроонун шылдыраганы басылганда, натурщик позасын бузуп түшүүгө киришти. Жапар анын бутун тартып жаткан эле, колун жаңсап:

— Токтой туруңуз, токтой туруңуз, азыр, азыр,— деди.

Натурщик ага көңүл бурган жок, тике тура калып талыган

денесин жазып керилип-керилип койду. Жаңыдан кирип келе жаткан профессор тиктеп тура калып:

— Ыракмат, балам, ыракмат, жетет, жетет,— деп профессор Жапарды далысынан кучактап: — Иш эми эч жакка качпайт, сүрөтчү болмоюнча сени эч жакка жибербейм. Сенин элиң бизден да, сизден да көп нерсени талап кылат, берүү, берүү — биздин жумуш, алуу, алуу — сиздин жумуш,— деп сакалын сылады,— өмүр кыска, иштей билгенге убакыт жетишет, бирок шашуу керек,— деди.

**Согуш кайгы,
согуш улуу сын**

— Жалгыз буттун кадамы соо кишиникинен арыштуу болот, карачы,— деп жанындагы жолдошуна карап, жалгыз буттуу, ак жүздүү арык жигит күлүп коюп, балдак менен секемандап ары-бери басып, сүйлөй баштады.

— Наалат сага, кайсыга күлөсүң,— деди чолоктордун бирөө,— эки буттуу арстан болгончо, төрт буттуу мышык болгон жакшы, бизге эми ким карайт, ким! Баягы сени менен жүргөн кыздар карайбы? Сен мурун кандай элең, балалайканы колго алып, «кыздар менен үн алышам» деп ойлойсуңбу? Жок, жок, колуңдагы эки балдакты алып таштаса, бечелдей жалдырайсың, түшүндүңбү? Мен туура айтамбы,— деп кыжырланып, колун таңган кер мурут жигитке карады.

Кер мурут жигит көзүн сүзүп көңүлсүз карап, бир аз унчукпай турду да, көзү менен күлүп:

— Кыздар сенин бутуңду сүйбөйт, сенин адамгерчилигиңди, эрдигиңди, жүрөгүңдү сүйөт. Албетте, ошондой,— деп тим болду. жигит.

— Ал келжирей берет,— деди балдакчан жигиттин бири,— биз жамандыгыбыздан чолок болгон жокпуз, же ата-бабадан жугуп келе жаткан тубаса эмеспиз, достум, Мекен, Мекен, Мекен үчүн! — деди.

— Мекен, Мекен, сен Мекенди менден артык көрөт мишсиң, сен эселексиң, жарым жан үч шыйрак болгончо, боордоштордун көрүндө менин атым жазылып турса, мен ошого ыраазы болот элем. Тьфу, жан кандай бек,— деп наалып, балдакты жерге чапкылап,— келе, күйгүзүп алайын,— деп бирөөнө бурулду. Госпиталда жаткандар унчукпай гана тыңшай беришти.

Эки буту жок, бир көзү сокур кең көкүрөк ак жигит кроваттын үстүндө олтурган эле.

— Борька,— деди наалыган жигитке,— бери карачы, бери келчи,— деди ал жакындай бергенде, жолдошунун балдагын ала коюп,— ме, сага,— деп ошону көздөй шилтеп жиберди. Наалыган жигит балдагын такылдатып от баскандай секирип кача берди. Оорулар жалпы күлдү.

— Жок, өлгүң келбейт, кана!

— Тос, тос башыңды!

— Сен өлгөндү жакшы көрөсүң, качпа!

— Боордоштордун мүрзөсүндө болосуң, башыңды тос!

Ар бирөө сүйлөгөн сайын жарадарлар күлө баштады.

— Мына, дагы күлүшөт, эмне күлөсүңөр, айтчы? — деп наалыган жигит кызууланып бакырып олтура калды.

Эки буту жок жигит балдакты таштап:

— Түшүнбөйсүң, боорум, түшүнбөйсүң, «өлгүм келет» дейсиң. Өлүүнүн кереги да жок. Чолок деп сени эч ким кемитпейт, тескерисинче... Мына мени көрдүңбү, балким, мени акмак дээрсиң, тескерисинче. Ырас, эң эле оор, мен Мекениме да, элиме да мунжулугум менен мактанам. Мен жашчылыгымды... Өмүрүмдү, бардыгын жоготтум. Ким үчүн? Тууган эл үчүн, ата-эне үчүн, сен айткан сонун кыздар үчүн, улуу Россия үчүн! Мени кордоого эч кимдин акысы жок!.. «Мен сен үчүн ушинттим» деп ар бир совет кишисине айтууга акым бар. Алар бизге «ыракмат» дейт, «силер бизди коргодуңар, силер Россиянын чеби» дешет. — Ал эки жакты карап,— чын эмеспи, жолдоштор? Ырас, бизге эң эле оор. Оор болсо да жеңил... «Же өлдүм, же калдым» деп согушканбыз, эсиңердеби? Азыр биз душмандын уюгун талкаладык. Демек, максат орундалды. Эми биз жашоого тийишпиз. Кандай дейсиңер?

— Туура.

— Туура абдан.

— Туурадан да, туура.

— Ал эмне түшүнөт...

— Баарыдан мурда ал корkконду билет, демек, өлүмдөн коркот... Жарадарлар наалыган жигитти жат эчкидей кылып шылдыңдап корунта башташты. Наалыган жигит балдагын тарсылдатып, эки буту жокко жетип келди да:

— Канткен менен сеники туура. Кыздар коён болсо да качып кутулбайт,— деп борсулдап күлүп олтура калды да: — Чынын айтканда бирдемебиз кемигенсип турат. Дагы чынын айтканда бардыгы, бардыгы болчусу болду, жүргүлө, залга барабыз... Жаңы плакаттар келди,— деп полду тарсылдатып өзү жөнөй баштады. Эки буту жок мунжулардын айыгып калгандары жото жиликтери менен басып, кээ бирөөлөрү колдорун балдак кылып секирип чыга башташты. Баса албагандары тигилерди телмире карашып:

— Сестра, ай сестра, бизди алып чыккыла,— деп эшикти карап жалдырашты.

Плакат илип жүргөн арык ак чач кемпир:

— Келгиле, жолдоштор! Мына бул чабуул силердин аракетиңер! — деди.

Наалыган жигит бирдемелерди балдырап кейкендеп залды кыдырып бара жаткан эле.

— Эй, бабушка, сиз жаңылыштан жолдоштор дебестен, балдарым деп айтсаңыз жараша калар эле. Мейли, мейли, согуш бардыгын кыйшайтып көрсөтөт окшойт, ошондой болсо да мен сизди кыйшайтпай туура айтам, бабушка деп, эй бабушка,

дейм,— ал каткырып күлүп,— бабушка, армияда балаң барбы? — деди.

Ак чач аял жылмайып күлдү да:

— Бар, армияда балдары болбогон аял болобу, баарыңар менин балдарымсыңар,— деп жоокерлерден жооп күткөнсүп чегинип тура калды. Жоокерлер аялдын сөзүнө ыраазы болгонсуп жылмайып: «туура, мамаша, туура»,— деп коюп, кадаланып сүрөттү караштты:

— Эчтемени түшүнбөйм,— деди наалыган жигит аркасын карап: — Эй национал, бери келчи, сен сүрөтчүмүн дейсиң мына бул кандай тартылган. «Батальный[1]...» деп мунусун айтабы, тигинисин айтабы? — деди. Эки буту жок мунжу жигит кыжырлана түштү.

— Борька, эй Борька,— деди наалыган жигитке,— сен кайдан тарбияланганcың, эмне деген адамсың, он беш күндөн бери палатада катар жатасыңар, эмне үчүн аты жөнүнөн айтпайсың? Сага үйрөтүш керек болсо: жолдош старший лейтенат Жапар Айтикеев дейт. Эх тарбиясыз,— деди. Жоокерлерден суроо күтүп турган ак чач аял, куду чочуган кишидей селт дей түшүп, жан жагын карады да, колу таңылган кер мурут жигитти кадала карап жакындап барып, эки колун сунуп:

— Жапар Айтикеевич, саламатсызбы! — деди. Жапар жалт карап: «Саламатсызбы!» — деп колун сунду, бирок тааныган жок.

— Сиз мени тааныгап жоксуз, туурабы? — деп аял жылмайды, анын дабышы жылаажындай жаш жана тааныштай угулду. Жапар тааныштай, бирок алагды жылмайып:

— Неге, неге,— деп мукактана калды да,— менин эсим ордунда эмес, энеке, кечирип коюңуз, чынын айтсам, үнүңүз эле жылуу, эң тааныш, бирок ажыраталбай жатам, кечириңиз, энеке,— деп маңдайына тура калды. Аял кыйналган купкуу жүзүн тыржыйтып күлдү да:

— Мени сиз эмес, энем да таанытбай калган. Мен сизге эне эмесмин, мен сизге курбалмын,— жоокерлер чогулуп таңыркай калышты. — Сиз менен бир класста олтуруп, сүрөт училищесин бүтүргөн Вераны унутпасаңыз керек,— деп Жапарды колдон алды. Жапар таңылган колунун ооруганына караган жок.

— Вера, Вера Васильевна, чын эле ушинтип калдыңызбы, кечириңиз? — деп Вераны кучактай калды да, маңдайын анын көкүрөгүнө коё койду.

— Мен эч качан унутпайм, мына ушул жерден баштаңыз деп жоон графит карандаш менен биринчи сүрөт тарткызган ак кыз сиз болчусуз, мен аны эч качан унутпайм, сиз кантип ушинтип калдыңыз, сизге эмне болду? Мен көзүмө ишенбейм, бул туура эмес,— деди Жапар.

Веранын көзүнө жаш толо калды, анын аппак чачтары бирин-

---

[1] Батальный — согушту көрсөткөн сүрөт.

дегенсип, тиши жок жаак эттери болор-болбос бүлкүлдөй түштү да:

— Ишене бериңиз,— деди.

Залдагы босцтер чагылган тийгендей жымжырт болуп, жай-жайында туруп калышты.

— Мен сага сырын түшүндүрөм,— деди Вера эки жакты карап,— каалаcаңар Жапар Айтикеевич экөөбүз тарыхтан баштайбыз,— деп Вера олтура калды.

— Айтыңыз.

— Жоокерлер, олтургула.

— Бул кандай шумдук.

— Мына сага, энекем десем, карындаш болуп чыкты. Эчтемени түшүнбөдүм,— деп наалыган жигит илгерилей түштү да,— кечириңиз, мадам, кечириңиз,— балдагын тизесине коюп олтура калды.

Аңгеме узара берди.

Жоокерлер тым-тым, учкан чымындын дабышы угулгандай болду.

— ...Өз көрүбүздү өзүбүзгө каздырды,— деп Вера оор улутунуп чачкын сүйлөдү.— Эң мурун еврей менен коммунисттерди бөлүп чыкты, алар жүзгө жакын, балким, андан да арбын болсо керек. Шаардын сыртында, ээн талаада, чырмооктой, мыктуу зым коргондун ичинде элек. Ак гвардиядан болсо керек, балким, немецтир, орусча таптак сүйлөгөн, арбактай узун капитан келди да:

— Ким жашагысы келет, жашайм дегендер колдорун көтөрсүн,— деди. Кыркка жакын киши колдорун көтөрдү. Аларды дароо бөлүп алып элдин ортосуна чогултту да:

— Силер, тетигил кызыл жолборстордун жанын аласыңар ыраазысыңарбы?— деп капитан, ары-бери басты, эч кимиси үнчүккан жок.

— Кайта айтам, ким жашагысы келет?— деди капитан.— Кана, колдорун көтөрсүн!

Бөлүп алгандардын ичинен төртөө кол көтөрдү.

— Силерге милдет түшүнүктүү го,— деди капитан.

Кол көтөргөндөрдүн экөө саал шыбыраша түштү да, анын бирөө:

— Господин капитан, эмне менен өлтүрөбүз?— деди.

Капитан резинка камчысы менен санын чапкылап:

— Жерди эмне менен казасыңар, ошону менен өлтүрөсүңөр, түшүнүктүүбү, жүргүлө,— деди. Шыбырашкан экөө баскан жок.

— Силер ошону каалайсыңар го?— деп уурту менен күлүп, капитан ал экөөнүн маңдайына келди.

— Каалабайбыз!

— Каалабайбыз!

— Эч ким каалабайт!— деди менин атам.— Советтер Союзунун ак нанын жеп, тузун таткан ак жүрөк кишилердин бирөө да каалабайт.— Ал элге кайрылып катуу кыйкырды:

— Биздин адамдар! Намыс менен өлөлүк, менде коммунисттик билет жок, бирок мен большевикмин, мен таза өлгүм келет, силерди ошол таза өлүмгө чакырамын!— деди.

Капитан атамдын алдына шумшүңдөп жетип барды да, кардай аппак сакалынан бурдай кармап, беттен ары салып-салып жиберди. Атам саал темтеңдей түшүп, оңоло калды да, капитанды канжалата койду. Ал кан жеген ит оозлонуп тура калганда, тумшуктан ары дагы бирди жеди. Атам шашкан да жок, кызууланган да жок.

— Украиндер ушундай болот,— деди бирөө.

Желдет капитан ордунан тура албай жатып, жанындагы тапанчасына тырмышты, атам дагы кол кайтарууга жараган жок, анткени эки желдет аны жулкулдатып калган эле. Капитан тура калганда, атамды кармаган эки немец кетенчиктеп тура калышты. Тарс-тарс эткен тапанчанын үнү угулду. Атам муштумун түйгөн бойдон оолжуп барып кырынан кетти. Атамдын жанында турган энем, менин эки сиңдим атамды барып баса жыгылышты. Желдет капитан оозунан канын да сүрткөн жок, куду ошолордун канын жеп жаткандай сезилди. Курмушудай жээрде чачын саксайтып, чатын керип-керип тура калды да, кучактай жыгылгандарды бирбирден чокуга атты. Мен бакырганда менин күйөөм оозумду баса коюп, аркасына далдалай койду.

— Ким бакырды, ким, — деп желдет капитан бакырып тапанчасын көтөрдү. Эч ким унчуккан жок. Немец офицерлеринен үчөө честь беришти да, капитанды лагерден алып чыгышты... Он минут өтө электе коммунисттер менен еврейге пулемёт коюшту. Ошол эле күнү бизди башка лагерге айдашты, басалбаган ачкалар, карыялар, саал чегине түшкөндө кылычтын мизинен өтө беришти. Ал лагерь «өлүм лагери» деп аталчу. Лагерге кырк сегиз гана киши жеттик.

Вера ушул жерге келгенде: «Түшкүлүк ичкиле», — деп сестралар жоокерлерди ээрчитип чыга башташты.

— Чач ошондо агарган экен да, — деди эки буту жок мунжу.

— Ошондо, тууганым, ошондо, тишти карасан алды, чачты коркунуч боёду, — деп Вера Жапарды колтуктады.

— Мен жаңылбасам сиз жыйырма жетидесиз, — деп Жапар Веранын аппак чачын сылады да, — согуш кайгы, согуш улуу сын! — деди.

## Ал жокту издеп барат

— Эч ким билбейт, эч кимге сырын айтпайт анын жүрөгүндө белгисиз жалын, бууракандаган толкун жаткандай сезилет. Жапардын мунусу таң каларлык жорук, кээде кыжырланып өкүнүчтүү сүйлөйт. Кээде балыктай тилсиз болуп жалдырайт. «Сага эмне болгон?» — деген суроого: «Аны сиз билбей эле коюңуз», — деп кыска гана жооп берет, — деп Узак жолдошуна карады, экөөбүз аны менен бирге окудук, бирге өстүк, ушундай жүрүшүн көрдүк беле? Жок, менимче бирөөнү сүйгөн болуу керек, же анын оор кайгысы бар же бирдемеге нааразы. Кээде муну талмабы деп ойлойсун.

— Эмне үчүн? — деди жазуучу Абдыбек, — анда кандай нааразылык болсун? Сен бирдемени чоңойтуп, фантазиялап көрчү элең, негативиң кыйшык тартып калып, жаңылыш болуп жүрбөсүн? — деди Абдыбек. Узак болор-болбос кыжырланды, далайга чейин унчуккан жок, түрүп койгон көйнөктүн жеңин кармалап, алаканы менен чачын сылап-сылап койду.

— Мен билбесем айтпайм го, айланайын, ишенбесең барып деле көрөлүчү, анын жүрөгүндө белгисиз оор кайгы бар, дагы айтам, кайгысы бар.

— Мейли баралы.

Таарынышкандай сүйлөшпөй калышты. Узак алаканын жазып, салаасындагы папиросун оозуна алып барганда, анын чыпалагы серейип турду, ал алаканын жыттап тургандай сезилди. Узактын бул сейрек каадаланып көрүнүшү бирдемеге нааразы болгондо, бөтөнчө ойлонор алдында сезилер эле.

— Очень жаль, — деди Узак орусчалап, — что вы, очень мало понимаете о человеке... Хотя вы поэт...

— Сен бирдемени беш-алты эсе чоңойтуп көрсөтөсүң, ал туурабы? Экөөбүз бири-бирибизди сынабай эле коёлук, барсак эле биле койбойбузбу?— Абдыбек нааразы болгондой,— сен ыгы жок философиялык кыласың, анын үстүнө... — Ал сөзүн бүтпөй, — тээтигине, өзү да келатат.

— Жакшы. Эми байкасаң, — деди Узак.

Жапардын жакасы топчуланбаган, өз кадамын өзү санагансып, жерди тиктейт. Кыялдын терең, мелүүн ваннасында жаткандай сезилет. Анын башында кандай жүк бар экенин өлчөш мүмкүн эмес.

Жетелеген овчаркасын мактап баласы менен сүйлөшүп, шыңкылдап таалайлуу күлүп, тершисинен өткөн багылдыр аялды да, каршысынан жарышып келе жаткан төрт баланы да Жапар байкаган жок. Ал ээн талаада, жапжалгыз бараткандай болуп көрүндү.

— Чын бекен? — деди Узак жанынан өтө берген Жапарды көрсөтүп, — мына, буга эмне дейсиң?

Абдыбек унчуккан жок. Жапардын изин улай карап, колун создү да:

— Бул чын эле соо эмес, — деди.

Дзержинский көчөсүнүн күдүрөйгөн жашыл дарактары, бөтөнчө станция жагындагы элпек, жаш кара жыгачтар: «Бизди ушулар олтургузган эле, эсиңдеби, Жапарды алагды кылбайлы, ал ойлонсун»,— дегенсип, былк этпей магдырап турушту.

— Көңүлүн бөлбө, ойлонуп баратат, — деди Узак, — азыр анын башында поэзия, фантазия, пейзаж, сүйүү... Карачы, эми ишендиңби? Абдыбек ордунан тура калып, саал жүткүнө түштү да, Жапарды сөөмөйү менен шаша көрсөтүп, — вот тебе на, бул соо эмес го. Мунун көзү да ордунда эмес го, бул кайда баратат? Вот тебе на, аллейде баратканыңа ыракмат, ушул кебетеси менен көчөгө чыкса сөзсүз машина басат, башын балжа кылат, токтотуш керек, — деп ылдамдай басып: — Жапар, ой Жапар, — деди. Ал-

лейде бараткандар жалт-жалт караншты. Абдыбек аларга назар салбастан дагы кыйкырды. Кай бир кишилер Жапарды чакырганын билип, «качан кылчаят» дегенсип, ага олоё карап өтө беришти. Колтукташып бараткан эки кыз кыйкырганды эрөөн көргөнсүп, шыбыраша түштү да, жымың этишип, «аллейде бакырганыңыз уят эмесппи» дегенсип өтө беришти. Абдыбек кыздардын угузбай айткан сөзүнө түшүнө койду, анын өңү тамылжып, кирпиктери суюлгансып, көзүнүн алды ымшый түштү.

Сезгич Узак эриксиз күлдү да:

— Саал уятыраак болду ээ? — деп эрдин жалап, мекчейип тура калды.

— Жүр, аркасынан барабыз.

Алар тура калып, папирос күйгүзүп жатканда, партком Болотбек мекемесинен келаткан эле, ал каадасындай жаркырап күлүп, тамашалай сүйлөдү.

— Кош, адам жанынын инженерлери, кимдин жүрөгүн текшерип жатасыңар? — деп кол алышты. — Силерди көргөндө куду аары көргөндөй болом, жок, токто, чагасыңар дейин дегеним жок, гүлдөн гүлгө конуп, бал тарткан аарыдай, сөздүн чүйгүн, таттуусун табасыңар. Көңүлдү эркелетип, жүрөктү жылыта турган назик фраза издейсиңер. Кайрат бере турган кылычтан өткүр пикир бересиңер. Чын эле силерди көргөндө, гүл соруп жаткан аарылар эсиме түшөт. Же мунум жалганбы?

— Ашыра мактап жибердиңиз. Мейли, ошол мээнеткеч аарылардын бирөө жөнүндө сүйлөп жатабыз. Олтуруңуз, бүгүн дем алыш го, жарым саатпы? Мейли! Сөз Жапар Айтикеев жөнүндө баратат, — деп болгон, уккан-көргөндөрүнүн бардыгын айтып бүттү да:

— Мына, буга сиз эмне дейсиз. Ал бирдемеге наараазы болуу керек, биз анын аркасынан бармакпыз.

— Демек, силер начар инженер экенсиңер, — деди Болотбек жылмайып, Узакты далыга каккылап, — көп билем деп мактана албайм, бирок адабият менен искусствонун өкүлдөрүн дурус билем. Менимче, аларды көбүнчө талант кыжырлантат. Алар сулуулукка да, турмушка да өтө соргок болот. Чын чеберлердин кайгысы, өздөрүнө алымсынбагандыктан чыгат. Биздин ахвалда Жапар кичинекей киши эмес, моралдык жагы баш бармактай. Жүрөгүнүн үстүндө Ленин ордени баштап төртөө турат. Менин оюмча, анын наараазылык кайгысы жок, мезгилдүү чыгармачылык кыжыр болуу керек. Силер аркасынан барбай эле койгула, кечинде үйүнө барып сырдашып, маектешип кайткыла да, эртең саат ондо мага кабар бергиле. Кандайдыр жетишпегендиктен чыккан кыжырлануу болсо, аны эмдеш эң эле оңой, бирөөнү сүйүп калса, — деп токтоло калып күлдү, — силерде андайлар аз болбойт дейт го. Андай болсо анын керт башынын жумушу.

Ал портсигарын алып, ойлоно калды да:

— Талантка дем бере турган, туйгуларын ойгото турган көрүнүштөр, албетте керек, жылдын төрт мезгилиндеги орчун таасирлери, адамдын колунан жаралган жомоктолгон курулуштар, тур-

муштун түрдүү майда буроолору, коркунуч, сүйүү... Ооба, ооба, сүйүү, күлбөгүлө, сүйүүнү кең мааниде айтып жатам. Чын чыгармачылардын азыгы да, сүйө билген, сулуулукка суктанбаган, достуктун татыгын билбеген, кастыктын отуна жалынбаган кишилер турмуштун тең жартысынан кур калган менен тең деп ойлойм. Бул бөтөнчө силер үчүн керек. Кыялдан учкул, кыялдан оор, кыялдап элнек эч нерсе жок болуу керек. Балким, Жапар бирдемеге кыялданып жүргөндүр. Кыялдануу керек. Кыялдана билүү керек! — деп өчүп калган папиросун дагы күйгүзүп алып, — адабият менен искусствонун адамдарына аябай шүйшүнөм — завидую, сүрөтчүлөрү жасап алат, жазгычтары жазып алат, кай бирөөлөрү обонго салат.

Чынын айтканда, силердин ишиңер да, кылык-жоругуңар да элге үлгү болгондой болсун. Эл силерден үйрөнгөндөй, жаштар силерди туурай турган болсун. Эл болсо силер үчүн окуп бүтпөгөн кызык роман сыяктуу, силер алардан алып бүтө албайсыңар, силерден кийинкилерге да калат, эл чыгарманын булагы. Силер агып жаткан булактан чөмөрүп гана аласыңар...

— Да, сиз туура айтасыз, — деп Узак адатынча чыпалагын серейтип, секретарга карады.

— Жолдош Болотбек, Жапар бирөөнү сүйүп калса кантебиз?

— Мен ага ишене албайм. Бирок анын тунук сүйгөнүн мен жакшы билем.

— Маселен кимди?

— Маселен? Маселен, искусствону. Ошол сүйүүгө бардык өмүрүн жумшайт деп ишенем.

— Балким, — деди Абдыбек, — ырастан да ошондой сүйүүдүр. Ал өтө назик сезгич адам. Ал сүйгөнүнө алымсынбаса, чөгүп кетүүгө тийиш...

Жапар станцияны көздөй кеткен эле, ал бир далай убактан кийин кайта өттү. Анын азыркы көрүнүшү жанакыдай эле, ал аллейден чыгып шылдыраган арыктын суусун бойлоп барат. Бирдемесин агызып ойногон балдарча токтоло калып, суунун агымын карап, улам жалбырактан үзүп, алаканын чапкылап, өзү менен өзү алек болуп өтө берди. Таанybаган кишилер Жапардын бүгүнкү жүрүшүн байкаса, сөзсүз «эс алаң шордуу» деп түшүнөр эле. Ал Болотбектерди байкаган да жок, өзүнөн башка дүйнөдө эч ким жок сыяктуу көрүндү. Аны көрө коюшкандар, беркилер унчукпай гана акмалап калышты, ал жүз метрдей өтө бергенде гана:

— Бул өзүнүн ички дүйнөсүн аралап барат. Эгер андай болбосо, бул жинди болгон, — деди Узак, ал ордунан тура калып, улутунуп койду да, — барып алып келейинби? — деди.

— Жок, тим кой. Бул таң каларлык көрүнүш, балким, оору болуп жүрбөсүн? Мындай назик кишилердин өмүрүнө бөлөнүп, бөтөнчө аялынын мамилеси да таасир кылат. Анын түшүнгөнүн эң жакын кишиси түшүнбөсө, андан оор эч нерсе болбойт... Силер жакын жолдошуңар, бүгүн кандай да болсо үйүнө барып, көңүлүн ачып кайткыла. Эртең мен билгендей болоюн...

Түштөн кийинки элпек жел дарактардын жалбырактарын болор-

болбос дирилдетти. Даракттар тааныш Жапарды аягандай, өздөрүнчө кеңешкендей, «ай-ай-ай, сага эмне болгон?» дегенсип оолжуп, Жапар кеткен жакты көзөмөлдөп, баштарын чайкагандай болушту.

Болотбек папиростун көңдөйүн үйлөп туруп, портсигарга каккылап, далайга чейин унчукпай турду да, жолдошторуна карап алып айтты:

— Ал ойдун адамы да,— деди ойлонгондой,— менин оюмча анын көңүлүнө чиелешкен драма, поэзия, фантазия, ал аны чечүүгө тийиш, ал жокту издеп баратат, — деди.

## Мезгил учат

Абдыбек менен Узак Жапардыкынан кайтканда саат бирден өткөн эле, деңиздин бетиндеги электрдей жылтылдаган сансыз жылдыздар кыйры жок асманда жерди тиктешет. Жапар жөнүндө маектешип келе жаткан тигил экөөнүн сөздөрүнө түшүнгөн эмедей жымыңдашып, көздөрүн кыскандай болушат.

— Үйгө конбой жүргөнү себепсиз эмес, анын жүрөгүнө бирөө жалын таштап койгон окшойт. Ооба, өз башыңдан деле өткөндүр? Сүйүүдө акыл болбойт. Сүйүүнү бийлөөгө кээде акыл чабалдык кылат, андайды өткөрдүк го, — деди Узак.

— Туура эмес, фантазёрум, сүйүүнү акыл бийлебесе, адам жинди болуп кетпейби? — деди Абдыбек, — акыл адамдын шофёру да, машинаны башкара билбесе, ташка согот же жардан кулайт. Ырас, Жапардын жүрөгүндө белгисиз сыр, же оор кайгы бар. Эмне үчүн? Анысы караңгы. Адамдын жанынын инженери болсок, анын сырларын билүүгө тийишпиз.

— Ал эми жар кайда болмок?

— Сыр ошондо да, үйгө кээде келип, кээде келбесе, арак ичпесе, ачылып сүйлөбөсө, эмне деп түшүнүүгө болот? Сураса: «Эмне кылат элең, акыры ойлоого, иштөөгө уруксат болобу, жокпу?!» — деп кыска гана жооп берет имиш, — деп асманды карап бир топко турду да, — эртең саат ондо жолугалык. Болотбекке чынын айталык, кош, — деп Узакка колун берди да, сыры чечилбеген досунун тентек кыялынын карамагына төкөрүп, көңүлсүз кибиреп үйүн көздөй жол тартты.

Жапардын мастерскоюна жакындай бергенде электри үйлөп жиберген чырактай жалп дей түштү. «Балким, сторождур, Жапар түндө эмне кылып жүрсүн, — деп коопсуз карап турду да,— эртең сторождон да сураш керек экен», — деген ойго келди.

Мастерскойдогу сторож эмес, делбеленип, кыял менен алп урушкан Жапардын өзү. Ал лампаны өчүрүп койду да, түндүккө караган чоң терезелердин бардыгын ачып, мас кишиче омуроосун рамага такап, мемиреп, үргүлөп жаткан дарактарды, жымжырт көчөнү карады. Айдын шооласына бөлөнгөн күмүштөй сыйда теректер менен жай гана кеңешип жаткандай туюлду.

— Ээш... Жапар, Жапар, сен ким элең, ким болдуң! Эми милдетиңе түшүнөсүңбү? Талант, шык! Мен же шыгымды жоготкомун-

бу? Ал көрүнүп коюп, качып кеткен түштөй сезилет... Кандай оор, кандай коркунучтуу. Эл менден жаркыраган жаңыны талап кылат. Мен болсом кыялдын деңизинде уйкусуз түндөр менен алек болом. Тыянакчы? Жок! Баары баякы...

Ал кетенчиктей түшүп, оор үшкүрдү да лампаны жагып жиберди. Станокто турган далдайган холсттун бетиндеги көмүр менен тарткан наброскасын далайга чейин тиктеп, аны тартып жибергиси келди, кыжырланган бойдон эшикке чыгып, көчөнүн ортосуна барып кара-көк тарткан кирсиз асманды, ай нуруна бөлөнүп заңкайган ак чач кербез тоолорду карап, табигаттын эбегейсиз сырдуу күчүнө, сулуулугуна таңыркагандай болду.

— Жок, мен чарчасам керек, капкайдагылар ойго түшөт. Көрүнбөгөн бирөөлөр мени кыйнап жаткансыйт, чарчасам керек. Ал эки колдоп башын ушалап, мастерскойго кайта бурулганда, улуу художниктердин өмүрлөрү эсине түштү. Кимдир бүрөө жөнүндө окуп жаткысы келди. Мастерскойдо «История искусстводон» башка эч кандай китеп жок эле. Ал китепти алып, белгилеген жеринен адашкандай болуп барактап жиберди. Рафаэлдин канаттуу «Мадонна, купидондоруна» токтоло калып, телмире тиктеди да, китепти жазган бойдон таштай салды. Кышында унутуп калган мыкка илинген кара теплушкасын жазданып чалкасынан түшүп жата калды да, китепти бетине алды, анын көзү китепте болсо да, көңүлү башка жакта жүрдү, канча тырышса да эсинде эчтеме калбады. Китепти таштап, колун башына алып эрксиз көзүн жумду. Жарык күйгөн электр үйдүн ичин белгисиз, адам ажыраткысыз боёкко толтуруп жибергендей болду.

Ал тура калып терезени чоңураак ачып, чыракты өчөрү менен, проявителге чайкаган фотопластинкадай өчүрүп көзүн ачкан бойдон чалкасынан түштү. Чырак болуп көчөдөгү асманга карай боюн керген шоодураган мырза теректер көрүнө баштады. Четте турган жоон бака теректи көргөндө, эски таанышын боолгогондой болуп, көзүн ирмеп-ирмеп алып, туруп теректи тигиле карады.

Мындан жыйырма жети, жыйырма сегиз жыл мурда так ушундай теректин түбүндө, Жапардын атасы Айтике маркум чөп алачык жасаган эле. Аны Жапар унуткан эмес, унутмак түгүл ыйлагысы да келе калса, ошол терек менен алачыкты сөзгө кыстарып өтөр эле. Кедей зергер менен интернаттын директору Сатарга Жапар так ошол жерден жолуккан, так ошол кепеден интернатка алынган. Тигил окшош теректи көргөндө Жапар атасын көргөндөй боло калды. Ошондон берки өмүрүнүн бардыгын көз алдынан сүрөттөй өткөрүп элестете баштады... «Кедей зергер азыр жүз жыйырмага чыкты, өкмөт ага пенсия берип, доктур бекитти. Наташа деген сени тарбиялаган аял народный учитель деген наам алган, сен жөнүндө сөз боло калса: «Жапарымды мен өстүргөм»,— деп көз айнегинин үстүнөн карап, корстон боло калат деп жазган Мамастын кечеги катын эсине түшүрдү. Эсине дагы кат түштү.

...«Жапар! Жеңиш мага кымбатка түштү. Жалгыз уулум — көзүмдүн курчу Үсөн болсо кан төгүшкөн зор майданда кайтпас

сапарга кетти. Ага өлгөндөн кийин баатыр деген атак берген, аны өзүң да билерсиң. Карылык болсо конок болуп келип калды... Сен да менин баламсың, мен силерге бел байлайм. Интернатты унутпа! Унутпай агаңа (мага) кат жазып тур, мени баласыздай кылба, кагылайын...» деген Сатардын жазганын да ойлоду. Алда качан, биринчи ирет маңдайынан сылаган сүйкүмдүү интернаттын директорун ойлогондо ичи жылый түшсө да, анын карыганын, баласыз жалгыз калганын элестеп каңырыгы түтөдү. Улутунуп, башын көтөрүп, уча турган куштай эки-үч ирет канатын керип койду да, ар жагында турган стулду терезенин алдына коюп олтура калды.

Түрмөктөлүп кубалашкан толкундай эсине түшкөн бир пикирин кезекте турган экинчи, үчүнчү ойлору түрткүлөп, ээ бербей жабалактай берди. Бөтөнчө улуу сүрөтчүлөрдүн картиналары галерея сыяктуу болуп Жапардын көз алдына келди: Рембрандттын «Жоголгон бала» деген картинасы, Беласкастын «Француздар менен испандыктардын согушун» тарткан картинасы, Рафаэлдин «Канаттуу кишилери», Репиндин «Иван Грозный» аттуу картинасы дагы, дагы эсепсиз картиналардын ленталары жарк-жарк этип өтүп жатты. Бир кезде Суриков эсине түштү, тизесин кучактап, көзүн алайтып, бирөөгө кезенгенсип олтурган айбаттуу «Демон» Жапарды тиктеп олтургандай болду. Жапар эрксиз жылмайды. Анткени өзүнүн азыркы олтурушу, куду Демон ролундагы артист сыяктуу эле. Ал жылмайган эрди кайта жабылганча ордунан туруп, чыракты дагы жакты. Уйку көрбөгөн кызарган көзү электрдин жарыгын көргүсү келген жок. Майкесин чечип крандагы салкын сууга жуунганда денеси чыйралып жеңилдей түштү. Кежигесинен басып турган белгисиз салмак, жуунган суу менен кошо бууланып көтөрүлүп кеткендей туюлду.

Уйкусуз булбулдар бир-бирине кезек берип, ачылган гүлдөрдү мактап ырдап жаткандай, же бирин-бири багынып чакырышып жаткандай эле. Жапар булбулду туурап үч-төрт ышкырып жиберди. Кокус ышкырганына таңыркай калды да, ачык жылмайып теплушканын үстүнө барып дагы жатты. Булбулдун үнү өзүнүн короосунан да угулду. Эң алыстан да угулду. Алардын кайрууларынын окшоштугун тапмакчы болуп, тыңшап жатып уктап кеткенин сезбей калды...

Жапар ойгонгондо, дабышы жок, канатсыз учкан күндүн нуру мастерскойдун чыгыш терезесинен жаңы эле шыкаалаган эле. Жапар көзүн ачканда төшөктө жаткандай сезди да, башын көтөрө коюп алданганын сезип, күлүп жиберди.

— Кандай тез, бардыгы кандай тез өтөт,— деди өзүнчө кобурап,— мезгилдин канатындай учкуч канат жоктур?.. Да, мезгил учат, канатсыз учат,— деп ордунан туруп баратып, дароо башын көтөрүп, түндөгү тыткысы келген станоктогу эскизине карады. Холсттун бетиндеги кыжырланткан сүрөттү түндө бирөө дубалап өзгөртүп оңдоп кеткендей сезди. Жапар өңү менен түшүн ажырата албай, сүрөттү кармалап ар жак бер жагын карап, өзүнө ишенбей, көзүн ирмеп кетенчиктеп кетти.

Эскиздеги фигуралар бууланган бензиндей аздан жоголуп, анын ордуна булдуруктап башка сүрөттөрдүн элеси келди. Булчуңдары түйүлгөн түрдүү жоокерлер Жапарды тике карагандай болду. Беш-бештен өргөн түшүндөй кара чач жаагынан ылдый төгүлгөн кыздын элеси да жаралды. Ал кыз элдин ортосунда, мойнун саал буруп, бирөөгө жаракөр сөзүн айткысы келгендей, тиштери кашкайып жаңы эле оозун ачып бараткандай... Элдин арасынан мойнун созгон кемпир менен чал, илгери жүткүнүп жалынып, бирөөнү кучактай тургандай болуп туюлду. Анын айланасында котологон сансыз кишилер да бирөөнү күтүп, же ага таңыркап жаткандай көрүндү. Баласын көкөлөтө көтөргөн аял жанындагы бирөөдөн жооп алгандай, таңыркап жатканда анын баласы сагынган атасын көргөндөй, көзүн бажырайтып, кимгедир татынакай болтойгон колун созуп, талпынган болот. Эскиздин сол жагындагы бир топ караандын ордунан, элге карай кулачын жазып басып келе жаткан айбаттуу жаш баатырдын элеси көрүнөт. Жапар бул элестерди улам чоңойтуп, улам көбөйтүп көрдү. Калың эл баатырды көрүп чуркурап үн чыгаргандай угулду. Жапар өзүн ошолордун арасында жүргөндөй туйду. Ойго түшпөгөн сансыз элестер. суу сепкен аарылардай уюлгуп асмандан түшүп, Жапардын мээсине жайланып кирип, чыгып жабалактай берди.

Жапар башын жулкуп алгандай оштоно түшүп:

— Таптым! — деди жылмайган бойдон,— таптым! Эми таптым,— деп карандашка чуркады... Станокто турган эскизди, тез-тез сүртүп өчүрүп жиберди, жаңы эле жаркырап келе калган сонун элестерди шымаланып алып жаза баштады. Жапардын мээсиндеги көрүнбөгөн жашырын сырлар биринин артынан бири келе жаткан кербендей болуп жарала баштады.

Өмүргө сараң караган Жапар чекесин билеги менен сылап, станоктон кетенчиктей бергенде: «Мезгил учат, мезгил канаттуу жылкыдай учуп баратат, ал зыпылдап жандай бергенче, жүгөндөп пайдалануу керек»,— деген пикир Жапардын башынан жылт этип өтө берди.

## ДААТ

Арашандын тентек шарынын боюнда аңгеме айтышып олтурдук. Абдулла аттуу жаш өзбек өзүнүн кезеги менен бир сонун аңгеме сүйлөдү. Ал сүйлөөдөн илгери мага карап жылмайды да:

— Мен сиз сыяктуу жазуучу эмесмин. Мен токуу фабрикасынын жаш инженеримин. Сөзүм көркөм чыкпаса, мага капа болбоңуздар? — деп жупунуланып кечирим сурады.

Чынында Абдулла сөзгө чебер, мүнөзү сылык, кең көкүрөк, көркөм жигит болучу. Ал сүйлөгөндө, ылайыгы менен колун колуна уруп өзүн өзү күүлөп олтура турган адаты бар эле. Ал аңгемени мындайча баштады...

...Өткөн бир замандарда Акыл аке аттуу бир киши жашаган.

Мүмкүн, ал кишинин аты башкадыр, бирок эл аны Акыл аке деп атай турган болушту.

Акыл акенин бала-чакасы жок эле. Элден элге барып, кызыктуу жомокторду, сонун аңгемелерди сүйлөп, элдин моокун кандырар эле. Эл анын сонун аңгемелери үчүн көп акча, кымбат буюмдарын да аяганы жок.

Акыл аке элден эчтеке сурачу эмес. Бирок бергенин таштабай алып, жетишпегендерге бөлүп, андан калганын үйүнө жыйнап коё берчү.

Күндөрдүн бир күнүндө Акыл аке элди аралап өзүнүн кызыктуу сөздөрүн өзү тыңшоого чыкты. Бирок өзүнүн берметтей сөзүн толук уга алган жок. Ошондуктан жыйналган көп дүнүйөсүнө он беш бөлмөлүү үй салдырды да, сергек балдардан отузду жыйнап, балдан ширин, суудан тунук, кылычтан өткүр сөздөрүн аларга үйрөтө баштады. Балдардын кийгени, жегени Акыл акенин гана мойнунда болучу.

«Акыл аке байлыктан безип кетти, пайдасыз балдарды үйрөтөм деп дүнүйөсүн шамалга учуруп жатат. Андан көрө байлыгын сүткө берип, же өзү кербен тартып соода кылбайбы»,— дешип далай кишилер аны ушактай башташты.

Кайсы бирөөлөр Акыл акеге ыраазы болушуп:

— Акыл аке дүнүйөнү кубалабайт, акылды кубалайт. Өзүнүн артына акылдуу кишилерди тарбиялап чыгармакчы. Ал кишинин билгенин биз билбейбиз, ал киши доордун булбулу,— дей турган болушту.

Акыл аке бул сөздөрдү угуп, билип жүрсө да, бирөөнө капа болуп, экинчисине кубанган жок.

— Ансыз турмуш да болбойт. Бири сөксө, бири мактайт. Мен бирөөнүн байлыгын чачпаймын, өзүмдүн гана эмгегимди чачам,— деп тим боло турган.

Акыл акенин сөзүн угуу үчүн ар кайсы хандыктардан атайын кишилер келишип, анын өлбөс сөздөрүн уга башташты. Анын кадыры күн санап артылып, байлыгы өлчөмсүз арбый берди.

«Хандардын казнасы Акыл акенин казнасына жетпейт»,— деген сөз бардык элге жайылды. Бул сөздөр хандардын казнасын бузган атактуу үч уурунун кулагына да угулду.

Бул үч уурунун кылыгы бардык хандарга белгилүү болсо да, эч ким аларды көргөн эмес. Бүгүн Хивада болсо, бир топ күндөн кийин Бухарада, же Самаркандда дешчү. Кээде Кабул шаарында экен деп сүйлөшчү.

Бул үч ууру хандардын казналарын бир эле эмес, алда канча ирет нардай тоношкон. Хандар алдырган казнасын толтура алышпай, эчен жылдап алтын кубалашкан болучу...

Бир шаардан экинчи шаарга чыккан кишилер же кербендер кайтып элине келишчү эмес, жер жуткан эмедей дайынсыз жоголушчу. Эл аларды издөөдөн да коркушчу. Казналуу хандар, дүнүйөлүү байлар гана эмес, өз оокатында жүргөн дыйкандар да корко турган болушту.

«Үч ууруну ким кармаса да өлгөнчө хандын баш вазири бо-

лот!» — деген хандардын жардыктары да чыкты. Бирок эч ким аларды кармай алган жок.

Уурулар Акыл акенин сөзүн элден угуп таңыркашса да, өз оозунан угушкан эмес. Бирок анын сөзүнөн көрө дүнүйөсүнө кызыгып, дүнүйөсүнүн өлчөмүн сүрүштүрүштү. Кимден сурашса да:

— Бир хан эмес, беш хандын казнасы да Акыл акенин байлыгына жетпейт,— деген жооп алышчу. Чынында да Акыл акенин байлыгы эсепсиз эле.

Бир күнү уурулар Акыл акенин короо-жайын сыртынан көрүштү да, эл жатары менен анын эшигин кагышты. Акыл аке төшөгүнөн тура калып, босогого келди да:

— Кимсиң,— деди.

— Ачыңыз Акыл аке. Биз konокпуз. Сиздин алтын сөзүңүздү угууга келдик,— деди уурунун бири.

Акыл аке эшикти ачып жибергенде, бетине парда тартынган үч кишинин элеси көрүндү. Акыл аке чочуган жок.

— Келгиле, урматтуу меймандар. Келгиле,— деп төргө килем, төшөк жая баштады.

Алардын темир кийген чоң денелерин, жаркылдаган куралдарын байкамаксан болду да:

— Кана, меймандар! Жайланыңыздар,— деди эки колун ооруна ала коюп.

— Биздин жайланганыбыз менен жумушуңуз болбосун! — деп уурулардын бири аны түртүп жиберди. Экинчиси канжарын сууруп:

— Кана, акчаларың кайда? Сен бизди билесиң. Биз кан менен жаштан тамак таба тургандарбыз. Биз келген жерден кан агат, жаш төгүлөт. Эми кезек сага келди,— деп анын жүрөгүнө канжарын такады.

— Билем. Силерди көрбөсөм да угам. Силер жеңилбес баатырсыңар! Хандардын атагы бир-бирине жетет. Силердин атагыңарды бүтүн эл билет. Силердин жүрөгүңөр оттон жаралган баатырсыңар. Силерге менин каным керек эмес, менин дүнүйөм керек, а дүнүйөнүн мага кереги жок. Менин дүнүйөмө беш хандын дүнүйөсү да тең келбейт. Менин байлыгым азырынча силерди тойгузат. Качан дүнүйө керек болсо мага келгиле. Ар келгенде бир хандын казнасындай дүнүйө берүүгө күчүм келет,— деди Акыл аке.

Уурунун бири каалганын илмегин бекитип коюп.

— Эми тондурган эмедей болуп олтур! — деп катуу буйруп койду да, сандыктарды сындырып, акчаны ортого үйө баштады. Алар башка жактан эчтеме издешкен жок.

— Ой, балдарым. Акча жетеби, же дагы керекпи? Жетпесе айткыла! — деди Акыл аке жылмайып.

— Дагы барбы? — деди уурунун үчүнчүсү.

— Бар,— деди Акыл аке ачык жүзү менен. — Тетиги экинчи очоктун ичиндеги акча бул алганыңардан үч эсе көп. Тойгонуңарча алгыла, балдарым. Мага дүнүйөнүн кереги жок.

Очоктогу акча айтканындай болуп чыкты. Уурунун бири мынчалык байлыкка таң калды да:

«Мунун баарын кантип алып кетебиз?» — дегенсиди, жолдошторуна карап

Акыл аке чочуган эмече:

— О, балдарым! Менде беш качыр бар. Кааласаңар ошолорго жүктөп алгыла. Бул көп дүнүйө эмес. Акча дагы керек болуп жүрбөсүн? Айткыла, балдарым! Силер дүнүйө кубалаган кишилерсиңер,— деди.

— Дагы барбы? — деп уурунун бирөө чочуп кетти.

— Чочуба, балам! Тетиги кулкандын ичинде ушул алган дүнүйөңөрдөй беш дүнүйө бар. Алгыла, балдарым. Мага дүнүйөнүн кереги жок. Менин жалгыз гана башым. Дүнүйөнү өзүнүн ээсинен аёого болбойт. Мен мынча дүнүйөнү көрүмө ала кирет белем. Дүнүйөнүн ээси силерсиңер. Дүнүйө менин тилимде, алгыла! — деди.

Акыл акенин бул марттыгы ууруларды таң калтырды.

— Ушунча жашка келгени мындай укмуштуу кишини көргөн эмесмин. Бул кишинин сөзүн укпасак арманда кетебиз. Кандай дейсиңер? — деди уурунун бири жолдошторуна.

— Ырас, Акыл акенин аңгемесин угалык,— деди экинчиси.

— Кана эмесе, бизге сүйлөп бериңиз? — дешип уурулар олтура башташты.

— Макул балдарым, сөзүмдү угуп, колумдан тамак ооз тийип кеткиле,— деп Акыл аке палоо даярдоого киришти.

— Эшикке чыкпайсың! — деди уурулардын бири.

— Жок, эшикте менин эчтемем жок. Отун, суу, май, күрүч, сабиз бардыгы мында даяр турат. Менин сөзүмө палоо тоскоолдук кылбайт,— деди лыпылдатып сабиз туурап олтуруп, мына бул жомокту сүйлөдү.

...Эбак, мурунку заманда, өмүрүнчө жарыбаган бир киши жашады. Ал киши эмгекке жарагандан тартып, кабыргадай иймейгенге чейин отун сатып оокат кылды. Кемпири экөө жылаңач да калышкан жок, ачка да болушкан жок. Үйү кепе, төшөгү саман болсо да, кишиден сурабай өмүр өткөрүштү. Бир гана кайгылары, аларда бала жок болду. «Чың эткен баланын үнүн угуп өлсөк, арманыбыз болбос эле!» — дешти.

Чал бир күнү көтөрмөсүн курчанып, чотун белине кыстарып, отунга карай бара жатканда, алдынан атактуу байдын уулу жолукту. Анын кырк жигити эки жагына жыйырмадан бөлүнүп, байдын уулуна кошомат кылып келе жатышкан эле. Алар чал менен эсендик да сурашкан жок. Алардын көзүн май басып, көкүрөгүн өргө айдаган немелер эле. Алар саал өтө бергенде:

— О, байбача! Токто,— деди чал.

— Эмне? — деди байбача.

— Балам, атаң карып кетиптир. Сенде тамашадан башка эч өнөр жок. Өнөрүң болбосо, дүнүйөң опо кылбайт. Атаңдын көзү турганда, бир өнөр үйрөнүп ал, балам. Мен ушуну айтайын дедим эле,— деди чал.

Байдын уулу каткырып күлдү да:

— О, куу чал, өнөрүң менен өзүң күн көр. Атамдын көзү өт-

сө, анын толгон дүнүйөсү мени кор кылбайт. Сандырактабай оокатыңды кыл,— деди.

— Мейли, балам, мейлиң. Ар ким өнөрдү өзү үчүн үйрөнөт,— деди да, чал жолго түштү.

Бир жылдан кийин байбачанын атасы өлдү. Байбача оюн, күлкүдөн башка эчтемени ойлогон жок, күн-түн жолдоштору менен шарап ичип, шапар тээп жүрө берди.

Бир күнү чал байбачага дагы жолукту да:

— Балам, атаң дүйнөдөн кайтты. Эми малың барда өнөр үйрөнүп ал. Адамдын бактысы өнөр болот,— деди.

Байбачанын аябай ачуусу келди да:

— Ой, чал! Мен сенден бакты сурадымбы? Менин малым түгөнсө, атамдын алтымыш досу, өзүмдүн кырк досум бар. Мени ошолор дагы өлтүрбөйт. Экинчи менин көзүмө көрүнбө! — деди.

Арадан үч жыл өткөндө чал байбачага дагы жолугуп:

— Балам, дүнүйөң түгөнүп баратат. Эч болбосо соода кылганды үйрөн, дүнүйө менен жолдош күтүүгө болбойт. Өнөр үйрөнбөсөң, кор болосуң. Сенин жолдошторуң — чын жолдоштор, эмес дүнүйөнүн жолдоштору,— деди.

Жигит жооп кайтарбастан камчы менен чалды төбөгө бир салды да:

— Сен мага үйрөткөн акылың менен эмне үчүн өзүң бактылуу болбойсуң? Сакалың кардай болгончо бактысыз болуп келе жатканыңды билесиңби. Экинчи мага сүйлөсөң, сени чоң атаң менен көрүштүрөм... Экинчи мени көрсөң, тескери жактан өткүн,— деп буюрду.

— Кайыр, балам кайыр! Дүйнөгө жаралганың чын болсо, бул кылыгың менен кор болоруң дагы чын,— деди да чал жолго түштү. Ал байбача тууралуу экинчи ойлогон жок жана анын айылы жакка барган да жок. Өмүрдүн көрүнбөгөн чыйыры менен жүрө берди,— деди Акыл аке.

— Ээ, анан эмне болду? — деп уурунун бирөө суроо бере койду.

— Азыр, балам! Азыр баарын айтам. Окуя эми башталат,— деп казанга сабиз салып, депкири менен ары-бери аралаштырып коюп, сөзүн улады:

— Чал бир күнү отунга баратып, жолдун жээгиндеги капкара алачыкты көрдү да, бул менден да алсыз экен, кайдан келген бечара,— деп таңыркаган бойдон алачыктан өтө берди.

Алачыктын жанында мамыдай зыңкыйып отурган кара жигит чалды көзү менен узатып карай берди. Чал эчтеме ойлогон жок. Эчен жыл басып, үйрөнгөн майда адымы менен бир калыпта гана жүрүп олтурду. Алачыктын жанында турган жигит чалдын аркасынан жүгүрүп келе жатып:

— Олуя ата! Токтоңуз, олуя ата! Токтоңуз,— деп жалбарып чуркады. Чал белине чейин селкилдеген аппак сакалын сылап, жылмайып тура калды да:

— Ээ, балам! Жаңылбасам, баягы мен сүйлөшкөн байбача эмессиңби? — деди.

Жигит олтура калып, чалдын буту-колун кучактап, көзүнүн жашын төгүп жиберди да:

— Олуя ата, менин күнөөмдү кечириңиз. Оокат кылуу үчүн мага жардам кылыңыз. Сизге колу тийген акмак менмин,— деди.

— Сенин күнөөңдү сени ким жаратса, ошол кечет. Мен олуя эмесмин, жашоо үчүн күрөшкөн кишимин. Менден эмне сурайсың? Айт? — деди чал. Анын кылгандарын кектеген жок.

— Мына, ата,— деди жигит ыйлап туруп. — Мал берип жакындашкан атамдын алтымыш досу, өзүмдүн кырк жолдошумдун бардыгынан айрылдым. Дүнүйөм бүткөндөн кийин, үй оокатымды сатып жедим. Досторум болсо: «Азыр эчтеме жок. Малдын баарын жүгүртүп жибердик»,— деп жооп беришти. Акырында бир күндүк, эки күндүк оокат беришти да, ошону менен жок болушту. Мына, эки күн болду, ачкабыз... Бизди өлүмдөн куткарыңыз. Мага бирдеме үйрөтүңүз. Мен сизге түбөлүк кул болоюн,— деди жигит.

Чал жигитти кайра өзүнүн кепесине алып барды да, анын колуна жаңы көтөрмө, жаңы чот керки берип туруп:

— Жүр эми, балам! Адамдын колунан баары келет. Отун сатабыз, оокат кылабыз. Жүр,— деди.

Жигит кубанганынан дагы ыйлады. Чалды ээрчип барса да, көнбөгөн жигит эчтеме кыла албады. Чал унчукпай гана отунду жыйнап экиге бөлүп таңып:

— Эми, балам, көтөргүн,— деп өз отунун көтөрүп жолго түштү.

Жигит аябай кыйналып, бир аз көтөрүп жүрдү да, темселеп олтуруп калды.

— Эчтеме эмес, балам. Көнөсүң,— деди да, эки жүк отунду алмак-салмак көтөрүп навайчыга жеткирип, андан он нан алды.

— Мына, балам! Сенин отунуңдун куну беш нан болду, меники да беш нан болду,— деди чал.

Жигит дүнүйөсүнүн бардыгы кайта келгендей кубанды. Анын үйүнө кадимки турмуштун түрү кирди... Ошентип, аз-аздан жигит ишке көнүгө баштады. Ошондой болсо да чал аны өтө аяды. Отундун коюу жерин ага таштап, өзү тырмалап тоолуу жерге чыга турган болду.

Бир күнү чал тоонун боорунан отун алып жатып, тайгаланып үңкүргө түштү.

Ал үңкүрдө эки чоң кумура турган экен. Чал кумуранын оозун ача койсо, толтура алтын. Кубанганынан бакырып жиберди. Жигит сүйүнүчтүү чалдын үнүн угуп:

— Атаке, эмне болду? — деп кыйкырды.

— Балам, алтын! Алтын! Кел, алтын таптым! — деп бакырды. Жигит тез жетип алтынды көрө коюп:

— Атаке, бул байлык менен хандыкты да сатып алууга болот. Менин жоготкон байлыгым мунун чейрегине да келбейт. Эми сиз бактылуу болуңуз,— деди.

— Э, балам! Бакты алтында эмес. Алтын алдамчы болот. Алтынга ишенүүгө болбойт. Пайдалана билсек, бул алтын уулдун

уулуна жетет. Кана, балам, экөөнүн бирин тандап ал. Бул экөөбүзгө тепетең олжо,— деди чал.

— Сиз тандаңыз. Сизден калганын мен алайын, алтын сиздики,— деди жигит.

— Жок, балам! Менин өмүрүм кичинекей эле калды. Мага бирөөнүн эле чейрегинин чейреги жетет. Сен ал, балам,— деди. Жигит үңкүрдөн кумараларды күч менен көтөрүп чыгарды да, кобүрөөгүн сезе койгон эмече: «Мен мына мунусун алдым»,— деди.

— Эмесе жүр, балам,— деди чал кубанып.

Тоонун боорунан эптеп түшкөндөн кийин кумураны кум менен тегеретип жүрүп отурушту. Күндүн ысыгы ого бетер чекеден өтүп, чарчап да, тердеп да болушту.

Улам эс алган жерден кумуранын оозун ачып жигит дилделерди кармалап келе жаткан эле. Бир кезде анын ичине ылайланган арамдык сызылып кирди. Чалды өлтүрүп, алтындын бардыгын өзү алмакчы болду. Чал аны сезген жок,— деп Акыл аке казанга күрүчүн салып, отту саал кичирейте баштады.

Ээ, анан эмне болду? — деп уурулардын бирөө Акыл акенин бетине карады.

— Азыр, балам, азыр! Окуя эми кызып келе жатат,— деп сөзүн узартты.

Чал жигитти күтүп олтурган эле. Жигит жете келди да:

— Атаке, дем алып алыңыз. Алтын эң эле оор болот экен, бул канча алтын болду экен? — деп кумураны ары-бери козгоп, ичиндеги кыянатын ишке ашырууну ойлонду.

— Ээ, балам,— деди да чал жылмайып,— алтын канча көп болсо, анын чатагы да ошончо болот. Бул алтын бизден кийин да далайлардын колунан өтөт. Алтындын куну кетмейинче дүйнөдө калыстык болбойт. Бул алтын кимдердин башын жебеген дейсиң. Дагы далайдын башын кемирет,— деп койду да, терең ойго батып кетти.

Жигит ордунан тура калды да, башын жерге салып олтурган чалдын кежигесине бычак салып жиберди. Чал белге аткан коёндой тыбырап, жумшак кумдарды чаңдатып жатты. Жигит чалдын аппак сакалынан кармап, тизеси менен көөдөнүн басып, мууздамакчы болду.

— Балам,— деди чал титиреп жатып,— токтой тургун. Мен эми тирилбеймин. Алтын сеники, анда менин кылдай да акым жок. Мен сага капа эмесмин, алтынга капамын. Муну кылып жаткан сен эмес, алтын! Сен өлтүрбөсөң да мен жакында өлөт элем,— деди. Жигит унчукпай чалды тизелеген бойдон тыңшады. Чал сөзүн созду.

— Сенден жалгыз гана тилегим бар, ошону орундатсаң, сага эки дүйнөдө тең ыраазымын. Ушул жашка келгени бир бала көргөнүм жок эле. Бир балага зар элем. Азыр кемпиримдин боюнда алты айлык бала бар. Ошол аман-эсен төрөлсө, атын өзүң барып коюп бер. Кыз төрөсө, атын өзүң билип кой. Эркек төрөсө, атын Даат койгун. Башка сөзүм жок. Ушуну аткарсаң, сенде

эч кандай акым жок, бардыгын кечем. Алтын жеке өзүндүкү,— деди да, чал түбөлүк уйкуга кетти.

Жигит чалды кумга тээп таштап, алтындын баарын ээлеп кала берди. Улуган шамал кумдун үстүнө кум шилеп, чалдын өлүмүн жерден жерге айдап түбөлүккө жомоктоду,— деп Акыл аке сөзүн токтотту да, узун моюн чайдooско көк чай салып, оттон оолагыраак тартып, карапа чыныларын тазалап бир жагына койду.

— Ээ, жигитти кудай урду го... Жакшылыкка жамандык кылды. Эми эмне болор экен? — деди ууруулардын бирөө.

— Ээ, балам! Тамашасы эми башталат. Алтын кимди азгырбайт,— деп аларды жандатып шилтегендей болду. Сөзгө кызыккан уурулар аны байкашкан жок. Акыл аке саймалуу сөзүн дагы созду.

— Байбача чоң бай балуп кетти. Алтымыш төөнүн кербени эртең шаардан чыкса, алтымыш төөнүн кербени кечинде шаарга кирип турду. Бир-эки айдын ичинде мурунку байлыгынан алда канча артык болуп байыды.

Бир күнү чалдын кемпири эркек төрөдү. Байбача алтынды актоо үчүн, беш нан, бир табак палоо алып кемпирге барды да:

— Эне, чалыңыздын мага кылган жакшылыгын унутпаймын. Ал киши мага ар дайым бир сөз айтчу эле. «Кемпирим эркек төрөсө, атын Даат коюп бергин. Менин өмүрүм бала төрөлгөнгө жетпес»,— дечү эле. Мен ал кишинин осуятын орундатканы келдим. Балаңыздын аты Даат болсун,— деди.

Кемпир байбачага абдан ыраазы болуп, аябай алкыш айтып кала берди...

Көз ачып жумганча үч жыл өттү. Кемпирдин баласынан башка бактысы жок. Өлбөстүн күнүн көрүп, ичпестин ашын ичип, жакпастын отун жагып, кылдырап жашай беришти. Кемпирдин үстүндө үйрүп салар кийими жок, сураганы кайыр, көтөргөнү үч жашар Даат.

Бул элдин мурунку ханы элди эзип жибергендиктен, Адыл деген киши ханга каршы чыгып, мурунку ханды түшүрүп, өзү хан болгонуна бир топ жыл болгон эле. Ал хан такка олтургандан баштап, Адил хан деген атка конгон. «Элде зордук-зомбулук жок болсун, эч ким даттанып жүрбөсүн»,— деп буйрук чыгарган.

Бир күнү ошол хан жигиттери менен тамашага жөнөдү. Сурнай, кернейлер тартылып, ханды шаардан узатып жөнөштү. Кемпир менен Даат так ошол хандар бара жаткан көчөдө эле. Даат балдар менен бирге чуулдаган тамашаны ээрчип кетти. Кемпир самтыраган кийими менен чыга албай, өзүнүн босогосуна келип:

— Даат! Ой, айланайын Даат! — деп баласын кыйкыра берди.

Хан «Даат» деген үндү уга коюп:

— Ким бул даттанган? Менин элимде даттуу киши болууга тийиш эмес. Тез барып билгин,— деп вазиринин бирин жиберип, өзү аны күтүп калды. Вазир эдирендетип чаап келди да:

— Ой, кемпир! Датыңды айт,— деди. Кемпир эшикке чыкпастан босогону таянып туруп:

— Жок, балам! Мен силерге даттанган жерим жок. Даат деген баламдын аты. Ал силердин шарыңар менен көчөгө чуркап кетти. Мен эшикке чыга албай, ошол баламды чакырып жатам,— деди. Вазир экинчи сөзгө келген жок, адырандатып кайта чапты. Кемпир жалгыз баласынан ажырап калчудай:

— Даат! Ой, Даат! — деген бойдон, мына минтип кыйкыра берди,— деп Акыл аке кемпирди туурап, колун оозуна такап алып босогого барып, үнүн кубултуп бакырды. Уурулар Акыл акенин усталык менен кемпирди туурап жатканына ыраазы болушуп:

— Бали, кайта көрсөтүңүзчү? Кемпир кандайча кыйкырды дедиңиз! — деп кемпирдин кыйкырганын дагы тууратышты.

Хан вазирдин айтканына ишенбестен, экинчи вазирин жиберди. Ал келсе кемпир баласынан чыны менен ажырагандай болуп, мына минтип бакырды:

— О, айланайын, Даат!! Ой, Даат! Менин үнүмдү угасыңбы!! Даат!! — деп бакыра берди.

Акыл аке «Даат» деп бакырып жатканда, анын үйрөтүп жаткан балдарынын бири ойгонуп калды да, калган жолдошторунун бардыгын ойготуп, Акыл акенин Дааттап кыйкырып жатканын айтты. Балдардын бардыгы Акыл акенин чебердик менен жардам күтүп жатканын билишип, эшиктин алдына топтолушуп, Акыл акеден уруксат күтүп турушту. Акыл аке балдарынын келгенин сезсе да, жомогун созо берди.

— Экинчи вазир жетип келип сураганда кемпир баягы жообун берди. Хан буга да ишенген жок. Эми вазирлердин эң чоңун жиберди. Ага да кемпир баягы жоопту берди. Хан буга да ишенген жок. Саякатты токтотту да унчукпай сарайына келип:

— Ошол кемпирди алып келгиле,— деп буюрду. Самтыраган кемпир Даатты көтөрүп, хандын алдына келди.

— Кана, кемпир, сенин эмне датың бар? Эмне үчүн «даат!» деп бакырдың? — деди хан.

Кемпир баягы сөзүн айтты.

— Эмне үчүн баландын атын Даат койдуң? Ал атты ким койду? — деди хан күлүмсүрөп.

Кемпир анын дайынын толук сүйлөдү.

— Чалың кандай киши эле? Ал качан өлгөн? — деп толуктап сурады хан.

Кемпир төкпөй-чачпай айтып берди.

— Чалымдын жоголгонуна үч жарым жыл болду. Анын кандайча өлгөнүн билбеймин,— деди кемпир.

— Ат койгон жигит барбы? Анын оокаты кандай? — деп сурады хан.

Кемпир ал жигиттин эң мурун бай болуп жүрүп жарды болгонун, чалдын жардамы менен оокат кылганын жана азыркы күндө ушул элдин биринчи байы болгондугун сүйлөдү.

Хан вазирин чакырды да:

— Мына бул кемпирге жүз дилде бер да, баланын атын койгон байбачаны чакырып кел,— деп буюрду.

Көп убакыт өтпөстөн вазир байбачаны хандын алдына кел-

тирди. Менсинген байбача хан менен жакшылап көрүштү да:

— Сиздин буйругуңузга кайылмын,— деди.

Хан башка сөзгө келбестен, туурадан туура гана:

— Кана, байбача. Дааттын атасын эмне үчүн өлтүрдүң? — деди.

Эчтемеден шеги жоксунган байбача, катуу чочуп кетти.

— Таксыр, анын өлгөнүн мен билбеймин. Байкуш чалды мен өлтүрүп эмне кылайын. Менин өлтүргөнүмө күбө барбы? Болсо беттештириңиз,— деди.

— Баланын атын Даат деп ким койду? — деди хан.

— Таксыр, «Даат» деп мен койдум. Анткени «Мен өлүп калсам, баламдын атын Даат койгун» — деп өтүнгөн эле. Мен ошол кишинин тилегин гана орундаттым,— деди байбача.

— Көргөн киши мойнуңа салса, башыңды азыр алайынбы,— деди хан.

Байбача күбөнүн жоктугуна толук ишенет, анткени чалды өлтүргөндө ал талаада адам эмес, канаттуу да жок болучу.

— Көргөн күбө мойнума салса, башымды ала бериңиз,— деди.

Хан каткырып күлдү да:

— «Даат» деген атты чалдын айтуу боюнча койдуң беле? — деп дагы сурады.

— Ооба, чалдын айтуу боюнча койдум. Мен анын сизге жакпай турганын билген эмесмин,— деди байбача. Хан ордунан туруп алаканын чапкылады. Анын вазирлери жабалактап кирип, тура калышты.

— Байбача, сен акмаксың,— деди хан күлгөн бойдон,— чалды өлтүргөндүгүңө үч күбө бар: бири — Даат, экинчиси — мен, үчүнчүсү — сен,— деди.

Вазирлер да, байбача да эчтемени түшүнгөн жок.

— Силер түшүнбөсөңөр, мен айтайын. Чалдын өлүмү мындайча,— деди хан.

— Кандайча, таксыр? — деп байбача ишенбегендей болду.

— Тыңша,— деди хан, — чал ашкан акылдуу болгон. Анын бардык тулкусу акыл менен толгон. Сен аны өлтүрүп жатканда, өлтүргөндүгүң үчүн өзүңдү күбөлүккө даярдаган. Сен, акылсыз байбача, ага түшүнгөн эмессиң. Акылдуу чал чындыкты акылдуулардан күткөн. «Баламдын атын «Даат» койдурсам, даттын түйүнүн чече турган акылдуу калыс чыгат»,— деп ишенген. Ал сени өлсө да куткарбоого аракет кылган. Мына, сен кутулган жоксуң. Өзүңө өзүң күбө болдуң.

Сен акылга бычак салдың. Бирок ал сенин акмактыгыңдан пайдаланып, чындыкты чыгарды,— деди хан.

Ооздорун ачып отурган уурулардын бири:

— Чалдын акылына ыракмат, хан аларды эмне кылды? — деп сурады.

Акыл аке каткырып катуу күлүп жиберди да:

— Кана, вазирлер! Муну эми кармагыла! — дептир. Мына минтип тагынан тура калыптыр, — деп депкирин кармаган бойдон Акыл аке ордунан тура калды.

Эшиктеги тыңшап турган шериктери Акыл акенин ушул гана сөзүн күтүп турушкан эле. Ичинен илип койгон каалганы жулуп алышып, жабалактап кирип келишти да, камсыз олтурган үч ууруну байлап алып, ханга жеткиришти.

Хан эртесинде элдин бардыгын жыйнап, үч ууруну дарга асмакчы болду. Уурулар дардын алдына барышканда алардын бири:

— Таксыр, бир ооз датыбыз бар,— деп кыйкырды.

— Датың болсо айт,— деди да хан жанындагы Акыл акеге бурулду.

Ууру ханды тиктеп туруп:

— Бул жаза абдан туура. Биздин кылбаганыбыз калган эмес. Бир эле арманыбыз бар, кечээ Акыл аке бизге бир жомок баштады эле. Ошол жомоктун аягы эмне менен бүттү экен? Ошону угуп өлсөк экен,— деди.

Акыл аке жылмайып күлдү да:

— Анын аягы так ушул! Так силердин өлүмүңөр менен бүттү. Ал жомок силерди колго түшүрүү үчүн, атайын чыгарылган менин акылымдын көгөргөн жапырагы болучу,— деди.



## КАСЫМАЛЫ ЖАНТӨШЕВ

Белгилүү прозаик, драматург, Кыргыз ССРинин эл жазуучусу Касымалы Жантөшев (1904—1968) Ысык-Көл областынын Түп районунда туулган.

Коомчулукка белгилүү «Каныбек» романы жана «Эки жаш» аттуу повесттин автору. Булар орус тилине которулган.

Балдарга арнап «Адыл мерген», «Тилек», «Ашуу ашкан суу», «Мендирман», «Биздин жомоктор» жана башка китептерди жазган.

## АКЫЛМАН БАЛА

Күндөрдүн биринде, кан атактуу алты вазиринин мергенчилигин сынамак болуп ууга чыкты. Бирок күнгө бүгүн жума экендиги эсине түшүп, күн ондуулап жана жанына элди көбүрөөк ээрчите келип сынамак болду да, кайра тартып келе жатып, жатакчылар турган айылды аралай өткүсү келди.

Асман ачык болгондуктан, күн төбөдө чакчайып, жер бетин куйкалап жиберчүдөй ысып турат. Бул айыл жатакта калган айыл болгондуктан, айылдын чөйрөсүндө бирди-жарым эчки-улактан бөлөк мал көрүнбөдү. Кырк найзасы кырк жеринен көрүнгөн кара алачыктар турат. Айыл арасында жүргөн адам көрүнбөйт, ар ким эле акактап үйүндө көлөкөлөп жаткан сыяктуу.

Кан айылдын төмөнкү четине чыга бергенде, алдындагы чуңкурчадан чөп алачык көрүндү. Чөп алачыктын алдында чал менен кемпир олтурат. Бирок экөөнүн тең сокур экендиги канга

маалым болгондуктан, кан ал чалга угуза салам айтты да, ары өтө бергенде, көң куюп жаткан баланы көрдү. Бала ары карап ишке алаксып жаткандыктан, кан атынын башын тартып тура калып:

— Ассалоом алейкум, кымбат атам! — деди.

Бала жалт карай салды да:

— Алекиме үч жүз ирет! — деди.

Баланын тетири жооп беришине вазирлердин ачуулары келе түшкөнүн кан сезе койду да, аларга карап унчукпагыла дегендей ишарат кылып:

— Эртелеп туулган жок белең?

Бала азыраак улутунуп алды да:

— Ата-энем а дегенче алты мүдүрүлгөн экен.

— Караган түнт карегиң го?

— Ооба, карасанатайдын кара түнү.

— Аптап акылашпайбы?

— Таба-тута алып жатат, кантейин, үчтүн бири.

— Үчтү тогузга эмне сатпайсың?

— Карт болорумду билип турам, бирок карт карагай турганда балаты бир кадоого жарайбы!

— Каксоодогу карагайдын жашартары жок бекен?

— Үчөө өзү соолуп, үчөө үшкүдөн кеткен экен.

— Суу салар арыгыңар жокпу?

— Башатыбыз алыс.

— Добулду шамал айдаган бекен?

— Жок, буудайды добул каккан экен.

— Ала барчын жок беле?

— Тарп издеген таз кара барчын болобу!

— Канча экен экөө?

— Мага үчтү кошуңуз!

— Кошпогондогу мууну?

— Төрт көчүштү алымдаңыз!

— Жериң сонун го?

— Ирбиттен өтүп калды.

— Эмне үчүн ачылган гүл жашынды?

— Жер сиз жакта да күнгөй-тескей эмеспи!

— Чимели эмнеге үйүлгөн экен?

— Айды жерге түшүрөбүз деп.

— Кош, үчтүн куну канча?

— Ирдүүсү жыйырма жети, майдасы кумдай.

— О-о, де, темир да сынат, сомдо, жөндө, балам!

— Алдыман ажал карап турса да!

— Даты бар чыгар?

— Жаш кургаса тагы калат. Чечекей үчүн кирпик көрбөйт.

— Кулдук.

— Кол боордо!

— Өнөргө өөдө-ылдый жок, атып түшүр.

— Миң ирет!.. Баш чоң, мандай тайкы; көйнөк тар; камчы шапалак, элдин бүлдүргөсү үзүк, экиге сексен кошулса, канжы-

ганын бири узун, бөктөрүнчөккө бири жетсе да бири жетпейт ээ, каным? — деп бала колун ушалап туруп сууга жууду.

Кан камчысынын сабы менен ээринин кашын кагып, кабагын чытып турду да:

— Чыгар, чыгар, балам! Алдыңа алтоо келсе арзан сатпай кымбат сатып ал, өнөр өз учурунда. Аманатым бар...— деди да жонон кетти.

Кан тереӊ ойго түшүп келе жатты. Алты вазири кандын кыянатын көрүп түркүм ойго түшүштү. Бирок эч нерсени ачык түшүнө алышпаган соӊ, акыры кандан суроого туура келди.

— Қаным, бала менен эмне жөнүндө сүйлөшкөнүңүздү билүүгө болор бекен? — деди баш вазири.

— Силер эчтеме түшүнгөн жоксуңарбы?

— Жок, каным! — деп алтоо теӊ жарыша жооп кайтарды.

— Алтооңу акылман вазир деп жүрсөм, бармактай баланын сөзүнө түшүнө албаган акмак вазир турбайсыңарбы? Алтооңо алты күн мөөнөт берем, ошол алты күндө бала экөөбүз эмне деп сүйлөшкөндү чечип бере албасаңар, алтооңун теӊ башыңды алам! — деди кан.

Вазирлер үйлөрүнө барды. Бирок кандын каардуу буйругун ойлошуп, вазирлердин алкымынан аш өтпөй, басса-турса баштарына өлүм өкүмү келип тургандай болушуп, үшкүрүктөрү таш жарып, сандаган санаа, сары убайымга түшүштү. Жан аяшпас жакындарын чакырып, вазилер сырларын айтышты. Акыл сурашты. Бирок бала менен кандын сөздөрүн эч ким чечип айта алышпады.

— Қан саламды түз эле айткан экен, бирок баланын алик алышы тетири.

— Акылман бала болсо самтырап, тезек куюп жүрөт беле, бир дөөдүрөгөн келесоо болсо керек.

— Демек, келесоо менен сүйлөшкөн канды да келесоо дегенишби?

— Жок, келесоо менен кан кайдан сүйлөшсүн.

— Ооба, ал бир шумдук бала болуу керек.

— Балким, Қызыралейсалам болуп жүрбөсүн? — дешип алты вазирге акыл кошууга чогулган вазирлер жана башкалар, түрдүүсү түрдүүчө сүйлөшүп баштарын катырышты.

Акыры алты вазир ат-тондонуп, элди аралап, эл ичиндеги көптү көргөн көсөмдөн, сөздү сөзгө кынап сүйлөгөн чеченден, укмушту билген уламадан, улгайган карылардан сурамак болуп, алтоо алты тарапка жөнөп кетишти.

Алты вазир ат арытып, тон тоздуруп, далай жердеги далай адамдарга жолугуп сырларын айтышты. Бирок эч кимден жооп таба алышпай, өздөрү убадалашкан бешинчи күндө кайтып келишти.

Алты вазирдин үшкүрүктөрү таш жарып, акылдары ордунан кетип абдырай баштышты.

— Өлсөк да баланын өзүнө барып өлөлү! — дешип алты вазир аттанып, балага карай жөнөп калышты.

Бала кемегеге от жагып, ата-энесине кымырандап чай кайнатып отурду эле:

— Балам, дабыш уктуңбу? — деп чал бирдемени тыңшагандай кулагын көтөрүп калды.

— Жок, ата, кемегеге алаксып жатып укпай калдым! — деп бала дагы тыңшай калды.

— Алты аттын дабышы чыгат,— деди энеси.

— Ооба, калп айтпасам бая күнкү кандын тулпарларынын дабышы го? — деди чал.

— Ошол, бирок кандын тулпарынын дабышы жок,— деди бала.

Аңгыча болбой, батыш тараптагы белестен алты вазирдин таскактатып келе жаткандыгы көрүндү.

— «Иштегениң биз үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн» деген ушул, балам. Эми эсиңди жыйып, акылыңды токтотуп ал, балам. Кемпир экөөбүз алачыкка кирели. Тогуз ай көтөрүп томуктайыңаи бери багып өстүрдүк эле, кемпир, балаңдын кенчине кубан! — деди чал.

— Айтып коёлу, арнап соёлу! — деди да, кемпир менен чал туруп алачыкка кирип кетишти.

«Зарылдын пулу күйсүн» деген макалды эстерине алып, вазирлер аргасыздан балага салам айтууну ойлоп келе жатышты эле, бала озунуп салам айтып жиберди.

Вазирлер алик алып, аттарынан түшүп, эмнегедир ачуулары келгендей, камчыларын сүйрөй, чылбырларын баса, сыңар тизелеп отура кетишти.

Бала вазирлердин көрүнүштөрүнө бир аз күлүмсүрөп турду да:

— Агалар, отко келдиңиздер беле? — деди.

Баланы жек көрүп, бардык азапты башыбызга салган сен дегенсип отурган вазирлердин бири:

— Ооба, кандын оту өчүп сага келдик,— деди.

— Кандын шаарындагы от бүт өчтү деп турасыңбы? Үнүңдү чыгарбай мындай отуруп, бая күнкү кан экөөң сүйлөшкөн сөздөрдүн жандырмагын бизге айтып бер,— деди бирөө.

— «Ачуу душман, акыл дос» деген агалар. Ачууңардан эчтеме чыкпайт. Жакшылашсаңар жандырам, бирок бекер жандырбайм,— деди бала.

Алты вазир баланын сөзүнө таңдана түшүштү да:

— «Өлөр өгүз балтадан тайбайт» деген ушубу? — дешти.

— Үнүңдү чыгарбай айтып бер! — деп бирөө комдонду.

— Жаныңды сууруп алабыз! — деп дагы бирөө обдулду.

— «Жылан ийрилигин билбей, баканы майрык» деген имиш. «Баламын жанын силер сууруганда, силердин жанды ким суурат?» — деген чалдын ачуулуу сөзү алачыктан угулду. Бирок чалдын үнү вазирлер үчүн алда кандай шумдуктуу сезилди. Кимдендир ыйбаа кылгандай, вазирлердин мүнөзү жумшап, алдыртан бирин-бири караштты.

Четте отурган сакалдуу вазир оор улутунуп алды да:

— Айтылган сөзгө терикпе, балам? Амалыбыз кеткенде сага келип, «өлөр өгүз балтадан тайбайт» өзүбүз болуп отурабыз. Шартыңды айт! — деди.

Бала азыраак ойлоно калды да:

— Ар кимиң миң дилдеден бергиле,— деди да, бала кайнаган кымыран чайын алып алачыкка кирип кетти.

Вазирлер ары акылдашты, бери акылдашты, акыры миң дилдеден берүүнү макул табышты. Кайта бирин чаптырып дилде алдырышты. Алтоо алты миң дилдени санап дагы беришти.

— Кана эми, балам, бая күнкү сөзүңдүн бирин койбой жандырмагын жандыр! — деди баягы сакалдуу вазир.

— Э, балам! Вазирлер кандай экен? — деген чалдын үнү алачыктан дагы чыкты.

— Корстон. Эң майда! — деди бала.

— Ата-а-а... бирдин жанында миң кесеги болбоспу? — деди чал дагы алачыктан.

— Кесек анда-санда эмеспи, майнапта, балам! — деген кемпирдин үнү угулду.

— Деги ушулардын адам экендигинде шегим бар,— деп вазирлердин бири жанындагысына шыбырады.

— Жарыбаган баладан жабыр көрдүк, жалчытпай турган сөзүнө кымбат төлөдүк; кантели, башка иш түшкөндө буга да көнөлүк деп капаланбай, ачууланбай, көңүлүңөрдү буруп, менин каныңар менен сүйлөшкөн сөзүмдү угуп тургула,— деди бала.

Вазирлер орунтуктап отурушуп баланы карап калышты.

— Кандын «Ассалоом алейкум, кымбат атам» дегени — эр эмгеги менен кымбат, эрдин эринен эмгек улуу, эмгек менен эр көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт; эмгек ата-энеден балага калган; менин жашым улуу, жолум улуу болсо да, эмгек үстүндө сен улуусуң; ошондуктан сага салам айттым, балам дегени.

— «Алекиме үч жүз ирет» дегеним — алеки салам каным, менин ушул эмгегимди баалап, улуу башыңызды кичүү кылып мага салам айткандыгыңыз үчүн, сизге үч жүз ирет алкыш жаасын дегеним.

— «Эртелеп туулган жок белен?» — дегени — агаларың жок беле дегени.

— «Ата-энем а дегенче алты жолу мүдүрүлгөн экен» дегеним — ата-энемин менден мурун алты уулу болгон экен, бирок алтоо тең өлүп калыптыр дегеним.

— «Караган түнт карегиң го?» дегени — тиги карап отурган сокур чал менен сокур кемпир сенин ата-энең го дегени.

— «Ооба, кара санатайдын кара түнү» дегеним — ошол менин ата-энем; бирок экөө тең душман колдуу сокур болуп калып, эми карыганда карайлап карып болуп олтурушат дегеним.

— «Аптап акылашпайбы?» дегени — күндүн ысыгына чыдабай, жумуш кылган элдин бардыгы көлөкөлөп жатса, ысыкта иштеп жүрүшүң кандай; ысык өтүп ooруга чалдыкпайсыңбы дегени.

— «Таба-тута алып жатат, кантейин, үчтүн бири» дегеним — айтпасаңыз дагы ооруга чалдыга баштадым; бирок амалым кан-

ча чоң кишилердей иштей албайм; тынбай иштегендиктен күнүмдүк бирдеме табам; түштө эс алсам, үчөөбүздүн бирибиз ачка калабыз дегеним.

— «Үчтү тогузга эмне сатпайсың?» дегени — ыктуу жумуш таап, мыктап үч ай иштеп, тогуз ай ойноп жүрүүгө эмне аракет кылбайсың дегени.

— Карт болорумду билип эле турам, бирок карт карагай турганда балаты бир кадоого жарайбы?» дегеним — чомун ойногон кумарчы карт болгондой карт болорумду билип эле турам; бирок карыган ата-энем тигинтип отурса, мен жаш болсом, үч ай эмес, бир жыл иштеген эмгегим бир кубандырууга жарайбы дегеним.

— «Каксоодогу карагайдын жашартары жок бекен?» дегени — карыган ата-энеңе кайрылыша турган ага-иниси жокпу дегени.

— «Үчөө өзү соолуп, үчөө үшкүдөн кеткен экен» дегеним — атамын алты бир тууганы болгон экен; үчөө өз ажалынан өлүптүр; үчөө жоо колунан найза тийип өлгөн экен дегеним.

— «Суу салар арыгыңар жок беле»? дегени — каралашар тууган-уругуңар жок беле дегени.

— «Башатыбыз алыс» дегеним — урук-тууганыбыз бар, бирок элибиз — алыс дегеним.

— «Добулду шамал айдаган бекен?» дегени — атаң кечирилгис күнөө кылганда эли-журту кубалап айдап жиберген бекен дегени.

— «Жок, буудайды добул каккан экен» дегеним — жок, атам адамга кара санабаган киши экен, бирок элиндеги чоңдору кас болуп кубалаган экен дегеним.

— «Ала барчын жок беле?» дегени — кара кылды как жарып калыстык кылуучу каныңар жок беле дегени.

— «Тарп издеген таз кара барчын болобу» дегеним — калдайган элдин башын кармаган кан өзү баш болуп куу кекиртегинин камын ойлосо, андай кан кара кылды как жарып калыстык кылабы дегеним.

— «Канча экен экөө?» дегени — атаң менен энең канчага чыккан адамдар дегени.

— «Мага үчтү кошуңуз!» дегеним — менин жашымдын үстүнө үч эсе көбөйтүп кошсоңуз, ата-энемин жашына туура келет деген им.

— «Кошпогондогу мууну?» дегени — сенин жашың эчеде, балам дегени.

— «Төрт көчүштү алымдаңыз» дегеним — каным, тогузга төрт кошулуп мүчөлүм болду дегеним.

— «Жериң сонун экен го?» дегени — балам, ата-энең абдан акылдуу адамдар экен го дегени.

— «Ирбиттен өтүп калды» дегеним — акылдуу десеңиз акылдуу эле, бирок карыпчылыкка жеңдирип коюп, кайраттары кайта баштады дегеним.

— «Эмне үчүн ачылган гүл жашынды?» дегени — ата-энең ашкан акылдуу болсо, менин жериме келгенден бери эмне үчүн жа-

[illegible] жүрдү; эмне үчүн акылдуулуктарын мага көрсөтүшкөн жок дегени.

— «Жер күңгөй-тескей эмеспи» дегеним — өз элиме батпасам да бирөөнүн элине эптеп батармын деп, ата-энем сиздин жерге келген экен; бирок ата-энемин артынан куугунтуктагандар, ата-энемди кармап беребиз дегендер сиздин жерден дагы чыгыптыр; «булут ала, жер чоло» деп сиздин элден чыккан душмандын кесепетинен ата-энем көздөрүнөн ажырап, карып болуп калыптыр; демек карып болгон эки сокур сизге акылдуулугун көрсөтө албайт эмеспи дегеним.

— «Чимели эмнеге үйүлгөн экен? дегени — майга үйүлгөн чимелидей болгон желмогуздар, эмне үчүн сенин ата-энеңе анчалык каршыккан экен дегени.

— «Асмандагы айды алабыз деп» дегеним — атам акылман, энем да акылман жана ашкан сулуу киши экен; кан энемин сулуулугуна кумарланып ашык болот; энемди зордуктап алуу үчүн кол курап келет; ара жерде чоң уруш чыгат; акыры атам кандын колун жеңет; бирок үч бир тууганы ошол урушта найза тийип өлөт; ата-энем ал жерде жашап тура албастыгын билип, ушул жерге келген экен, ойлоп көрсөңүз, калганы түшүнүктүү го, каным дегеним.

— «Кош, үчтүн куну канча?» дегени — түшүндүм түшүндүм, балам! Кандын кол алдындагы элдин арасынан чыккан жүзү каралар ата-энеңдин көзүн сокур кылган экен; аны жай сүйлөшөлү; бул сөз ушуну менен бүтсүн; эми атаң жоо колунан өлгөн үч бир тууганынын кунун кандай кылып алды дегени.

— «Ирдүүсү жыйырма жети, майдасы кумдай» дегеним — атам үч бир туганынын куну үчүн, ошол жоосунун ичинен, тандамалуу жыйырма жети баатырын өлтүрүптүр; ал эми уруш убагында өлгөн кандын кошуунунун эсеби жок дегеним.

— «О-о, де, темир да сынат, сомдо, жөндө балам!» дегени — баракелде атаңа; атаң ата кунунда жок киши экен; атаңын акылына кайраты төп келген экен; энеден туулган жан эрегишкен душмандын эсебин таба билсин; алтын сандыктын ичине жашынган жан да өлөт, айбыкпай жоого тике барган жан да өлөт, бирок ошол эки өлүмдүн кимиси сыймыктуу экенин курсактагы бала да билет; сен да атаңын жолун жолдо, балам дегени.

— «Алдыман ажал карап турса да» дегеним — айткан акылыңызга ыракмат, каным; ай-ааламдагы душман чогулуп, менин ажалымды алдыма алып келе жатса да жалтанып кайра тартпаймын, каным дегеним.

— «Даты бар чыгар?» дегени — балам сенин мага айта турган арызың жок болсо да, карып болгон ата-энеңдин арызы бар чыгар дегени.

— «Жаш кургаса тагы калат, чечекей үчүн кирпик көрбөйт» дегеним — албетте, датыбыз бар каным; элиңизге баш калкалап келип, көрбөгөн кордукту көрдүк, кордукту да унутууга болот эле, ата-энем көзсүз калды, көз да эчтеме эмес; бирок көкүрөктөн кетпей турган ачуу кек калды каным; өзүңүз көздүү болгон соң,

көзсүздүн көкүрөгүндөгү кекти жакшы баамдап өлчөгөн жоксуз дегеним.

— «Кулдук!» дегени — бул сөзүңө жыгылдым балам; каардуу кандан, азуулуу арстандан кайра тартпай, кемчилигин бетине баса айткандыгың үчүн, алдыңа кулдук кылам, балам дегени.

— «Кол боордо!» дегеним — кан башыңыз менен сөзүмө жыгылып, кулдук кылгандыгыңыз үчүн, мен колумду боорума алып алдыңызга таазим кылам дегеним.

— «Өнөргө өөдө-ылдый жок, атып түшүр» дегени — акыл өнөрү менен кол өнөрүндө чоң-кичине жок; «акылың аз болсо акылдуудан кеңеш сура, кол өнөрүң аз болсо кол өнөрдү көптөн үйрөн» деген; бала да болсоң акылдуулугуңа баш ием; мени сынап кеңеш бер, чочулабай таамай бетке айткын дегени.

— «Миң ирет» дегеним — миңдеген кандардын акылманы болсоңуз да, менин акыл өнөрүмдү баалап баш ийгендигиңиз үчүн, каным, сизге миң ирет бактынын шыбагасы жаасын дегеним.

— «Баш чоң» дегеним — башы чоң кандар толуп жатат, бирок аларда айбандык мүнөз көп, адамгерчилик аз, сизде адамгерчилик да бар экен, акыл да бар экен дегеним.

— «Маңдай тайкы» дегеним — балаңыз жок экен, бирок балаңыздын жоктугуна кайгырбаңыз; «акылмандын маңдайы тайкы, арстандын баласы жалкы» деген, каным; эби менен башкарсаңыз, эл сиздин балаңыз дегеним.

— «Көйнөк тар» дегеним — тандап алган зайыбыңызды кийип турган көйнөгүңүздөн дагы жакын көрөт экенсиз, бирок зайыбыңыз сиздин акылыңызга акыл кошо албайт экен; үйүнүн ичи тейленбегенге көнгөн кан, эл арасынын тейленип турган-турбаганын барк албайт, себеби зайыптын шалакысы эрин шалакылыкка сүйрөйт дегеним.

— «Камчы-шапалак, элдин бүлдүргөсү үзүк» дегеним — каным, вазирлериңиздин ичинде акылманы жок экен; камчы-шапалак, шапалак менен чапсаң колуңдун кычуусу канбайт, душмаңдын эти оорубайт; мындай вазирлер сиздин айтканды элге, элдин айтканын сизге жеткирбейт; бөрк ал десеңиз баш алган, сиздин көлөкөңүздө жүрүп вазир атанган эмелер экен; ошондуктан элиңиздин ичинде жабырлык көргөндөр, кайгы-датын сизге айта албагандар, өз колу өз оозуна жетпегендер бар экен, каным дегеним.

— «Экиге сексен кошулса» дегеним — сиз жалгыз акылман, эки көзүңүз бар; эгер кырк вазириңиз тең акылдуу, адамгерчиликтүү болсо, сиздин эки көзгө кырк вазириңиздин сексен көзү кошулса, кандай сонун болот эле; биз сыяктуу карыпты мурун эле көрбөйт белеңиз дегеним.

— «Канжыганын бири узун, бири кыска, бөктөрүнчөккө бири жетсе да, бири жетпейт ээ, каным» дегеним — канжыгалаш болуп бир жүргөн үзөңгү кагыштырып атты бир минген сырдашым деген вазирлериңиз бири менен бири каршы экен; бирок орунсуз, бири катын-кызын кызганса, бири бирөөнүн ичкен тамагын кызганып, дагы бирөө сиздин күлө карап койгонуңузга ич тардык

кылып, башын жууркандан чыгарбаган бала-чакасынын ушагына ишенип, бирине-бири каршы экен; «бүлөсү оңолбой, иши оңолбойт» деген; уурунун толорсугун кыркпай, ушакчынын тилин кеспей, тардын киричин чыгарбай ишиң оңолбойт, каным; «төртөө төп болсо төбөдөгүнү алат, алтоо ала болсо алдыдагыны алдырат» деген; эгер ушул сөзүмдү эске албасаңыз, алдыңыздан так, башыңыздан бак кетип калат ээ, каным дегеним.

Колумду ушалап туруп сууга жууп жибергеним: «Аракет кылбай берекет жок; эмгек эрдин акысын жебейт, эмгек кылсаңыз, эл арасындагы бузуктарды менин колумдагы кирдей жууруп, сууга салып жууп жиберсеңиз, менин колум кирден арылгандай, эл арасы бузуктардан арылса, элден сизге алкыш жааса, сиздин жүзүңүз элдин алдында айнектей жаркырап турбайбы дегеним.

Кан камчысынын сабы менен ээринин кашын кагып, кабагын чытып турганы — андай карасанатай бузуктардын тамырына ийне кагам, чечекейин чегип эсебин табам; бирок өлүм чиркин өксүтүп кетпегей эле, неге адам баласы өлбөс болуп жаралбады экен дегени.

— «Чыгаар, чыгаар, балам» дегени — «кантет элек, өңгө жалган, өлүм ак» деген, балам, биз өлсөк да экөөбүздүн оюбузду орундата турган бирөө бар чыгаар дегени.

— «Алдыңа алтоо келсе арзан сатпай кымбат сатып ал, өнөр өз учурунда» дегени — алдыңа алты акмак вазирим келип, ушул сөздөрдүн жандырмагын сураса, арзан албай кымбат алып айтып бер; өнөрлүүнү өз учурунда мактоо керек, өлгөндөн кийин мактоолуу сөздү андан эч ким талашпайт дегени.

— «Аманатым бар» дегени — вазирлерден бирдеме айтып жиберем, андан кийинкисин көрө жатарбыз дегени.

— Кана вазирлер, катып албай кандын бергенин мага бергиле! — деп бала вазирлерди караганда, баладан өмүрүндө күтпөгөн сөздөрдү угуп караланып жана баланын сөзүнө таң калып оозун ачып отурган вазирлер, чочуган бойдон бирин-бири караشты.

— Каным бизден эчтеме берип жиберген жок,— деди вазирлердин бири.

— Андай эмес, кан — кан башы менен калп айтса, жумуру журтту жутпайбы,— деди бала.

Отурган вазирлер эчтеме бербегендигин айтып карганып да жиберишти.

— Кан колу менен бирдеме бербесе да, оозу менен сөз айтып же бир ишарат кылдыбы? — деди бала. Баш вазир ойлонуп турду да:

— Бая күнү мындан кетип бара жатканда, алдыбыздан бир ак сакал адам жолукту,— деди.

— И, ал адамга кан эмне деди, канга ал адам эмне деди?

— Эч сөз сүйлөшкөн жок.

— Деги ишарат кылыштыбы?

— Чал келе жатканда кан камчы кармаган колун бооруна алып туура тартып тура калды. Чал дагы тура калып колун боо-

руна алды. Кан башын төмөн ийди эле, чал сакалын кармай калды. Кан башын чайкап көзүн сүзгөндө, чал сакалын булкуп, оң колун жогору көтөрүп, сол колун жогору көтөрө албай ыйлап жиберди да, тоого карай ээгин шилтеп бастырып кетти,— деди.

— Дурус, дурус— деди бала.

Бала унчукпай көпкө ойлонуп калды. Баланын кыяпатынан улам вазирлердин бири балага карап:

— Демек, кандын ал эмне дегени, ошону бизге айтып бериңиз!

Бала күлүмсүрөп турду да:

— Кандын өзүнөн сурагыла: «Билгиси келгенге өзүм айтам» дептир,— деди бала.

— Ага макулбуз, бирок биз келгенде ата-энең менен сүйлөшкөнүңө түшүнбөй калдык,— деди вазирлердин дагы бирөө.

— Жакшы болот, агалар,— деп бала азыраак ойлоно калды да: — «Ээ, балам! Вазирлер кандай экен?» — деп атамын сураганы — балам, алтоонун ичинде кандын кадырына жетип, сөзүнө түшүнө тургандары бар бекен дегени.

— «Корстон, эң майда!» дегеним — андайы жок, болоор-болбос бирдемелерди иштесе, калдайган кандын элинин төбөсүнө шам жаккансып калышат экен дегеним.

— «Ата-а-а... бирдин жанында миң кесеги болбоспу?» — деп атамын айтканы — аттиң чиркин ай, ошол өңдүү акылман кандын жанында, миндеген акылмандары болсочу дегени.

— «Кесек анда-санда, майнапта, балам!» деп энемдин айтканы — акылман адам анда-санда чыгат эмеспи; майнабын чыгарып балкыта сугарган эгиндей кылып, вазирлерге сөзүңдү майдалап түшүндүрүп бер дегени,— деди да бала ордунан турду.

Вазирлер орундарынан туруп, аттарына минүүгө кам урганда, бала чуркап келип, колтуктап аткарды. Бирок эч сөз айтпай вазирлер жөнөп кетишти. Вазирлер унчукпагандыктан бала да унчуккан жок.

— Кош айтышкан жокпу, балам? — деди атасы.

— Жок, ата! — деди баласы.

— Кандан коркпосо, бизди өлтүрүп, берген дилдесин алып кетүүгө даяр экен, ээ? — деди энеси.

«Айтып коёлу, арнап соёлу» деген энесинин сөзүнөн улам, бала чуркап барып бирөөдөн бир козу сатып келип түлөөгө чалып, коңшу отурган жатакчыларды чакырышты.

Чычкан мурдун канатууга дарманы келбей отурган жатакчылар үчүн, баланын козу союп эт бериши, бээ союп, той бергенден кем болгон жок Жакшы санашкандары жакшы баталарын берип таррашты.

Эртеси бала атасы менен энесин жетелеп алып, базарга барды. Бала ата-энесинин айтуу боюнча, кийим-кече жана үйгө керектүү буюмдарды алып, үйүнө кайтышты. Кечкурун эшик алдында тамак жеп олтурушуп бала ойлонуп калды.

— Балам оозуңун дабышы чыкпайт, бирдеме ойлонуп жатасыңбы? — деди энеси.

— Эчтеме деле ойлогонум жок, ойлобой да койгонум жок.

Канга жолуккан чалдын ким экендигин ажырата албай койдум,— деди баласы.

— Аттиң, балам, дагы жетише элек экенсиң; сен элдин түрүн, эл ичиндеги адамдардын түрүн чала билет экенсиң. Ошондуктан менин сөзүмдү угуп тур,— деди атасы.

— Атаңын сага үйрөтөр мындан башка акылы деле калган жок. Олуттуу отуруп ойлонуп ук, садагаң! — деди энеси.

— Чал келе жатканда, кан камчы кармаган колун бооруна алып, туура тартып калганы — акылман устатым, салам айтып, алдыңызга башымды ийип таазим кылам; кандайча тагдыр сизди бул жерге айдап келди дегени экен.

Чал дагы камчысын бооруна алып тура калганы: Алекимесалам каным: өз алдында өзүмдүн адамгерчилик милдетимди аткарайын, кулакка жакпас шумдук кабар айтайын деп келдим деген экен; бирок кан чалдын сөзүн: «Алекимесалам, каным, датыңды угууга даярмын деп айтты» деп түшүнгөн экен да, кан башын ийгени — датым бар, ата; элимдин ичиндеги ээн баштардын азабынан эки адамдын кунуна жыгылдым; ошол эки адамга дары тапсаңыз, алдыңызга ат эмес, баш тартуу деген экен; чал сакалын кармай калганы — каным, карыганда сакалың кыркылып жинди боло баштагансыңбы; өзүңдү өлтүрүп, элиңди мүлдө чабууга жоо келди; жоонун көптүгү менин сакалымдын түгүнөн көп дегени экен: бирок кан аны дагы: «Эки адамдын кунуна менин сакалымдын түгүнөн көп мал берсек кутулабызбы деп айтты — деп тетири түшүнгөндүктөн, чал башын чайкап көзүн сүзгөн экен; кандын башын чайкап көзүн сүзгөнү — жок, болбойт, көздүн кунун көздүн өзү менен төлөшүм керек дегени; чал сакалын булкуп, оң колун жогору көтөрүп, сол колун жогору көтөрө албай ыйлап жиберип, тоого карай ээгин шилтеп бастырып кеткени — сени дурус окутуп чыгара албаган менин сакалым жулунсачы; кан болгондон кийин дардайып акылыңа акыл кошо албай калган турбайсыңбы; кантейин, шорум көп экен; ооз менен сүйлөгөнгө түшүнүп, кол менен жаңдаганга түшүнбөй калган турбайсыңбы; оң колум көтөрүлсө сол колум көтөрүлбөйт экен; бирок сени чабууга келген жоо тетиги тоодо турат; барып талкала, болбосо өзөндүү сууңдуу ары буруп жиберип, элиңдин жарымын суусуз өлтүрөт, жарымын кул-күң кылып чаап кетет; бизди жоодон коргоп ал, коргобосоң кантет элек, катын-кызым — күң, мен кул болуп кете беребиз да; акылы жок кандан ала чыйырчык алда канча артык, деп чал ачуусуна чыдабай арман кылып ыйлаган экен,— деди атасы.

— Мен дагы кан түшүнгөндөй түшүндүм эле. Көрсө жаңылыш экен. Акылга чек жок деген ушул турбайбы...

— Сен токтобой тез барып канга жолук. Болгон окуяны жана жоонун келип калганын толук айт. Кокус сенден акыл сураса мындай деп акыл бер,— деди атасы.

Бала атасынын айтканын көкүрөгүнө түйдү да, канга карап жөнөп калды.

Болгон окуяны баладан угуп, кан абдан капа болду. «Акылдан

адашкандай мен ошончолук эле карып калдымбы? Же менин акылым ошончолук эле азбы? Болбосо мен даңкыма мас болуп көөп кеттимби?» — деп кан балага жооп кайырбай көпкө ойлонуп турду. Акырында вазирлерин жана кеңеш сурачуларын чакырып, болгон иш жөнүндө, суунун тетири буруп, элин кыргыны келген жоо жөнүндө сүйлөшүштү. Бирок мына мындай кылалы деп эч ким эч акыл бере албады. Тек ар кими ар түрдүү, чар учкандай сөздөрүн сүйлөшүштү.

Кан кайгыргандай дагы көпкө ойлонду, кабагын салып, муштумун түйүп отурду да:

— Баргыла! — деди.

Кеңешке чакырылгандардын бардыгы үйлөрүнө кетти. Баягы алты вазири калды. Кан дагы ойлонуп отурду да:

— «Кандын кайгырганы — кара түн башына түшкөнү», балам! Кандай акыл бересиң? Вазирлерге майдалап айт, балам! — деди.

Бала бир топко унчукпай туруп, атасынын айтканына өзү дагы кошумчалап мындай деди:

— Жоо күчтүү каным! Тике барып урушкан менен жеңип алалбайсыз. Сизге келбестен мурда тоого барып сиздин устатыңыз — чалга жолуктум. Ал киши мени ээрчитип барып жоонун күчү канчалык экендигин, эмне кылып жаткандыгын жана жоо кайсы жерлерде жесекчи жесетип койгондугун толук көрсөтүп айтты. Капчыгайдын берки оозуна жүз киши койгон; ар кайсы кырда бирден жесекчи, бирден кароолчу. Ушул суу бери имерилип аккан жердин ары жагы кичинекей кумдуу бел экен. Белдин ары жагынан бери казып келе жатышыптыр. Эгер ушул суунун бештен бирин ары буруп жиберсе, беш күндөн кийин бүт бойдон суу ары карай ооп кетет. Себеби аркы тарабы эңкейиш жана эшилме кум экен. Эгер суу ошол тарапка ооп кете турган болсо, элиңиздин жарымынан көбү ошол тарапта калат, көбү малы-мүлкү менен сууга кетет. Бул тарапта калган аз эл менен көп жоого топурак чача албайсыз. Жоонуз айтылуу кара жемсөө Кара-кан. Топуракты каптап, куржундап, эшектеп ташып, белди кесип жатат. Ошондуктан устатыңыз жана атам менен кеңешкеним мындай: атам көзсүз, устатыңыз таарынып келбей койду,— деп бала канга өзүнүн оюн айтты. Кан баланын айткандарын орундуу деп таап, токтоосуз аны орундатууга буйрук берди.

Бала түндөп, кандын устаты болгон чалга барып, аны ээрчитип алып жоого карай жөнөдү.

— Анын дурус, балам... Бирок эч шырп алдырбай мына бул капчыгайдын оозунда жесекчилик кылып турган душмандын жүз жоокерин жок кылсак, анда кудайдын бергени! — деди чал.

Экөө жүрүп отуруп айтылуу жерге келди. Бул жерден найза сайып кылыч чабууга, жаа тартып, мылтык атууга ашкан чебер деп аталган беш жүз жигитти табышты. Аларга капчыгайдын оозунда турган жүз жоокерди колго түшүрүү иши тапшырылды. Андан ары бара түшкөндө кырк вазири менен кан жолукту. Акыркы убаданы айтышып, ар кими өзүнө тагылган ишке жөнөдү.

«Берейин деген кулуна, белен кылат жолуна» деп, беш жүз жигит өтө чебердик менен тегеректеп алып, жоонун жесекчиликте турган жүз жоокеринин алтымышын өлтүрүп, кыркын туткунга алышты.

Чалдын айтуу боюнча түн ортосуна жакын, бүтүн элдин бардыгы өндүрдүн эки тарабындагы кырга жетишти. Бул кырга келгендер минген унааларын төмөн тоо этегине таштап, жөө келишти.

Чал, кан, бала үчөөнүн айтуу боюнча, он төрттөн жогорку жана алтымыштан төмөнкү эр бүлө, алар менен бирге он сегизден жогорку жана кырктан берки субай-салтаң кыз-келиндер да келишти. Бирок алар түн катып бул аскалуу кырга эмне үчүн келишкендерин билишкен жок. Билгендер кандан жарлык болбогондуктан сырын айтышкан жок.

Жоонун кырк жоокерин колго түшүрүп алган беш жүзү, ушул өндүрдүн оозундагы кысыкта бугуп жатты. Беш миңдей жоокер, жоо сууну тетири буруу үчүн казып жаткан белдин ары жагынан чыкты. Алар бул жерге жетери менен беш жерге от жагып жиберишти. Бул белдин ушул тарабы эшилме кумай жана каксоо болгондуктан, жоонун кошуундарынын кошу, белдин ары бетиндеги чоң суунун имерилишинен төмөн тартып, суунун эки тарабына жолум үй жана чатыр тигип жайланышкан эле.

Жоокерлер акырын белге чыгып караште, жоонун колу тынчтык уйкуда жатканын көрүп кандын белгисин күтүштү.

Көп узабай таң ата баштады. Кан айткан аска-зоонун түбүнөн балбылдаган чоң от күйдү. Бул чабуул коюуга берген кандын белгиси эле.

Беш миң чамалуу кол белден чыга берип, жер-сууну көчүрүп ураан чакырышты. Бирок уктап жаткан жоонун колу а дегенде түшүндө калың чууну угуп жатканын же чын эле өңүндө угуп жатканын түшүнө алышпады, көп убакыт өтпөй «жоо келди» деген чуу көбөйө баштады.

Аңгыча болбой кандын кошуундары найза сунуп, чуу үстүнө чуу көтөрүп, күпүлдөтүп доолбас уруп, жоонун кошуунунун жогорку башынан кирди. Уйкуга эңги-деңги мас болуп, көзүн ачалбай жүргөн жоонун жоокерлеринин тополоңу тоз болуп, төмөн карата качты. Беркиси чабуул койгон жоодон качса, аркысы беркисинен качты. Тушаган, үч буттаган, аркандап баса жаткан, жүгүртмө кылып койгон аттар чурулдап бошогону төмөн карата үркүп кетип жатты. Тек тандын үрүл-бүрүлүндө жоо үчүн ойдо жок тополоң башталды.

Дал ошол учурда капчыгайдын эки тарабындагы кырда күтүп жаткан кандын эли жер дүңгүрөткөн чуу көтөрүп, колго тийген ташты омуруп төмөн карай кулатып келе жатты. Өздөрү кырылбасын үчүн, айтылган шарт боюнча кандын колу кайра тартты.

О, шумдук... Дал ошол учурдагы көрүнүштү, болуп жаткан окуяны толуктап айтуу кыйын... Тоодо жүрүп таш кулатып көргөн адамдар көз алдына элестетүү мүмкүн...

Кулаткан бир таш жолдо келе жатып, бир канча ташты кулатты. Кулаган таштар аскадан зоого урунуп алда нече бөлүндү;

кагылышкан таштардан түркүм оттор жаркылдап шумдуктуу үндөр чыкты. Жан киргенсип кулаган таштар жалама боорго токтосунбу, жан алчудай зыркырап, секирип келип тийген жерин оюп, эпкини тийгенди жоюп отуруп чоң сууга барып күпүлдөп түшүп жатты...

Жер дүңгүрөткөн чуу менен, бош ташты буту менен тээп, бошоң ташты омуруп кулатып кандын эли суунун өндүрүнө карай түшүп келе жатты. Бул айтып түгөткүсүз ааламат аш бышымга созулду.

Күн чыга таш кулатуу токтолду. Айтылган белги боюнча элдин бардыгы далда жерлерге жатып суунун өндүрүн карашты. Кулаган таш токтолуп, чандаган чаң көккө карай көтөрүлдү.

Суунун эки тарабына тигилген жолум үйлөр, жайган чатырлар жоголуп, анын ордуна корум таштар пайда болгон. Бирок кол менен иштегенди көз менен көрүү үчүн эл төмөн, суунун боюна түшүп келишти. Жоонун бирди-жарымы бекинип калдыбы деген ой менен кокту-колот, аңгек жана таштын жапсарларын карап келишти.

Жоонун беш жүздөй адамы, жүз чамалуу аты колго түштү, бирок бири да соо эмес... биринин колу, биринин буту, биринин бели сынган; кээси эмнениндир эпкинине ээси ооп калган.

Суунун жээгине жакын бир зоочанын алдындагы үңкүрдөн, он чакты вазири менен жоонун каны табылды. Таптаза, соо деп эсептелген кандын бир жаагы айрылып, башы томуюп чыккан...

Кандын эли жана жоокерлери ара жерге чогулду. Кандын жарлыгы боюнча эл ала келген азыгынан жеп тоюнду.

Кан кубанычтуу күлүмсүрөп:

— Кана устатым, туткундар жөнүндө эмне дейсиз? — деди.

Эмнегедир чоң капа болгондой, чал көпкө чейин унчукпай жана канга карабай туруп:

— Эрдигиң менен колго түшүргөн жоону кандыгың менен өзүң бийлебейсиңби? — деди да, балага карап жерден бир топ майда ташты иргеп алды да, ордунан туруп, кагынып басып кетти.

— Жоонун канын вазирлери менен алып калып, калганын элине коё бербейсизби, каным! — деди бала.

Кан туткундарды баланын айтканындай кылууга жарлык берди да, жоону жеңгендиги үчүн эртеңден баштап кырк күнү түркүм-тамаша менен той бере тургандыгын билдирип, жар салдырды.

Чал менен бала, сууну тетири буруп жиберүү үчүн жоонун казып жаткан жерине барды. Чал көпкө карап турду да:

— Көрдүңбү, балам! Бүгүн кечке казса, кечинде суу бул тарапка карап ага баштамак. Бирок элдин багы бар экен. Атаңын айтуу боюнча, менин айтканымды канга барып айтып, мага келдиң. Эгер сен болбосоң бул канды бир эмес миң ирет жоо чапса да үйгө жата берет элем: жоо айдаса боздоп ыйлап кете берет элем. Минтип эрегишип таарынганымдын себеби мындай, балам! Атасынын тапшыруу боюнча бул канды ар түрдүү ишке он жыл үйрөттүм. Атасы өлгөндөн кийин атасынын ордуна кан болду.

Менин тамагымдын чүйгүнүн жеп, жакшысын ичсе да, ошол күндөн ушул күнгө чейин, бул кан жакшы ооз жай айтып алымды сурай элек. Ит агытып, куш салып үйүмдүн чеке-белинен көп өттү, бирок бир ооз салам айтып амандашпады. Менин кемпирим жииз, уулум шал, кызым менен эптеп жан сактап турам. Бир улактуу эчкиден башка адалдуудан түк, адал эместен ит жок... Мына, картайган атаңдын абалы ушундай. Бирок эчтеме эмес... Абийир болуп жоону жеңдик. Ырас, жоону жеңгенде да Телибай тентекче жеңдик. Бирок мындан башкача кылганда, бүгүн бул кубанычка жетпейт элек. Биз жоокерлерибизди аттап-тондогончо, сууну буруп жиберишет эле. Анын үстүнө бул жоонун жоокерлери шай жана бирөө биздин бир нече жоокерибизге татыйт эле. Анын үстүнө булар конуштан жаңылып колго түштү. Эгер булар кошуунуна мына бул тараптан конуш берген болсо, анда бизге эч качан алдырмак эмес. «Абийирдүү жигитке ажалдуу кийик жолугат» деген ушул, балам. Бардыгыбыз бактылуу болдук. «Эрге кылган жакшылык — элге кылган жакшылык». «Эл деген — сел деген!..» Сел каптаса серпилип кетип жок болбой турган эч нерсе жок, балам! — деди чал.

— Эл деген ат ошон үчүн сыймыктуу да, ата,— деп бала менен чал тамаша куруп жыргап жаткан элге карап жөнөп калышты...



# МУКАЙ ЭЛЕБАЕВ

Кыргыз совет адабиятынын баштоочуларынын бири, таланттуу жазуучу М. Элебаев (1905—1944) Ысык-Көл областындагы Түп районундагы Чоң-Таш селосунда туулган.

Мукайдын «Зарыгам» аттуу биринчи ыры 1924-жылы «Эркин Тоо» газетасына басылган. Биринчи ыр жыйнагы 1931-жылы чыккан. 1936-жылы «Узак жол» аттуу автобиографиялык романы жарык көргөн. Ал орус тилине да которулган.

Мукай Элебаев Улуу Ата Мекендик согушта эл-жерин душмандан коргоп жүрүп курман болгон.

## БОРООНДУУ КҮНҮ

Кай жылы экени жадымда жок, январь айынын бир суук күнү жолдо келе жатып, кеч кирип бара жаткан кезде, бир үтүрөйгөн боз үйгө бурулдум. Бул бир кашаттан түшө бериште, сарайчанын жанындагы жалгыз үй болчу. Күнү бою жөө басып, чарчап, анын үстүнө алдымдан утур кардуу бороон болуп кетип, эми мындан ары жүрө турган чама жок эле.

Үйдүн эки-үч эркеги бар экен. Мен барганда, мурунтан айтып отурган аңгемелери бөлүнгөн да жок. Жанындагы кишиге аркасын ыктай, отту карай демитип, этегин жамаачылаган көк мата көйнөгү бар, оттун табына бөрткөн кызыл балтыр сегиз-тогуз жашар секелек кыз отурат. Ушуга көзү менен мурду аябай окшогон бир орто жашаган аял казан-аяк жак менен алаксып жүрдү.

Азыраак отурганымдан кийин, төрдө сүйлөшүп жаткан сөздөр-

дөн улам, кирпидей тикирейген коюу кашы бар, жайык жүз, уюган кара сакалды бул үйдүн кишиси болбосо керек деп болжодум.

Мага назарын салган ушундан бир кемпир болду. Бери болгондо жетимиштин кырындагы киши. Бул экөөбүздүн ортобуздан тутамдап саман жаккандай жер коюп, катар отурабыз. Отун ным. Бирде жалбырттап жанып кетсе, бирде жалп этип өчүп, үйдүн ичи күңүрттөй түшөт.

Кошунам экөөбүз бирөөдөн жашыруун сүйлөшүп жаткандай, дабышыбыз акырын гана чыгат. Төрдөгүлөрдүн бизде жумушу жок. Бая мен келген ченде гана, секелек кыздын артында отурган киши:

— Алдыңдагы түйүнчөгүң эмне? — деп, менден бир ооз кеп сураган.

— Ал дүнүйө дейсиңби, өзүмө жараша бир көр оокат да...

Мындан кийин биз жайыбызга калып, алар өз алдынча боло берди. Аңгеменин эмки жагы малай жүргөн бирөөнүн акысы тийбегени жөнүндө болуп жаткан сыяктуу. Сөз баштап отурган кара сакал:

— Өзүнөн өзү жүрүп, капкайда бир кудай урган ишке чырмалып алат.

Мындан илгерирээк кулагым чалганы: «Ошол жылы кара чечектен журт чөп чапкандай кырылбадыбы»,— деген сөз эле.

Жанымдагы кемпир мага сүйлөп отурат:

— ...Бечара киши жан багышка орус ичи жакшы болот экен. Мына бу дөңдөгү кыштак ошол. Жолдо көргөндүрсүң. Келгенибизге беш-алты жыл болду. Бу жерде бизден бөлөк кыргыз жок.

Муну таштай берип, баятан болуп жаткан аңгемеге кайра көчтү.

— Жетимчиликти көп тарткан экенсиң. Тескейге баратам дедиңби?

— Ооба.

— Ата-энең качан өлгөн?

— Көп жыл болду.

— Кайра ошонуң жакшы, кулунум. Энең байкуш болсо, сен ушинтип жүргөндө: «Балам алда кандай болду экен» — деп, санаркап курубайт беле?.. Акыр өлбөсөң, бир күн жетилип кетерсиң. Түн ичинде көзү кургур да көрбөйт. Болбосо, тизеңдин береги жерин бүрүп берет элем. Чокоюң да суу...

Эшиктин ар кай жеринен зыркыраган борошо так менин тонумдун жыртыгын көздөп тургандай коолдоп, бир капталым муздап отурду.

Конор-конбосум али ачылган жок. Үй тар, адамы көп. Балким, мына бу казандагы тамак ичилгенден кийин, бирөө: «Чырагым, эми жайды көрүп турасың»— дей турганын ким билди. Мага келгенден ыкласын салып отурган кемпирдин колунда бийлик жогун а дегенде эле байкагам. Айтор, не болсо да бул жагынан капарында жок кишидей камырабай отура бердим, анткени — мындайды бүгүн эле көрүп отурган жан эмесмин да!

— Бул да бир күн унут болор, балам. Көргөн-билген баары тең артта калмак... Мал да, дүнүйө да эч кимге опо болбойт...

Ушундан кийин көпкөк тарамыштары саналып турган, калтыраган этсиз арык колундагы жыгач менен отту көсөп жиберип, ошол жерге мелтирей кадалып, тынып, ойлоно калып, кадалган ойдун артынан козголуп коюп, куураган чачынын арасына кол жүгүртүп, кежиге ченин кашып алды да, мага шыбырачу немедей, жакындай түшүп, акырын гана:

— Бөрк алдында не болбойт. Дос душманды айрып жүр. Колуңдан келип турганда бөйпөндөп, бак тайган күнү, баса берген киши дос болбойт. Жок-барда бирдей болуш керек,— деди.

Түн бир далай мезгил болгон сыяктуу. Казан чыгарылды. Самандын ачуу түтүнү чамгарактан чыкпай уюлгуп, кайра каптап турат.

Табак төрдөгү эркектерге гана тартылды. Мага бир арканын омурткасы тийген. Үйдүн аялы өзүнө алып калган бирдемесин жулкуп жеп, күйпөндөп, казандын жанында каралап отурат.

— Отту жарыгыраак кылып койгулачы — деп, бирөө чулчуңдап чайнап жатып, эшик жактагы кемпир экөөбүзгө карай буйрук кылды.

Бул арада мындан башка унчуккан киши болгон жок. Жалгыз секелек кыз колундагы кар жиликти чагам деп, убараланып жатканда:

— Сый чабасың, кой! — деп ачууланып барып энеси керкини колунан алып койду.

Мен жалгыз омуртканы мүлжүп, таштай берип, карап калганым менен табактын эти да көп эмес эле. Туш-туштан жабылган ооздор табактын үрөйүн учуруп бир демге калтырбай отоп жиберишти.

Кол жууп, бир кыйла кобурагансып отургандан кийин, журт орундарынан туруп, жатууга кам ура баштады. Сыртка чыгып бараткан бирөө шимшилеп кирип келген кара канчыкты: «Кет!» деп, жаза-буза бир сала, жолунда кыйрайып турган сынык эргилчекти түзөп коюп, кыңшылаган ит менен удаа чыгып кетти.

Кемпир болбогондо мен унутулуп кала жаздаган элем...

— Э, ботом, Жийдекан, бу бала эмне болот? — деди бир кезде ал.

— Апей, катыгүн... мен...

Бул убакта кара сакал дагы бир жигит жатып алган.

— Жеңеке бүгүнчө мени батыргыла. Мындан бөлөк корголор жерим жок болгондуктан, келип олтурам. Наяты бир түнөп кетет экенмин — деп, мен да кемпирге кошумчалап койдум.

— Эми кандай кылам? Төшөктүн баары салынып...

— Баягы тердик кана?

Мунун жообу бар экен:

— Аны башка жаздап койбодум беле. Жатарга чолоо жер да калбаптыр...

— Ишн кылып бирдеме бер.

— Болсо, мен аяп отурамбы? Жүк тирелип тургандай сүй-

лойсуцөр да! — деп, бу жерге келгенде кемпирди бир каарып өттү.
«Төшөнчү», жаздыктын сыягын өзүм да көрүп турам! Ошентип туруп, Жийдекан бир кезде жаалап жибергенде далдалчылардын сүрөөнү менен арзан сатылып бараткан малына кейиген кишиче, кыпжылып барып эңкейип канжыгадай самсаалаган тердикти сууруп алганда, төшөгүнүн башы жапырайып калды.

— Ушундай эле болот мага — деп, ирегеде жаткан бир кап тезектин жанына тердикти жая салдым. Жаздыгым ошол боло турган. Бут сунар жер жок. Жанымда — коломто.

Жатканымдан кийин талпакты сүйрөп келип, үстүмө таштап койду да, кемпир:

— Эртең бороон бастаганда кет. Жолдо куруп каларсың,— деди күңкүлдөп.

От өчтү. Үй жер кепедей караңгы. Жымжырт. Жалгыз гана тыштан улуган бороондун күчү менен, илдибары кеткен жаман үзүк делпилдеп, уукту сабап турду...

Эртеси бул үйдөн бир адам серпиле электе туруп алып, жолго түштүм. Мунумду кечээги мээримдүү кемпир да билбей калды. Аны кетерде бир байкаганымда — колу, буту мышыктыкындай чогулуп, уйпаланган, жүдөгөн башы койнуна кирип, мууздаган малдай кыркырап жаткан эле.

Тышка чыксам бороон басанча тартып калган экен. Бирок күн али бүркөө.

Кантсе да кечке жетермин деп ишенип, тээтиги көк тиреген мунарга окшогон, ак кардуу бийик заңгелди бет алып, жалгыз талаада кетип бара жаттым.

Бүгүн карасам, ошондон бери баскан сансыз жол бүлбүлдөп алда кайда калган!

Ырас, буга таң кала турган эчтеме да жок, анткени ошол кездерде, эрксиз заманда кечирген өмүрүмдүн бул бир гана күнкүсү го.

## ЗАРЛЫК

### I

Бүгүн созулган сар талаада жалгыз аяк жол менен эрбеңдеп бир жөө келе жатты. Бул не көрүнгөн айыл, не бир агып жаткан суу жок — учу-кыйрына көз жетпеген бир мейкин эле. Журт илгертен каракчылардын жайыты дей турган Тасмандын талаасы ушул.

Жалгыз адам эртерээк бир жерден чыккан. Ошентсе да болжогон жерге бүгүн жетпей калгандыгына көзү жетип келет. Күүгүм кирип, жер караңгылап калган. Ошол учурда чарчаганына карабастан басып, жүрүшүн ылдамдата берди.

Кызуу менен лакылдап отуруп, бир кезде карарган бийик кашатка келип такалганын сезбей да калды. Эртеден кечке созулган талаа түгөнгөн сыяктуу. Ушул чөйрөгө биртике кыдыра түшүп,

алды жагына көз жибергенде, алда кайда жалтырап жаткан чоң өзөндүн аркы өйүзүнөн жылт-жылт этип бирде өчүп, бирде жанып турган бирин-серин от көрүнөт. Оң жакта бир саландаган тумшуктун алды чепинен ит үргөндөй болду. Аярдай турган мезгил эмес, айланасын биртике байкап алды да, иттин үнү чыккан жакты боолгой бир коктуча менен сойголоп төмөн кирип кетти.

Ойлогондой эле жаңкы тумшуктун түшө калган жеринде жалгыз үй бар экен. Барды. Бирок, мунун максатына түшүнө койгон соң, бир орто жашаган аял кечикпей үйдөн чыга калды. Абалы: «кайдыгер бир аяксыз бозуп жүргөн неме...» деп, күңкүлдөп, артынан табышын көтөрүбүрөөк:

— Балам, мында сен конор жердин ыгы болбойт. Эркегибиз да жок үйдө,— деди.

Эшик алдында, сыртта бир ээр токумга көчүгүн коюп булардын аңгемесине катышпай гана күңүрт тартып, жымжырт бир жигит отурат.

— Байбиче, бир түн улагаңарга жатып кеткенден өзгө залалым жок. Менде бир жаман санаа болуп, бирдемеге тиет деп ойлобоңуз,— деди бала бир топ сөздөн кийин.

Аял карарып алды:

— Ошол айтарым. Эрте күндө таап ал, бара турган жериңди.

— Барар жерим болсо мында келип турар белем, жарыктык?

Ушундай дегенинде:

— Ботом, мени менен жаакташкандай сен кайдагы неме элең! — деп жаңкыдан катуулап коё берди.

Болсо, болбосо жана бир айтып калайын дегендей кылып бала:

— Эң курбаса берегн суудан кечирип койбойсуңарбы? — деди.

— Жанынан аша кечкен эле киши болбосо, ушул күкүктөп жаткан суудан ат эмес, төө да...

Айтыш эми созулган жок. Үйдөн бала бир топ узап калган ченде:

— Ушуну бекер кылдыңар... Бир мусапыр көрүнөт... — деген бирөөнүн кебин кулагы чалып калды.

Асман ачык болгон менен жер караңгы. Теке маңдайда бир сары жылдыз бөтөнчө жаркырап турат. Бала кайда барарын билбей, саздак жер менен төмөн карай суу бойлоп келе жатып, бир оокумда күшүлдөп оттоп жүргөн жалгыз өгүзгө жолукту. Муну көргөндө башына бир ой түшүп, акырын «шыктыктап» жакындай бергенинде, карандап алып жүрүп кетти. Алдынан чыгып, жарга туюктап жана бир айландырды эле мында да болбоду. Ошол убакта бар күчү менен кууп келип өгүз бир саздан аттай берем деп орной түшүп оңоло бергенче, жаза-буза куйруктан, анда-санда бир тийип кетип баратып, бир кезде жандай түшүп келип, каргайган мүйүздөн алганда, баланы кыйла жерге дыргаяктатып барып, куйругун чычандатып токтой калды.

Мурунтугу жок. Белиндеги кендирди чечип, мүйүздөн чалды да, кидирбей ыргып минип алды. Максаты: суудан кечип, өгүздү кайрып айдап жибермек. Ушинтип жүргөнүмдү бирөө көрсө не болот деген ой капарына да келген жок.

Суу кирип жаткан экен. Түсү күпкүрөң, копкоюу. Тобокел деди. Сайроо көрүнбөйт, эмнеси болсо да ушул жер кечүү чыгар деп бир жайыгыраак жерге келип, катуу-катуу камчыланып алды. Өйүз алыс.

Жээктен эки саржандай узаган кезде, баланын жоон санына чейин муздай түшүп, эми өгүздүн мүйүзү гана кылкылдап көрүнүп бараткандай болду.

II

Бул бала мындай. Бир жылы, күзүндө Зарлык Ырдыкта бир бай дунганга жүргөн жеринен чыгып келип, Акматжан аттуу жети-өгүздүк татарга туруп калды. Акматжан — дүнүйө жагынан бир болуш элге татырлык, байлыгы дубанга маалым адам. Жалаң өгүзү сексен.

Зарлыктан чоңураак да бир малай экөө керели кечке тынбай отун таарыр эле. Ошондо суткасына тамагы — кайнаган ак суу менен алакандай кара нан. Булар ошентип эң курбаса күнүнө бир убак тамакка жарыбай ачыгып-азып жүргөндө, килкилдеген козунун этин тууратып туруп жүнү жылтылдаган иттерине бердирүүчү.

Не керек: ачарчылык менен чектен ашкан кыйноонун акыры Зарлыкты мындан да куйрук түйүшкө муктаж кылды. Кыштын орто чени. Үстүндө жалгыз эски көйнөгү бар эле, чечтирип калды.

Ар кай жерди чалып көрүп, бул чөйрөдө күн өтпөсүнө көзү жеткен соң, эми Түпкө барып көрөйүн деген ой менен бир күнү Бөрүбаштын шилисинде чоң жолго салып ээнде келе жатты. Күн ылдыйлаган сайын суук күчөп, коркунуч көбөйүп келет. Талаага түнөгөн адам тоңуп өлө турган.

Бул адам баласынын башына чанда келе турган кыйын күндөр эле. Он алтынчы жылкы көтөрүлүш салдары баягыдан бетер ырбап, Кытайдан кайткан качкындар азаптын тогуз тоомуна жолугуп, ачтык-жылаңачтык каптап, журтту ак шишик алып, четинен кырылып жаткан убак. Анын үстүнө падыша желдеттери ээн жердин бөрүсүндөй болуп, өлү-тиринин арасындагы элдин башына жаркылдап кылыч ойноп турган. Анча-мынча кишилерди бир ооз тергебей-этпей эрмек катарында жайлап салыш арзан. Өлүмгө моюн сунуп, чанда бир жанынан аша кечкендер болбосо, ээн-эркин басып өтүш кыйын эле.

Журт ушундай калабада турганда байлардын эгини кампага батпай, чирип жатканы көп... Жалгыз Акматжан быйыл кырк соко чыгарып, Тасманын талаасын бүт ээлеп, жүз теше күздүк айдаган.

Зарлык жүрүп келип, бир жонго чыга бергенинде, жарты чакырымдай жерден алды жагынан дыр коюп келе жаткан араба көрүнө түштү. Чеккени кош ат. Төрт-беш адамы бар.

Зарлыкты көрүп акырындап калгандай болду. Бирөө кол булгайт.

Булардын түрүп байкай койду да, жолдун тескери кеткен бир айгылышына түшүп ылдамдай берди.

Зарлыктын тушуна келе берген ченде, арабадан үч адам ыргып-ыргып түштү эле, ал жаңкы жолунан да чыга качты. Кар тизеден. Бутунда кийиз өтүктүн башмагы бар. Мунун кончун кетеринде кожоюну кесип калган. Колунда жоон жыгачы бар, эңгезердей бирөө, кесек арыштап, кыйрата сөгүп чуркап келе жатканы бөтөнчө көрүндү. Башмагына кар толуп, бутунан ыргып кетип, буйдала түшүп Зарлык да жөнөп барат.

Эми бир аз кууганда булар жетмек эле. Ары курсак ач, ары муун жок, ооздон кара суу келип, шайман кетип калган. Бул сырды тигилер билбесе керек, бир топ кууп келе түшүп, кайра тартышты.

Ошол жерде Зарлыктын алы куруп жатып калды, бир убакта сенделип башын көтөрсө, жаңкылар алда кайда кетип бараткан экен. Кылчак-кылчак карап коюшат.

Аңгыча болбой, арт жактан келе жаткан жалгыз аттуу, жана бир арабага кез болду. Аны көрүп, дагы чочуюн дегенде бул адам атын токтотуп коюп тийбей турганын, кайта жаны ачып жатканын айтып чакырып алды. Жалгыз киши.

— Алар өлтүрөм деп ойлогон... Баары мас, шайтандар... Ай, байкуш...

Жыргалаңдын көпүрөсүнүн тегерегинде чоң-кичине болуп, тоорулуп жүргөн топ кишини камчысы менен көрсөтүп:

— Көрдү сен тигилерди? Тосуп турган сени... — деди.

Көпүрө бир кыйла жерде.

Ушинтип туруп, бир кезде бул бөлүнүп кеткен киши болуп Зарлык мындай баса берди да, бир кабак менен бугуп келип, ушул арабанын алдынан чыкты. Бул жаңкы кишинин үйрөткөнү. Зарлыкты арабага салып, саманга терең көмүп, үстүнө көр-жерин таштап койду да, жүрүп кетти...

Баягы көпүрөгө келгенде жабалактап тергей баштады:

— Кайда жаңкы.

— Таап бер...

Арабакечке ишенбей, самандын ар кай жеринен сайгылаганда таяктардын учу Зарлыктын бөйрөгүнө, кардына келип урунуп жатты.

Киши сары-көлдүк экен. Үйүнө күүгүм кире келишти. Бар тамагын аяган жок.

— Бирок көп ашаба, жаман болосуң,— деди келген күнү.

Бул Зарлыкты кыштай асырап чыгам деп келген. Бирок, үч күндөн артык турган жок. Аялы күндө уруша берип мазесин алды белем. Бардигер оокаты: бир ат, бир уй, эки чочко, жыйырма пуд аштыгы бар экен. Буга караган эрди-катындан башка чөбүрөгөн үч бала. Жумушка жарары жалгыз өзү.

Зарлык кетер күнү бу киши малай ала турганың барбы деп, өзү турган көчөнү бүтүн кыдырып чыгып, жедеп амалы куруганда жайын айтты да, түшкө жакын арабасына салып бир топ узатып койду.

Түпкө келип бирөөгө туруп калды. Колуна таяк алып, көчөлөрдү кыдырып жүрсө, карды челкейиңкирээк келген, жапалдаш бойлуу, чоң сары сакал адам кезигип, абалы мунун жумушка жарамдуулугун, күчүн сурап, бир топ сынга салып маалкатып турду.

— Ошондой... Ато бекер тамак ашаса...

Зарлык кай-кайсыга да жараймын деген жоопту бере берди.

Жаз алды менен талаага чыгып кетти да, кош айдап бүткөнгө чейин кайтып кожоюнунун үйүн көргөн жок. Кыштай үй жумуш кылып жүргөнү мындан көп жеңил көрүндү.

Өгүз соко. Кабыл алдыңкы төрт өгүздү айдачу. Бир-эки гана сагат тук этип, күндө түн жарымдан турган адамга уйкунун таттуулугу ошончолук, кээде кетип баратып каалгып кеткенде арт жагынан:

— Эй! — деген ары сүйкүмсүз, ары катуу, чаңырган дабыш менен көзү чайттай ачыла түшөр эле.

Кош айдалып бүткөн соң, бир айга жетпей Зарлыкты чыгарып жиберди.

Эмки келип орношкон жери Сазановка. Жай ортосу чен. Кыштактын музоосун кайтарат. Түп менен бул экөөнүн аралыгында: Күрмөнтү, Кудургу, Ойтал, Орто-Өрүктү, Чоң-Өрүктү деген кыштактар калган, буларды кыдырып эки арада бир жумадай күн өткөн.

Бирок Сазановкага көп байыр алган жок. Ушул жерде жүргөндө дагы бирөөгө кез болуп, Алматыга карай сызмак болду. Ал өзү ошол жерлик орус экен. Орто жашап калган адам.

— Кийимиң бүтүн, курсагың ток болот. Керек десең акыңды да берем, жүр,— деди бир күнү кечинде, музоолорду жайпатып, кыштакка келе жаткан жеринен, бир көчөдөн кармап сүйлөшүп туруп.

Ошондон Алматыга дейре бир күнү да күндүз жол басканы жок. Аттарын чыгарып отко коюп салып, керели кечке уктайт да, дайыма түн киргенде жүрөт. Бул эмнеси деп Зарлык таң калып келген. Кийин байкаса, муну жол билбей калсын деген ой экен.

Мында келип кыштап калды. Алып келген кишинин үйү шаар сыртында экен.

Жазга жуук кожоюну конфискацияланып кетти. Бул убакта совет өкмөтү орногон кез. Зарлыктын акысына конфиска болуп жаткан малдан эки кой алып берсе, четке чыкканда бирөөгө торттырып жиберип, ошону менен күндөрдүн биринде кайра жолго салган.

Көбүнчө күндүз жүрөт.

Бир күнү элдүү жерге жетпей, түн ичинде жүрүп келе жатып, бир жерге жатып калайын деген ой менен жолдон жарты чакырымдай буйтап барган кезде, бир жерден шилияга бутун илип алды. Ээн жер. Караса, ат арабасы менен дүкүйүп жаткан бир кош. Чочуп кетти. Эгер ушул арабадан бирөө туюп калчу болсо буга бир өлүм анык эле.

Алматыдан чыкканы жолду катар, анча-мынча жумуш табыла койгон жерге бир күн, эки күн аярдап, мындай болбогон күндө

айыл аралап кетип, он сегиз күн дегенде кайра Сазановкага келди.

Эмки багыты тез кубулуп отурду. Бирде Күрмөнтүдө, бирде Сарытологойдо болду. Пржевальскиге келип кыш куюп, андан Даркан деген жерде жүргөндө бир байбачанын малын айдашып, Анжиянга кетип баратып жолдон кайтты.

Үч жыл ушундай чарбысынга түшүп, бул убактардын ичинде он бир жерден которулду.

Акыркы жолу Жылуу-Булакта болчу. Бул кезде журт мурункусунан бир топ оңолгонсуп калган экен.

Ушул жылы жер-жерде «Жаңы тартип» окуусу деген жайылган.

«Жаңы тартип» окуусун өмүрдө биринчи жолу угуп отурган көп. Адегенде бул тууралу журт ичинде не сөз болбоду: «Илгери аптиек, куран окуйт дечү эле. Чөк түшүп отурар эле. Эми кызык. «Мугалим... Аяк, табак, казан... биринчи, экинчи...»

Бир күнү Зарлык Жылуу-Булактын оюндагы ушундай бир «Жаңы тартиптен» окуюн деп келсе, кеч калдың деп албай койду.

— Кыш ортосунан өтүп кетти. Сен окуп жеткенче качан эми? — деди чокчо сакал, узун жаак, кара киши.

Бул убакта Зарлык бир туугандарынын үйүндө. Ал тууганы Зарлыкка «Жаңы тартип» окуусун «жамандап», күндө бир «акыл» айта берер эле. Бирок, мунун баарын тең жалгыз менин жумушума кызыгып айтып жатат дегенден бөлөк ой башына кирген жок.

Жылуу-Булактын оюна төрт-беш сапар барып, жедеп айласы кеткенде, мугалимдерге беделдүүрөөк бир баланы арага салып жатып араң өткөндөй болду. Өмүрүндө от жагылбаган, шыкырайган терезелерине жыртык кагаздарды кураштырып чаптап койгон бир суук тамда, жерге кагып жасаган өңгүл-дөңгүл скамейкаларда колдорун үйлөп, көк муштум болуп отурган балдар...

Зарлык «окууга» кирип кеткенден кийин, тууганы үйүнөн куул салган. Эртерээк сүйлөшүп коюп, күндө бир баланы ээрчип барып конуп келмей. Бардык азап-тозогуна кайыл, окуудан калбаса болду!

Мында бир маал аскер ойну. Кай бир (колунан келген) балдардын ийнинде жыгачтан жасалган кылыч, мылтык. «Командир» — Сагымбай аттуу, кыруусуна керекарыш көрпө кармаган көйкөлгөн ак тон кийген, кызыл жигит.

— Сола а дүн! Сола а дүн!

Түрк тилинде чакчая түшүп, команда берип туруп, жаңылгандарын качырып барып камчы менен тартып-тартып жиберер эле. Муну балдар эрөөн албайт дагы.

Ушунда Жапаркул дей турган он сегиздерде бир арык чырай, кара бала кезек-кезек, жума сайын мугалимдер менен Караколго каттап турчу. Бардар кишинин баласы, башкалардан кийми да түзүк. Бул ар бир барып келген сайын балдарды топтоп алып, калаанын жаңылыгын айтып отураар эле. Аңгеме көбүнесе Караколдогу «казыналык» окуудагы балдар жөнүндө болчу.

Жапаркулдун сөзүн бар дити менен тыңшап алып, Зарлык өзүнчө жоруганда: жыпжылуу бир эн-чени жок чоң, ракат үйдө, бир өңчөй кийинген «казыналык» балдар жараштыра койгон чачтарын селкилдете, буттарын тең таштап, ойноп жатканы кыялынан элестей турган. Булардын өмүрү Зарлыкка байыркы жомоктордо да жок, бир «бейиш» көрүнө турган.

Ушундай «Казыналык окуу» кабарын дагы бирөөдөн укканы бар. Ошондон кийин жатса-турса бир оюнан кетчү эмес.

Жылуу-Булактагы «Жаңы тартип» көп узабай, кош чыгарга жакын тарап кетип, Зарлык арманда калды.

Эмки дарты — Каракол. «Казыналык окуу!»

Ушинтип жүргөн оюн билип, баягы тууган бир күнү муну алып отуруп, адатындай «акыл-ызат» айтты.

— Иним, эми кой. Бейтарап болбой эриш-аркакташып эптеп оокат кылалы. Элден безгендин акыр түбү жакшы болбойт. Көрүнгөнгө чарпыла бергенче, кетменди жакшы чаап, токочту чоңураак жеп гана тынч жаткандан жакшысы барбы? «Эсиң барда этек жап» деген. Менден бөлөк эл бекеринен бир күн үйүнө батырбайт сени. Ырас, илгерки жылдар болсо сага кайрылмак тургай, «өлбө жаным, өлбө» деп үлпүлдөп өз жаныбыз араң калды. Эми мына...

Ушундан кийин дагы бир түнү туруп мындай деди:

— Кой дегенге болбой ээленип алдың, өзүң бил эми. Эчеманеки дубана болуп кетсем да, сайрап жаткан тилим тешилгендей да болду го. Баягынын тукуму ушинтип тентип жүрөт дедирип... нечен жылдар элге жолобой безип жүрүп, кана чыккан мүйүзүң? Сенин жумушуңа кызыккыдай менин кайсы кылынбай жаткан сарамжалым бар эле? Өзүңө күйгөндөн айтам...

Канчалык сайраган менен бир сөзү да Зарлыктын кулагына кирген жок. Анткени мындай «ыркымды» бүгүн эле көрүп отурган жок го?

Күндөрдүн биринде киши көзүнө чалынбай буйтап алып жолго түштү.

Алиги күүгүм талаш Тасманын белинде келе жаткан себеп ошол болучу.

Жаш кезде барлык үмүт, максат — келечек.

### III

Үч-Кошкон базарында журт сейилип калган кез. Көчөдөгү теректин баштары салмак менен эригип, акырын гана ыргалып коёт. Узун тартып, созулуп кеткен бир кызыл дүкөндүн оң бурчунда милиция формасында кийинген тартайган, ак куба жигит менен Зарлык сүйлөшүп турат. Милиционердин кийгени кайыш менен курчанган кайырма жакалуу көк мата көйнөк. Бутунда кеңирээк кара батинкеси бар.

— Ошентип, окуу табылбай койду де. Канча болду бу жерге келгениңе? — деди бул бир топтон кийин, өтүп бараткан бирөөнү карап калып.

— Он беш күнчө болду.

— Кантип жүрдүң, андан бери?

— Чет жакта айыл бар экен... Бир аз күн шаар ичинен күндүк жумуш кылдым. Отун кестим. Эки күндөн бери кайра...

— ...Милицияга теги албайт сени,— деп коюп, артынан ээги менен ымдап көрсөтүп:— мына бу, жогор жакта бир почта бар эле, кат ташыганга киши керек деп жүрбөсүн ошол? — деди.

— Ага да барып көргөм.

— Союз кошчуга бардыңбы?

Зарлык далай жерлерди таптап жүрүп, Караколду көргөнү ушул.

— Азыр эмне кылганы турасың? — деп сурады жаңкы жигит.

— Тышка чыгып кетем го.

— Кеч кирип кетпедиби?

Кидирип ойлоно түшкөндөй болду да, мындай деди:

— Жүр эми, казармага барып көрөлү. Мен деле жакында келдим. Эмне аксайсың?

Жүрүп келишет.

— Береги кызыл үй эмеспи силердики? — деди Зарлык бир көчөдөн төмөн карай бурула берген жерде.

Жаанда жол жүргөн араба дөңгөлөгүндөй баткактаган казармага келишти. Мында жалаң кыргыз жигиттери жатат экен.

Эрчитип келген жигит Зарлыкты бирөөгө шашылыш дайындап коюп, өзү кеч кире кароолго чыгып кетти.

Жатарда, тактайга кандай келсе ошондой аркы-терки сулап жаткан милиционерлер менен катар, колуна тийген жалаңкат таарды бир бурчка Зарлык да жая салды.

Казарма таң аткыча бир тыным көргөн жок. Алда кайда бир жактан жаңы келип, жарак-жабдыгын шалдырата кобурап жүргөн бирөөлөр, алда кимисин жулкулап ойготуп ашыгып бир жакка жөнөтүп жаткан... «Кайда» деп издеп жүргөн. Кыска кайтарган жooптор, орой сөздөр...

Опур-топур бир пас тына калат да, журт каалгып бараткanda кайра жаңкы...

Ушундай тынымсыз тополоң аралаш; уйку соонун арасында Зарлыкка түнү бою, ылгый төмөнкү сыяктуу байланышы жок, үзүлдү-кесилди сөздөр угулуп жатты:

— Дежурный?

— Түрмөдөн качты...

— Экинчи смен...

— Жөнөл, тез...

— Начальник!

— Ту, чорт!

— Аристовдий келди...

Эртеси Зарлыктын жигити улуу шашкеге чейин көрүнбөдү. Чайдан кийин, ушунда бирөө чытыраган тар шымынын чөнтөгүнө колдорун салып: «Да, мурун — палийса, эми милийса» деп ойлонуп, каршы-терши басып турду да, бир иретте токтой калып Зарлыкка бурулду:

— Иним, эми бир жай таап ал. Өзүң көрүп турасың. Мунубузду начальник билчү болсо...

Зарлык тышка чыгып келсе, бир чарчы бойлуу, кара түйрүк милиционер төрт кишини жөө декилдетип айдап келе жаткан экен. Артында басылбай бирөө сүйлөнүп барат:

— Колонизатор!.. Контробанд!..

Ушундан эки күн өткөн соң, өгүнчөрөөк бирге жүрүп ажырап кеткен бир жолдошуна базарда капылыстан кез болду.

— Ой, сен дагы эле жүрөсүңбү? — деди Зарлыкты көрө коюп. — Эбак бир жакка кетип калды го дедим эле...

— Сендей бара турган жерим болсо...

— Кайда жүрдүң теги ошондон бери?

Буга жооп кайтарбастан:

— Жүрбөйсүңбү, дагы бир кыдырып көрөлү,— деди Зарлык. — Эми табылбайт го. Мен түңүлүп койдум.

Бала чокоюн бир карап коюп, аттанган жаткан кишиче белин чечип туруп, кайра бекемирээк тартып курчанып алды. Жайын сурабастан мурун, бая күнү Зарлыктан ажырап кеткенден бери көргөнүн, өзүнүн да бу жерде жарый турган эчтемеси жоктугун, илгери бир кашкарлыкка тийип кеткен энесин таап алып, ошондо конуп жүргөнүн, ал «атасы» да итке минген жарды экенин, жылкы заводунда тери ийлеп, эптеп күн көргөн бир бечара экенин баяндап, бир топ кеп уруп турду.

Окуунун пайдасын «үгүттөп», муну бир кезде элден бездиртип чыккан Зарлык эле. Азыр да ошону иштеди. Армансыз бололу, күдөр үзбөйлү деди. Тиги бала ойлонуп калды.

Бул кезде мейли жер-суу чатагы, мейли чарбачылык, агартуу жөнүндө жүргөн адам болсун, кай мекемеге да ылгабай кире берер эле. Ошолордун ким кимиси да бул тууралу баланчага бар, ошонун жумушу деп эч ким айтчу эмес. Алып барган арыз үстүнө резолюция сала беришчү. Жеке бул эмес, кай мекеменин милдети кайсы экени, ошол жерде башкарып отурган адамдардын өзүнө да, чет кишилерге да караңгы, күңүрт сыяктуу болчу. Ал эми кай бирөөнүн өз милдети боло турса да, кыйыктангысы келгенде баландай жерге бар деп, караңгы, туюк кишилерди кез келген жакка шилтей берчү. Биринен сала бирине түртө салып отуруп, эми кагазда кол коё турган чоло жер калбай калчу.

Экөө бул сапар Союз кошчудан баштады. Бул мекеме чиркөөнүн маңдайында, эшигинен эзел ат кетпеген бир жыгач үй.

Бирок керектүү кишиси жок экен. Эт бышымдай күтүп отуруп, келбеген соң жөнүнө тартышты.

Мурун жол болбой, ушундан эки күндөн кийин дагы бир жерге чындап бел байлап келишти. Эшик алдында такачылардын мамысындай катар орноткон эки мамыга лык толуп, уйгу-туйгу байланып турган аттар. Жалтыраган ээр-токум, баркыт көрпөчөлөр турат. Сыртта камчысын колуна, колтугуна кыса экиденүчтөн болуп, ар кай жерде жүйүртө басып, бөлүнүп, өз ара сүйлөшүп отургандар да бар.

— Эмне кылчактайсың, жүр! — деди Зарлык, артына кылчайып.

Тынбай кирип-чыгып жүргөн эл. Очойгон сүрдүү кара мурут жигитти тегеректей төрт-беш адам турган экен. Ушул замат оозгу үйдөн көзү көк таштай туптунук, мурду кырдач, сулууча келген бир аял адымын өлчөгөндөй таштап, шыпылдай кирип келип, орусча басылган эки баракты начальнигинин алдына жая сала, машинка чакылдагандай чапчаң сөз менен кыска түшүндүрүп, кагазга кол койдуруп алды да чыгып кетти.

Элдин аягын күтүп туруп, бир топтон кийин төртүнчү киши жөнөй бергенде, Зарлык ара чолодон пайдалана түшүп, сөз баштап келе жатканда, чапканы бараткан таяктан жазгангандай, алаканын буга далдалай токтотуп коюп, оң жагында отурган суусар тебетей менен сүйлөшүп кетти. Зарлык өксүп калды.

Акырында баары кетип, мекеме жабыла турган мезгил да жакындаган эле. Ошол убакта Зарлык «эми бизге жол тийген чыгар» деп ойлогончо болбой, айтып жаткан сөзгө да кулак салбай, тиги киши столдо жаткан бир кагазга үңүлдү. Ошенткенде Зарлык жолдошун мындай тур деп түртүп, алдыга чыгып жакындап келди да:

— Биз баятан сизге келип турабыз,— деди, басыраак дабыш менен.

— И, эмне жумуш? — деди кара мурут кабагын чытып.

Келгенден бери буларга биринчи жолу караганы ушул.

— Эмне болсун, окуу...

— «Окуу жок» деп, бая күнү эле айтпадым беле? Эмне? Көчөдө калсаңар кантейин, жумуш кылгыла!

— Сизден угарыбыз ушул болсо — биз акыл айтар кишини таап келген экенбиз!.. «Жумуш кылгыла!» Он жылдан бери тынбай куураганыбыз аз келгенсип, дагы эле байлардын тезегин куя бергиле демексизби? Бул кайда, жаңкы «жетим-жесир» дегениңер? — деп, өзүнө жараша Зарлык да жаны күйгөн бойдон бир топ зилдүү сөздөр айтып жиберди.

Мунун оозунан бул өңдүү кеп чыга коёр деген тигинин капарында да болбосо керек. Көзү канталап, эки колу менен столго таяна түшүп, ордунан тура калчудай обдулуп барып кайра отурду. Бул аңгеме башталарда келип турган бир киши Зарлыкка карап, «андай сүйлөбө» дегендей кылып, астыртан ээрдин кысып койгон болчу. Ушундан улам «окус кетирип койдумбу» деген сөз оюна түшсө да, айтар кеп айтылып калган соң, эми эмнесине деп тура берди.

Кер какшык күлкүгө салып, мыңк этип койду да, бир кезде:

— Силерге окшогон жетим-жесирдин баарын жыйнай берсек, казына түтөбү деги? — деди кагаздарын жыйнап, кетишке камына берип.

«Казынаны сен толтуруп жаткан чыгарсың» деп айтып жибере жаздап барып токтоду да, Зарлык эми мындан бирдеме чыкпасына көзү жеткендей, шол замат жөнөй бербесинби.

Ушундан эки күн өтпөй жолдошу кайта турган болду.

— Менин көзүм жетти — бу жерде жүрүп бөөдө куруй турган. Же бир таанышың жок...

Зарлыкты да бирге кетели дегендей кылат.

— Өзүң ойлочу. Сен кетсең го жөн: үй-жайың бар, караша турган агаларың бар. Ал, мен кимдикине барам? Мага кайда болсо баары бир эмеспи? Бир күндүк эрмегим үчүн мени убаралап эмне кыласың?

Зарлыктын сөзүнүн ырастыгына жыгылыштуу болгондой ун-чукпай калды.

Күн бешим. Бир көчө жерге кошо келип, жолдошу менен ажырашкандан кийин: «Бар тамак болсо кептеп ичип алып, пайдаңды тийгизбей басып кетесиң» — деп, баягыда бир жеңесинин урушканын эсине түшүрө, Зарлык кайра басты.

## IV

Бир күнү Зарлык базардын аягында, чоң дүкөндүн бурчунда, бир оңтойлуу го деп баамдаган жерге түнөп калышка туура келди. Түндүн бирдалайы. Бир убакта:

— Ай, сен ким? Тур! — деген добуш менен ойгонуп кетип караса, өзүнөн эки саржандай жерде далдайган бир караан. Колунда таягы бар. Тили — өзбек.

Зарлык уйкулуу көзүн ушалап, жаткан жайынан козголо бергенде:

— Токто! — деди, бир-эки баса түшүп.

— Мен качпаймын.

Аңгыча болбой ары жактан ышкырып бирөөнү чакырып алды. Бул да кароолчу болсо керек. Экөө биригип «күнөкөрдү» тергей баштады.

— Жети түндө не кылып жүрөсүң мында?

— Көрүп турасың го...

Бири шуудуратып жанын сыйпалап ширеңке таппады көрүнөт. Түн анча караңгы эмес. Ошондон кийин алгачкысы жакындап келип, Зарлыктын башын мыкчый кармап туруп, бетине карап алды:

— Үйүң кайда?

— Үйүм болсо ушул жерди сонун көрүп келди дейсиңби?

Мындан соң, «жүр быякка» деп, сокур кишиче колунан жетелеп отуруп бир ээнге барып токтошту да:

— Өлтүрөбүз сени! — деди мурункусу.

— Мени өлтүргөндө силерге эмне, кереги мынабу болуп турса, ансыз да чечип берейин,— деп өзүнүн эки жакасына колун апарды.

— Эмесе чыныңды айт.

— Чыным ошо, ууру эмесмин. Соодагерлердин дүкөнүн бузуп алгыдай алым турабы? Мындайды өлүп баратсам иштебеймин да...

— Андай болгондо кызга барып келе жатып уктап калсаң керек!

Ушинтип туруп, бир кезде мындан экөө бөлүнүп күбүрөшө түштү да, кайта келип бирөө мындай деди:

— Бар эмесе, экинчи көзгө түшчү болсоң балам!..

* * *

Базардын борбор көчөсү менен батышты карай кеткенде чоң суунун боюнда бир бийикче келген, төбөсү тунукелүү кызыл үй бар эле. Бул Отднароб[1]. Башка мекемелерден алыс да, жалгыз да. Муну Зарлык биринчи көрүшү.

Үстүңкү кабатына чыга бере, жүргөн элден жөн сурай, бир үйгө кирип барса, төркү терезе түбүндө, салмактуу келген гана бир адам отурган экен. Зарлык мышыктай жыла басып келип, столдун бир жак капталына тура берген кезде, тиктеп отурган бирдемесин коё коюп, «кулагым сенде» дегендей шашпай гана салмак менен бир жагына бурулуп койду да, кийин жагынан адамдын сыртына өтүп кетчүдөй акылдуу, сабырлуу көк көзү Зарлыктын бутунан башына чейин бүткөн боюн бир сыйра чолуп өттү.

Мунун кыясын байкап алган соң Зарлык да кидирген жок. Тиги киши кыргызча шар кетпегени менен тилди дурус түшүнөт. Бул арага келгени айдан ашык болгонун, ошондон бери жүрүп эч бир жерге орношо албаганын, көргөн күнүн, өзү жетим экенин терип-тепчип, бир топ арыз-арманын сүйлөп келип аягында:

— Ушинтип, эми сизден гана бир айла болор деп келдим. Тагдырым сизде гана калды,— деди Зарлык.

Бул кезде Караколдо «Казыналык окуу» дегенден интернат гана, Зарлыктын дарты ушул экөөнүн бири. Булардан башка да бирин-серин курстар боло турган. Аларга жарабайт.

Ушунун баарын баштан-аяк айтып чыкканча, Зарлыктан бир эли көзүн албай, ырайымдуу, жылуу жүз менен барлык назарын салып унчукпай гана кадалып отурду. Ал сөзүн түгөткөндөн кийин, эми бардык абалына көзү жетип, түшүнүп болгондой каламын кармаган боюнча баятан бери чекесин таянып отурган колун тартып алып, бир ооз кеп сурабастан, алдына кагазын оңтойлоп, бирдеме жаза турган болуп келди да, кайтып ойлонуп туруп мындай деди:

— Бир аздан кийин кел. Сени...

— Ага дейре мен өлүп калам го, садагаң кетейин! — деп салбырай түшүп жалдырап жүзүнө карады.

Киши дагы ойлонуп калды.

— Андай болсо бир жерге дайындап коёюн. Ошондо жүрө тур.

Бир аялды сыртка жумшап жиберип, ал кайра киргенден кийин Зарлыкка:

— Күтө тур. Ушул жерден кошуп берем ал кишиге,— деди.

Мунусу мекеме тарай турган мезгилде гана келди. Бетинде сепкили бар, мурдунун учу кыпчып койгондой кууш, сары сакал,

---

[1] Эл агартуу бөлүмү

тартайган жонумдуу киши. Бул да бир жерде кызматкер экен.

Зарлыкты колмо кол тапшырып көздөтүп койгон соң, кечикпей ушунун артынан түшүп жөнөп берди.

Үйү Отднародон ары беш көчө, шаардын чет жагында экен. Бүлөсү көп эмес, аялы, он беш-он алты жашар кызы болуп, өзү менен үч баш. Өзүнөн аялы картаңыраак. Малдан үч-төрт уй, эки ат, чочкосу бар.

Келгенине бир жума болбой жатып, Зарлыктын араба кошконун, жумуш кылганын — баарын жактырып калып:

— Сен оруска малай көп жүрсө керек,— деди бир күнү.

— Жүргөнмүн.

— Ошондой. Жумуштуку баарын амал билесиң. Дагы күч көп сеники...

Бирок, мында Зарлык алымсынгандай деле жумуштун кебетеси жок. Күндө эртең менен туруп, уйларды бадага кошуп коюп, үйгө кайткан соң мал короону тазалайт. Самоорун өздөрү коюучу. Чайдан кийин бир аз отун кесип, чөп чаап келгенге дейре кол бош өңдүү. Күнү бою кыймылдаган кездер аз.

Аялы муну бир сапар араба айдатып алып, Кызыл-Сууга барып келди.

Кай бир жедеп зериккен күндөрдө базар жакка басып келүүчү. Отднароб — ушул көчөдө. Ары-бери өткөн сайын көзүнө жылуу көрүнөт. Жатса-турса да бул оюнда.

Көбүнесе эшик алдында, көпүрөгө жаңсай чыккан бир жоон терекке жөлөнөт да, көчөдө бирин-серин өткөн-кеткенди эрмек кылат. Бар көңүл ачары ушул.

— Ух, жалгыздык!

Туура бири деген күнү эртең менен салып отуруп Отднаробго келди. Бул түнү уйку көргөн эмес. Бирок баягы киши жок экен. Сыртта, баскычта бозоруп күтүп отурушат. Тоонун башы боз чаңгыл тартып, билинер-билинбес жел аралаш күн дыбырттап турган.

Ошондон күткөн киши жалган түш ченде зорго көрүндү. Башка бир жакта жумуштан бошобой жаткан окшойт.

— Баягыда келген бала мен эмес белем? Ошондо сиз... — деп эсине салып баратканында тиги, «билем» дегендей башын ийкеп койду.

— Жашың нечеде?

— Он жетиде.

Бир аз күймөлүп, ойлоно түшкөндөн кийин, баягыдай Зарлыктын бүткөн боюна байырдап карап алды да, шол замат буйдалбастан алакандай кагаз жыртып алып каламын кармады. Зарлык тагдыры ушул бир-эки минутада бир жаңсыл болчудай ушул адам эле «казыналык окуулардын» бирине деген кенедей «буйрук» жазып кармата салса, бүгүндөн тартып бар өмүрү камсыз болчудай сезилип, тиги киши жазып жатканда бүткөн бою чымырап зорго чыдап турду. Өмүрүндө бул үчүн арнап бирөөнүн калам тартканы ушул.

Киши жазып болгондон кийин, бир кезде:

— Ме, интернатка бар. Ал базардын жогору жагындагы...— деп келе жатканда, Зарлык чочуп ойгонгон адамдай селт эте түшүп, анын сөзүн түгөтпөй:

— Билем,— деп жиберди, сунуп келаткан кагазын ылдам ала коюп.

Ошондон безилдеп кетип баратып, жолду катар кыжылдап жаткан базардын адамы кайсы, айбаны кайсы экени бири көзүнө көрүнгөн жок. Учуп отуруп он минута болбой интернатка жетти.

Башчысын мурда сыртынан таанып калган. Жашы кырктардан өткөн, сакалын кырдырган, илгерки генералдыкындай чычайган папироско ышталган сүрдүү сары муруту бар, чекир көз, бою казыктай типтик, арыкчырай келген адам. Аты Шинелин.

Зарлыктын алдында сыртка чыгып келе жатыптыр. Көрөр замат апалактап барып колундагы кагазды суна бергенде биртике гана буйдалып, кагазга көз жүгүртүп өттү да, кайра берди.

— Орун жок!

Мындан артык сөз айтпады. Зарлык алып барган «буйругунун» маанисин түшүндүрө ал-абалын баяндап, бир топко чейин жапылдап ээрчип отурду. Экинчи берген жообу да ошол.

Отднаробго кайра келди. Ошол жерден кидирбестен, жаңкы жиберген киши:

— Чакырып кел ошону,— деди.

Ушул кепти угуш гана муң экен, учуп отуруп интернатка дагы жетти.

Бул сапар келгенде Шинелин араба чектирип, бир жакка жүргөнү жатыптыр. Тиги чакырып келгенин айтты эле:

— Азыр ошондой барабыз. Сен кете бер,— деди.

Зарлык кайра тартып, эртең менен келип мекендеген баскычта күтүп отура берди.

Бул кезде түшкө жакындап калган. Эки көзү Шинелин келе турган көчөнүн жолунда.

Көптөн кийин, бир убакта чоң көпүрөнүн ары жагынан таанымал ак боз ат көрүнө түштү.

Отднаробдун тушуна келе берип, аттын оозун калжайта тарта токтото коюп, арабадан түшүп, өзү менен бирге келген балага тизгинди кармата сала бери басканда, Зарлык ордунан тура калып, артынан ээрчий кирди. Шинелин кирип барар замат кидирбей экөө сүйлөшө кетти. Бул кезде Зарлык орусчаны түзүк билбейт. Сөз арасынан «работа», «сирота» дегендей анда-санда гана бири тааныш. Отднаробдогу кишинин жеңгенин тилеп, чыдамсыздык менен кыпылдап турат.

Ошондон аңгеменин баш-аягы беш минутага созулган жок:

— Ну, жүр! — деп Шинелин бир кезде бурулуп караганды гана бир билет.

Сыртка чыккандан кийин отур дегендей кылып көзү менен ылдам арабаны көрсөттү. Челпекте чөп чаап жаткан жерге бара жатышыптыр. Балдардын баары ошондо экен. Бул кезде Зарлыктын кубанганы ошондой, арабага аркы-терки салып таштаган айры-тырмоосунун үстүндө мамыкта бараткандай болду...



# КАСЫМБЕК ЭШМАМБЕТОВ

Белгилүү жазуучу, драматург жана котормочу Касымбек Эшмамбетов (1910—1984) Сокулук районуна караштуу Орто-Алыш айлында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Айылдык мектепте окуган. 1930-жылы Фрунзедеги педтехникумду бүтүргөн.

Улуу Ата Мекендик согушка катышкан.

К. Эшмамбетовдун «Жаратылыш сырлары» деген биринчи аңгемеси 1930-жылы өзүнчө китеп болуп чыккан. К. Эшмамбетовдун «Сарынжы», «Эгиз бала», «Кара туман», «Таластын мергенчиси» деген пьесалары, «Эңсеген ушул», «Жаш тилек», «Жетимдер» деген аңгемелер жыйнактары бар.

## ТӨРТ ЖОЛДОШ

Коркпой суудан кечемин,
Көчтү кууп жетемин,
Жолдош чыгат жолуман,
Жөнөйм элдин соңунан...

Жетим улак ушинтип ырдап келатты...

Энеси өлүп, бул байкуш жетим калганда, ээси сүт берип торолткон. Бүгүн сүткө тоюп, бир аз чөп оттоп курсагы томпоюп, анан топ куурайдын түбүнө жатып уктап калды. Элдин баары жайлоого шашып көчүп жатып эч ким муну эстеген жок.

Ойгоноор замат аркы-терки жүгүрүп, эки жагын элеңдеп карап, эч кимди көрө алган жок. Эски журтта жалгыз калганын билип, коркуп кетти, бирок кайраттанды да жолго чыкты.

Түшкө чейин ээн талаада жалгыз келатып, акыры тоо этегине таянды. Чоң түп караганды көрүп, бир аз көлөкөлөп эс алмак

болду. Аңгыча бөлөк бирөөнүн ырдап келаткан үнүн угуп, карагандын түбүнөн шыкаалап караса, өзүнө теңтуш козу экен.

— Ме-эа! — деп маарап жиберди ал.

Козу да маарап, улактын жанына жүгүрүп келди. Экөө бирин-бири жытташып, ыйлап да алышты.

Акыры улак өпкө-өпкөсүнө батпай ыйламсырап сурады:

— Кайдан келатасың?

— Эски журттан.

— Эмне үчүн жалгыз калдың?

— Уктап калыптырмын.

— Сүттү аябай ичкенсиң го?

— Ооба.

— Жетим белең?

— Ооба.

— Так эле мендей болупсуң. Экөөбүз бирге бололу... Эл азыр кайда көчөт, билесиңби?

Улактын бул суроосуна козу бир аз ойлоно калып, анан жооп кайтарды.

— Азыр жайлоого чыкчу мезгил... Жайлоо тоодо болот. Мен ошо тоого көчтү деп баратам.

— Таптың. Мен да ошондой ойлогом. Жүр, эми көлөкөгө жаталы. Азыраак тыныгып алып, анан жол тарталы.

Улак менен козу көлөкөгө жатаар замат, дагы бирөөнүн ырдаган үнү угулду:

Тоссо душман жолуман,
Тоотпостон өтөмүн.
Тооруп мени жейм десе,
Тоголото сүзөмүн.

Улак менен козу маараган бойдон тосо жүгүрдү, ал музоо экен. Ал да ата-энеден ажырап калыптыр. Алар бир-биринен жай сурашты.

— Так эле биздей турбайсыңбы... Жүр, бадалдын түбүнө, бир аз тыныгып алалы. Үчөөбүз бирге бололу, эмнеден коркобуз! — деп улак мурдагы ордуна кайрадан ээрчитип келди.

Аңгыча дагы бирөөнүн үнү угулду:

Маң-маң бастым, маң бастым,
Чуудамды бүт чаң бастың.
Уктап калып талаада,
Өз тобуман адаштым.

— Бул келаткан бото байкуш турбайбы,— деди улак.

Үчөө ботонун боздогон үнүн тыйып, ага кайрат айтышты.

— Эркелей турган энең эмес, элиң да жок, эмне мынча боздойсуң?! — деди улак. — Андан көрө, элди табалы. Бул жерде курулай озондоп, жырткычтарды жыйып алмак болуп турабыз.

— Ырас эле тигинде жырткыч жолборс аңдып жатат! — деди козу көзү алаңдап. Беркилер кошо коркту, бирок ал жолборстун териси экен, жолго жакын жерге түшүп калыптыр...

— Биздин кожоюндар анык аңкоо жана эч нерсени кенебес байкуш окшойт,— деди улак. — Төртөөбүздүн энебизди так ошол байкабай жүрүп өлтүрүп алгандыр. Бизди жаткан жерибизге калтырып, жолборстун терисин жолго түшүрүп кеткенин көр.

— Чөк! — деди улак тайлакка карап. — Жолборстун терисин жамын. Анан бизге аюу, жолборс, же карышкыр тургай, арстан кол салып көрсүн!

Тайлак чөктү. Үчөөлөп терини анын үстүнө жаап, анан өзөнгө барып ээн-эркин суу ичмек болушту.

Суунун боюндагы таш үңкүрдө уулдап-чуулдап, улуп-уңшуп, бакырып-өкүрүп ырдаган үн угулду. Тайлак менен музоону жакын калтырып, бул кандай уу-чуу экенин билиш үчүн козуну ээрчитип улак үңкүргө кирди.

Куу түлкү жырткычтарга кошомат кылып, конокко чакырып, оокат берип жаткан. Төрдө жолборс, аюу жана карышкыр отурат. Түлкү куйтуланып, ырдап чыны сунду:

Калк өстүргөн көп малдан,
Кагып жеген мына биз.
Эл өстүргөн көп малдан,
Илип жеген мына биз.
Жокем биздин башчыбыз,
Какем азык тапчубуз.
Аюу биздин аксакал
Кана, муну жута сал! —

деп колундагы шарапты аюуга берди.

Аюу аны ичип жатканда, карышкыр эт камдап турду.

— Этиң сасып калыптыр, жебейм муну, андан көрө өзүм көтөрүп келген ышкынды жейм,— деп аюу таманы менен оозу-мурдун аарчып, ышкындан барсылдата жей кетти.

— Эт эмес эле талаада жаткан тарпты таап алган окшойсуң,— деп жолборс карышкырга каардуу карады.

— Аттиң ай, ушундай кезде ысылык үчүн семиз козунун жаш эти болсочу! — деп куу түлкү куйтулана тамшана калды.

Улагада турган козу коркуп кетип маарап жиберди.

Түлкү жалт карап, эми ого бетер шаттана ырдады:

Экөө бирдей энтелеп,
Келген тура даяр эт.
Качыр, Каке, козуну
Козгол, буга ылдам жет!

Байкуш козу тирүүлөй өлүп, былк этпестен туруп калды. Улак корккон жок, жооп берип минтип ырдады:

Сыртта биздин сырттан бар,
Бириңди соо койбойт ал;
Жону жолборс, өзү нар,
Сүрү катуу, чын көк жал.

— Ал анчалык эмне экен, барып карачы, түлкү дос,— деди жолборс, обдула бакылдап.

Түлкү сыртка жүгүрүп чыгып, же жолборс, же бөлөк эмне экени билинбеген укмушту көргөндө, куйругун кыпчыган бойдон качып жөнөдү.

Анан карышкыр чыкты. Коркуп кеткен бото боздоп, музоо мөөрөп жибергенде, алардын үнүнөн да, сүрүнөн да коркуп, карышкыр безип жөнөдү.

— Тигил экөө кайда жоголду? Өзүң чыгып карачы, аюу аксакал,— деди жолборс.

Аюу тышка чыгып тигилерди көрүп коркуп кетти да, талпаңдап артына карабай кетти.

Анан жолборс өзү чыгып: «Тиги менби же бөлөк жырткычпы?» — дегенсип таң калып турганда, аябай корккон бото атасы кара буурадай буркан-шаркан түшүп катуу боздоп жибергенде, жолборс да бир секирип жөнөп берди.

Мындан кийин төрт жетим көчтү кууп, жайлоого жаңы көчкөн элге баратышты. Өздөрү аман, анын үстүнө жоголгон терини таба келгени үчүн алкыш угушту.

## АДЫЛ ӨЧҮН АЛДЫ

Колхоздун чоң короо коюн кайтарган атасы кечке жакын жайыттан кайтып, үйүнүн жанында туз бермек. Койго туз бериле турганын апасынан угуп, аштоолорго толтуруш үчүн Адыл жардам кылып жүрдү.

Койлордун алды чууруп келе баштады. Адыл этегине туз ороп, четтеп барып, өзү өстүргөн көк козуга берүүгө шашты. Бирок көк козу жок! Ал кайда? Ары чуркап-бери чуркап, таппай койду...

Туз сураган койлор аштоону алыстан көрүп, тызылдап жөнөп, атасы жетпей артта калып эми келди.

— Ата, менин көк козум кана?

— Э, ботом, бар эмес беле!

— Жок, таппай койдум...

Адыл ботодой боздоп ыйлап жиберди. Көк козусу койдо жүрсө буга капкачан жүгүрүп келмек. Анткени жаңы тууганда энесин карышкыр тамактап кетип, жаш жетимди Адыл сүт берип бакты, ээрчитип жүрүп көп откозду, ал тургай жаан-чачында койнуна алып жатчу. Кийин чоңойгондо койлорго кошуп, кечке чейин бирин бири аябай сагынып калчу. Анын үстүнө колхоздун председатели мындай деген:

— Коомдук койду мыктап өстүргөнү үчүн атаң байгеге жыл сайын он чакты козу алат. Быйыл күздө байгенин башы кылып, так ушул сен чоңойткон көк жетимди өзүңөр алгыла...

Азыр, ошонун эч дайыны жок. Аяк-быякка көз чаптырып, анан үмүт үзгөн кишиче үшкүрүгү таш жарып, кайгысына чыдабай, Адыл ырдап да жиберди:

Колумда менин торолдуң козум,<br>Көрүнбөй кайда жоголдуң козум.

Кайкыдан ары аштыңбы козум,
Кайрылбай мага качтыңбы козум.
Адашып койдон калдыңбы козум,
Азапка мени салдыңбы козум.
Жетелеп бөрү желкеңен козум,
Жем болуш үчүн бардыңбы козум.
Өлбөсөң сенин өзүңдү табам,
Өлүп калсаң изинди табам.
Өчүккөн касың карышкыр чыгар,
Өлтүрүп аны ошондо тынам...

Баланын муңдуу үнү атасын аябай кыйнады.

— Жүр, балам! Мында туз жеп жаткан койго энең көз салат... Өйдөдө суу ичип жатып, койлор бир жолу дыр берип үрккөн. Жөн үркту десем, бул кырсык ошол жерде болгон окшойт,— деди ал.

Атасы мылтыгын алып, таягын уулуна берди. Адыл итине кайыш нокто кийгизип, жетелеп алдыга түштү.

— Итти качан керек болгондо гана коё бергин,— деп эскертти атасы.

— Муну бүгүн кошо ала кетсе, көк козу жоголмок эмес.

— Алдырарда жазгырар деген ошол, уулум! Ээрчитип чыкпай, унутуп коюп, үйдөн узап барып эстедим.

— Оу! О — богурдун изи мына! Көк козуну көтөрө качкан тура!.. Жүр, уулум,— деди атасы, кумда жаткан изге карап. — Тээтиги жондон аркы чоң коктуда эски үңкүр бар. Ошого тезирээк жетели. Бул бир жактан ооп келген карышкыр... болбосо, дайыны билинген эмес.

Жонго чыга жаздап, уулун ити менен кошо таштын түбүнө отургузду.

— Ушул жерде былк этпей отур. Коктуну байкайын. Карышкыр бар болсо, бизди кокус көрүп койбосун.

Анан акырын жылып, жонго жетер замат жата калып: «Бери кел!» — дегенсип, колун имере сермеди.

Адыл боору менен жылып жетсе, тим эле укмуш! Беш бөлтүрүк козунун башын топтой тоголотуп машыгып ойноп, энеси үңкүрдүн оозунда калыс болуп отурат. Башты окчун коюп, улам бири акырын аңдып жетет. Кокус жаңылып калса, энеси секирип келип, аны тумшугу менен жыга түртүп жазасын берген соң, ушул ишке кайрадан жумшайт. Башты баса калып, көз ирметпей көтөрүп качканы түз гана энесине чуркап, мактангансып секирип ойноп, энеси анын тумшук же жонун жалап, ыраазы экенин билдирет.

— «Бөрү баласы ит болбойт»,— деп чын айтыптыр. Булар минтип жаш кезинен машыгат тура,— деди атасы.

— Көк козунун башы ушул окшойт... Аяба тигилерди! Ат тезинен! — деп, Адыл кыйкырып жибере жаздады.

— Акырын, уулум... Карышкырдын көзү көп, кулагы сак, жытты да капкайдан алат. Жел аларды карай эмес, тескери согуп сонун болду. Эми буларды айла менен өлтүрөлү. Бирок мен Кожожаш эмесмин... Аркан бою жакын барып араң атам... Үңкүрдүн үстүнкү кырына эптеп жетсем, атаңдын өнөрүн ошондо көр! Бул

жерден огум талаага кетет, анда булар же алыс качып, же үңкүрдөн чыкпай кутулары шексиз. Ушул үңкүрдүн учу-түбү жоктой көрүнгөн.

Ангыча энеси балдарын үңкүргө айдап кирип, козунун башын көтөрө кетишти. Эне карышкыр бат эле кайра чыгып, балдары кошо ээрчигенде аябай ачууланып, улам бирин чыйылдата тиштеп, тумшугу менен тоголото түртүп, алыс житире кууду. Анан төмөн карай желе-жорто жүрүп кетти.

— Карышкыр узады. Эми үңкүрдүн үстүнө жетиш керек,— деди атасы.

Экөө үңкүрдүн үстүнкү кырына жетип отурар замат, жаш бөрү көк козунун башын көтөрүп чыкты. Атасы жакын жерден тарс атып салды. Мылтыктын үнүн укпаган жаш бөлтүрүктөр биринен сала бири жүгүрүп чыгып, тарс эткен дабыш кайда экенин билбей, таң калып элеңдеп турганда, атылган ок өпкө-жүрөгүн оюп жыгат.

Ошентип бешөө тең кулаган кезде, Адыл өчүн алгандай каткыра күлдү.

— Буларга эч убал жок! Карышкыр анык тойбос шумшук. Өзү тойсо да, көзү тойбойт. Эгер ээн жерден жолукса, жоон топ койду бүт кырып салат. Колхоздошуудан мурда карышкыр менин отуз коюмдун түбүнө ошентип жеткен. Ошондо өзүм ботодой боздогом... Апаң байкуш жинди болуп кете жаздап оңолду... деп кобурап сүйлөй баштады.

— Эмесе биз өч алган экенбиз... Эми булар өлгөн бойдон кала береби?

— Жо-ок... Азыр коктунун таманындагы бадалга сүйрөп кирип, терисин сыйрабыз. Энеси олжону ыраактан таап, түн жарымы ченде келер.

Булар сүйрөй баштаганда, Адылдын көзү козунун башына түшүп, көк козусун таанып, ыйламсырап жиберди.

— Шордуу жетим!.. Этинди карышкыр жеп, башың канкор бөлтүрүктөргө оюнчук болгон экен!..

— Ыйлаба, балам... Өчүң кайткан соң, ыйлоонун эч кереги жок. Караңгы кирип калды. Булардын терисин сыйрып, анан энесин күтөбүз. Ал мында сөзсүз келет. Азыр ай толгон кез, биз үчүн ушул сонун: карааныи ыраактан көрөбүз.

Терини бат эле сыйрып бүттү. Сактык кылып, уулун кароолго койгон.

— Ата! — деп шыбырады Адыл.

— Эмне?

— Келатат.

— Оңбогон гана көк канчык... түн жарымына жетпей кайткан экен. Жонуна көтөргөн жүгү бар. Коктунун таманындагы бадалдан качып, ачык капталда келатпайбы... Эми тынч жат. Итинди бекем карма. Дал ушул үңкүргө жакын жерден атам.

Мылтык тарс эткенде, карышкырдын жонундагы жүк алыс ыргып, өзү жан талашып үч буту менен качты.

— Итти агыт!..

Адыл агытар замат, ит аны кууп жетип, бирок батына албай кыйпычыктап, карышкырдын улам бир жагына чыгып турду. Ок түгөнүп, ач кыйкырык, куу сүргүнгө салып, булар итине: «Ал! Ал!» — деп карышкырдын арткы бутун көрсөтө жаңсап, ит толорсугун жулуп, оңбогон карышкыр очоюп отуруп калды.

— Иши оңолсо, ити ушинтип карышкыр алат,— дейт атасы.

Башын таш менен талкалап, терисин сыйрып, үйгө карай көтөрүп жөнөштү.

Бул олжону көргөндө, Адылдын энеси аябай кубанды.

Тузга чала канган койлор аштоону жалап, айланасын имере казып, короодон алыс кетпей коюшту.

Үч аштоого тузду дагы төгүп, анан атын токуп жатып, атасы минтип сүйлөдү:

— Э, энеси! Уулуң ырчы экен, ушуну уккансыңбы? Илгерки Токтогулдун Топчубайына окшоп, бул да жашынан ырчы чыгыптыр. Кечээ көк козусун кошкондо, көзүмөн жаш кылгырды... ырдап койчу кагылайын! Эми карышкырдан өч алганыңды ырда!

Энеси да жалынып-жалбарып, ырдагын деп кыйнады. Кечээ күйүткө чыдабай ыр абдан оңой чыгып, бүгүн атасынын таягын комузча чертип, кыйналып араң ырдады:

Жетимди кайсап, оңбодуң бөрү,
Жетилип жети болбодуң бөрү.
Артыңан кууп мен барып бөрү,
Алтоон бирдей сойлодуң бөрү!
Алаамат сага мен салдым бөрү,
Акыры барып өч алдым бөрү!
Аккан канды мен көрүп бөрү,
Калбастан моокум бир кандым бөрү!
Жакындап келсең өлөсүң бөрү,
Жазанды менден көрөсүң бөрү!
Жаш козу жебей таяк жеп бөрү,
Жан соогалап жөнөйсүң бөрү!

— Кагылып гана кетейин жалгызым! — деди энеси. — Таякты комуз кылып черткен колуңан айланайын! Бүгүн өз кыштагыбыздан бир комуз табылар. Аны таппай мен да кайтпайм. Комуз жасаган абышка бар эмеспи... Өкмөткө тери өткөрүп алган олжодон канчаны берсем да, комузду сөзсүз алам.

— Мингиле атка! Терилерди бөктөрүп койдум. Карышкыр өлтүргөн кишиге колхоз сыйлык берип жүрбөйбү... Алты териге аябай берери шексиз. Коомдук койду мыктап өстүрүш үчүн балаң жардам кылганын айт. Ырас эле ыйлап кыйнабаса, көк козунун соңунан кууп барбайт элем,— деди атасы шаштырып.

Энеси атка минип, уулун учкаштырып, колхоздун конторасын көздөй жөнөдү. Иш оңолсо, жол оңолот. Келсе башкарма мүчөлөрү бүт чогулуп, кандайдыр маселени талкуулап жатышкан экен. Алты бөрү чогуу өлгөнүн көргөндө, алар аябай кубанып, үч козу сыйлык берилсин деп токтом чыгарышты. Терилерди кабыл алчу пунктка өткөрүп, тийиштүү акыңарды алгыла дешти.

Булар анан кант, чай, эндей кездеме, даяр турган комузду кошо сатып алып, Адыл ат үстүндө улам чертип, кубанычы ошончолук күчтүү болду.



# ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ

СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын академиги, Кыргызстандын эл жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбеков 1912-жылы азыркы Түп районуна караштуу Кең-Суу айлында кедей-дыйкан үй бүлөсүндө туулган.

Т. Сыдыкбеков «Кең-Суу», «Тоо арасында», «Темир», «Биздин замандын кишилери», «Абысындар» аттуу романдардын автору. Анын бир нече ыр жыйнактары да бар.

Жазуучунун балдар турмушун сүрөттөгөн «Тоо балдары», «Достук», «Жеңишбек» аттуу аңгеме, повесттери да жарык көргөн.

## САГЫНБАДЫМБЫ!

Саат төрт чамалары болсо керек.

Үй ичи таттуу уйкуда.

Италиялык терезенин чоң-чоң көздөрүнөн ай мелтиреп, бөлмө жарык тартты. Бала жаткан керебеттин никели жалтырай баштады. Анын тушуна тартылган килемченин оймо-чиймеси билинип, жакшы үлгүдө сүрөттөлгөн түрлөрү жандуу элестерге айлангандай. Бетине арстан пайда болду. Ал азууларын арсыйтып, балбан билектерин түксүйтүп, өткүр, кандуу тырмактарын жазып жиберген. Керебетинде, көкүрөгүндө, ак шейшеп кайрылып, көшүлүп ыракат уйкуда жаткан баладан алыс карайт. Терезени чарт сындырып айга атырылчудай болот. Бирок, арстандын балбан

мүчөлөрү чытырман бекем сокмодо. Аны уздун чебер колу жибек эриштеп килемче бетине түбөлүккө батырып койгон. Кайраттуу жырткыч ошого ызаланып, жүрөгүн ачууга малдыргандай.

Бала дале ыракат кучагында. Бир калыпта быш-быш тынош чыгарып, таттуу уйкуда. Кез-кез гана демин терең алат. Кичинекей оозу даам татыгансып, бүлк-бүлк этип коёт. Шейшеп үстүндө жыланач жаткан жупжумуру билегин козгоп, татынакай колдорун кыбыратат.

Шейшепти төшөнө жаткан чоң көк барак мышык баланын жумшак санын жазданган. Башы кайрылып, оң таманы тумшугунун үстүнө карай бүгүлгөн. Көздөрү жумулган. Тиштерин ырсайтып, бир түркүн коркунучтуу күркүрөгөн коңуругун тартууда. Ушул үйдүн бир эркесиндей ак шейшептин үстүндө түксүйүп, эркин көшүлүп, терең уйкуда жыргап жаткан бала колу, анын үксүйгөн мойнун сылап тургансып, ага жакын барган. Кез-кез сөөмөйү кыбырап, мышыгынын кулагына тиет.

Ай шooласы агара түшүп, бала жазданган мамык жаздыкка чачырады. Жаздык — бетинен каймагын алган сүттөй болду...

Бала башын бир аз артына таштай жатат. Эки бети апаппак, топтолук, убайым биле элек томпоюңку тарткан жазы маңдайына нур келатат. Кирпиктери тегиз жумулуу. Сурмасы тартылган. Көкүл чачы тал-тал сеңселет, билбейм: чачынын үлпүлдөк майдалыгынанбы, же терезенин ачылган көзүнөн келип турган болорболбос жел барбы?

Бала башын жаздыктан козголтту. Жүзү нурланып күлүмсүрөп баратты. Эркеликти сезгендей: эң жакын кишиси алдейлеп жогору көтөргөндөй, аймалап ууртунан өпкөндөй. Бала күлүмсүрөгөнүн күчөттү: апакай уурту ылжаң ачылып, каткыра күлмөк болду. Жылаңач жаткан жупжумуру билектерин шейшептен көтөрдү, кичинекей колдору жазыла кыбырады. Өзүнүн эң ысык кишисине эркелеп, мойнуна асыла калчудай, арсалаңдап баратты. Кандайдыр бир сүйкүмдүү чыккан дабышы да угулуп калды. Колдору барып катуу уктап жаткан түксүйгөн чоң көк барак мышыкты мойнунан аткыды. Мышык кулагын силкип коюп, уктай берди.

Бала катуу козголуп, жаздыктан башын көтөрүп алып, көздөрүн ачты. Эки жакка элтеңдеп калды. Кымбатын таппай калгансып, өпкө-өпкөсүнө батпай бышактап ыйлап жиберди.

Эненин уйкудагы көзү умачтай ачылды. Үстүнөн шейшепти кайра таштап, керебетинен тез турду.

— Ой, берекем, эмне болду сага?

Илбериңки эне жетип келди. Баласынын керебетине олтура кетип, уулун бооруна кысты.

— Ой, жаным, эмне ыйладың?

Айдын жарык нуру энеге да чачырады. Анын уздай денесин экилентип агартып жиберди. Эне сөөгү сүттөй таза. Жумуру мойну бала билегиндей аппак. Жалгыз гана далысына конгон бармак басым калы этиндеги кирчиги өңдөнөт. Узун олоң чач билегине оролo барып, мышыктын куйругуна жанаша жатты. Бул козго-

лиман көздөрү араң ачылган чоң көк барак мышык тиштерин арасынан оозун чоң ачты да, жаланып, олоң чачтын буралган учуна кызыга карады.

Бирок, бала ыйынан тыйылган жок. Ал өпкө-өпкөсүнө батпай шолоктойт:

— Байке, байкем...

— Эмне, садага, байкең жок эмеспи?

— Байкем — ай...

Эненин назик жүрөгү тыз этти, муундары калчылдап кетти.

— Байкең алыста эмеспи, садага?

Эне үйрүлдү. Бала аны уккан жок.

— Байкем бар... Байкем бар...

— Эмне деп жатасың, садагаң болоюн-ай! Байкең бул жерде жок... алыста ал... Койчу, ыйлабачы, жаным?

— Жок, байкем бар, эми үйгө келген. Эшиктен келип, мени колуна көтөрүп албадыбы. Бетимден өпкүлөбөдүбү? Анан, байкемдин мойнунан кучактай калайын десем эле...

Бала өпкө-өпкөсүнө батпай, кеп айталбай койду.

Эне, түшүнө алданып ыйлап жаткан уулунун көз жашын токтото албай, жалынды:

— Ыйлабачы, кейитпечи, садагаң? Байкең жок эмеспи, алыста ал, согушта жүрбөйбү, жаным? Ал азыр келбейт, берекем. Душманын жеңгенде келет.

— Байкем бетимден өптү, үйдө бар...

— Жок, согушта...

— Анан бетимен өөп алып эле кетип калдыбы? Сагынбадымбы!

— Койчу, ыйлабачы. Ыйлабачы.

— Мен байкемдин мойнунан кучактайм. Ал эмне кетет?

— Эми кантейин, жаны-м? Кейибечи. Ушул сен экөөбүздү саргарткан душманга каргышым жетсин!

Ыйлаган уулун бооруна бек-бек кысып, эне да чыдай албай көз жашын төктү:

— Байкең жакында келет, душманын жеңип келет. Уктай кой, жаны-ым?

## ДОСТУК

Көлдүн береги көк жашыл булуңунда ар жылыга балдар лагери турат. Шаарлардан да, райондордон да, айылдардан да бул лагерге дем алууга балдар келишет. Кээси эки ай, кээси бир ай, а кээ бирлери эки гана жумага келет. Бардыгы бирдей көлгө кызыгышат. Кумга оонап, күнгө какташышат. Трусичен кылаалап басып жүрүшөт. Болор-болбос жел жортсо майда толкун кубалашып, жээкке ак көбүк серпишет. Балдар кошуу-ташып көбүк калпып:

— Э-эй... Самын-н...— деп кыйкырышат. Анан боржокто-

түп кобүктү сүйкөнүп алышат да, «Чулп!» сууга чөмүлүшөт. Ошентип, ошол ак көбүктүү жээктен кеткилери келбейт. Балалыктын кумары таркабайт. Кайыкка түшүп, кумга оонап, көлдү кылаалап, көбүктү чачышып, кар түшкүчөктү — кары аяз чытыраган жолоочунун мурутуна сере муз турчу учурга чейин — ушул жээкте болсок дешет. Бирок чындык кыялды жеңет. Лагерди калтырып, кайта кайтууга туура келет. Кара көк тартып көл көйкөлөт. Кылаада боржоктотуп ак көбүгүн серпе берет; аптап кайнап, кум үстүндө закым көчөт... Аппак кийинген тарбиячы эжекелер жоолуктарын күнгө чагылтып жээкте калышат. Колдорун булгалашат. Этек-жеңдери делбирттеп кылактай берет. «Дүкү-дүк! дүкү-дүк!» — эткен балбан мотор пароходду солкулдатат. Чоң кернейинен кара кочкул түтүнүн бүркүп, улам алыстайт. Жээкте калгандар улам кичиреет. Кайыктар таанылбай калат, кишилер эрбең-эрбең этип, кандайдыр бир жандуу нокотко айланат. Алыс эмес лагердин чоң-чоң брезенттерден тартылган ак чатырлары да көлгө батып бараткандай улам чөгүп, улам кичиреет. Бозоруп закымданган кум менен орун алмаштыргандай аралаша түшүп жээк мунарыктанат.

Убактысын бүтүрүп кайтып бараткан балдар менен лагерь ушундай коштошот. Салкын кылааны, боржоктогон көбүктү, чыбырчыктаган майда толкунду, жадаса, ызы-чуу түшүп, жарыша чабак урганын, кайыкта суу чачышып ойногонун кыялында гана элестетет. «Кече бул убакта пристанда секирип, кайыктын артын кармап чабак уруп жүргөн кезим эле. Бүгүн пароходдомун... шаарга баратам» дегендей лагерди эстеп ичи тыз этет.

Анан алыста, алыста калган жээкти карайт. Ошол кезде же ит экени, же куш экени таанылбаган бир жандары эрбелеңдеп кылаадан көрүнөт. Бирде сууга батып кеткендей жок боло калат да, кайра таанылар-таанылбас эрбелеңдейт. Бирок, бул караан азыр ошол жээктен узап бараткан балдарга таанымал.

Ал Дыйкан карыянын кара эшеги.

Лагерде дем алган балдардын бирде бири Дыйкан карыяны да, анын кара эшегин да билбей кетчү эмес. Анткени, Дыйкан карыя ушул жээктин адамы. Анын туулгандан баскан жери — ушул жээк. Көйкөлгөн көл, жээктин куму, теребелдин чытырман токою, калың камышы, коён жатагына чейин Дыйкандын көзүнө ысык, жүрөгүнө сүйгүнчүктүү. Кээде эки колун артына алып, кыңылдап, өз ичинен обон салып, береги адырда жүрөт. Көк ирең жылтыраганын, сары башыл шыбагын аралайт. Мурунду жарган шыбактын өткүр жытына канбайт. Сол колун маңдайына алып, теребелге серепчилейт. Алыска, көл бетине карайт.

— А пароход, келатасыңбы, дагы жаңы балдарды алып келатасыңбы? — дейт Дыйкан. Каректин айланасы бозомуктанып түсүн өчүрүп бара жатса да, али оттуу караган кичинекей көздөрүн күлүңдөтөт. Тал-талы бөлүнгөн сыйда сакалы дирилдейт, жука эриндер бүлк этип коёт. — Ооба, дагы жаңы балдар келатышат!

Дыйкан келаткан пароходго карап кубанып турат.

Балким, келаткан балдардын ичинде Дыйкан карыяны тааны-

гандар болор. — О, анда, кандай кубанычта учурашуулар башталат. Балдар Дыйканды ортолоруна алаар, бири шаардын жаңылыгын билгизсе, экинчиси кыштай сабакты кандай окуганын сүйлөөр. Үчүнчүсү болсо, жулуп алган бир тутам көкөмеренди көрсөтүп:

— Бул гүлдүн аты эмне, аке? — деп сурар.

Дыйкан балдардын ортосунда кытылдап күлүп, тал-талына бөлүнгөн сыйда сакалын сылагылап, кээде ар кимисине жеке карап сүйлөп отурар. Бул шексиз. Дыйкан карыя балдарга жакын. Мына, маселен, балдар ага кантип жакындашат:

Күндөрдүн бири. Чоң шашке ооп калган кез. Пляждан кайтып бараткан балдар жээкке жакын жердеги көк аянтчада оттоп турган кара эшекти көрүштү.

Бир бала элтеңдеп токтой калды:

— Жүргүлө, балдар. Тетиги эшекти кармап алып минели!

Экинчи бири:

— Ырас эле... жүргүлө! — деди.

Анда Дыйканды жакшы тааныган Эшим:

— Ал Дыйкан акемдин эшеги. Тийбегиле! — деди.

Бирок ага эки тентек көнгөнү жок. Анткени, алар лагерге жаңы келген, Дыйканды анча таанибаган балдар болушчу.

Эки тентек:

— Минебиз!

— Минебиз эле! — дешип, аянтчага карай чуркашты. Башка балдар тигил экөөнө карап токтой калышты. Дыйкан карыянын кара эшеги болсо жанына чуркап барган экөөнү тоотпой, өз жайытында оттой берди.

Эки тентек кара эшектин жооштугун көрүп, ого бетер кубанып кетишти.

— Хый, эшегим, хый...— деп, бири эшекке минип алды да,— кел, жабаңа учкаш! — деди жолдошуна.

Ошентип экөө тең минди. Алдыңкысы алаканы менен «тып-тып!» эттирип эшекти моюнга чапкылап, арткысы эки буту менен тең теминип, көл жакка карай бастырмак болушту. Бирок, кара эшек ыкка көнбөй, узун кулактарын силкип койду да, арасына камыш чыккан калың чычырканакты бет алды.

Бери жакта карап турган Эшим эшектин жоругуна ыраазы болуп, тигил экөөнү шылдыңдап күлдү.

— Кайран кара эшек...

— Чычырканакты айланып туруп алды.

— О...о...х...ха...

Ал аңгычакты болгон жок. Чычырканактын арасынан сороюп тура калган Дыйкан сакалын сылагылап күлүмсүрөдү. Эшек да ээсине эркелегенсип, башын силкип, арткы эки бутун тең серпип, бир мөңкүдү. Балдар эшектин үстүнөн кулап түштү. Бири ордунан араң туруп, кумга сүрүлгөн тизесин сыйпалады. Бири кулагына чейин кызарып кетти да, араң жылмайды...

— Ай, шайтан-ай, шайтан-ай... Кара эшек, балдарымды алдап кетти — ээ? — деп Дыйкан кыт-кыт күлдү.— Ка-ап, шайтан

кара эшек! Балдарымды алдап жыкканын көр... Эшек эшектигин кылды. Эми мен силерге жомок айтып берейин.

Абышканын жомогу Эшимдерди да кызыктырды. Балдар үйлүн ордундай көк аянтчага тизиле олтурушту.

Дыйкан мүйүз чакчасынын чагарагын шалдырт-шалдырт эттирип экчеп, алаканына насыбай түшүрүп эрдине салды. Анан көкүрөгүн өргө көтөрүп, көздөрүн кыбындатып, сөөмөйүн бүкүрөйтүп, те көз учунда мунарыктаган булуңду көрсөтүп, жомогун конөттү.

Береги маңдайды Көкөкулусун дечүбүз. Азыр ал жерде совхоз турат. ЧТЗ деген трактор дүрүлдөп жер коңторуп жүрөт. Илгери ал булуңду, чоң жайлоодон түшкөндөн кийин эл күздүктөчү. Жээгинде нары аралаcа табылгыс камыш чыгуучу. Аркы адырында бетеге жиреп, каз каркылдап, куу куркулдачу. Күзгө маал байлар адырда ак чардактай үйүн тигип, койлору ыңырсып, жылкылары ыңгыранчу. Көпкөн уландары жылкыдан күлүктү таидап минишип, камчы ыргытып каз чабышчу. Кууга куш учурушчу... Анда кедейдин балдары тайга жетпей, мендей абышкалар, туурулуп, бай малынын четинде жүрүшчү. Кымыз кекирип, тамашага канып дөңдө байлар олтурушчу...

Акырын жел жортту. Камыш башын ыргады. Дыйкан сакалын сылады. Балдарды кыдырата карап коюп сөзүн улады:

— Бир жылы чоң жайлоодон малдуулар эрте түштү. Көкөкулусундун адырына көп мал менен калың айыл конду... Каркылдап каздын, куркулдап куунун тынчы кетти. Бай балдары тай чаптырып, көл жээгинде жүрүштү. Күндөрдүн биринде кыргыз баласы көрбөгөн бир шумдук келди...

Олтурган балдар Дыйкан карыянын оозунан көз айрышпай жардана караштьı. Дыйкан да, те эбаккы окуяны эстеп жаткансып, көздөрүн бүлбүлдөтүп, кыялын эргитип ойлоно түштү да:

Ооба, ошондой бир шумдук келди... Эл да, бул бир шумдук деди... Же алтыда же жетидеги кезим. Мен да элеңдеп чуркап карап жүрөм.

...Чоң шашке маалы. Күндүн көзүн бербей, күндүз күүгүм сыяктанды. Көлдүн аягынан калың чегиртке жаанын огундай болуп, зуулдап түшүп жатты. Береги көлгө кирген ичке булуң бир заматта карара түштү да, канаттуу калың тажаал жер бетин өрттөй каптады. Жалгыз тал чөпкө бештен-ондон чегиртке конду. Аңыздын ак паясы өрттөнүп жаткандай, бачырап, калың бетеге шабырап турду... Көз ачып жумганынча үй ордундай жерден топурак буруксуду... Кыргыз жакасын карманды, тобосуна сыйынды... Чегиртке жердин чөбүн бүтүрдү: желени кырчты, кулун, тайдын жал-куйругуна асылды... Жылкыдан жал менен куйрук кырчылды; боз үйдөн боо чечилбей — айыл кызыл уук болду да, адамдан арга түгөндү... Эр бүлө аңгек казып, кырмандан кызыл шыпыргандай чегирткени ошол аңгекке шыпырып өрт коюп жатышты, бирок түгөтө албады... Аштоо-аштоого суу толтуруп ага салды, дагы эчтеме болбоду. Ошентип, жумурай-журт түгөнбөгөн тажаал менен кармашты. Чарчаса чарчады, бирок аягына чыга

алган жок журт. Айласы түгөнгөн кыргыз агын чачты, ак сарбашылын оозанды. Бирок чегиртке жанга бой бербей жердин кыртышын бачыратып, улам өрчүп каптап баратты. Журт жандан түңүлдү.

— Чаначымдын булуңун тешип жиберди, айраным төгүлүп жатат...» — деп койчу кыйкырды. — Тердигимди жеп жиберди, атым жаталактап баратат...— деп жылкычыдан үрөй учту...

Дыйкан карыя эмнегедир көзүн жуумп сүйлөдү:

— Ошондо ал тажаалга каршы журтка жардамга ала чыйырчык келди...

Дыйкан эки жагына карап койду. Баятан ооз ачып жымжырт отурган балдар козголо түштү. Бири мурдун тартып, абышкадан кеп суроого эптенди. Дыйкан сөөмөйүн бүкүрөйтүп:

— Те, береги бозомук тарткан дөбөнү көрдүңөрбү? — деди балдарды ээрчите каратып. — Сары дөбө деген дөбө ошол. Азыр ага совхоз буудай айдайт. Илгери буурсун тиши тийип көргөн жер эмес эле. Адегенде ошол. Сары дөбөдөн ашып жоон топ чыйырчык учуп келди... Эй, жарыктыктарым, эй! Мен чыйырчыктын адам баласына жакын экенин ошондо көрдүм. Алар айылдын арасына коно калышып, ой-тоого кабар айтуучудай туш-туш тарапка кайра учуп кетишти. Сансыз тажаалдан жадап аргасыз турган журт:

«Чыйырчыктар кантишер экен?» — дешти. Ал аңгычакты болгон жок, ойдон да, тоодон да топ-топ болуп чыйырчыктар келе башташты. Ошентип бир заматтын ичинде чегирткеге каршы, кадимки эле ала чыйырчык согуш ачты. Эй, атыңдан айланайын азиздерим, эй! Күду бирин-бири майданга шыктандыргандай өз тилдеринде кужулдашып калың чегиртке менен майкамдашпасынбы? Адегенде чыйырчык чегирткени койбой баратты. Бирок бир топко кыргындашкан соң, тумшуктары чапталышып, четтен томолой баштады. Чегирткелер канат-куйругун кырчып чыйырчыктарды кызыл эт кылып жиберишти. Аны көргөндө журттун жүрөгү калтырап чыдай албай кетти. Эр бүлө, катын, балдар дебей аяктары менен тик туруп, алдан тайып бараткан чыйырчыктарга жардам издешти. Журт байкап калды: суулуу жерде чыйырчык тумшугун малып, улам суу жутуп алган сайын, чегирткени кыйратып жиберет. Суу жок жерде чыйырчыктын тумшугу чапталышып жеңиле баштады. Аны көргөн журт аштоо-аштоого суу толтурушту. Өстөндүн башына киши чаптырып, арык-арыкка суу айдатты. Бирок Көкөкулусунга суу жетпеди. Чегиртке журтту да, чыйырчыкты да тажатып, жерди карартып салды да, жаңы жерге учту.

Журттан үрөй сапырылды.

— Капырай, бул тажаал, бүтүн көкүрөк жерин куруткану келген беле? — деп чочуп кетти.

Уруу-урууга киши чаптырышты. Күнгөй, тескейге кабар айттырышты. — Сактансын журт? Өстөн, өстөнгө суу чыгарышсын журт дешти. Туш-тушка кабар кетти. Кара чыйырчыктар да учушту. Эми көз жетпеген алыстан да топ-топ болуп, чыйырчык-

тар учуп келишет. Улам көбөйө беришет. Суулуу жерге өткөндө чыйырчык күч алды. Тумшуктарын сууга малып, өз тилдеринде кубангандай кужулдашып, баягыдан бетер чегирткени кырып киришти.

Ошентип көл башындагы кыргызга биринчи келген тажаалды ала чыйырчык жеңип берди. Бирок чыйырчыктын өз тукумуна чоң зыян келди. Миңдени канат-куйругун чегирткеге кырчтырып, кызыл эт болуп калды. Көбү өлдү, көбү жөрмөлөп жан сактады.

Дыйкан карыя кызыл эт чыйырчыктар жөнүндө айтканда өз баласы ач белде адашып калгандай улутунду. Анын аңгемесин угуп тымып отурган балдардын жүрөктөрү ийне сайгандай тыз этти.

Абышка эңкейип насыбайын түкүрүндү да, кумары жазылган кишидей жай баяндады:

— Ошол кезде так ушул мендей карыган, бирок, өзү ушул элге кадырман Жайнак деген адам журтка бийлик айтты: «Балалуулар балдарыңарга таккыла, баласызыңар өз мойнуңарга алгыла! Адам баласына, мал-жанга кыянатчы тажаал чегирткеден жабыр тартып, кызыл эт калган чыйырчыктарды талаадан жыйнап, кайра канат-куйругу жетилгенче баккыла!» — деди.

Журт Жайнак акенин жардыгын кабыл алды. Береги бозоргон ичке булуңдан тартып майдан жүргөн жерлерди тегиз артып, кызыл эт калган чыйырчыктарды жыйнадык. Балдар чөптүн бүрүн ушалап, майып болгон досторуна азык даярдаган. Ала күз бою келгиндер кайра учкучакты бул өзөндүн эли үйлөрүнө чыйырчык багышкан. Ошондо алты же жетидеги кезим. Эчкинин тыбытына ороп, тумшугун ачып суу тамызып, жем салып, мен да элге кошулуп чыйырчык бактым. Бир күнү мени маңдайымдан сылагылап отуруп атам айтты: «Менин уулум да кырк тогуз чыйырчыктын сообуна калды!» Эй балдарым, нени айтасыңар! Жан жаныбарларда дос да көп, кас да көп. Доско коюн ач. Каска каршы бас. Жеңесиң! Ошол замандан ушул заманга бул өзөнгө чегиртке түшө элек. Ошол замандан ушул заманга ала чыйырчыктардын тукуму көбөйүп баратат. Алар жарды уялайт, тамды уялайт. Адам баласы ага тийбейт. Балапанын учуруп, жайылган койдун арасына конот. Койчулар ага таяк да көтөрбөйт.

Мейли, тукумдай беришсин!

Дыйкан карыя жомогун бүттү. Өзүнөн алыс кетпей оттоп турган кара эшегине минди. Кыдың-кыдың жорголотуп өз жолуна түштү...

## КҮТҮҮ

### I

Аялдын ачуу чаңырыгы — мемиреп турган теребелди селт ойготту. Баятан, сарайдын көлөкөсүндө талыкшып уктап жаткан Акжолтой башын көтөрүп, үн чыккан жакка комдоно карады. Берегиде, аңыздын четинде оттоп жүрүшкөн беш-алты мекиянды

имерген көнөктөй кызыл короз да, мойнун бийик созуп, «кок, кок!» этип, сактана калды...

Аял үнүн баскан жок, суунун агынын бойлой чуркап баратат. Ал бечара, безеленип, чаңыргандай болсо, кудайга үнү жеткендей. Жинденип, таштан-ташка урунуп көбүктөнүп, арыстандын жалындай тармалданып, камчыланган агын суу, анын жанын алып качкандай: аял байкуш өлөр-тирилерине карабайт.

— О! Журт!.. Көзүм кашайды... Жардам бергиле! — деген чаңырыгы үзүлүп-үзүлүп чыгат. Суунун шарына аралаш араң угулат... Эми, комдоно калган Акжолтой да учуп туруп, тызылдаган бойдон аялдын артынан кетти. Аркы өйүздө баратышкан атчандар да токтой, токтой калышып, кайра суу ылдый чабышты. Кыштактын баш жагында, тигил чоң өстөндөн суу чыгарып арык казып, жоон топ адам жүргөн. Алар да адегенде окуяга түшүнө алышпай делдее калышып:

— Эмне болуп кетти?

— Силер да чуркагылачы!

— Бирдемесин суугa агызды окшойт? — дешти.

Арык казгандардан үчөө-төртөө кетмен-күрөктөрүн таштай-таштай салышып, суу ылдый арыш кериШти.

## II

Тигил суу ылдый чуркаган кишилерге жети жашар Батийна жолукту. Батийна темирчи устанын жалгыз кызы. Ата-энесинин маңдайында эрке өскөн, тили такылдаган, тикенектей чыйрак кыз кээде эркек баланын кийимин киет. Дайым эркек балдар менен ойнойт. Энеси ага:

— Кызым, сен кыздар менен ойно, эркек балдарга кошулба — десе, Батийна тыкылдап энесинин мойнун кучактап:

— А мен Жеткин менен ойноюн да? Урушпасаң, энекебай. Жеткин менин бөбөгүм да? — дечү.

Айтканындай Жеткин Батийнадан толук эки жаш кичүү бөбөгү. Темирчи устанын бир тууган иниси Мамбеттин баласы. Мамбеттин майданга кеткенине мына төрт жылдан ашты. Ал төрт жыл бою ат жалынан кан аккан казатка катышты. Уулу Жеткиндин атына үзбөй кат жазып жүрдү.

Жеңиш туусу алоолонду. Согуш токтоду.

«Садагасы Жеткиним, мен жакында үйгө барамын. Машинадан атаңды тосуп ал»,— деп жоокер Мамбет уулунун атына кат жазды. Жеткиндин төбөсү көккө жеткендей кубанычы койнуна батпай калды. Кээ күндөрдө, түн ортосунда ойгонуп алат да:

— Энеке, энеке-байым, машина менен атам келет, э? Мен алдынан жүгүрүп тосуп чыгам, э? — деп кобурап жатат.

Уйку-соонун арасында көзү ачылбай энеси:

— Укта, садага. Тосуп аласың атаңды, уктай кой! — дейт.

Бирок Жеткин тез эле уктай коюучу эмес: «Атам качан келет? Кандай машинеге түшүп келет?» — деген өңдүү бир топ су-

роолору менен уйкуга карамыккан энесинин башын катырат. Атасын сагынат.

Машине минип атам келет, ой, ой,

Өз колунан алма берет, ой, ой.

Жеткинге бул ырды энеси үйрөткөн. Ал энесинин мойнунан бекем кучактап, кыңылдап ырдап жатып, таттуу уйкуга кетет.

### III

Ал эми уйкудан көзү ачылып, төшөктөн турду болду, Жеткин өйүзгү чоң жол жактан көзүн албайт. Капчыгайдан чаң көрүнсө:

— Машине келатат! Атам келатат! — деп эдиреңдеп өйүзгө карай чабат.

— Кой, Жеткинтай, өйүзгө барбай жүр, көпүрө жаман, сууга жыгыласың! — деп энеси айтса, Жеткин укпайт. Өмүрдүн эшигин жаңы ача баштаган Жеткинтайдын акылына өлүм коркунучу сыя элек кез. Ал азыр суудай суюк, оттой ойноо. «Көпүрө жаман, сууга жыгыласың» деген кеп, ага тек тамаша. Чырпыктан сокков асма көпүрө баскан сайын солкулдаса, Жеткинге жага бербей калат. Ага мактанат. Ошондуктан ал, дайым улактай түйүлүп секирип өтөт. Чоң жолдун боюна эдирейип тура калып, зымырап өтө берген машиналарга таңдана карайт. Сагынган баланын бул карашы: «Машина качан токтойт? Атам качан түшөт?» — деп үмүттөнгөн караш. Бирок зор машина күчтүү моторун дүрүлдөтүп токтобой зымырап өтө берет. Бат эле көздөн кайым, чаңын үзөт... Балким, ызаланар. Балким, сагынчы күчөөр? Деси кайтаар? Жеткинтай да ыйламсырайт. Жүрөгү ачышкансыйт. Акырын мурдун тартып алат.

Батийна ага:

— Жүрү, Жеткин, үйгө кетебиз,— дейт.

Баягыдай тызылдап чуркабайт. Жер карап маанайы пас, кээде таш ыргытышып, Батийна экөө үй жакка кайтышат.

### IV

Азыр жанында бөбөгү — Жеткинтайы жок, өпкө-өпкөсүнө батпай, Батийна ыйлап келатат. Кыз катуу коркконунан кеп айта албайт.

— Эмне болду, Батиш?

— Эмне ыйлайсың, садага? — дешип кишилер сураса, Батийна энтигип, араң-араң жооп берет.

— Жеткин суу — су — уга агып кетти!..

Батийнадан бул кабарды угуп чочуп кеткендер:

— Эмне дейт, кокуй?! — деп алаканын шак чабат да, суу ылдый чуркашат.

Бул кезде жинденип, көбүктөнүп, катуу камчыланган агын суу, боорун кызартып баланы калкытып баратат. Кез-кез ала салдырып, көбүк чайкайт. Бирде боору кызарат, суу үстүнө жайыла берет...

— О! Журт, көзүм кашайды... Жардам бергиле! — деп ачуу безилдеген эне сууга чөмүлө түшүп, суу ууртап калды. Агып бараткан Жеткинтайынан көзүн албай сууга аралаш жашын төктү.

Атчандар да аккан баланын алдын торой чабышып, темине сууга киришти. «Чулп-чулп» суу чачырап, аттар бышкырынат. «Алган олжомду силерге бербесмин» дегендей тилсиз суу көбүк чачат, уюлгуп киргилденет, долуланат. Аттарды омуроого коюп, алга чамынат, катуу камчыланат.

Атчандардын бири суу ууртап, жашын төккөн энеге бек-бек ункугуп, колун шилтегилейт.

— Жээкке чык! Жээкке чык! Баланы биз кармайбыз! Сууга кирбе!

Чымын-куюн болуп жетип келген Акжолтой да ээсинин безилдегенинен улам бир аяныч сезгендей кашатка чочоюп олтура калып, жеңдей куйругу менен жер чапкылап, элтеңдеп суунун ортосуна карап, улам жаланып, кыңшылай берди. Окуяны сезгендей суу үстүндө калкып бараткан Жеткинди тааныгандай Акжолтой, эми катуу кыңшылап, эки-үч жолу үрүп-үрүп алып, атылып сууга кирди.

Атасы Мамбет аскерге жөнөөр күнү, койнуна катып, Жеткинтайына алып келип бергенинде, ушул Акжолтой мантайган ала мойнок, кара күчүк болучу. Жеткини тамтуң баскан былдыр кези. Уулуна күчүктү кучактатып туруп, Мамбет:

— Атаң согушка кетип баратат. Күчүгүң Акжолтой күчүк болсун, садагасы! — деп Жеткинин чекесинен өпкөн. Бир аздан кийин балбырап уйкуга кеткен капарсыз уулун маңдайынан дагы жыттап-жыттап, кош айтышып жөнөп кеткен.

Жеткинтайы бешке толгон. Төрт кар баскан Акжолтой сырттын союл куйрук бөрүсүндөй килеңдеген дөбөт болгон. Анык Акжолтой: төрт жыл кандуу казатка катышкан Мамбет өмүр олжосу менен бүгүн-эртең үйгө түшмөк. Агайыны чыдамсыз күтүп турган кез эле го.

— О! Өкүнүч дүйнө...— деди эне алаканын шак коюп, суудан көзүн албай чырылдап. — Атасына эмне деп айтамын эми? Бир баланы карап албай кайда жүрдүң дейт го? Кырсык ушинтип аяк астында беле, журт?

Бул кезде суунун агыны менен малтыган Акжолтой жебедей атылып, жинди суунун толкунунда суук боор өлүмдүн койнунда бараткан Жеткинди алды жактан торогон атчандарга жеткирбей, сүрө жетип жакасынан тиштеди.

## V

Алты дөңгөлөктүү зор машина күчтүү моторун күжүлдөтүп чаңынан бөлүнүүдө. Бирде алыстап имерилип, кайра тигил камчыланган долу сууну жээктей салат.

Мотор шарылдайт, шамал арылдап бетке урат. Жолоочулардын көңүлдөрү көтөрүлөт, жерге, сууга карашат.

— Бале, бале!

— Ала-Тоомдун атыр жели аймалады бетимди!

— Сен, Маке, көзүңө тааныш чокулар көрүнгөн сайын акын болуп баратасың да. Айылынды аралап, ак келинди көргөндө жинтөр экенсиң.

— Айылымдын ак келини чымчып алды этимди деп ырдайт ко, анда. Акынга айла барбы, сөз табылат да.

Жолоочулар бирин-бири ушундайча тамашалашат. Аркыраган шамал күлкүнү ооздон жулат, мотор доошуна аралаштырат. Жолоочуларды бек-бек сүйлөөгө мажбур кылат. Мына, орто бойлуу, куш көкүрөк ак жуумал жигит ордунан тура калып, кабинканы таянып, алды жакка кызыга карайт. Таскыл жаткан кум жол тегирмендин ташындай көзгө илээшпей артка чимирилет, салкын абдарым бетке урат: жигит бетин шамалга тосуп, кичирээк өткүр көздөрүн сүзүңкүрөп, алды жакка ирмебей карайт. Асман тунук, аба суюк, алыстан көрүнө баштаган Ала-Тоонун түбөлүк муз бүркөнгөн аскалары учук-кыйырына көз жетпей асманды тирейт. Куду, көк торгун парда жай көтөрүлө бергендей, жаңы дүйнөнүн укмуштуу сүрөтү көз алдыга тартылат. «Бах-х! биз өскөн төрлөр, биз ичкен суулар»,— дейт жигиттин оюу. Ансайын көздөрүн ирмебей жерге, сууга теше карайт. Куду, ысык сүйгөн жарын алыстан көргөндөй жигиттин жүрөгү катуулап согот. Көңүлү толкуп, бүткөн боюн чымыраткан кубат пайда болот. «Ай, ай... дейт анын оюу: — Не деген жигиттер ушул сонун жерин кайрылып көрө албай кетишти э...»

Кумдуу шоссе жолу, куду тасма сыяктуу, машина улам катуулайт. Жер, суу кучагын жайып жолоочуларды өз койнуна тартып баратат. Ансайын кабинканы таяна алды жакка караган жигиттин көңүлү эрийт. Те, күңгөйдүн өндүрүндө жайылган мал көрүндү. Машина дөбөгө чыга бергенде ортодо күрпүлдөгөн өзөндүн наркы өйүзүнөн көк ой ачылды. Бир топ имараттын чатырчалары күнгө чагылышып, чок койгондой топ-топ чыккан бактар көгөрдү.

Жолоочу жигит ошол жакка күлүмсүрөп суктана карады.

— Ана, биздин айыл! Наркы кашатка суу чыгарып жатышат белем? Көп киши иштеп жүрүшөт. Кетмендер күнгө чагылышат...

Жолоочу жолдоштору ага тамаша айтышты:

— Жакшылап кара, сүйгөнүң көрүнбөйбү?

— Үч чакырым жерден таанырсың...

— Төрт жыл чыдадың, эми төрт минутка да чыдап кой, курбум.

— Ооба, төрт жыл. Жеткинимдин там-туң баскан чагы эле, мен жөнөрдө ал балбырап уктап кеткен садага? Таттуу уйкусун бузгум келбей маңдайынан жыттап-жыттап алып, энесине тапшырып, жол мүшөгүмдү далыга салып жөнөп кеткем... Уулум ойгонгондур. Ала мойнок күчүгү менен ойногондур, балким, атасын да ойлогондур... Ооба, кийин энеси жазып жүрдү: «Атаң жоокер, машине менен келет деп айтам. Атам жоокер болсо тааныйм. Машине менен келсе, жолун тосуп чыгам дейт. Уулуң эстүү бала болду, атам келет деп, күнү бою машине өткөн чоң жолдун боюнда жү-

рөт. Качан келесиң!» — деп жазган катты бери чыгарда алгам. Азыр жол боюн карайм, мени тоскон бала көрүнөбү деп келатам...

Мамбет шашып кабинаны ургулады. Машина токтой калды.

— Эмне болду? — деди жолдошторуу.

— Тигине, менин айылым...

— Бирок жолундан күткөн уулуң көрүнбөйт го? — деди ээрди жука сары жигит.

— Бала да. Ойноп кеткендир,— деди далылуу токтоо жигит. — Дайым эле жол сактап жүрө алабы.

— Калбайсыңарбы? — деди Мамбет жолдошторуна. — Конок болуп кеткиле, түшкүлө?

— Жок, курбум,— деди жанагы токтоо жигит. — Балдарыбыз бизди да сагынып күтүп турушат. Тезирээк жетели. Кел, андан көрө жоокерлерче коштошолу.

Жолдоштору менен бек-бек кол кысышкан Мамбет машинадан ыргып түштү да, жол мүшөгүн сол колуна кармап, бүктөлүү шинелин ийнине салды. Анан жөнөй берген машина жакка колун булгап туруп калды.

## VI

Балким, айылдын адамдары тиги өкүнүчтүү окуяга алагды болуштубу? Жол жакты байкаган адам болгону жок. Чоң-кичине дебей аңтандашып өзөндүн боюнда жүрүштү.

Шинелин ийнине салып, айылын көздөй ашыга баскан жоокер да алагды. Ал өз айылына жакындаган сайын бир тал чөп да көзүнө ысык көрүнүп, кубанычка мас. Салмак аттап ашыга басса, колундагы жол мүшөгү салактап, шинели салпылдайт. Өзү аны байкас албай, теребелге каранат. «Бардыгы баягыдай, бардыгы өз жайында,— дейт жигиттин оюу. — Бирок, биз майданда жүргөн төрт жылдын ичинде айыл бир аз эскире түшүптүр, жаңы курулуштар көрүнбөйт... Эчтеке эмес. Биз кайттык, үйлөр да салынат, бактар да тигилет, көпүрөлөр да курулат. Тынччылык заманда жерибизди гүлдөтөбүз эми...»

Жигит көпүрөнүн ортосуна келгенде эрксизден токтой калып, агын суага карады. Кирген суу өзөнгө толгон. Береги чоң таштан аша коюп ак көбүк черткен шар Мамбет бала кезекте эле ошентип ташкындап агычу. Ошол шар жоокер жигиттин көзүнө артыкча жылуу көрүнүп кетти.

— Бах-х! Тоо суусунун агышы! — деп Мамбет суунун агынын бойлото карады. Анын көзүнө өзөндүн боюнда топтошкон кишилер көрүндү. Алар аттуу, жөөлүү, эмнегедир ашыккандай. Сууну туура кечип наркы өйүзгө бир атчан чыкты. Бери четте турган эки-үч аял суунун агынын көздөй колдорун силкишет. Кыштактын наркы четинен эки жөө арышын кең таштап чуркап келатышат.

Мамбет да көпкө токтоп туралбай, көпүрөдөн чыгып, тигил тынымсыз жүргөн элди көздөй өзөндү бойлоп ашыга басты. Ал аңгычакты болбой, антандап кыштак жакка бараткан быжыгыр

кара сакал адам жакын келгенде, жоокерге карап, далдайып токтой калды да, калдастап ашыга унчукту.

— Оо, кагылайын, Мамбетсиңби!

Мамбет жалт карай салып, дайым өзүнүн уста атасына көөрүкчү болуп жүрчү Чакини тааныды.

— Чакемсизби... Келе бери колуңузду...

Алда эмнеге буйдалган кишидей токтоло калып эки колун бирдей берди:

— Аман-эсен келдиңби, садага...

Дайым эмгекте кабарган Чакинин колун кысканында жоокерге бужурайып күчтүү сезилди.

— Тигил эл эмне ашыгып жүрүшөт, Чаке?

— Э бала агып... — деп Чаки мукактана калды. — Кудай сактасын. Суудан жандан мурун Акжолтой жетип...

Эмнегедир шексине түшүп, жоокер:

— Кайсы бала? Кимдин баласы? — деп ашыга сурады да, кашатка карай басты.

— Э... айылдагы эле... өзүбүздүн балдардан...

— Тирүүбү?

— Кудай сактасын... Азыр эсин жыя элек... Кашатка алып чыгышып башын ылдый каратып коюшту... Мен жибек жип алып келейин деп үйгө чуркадым эле...

Чаки арттай берди да, Мамбетке байкатпай нары жактагы кишилерге кол шилтегилеп «күтүнгүлө, атасы келди» дегендей жышаан берди. Адегенде делдее калган кишилер жоокерди көрүштү да, Чакинин белгисин түшүнүшкөндөй бир тобу чачырап утурлай басышты. Алар шек бербейли деген кишилердей сактанып, кээси этек-жеңин кагынып, кээси тамагын жасанып тургандарга унчукту.

— Ой, тарагыла! Ишиңерге баргыла!

## VII

Баланы алка жакасынан капшыра тиштеп, суунун агынын көздөй матала калып жебедей сүзгөн Акжолтой бирде сууга чөмүлө түшүп, кайра тумшугун көтөрүп жээкке жакын калганында наркы атчандар да жетишти.

Зээри бийик боз атка минген албеттүү кара жигит жанаша барып, эңкейип баланы шап колдон алып өзүнө тартты.

Баланын бөлбүрөгөн буттарын шар аттын төрт аягын көздөй урду.

— Чеберде! Бутун ат басып албасын! — деди аркы атчан.

Жигит тез кыймылдап баланы жыя көтөрдү. Бошой түшкөн Акжолтой, ошондо да болбой баланын сууга чабылган этегин тиштеген болуп, жээкке аттуу менен кошо чыкты...

Наркы көк ала сакал атчан темине жээкке чыгары менен, атынан ыргып түштү да, чылбырын таштай салып, жигиттин колунан баланы чебердеп алып жатып:

— Ата, ит эмес бекен! Жаман кишиден жолдошчулугу артык тура! — деп Акжолтойду мактап жиберди.

Өт колуна алар менен, ал киши баланын башын ылдый баштатып тынчтап жаткызды. Анан тыякта ыйлап келаткан энесине колун жаңсады.

— Кыйкырбаңыз! Коркуп кетет... Үн чыгарбагыла, ырымы болот,— деп көк ала сакалчан унчуккандарды тыйды... Улам келгендерди сулк жаткан баланын жанына топуратпай четке кубалады. Аларга кошуп, баланын энесин да нары кетирди.

— Балам аман калсын десеңиз, үн чыгарбай нары туруңуз! — деп буйруп койду.

Ээрди көгөрүп, купкуу болгон эне муундары калчылдап, наркы жакта жүрдү.

Бирок жеңиштен кайткан жоокерге көк ала сакал адам да тыюу сала алган жок. Тек:

— Кел, кагылайын, кел! — деп акырын унчугуп Мамбетти утурулады. — Айылдан бир бала сууга агыптыр. Алып чыктык. Кудай сактасын. — Оозу-мурдунан суу аккан соң эсин жыяр. Азыр сулк жатат...

Мамбет колундагы мүшөгү менен ийниндеги шинелин тигиндей таштап, салмак аттап, сулк жаткан баланын жанына келди.

Ушуга дейре баланын жанынан кетпей комдонуп жаткан Акжолтой кез-кез кыңшылап: «Менин досумду ажалдан алып калгыдай арга тапкыла!» — деп айткансып, ар кимге бир карап, жадаса үстүндөгү жүндөрүнөн мөлт-мөлт суу тамдырып силкиген эмес.

Азыр балага эңкее калган жоокерди көрүп, ага тап берчүдөй сактана карады. Зор дөбөттүн антиши: «Алда кимсиң, нары тур»,— дегендей.

Мамбет баланын тамырын кармап, колтугуна кол салды. Тамыры болор-болбос согуп, суудан чыккан дене салкын болчу. Жоокер жигит шашкан сыяктуу тез аракеттенип, баланы эки колунан тең кармап чебердик менен өйдө-төмөн кыймылдатты. Акжолтой жоокердин оюн түшүнгөндөй бир-эки кыңшылап, жаланып-жаланып койду да, суу болуп чапталган союл куйругу менен жер чапкылады. Дөбөт куйругун булгалактаткан, сайын жүндөрүнүн учунан көздүн жашындай тамчы-тамчы суу күнгө чагылышып ыргып турду.

Тигил көк ала сакалчан адам тек жанындагы эки жолдошу менен жолдон өтүп баратышып капилеттен бул окуянын үстүнөн чыгышкан кайдигер жолоочулар болчу. Бул кимдин баласы, тигил жоокер ким? Мурун соң көрүшпөгөн бейтааныш кишилер.

Жоокер жигит баланын колун өйдө-төмөн терметип, дем берүү аракетинде. Бир чети ашыккандан чекесине мончоктой тер пайда болду. Сулк жаткан баланын сапсары ирени бир аз жандангандай колу-буту жибигенсип, түспөлү өзгөрүлө түштү.

— Ким дегендин баласы? — деди Мамбет тигил адамдан сурап. — Ата-энеси бар бекен? Алар кайда?

— Ушул айылдын баласы,— деди көк ала сакалчан адам Мамбетке жалына. — Кагылайын балам, казатта кан кечип, ажалды тиктеп кайткан сыягың бар... Демин алдыр, демин алдыр. Жолуң

тык жоокер экенсиң. Колуң жеңил болуп, тумчуккан баланы эс алдыргың бардыр. Ата-энесине кубаныч бергиң бардыр...

— Мамбетим, сен белең? — деди нар жактан жары. — Мени кечиртаба, күтпөгөн кокустук болду. Жолдон машина өтөт деп Жеткиниң сенин алдыңан тоскону чуркап баратып...

— Бермет, сенсиңби? Бу Жеткиним беле?

Ата сулк жаткан баланы эки каруусуна сала коюп так көтөрдү. Бирок жүрөгү ачуу мыкчылып, бир аз теңселип кетти... Ал багыда душманды сүргүндөп баратып, Житомир шаарынан отуз чакырымдай өткөн кезде бир чоң кыштактын көчөсүнөн жолукturган — тытынган аялды эсине түшүрдү. Ал аял өз чачын өзү жулуп, өз бетин өзү тытып, бир заматтын ичинде жинди болуп кеткен болучу. Бар болгону жарым саат мурда балапандай үрпөйгөн бир жашар уулун колуна көтөрүп, эшик алдына чыккан. Ошона эч-эчтеке түшпөгөн энөө эне чегинип баратышкан жоонун аскерлерин карап турган. Самсыган аскерлер суюлуп, кулак тундурган доош менен жоонун танкелери, өзү жүрүүчү зор замбиректери өткөн. Эне аппак уулун көтөрүп, чегинген жоонун кетишин көрүп тек турган кезде, бопбоз болуп чаңга бастырып, көчөнү жээктей келаткан гитлердик майор, армиясынын аза тартып чегингенин узатып турган энеге кыжыры кайнаган. Ал, куду түрү суук көркоо сыяктуу атылып келип, татынакай баланы эненин колунан жулуп алды. Өтүп бараткан танкенин таманына ыргытты. Азыр гана колунда күлгөн, балапандай үрпөйгөн татынакай уулу өз көз алдында топуракка жуурулуп түшкөнүн көргөн эне бир заматта ушинтип жинди болуп кетти дешип, окуяны башынан көргөн кишилер биздин жоокерлерге, тигил жинди болгон эненин кайгысын баян эткен.

Биздин бөлүктүн жоокерлери бир заматта акылынан ажыраган эненин кайгысын бөлүшүп: ошол күнү жоо артынан кек алгыч окту мөндүрдөй себишкен.

Азыр ошондогу тытынган эне көз алдынан бир тартылып өткөндө Мамбеттин жүрөгү мыкчылып, бир аз теңселип кетти. Анда адамдык сыпатын жойгон эки аяктуу көркоо ал эненин көкүрөгүндөгү баланы мыкаачылык менен өлүмгө тоскон. Бүгүнкү Жеткин менен болгон окуя тек кокустук. Бирок бул кокустукту да, ошол көркоонун кесепети жиберди. «Ушул төрт жыл,— деди жоокердин оюу. — Биз тынч эмгекте иштесек, эмдигиче тентек өзөн багынбайт беле?»

— Журт! — деди Мамбет, күрпүлдөгөн тентек өзөнгө бурула карап. — Биз жоо жеңип кайттык. Тынч эмгек башталды! Мен ар дайым алдыңардамын. Тентек өзөн эми өстөн-өстөнгө бурулат, турбиналарды айлантат...

Бир аз эсин жыя баштаган Жеткин бийик чыккан үндү укканда бүдөмүк көзүн ачты.

Бек-бек сүйлөгөн ата аны байкабай өзөнгө карап, сөзүн уланта берди.

Долу суу ансайын иримденип, теминип, камчыланып көбүгүн ыргытат...

### Динар чоң энесине сабак бере баштады

Чоң эне кийинки күндөрү ойлуу небиреси Динардын жорuktарын эстесе, өз алдынча бирдемелерди кобурап, кээде күлүп коюп көңүлдүү да.

— Ай, акмак ай, акмак,— дейт чоң эне кол күрөгү менен жер чукулап, огороддо жүрсө да өз алдынча кобурай берет. — Мени оку дейт. Же окуюн десем, «а» сына тилим келсе, «б» сына тилим келбейт. Окуп агроном болгонумча эле табият мени алдына алып кетпейби...

Нак ушул секундада Динардын үнү чоң эненин арт жагынан чаңк этти:

— Чоң эне! Э, чоң эне!

Чоң эне бурула карады:

— Эмне, эркем?

— Бүгүн мен сизге эмне айтканы келдим. Билиңизчи?

— Омор абышка айтып жүрөт деп айтасың.

— Жок, ал эмес!

— «А» ны окудуң, «б» ны окудуң. Эми андан аркысын оку деп айтканы келдиң.

— Ал дагы эмес! — деп тентек кыз тилин таптап сүйлөдү. — Сизди окутпаймын. Мен сизге таарындым, ошол!

Чоң эне таңданган кишидей небиресине бир тынымдай үнсүз карады да:

— Эмнеге таарындың, эркем,— деди.

— Мага сиз эч-этеме үйрөтпөйсүз. А тигил жолдош академиктин энеси ага академик болушуна үйрөткөн!

Небиресинин айтканына аң-таң болгон чоң эне күрөгүн таштады:

— А кайсы академик, эркем?

— Кайсы академик болчу эле,— Динар бакырайган көздөрүн ирмегиледи. — Кадимки эле жолдош академик, мендей кичинекей бала кезинде энеси ага академик болушка үйрөткөн. А сиз болсоңуз мага академик эмес, тим эле зоотехник болушту айталбайсыз.

Бир туруп күлкүсү келсе, бир туруп небиресинин талабына жооп айталбай алсыз болуп турган чоң эне алдыртан үшкүрүп койду да, илимге ашыккан кичине кызын чочутуп албайын деп этиет:

— Эркем, сени академик болсун деп мектепке бербедикпи,— деди.

— Ооба, деле гой... Өздөрү берген кишиче... илгери, Динардай кыздардан калың жеп калчу элек деп кейип да жүрөсүз го. Совет өкмөтү менен Сабыр таякем болбосо, сиздер мени түк да окут-

пайт болчусуңар. А тигил жолдош академиктин энеси баласы кичине кезинде эле академик болсун деген.

Кичинекей небиресинин орундуу жемесине жооп айтуудан чочуган чоң эне:

— Анын энеси өзү окумуштуу болгондур... А биздики курусун...

— Ооба? — Динар, чоң эненин сөзүн бөлдү: — Бирдеме болсо эле биздики курусун дейсиз. А тигил академиктин энеси деле эч кайда окубаптыр.

Чоң эне кеп айталбай токтолду. «Ал окубаса уулун кантип академик болушка үйрөттү?» дегенсип Динарга үнсүз карады.

— Ооба,— Динар чоң эненин оюндагы суроону угуп тургансып, тыкылдады: — Жолдош академик мендей кичине кезинде энеси жанына олтургузуп алып, ага сонун-сонун жомокторду айтып берүүчү экен...

— Аны сага ким айтты,— деди чоң эне.

— Ий-ий, ушул чоң энем кызык киши теги,— деди Динар кейип. А мен пионермин да.

— Ооба, пионерсиң эркем.

— А пионер баарын билет. Айтып берейинби, чоң эне?

— Айтып берчи...

— Бүгүн отряддын сбору болду.

— А сбор деген эмне, эркем?

Бир жайда тек туралбаган Динар капкара көздөрүн ойноктотуп чоң энеге күлүндөп карады. Кыздын бул карашынан: «Ой, чоң эне, сборду да билбейсизби?» деген таңдануу суроосун туюнган чоң эне:

— Чын эле түшүнө албай жатам. Айтып берсең эркем,— деди.

— Ай-ий, ушул чоң энем эң эле кызык киши экен,— деди Динар кейип. — Сексен жашка чыктым деп мактанат. А өзү Ванькины да билбейт. Анан сборду да билбейт... Теги эмне ойлоп жүрүшкөн өздөрү.

Же күлө албай, же жооп айталбай кичинекей небиресинин алдында уяттуу болуп турган чоң эне жерден күрөктү араң алды да, бир-эки басып, арыктын кырына бир күрөк, жарым күрөк топурак кырдады. Куду карылыгы титиреткен өзүнүн жай кыймылындай үнү да жай, саал дирилдеп жумшак угулду:

— Анан кантсин, эркем. Чоң энең өмүрүнүн көбүн таптакыр караңгыда өткөрбөдүбү?

Динар чыны менен сурады:

— Эмне үчүн караңгы? А сиз болгондо күн кайда эле?

— Мен сендей кичине болгонумда күн тийчү эмес, эркем. Аны сага далай жолу айтпадымбы...

Чоң энени делдее караган Динардын капкара көздөрү бакырая түштү да:

— Ал кезде күн жок беле, чоң эне? — деди.

— Жок болучу, эркем...

— А муз кантип эричү эле? Тоолорго гүлдөр кантип чыкчу эле, күн жок болсо?

— Мен асмандын күнүн айтпайм,— деди чоң эне небиресине тууралап баян этти. Асмандагы күн анда эле тийип туручу, жазы, кыш-кыш болуп келүчү... Бирок жерде эңкейген кедей, кембагалдын бизге окшогон жетим-жесирдин күнү жок болучу. Окуу мындай турсун, сен айткан сборуң мындай турсун биз силердей көзекте өйдө карай алчу эмеспиз.

«Ай-ий, кандай болгон теги?» деген сезимде Динар чоң энени ото аяп карады. Картаңдын жай кыймылын кылдат байкады, дилдиреп жумшак угулган үнүн талдап укту. Анан тоонун тентек желиндей лепилдеген эрке мүнөзүн коюп токтоо боло калып:

— Чоң эне, айтып берейинби,— деди.

— Айта гой, эркем,— деди чоң эне калыбында жай. Сенин айткандарыңды чоң энең тажабай угат.

Динар энтигип тез-тез сүйлөп, сбор деген эмне экенин өзү билгендей чоң энесине түшүндүрдү. Анан бүгүнкү сбордо болгон окуяны баян этти.

— Ай-ий, чоң эне, билбейсизби? — деди Динар. — Сбор деген эң сонун болот!

Чоң эне үнсүз башын ийкегиледи. Чоң эненин анткени Динарга «Билем эркем, билем» дегендей туюлду. «Бүгүн биздин сборубуз өттү» деген сөздү башта Аскардын оозунан далай укса да, чоң эне аны анча таназар алычу эмес. Анткени Аскардын мүнөзү чоң кишиникиндей: ал токтоо, эстүү сүйлөйт. Аны чоң эне көп сүйлөткүсү келбейт. — Бала туруп чоң кишинин айтканын айтса, ичим тартынат. Бирөөнүн көзү тийип калабы, бирөөнүн сөзү ·тийип калабы деп чочуймун дечү чоң эне Аскар айткан кепти анча кубаттай берүчү эмес. Ошон үчүн Аскар да жаңылыкты аз сүйлөп, кээде чоң энени тамашалачу:

— Чоң эне, чачыңыздын агын киши көрсө көзү тиет. Жоолук менен башыңызды бек бууп коюңуз.

— Болуптур, күчүк,— дечү чоң эне анда. — Мени шылдындаба... А өзүң кишилердин көзүнчө көп сүйлөбөй жүр, уктуңбу?

— А эмне, мен ошончо эле бабыр бекем?

— Бабырсың! Сен бабыр түгүл, кыргыз угалек кептерди айтчу болдуң. «Жердин кырчоосу» дейсиң, «Түндүк уюл» дейсиң, «Ай балыгы», «Күн балыгы» деген бирдемелерди таап сүйлөчү болдуң. Андай дегендерди сенин чоң атаң да угуп-көргөн эмес...

Аскар күлүп, чоң эненин сөзүн бөлөт:

— Чоң атам, ай балыгы эмес, биздин карасуудан алабуганы кармап көрдү бекен?

— Тигини, тигини,— деп, чоң эне, акылдуу небиресине өз ичинен ыраазы болгонун сездиргиси келбей. — Кантээр экен десе, эчак жердин алдына кеткен чоң атаңа сын тага баштадың го... Чоң атаң чын эле балык кармап көргөн эмес болчу. Эмнегедир ал киши балыкты: «Суу жылдызы. Тийбегиле, ыйык болот»,— деп айтычу.

Аскар дагы күлдү:

— Э, өзүм көрбөсөм да, ал кишинин ошентип айтканын акылымдан сезет эмесминби...

— Омор абышка айткандай тек, күчүк,— дейт чоң эне Аскарга тап берип. — Тигини, акылымдан дейт тура. О, мурдуңду урайын, күчүк. Уялбай айтканын көр. Сенден көрө эшиктеги ала мойнок Окжетпес эстүү. Чык!

Аскар коңгуроолуу күлкүсү менен үйдөн чыга жөнөп, чоң эненин көңүлүн ооруткусу келбейт. Чоң эненин жүрөгүн элжиреткен, мээримдүү таасир калтырат.

Ал эми Динар тентек андай эмес. Кокус, алда эмнеден улам ачууланган чоң эне чыны менен урганы тап берсе да, Динар андан качмак тургай кайра эненин бутун кучактайт. Ошентсе, кээде небиресин жазгайм деп чоң эне өз тизесин муштап алат да:

— Ка-ап, тентек! — Тизесин сыйпалап: — Кичигирим муштасамчы... Тизем да какшап калды...

— И, кандай экен. Кандай экен! — дейт Динар чоң энени табалап. — Мени урмак белеңиз... Оорудубу, оорудубу?

Ошенткен Динар чоң энени ой-бойго койбой оюна келгендерди сүйлөп кээде энени тажата берет.

— Болду эми, тентек! — дейт тажаган чоң эне Динарга. — Капкайдагыны сүйлөй берип кулагымдын кужурун алдың...

Сүйкүмдүү добуш менен коңгуроолуу күлкүсү куюлуша, капкара көздөрү ойноктоп бир жайда туралбаган Динар:

— А кулагыңыздын кужуру кандай болот, чоң эне? — деп сурайт. Тентек небиреге эмне түшүндүрөрдү биле албаган чоң эне курчу кайтып, бозомук тарткан көздөрүн күлүңдөтө карайт. Алда эмне айтчудай эриндери бүлкүлдөйт. — «Ай, ушул тыкылдаган тентек кызды канетсем. Кыпчуур менен тилинин учунан чымчытып чойсом кантет, ыя»,— деген караш.

— Ну, айтсаң чоң эне. Кулактын кужуру эмне?

Терилери майда-майда бырышып, муундары көбүңкү тартып, учтары дайыма калтыраган колдорун чоң эне салмак менен көтөрөт, эки алаканы менен тап эткизе сандарын чабат:

— Муну кантсем, ыя? — дейт тажап, күлүп: — Кужур дегенди мен сага кантип түшүндүрөм, ыя?

— Кантип, кантип... Эми ушул кужур дегенди да билбейсизби? Өзүңүз айткан сөз го.

— Тигини, тигини. Бул кыз мени күнүнө үч маал сотточу болду. Кужур деген мына минтип кулактын тынчын алганды айтат... — Чоң эне эңкее калып, Динардын кулагына «чүүчүү» деп кыйкырат.

Тентек кыз мойнун жыйра, кулагын баса шыкылыктап тынымсыз күлөт.

— И! — дейт кошо күлгөн чоң эне,— кулагың чуркурадыбы? Кужур деген ошол, тынбай бежирейсиң, миң түрдүү кептин башын сурайсың. Анан менин кулагымды да ушинтип чурулдатасың... Эми түшүндүңбү, кужурдун эмне экенин?

Ошентип, чоң эне менен кичинекей небиренин сүйлөшкөнү ич элжиреткен тамашага айланат.

— Жок, жок! — дейт, күлкү аралаш Динар.

Чоң энесине тез жетишке ашыккан Динар, бүгүн да үйгө уу-чуу ала кирди.

— Чоң эне, чоң эне, бирдеме айтам билиңизчи...

Баятан сандыктын үстүндө уктап жаткан таргыл мышык табыштан ойгонду. «Те-ек, кыз. Акырын жүрсөңчү» дегенсип, уйкулуу көздөрүн үргүлөтө Динарга карады.

Азыр мышыкты байкоого Динардын чамасы да жок:

— Чоң эне, чоң эне. Бирдеме айтам билиңизчи? — Тентек кыз колундагы портфелди сандыкты көздөй ыргытты. Мышык селт этип курч азууларын арсыйтып, оозун кере ачып эстенип койду. Анан, куду катар-катар шакек салгандай темгил тартып түксүйгөн билектерин жалай баштады.

Көз айнегинин боолорун кулагына илип койгон чоң эне, «Анатомия» китебин барактап, сүрөт көрүп олтурган. (Бул өгүнчөрөөк, Сабийра шаарга барганда, келечекте балдарыма керек болор деп сатып келген китеп болучу.) Бирок тунарык көрсөткөн айнектер ого бетер чоң эненин көзүнүн күчүн кемитип, ал көп сүрөттөрдү тааный албайт. Маселен — адамдын жүрөгүнүн сүрөтүн тиктей карап, тааный алган жок, эмнегедир аны балапан басып олтурган тоокко окшотту. Ийрилип бөлөк тартылган мөөндүн сүрөтүн көргөнүндө: — И, жыланга окшойт. Ог эле жоон экен, бака жуткан түгөт ко? — деп койду.

Дагы бир топ барактарды ачып, бир бетке бою менен тартылган скелетти көргөндө чоң эне чочуп кетти.

— Апей, ботом!.. Арка, мойну оркойгон неме го, өзү?

Китепти бирде алыстатып, бирде жакындата кармап, жакшы көрө албаган соң адатынча оң көзүн жума калып сол айнектин жылчыгынан шыкаалап:

— Те-ек, кокуй... колу, буту, адамга окшойт ко? Кабыргасы саналат да... Ушунчалык да арыктайт экен, э?

Нак ушул секундда Динар кирди. Бардык назарын тигил скелетке бөлүп, өз алдынча кобураган чоң эне уу-чуу ала кирген небересинин дабышынан селт чочуду. Колунан китепти түшүрдү. Өзү бурула карады эле чоң эненин көздөрү көрүнбөй, тек жарыкка чагылышкан айнектери тептегерек болуп жалтырай түштү.

— Акырын жүрсөңчү, эркем... кичигирим чочусамчы, теги?

Эгерде Динар чоң эненин сырын түшүнсө: «Сизди мен чочуткан жокмун. Өзүңүз, алдагы скелетти таанбай коркуп олтурасыз,» — дейт беле? Бирок Динар ал сырын сезгени жок, тек адетинче ыргыштап, селтең этти:

— Коркпоңуз чоң эне. Мен келдим. Эмне айтканы келдим. Билиңизчи?

Чоң эне жай сүйлөдү:

— Маа сабак бербейм деп айтканы келдиң. А мен өзүм эле окуп олтурамын...

— Жок, жок. Тапкан жоксуз! — деди тентек кыз.

Эми башымды катырат деп небиресинен чочулаган чоң эне ишке берилип олтурган кишидей жогортон сүйлөдү:

— Болду Динар. Чуулдаба, эми!

Чоң энеден салкын сөздү аз угуучу Динар азыр көздөрүн ирмегилеп, тим боло калды.

Ушинтип койбосом мазамды ала берет деп сактанган чоң эне атайы айтты:

— Чуулдаба! Сен сабак окуп олтурганда мен мышыкты үйдөн куул чыгам. Өзүм бутумдун башы менен басып жүрөм. А мен китеп окуп олтурганда... Сен да тыныч бол!

Аябай танданган Динар көздөрүн бакырайта карады:

— Эй, чоң эне. Сиз да китеп окуй аласызбы?

— Сен эле окуй алам деп жүрдүң беле? — деди чоң эне, үнүн салмак менен таасирдүү угузуп, небиресин ишендире сүйлөдү. — Кантээр экен деп койсо, маа мугалим боло каласың.

— ...А сен окуган китепти мен окуй албайт бекем. — Чоң эненин көздөрү саал күлүмсүрөй түштү. Бирок аны тигил күңүрт көз айнектин көлөкөсүнөн Динар байкай албады. — Сен пионер болгонуңа мактанасың. А мен жакында партияга өтөм билсең...

Динар ишенер-ишенбес сурап койду:

— А анкет толтурдуңуз беле? Партияга өтчү киши анкет толтурат.

Өз кебинен чочуган чоң эне сыр бербеске тырышты:

— Тигини, мени дагы текшере баштадыңбы? Анкетти эмне кылам толтуруп... Өзүмдүн келиним парторг. Ал менин ким экенимди жакшы билет.

— Ооба,— деди Динар, — Сабийра апам, сиздин кайсы жылы туулганыңызды билбейт.

— Аны ким айта койду саа?

— Ооба, өзүңүз айткансыз...

— Качан?

— Ал тургай, кайсы жылы туулганыңызды сиз өзүңүз да биле албайсыз...

— Тигини, тигини, оңбогур... — деди чоң эне күлүп жибере жаздап араң: — Кантип эле өзүмдүн туулган жылымды билбейин...

— Ооба,— деди Динар,— билбейсиз эле.

— Билем эле.

— Билсеңиз айтып бериңизчи, гана?

Чоң эне бир тынымдай небиресине үнсүз карап турду да:

— Мен, илгери атамдын көк букасы карышкырды сүзгөн жылы туулганмын,— деди.

Же каршы болорду, же кубаттаарды билалбай делдее калган Динар өзү таң калып сурады:

— Көк бука карышкырды сүзгөн жылы болобу, чоң эне?

— Болот, эркем,— деди чоң эне кебин улап: — Илгери кыргыздарда ошондой жылдар болучу. Совет өкмөтү келгени гана биздин эл жыл санаганды билди... Болбосо, бир белгини кармап жыл эсептечүбүз. Раматылык сенин атаң короого кийик түшкөн кыш туулган...

— Ал короого кийик түшкөн жыл кандай, чоң эне?

— Сенин атаң боюмда... Найза бою кар жаап, тоонун кийиги жака талашты... Мойну узун кыштын күнү жылдай созулуп, кандайдыр муз жарылса, зоо жаңыргансыйт. — «Кары чилде ак сакалын сеңселтип суу түбүндө уктаган кези» дешип...

— «Кары чилде» деген кайда болот, чоң эне?

Небиресин тиктей карап чоң эне, чилдени өзү туюнгандай баян этти:

— Жайдын толгон кезинде жай атасы келип: кырк күн аябай ысыйт. Аны кыргыз жай чилдеси дешет. Кыштын толгон кезинде кыш атасы келип: кырк күн чытырап аяз турат. Аны кыргыздар кыш чилдеси дешет...

— И, ал аяз ата! — деди Динар.

— Ооба, от башында карылар кеп жөнөтүп, мелтиреген сонор карга чыйыр сүйрөп теребелде ит-куш жортот...

— А ит-куш деген эмне, чоң эне?

— Сөздү бөлбөй кепти ук,— деди чоң эне,— ит-куш деп кыргыз бөрүнү айтат...

— А бөрү деген эмне, чоң эне? — деди Динар көздөрүн бакырайта таңдана.

Чоң эне аргасыз күлүп койду:

— Ит-куш да, бөрү да — карышкырдын аты! Эмнелей бербей кепти ук, акмак. — Чоң эне кебездей жумшак колдору менен Динардын мурдунан чымчып койду да, кебин улады. — Ошентип, аяз ата сакалын сеңселтип суу түбүнө түшкөн мойну узун кыш түнүндө толгоо келип, көз ирмеген жокмун. Таң аппак атып калган кезде бала көз жарды...

— А көз жарган кандай?

— Бала төрөлгөндү айтат... «Сүйүнчү! Уулду болупсуз, атасы» деген кабарды укканда, чоң атаң байкуш, кубанчына чыдай албай кочкор сойчумун деп короого чыкса, кепенин сырт жагына үйүлгөн чөптүн түбүндө жаныбарым тоо кийиги оттоп туруптур дечү... Ошентип, сенин атаң короого тоо кийиги түшкөн кыш төрөлгөн бала. Короомо кайып келиптир, уулумдун аты Кайыпбек болсун — деп, чоң атаң ат койгон болучу.

Эмне айтарын билбей таңданган Динар:

— Ай-ээй, ошондой да болот экен э?

— Ооба, эркем,— деди чоң эне,— илгери кыргыздардын жылы ошентип саналчу.

Чоң кишидей салмак аттап каадалуу баскан Аскар китептерин столуна койду да, токтолбой чоң энеге бурулду. Ызааттык менен саал жүгүнө түшүп:

— Ну, бабушка, куттуктайм, сизди! — деп колун сунду.

Шашып кеткен чоң эне да:

— Куттуктаганы эмнеси, күчүктүн? — деп Аскарды алдыртан карады.

— Куттуктайм! — деди Аскар чоң энени. — Эртең отряд боюнча биздин пионерлердин сбору болот. Сизди докладчик кылып көрсөттүк. Даярдана бериңиз!

Балким, чоң эне Аскар тамашалап атат деп капарына албайт

беле? Бирок ишенимдүү айткан небиренин сөзү чоң энеге чындай угулду.

— Апей, доклад айтычу белем?

— Айтпасаңыз айтасыз! — деди Аскар калыбын эч өзгөртпөй: — Жетимиш жылды бекер жашадыңызбы?

— Оюн десем, чындайт го? — деди чоң эне.

— Пионерлер дайым чын сүйлөшөт,— Аскар эки бүктөлгөн баракчаны чөнтөгүнөн алып, чоң энеге сунду. — Ишенбесеңиз мына, сизге чакыруу билети! Жакшылап даярданыңыз. Динар экөөбүздү уят кылбаңыз.

Чоң эне Аскардын колундагы билетти алды. Төрт бурч тартып кызыл-жашыл кош сызыктар сызылып, кичинекей кызыл желекче тартылып, бетине алда кандай сөздөр жазылган баракча, муундары майда калтыраган чоң эненин колунда куду жел терметкен гүлгө конгон калдыркан көпөлөктүн канаттарындай дирилдеп турду.

— Аскар, чоң энем партияга өтөм дейт! — деди Динар тымызын.

— Билем! — деди Аскар эми гана күлүмсүрөп. — Ошон үчүн бул кишиге доклад тапшырылды. Жакшы даярданыңыз, чоң эне. Бизди уят кылбаңыз!

— Эмне айтам, садага?

— Өз өмүрүңүздө эмнелерди көрдүңүз?

— Маа окшогон кыргыздын кемпирлери эмнени көрчү эле, секеттерим...

— Айтор, бизди уят кылбаңыз, чоң эне,— деп чечкиндүү айтып нары кеткен Аскардын кыймылы чоң энеге таасир этти. «Бул балдарымдын тамашасы болор?» деген ойдо чоң эне, бирде колундагы баракчага, бирде Динарына карады. Ал куду үркө турган улакча элейип:

— Чын, чын... чоң эне,— деди кебин алда кимдер угуп койбосун дегенсип акырын сүйлөп. — Жана, мен да ушуну айтайын деп келгем... Эртеңки сбордо мугалимдер болушат. Сизди да, тигил ачуулуу Омор абышканы да сүйлөтөбүз деп Сабыр таякем өзү айткан.

Эмне дээрди билалбаган чоң эне өз алдынча шыпшынды.

— Ооба,— деди Динар. — Сизди пионерлер чакырганы рас. Ишенбесеңиз мына окуп берейинби?

Чоң эне үнсүз башын ийкеди.

Динар колунан чакыруу билетин алып, анда жазылган сөздөрдү угуза окуду:

«Ардактуу чоң энебизге!

Эртең «Фрунзе» атындагы пионер отрядынын кезектеги сбору өтөт. Сбордо, Сталиндик сыйлыктын лауреаты, пионерлердин жакын досу Советтик академиктин бизге жазылган каты окулат. Андан кийин ардактуу чоң энебиз бизге сөз айтып беришин күтөбүз.

«Фрунзе» атындагы отряд совети».

Аң-таң болгон чоң эне акырын Динардан сурады:

— Мен өз өмүрүмдө эмне көрдүм эле, эркем?

— Билбейм, чоң эне,— деди Динар.

Башына эчтеме түшө бербесе да чоң эне ойлонгонсуп калды.

— Чоң эне,— деди Динар акырын: — Пионерлер сизге саясыдан да суроо беришет. Анда кантесиз?

— Билбейм, садага...

— Ооба, биздин пионерлер кыйын. Саясы, чарба өнөктүктөрүн да сурашат.

— А сборуңарда кандай кептер айтылчу эле?

— Ай ий, чоң эне, билесизби? Биз өткөн жолку сбордо келгин куштардын кайда кыштаарын билдик... Аны сиз айтып бералаcызбы?

— Жок, ботом... Келгиндер Меке жакка кетишет деп молдолор айтчу эле... А бөдөнөнү болсо, кумурсканын уюгуна кыштайт экен деп, атамдын кеп салганын уккам. Илгери бирөө тоодон карагай сүйрөтүп келатса, карагайдын тумшугу карды дөмпөйткөн кумурсканын уюгун бузуп... бирдеме бырпылдаптыр. Отунчу атынан түшө калса, кардын астынан бузулган уюкта бөдөнө жатат дейт. Өлгөн го десе, тирүү экен. Отунчу бөдөнөнү койнуна катып үйүнө келиптир. Кантип өлбөй жүрдү деп тумшугун ачса, кичинекей тилинин үстүндө кандайдыр бир чөп жүрүптүр дейт. Көрсө, ал мээр чөп экен. Бөдөнө ачка болбос үчүн мээр чөптү тиштеп, үшүбөс үчүн кумурсканын уюгуна кирип кыштай берет экен деп кеп салчу, чоң атам жарыктык.

Жай убак болсо, «а мээр чөп деген эмне?» деп сурар беле? Бирок азыр чоң энем эртеңки сборго чейин саясатты билип алсачы деп кам көргөн Динар мээр чөптүн жөнүн сурай албады.

— Жок, чоң эне. Келгиндер жылуу жакка учуп кетишет,— деди Динар өзү сбордо укканын чоң энесине баян этип; маселен, Каспий деңизинде бир булуң бар дейт. Кыш бою ал булуңдун жерин канаттуулар жердешет. Аларга мергенчилер да тийишпейт...

— Өкмөт тыюу салып койгон го?

— Ооба, чоң эне. Кокус сизден пионерлер келгин куштар кайда кыштайт деп сураса ушуну айтыңыз.

— Макул, эркем,— — деди чоң эне. Анан өзү да тымызын сурап койду:

— А биздин Ленин атабыз кайсы жылы туулган эле, Динаржан?

— Билем, чоң эне. — Динар кубанып кетти. — Биз аны сабактан окуганбыз: Улуу чоң атабыз Ленин 1870-жылы жыйырма экинчи апрелде, Симбирск калаасында туулган!

Жакшы түшүнө албай калган чоң эне:

— А апрель деген кайсы ай?

— Ай-ий, чоң эне,— деп Динар чоң энени аянычтуу карады. — Апрелди да билбейсизби?

Бир аз тартына түшкөн чоң эне:

— Кыргызча айдын аттары башка айтылат да,— деди.

Динар таң калып сурады:

— Апрель кыргызча эмеспи?

Айткан сөзүмдө саясы жаңылыштык кетирип коёмбу деп сактанган чоң эне этиет сүйлөдү:

— Биздин учурда апрель деп айтылчу эмес...

— Ай-ий, чоң эне. Ушул «Силердин учур» кызык экен теги,— деди Динар кейип. — Биздин учур, биздин учур дейсиздер. Анан бардыгын тең эле билбейсиздер. Эртеңки сборго чейин мен сизди окутайынчы теги...



# НАСИРДИН БАЙТЕМИРОВ

Белгилүү жазуучу, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Насирдин Байтемиров 1916-жылы Чүй районундагы Кегети айылында туулган.

Н. Байтемировдун ырлары 1934-жылдан баштап газета-журналдарга чыга баштайт. «Жылдызкан», «Салтанат», «Жаш жүрөктөр», «Акыркы ок» аттуу романдардын, бир нече повесттердин жана ырлар жыйнактардын автору.

Балдарга арналган. «Бекем достук», «Сагын», «Камкордук», «Сыр», «Акбаш», «Адику» аттуу жыйнактары жарык көргөн.

## АДИКУ

### КҮРПТҮН ЫЙЫ

Адику көптөн бери эле атасынын кулагынын кужурун алат. Эсине түшө калса эле:

— Атакоу! Күрп кантип ыйлаган эле. Айтып берем дебедиң беле? Качан айтасың? Эртең дей бересиң, эртең дей бересиң. Калпычысың, күрп ыйлабайт, калпычысың,— дей берет. Күрп ыйлаганы чын. Атасы өз көзү менен көргөн. Ака айтам, мына айтам менен эле келатат. Айтууга ыгы келбей калат десең. Так ушу азыр ыгы келди айтууга. Ар нерсеге себеп керек тура. Андай себеп ушу жолу болду. Айылга барышкан жайында, Адикунун чон атасыныкына. Алардын эки күрпү бар болчу. Мекиянын кече күнү базарга алып барып сатып жиберишкен. Ошондон бери ошо корозу эшик астынан кетпей койду. Башын көк таштай кылып ары басат күпүйүп, бери басат күпшүйүп. Кээде канаттарын как-

ырата жерге сүйрөйт. Өзүнчө ачууланат, өзүнчө сөгүнөт, өзүнчө сурданат. Ошону көрүп Адику баягы ата сөзүн дагы эсине түшүрдү. Дагы сурады:

— Ушу күрп ыйлады беле? Кантип ыйлады эле? Айтып берчи күрптүн ыйлаганын,— деди күрптүн аягына бир чыгып, биягына бир чыгып. Күрп ан сайын канаттарын какыратып жерге сүйрөдү. Ансыз да учтары кырылып калган канаттарын аяган жок.

— Жүрү биякка. Айтып берейин.

Үлп эткен жел күүсүнө турuштук бералбай сабагынан учуп түргап апорт алма түбүнө барып отурушту. Анан, Балта күрптүн ыйы жөнүндө айтып берди...

Мен анда бала болчумун. Сендей эмес, сенден чоң. Өспүрүм элем. Анда жер азыркыдай эмес, ээн болчу. Жазында биздин айыл тэ-э төмөн жакка, Кең-Булуң деген жерге көктөчү. Ошондо малдарын төлдөтүп, анан жай башталганда жайлоого көчүшчү. Ал кезде тиги Токмок шаарынын батыш жагы калың камыш баскан кара саз. Сазда эмнелер гана жок дейсиң. Баары бар эле. Баары дегеним, кыргоолдор жүрчү аралай бастырсаң барр этип учуп. Камыш түбүн сөйкөнө сойлоп балыктар жүрчү. Токтой калып булар кимдер болду экен, карайынчы дегенсип суудан баш чыгарганы кызык эле. Каздар жүрчү, өрдөктөр жүрчү каркылдап, баак-баак этишип. Өзгөчө алардын балапан чыгарган кезин айтпа. Камыштарды сүзө кетип бараткандарычы, балапандарын ээрчитип. Суксурлар ошондо жүрөр эле, кылт этип сууга сүңгүсө далайда барып, тиги башка жактан сорок этип чыгып. Чүрөктөр жүрчү түгөйүнөн ажырашпай.

Тердиктей кургак жер тандап конушка айланткан эликтер жүрчү, карпа-курпа тушунан чыга калсаң шарт качып. Камыш баштары эле бирин-бири чапкылап калчу, анын кеткен жагын айгинелеп. Бөрүлөр шимшүчү, кара тумшуктары менен камыш түртө берип. Камандар жүрчү эле коркулдаган. Так ошо кылкылдаган камыш баштарын кыркалай сыдырып учуп кээде куш өтчү, шумкар өтчү, байкабай өйдө көтөрүлө калган кыргоолубу, өрдөгүбү, суксурубу, тарс илип алып, бөктөрө жөнөп. Ошо жердин ар кадамын даана билген айбанаттар, канаттуулар өз эркинче болчу.

Каркыра, турналар болсо жанагы мен айткан Кең-Булуң деген жердин бетин бербей жүрчү эле. Ошо жерге уя салчу. Ашыра айтканда ар бир чийдин түбү сайын эле уя болуп калаар эле. Так ошондогу окуяга байланыштуу, алиги күрптүн ыйы дегеним.

Биздин айыл ошонун өйдө жагына конушкан. Биздин эки күрпүбүз бар эле. Бири — мекиян, бири — короз. Жазда, ал кезде үзүмчүлүк болчу. Азыркыдай жыргал турмуш кайда, эл нан түгүл талканга араң жетчү. Күрптүн тууган жумурткаларынын баарысын жеп койгонбуз. Күрптүн мекияны күрп болоор кези жетип калганын да байкабаппыз. Сууга салсак да болбой койду. Уясынан турбай жатып алды көзүн жалтыратып. Айла түгөндү. Бир күнү атайы талаа кыдырып чыктым. О-о, аябай кыйналып жатып каркыранын уясын таптым. Эки жумуртка бар экен. Апкелип күрптүн астына салдым. Күрп сүйүнүп кетти. Кукулдап

бооруна басты. Мен анын басаарын билген эмесмин. Жөн эле арга түгөнгөндө каркыранын жумурткасын салып көрөйүн дегем. Ыраазы эле болор бекен деген үмүттө болгом. Ыраазы болмок түгүл... нөп, антсе да болот тура. Ал тургай, бир күнү карасам, экөөнү тең чегип салыптыр. Мына кызык десе!

Каркыранын каркыра экенин билбейт тура. Өз баласындай эле сүймөнчүлүк менен мамиле кылат десең. Деле боорунан чыгарбайт. Үшүп калбасын деген ойдо, өзгөчө эртең мененки, анан кечки салкында деле жел тийгизбейт. Түш ченде экөөнү ээрчитип чыгып күнөс жерге алып келет. Жонуна кондуруп алат. Ошентип эркелетет. Ошентип багат. Каркыранын каркыралыгы деле унутулуп күрптүн тилин билип алышты. Энесинин сөзүн түшүнөт. Ал каркыра балапандарына не дебесин тилин алышат. Экөө тең абдан элпек. Такыр кыйыктанбайт. Артынан ээрчип алат буттарын тарталаңдатып. Талаага ээрчитип келет. Өзү эмне жесе, аларды да ошону жегенге үйрөттү. Чегиртке көп болчу а жерде. Кармап алып жедирип жатканын өз көзүм менен көрүп жүрдүм. Не бир жесе боло турган чөптүн бүрүн кантип жешти да үйрөттү. Балапандары бат чоңойду. Короз күрп, мекиян күрп, анан эки каркыра болуп ээрчишип баратса, өзүнчө оркестр өңдүү жараша түшөт. Үйдөн анчалык алыс кетишпейт. Ошо жерден оттошсо деле жемсөө тоюнат го. Жайылып, жайылып, анан кечке жакын үйгө кайтышат. Мен аларга атайлап үй жасап салгам. Боз карагандан апкелип эң сонун үй жасагам. Мекиян эки балапаны менен ошо үй ичинде, короз күрп болсо үйдүн үстүнө түнөйт. Ал кызык. Каяктан шамал соксо, төшүн ошол жакка тосот. Күндүн мурду жерге текши жайылганда тигилерди ойготот. Тиягына бир чыгып, биягына бир чыгып, алып жөнөйт жайытка.

Күндөр өтө берди. Жайлоого кетер кез келди. Элдин баары жайлоо багыттап жөнөп, эки үйлүү жармач киши жакада калдык. Анын бири — биздин үй. Кайта кыштакка бардык да, кыштак четиндеги сайга кондук.

Жай өтүп, күз келди, күз өтүп, кыш келди. Жайлоого көчкөндөрдүн баарысы күздө эле жакага түшкөн. Эми кыштакта. Алар менен кошо биз да түтүн булаган болобуз. Оокат өтүп жатат.

Каркыралар кадимкидей жетилишкен. Биздин үйдө тооктор да көп болчу. Жокчулуктун чарбасы тоок болот. Этсиресең бирөөнү союп алсаң, сорпого жарайт. Бир кой сойсоң, короо эңшериле түшөт.

Күрптөр каркыра басып, ошо бойдон балапан чыгарышкан жок. Эртең менен, кечинде жем чачабыз. Карды күрөйбүз да, узата-а чачып кетебиз. Жем дегенибиз — чар. Арпа, буудайдан калган чарлары. Ошо деле тамак, ошого деле өзөк жалгашат. Анда, эмнегедир кар калың түшчү. Тоок, күрп, каркыра болуп аралаша жем жеп, баштарын ийкеңдетип жатканы мага кызык көрүнөт. Өзгөчө эки каркыранын аппак болуп артына жапырылган саамайлары, көгүлтүр тарткан жондору, анан туурулган кара буттары сонун. Ийкең-ийкең этип басканда, чокуганда деле тигилерден

өзгөчө, башка бир сонун дүйнөдөн келген кереметтер окшоп көрүнөт. Керемет демекчи, аларды керемет деп айтарлык эле. Күн чоң шашке болгондо экөө ээрчишип учуп чыгат. Асты менен түз эле үй жанындагы үч теректин башына айланат. Андан моюн созо кыштактын түштүк жагындагы секиге көтөрүлөт. Секиде азыраак күймөлө калып, анан кыштак үстүнө көкөлөйт. Кыштактын үстүнө эки жолу ары-бери учкан соң, сызган бойдон тиги чулуга түшүп кетет. Чулу дегенибиз алиги Кең-Булуң тарап. Ошо Кең-Булуңга барабы, же түз эле тиги казактын мелмилдеген көз жеткис талаасына чейин чабытташабы, аны эч кимибиз билбейбиз. Кечке чейин ың-жыңы жок. Карал-Дөбө деген, башка тоолордон өзүнчө эле бөлүнүп турган тоодон күн эңкейе бергенде каркыралар кайра тартышат. Жөн эле келип коно калышпайт. Келишет да, кыштак үстүнө айлана берет, ар бир үйдү, ар бир кишини, ал түгүл кыштактын ар бир малын санап чыккандай болушат. Экөөнүн ээрчишип жүргөнү, башты эки жакка буруп коюп баратышканы, күнгө чагылышкан канаттары сонун көрүнөт. Өздөрүнчө кубанып, өздөрүнчө бактылуу болгондой, бул жердин көркүнө тойбогондой, карай бергиси, дегеле моокуму канганынын чеги жоктугу ошо өңдүү. Кыштак үстүнө ары-бери, каршы-терши, кыйма-чийме жол салып, сүйүүлөрү менен, аппак тилектери менен чырмалып жаткандай болот. Алардын учуп баратышы да, кайта учуп келиши да кыштак эли үчүн майрам. Моюн созуп карашат. Түрдүү сөзгө салып кобурашат. Күзүндө кайда кетээрин, жазында кайдан келээрин сүйлөшөт. Башта такыр болбогон жаңылык өңдүү сезилет. Ушинтип эле өмүр бою, кылымдан кылымга жүрө беришин тилешет.

Бир күнү чатак болду. Каркыралар эрте келишти. Ага да себеп бар экен. Бирөөнүн буту сыныптыр. Айыл эли, өзгөчө кошуналар аябай кайгырышты. «Болду, болбоду, муну Бучук мерген атты» дешти. Эртеси эле күнү аны барып жемелешиптир. Ур-бергиге алышыптыр. Кара ташты мойнуна алсынбы. Карганып-шиленип коюптур. Бирок анын атканын көргөн киши бар экен. Акыры мойнуна коюлду. Экинчи жолу атпаска касам ичип жатып чатак акыры бас-бас болду.

Айылдагы колу эмдүү кишилердин баарын чакырдык. Кээси келсе, кээси: «Ушу бир каркырага эмне мынча чуу чыгарасыңар?» — деп керкейишти. Канаттуу дегенде жанын таштаган Осмонаалы деген зергер бар эле. Ошол келип таңды. Таңуунун жолун дарылоонун жолун ошо билет экен. Куш кыргый, бүркүт кармап жүргөн да.

Канаттуу куш болсо деле билишет экен. Жарадарынын жанынан беркиси чыкпайт. Учууну коюшту. Бир айдан ашуун жүрүштү. Осмонаалы эки күндө бир келет. Кармап алып жараатын жаңылап таңат. Жарыктык, анын жакшы мамиле жасаганын, бутун айыктырууга кылган мамилесин түшүнөт. Таңып жатканда бутун сунуп, былк этпей жатып берет. Таңып бүткөн соң ырахмат айткандай болуп, артына кылчактай карап чокондоп жөнөйт. Ал түгүл... бара-бара Осмонаалыдан качпас болду. Кармайын деп баратканда азыраак эле качымыш этип токтоп калат.

Бир жарым айда барып айыкты. Мурдагысындай кайдан болсун, саал чорчоюңку тартып бүттү. Буту айыккан менен баары бир алар учпай коюшту.

— Эмне үчүн чорчойду? Чорчойбой эле койбойбу? — деп сурады Адику, чыдабай кетти окшойт. — Чорчойгону эмнеси?

— Чорчойгонубу? Буту мурдагыдай болбой, саал чормоюп бүттү деген сөз.

— И-и, менин ээрдимдейби? «О» десем чормоёт ээ? Ошондойбу?

— Эң туура.

— Ошо каркыраны баскан ушу күрп беле?

— Жо-ок, күрптөр эчак жок болду да.

— Бул күрптөр ошонун балдарыбы?

Жедеп сурай берип жадатканда:

— Ооба. Ошолордун балдарынан, балдарынын балдарынын балдары,— деп калп айтты атасы.

— Бучук мерген кишиби?

— Ооба.

— Бучук деген эмне?

— Мурду жок кишини бучук дейт.

— Мурдун ким тиштеп алган?

— Ит тиштеп алыптыр.

— Итпи? Мурдунбу? Жаткан жеринен тиштеп алыптырбы?

— Ооба.

— Каркыраны мылтык менен атыптырбы?

— Ооба.

— Эмне үчүн атыптыр?

— Бышырып жегени атыптыр.

— Ошону жесе, мурду айыгат бекен?

Атасы баласынын суроосунан жадап кетти.

— Ой, укпайсыңбы, укпайсыңбы?

— Угам деп атпаймбы. Өзү айтпайт да анан... Зергер деген эмне? Каркырага окшошпу? Учуп жүрөбү?

— Ал куш эмес, киши. Зергер деген — уста киши. Алтын, күмүштөн буюм жасайт.

— Алтынданбы? Тиш салабы? Сага тиш салып береби?

— Жок, сөйкө, шакек, билерик жасайт. Уштук жасачу илгери, чачпак деген болчу, ошону жасачу. Ат жабдыгын жасачу.

— Анан каркыралар учуштубу? Коркуп калышыптырбы? — деп сурады Адику.

— Учушту. Ошентип, кыш өтүп, жаз келди. Бир күнү кызык. Алманын түбүнө эле чөп ташып жүрөт, эки каркыра, экөө тең...

— Чөптү эмне ташыйт? Жейби?

— Жо-ок, уя салып жүрүшүптүр.

— Уя салып? Жумуртка тууганыбы?

— Ооба. Уя салышты. Бир күнү-ү жумуртка тууду.

— Канча жумуртка тууду?

— Экини. Анан балапан чыгарды.

— Өздөрүнө окшошпу?

— Так өздөрүнө окшош.

— Күрпкө окшош болсо эмне болот эле?

— Андай болбойт. Булар каркыралар, тиги болсо күрп. Кантип окшош болмок эле.

— Балдарын Бучук аткан жокпу?

— Аткан жок. Ананбы, анан алар чоңоюп, эне-аталарындай болушту. Башта экөө эмес беле? Эми төртөө учушчу болду. Баягыдай болуп чоң шашкеде учуп чыгышат. Те чулуну карай жөнөшөт. Кайта кечинде келишет. Кечинде келгенде дал баягыдай болуп кыштак үстүндө көпкө дейре учушат. Анан аябай моокумдары канганда келип үйгө конушат. Ошентип жүрүштү.

Жай өтүп, күз келди. Каркыралар кийинки кездерде айнычу болушту. Баягы мурдагысындай тартип жоголду. Кээ бир күндөрү кайтпай калышчу болду. Андай чакта биз дүрбөлөңгө түшөбүз. Баягы Бучук атып таштаган жокпу дейбиз. Жок, кээде эртеси күнү, же эки күн өткөн соң келип калышат.

Аларды жалаң биз эмес, кыштак эли бүтүндөй байкайт. Бирөө болбосо да, бирөө көрөт. Алар түз эле баягы Кең-Булуңга барышат экен. Ошо жакта жайылышат экен. Аякта каркыралар көп да. Асты менен өздөрүнчө оттошуп жүрүшүптүр. Жапайы каркыраларга кошулбай, четтешчү экен. Жакынкы күндөн бери кадимкидей эле аралашып калганын көргөндөр айтып келишти. Бири: «Ошентип отуруп акыры каркыралар менен кетет» — десе, башка кээ бир кишилер: «Жок, антпейт, биерге көнүп калышты, кетпейт» — дешти. Биз алардын кетпей турганына ишенчүбүз. Кокус кетип калса, аянычтуу көрүнчү. Ушунчалык жакшы мамиле кылсак, эки баштан төрткө жеткирсек, анан бизди таштап кантип кетсин дечүбүз.

Бир жолу беш күн бою жоголду. Эми чын эле келбей калды дедик. Жок, бир күнү келип калыптыр тизиле учушуп. Күз күнү болчу. Эгиндер алынып бүтүп, жер такырайып калган. Алмалар кыйгас бышып калган.

Адику дагы чыдабай кетти.

— Эмне, күзүндө келбей калабы?

— Күзүндө... и-и, тиги башка каркыралар кете турган кези жеткен чак күз болот

— Анан эмне болду?

— Беш күн бою каркыралар үйдөн алыстаган жок. Эртең менен учуп чыгат, айланып жүрөт кыштак үстүндө, анан кайта келип конушат. Кечинде да ошентишет. Алтынчы күнү, күн тоо башынан бийик көтөрүлүп калган чак эле. Күн абдан ачык болчу. Асманда томуктай булут жок.

Каркыралар өзүнчө эле дүрбөлөңгө түшүп, өзүнчө эле күндөгүдөн башкача каркылдашып, асмандан көз албай турушкан. Бул эмне болду дегенбиз. Баарыбыз эле байкаганбыз, бүгүн бир башкача түрдө экенин.

Анан, бир маалда тиги чулу жактан, и-ий, сандаган каркыра көккө көтөрүлдү. Алар уламдан-улам өр талаша, тоо талаша учуп жөнөштү. Дал биздин кыштакка жакындап келатышты.

Кыштактын аягына жеткенде биздин төрт каркыра учуп чыгышты. Асты менен терек башына көтөрүлүп, анан биздин үйдүн үстүнө бир топ жолу айланды, андан кыштак үстүнө ары-бери айланды. Ошентип отуруп тиги калың каркырага кошулушту. Алардын эң артына тизилишти. Биз даана көрүп турдук. Экөө тияк учуна экөө бияк учуна турушту. Каркыралардын канаттары жарк-журк этип асманды эритти, асманды жаңылады. Алардын куркулдаган үндөрү тэ-э бийиктен төмөнгө, жерге себилди. Алар ыракмат, алкыш, ыр себелеп жатышты.

Уламдан улам бийикке, бийикке чыгып, анан деле караандары бүлбүлдөп калган кезде, күн батыш карай сызышты. Ушунун баарын короз күрп менен мекиян күрп көрүп турушкан. Экөө тең аябай капаланышты. Асты менен дубал башына, анан чатырга чыгып асманга моюн созушту. Экөө тең алардын кеткен жагын карап катып калышты. Экөө тең көздөрүн жашылдантып, кадимкидей ыйлашты.

Ошондон кийин эки күн бою жем жешкен жок.

Каркыра балдары эмне деп кетти? Эмки жазда кайта келебиз дедиби? Же келер, келбесин айткан жокпу? Аны күрптөрдөн башка эч ким билген жок.

Адикунун көзү да жашылдана түшүптүр.

## ДОКТОР БУКА

Дагы эле баягы кичинекей Адикунун кеби.

Ушу кичинекей балабыздын дени соо болсун деп, Адикунун ата-энеси кайда гана барышкан жок. Жыл сайын жайдын кайнаган күнү июль менен августтун арасында кадимки атагы ааламга кеткен Ысык-Көлдө болушту. Аякта күн анчалык көңүлдүү болбой калганда айылга барышты. Айта берсе кыргыздын кай жерине барсаң керемет го.

Быйылкы сексенинчи жылдын башынан тартып эле тиги радиодон кезитке дейре кеп кылып, жылдын катаалдыгын айтышты. Күндүн радиоактивдүүлүгү дегеле ашынып кетет дейби, мындай жылда көлгө баруута, өзгөчө бала менен чалдарга барууга кыйын дейби, аларга күчтүү таасир берип, өмүрлөрүнө зыян тийгизет дейби... Көл эле дейсиңби, тоо жөнүндө да ошондой эле сөздөр айтылды. Каякка барып эс алуу жөнүндө ары ойлонуп бери ойлоп отурушуп, акыры жайлоого бармак болушту. Атасынын, ооба, Адикунун атасынын төрөлгөн жериндеги жайлоого бармак болушту. Аны жалпы жонунан Кегети капчыгайы дейт. Ал эми ошо капчыгайдын эки өйүзүнүн баарысы эле сандаган жайлоо го! Бир жыбыт, же жылгага кирип кетсең болду, табигый көрк дегендин сонуну ошондо, кымыз дегенди каалашыңча ичесиң... Ал эми гүлдүбү? Шаардын гүлканасында жоктор ошоякта. Гүлдө ойноп, гүлдө уктайсың, гүл жазданып жатасың. Не бир дүйүм гүлдүн жыты жуурулуша буркурап уруп турса... кадимкидей эле мас болосуң, мемиретип уйкуну келтирет.

— Келдикпи? Ушубу жанагы сен айткан жайлоо?

Шаардан чыккандан бери Адику бул суроону канча жолу кайталаганын өзү да билбейт. Ал сураган сайын атасы:

— Жо-ок, дагы көп бар,— дейт чыдамкайлык менен. Анткени бала чыдамсыздык менен шашып, көрсөм деп жатпайбы.

— Жайлоо кандай болот, ата?

— Чо-оң болот.

— Бозумдайбы?

Бозум деген эки көзү алайган, чүйлүсү казанбактай болгон, топтоголок киши.

Атасы күлүп калды.

— Жо-ок, ал тоо да. Баягы-ы биз барганды билесиңби? Шаркыратмага барбадык беле, ээ?

— И-и, билдим-билдим, суу агып турат ээ, тэ-э аскадан?

— Суу акканы болот, акпаганы болот. Суу акканды шаркыратма дейт, суу акпаганды...

— И-и, билдим-билдим, жайлоо дейт. Жайлоодо суу акпайт.

Адику сүйүнгөнүнө чыдабай алакан чапкылап ийди.

— Жо-ок, анда да суу болот. Суу болбосо өлүп калбайбы мал суусап.

Адику азга ойлоно түштү.

— Суу болсо өлбөйбү? Сууну иче берсе, иче берсе өлбөс болобу?

— Жо-ок...

— Өзүң айтпадыңбы, суу болбосо өлүп калат деп.

Адику чыр салды. Атасы ага кантип түшүндүрүүнү билбей айласы кетип турганда капчыгай көрүндү.

— Мына келип калдык!

— Кана, кайсынысы жайлоо?

— Жо-ок, жайлоо эмес, капчыгайга жеттик.

— Кана капчыгай?

— Мына, капчыгайдын оозуна келдик.

— Капчыгайдын оозу? Хи-хи! Оозу барбы капчыгайдын? Ушунчалык чоңбу?

— Ооба. Ушерди капчыгайдын оозу дейт. Карачы, көк жашыл болуп жатканын.

— Капчыгайдын оозу көк жашыл болот экен, ээ?

Адику дагы азга ойлонуп калды. Дегеле сулуу кылып кырктырган көкүлүн алаканы менен сылап турду.

— Тиши кана? Тили кана?

— Тишиби? Тилиби?

Балта эмне дээрин билбей мукактана түштү.

Аңгыча бир асканын боору күнгө чагылыша түштү эле, Балта ошону көрсөттү:

— Тигине, тигине, карачы жылтылдап турабы?

— Кана жалтылдаганы?

Баланын башын аякка бурду, көрдүбү, жокпу ким билсин акыры деги көргөндөй болуп «и-и» деп тынды.

— Эми канча калды?

— Шашпа, карыш эле жер калды.

— Карыш эле? Мамынча элеби?

— Жо-ок, ал сөздүн жөнү. Жакын эле жер калды деген ак кыргыз ошентип айтат. Капчыгайдын оозунда баратабыз, эми бе эле жетебиз деген сөз.

— Эмне! Оозунда. Капчыгай жеп койбойбу бизди?

— Алар машинадан түшүштү. Ары-бери басышты. Адику сынай карайт, атасынын оозун тиктейт, анан капчыгай ичин карайт. Ооз табалбайт. Атасы нан жей баштаган. Анын жаак эттери түйүлө калып жатат. Капчыгайдын оозу анткени кана? Атасы нанды жутканын байкайт. Капчыгай нанды кантип жутаарын ойлойт.

Капчыгай жеген жок. Чуркагысы келсе чуркады, көк чөпкө оонагысы келсе оонады, таштын башына да чыкты улактай секирип. Ошентип отуруп капчыгайдын оозу жөнүндө унутуп калды.

Ошентип барышкан Адикулар жайлоого.

Муну Көлтөрдүн өрөөнү дейт. Өңгүл-дөңгүл таш жол менен жүрүп отурасың, жүрүп отурасың... пай-пай, түштүк жагындагы токойдун көркүн айтпа! Жыш, жөн эле жыпжыш. Карагай, арча, анан, эмне эле? Айтор, самаганыңын баары бар. Ошондон өтүп отуруп анан Дөң-Сазга жетет. Ошентишти.

Адикуларды келет деп андагылар күтүп турушуптур. Аларга атайы боз үй тигип коюптур. Жакшынакай үй экен. Жаңы журтка тигиптир. Оо-о, үйдө кадимкидей жүк жыйылуу экен. Өзгөчө Адикунун эжеси Иза сүйүнүп кетти. Ал жомокту көп окуган. Ал окуган жомоктордун айрымдарында керемет баатырлар болор эле. Жер кезип жүрүп отурса, жүрүп отурса... чокусу көктү тиреген бийик зоонун асты жагында, калың арчанын үстү жагында. Тоошинин ой жагында, өрөөндүн өр жагында, калың карагайлуу беттин теке маңдайында, кашкайган аппак суу уруп жаткан жыбылтын асты жагында даңкайган бир боз үй туруптур дегендей эле болду. Так ошондой экен, Иза окучу, Адикуга айтып берүүчү жомоктогудай экен.

Адику байкай койду.

— Иза, бул жомокпу? — деп сурады Адику.

Иза андан чоң да. Түшүндү. Бөбөгүнүн көңүлүн жубатуу аретинде.

— Ооба,— дей салды.

Адику боз үйдүн эшигин тирмийип карады. Бул эмнеси дегендей умсунду. Аздан соң чыдабай кетти го:

— Ай десе аркы жок, күн десе көркү жок кыз кана? — деп сурады. Чын эле муну жомок деп түшүнгөн экен. Жомок боюнча андай үйдөн сулуу кыз чыкчу да.

Адикунун оюн жылкычынын көк дөбөтү бурду. Деле иттен башкача «бу-бу!» эткен үнү бар экен, барсамбы, койсомбу, үрсөмбү, койсомбу дегендей башын бир жагына кыйшайтып алып жакындап келатты. Аерде жылкычы, андан өйдөрөөк букачы Дандыбай бар экен. Баса, дагы бир сайма алачык турат томолой болгон. Анда Борошо деген бүкүр кемпир турат дешти. Ал [illegible] Ысмайыл деген жылкычынын эжеси дейт. Анын сайма алачыгы

апжакын экен. Анын эмне үчүн ошончолук сууга жакын кийин маалым болду.

й, өлөң төшөк дегендей, Адикулар боз үйгө кириштн да, жатып калышты. Боз үйдөй жыргал болобу. Таптаза, аба бир калыпта. Түндүгүн тартып койсоң чаңкайган көк көйдөлөп барганда күн тиет эриген алтын болуп төгүлүп. чү? Жылдыздарды көрөсүң, түндүктөн, жыбырап, жаркылап. Жакшы-ы байкаган киши, алар кадимкидей эле көз чакырып жатканын сезишет. Күү-шаа этип суунун агып ы... дыркырап тоо жактан урган жел... Ооба, жомок деген н артык болбойт. Ушуну эле жакшылап айтып берсе жоуп чыгат. Бул жердин башкасын айтпай эле, тетиги Кулдеген бийик чокуну кеп кылса да канча икая. Дегеле биерөлордон бөтөнчө бөлүнүп, терисин бирөө сыйрып салгандай көктө жатат. Кадимки эле жазылган кол чатыр бир караты жагындагы жыбыт, жылга, боорлордун баары чытырмой, анан, бардык жакшы жасалгасын аларга берип коюп ылдач калгандай, улам төмөн карай жылаңачтанып баратболуп көрүнгөн Кулмамбес... Ошо жылаңачтыгын карап да көз талыйт, тойбойсуң, не бир ойго келгис ойлорду туу-

пап биринчи күндөрү Ысык-Көлдү эстеп кеп кылышты эле, и күндөн соң, ал эстен чыкты, тоо сөзү, токой сөзү, андагы канаттуулар сөзү, илбесиндер сөзү башталды. Күндү күн п сүйрөп алып кетип жатты. Этектен тартсаң да, шыйраабышсаң да күн колуңу силкип коюп зымырай берди. Бат р шартына көнүштү, бат эле... Адику, алиги Борошо кемүйүр болду.

ын үйүр болушуна бул себеп: бир күнү Адику көпөлөк кууп а, суу жактан, көк шиберди аралап бирдеме жылып келаоктоп калды. Жакшылап байкады. Элик бар дешкен-быякта. лик болуу керек деди оюнда. Жок, бул башка. Элик, эмне на жоолук салмак беле. Кара жоолугу бар экен, ээгин чала ыган. Анан, кызыл күрмө даана көрүндү. И-и бул баягы Бокемпир. Эмне тиштеп алган оозуна? Чоргоосу бар экен. Иа, ал чайнекке боо байлап, мойнуна илип алыптыр. Эмне ал колу менен көтөрбөйт?

ла Борошону карай акырын басты. Кемпир акырындап жылатат. Экөө оро-пара беттешти. Кемпир балага көз кадады. ло чылпак. Тизелеп, колдору менен жер таяна жылып келаНеге турбайт? Неге баспайт? Бала таң калды. Анткени анын ыгына барчу эмес. Бир, эки мертебе көпөлөк кууп эшигинин нан өткөн. Экөөндө тең чай ичип отурганын байкаган. Көрбул кемпир боорун көтөрүп жүралбайт тура.

ла чөп аралай басып барып кемпирдин дал маңдайына тура ы. Ошондогу кемпирдин көзү ай! Ушундай да боорукер көз нен ээ дүйнөдө! Көзүндө жалыныч турду. Дегеле кыргыз энебардыгы бириксе да тили жетип айталбай турган жалыныч у. Жалыныч турду көзүндө, дегеле кыргыз эненин бардыгынын

сагынычын бириктирсе да ага жетпегендей сагыныч эле. Үмүт турду көзүндө, деле бүтүндөй дүйнө энесинин үмүтүн чогултса да ага жетпегендей үмүт болчу. Эрдик турду, ушул тоодон чыдамкайлыкты алган эрдик эле. Сүр турду анын көзүндө, так ушу аскадан алган сүр эле. Кайгы турду катталган анын көзүндө, канча жылдар бою бирин-бири басып, бирине экинчиси кошулган, жошулган. Жашоо турду анын көзүндө, кычыраган кыш коштогон, чыкылдаган жай коштогон, жадыраган жаз коштогон, батыраган күз коштогон, жай коштогон. Ооба, ошолор турду көзүндө. Ал тарамыш болуп тарбаңдады, жөргөмүш болуп арбаңдады. Дагы эле ал өмүргө баратты боору менен жылып, дагы эле үмүткө баратты Эне-Жерин кучактай сойлоп, дагы эле ал жакшылыкка баратты, көзүнө күн толтура. Бүкчүйгөн бүкүр белине чокмолоштура арман үйүп алыптыр. Арман басып баратты анын желкесинен ылдый, баш көтөртпөй, арман уруп баратты. Бирок аны ыйлаталган жок. Өмүр акты жылт этип кемпирдин чайнегинин чоргосунан. Кемпирдин өмүр суусу гүлгө себилди, ачылалек гүлдөр көз алдында ачылып жатты.

Кемпир чайнегин жерге койду. Ууртунан аккан шилекейди жеңи менен аарчыды. Тиштери кадимкидей экен.

Сорок этип отура калды кемпир. Отура алат экен. Ээги тизесине жетип бүрүшүп калганы эле болбосо... көзү даана, сөзү даана, кулагы да.

— А-ай, айланайын, менин да сендей балам болгон. Мен дагы бала төрөгөм. Сага окшош болчу, кургурум. Өзгөчө астыртадан өйдө көз сүзө караганы. Сени көрө коюп, курган жан, ошо балам келип калган экен дебедимби. Ай, үмүт ай, ай эне кургур ай!

Борошо үшкүрдү, ыйлаган жок. Көзүндө жашы калбай калса керек кыйла жыл бою ыйлап жүрүп.

— Таене, ал балаң кана? — Ушинтип сурады Адику.

— Таене деген тилиңен секет кетейин, каралдым, таене деген. — Кемпирдин көзүнө эми жаш тегеренди. Калган-каткан, тэ-э түпкүрдөгү бир ирмем, бир тамчы жашы серпилди көрүнөт. Балким так ушундай унутулгус учурга сактап койгон жашыдыр. Жаш чыгуу жакшы, такыр чыкпай кургап калыш кыйын. Адам баласынын турманы ый менен күлкүдөн турат ээ, чиркин! — Согуш жеп койгон, кургурду. Согуш жутуп салган шордуунү.

— Согуш киши жейби, таене?

— Ооба, согуш жалаң киши жейт, бала жейт, баарын жейт, балам.

Кемпир сөзгө кирди. Эмнеге минтип бели бүкчүйүп калганын айтты.

Анын Бекболот деген жалгыз уулу болуптур. Согуш башталганда айыл балдарынын биринчиси болуп ошого чакырык келиптир. Төрт жыл бою кан кечип, өрт кечип жүрүп, тэ-э Берлинге кирип баратканда окко учуп өлүптүр. Ошондон бери кемпир Бекболоттон үмүт үзбөйт экен. Мына келет, ана келет менен тизесин кучактап эшигинин астында күтө берип отуруп, акыры ушинтип өйдө боло албай калыптыр. Кийинки үч жылдан бери боору ме-

нен сойлоп калыптыр. Инисине каралап, ал кайда көчсө ошерге барат экен, ошо иниси багат экен. Так ошону сүйлөдү Борошо кемпир. Адикунун боору ооруду. Чайнегин көтөрүп барып берди алачыгына. Сырты капкара болгон менен алачыктын ичи таптаза, жапжарык экен. Балага ошонусу жакты. Кемпир кел деп чакырбаса деле бала ага барчу болду, ал түгүл кээ күнү түнөп калчу болду.

Алачыктын чыгыш жагында, үзүктө бир чоң тешик бар эле. Андан караганда өзгөчө айдын толуп турганында, күн ачык болсо, андан көз жиберип Кулмамбести көрөр эле. Анда Кулмамбес сүт тоого айлана түшчү. Анын бүткөн бою желеленип, чын эле нур төгүлүп жатчу, сүт агып жатчу. Ага барган кишинин баарысы андан чакалап куюп ала берсе болчудай эле. Ал тургай, ошол сүт, ошо ай нуру аралашкан сүт агып отуруп азыр эле Борошонун алачыгына жетчүдөй сезилчү. Чайнекке толтура куюп, бышырып, анан... ичкиси келип кетчү... Бала да, баланын ою да. Андай болуу кайда...

Адикунун эне-атасы ала-сала баласын кемпирден аяды, ал тургай коркту. Ушу шүмүрөйгөн алачыкка коркпой кантип барат? деген суроо туулду. Адику болсо жай гана «коркунучтуу эмес» деп коюп жүрдү.

Балта менен Майрам бир күнү атайы барып көрсө... сырты шүмүрөйгөнү менен ичи таптаза экен. Идиш-аягы, жыйылган экиүч жууркаты бар экен. Шырдак жатат жерде, деле аябагандай кооз. Аны кемпир колунда кубаты, көзүндө курчу бар чагында өзү жасаганын угушту. А дейсиңби? Ал кайнаткан чайдын даамы да бөтөнчө сонун экен. Ошондон кийин Адику барам десе тоскоол болушкан жок.

Баарыдан да Адикуну кемпирдин үйүнө тарткан бир кеп бар.

Бир күнү кызык болгон. Алачык жанынан өтүп баратса... уу коргошундун түбүндө көзүн жалтыратып чаар тоок жатат. Турбайт. Жонунан сыласа да турбайт. Мына эмесе деп Адику анын жанына отуруп алды. Ошентип жатып дегеле көптө барып тоок турду. Турар замат «как-как-как-ка-ак!» деп бакырган бойдон канатын тарпырата чуркап суу жакка кетти. Кеткен ордун караса... эки жумуртка жатпайбы аппак болуп мөлтүрөп. Адикуга кызык да. Мындан мурун буга окшогон укмушту көргөн эмес.

Жумуртканы ала койду. Жыпжылуу экен. Аны көтөрүп Борошо кемпирге апкелип берди.

— И, тоок тууптурбу? Туусун. Саа бышырып берем. Эки тоогум, бир корозум бар. Күндө эки жумуртка туушат. Ошол деле маа азык болот. Баарыдан да анын эрмеги керек маа. Караан көрүнөт. Жандуу нерсе жанымда жүрсө, ошо да кубат. Кааласаң союп берем жарыбагырды деп койду Борошо.

Ошо тоокторго айланчу бала. Чегиртке кармап берсе алар жеп алчу. Андан такыр качпай турган болушкан.

Күндөрдүн биринде чатак болду. Адику эртең менен барса кемпир ачууланып отуруптур. Адику сурабаса деле өзү айтты:

— Шыйрагың сынган түлкүнүн шыйрагы сынаар күнү кайда?!

[illegible] кишайтын деп кетиптир эки тоокту. Журтта калганы [illegible] короо калыптыр койкондоп. Эми эмне кууруп берем [illegible] келгенде. Жумуртка жок деп келбейсиң го эми,— деди кемпир. Ошо түнү Адику алачыкка түнөп калды. Кемпир балага [illegible] өзүнө жакыныраак кылып салып берчү. Жаткандан тарта [illegible] жомок айтып кирчү. Не бир укмуштай жомоктор чубатуудан өтчү. Түн о-о, бир топ болуп калганча басылчу эмес. Үнүн да ар башкача чыгарчу, бала жөнүндө айтып жатса кадимки кичинекей бала болуп, жез тумшукка келгенде кадимки жез тумшукка айлана үнүн киркирете чыгарчу. Абдан коркунучтуу болуп кетчү. Ошондо Адику төшөгүнөн жылып кемпирдин койнуна кирчү. О-о, ошо койнуна бала келген кездеги кемпирдин кубанычы-ы... Кээде анын чокусунан жыттай берип таң атырганын сезбей калар эле. Колунан качырган бардык таалайы айланып кайта келгендей болуп кетчү. Бүгүн да ошондой болуп жыргады. Өзү таалайга айланды.

Ошо күнү тийген аптаптын ысыктыгы! Жөн эле мээ кайнап кетти. Баланы түш оогуча кемпир эне-атасына жиберген жок. Бир топ күндөн бери өзү сайып жасап жаткан китеп салгычын бүтөм деген ойдо ошентти. Аны бүтүп, Адикуга бермек. Ал быйыл окууга барат дегенди угуп калган.

Букачынын букалары мындай ысык күндөрдө тэ-э төмөн жактагы чо-оң түп эки арчага айланчыктап, же кемпирдин алачыгынын өйдө жагында суунун айланасына белчесинен батып ары-бери чайпалып турганды жакшы көрүшчү. Бүгүн ошондо эле алар. Бир маалда кара дөбө козголгондой болуп картаң бука башын силкип-силкип алып, анан катуу-катуу бышкырды да, куйругун оргуштата көтөргөн бойдон суудан өкүрүп чыкты. Үнүнүн болушунча күркүрөп-шаркырап ал түз эле Борошонун алачыгына бет алды. Эки ара жакын эле эмеспи, сайгактан качкан кургур, бат эле жетип келди. Оң ыптасын жөөлөп өткөндө алачыктын оң ыптасы кыйрап, сол ыптасын жөөлөп өткөндө сол ыптасы кыйрап калды. Ал аз келгенсип бука кучактап алчудай болуп ич жагына бипбирдей имерилген мүйүздөрүнүн кычуусун кандыргысы келгендей башы менен чулгуп жаман туурдукту тытып кирди. Эми мүйүзү, килейген башы, алайган кызыл көзү көрүнүп калганда жаны чындап чыкты.

— Согуш көздөнгөн ит, согуш көздөнгөн! Жутсаң мени жут, балама тийбе! — деп кемпир Адикуну бооруна бекем кысып алып жүккө ыктады. Анын кызыл кемселинен буканын көзү өтүп кетти. Оозунан көбүк чыгып жутунду. Башын булкулдатканда көбүгү кемпирге чачылды. Жутуп ийчүдөй болуп мүйүз менен серпип аларда кемпир баланы көтөргөн бойдон ордунан ыргып туруп тышка чыга качты. Анын бели түзөлө түштү. Бели качыр-кучур эткенин да, түзөлгөнүн да ал билген жок. Жөн эле баланы букадан сактоо камын көрдү. Чымын-куюн болуп ал Балта менен Майрамга баратты. Үйү жагынан аны Ысмайыл көрдү. Өз көзүнө өзү ишенбеди.

— Борошонун доктуру бука болду го,— деп гана койду.

Балталардын үйүнө жеткенде, баланы жерге коё берип, алачыгы жакты караса, кара бука дагы эле алачыкты мүйүзү менен челип жатыптыр.

— Адам... мен... белим түзөлдүбү? Адику! Кудайдан баланы ушул үчүн тилеген экем да! Сени күтүп жүргөн турбаймбы өмүр бою, Адику!

Ана, кемпирдин көз жашы көлдөгөнүн эми көрүп ал! Балким ал отуз беш жылдан берки кургап калган жаш чыгар... Мейли, ыйласын кургур. Кээде ыйлап алуу дагы таалайдыр...

## АЙЫМ АЙТБАЕВА



Балдар жазуучусу Айым Айтбаева Ысык-Көл областындагы «Челпек» селосунда (1917—1975) туулган. Пединститутту бүтүргөн. «Ленинчил жаш», «Кыргызстан пионери» газетасында редактор, «Кыргызстан аялдары» журналында жооптуу секретарь жана комсомолдук иштерде иштеген.

А. Айтбаеванын биринчи китеби «Турмуш чакырат» деген ат менен 1960-жылы жарык көргөн.

Балдар үчүн «Сырдуу коңгуроо», «Атанын жагоосу», «Атанын аманаты», «Торсогой» деген китептери чыккан.

## АТАНЫН ЖАГООСУ

Ырыстардын мектебине быйыл окуу бөлүмүнүн башчысы болуп жаңы киши келген. Ал орусчаны да, кыргызчаны да суудай билген, элүү жаштын тегерегиндеги арык чырай сары киши. Барыдан газеталардын орусчасын да, кыргызчасын да күнүгө койбой окуганычы. Бүгүн да адатынча, сабактан колу бошой калганда газеталардын улам бирин ала коюп, барактап отурганда тыштан мектептин старший пионер вожатыйы кирди эле:

— Саара,— деди газетадан баш көтөрө,— чолоңуз болсо, бери келип отурсаңыз,— деп Николай Ефимович жанынан орун көрсөттү.

— Азырынча шашылыш деле жумуш жок, кулак сизде, Николай Ефимович,— деди Саара жакын келип отура берип.

— Сиз Ырысты жакшы билесизби? — Николай Ефимович Саарага кайрылды.

— Тогузунчу «А» комсоргун айтасызбы?

— Ооба.

— И-и, билбегендечи, Николай Ефимович, билем. Мен бул мектепте иштегениме төрт жылдан өтүп баратпайбы. Ошондон бери билем аны. Жылдан жылга бардык сабактарынан эң жакшы деген баа менен класстан класска көчүп келатпайбы, жүрүш-турушу да жаман эмес, ал биздин эң сонун пионерлерибиздин бири болучу. Комсомолго өтүүгө аган пионер уюму рекомендация берген. Эми тигинтип өз классынын комсомол жетекчиси болуп отурбайбы. Илбериңки, кичи пейил жакшы бала,— деп келатканда Николай Ефимович:

— Ошентип а баланын кенедей кемчилиги жок деңизчи,— деп жылмая күлүп Сааранын сөзүн бөлдү.

— Антип айтканым жок, Николай Ефимович. Кээ бир кемчиликтери бар. Мисалы, Ырыс менимче, өтө ызакор, анан оңойчулук менен кишиге сырын айтпаган түнттүгү да бар... — деп келатканда Сааранын сөзүн дагы бөлдү:

— Саара, мен да а баланы жарым жылдан бери анча-мынча билип калдым. Жакшы окуурунда, тартиптүү экендигинде талаш жок. Мен сизден сураган себебим, анын атасын билер бекен дегеним. Караңызчы, мынабу газетага, мына береки Ырыстын атасы эмеспи? — Окуу бөлүмүнүн башчысы «Советтик Кыргызстан» газетасынын бетиндеги сүрөттү көрсөтө Саарага сунду.

Газетада «Заводдун сыймыгы» деген теманын алдында, темир кескич машинанын жанында жеңин чыканагына жеткире түрө шымаланган, жашы кырк беш чамасындагы жумушчу турат. Вожатый кыз газетаны колуна ала коюп тигиле карады да:

— Ооба, ошо, ошо, биздин Ырыстын атасы. Ата-энелердин чогулушу болгондо дайыма өзү келчү. Быйыл көбүнчө энеси келет. Атасынын колу бошобойт окшойт.

Саара минте берип газетадагы сүрөткө дагы көз чаптыра баштаганда Николай Ефимович:

— Көрдүңүзбү, коммунисттик эмгектин бригадасынын бригадири, беш жылдык планды үч жылга жеткирбей орундаткандар... Көрдүңүзбү, анык новатор болуптур, көрдүңүзбү, өндүрүшкө канчалык рационализатордук сунуш кийиргенин... — деп Сааранын алдына эңкее калып, макаланын утур бир сабын сөөмөйү менен көрсөтөт да. — Во-от азаматым, во-от баатыр десе, ушундай болмок,— деди өзүнөн өзү куйпөлөңдөп сүйүнгөнүнөн улам.

— Сиз бул кишини таанычу белеңиз, Николай Ефимович? — деп вожатый кыз анын көзүнө тигиле карады.

— Ананчы, тааныбагандачы,— деп ордунан турду. Колун шымынын чөнтөгүнө сала ары-бери ойлуу басты. — Во-от Ажалсыз а! — деди аздан соң.

— Николай Ефимович, сиз кимди айтып жатасыз ажалсыз деп? — Саара таңыркап сурады.

— Саарочка, билесизби, биз эмне үчүн анын атын ажалсыз деп койгонубузду? Мен мына береки киши жөнүндө айтып жатам,— деп газетадагы сүрөттү дагы көрсөттү.

— Эмне үчүн ошентип койдуңар эле? Силер койдуңар беле? —

Вожатый кыз таң кала мостоё карады. Ал эми ичинде: «Мына кызык, кайдан жүрүп Николай Ефимович биздин Ырыстын атасына ат койгон?!» деп ойлоду.

Окуу бөлүмүнүн башчысы бачым эле жооп бере койбоду. Башын бирде оңго, бирде солго шылкыйта, кээде асмандагы жылдыздарды санап жаткансып, тамдын төбөсүнө тигилет да, эриндерин кыбыраткан болуп, көзүн кымыңдатат. Ал өзүнчө бир ойго батып турганын байкады, сыягы Саара шаштырган жок, «мейли, эстеп алсын» дегенсип унчукпай күттү.

— Билесизби, менин атам бир кезде тегирменде иштөөчү,— деп сөз баштады Николай Ефимович,— а киши бардык адамды жактыра берчү эмес. Ал эми мынабу Ажалсыздын атасын — биздин Ырыстын чоң атасын бар го, эң жакшы көрүүчү. Мен анда жети-сегиз жашар, эс тартып калган бала элем. Ошо киши, мына береки Ажалсыздын атасы бир кап, жарым кап буудайын же арпасын артынып келгенде, атам коруктагы бедени чаап жүргөн болсо, дароо барат да анын колундагы чалгысын ала коюп өзү чаап кирчү. Же энем картошка казып жүргөнүн көрсө, анын колундагы күрөктү ала коюп картошкасын заматта казып бере салчу. Ошондуктан апам да, атам да аны: «Абдан илбериңки, эмгекчил киши»,— деп жакшы көрүшчү. Ала келген эгинин калаа албай эле тегирменге салып бере койчу. А кишинин жалгыз карагер аты болоор эле. Калп айтпасам, кой жоргосу болуу керек эле ошо аттын. Ал келгенде мен анын атына асылаар элем: атты минип желдирем, жорго салдырам. Анан тегирмендин ичинде чачылган арпа, буудайды шыпырып толтурам да, атка берем. Ошондуктан болсо керек, а киши тегирменге келгенде аты мага жулунуучу, келип шапкемди жыттап калуучу. Жарым жыл өтпөй а киши дүйнөдөн кайтты. Бечара, анда ал отуздарга жете элек жаш болучу. Зайыбы он сегиздин тегерегиндеги келин эле. Эри өлгөндө ал келиндин колунда үч-төрт айлык баласы, карыган кайнатасы калган. Ал келин өзү кошо айылдагы молдонун үйүндө жүргөн асыранды кыз болучу. Күйөөсү каза тапкандан аз гана кийин, күз айы болсо керек, үркүн башталды. Кыргыз калкы ырайымсыз падыша өкмөтүнөн көз жашырышканы кытайды көздөй качты. Жесир келин да баласын өңөрө, кайнатасын ээрчип жол тартты.

Андан кийин үч күнбү, же беш күнбү, эсимде жок, таң эми агарып сөгүлө баштаган кез. Короодо бирөөнүн аты кишенеп, баланын чыңырган ыйын укканда баарыбыз ойгондук. Чыгып карасак, баягы карагер ат. Үстүндөгү ээрдин кашында таңылган бешик бир жагына кыйшая түшүптүр, бешик жапкычы жок, учуп кетсе керек. Анда бөлөнгөн бала бешик боодон суурула түшкөнбү, башы бери чыгып калыптыр. Баланын өзөргөн алсыз үнү адамдын сөөгүн сыздатат. Апамдар аны бат эле чечип үйгө кийиришти. Карасак, бешиктин кээ бир жери кызыл ала кан. Бечара келинге — баланын энесине качкандарды куугунтуктагандардын огу жаңылса керек. Ээсинен ажыраган ат кайра өз жерине качкан көрүнөт.

Жем жеп көнгөндүктөнбү, жаныбар, биздин короого келип калганын карасаңыз! Деги жылкылар сезгич келет.

Кыйын жолго чыгарын билген бечара, өңөргөн бешигин ээрге ыбайл эле бекемдеп таңып алган көрүнөт... Ошончодон биздикине аман-эсен жеткенин айтсаңыз! Бала коркуп да, ачыгып да араң жаны калыптыр. Апам бечара, ыраматы болгур, ошондо балага кошулуп ыйласа болобу:

— Заманаң курусун, кайран эл, бечара балдар,— деп сүйлөп да жүрөт, баланын оозуна кашыктап сүт тамызып да жүрөт. Ишенесизби, Саарочка,— деп Николай Ефимович сөзүн улай берди,— андан кийин бала катуу ооруп, кыйын абалда калды. Атам, апам бала жөнүндө молдого билдиришсе, бири да басып келишпеди. Молдо болсо үркүндө качкан эмес. Апам өтө боорукер киши эле, аны өз баласындай багып, айыктырып алды. Ошондо баарыбыз аны ажалсыз бала экен деп көп айтчу элек. Бир күнү апам:

— Бул бала эки ажалдан аман калды, атын Ажалсыз деп коёлу. Өз эли болгондо да ошентип коюшмак,— деди.

Апам да, атам да бала кезинен Кыргызстанда туруп, кыргыз элинин эски салтын, ырым-жырымдарын жакшы билүүчү кишилер эле. Мына ошентип, а бала Ажалсыз аталып, биздин үй-бүлөгө кошулду.

Жыл айланып, Россияда падыша өкмөтү кулады. Аны менен бирге падышалык Россиянын колониялары кошо боштондукка чыкты. Кыргыздын жеринде да Совет бийлиги орноду. Көп узабай үркүндө кытайга качкан кыргыздар өз жерине, элине кайтып келе баштады. Ал эми Ажалсыздын эч кимиси кайтпады. Бала жетимдигин билбей, биз менен бирге өстү. Кызык, буту басып, тили сайрап чуркап жүргөн жайдын бир күнү, Ажалсыз апамдын алдында эркелеп отурганда биздин айылдагы кемпир келип:

— Өз апаңдан бетер, эмне, тигил Колькандын апасынын мойнуна асыласың, асылба, бул сенин апаң эмес. Кольканыкы,— деп тамашалаганда бала:

— Калп айтасыз, бул менин апам,— дей берип энебиздин бетинен чопулдата өөп көрсөткөндө, тигил кемпир да болбой:

— Ишенбесең карабайсыңбы, булардын бардыгынын чачтары сапсары, көздөрү да сеникиндей капкара эмес, өзүлөрү да апакай. А сенин чачың кара, көзүң да, өзүң да капкара, же самындап бетиңди жуубай жүрүп минтип карайып кеттиң беле? — деп чычалатып отуруп кеткен. Ошол эле күнү, бир убакта Ажалсызыбыз:

— Апа-а-а, ой-ой, апа-а-ке! — деген бойдон чыңырып ыйлай үйгө кирди. Колу, бети-башы бүт самын. Көзү кызарып, араң ачылат. Апабыз тура келип анын бети-башын сүрткөндөн кийин:

— Эмне үчүн көзүңдү самындадың, балам? — десе: «Анан эмне, жанагы бабушка көзүмдү капкара дейт. Арыкка барып жууюн десем көзүмдү ачыштырып ийди, тигил самының ачуу экен» дегени али эсимде.

Николай Ефимович минтип айтканда өзүнчө жыргап күлө баштады. Карап отуруп анын күлкүсүнө Саара да кошулду.

— Ой тамаша, бала кез кызык да... Ошол бала эми мынабу

кишиби, биздин Ырыстын атасы э? Кызык экен! — Саара аздан кийин күлкүсүн тыйып, газетага дагы тигиле карады.

— Убакыт, мезгил учкан сайын, айланаiнын, бардыгы өзгөрөт деген ошо, Саарочка... Мен сизге айтайын дегеним ал да эмес, башка,— дегенде Николай Ефимович муңая түшкөнсүдү, маңдайына бир наста толгон бырыштар кошула калгансыды. — Ошентип жүргөн күндөрдүн биринде,— деп сөзүн улады ал,— Ажалсыздын чоң атасы, бая айтпадымбы келини менен Кытайга качкан деп, ошо карыя кайтып келди. Ал уулунан да, келининен да... бардыгынан ажырап, кокойгон жалгыз башы төрт жылдан кийин элине кайтты:

— Баламдан калган жалгыз керээзим тирүү калганын угуп кайттым, айланайындар. Болбосо, элге, жерге жетүүдөн үмүт үзүп, өлүмгө баш байлап калган элем. Анткени сакал-чачым агарып, минтип карып калган кезимде узак жолго чыгууга батына албай жүргөм, сөөгүм жолдо калабы дегем. Чычкандай чүрпөмдүн кабарын укканда: «Бир көрүп көз жумсам ээ» деген ой, күнү-түнү көкүрөгүмдөн кетпей тынчымды алды. Акыры бел байлап жолго чыктым, чүрпөмдүн кабарынын деми менен жеттим окшойт. Батамды берейин, башка эч нерсем жок. Өмүрүңөргө береке тилейин, өз жашымды берейин... — деп эртели-кеч ак сакалын көз жашы менен жууп турганынан, атам, апам, баланы чоң атасына бербей коё албады.

Айтканындай эле небересин алгандан кийин, карыя баарыбыздын көзүбүзчө жашара түшкөндөй көрүндү: кайраты чыйралып, мурдагысынан алда канча сергек, бара-бара тамашөкөй боло баштады. Ал элдин коюн багып жан бакчу. Айтканындай небересин боорунан түшүрбөй алып жүрдү. Кытайдан кайтканда Совет өкмөтү тарабынан ага бир өгүз берилген. Ал өгүз минет да, баласын чоң тонунун өңүрүнө ороп өңөрөт да, кой жайганы жөнөйт, кечинде койнуна катып, бооруна баскан бойдон үйүнө келет. Түнкүсүн да жалгыз койбойт, жанына алып жатат. Ошентип жүрүп бала он жашка чыкты. Ал кезде айылдагы балдар үчүн да өкмөт мектеп ача баштаган эле. Ажалсыздардын айлындагы балдардын бир тобу мектепке бара башташты. Ал эми карыя болсо, небересин а дегенде эле жибере койгону жок.

— Ажалсызды мектепке жиберип окутсаңыз боло,— деп бир күнү жолугуп айтсам:

— А-а, өмүрүңөргө береке бергилерим, аны мектепке жиберип нийип, кантип чыдайм кайра келгиче. Бир пас эле көрбөй калсам сагынам, туралбайм. Мектеп дегениңерге күнүгө эртең менен кетсе, түштө араң үйгө келишет экен, анда кантем? — деп көзүнө жаш алган. Анткени менен кийинки жылы небересин мектепке өзү жетелеп келди. Ажалсыз мектептеги балдардын зээндүүлөрүнүн бири болду. Мугалимдердин айтканын айткандай, көрсөткөнүн көрсөткөндөй бут эстеп калчу.

Күндөрдүн биринде комсомол уюмунда, анда мен комсомол кезим, «мектепте окуган кедей-дыйкан балдарын пионерге тартуу керек» деген сөз болду. Ажалсыздар окуган мектепке эки комсо-

молецти жибермекчи болушту. Анын бири — мен. Сабактан соң балдарды чогулттук, пионер деген эмне экенин колубуздан келишинче түшүндүрүмүш болдук. Кийин ойлосом, анда биз өзүбүз да бала экенбиз, кызык экенбиз. Майда балдар түшүнө албас сөздөрдү мисалы «Революция», «Тап күрөшү» ошо сыяктуу сөздөр жөнүндө өзүбүз уккандарыбызды да койбой айттык белем. Эң акырында: «Кеңеш өкмөтүнүн ишине каршы чыккан душмандардын бетин ачууда пионерлер комсомол менен большевиктерге жардам берүүчү өспүрүмдөр болууга тийиш» — дедик.

— Ошондой пионер болгуңар келеби? — деди андан кийин жанымдагы жолдошум.

— Болгубуз келет.

— Ооба... — Класстагы балдардын арасынан кээ бири минтип жооп бере баштаганда тыштан бирөө кирип келип:

— Менин балам пиенер-миенерсиз деле жан багат,— дей берип ортоңку партанын бери четиндеги отурган баланы көздөй басты да,— андай пиенер болом дечү болсоң, мектепке түк келбейсиң, балам, билдиңби?! Чык бери, бас үйгө! — деп өкүм сүйлөдү ал киши.

Бала партадан чыгары менен атасы аны алдына салып айдаган бойдон жөнөдү. Баласын жетелеп кеткен неме жолдон дагы далайына өз оюн айтканбы, аздан кийин бир нечеси одурандай келишип, балдарын алып кетишти.

Калган балдар аларды көргөндө: «Биздин да ата-энелерибиз келип ошентишеби» дегенсип, үрпөйө түшүштү.

— Ким пионер болууну каалайт? — деген сурообузга андан кийин эч кимиси жооп бербеди. Балдар бирин-бири карап, үнчүкпай отура беришти.

— Мына, мен! — деди бир топтон кийин Ажалсыз биринчи баш көтөрүп.

Аны көргөндө Ажалсыздын жанындагы эки бала да:

— Биз дагы,— деп ордунан козголушту.

Биз аларды пионерге алып, моюндарына кызыл жагоо байладык. Жагоо тагынган үч баланын достугу андан кийин ого бетер бекемделди. Үчөө мектепке бирге келишет, бирге отурушат, бирге кетишет.

Аздан кийин жайкы каникул башталды. Ажалсыздын чоң атасы а кезде өзүнүн үч коюн айылдагы эки кишинин коюна кошуп кайтарчу. Ажалсыз окуудан тараганда чоң атасына жардам берип кой жайышчу.

Күндөрдүн биринде, түн ортолоп калган кезде, биздикине анын чоң атасы ыйлап келсе болобу!

— Балам жок, айланайындар. Кой жайып түштө талаада жалгыз калган. Кечинде барсам койлор өздөрү чубап келатышыптыр, а чүрпөм жок, өмүрүңөргө береке бергирлер, издебеген жерим калган жок... Эми эмне айла кылчумун,— деп карыя көз жашын көлдөттү. Баланы ал түнү, эртеси күнү бою издеп таппадык. Экинчи күнү кечинде биздикине бирөө келатат. Карасам — Ажалсыз. Анын шымы, көйнөгү гана эмес, бети-колу да тытылган. Бут-

көн бею тонурак, көз киртие түшкөн. Жыланбаш, жылапаяк. Мойнунан такыр түшүрбөй желбирете тагынып жүрүүчү жагоосу да көрүнбөйт.

— Ой, айланайын Ажалсыз, кайда жүрдүң садагы, атаңдын үрөйүн учуруп? — дей берип кучактап калсам, ал бышактап ыйлап жиберди. Жуунуп, картошка менен нанга тойгондон кийин гана ал эки түнү кайда жүргөнүн айтты. Ал мындай болуптур: чоң атасы «башым ооруйт» дегенинен небереси аны үйгө жиберип, койду өзү жалгыз жайып тоодо жүрсө, адырдан ашып атчан эки неме чаап келатышат. Койлордун четине келгенде гана алардын аттарынын соорусу камчыдан тыныгып, басыгын акырындатышты. Алар — молдонун уулу Саргалдай менен дагы бир бала. Саргалдайдын мингени боз бээ. Ал эми үйүнөн чыккандан тартып жанындагы бала менен мелдеше кетип жарышкан экен. Тууруна жакын калган бээ жинигип бүтүптүр, алка-шалка тердеп, оозунан ак көбүк чачырайт. Ээси аган карабайт, аттан түшөрү менен Ажалсызга жабышат:

— А-а-а, мектепке барып жүргөнүңдө пионер болгону аз келгенсип, эми тоодо кой кайтарганыңда да алдыкы кызыл чүпүрөктү мойнуңа илип алган экенсиң го,— деп мазактап чыңырат. Ал Ажалсыздан бир канча жаш улуу болчу. Анын үстүнө, канча кылганы менен «таеке» да, айтып-айтып басылар дейт Ажалсыз. А Саргалдай болсо басылмак турсун кайра күчөй берет:

— Мусулман баласы боло туруп «пионирмин» деп мойнуна кызыл байлап алганы эмне жорук?! Чечип ташта алдыкыны бачым,— деп өкүм сүйлөйт.

Пионер бала анда да унчукпай коёт. Аган Саргалдайдын ого бетер жини келет.

— Тийбе,— дей берип жагоосун көкүрөгүнө басып, тигини жакын жолотпой коёт.

— Ой, бала, бул жерге мени атам жиберди. Билесиңби кечеги түнү көгөндөгү коюбуздун муунуп өлгөнү да сенин, алдыкы мойнуңдагы чүпөрөктүн кесепетинен болду. Кайдагы пионир деген эмеге катталып, мойнуңа кызыл байлап алып, биздин койлорду кайтаргың бар. Алдыкы кызылың менен койлорго жолобой жүргүн деп атам сага айтпады беле, ыя бала... — Саргалдай атасынан уккандарын айтып чыңыра берет.

— Чечпейм да, таштабайм да. Коюңар муунуп өлгөн болсо, өз пейлиңерден тапкыла. Ага менин жагоом күнөөлүү эмес. Бул жагоону кырсыктуу деген ким? Калп! Бул ыйык жагоо, жөнөкөй чүпүрөк эмес. — Ажалсыз минтип чын оюн айта баштаганда, тигил чыдабайт. Ажалсызды жаакка чуу дедире чабат, тагынган жагоосуна асылат. Пионер бала күч бербей көшөрөт. Акыры улам бирин жыгып, күрөш көпкө созулат. Томолонуп отурушуп алар адырдын бетиндеги жарыкка жакындаганда Саргалдай жагоону ала качат. Канча кылганы менен бир топ улуу да, күчү жеткен го. Жарыкка барып алчая тура калып:

— Мына сага, жердин түбүнө колуң жетсе эле ала кой, кудай-

дын каарына калган каапыр,— деп көкүтө кыйкырат да, жагоону тереңге ыргытып салып качат.

Ажалсыз барып караса, жардын түбү көрүнбөйт, аны карыялар: «Бир кезде жер титирөөдө жарылган» дешчү. Анын түбүндө аккан суу да бар дешчү. Бирок ал суу көрүнчү эмес, абайлап тыңшаган кишиге гана шылдыраганы анча-мынча угулар эле. Ажалсыз аны жээктеп, кыйлага чейин ары-бери чуркайт. Жата калып карайт. Улам караган сайын, жарылган жер тереңдегенден тереңдеп, капкараңгы. Карай берип жарыктын боорундагы ташка илинген бирдемени көрөт.

Кантсе да ошо менин жагоом болуу керек деп ойлоп, аган түшүүгө ыңгайлуу жол таппай, дагы далайга чебелектеп жээкте жүрөт. Анын эсинен кайтарган койлору да чыгып кеткен, эс-дартынын бардыгы — жагоо! Аны кандай гана болбосун таап алуу! Бала таштан-ташка өтүп, жабыша-жылмыша берип тереңге түшүп кетет. Башкалар болсо, балким, анте албас беле?! Ал эми Ажалсыз чоң атасы менен кой кайтарып жүргөндө далай жардын боорунан үпүп, көк карганын балапандарын көп издеген. Бирок ошо жарлар мынча терең да, кууш да эмес болучу. Жарыкка түшкөндө Ажалсыз таштан-ташка урулуп, сыйгаланып басалбай көпкө жүрөт. Анткени менен издегенин ошол эле күнү таап алат. Маселе эми андан чыгууда: түшкөндөн анча көп кыйналбагандай көрүнгөнү менен чыгуу өтө татаал болот. Кайсы гана ташка барып тырмышпасын, буту сыйгаланып кайра түшөт. Ошентип отуруп бала эки түндү жардын караңгы түбүндө өткөрүп, араң дегенде кайра чыгат. Андан үйүнө келип, чоң атасын таппай, түз эле биздикине келген.

— Анча кыйналып тапкан жагооң кана, садагасы? — десем, ал көйнөгүнүн топчуларын чече коюп:

— Мына,— деп жакасын ачты,— жарылган жердин түбүнөн чыгалбай таштан-ташка урунуп жүргөнүмдө кийимдерим тытыла баштаганын көрүп, жагоом жыртылбагай эле деп көйнөктүн ичине катып салгам... Агай, молдолор минте беришсе, пионерлер кантебиз? — деди ал.

Ажалсыз биздикине атайы ошону сураганы келген экен.

— Тагынып жүрө бергиле, пионер балдарга тийбей жүргүлө деп аларга өзүм айтам,— дегенимде, жагоосун көйнөгүнүн сыртына чыгара тагынып аябай сүйүндү.

Анын эртеси эле күнү таң заарынан бизге: «Ажалсыздын жагоосун молдо өрттөп салыптыр» деген кабар угулду. Биз — эки комсомолец карыянын үйүнө чаптык. Барсак, Ажалсызыбыз дегеле камырабайт, мойнунда баягы эле жагоосу баштагысындай желбирейт.

— Биздин угушубузга караганда, молдо дагы... — деп келатканымда Ажалсыз жылмая туруп, уукта кыстарылуу чоорду алды да, төмөнкүдөй окуяны айтты.

Пионер бала биздикинен үйүнө кайтканда айлындагылардын кээ бири андан үмүт үзүп калышкан экен. Ал эми «таятасы» — молдо болсо, «кызыл тагынган пионерден эми биротоло кутулдум

гое деген ойдо жаны жайланып калган экен. Ажалсыз жагоосун баштагыдай эле тагынып үйүндө жүргөнүн укканда, көзүнөн чаарын чыгара бакылдап кирет:

— Эмне дейт, аны кудай да алган эмес го, йо, алла-а, йо, тобо-о-о,— дей берип өз жакасын кармайт. Анан:—О-о, Саргалдай!— деп кызыл өңгөчү үзүлгүчө кыйкырып тыштагы уулун чакырат.— Ой, балам,— дейт ал, уулу киргенде,— тигил баччагардын өзү турмак, мойнундагысы жоголгон эмес го, сен мага эмне дедиң эле, ыя? Ал баччагар, баягысындай эле жүрөт деп жатышпайбы. Йо, алла-а, истафирилла!.. Бар бачым, тигил койчу чалды ылдамыраак чакыр!

Молдо баласын Ажалсыздын чоң атасына жумшайт.

Карыя молдонукуна келип, эшикти ачары менен:

— Отур тигиндей,— деп кол жаңсап, улага тарапты көрсөтөт да: — Йо, тоббо-о, йо, тоба кылдым...— деп өзүнчө эрдин кыбыратат. — Ой, жарыктык, сенин балаң мойнуна кызыл байлап, алып, кой кайтарышып жүрөт дешет, чынбы? — дейт аздан кийин молдо.

— Ооба, чын.

— Балшабек, кемсемол дегендерди чыгарып алгандары жетишпей жаткансып, эми чыканактаї балдарды да тим койбой турган болушканбы. Пиенир деген бирдемесине жазылгыла дешет экен, мектепке барган балдарды. Ошого катталгандардын моюндарына кызыл байлап белгилеп коюшат экен, йо, алла-а!.. Ой жарыктык, сенин да балаң ошого катталып алган дейби, ыя?

— Болсо болор, балдар эмеспи.

— Истафирилла-а! Мусулман баласынын ошентиши шариятка жатпайт. Кемсемол, балшабек, жанагы эмне эле, пиенир беле, анысы да кудайдан коркушпаган, дин бузарлар дейт тура. Ой жарыктык, карыганда балаңдын мойнуна кызыл байлатканың кандай?

— Мындан ары коюмду сага кайтартпай турган болдум, бизге залалыңар тийбесин. Акыңа бир кой берейин деген убадам бар эле башында. Сага берүүгө арнаган коюм кайсы күнү көргөндө өзүнөн өзү муунуп калыптыр. Йо, алла-а, мусулманга арам иш жакпайт дегендей, силерге буюрбаптыр. Өзүңөрдөн көргүлө, баландан көр. Бир кой арам өлгөнү аз келгенсип, өткөн түнү бээбиз да кулун салып таштады. Йо, алла-а... Малыма балаң гана эмес, өзүң да жолобочу, жарыктык.

Молдонун сөзүнөн, мамилесинен назары сынып, карыя үйүнө кайтканда, Ажалсыз күтүп отурган. Чоң атасынын капалуу кайтканын көргөндө:

— Эмне деди, жемеледиби? — деп чоң атанын алдын тосо сурайт.

— Мындан ары молдонун коюн бакпас болдук, балам.

— Коркутканы ошо бекен, мейли, бактырбаса кайра жакшы. Анын эмнесине капаланасың чоң ата, кайгырбасаң,— деп бала чоң атасынын көңүлүн ачууга аракеттенет.

— Аган кайгырмак белем чүрпөм, кайгырбайм. Молдонун адилетсиздигине, кунасалыгына капамын. Ошончодон бери анын кой-

лорун бекер бакканыбызды кара. «Акыңды бербейм, силерге арнаган коюм муунуп өлдү» дейт. Ошого капамын, чүрпөм.

— Калп айтат. Ал койду бизге арнабай эле, кайсы күнү «союп жейбиз» деп аны берки койлордон бөлүп калышканын Саргалдай өзү айткан. Өлүп калганда тигинтип айтканын карасаң, чоң ата. Сакалы өрттөнгүр десе. — Баланын ичи күйүп, эмне айтарын билбей кыжырланды.

— Кой балам, антип сөкчү эмес сакалдуу кишини.

— Анан эмне калп айтат, же молдолор калп айта берсе болобу...

— Аны айтасың, өткөн түнү бээси кулун салганын да бизден көрүп отурбайбы, кудайды карасачы.

Кулун салганын укканда Ажалсыздын эсине кайсы күнү Саргалдай жиниктире жарышкан бээнин алка-шалка тердеп, оозунан көбүк куюлуп араң турганы көзүнө элестей түштү.

— Эмне үчүн бизден көрөт, калп айтат. Аны кылган өзүнүн баласы, Саргалдайы. Тууганы турган бээсин жиниктирип... — Ажалсыз көргөн-укканын атасынын алдына төктү.

— Илажи болсо балам, калп жалаадан, какшыткан балаадан кач. Кунасынын каны кайнаса да, казаны майланбайт деген ошо, чүрпөм. Атасынын көрү, акыбыз анын кулкунуна тыгылсын. Канча кылганы менен сөөк куда эмеспи, жамандыкка кыйбас дегем, өгөйлүгүн кылды. Энеңдин арбагы урсун аны, чүрпөм. Пейли ыплас неме тура, жолобой жүргөнүбүз жакшы андайлардын үйүнө.

Карыя минткени менен «пионер», «жагоо» жөнүндө болгон сөз жөнүндө небересине ооз ачпады: ар нерсени айта берип Ажалсызынын көңүлүн иренжиткиси келбеди.

Ошол эле күн. Күүгүм кирип көз байланып калган. Ажалсыз тышка чыгып туш-тарабын карап турганда, анын көзүнө молдолордун үйү урунду:

«Коюн бизге арнабаганын, бээси эмне үчүн кулун салып таштаганын, бизди билбейт дейт окшойт, арамзалар. Молдонун өзүнө барып айтыш керек, билбесе билип алсын»,— бала минтип ойлонду да, молдонун үйүн көздөй басат. Молдонун коругунун берки чети чоң арыкка чейин созулат. Ажалсыз арыкка жеткенде лып токтоду, суу жээгинен эки кишинин үнү угулат:

— Ошо чал алжыган көрүнөт, «баланды пиенирге каттатканың кудайга күнөө эмеспи» десем, «мейли» деп коёт. Башкалардын баласы ошентсе, айла канча?! Ал эми тигил куда болмушка кантип күчүм жетпесин. Жашабагыр, жанагы небереси дин бузар болгону эмне жорук. Катуу айтсаң, «зордоду», «кыстады» дешип Кеңешине арызданышы мүмкүн. Андан көрө бая мен айткандай кылыш керек. Бүгүн алардын аркы коңшусу эчки союп жатат дешкен, чалды шорпого чакырышы мүмкүн. Билем, ошентет, дайыма ошентчү. Демек түнкүсүн а чал үйүндө болбойт. Небереси жалгыз калат. Сен ал жатарда барып көр. Сыр көрсөтүш керек, андайларга. Биринчиден, жанагы жашабагырды коркутуу, жүрөгүн түшүрүү керек. Бетиңди майлап, ак шейшеп жамынып бара

калсаң, сенин ким экениңди тааныйт дейсиңби, тааныбайт. Аябай жүрөгүн түшүр, баягы кызылын алып кел. Бербей көшөрчү болсо, ошо чүпүрөгүнө муунтуп кыйна. Ошонусун түнкүсүн деле мойнунан түшүрбөйт окшойт. Анан дагы: өгүзүн аркы коругуна айдап сал, бедесин күндүз сугарып жүрүшкөн, ичи көөп өлсүн. Айтканда түшүнбөгөн, кудайдан коркпогон немелерди антиш күнөө деле эмес. Алжыган немени сазайын колуна карматыш керек, ошондо эсине келер...

Бала андан аркысын тыңшаган жок. Куурайдын арасынан акырын жылып үйүн көздөй зымырады.

«Өгүздү болсо го кайтарып алабыз. Ал эми жагоому канткенде сактап калуу керек? Же азыр Николай агайдыкына качсамбы? Алардыкына жеткиче дагы бир топ жол басуу керек. Эгер баратканда жолдон кармап алышсачы, анда кантем жалгыз? Анда чоң атам кантет жалгыз... Өгүздү өлтүрүп салышсачы?!»

Арыктан алыстай түшкөндө бала ар түрдүү ойлорду ойлойт:

«Жагоону бербеске күчүм жетпей койсочу, анда кантем?.. Жиин келген неме чындап муунтуп салса кантем?» Чуркап бараткан баланы мындай суук ойлор кубалайт. Ал ошентип баратканда эсине айылдагы үйлөрдүн бири түшөт. Күндүз эки келин анда «шырдак жасайбыз» дешип, жүндү боёкко салып жатканын көргөн. Бир чылапчын кызыл боёк тургансыган.

Барайын, чылапчын тышта турган болсо, көйнөгүмдү айрысам да боёкко малып алайын, деген ойдо Ажалсыз жолдон ушул үйгө бурулат. Барса, жүн чыланган чылапчын баягы ордунда турат. Мамыда токулуу ат байлануу. Анын канжыгасында бирдеме буулган, дасторконбу же жоолукпу, байланган. Анын бир учу үзөңгүгө жете чубайт. Ажалсыздын көзү ошого түшөт: «Абдан ылайыктуу неме экен, кимдики болду экен?» деп ойлоно бутунун башы менен абайлап басып, терезеден шыкаалап үй ичин карайт. Үйдө Саргалдайдын таянеси отурган. Ат ошонуку.

— Жакшы болбодубу! — Бала канжыгадагы чүпүрөктүн бир учун айрып алып боёкко малды. Андан үйүнө келсе, чоң атасы бая отурган ордунда уктап кетиптир. Ажалсыз очокко куурайдан жагып, боёлуу чүпүрөктү бир паста кургатып ала койду да үйгө кирип, аны керегенин башына илди. Жасалма «жагоо» даяр болгондон кийин чыныгы жагоосун жашыруунун амалын издеди: кайда жашырсам? Эч ким таба албай турган жерге катуу керек дей берип, бала үй ичин айландыра карады. Анын көзү далайдан бери кыймылдабай уукта кыстарылуу эски чоорго түшөт. Аны бир кезде чоң атасы жасаган. Кой жайганы чыкканда созолонтуп далай тарткан. Эки жылдан бери гана колго алынбай уукта кыстарылуу бойдон турган. Ажалсыз анын ичин заматта тазалай коюп, жагоону чийге эше оройт да, чоорго сойлото салат.

— Эми муну эч ким таппас,— чоорду мурдагы ордуна коюп, ал өзүнчө сүйүнөт. Анан: — Чоң ата, турсаң,— карыяны чапанынан тарткылап ойготту. — Чоң ата, бүгүн түнү эч жакка барбайсыңбы? — деп сурады.

— Кайда бармак элем, чүрпөм.

— Баса, бая шорпо ич дешпеди беле коңшулар. Казаны асылды бекен? — дегенде небереси:

— Чоң ата, бүгүн эч жакка барбачы. Билесиңби... Бала өгүздү өлтүрүү жөнүндө молдодон укканын карыяга айтты. Ал эми өзү жөнүндө укканын оозунан чыгарбады.

— Ошентиши этимал анын. Ошентсинчи, тим эле сакалынан сүйрөп барам Кеңешке, бетпакты. Көркоо дөбөттөй шимшиген иблис,— карыя үнүн каргылданта ордунан турду. Ал ачуусуна чыдабай тышка бир чыгып, үйгө бир кирип, келүүчү немени тикирейе күзөттү.

Бала чоң атасы экөөнө төшөк салды да, жасалма «жагоону» атайлап жаздыктын бир четине жайып койду. Демейде, Ажалсыз, жатаарда түндүк боону тартып, түрүлүү эшикти түшүргөндөн кийин гана жатчу. Азыр ал анткени жок. «Түндүк ачык, үйдүн ичи жарык турсун» дедиби, чечинбей барып жууркандын үстүнө жатты. Кол салууга келчү неме менен чоң атасы экөөлөп кармашууга беленденип, ар түрдүү ойго батып жатып, кыйладан кийин уктап кетти.

Карыя эл жаткыча басып жүрдү. Анан өгүзүн боз үйдүн босогосуна байлаган соң, төшөккө барып небересинин жанында кыйшайды.

Таң эми агарып сөгүлө баштаганда гана Ажалсыз чочуп ойгонсо, жаздыктын чекесиндеги «жагоо» жок. Ал ыргып тура тышка чыкты. Өгүз да көрүнбөйт.

— Чоң ата, ыя чоң ата, тышта өгүз жок, жоголгон го деп кыйкырып Ажалсыз үйгө кайра кирди.

— Эмне дейт? — Карыя чочуп турду,— жоголгон го, ботом,— деген бойдон коругуна чуркады.

Бедеде мал көрүнбөйт.

— Алып кеттиби, союп салдыбы, ботом. Кара басып, көзүм илинип кеткенин карачы,— карыя кейий баштады.

— Ой, чоң ата, чоң ата, өгүз мында жатат,— деп сүйүнду коруктун четинен Ажалсыз.

— Олдо шорум ай, өлүп калыппы, ыя? — карыя бужуңдөп чуркады.

— Өлбөй эле кепшеп жатат.

Үйдөгүлөр уктап калганда келген неме өгүздү бедеге айдай салып кеткен көрүнөт. Ал бедеге кирбестен, четки майда талдардын түбүнө барып, көк чөптө жыргап жаткан экен.

Карыя менен бала тигинтип өгүз издеп жүргөн учурда молдонукунда алаамат башталат: короонун ортосунда эки-үч боо куурай жалындап күйө баштайт. Оттун айланасында Саргалдай баштаган эки бала турат. Алар — молдонун неберелери. Бери четте — молдонун өзү, кодогой бойлуу дагы бирөө менен турат.

— Ташта эми баягыны, отко! — Молдо минтип чыңыра сүйлөй жанындагыга буйрук берет.

Чүпүрөктү кургак куурайдын жалмаңдаган тили ороп жалбырттагандан жалбырттайт.

— Кимде ким пионер аталып, мойнуна кызыл тагынчу болсо,

тозоктун отуна так эле тигинтип күйөт, күлү асманга сапырылат. Көрдүңөрбү балдар?! — дейт молдо отту көрсөтө берип.

Балдар унчугушпайт, көздөрү жалдырашып, отко тигилишет. Молдонун айткан сөзү коркунучтуу, алоолоп күйүп жаткан от аларга сүрдүү көрүнөт.

— Бул кылмыш жөнүндөгү кабар ошол эле күнү бизге, анан бардык айылга угулганы ошол экен,— деди Николай Ефимович эми баш көтөрүп, Саарага карап.

— Ананчы, анан эмне болду, Николай Ефимович? — Баятан берки сөздү кирпик какпай угуп отурган Саара эми шаштыра сурады.

— Ошо күнү түшкө жеткирбей биз, мугалимдер менен биргелешип, элди чогулттук. Чогулушка чоңдор менен бирге балдар да келишти. Биз элге пионер деген эмне экенин, анан молдонун Ажалсызга көрсөткөн кыянатчылыгын, Ажалсыз пионердик майдын белги болгон жагоону сакташ үчүн кантип күрөшкөнүн айттык эле.

— И-и, бетим, кантип ошентти экен молдоке?

— Уялбай эми балдар менен кармашкан тура.

— Кантип барды экен ошондойго, молдокенин дити?

— Андай эмелерди жазага тартуу керек.

Чогулган эл туш-туштан минтип өзүнчө өкүм чыгара баштаганда, молдо башын жерге салган бойдон, колун бооруна алып, ууру мышыкча акырын жылып жөнөдү.

Эл тарагандан кийин биз балдарды алып калдык. Калгандарды пионерге алалы дедик. Мына ошондо көрүп алышып, «биз да пионер болгубуз келет» дегендер четтен чыкты. Кызыл жагоону желбирете тагынган балдар айыл арасында андан кийин көбөйө берди. Пионер балдар Ажалсызды өз отрядынын вожатыйлыгына шайлашты.

Эки-үч жылдан кийин айылдагы комсомол уюму мына ошо биринчи пионерлердин эсебинен өстү. Пионерлердин арасынан Лениндин комсомолунун катарына дагы ошо Ажалсыз биринчи болуп өткөн. Анда ал жаңы гана он төрткө толгон кези. Колуна комсомол билетин алганда гана жагоосун чечти. Билетин алгандын эртеси мен алардын айлына бардым. Андай учурларда Ажалсыздардын үйүнө кайрыла кетчү адатым бар эле. Келгенимди көрүп алар да сүйүнүштү:

— Айран куй, балам. Байкең даам татсын,— деди карыя биз үйгө киргенде.

Ажалсыз шыпылдап дасторкон жайып, көмөч нандан сындырды да, сыр аякка толтура айран куюп сунду. Ошондо ичкен айран эмгичекти көз алдымда тургансыйт, чийки боордой килтилдеп ангеле сонун уюптур дейсиз!

— Э-э, сонун айран экен, ким уютат муну, десем:

— Ким болмок эле айланайын, мынабу чүрпөм да. Үй шыпырган да, айран уюткан да, көмөч бышырган да... бардыгын иштеген ушул чүрпөм, өпкө-бооруму чабайын жалгызым,— деп карыя көзүнө жаш алды.

— Э, карыя,— дедим мен аны капаланып жатабы деген ойдо,

...ыктуу болгону жакшы да балдардын. Неберециз ...

— Олдо айланайындарым, балдарга кудай «теректей бой берсин, темөнедей акыл бергей эле» деп тилөөчү элем. Тилегим ... болгонун айтам. Энесинин да, атасынын да жоктугун бил... ... оокат кылдырган мына бул чүрпөм. Ушунума кудай өмүр ... — Чал небересин али да болсо «чүрпө» атап, Ажалсызын ... түшүрбөй, көзүнүн агы менен тең айлана жалынат.

Неберециз ишке жарады. Үлгүлүү пионер эле, эми минтип ... ата чапкан жолдон тайбас комсомолец болом дебедиби,— ... Ажалсыз унчукпай ордунан турду да, жүктүн алдын... сандыкты ача кетти.

— Агай, карасаңыз, менин пионердик жагоомду,— бала сан... баягы эски чоорду көрсөттү,— жууп-тазалагандан кийин ... ичине катып койдум, түк жоготпой сактайм. Пионер кезим... бала кезимдеги эстелик деп кийин айтып жүрөм, агай,— деди ... жагоосун көрсөткөн соң кайра ордуна катты. Кийин өзүмдүн ... пионер болуп, эртели-кеч жагоолорун тагынып же чечип ... эсиме ошо биздин Ажалсыздын чоордо катылган жагоо... этчү.

Мектебин бүткөндөн кийин ал, айылдын биринчи трактористи ... Ал убакта айылдын майда-майда, чачыранды кедей-дый... чарбалары биригип, коллективдүү айыл чарбага, колхозго ай... кези. Биздин колхозго келген биринчи тракторго да Ажал... биринчи болуп минген.

Ошентип, эски каат турмуш артта калып, кедей-дыйкандар ... биригип, мурдагы өгүз сүйрөгөн жаман буурсундун ор... колхозчу дыйкандар жерлерин трактор менен айдап, эми ... турмушта тынч жашай баштаган күндөрдүн биринде, бир ... тогуз жүз кырк биринчи жылы жайында Советтер өлкөсүнө ... Германия, гитлердин армиясы кол салды. Ата Мекен... сакташ үчүн көпчүлүк менен бирге мен да, Ажалсыз да фронт... майданга кеттик. Эсимде, согушта жүргөн кыйын күндөр... биринде Ажалсыздан мага кат келди. Экөөбүз эки башка ... жүрчүбүз. Ал катта: «...Бир тууган элим үчүн, советтик ... жерди душмандан сактоо үчүн болгон күрөштө Советтер ... Коммунисттик партиясынын катарында болгум келет. ... негиз салган улуу партиянын билетин жаныма сала жүрүп, ... менен кармашкым келет...» деп жазылган экен. Ал Ажал... алган акыркы кат болду. Ажалсыз чабуулдан чабуулга ... батыштын далай жерлерин басты. Мен болсом, катуу жара... болгондон кийин тылга, Казакстандагы госпиталдын бирине ... Ошо кезде үйгө мен жөнүндө «дайынсыз жоголду» ... кабар барган экен. Анткени жарадар болгонумда окопто то... басылып калган элем. Андан мени үчүнчү күнү гана таап ... Кийин Казакстанда кала бердим. Анда кызым ту... Ошо бойдон мугалимдик кызматымы аткарып жүрө берип, ...ыма өткөн жылдын жайында гана кайттым. Билбеге... карасаңыз, Саарочка. Жадаганда анын баласы биздин мек-

тепте окуп жүргөнүн билбепмин?! — Николай Ефимович өкүнүчтүү сүйлөп, кайра газетанын бетине эңкейгенде Саара:

— Ой-ой, Николай Ефимович, муну айтканыңыз жакшы болбодубу,— дей баштады,— эми билбедимби аны, эмне үчүн жагоопу чоорго катышкан десе,— Саара шыпшына сүйлөдү эле, Николай Ефимович газетадан баш көтөрдү:

— Саара, сиз да ошо жагоону көрдүңүз беле, качан? — деди көз айнегин ала берип.

— Ооба, Николай Ефимович.

— Кандай?

— Азыр айтып берейин, Николай Ефимович, азыр. Ал мындай болгон: мындан төрт жыл мурда, жайкы каникулда биздин мектептин окуучулары тигил чоң суунун боюндагы пионер лагерине барышты. Алардын арасында Ырыс да бар болучу. Күндөрдүн биринде суунун жээгинде чатак башталды. Аны угуп барсам: жыпжылаңач болгон бир бала эки колу артына таңылып суудa отурат. Көгөрүп үшүп алыптыр. Калчылдап ыйлап алган.

Баланын аты Жоошбек болучу. Жоошбек демекчи, анын аты ошондой болгону менен өзү өтө шок да, кежир да бала эле. Өзүнөн кичүүлөрдү ыйлатып, улуулары менен кажылдашмайын жүрө алчу эмес. Ал эми муздак суудан бар эмеспи, өлгүчө коркчу. Ошо бала ойноп жүрүп, суу боюна барган көрүнөт. Ырыс бир нече бала менен, сууга чөмүлүп жүргөнүн көргөндө кыжыры келгенби, билбейм, арыктын боюнда чечилүү кийимдерден алып сууга таштайт. Кийимдер менен бирге Ырыстын жагоосу да ташталган экен. Кызарып агып баратканын көргөндө Ырыс агым менен жарышып, чабак уруп жөнөйт. Тоо суусу көл суусундай болбойт да: таштан-ташка урунуп, акканы кыйын эмеспи. Балдар мурда ал суу жээгиндеги айлампада чөмүлүп жатышкан, орто ченине эч кимиси барган эмес. Ырыс болсо ага карабай баратат. Далай жерге жеткенде гана жагоону алып суудан араң чыгат. Ал келгиче берки балдар Жоошбекти кармап алышып, жылаңачтап сууга отургуза салган экен.

Ырыс да аябай үшүп көгөрүп алыптыр. Жагоосун чөптүн башына жайып отурган экен. Ал жагоосун Ырыс көбүнчө майрамдарда, сбордо тагынчу. Баланын башка жаңы, жибек жагоосу да бар экенин билчүмүн.

Бир күнү дружинанын сборунда: «Эмне үчүн жаңысын тагынып келбедиң?» десем: «Бул жагоом да жакшы» деп тим болгон. Ал эми суу боюндагы чатак убагында:

— Коркпой кантип кирдиң суунун тереңине, агызып алып кетсе кантет элең? — десем:

— Жалаң кийим эле болсо бир кеп: ал эми мобу жагоом үчүн жердин түбүнө болсо да барамын. Билесизби эжеке, атам бул жагоону канча жылы чоорго катып жүрүп мага бергенин,— деген.

— Аны эмне үчүн чоорго каткан? — десем кайра унчукпай койгон. Бая сизге айтпадымбы, Ырыс оңойлук менен кишиге сырын айтпаган түнт бала деп. Берки балдардын чуру-чуусу менен алек болуп жүрүп андан кийин сурабай калган элем. Көрсө, ошо

жагоонун мындай кызыктуу тарыхы бар турбайбы, сизден укканым жакшы болбодубу.

Мектептин старший пионер вожатыйы Саара, Николай Ефимович чыгары менен Ырыстын атасы жөнүндө жазылган газетаны алып, дружина Советине барган.

— Эжеке, бул эң кызык экен,— дей баштады вожатыйдын айтканын укканда дружина Советинин мүчөлөрүнүн бири,— чоорду, жагоону алып келип пионер бөлмөсүнө койсок кантет,— дегенде:

— Ошо киши шаардык Советтин депутаты турбайбы. Анан дагы, өзү заводдун сыймыгы... — деп келатканда анын сөзүн дагы бирөө бөлдү:

— Өзү айылдагы алгачкы пионер дебединизби, жагоосу жөнүндөгү окуя кызык экен, өз оозунан уксак эже, пионерлер менен жолугушууга чакырсак келер бекен? — дейт.

Пионерлер ошо замат заводго өзүлөрүнүн өкүлдөрүн жиберишкен. Балдардын чакыруусуна Ырыстын атасы жок деген эмес. Эртеси күнү иштен бошоору менен мектепке келмекчи болгон. Ага карабастан пионерлер Ырыстын: «Келбей калбасын, өзүң барып ээрчитип келсең» деп сурашканда, Ырыс сабактан чыгып заводго, атасына кеткен.

Ал эми мектептин пионерлер бөлмөсүнүн төркү дубалында кыргыздын жупуну чоору илинген. Анын үстүндө эски кызыл жагоо турат. Ошо күнү бөлмөнүн каалгасы жабылбады: бири чыкса, бири кирет. Келгендердин ичинде биринчи класстагы октябряттар да, жетинчи класска чейинки пионерлер да, онунчу классты бүтүрүүчүлөр да бар. Алардын бардыгы «атанын жагоосун көрөбүз» деп шашышат. Демейде өзүлөрү менен бирге окуган жолдошу Ырыс тагынып жүргөндө алар анын жагоосуна көңүл бурчу эмес, эми тигинтип бирин-бири түрткүлөй, бөлмөнүн эшигин талашкандары кызык да!

— Отуз үч жылдан бери келаткан жагоо ушу экен ээ! — десе, экинчи дагы бири:

— Атасынан баласына өткөн дейт го...

— Бу жагоонун көрбөгөнү жок, жер түбүнө да түшкөн, сууга да агып көргөн жагоо дешет,— дейт дагы бири.

— Кантип эле ошентсин, бүтүн эле турбайбы? — деп жанындагы бирөө анын сөзүнө ишенбегенсийт.

— Урматтап сактаса турат да.

— Сактаганда да кандай, тигил чоорго катып жүрүшкөн турбайбы...

— И-и, кыйын киши экен ээ, ошо биздин Ырыстын атасы!

— Кыйын болбосо антеби, шаардык Советке депутат болуп шайланабы? Демек кыйын киши.

— Кыйын болбосо Коммунисттик бригаданы башкармак беле...

Пионерлер бөлмөсүндө бул өңдүү түрдүү сөздөр айтылып жаткан учурда:

— Ой, балдар, жүргүлө! Ырыстын атасы келе турган убак жакындап калды, тосуп алабыз,— дешип Николай Ефимович баш болуп бардыгы дарбазанын алдында турушат. «Жүргүлө бат, биз

да баралы», тыштан кызыл жагоочон бала кире келип кабарлады. Балдардын бардыгы анын артынан ээрчий тышка чыгышты.

Алар пионер бөлмөсүнөн чыкканда, дарбазанын алдындагы эл дүркүрөтө кол чаап калышкан экен. Караса, окуу бөлүмүнүн башчысы Николай Ефимовичти бирөө бекем кучактап калыптыр. Ал киши — Ырыстын атасы Ажалсыз болучу.

Ырыс алардын жанында турат. Кубангандан жүзү ажарланып, көзү жайнап, күлүңдөйт.



## ҚУСЕЙИН ЭСЕНКОЖОЕВ

Кусейин Эсенкожоев (1920—1941) Жети-Өгүз районунда туулган. Кыргыз совет балдар адабиятындагы фантастика жанрына негиз салуучулардын бири.

К. Эсенкожоев өзүнүн чыгармачылык өмүрүндө «Саякатчы бала», «Үчүнчү шар», «Родинанын уулу» аттуу илимий-фантастикалык жана ыр китептерди жазып калтырган.

К. Эсенкожоев Улуу Ата Мекендик согушка катышып, 1941-жылы жыйырма жашында Москванын алдындагы салгылашта курман болгон.

# САЯКАТЧЫ БАЛА

### Тоо теке атканда

Жолдоштор, мен бир топ окуя көргөндүктөн, аны сиздерге сүйлөп берем.

Мен өзүм жаш болсом да, бир топту көрдүм. Саякатчылык да кылып көрдүм. Мергенчилик да кылып көрдүм. Ошондогу болуп өткөн чындыктан сиздерге сүйлөп берейин. Окуучулар, менин бул көргөндөрүмдү сиздер калп деп да ойлоорсуздар, жок, андай эмес, мен мындай иштерди башымдан өткөргөндүктөн, сиздерге айтайын.

Мен эң жаш кезимдеги баштан өткөргөн окуядан баштайын. Мен биринчи жолу мергенчиликке чыктым. Менин кийик атып алуучу куралдарым мына булар болду: кайыңдан ийген, кендирден чыйратмасы бар жаам, ит мурундун өзөгүн алып таштап жасаган таш мылтыгым. Жаамдын огу болсо жоонураак чийден, сап

кылып учуна темир учтаганмын. Таш мылтыгымдын сүмбөсү сынбасын үчүн, четинден жасагам. Анын огун болсо тоголоктоп, аябай майга кайнатып алгам. Себеби, тийген жандыкка бир жагынан тийсе, экинчи жагынан чыгып кетүү үчүн жасалган амал эле.

Ошентип камданып алып чоң бир тоого мергенчиликке чыктым. Көп эчкилердин жайылып жүргөн өңүтүнө жеттим. Тоо эчкилер эң эле жакын келди, бирок мени көрбөдү. Мен алар көрбөсө экен деп, бир таштын түбүндө өңүттөп отурам, ыраактан атайын деп, мурун аткан жок эмес белем, ошондуктан жакын келгенде атайын дейм. Бирок жаамдын огу бирөө эле, андыктан ал жоголуп кетпес үчүн, энем бир топ тоголок жип берген. «Жаанын огу жоголуп кетпесин, ушул жипти жаанын огуна байлап, өзүңдүн бир нерсеңе байлап туруп, атып жүр»,— деген энем. Мен ал жиптерди жаамдын огунун сабына байлап, бир учун белиме байлап, энемдин айтканындай алдыма жакын кирип келген бир чоң эчкисин атып жибердим. Атып жибергенден кийин эле бышкырып, үркүп алып жөнөдү. Тоголок жип чубалып бүткөнчө качып бара жаткан текени карап тура бердим. Тоголок жип чубалып бүткөндөн кийин эле, мени качып бара жаткан теке дегдеңдетип сүйрөп алды. Теке деле качып бара жатат, мен деле текенин артынан дегдеңдеп сүйрөлүп бара жатам. Теке деле качып бара жатат, мен деле текенин артынан дегдеңдеп текеден калышпай кетип бара жатам. Бир маалда тоо теке жарга чыга качты. Жарга чыга качканда, мен жардын алды жагында бутум жерге тиертийбес болуп калды. Теке ансайын жогорулап кача берди, мен ансайын дагы жогорулап жардын бооруна асыла бердим. Бир маалда тоо теке жардагы түнөгөн короосуна жетти окшойт. Мен өйдөлөбөй, ылдыйлабай токтоп калдым. Өзүм өйдөлөбөй же ылдыйлабай калгандыктан, белимдеги байлалуу жипти кармап жогору чыга бердим. Бир аздан кийин бир чоң үңкүргө жеттим. Үңкүр капкараңгы, баягы жипти тартып көрсөм былкылдабайт. Ошондой болгондуктан, акырын жипти кармап коюп, үңкүрдүн төр жагына жеттим. Үңкүрдүн төр жагына баратсам, баягы тоо текем эчак эле өлүп калыптыр. Жаам бир жагынан тийип, экинчи жагынан чыгып кеткен экен. Жип ошол октун сабында эле байлануу бойдон жүрүптүр. Ошондуктан менин белимдеги жип менен жаанын огуна байланган жип туташ болгондуктан, теке мени сүйрөп жүргөн экен.

Мен ал текени кантип үйгө жеткирем. Көтөрөйүн десем, көтөрө албайм. Кандайча үйгө жеткирүүнү бир аз туруп ойлондум.

Аны жеткирүү оңой эле экен. Бир аз күтсөм, тоо эчкилер деги бир короосуна келүүчүдөй, тоо эчкилер келгенде, бирин алдап кармап алып, өлгөн тоо текени артып кете турганмын.

Бир аздан кийин тоо эчкилер короонун ооз жагынан эле шагырап кирип келишти. Мен акырын короонун бир жагына жашына калдым. Тоо эчкилер баары тең аткан текени тегеректеп, маарап калышты. Мен акырын төрт аяктап, эчки сыяктуу маараган болуп, көп эчкилерге жакындап бардым. Эчкилер мага таң калгансып карап калышты. Бирок чоң теке качырып келип сүзүп калды.

Мен анын сүзгөнүнөн корккон жокмун. Сүзгөнү келе жатканда, тура калып мүйүзүнүн ортосуна кире качтым. Ал теке мени өлтүрмөк тургай кандайча кутуларын билбей, башын араң көтөрүп калды. Мен эки мүйүзүнүн ортосунда туруп, акырын-акырындап жонун сылап, мойнун кашып жатып, үйүр кылып алдым. Акырын-акырындап үстүнө барып миндим. Минсем, абдан жоош болуп калды. Мен анын үстүнө минип алып, мандай-башын сыласам, туруп берчү болду. Мен мингенге берки эчкилер таңыркап карап калышты. Бирок алар да үйүр боло баштады. Ошентип, ал жерде 15 күн туруп калдым. Күндүзү үйрөтүп алган текемди минип алып, берки эчкилерди айдап, жакшы от жайыттарга алып барып тойгузуп келем. Баягы өлдү деген теке өлгөн эмес экен. Жөн эле эси ооп жатып калыптыр. Кийинчерээк аны короого былк эткизбей жаткырып, жакшы чөп, суу алып келип берип жатып, мал кылып алдым. Кийинчерээк абдан мага жакшы үйүр болду, кайда барсам да, ошол айыккан теке ээрчип жүрүүчү болду.

Мен бул тоо эчкилерди үйүр кылгандан кийин, айдап алып үйгө кетүүнү ойлодум. Мингич текени минип алып, тоо эчкилерди он алтынчы күнү болот дегенде короодон чыгып, үйдү көздөй айдап жөнөдүм.

Акырындап үйдү көздөй айдап, жайып отурдум. Бир маалда бир-эки эчким жайылып бара жаткан жерден эле тууп жиберсе болобу. Бир аз убакыт күнгө кургатып алам. Улактарды салып жүргөн куржунум бар эле. Ал эки улакты куржундун эки көзүнө салып, баягы айыккан текеге артып койдум. Ал теке менин артымдан калчу эмес. Минип бара жаткан текемден кийинки чоңу ошол эле. Эртең менен короодон чыктым. Кечинде шагыраган көп эчкини үйгө айдап кирип бардым. Бир топ күндөр өткөндөн кийин, мен баягы короого бир барып келейин деп ойлодум. Себеби, кайрадан баягы короого эчки келип калса көнүктүрүп, дагы айдап кетүүнү макул таптым. Энем да менин айткан оюмду макул көрдү. Ошентип, азык-түлүгүмдү камдап алып, баягы короону көздөй жол тарттым.

Короого жетип бардым. Бирок баягы короо өңдөнбөйт. Башка бир жаңы короо өңдөнөт. Мен ал короонун аныктыгын билүү үчүн төр жагына жүрүп отурдум. Бирок берки короонуку төрү жакын эле, бул короонун төрү эң эле ыраак өңдөнөт. Себеби, дагы эле төрүнө жете албай кетип эле бара жатам.

Бир маалда бара түшүп, күп эле жыгылып түштүм. Түшкөндө сууга түшкөндөй болдум. Суу эки жакка бөлүнө түштү. Бирок мен сууга чөгүп эле бара жатам. Ал суу көлбү, деңизби, агын суубу, ал жагы мага белгисиз. Себеби, жер алды караңгы, эчтеме көрүнбөйт. Өзүм сууга түшкөнүмдү гана билдим. Сууга сүзүп, чабак уруп жүрүүнү кыйын билүүчү элем, ошондуктан гана чөкпөй калкып, чабак уруп турам. Мен ал суудан кантип кутулуп, жер жүзүн көрөрүмдү билбей, бир топко ойлонуп турдум. Ойлонуп турсам да, эч айла табылгандай эмес.

Андыктан суу үстү менен чабак уруп жүрүп олтурдум. Бирок капкараңгы, эч бир күн шооласы, жарык дүйнө көрүнбөйт. Кайда

бара жатканымды билбеймин. Суу үстү менен гана кетип бара жатам. Ошентип, кетип бара жатсам, алыс жактан бир жарык шоола көрүнөт. Көрүнгөнү менен абдан алыс көрүнөт. Алыс болсо да, ошол жарыкты көздөй жүрүүгө туура келди.

Жүрүп отуруп, ал жарыкка жакындадым. Көрсө, ал жарык жер астында тоо тукумдарынын бир асылдуусунан көрүнөт. Андан сууга түшкөн жарык күнгө чагылышкан айнектей жаркырайт. Анын жарыгынан жогору жактын капталган жер экенин ошондо билип жүрөм. Бир аз ошол жарыктын жанынан суудан ашып көтөрүлүп турган бир ташка чыгып эс алдым. Көтөргөн тамагым сууга чыланып калган көрүнөт. Чыланса да жеп тоюп алдым. Ал сууга көз жиберип карасам, ушунчалык тунук, ушунчалык мөлүүн жана мында жер үстүндөгү суулардай кыбыраган жандык көрүнбөйт. Экинчи бири жер астындагы суунун жана жердин бир айырмачылыгы: андан тырмактай өскөн өсүмдүк көрө албайсың. Жана урап турган кум, таш жок, баары тең эле мизилдеген гранит менен капталган.

Мен, ал жерге жашоо мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, иши кылып бир жактан чыгамбы деген үмүт менен сууга сүзүп алып жөнөдүм.

Чындык, караңгылык эми басты. Мурунку тоо тукум асылынан чыккан жарыктан да ажырадым. Же күндүн жарыгы жок. Күн шооласын көрбөгөндөн кийин, түнбү же күнбү, менин жер астына түшкөнүмө нече күн, нече түн болду, ал жагы да маа белгисиз. Же саатым да жок, убакытты да билүүгө болбойт. Ошентип олтуруп, бир жактан бир кичине болор-болбос дагы бир жарык шоола көрүнө баштады.

Мен ал шооланы көргөндөн кийин, турчумунбу — ошол жакты көздөй шуулдап сүзүп олтурдум.

Бир аздан кийин жарык шоолага жетип да бардым. Ал жарык шоола күндүн нурунан түшкөн жарык экени аныкталды. Ал жарыктын так өзүнө жетип бардым. Көрсө, ал жарык, бир казылган кудук аркылуу күн шооласы жерге түшүп жаткан экен. Кудуктун түбүнө барып жер үстүндөгү жарыкты карадым. Бийик казылган кудук аркылуу жер үстү көрүнбөйт. Жалгыз гана көгөргөн көк асман мага көрүнөт. Бирок, эбегейсиз бийик кудуктан кандай чыгуум да белгисиз. Тыш жактан маа эч бир жандык көрүнбөйт. Адам баласы жакын ченде жок сыяктуу. Анда-мында гана сайраган куштардын үнү араң-араң угулат. Бир маалда ыраактан созулуп чыккан адамзат шекилдүү бир дабыш пайда боло баштады.

Ал дабыш барган сайын жакындай берди. Бир аздан кийин, кудуктан суу алабыз деп, аркан байлап, чакасын калдыратып, кудуктун түбүндөгү сууну көздөй түшүрүштү.

Булар мени көрсө коркот го, кандайча коркутпай тышка чыгуунун акылын таптым.

Биринчи чака түшкөндө чапанымды чечип чакага илээштирип жибердим. Экинчи чака түшкөндө бутумдагы чокоюмду чакага салып жибердим. Үчүнчү чака түшүп келе жатканда кудуктун түбүнөн көрүнө калып, өлгөн киши калкыгансып калдым. Чака тө-

мен сууга түшкөндө да, суунун үстүнө чыгып калдым эле, акырын чаканын үстүнө суналып өлгөн бир адам сыяктуу чака менен көтөрүлүп олтурдум. Акырында суу алып жаткан адамдар чаканы тышка тартып чыгышып, маа ушунчалык таң калышты. Алар маа тамактарынан берип тойгузушту. Мен эс алып, кудук тазалаганы келип, түшүп кеткен элем дедим. Алар да менин сөзүмө ишенгендей болушту. Алардан мен кайдан келе жатканын, ошол жердин аттарын сурап алдым. Алар кербенчилер экен. Мен чыккан кудук ушул жердеги кумдактагы кудук экендигин өздөрү кеп салышып олтурушту.

Ал кудук азыр ойлосом, Африканын Сахара чөлүндө, же кызыл кум, кара кумда, же болбосо Тибет дөңсөөсүндө болууга тийиш. Тууралап айтып берүүгө эсимден чыгып калыптыр.

### Шарда учканда

Жолдош окуучулар, мени жалгыз тоо эчки кармап жана жердин катмарындагы сууну эле сүзүп чыккан экен дебегиле. Мен андан башка дагы бир топ кесиптер кылдым.

Биринчи жолу Италиянын окумуштуусу Леонардо да-Винчинин абага учуу деген максат коюп жана ал абага учууга бир топ аракет кылып, шар көтөрүлткөнүн уккандан кийин, мен да андан артып түшкөндөй шар жасоого кириштим. Менин шар тууралуу түзгөн планым энем экөөбүзгө жакты. Мен биринчи жолу шар жасай баштадым. Ал шарым абдан жакшы болуп чыкты. Эми анын ичине кандай учуучу жеңил газды толтуруу керек, мага ошол жагы кыйындык келтирди. Бирок мен аны да ойлой-ойлой таптым. Мен билем, суу эки газдан турат (водород жана кислород). Водороду абдан жеңил. Ошондуктан жасаган шарымдын ичине водород толтурууга туура келди. Мен аны кантип толтурууга тийишмин, кантип водородду суудан бөлүп алам. Ушул жагы мени бир топ ойлонтту. Мен анын да амалын таптым.

Мен бир чоң казанга суу куюп, анын оозун бекем капкактап, капкакты тешип, бир узун темир түтүк орноттум да, түтүктүн орто ченинен бир чоң мешке от жагып, түтүктү ошол от ортосунан алып өттүм. Түтүктүн учун эки айрым кылдым. Себеби, водород жана кислородго айрылбай келген суу бир идишке агып түшсүн үчүн, газга айландырганда кислород темир түтүк ичинде калып, водород шарга барып кирсин үчүн түтүктүн бир башын шардын оозуна киргизип туруп, бек таңып, казанды баркылдатып кайната бердим. Шар уламдан-улам толо берди. Бир аздан кийин шар топтомолок болду, андыктан эми учууга туура келди. Мен мурун эле шардын ылдый жагына өзүм олтуруп учуу үчүн жакшылап бир адамдык кылып үй жасап койгом. Ал үйдү водородго толгон шардын алдына келип таңдым. Абага толгон шардын оозун бекем байлап, өзүм үйгө түшүп, энем менен коштошуп алып, асманга учуп жөнөдүм.

Шар уламдан-улам жогорулап бара жатат. Мен үйдүн терезе-

синен жерди карап бара жатам. Энем мени карап, колун булгалайт. Бирок үнүн укпадым. Шар көкөлөгөндөн көкөлөй берди. Жер алыстагандан алыстай берди. Бир маалда түнөргөн бир шооласыз капкараңгы жерге туш келдим. Бул жер абанын кайсы бөлүгү экени мага белгисиз. Караңгылык бул жерди чылк баскан. Төмөн карасам, жер көрүнбөйт. Жогору карасам, ай, күн көрүнбөйт. Ошентсе да шар жогорулап эле көтөрүлүп бара жатат. Мен эмне болсом, ошол болоюн деп жайбаракат, эки жакты карап, чөнтөгүмдөгү күнүмдүк дептериме көргөн-билгенимди жазып кетип бара жатам. Шарым тынбастан эле жүрүп кетип бара жатат. Бул шардын кайда барып токтолорун билбейм. Капкараңгы, эч жылчыксыз. Абадан башка мыдыр эткен эчтеке жок. Же бир дабыш, же бир жандык, же бир жарык, же бир табияттын бир мүчөсүнөн бирөө да жок.

Жер жакты карасам деле капкараңгы көрүнөт. Күн болуп жатканы, түн болуп жатканы белгисиз, өзүм кайсы кургактыкта же кайсы суунун үстүндө кетип бара жатканым да белгисиз.

Өзүм гана СССР аймагынын үстүндө тургандай болом. Капиталисттик өлкөлөрдүн астрономик жана шар учуруучуларына: мен СССРдин акылман, билимпоз, эмгек уулунанмын дегендей болуп ичимден кубанып коюп бара жатам. Бир маалда шар ары да кетпей, бери да кетпей токтоп калды. Бул токтолушуна таң калдым. Үйүмдөн түшө калып, эмне учпаганын көрөйүн деп, андан да корком. Себеби, жерди көздөй түшүп кетеби дейм. Ошентип, кантер амалды билбей, бир топко ойлонуп турдум да, шар түшпөгөндөн кийин мен түшмөк белем деп, үйүмдөн секирип түштүм. Секирип түшкөнүм менен жерге кулап түшкөнүм жок. Түшкөн жерден эле басуу таянычым жок болуп, токтоп тура бердим. Шарым эмне учпайт экен деп, ары-бери басып, эки жагыма карадым. Карасам, баары эле аман өңдүү. Бирок эмне учпасын билбейм.

Өзүмдүн да кулап кетпегениме таң калдым да, өзүмө өзүм суроо берип коём. «Мен эмне үчүн кулап жерге түшпөйм?» — дейм, бирок ал суроону өзүм да чече албадым...

Ошентип, кайра шардагы үйүмө келип түштүм да, бир аз тыныгып, эс алып отурдум.

Бир маалда, калың караңгылыктын арасынан бир чоң жер формасындагы бир нерсе уламдан-улам мага тушташып, жакындаган өңдөнүп келе берди. Шар ансайын дагы ошол жер сыяктуу формадагы нерсени көздөй акырындап уча берди. Бир маалда шардын көтөрүлүп сызганы маа анык экени сезилди.

Бир нече убакыттан кийин эле баягы жер формасын алган жерге жетип калыппыз. Жерине барып шар-марым менен аман-эсен түшүп калдым. Ал жер башка жер көрүнөт. Жаралып бүткөндөн тоолор, тунук, акпаган коюуланган суулар. Бирок көпчүлүгү муз. Кез-кез жерде гана муздан кылайып өскөн лишайник, мох сыяктуу өсүмдүктөр гана учурайт. Андан башка ырымга чөп жок. Жана айбан, адам аттуунун саны тургай жыты жок сыяктуу. Акырын гана мох, лишайник өңдөнгөн өсүмдүктүн түбүн байкап карасам, көзгө илинер-илинбес бир курт жүргөн сыяктуу. Андай

турмуш жок жерде жүрүүгө мүмкүндүк келбеди. Андыктан кантип өз жеримди көрөм? Кантип учам? Бул суроо менин башымды бир топ катырды. Ал жүргөн жерим 9 планетанын кайсынысы экенин да билбедим. Бирок ойлоп-ойлоп баамдап байкасам, ай шекилдүү, себеби, ай жерге жакын жүрөрүн билет эмесминби.

Мен бир топ күндөр жүрүп калдым, ал жерде күндүн кеч кириши, таң атышы биздикинен бат сыяктуу. Себеби, жерде жүргөндө түн ичинде эки ойгонуучу элем, бул жерге келгени түн ичинде бир эле ойгонуучу болдум. Дааналап, белгилей албайм, себеби, жерден учуп чыкканда саатымды унутуп таштап салыпмын.

Мен элди сагындым, жерди сагындым. Бирок кетүүгө келгенде ой бир топ башты катырды. Андыктан эмне кылуу керек деп ойлоп отуруп, колумдун тырмагы өсүп кеткенин да билбей калыптырмын. Тырмагымды алайын деп үйүмдөгү көмүркөйүмдүн ичиндеги бычагымды көмүркөйүмдөн алып, тышка чыгайын дегиче болбой эле шар көтөрүлүп жөнөдү. Мен сүйүнгөнүмө чыдай албай күлүп да жиберген экенмин. Ошентип, учуп жүрүп олтурдум. Билбейм, жерди көздөй учуп бара жатамбы, кайсы жакты көздөй учуп бара жатканымды билбедим. Бир маалда баягы басып өткөн караңгылыкка туш келип калдым. Ал караңгылыкка туш келип калгандыктан, жерди көздөй жол тарткандыгымды ошондо билдим.

Бир маалда жердеги жарыктын шооласы калың караңгылыктын арасынан көзүмө байкала баштады. Ошентип олтуруп, ылдыйлаган сайын ылдый түшүшү катуулай баштады. Мунун себеби, Курский аномалия магнити бычакты тартып жаткан экен. Бычак менен биз түшүп келе жатыппыз. Ал көрсө, айда экенде жер айланып олтуруп, бычакка туш келгенде тарткан экен. Ошентип, Курский аномалияга келип түштүм. Бычакты ошондо таштадым да, шарым көтөрүлүп, үйүмө келдим. Бычакты таштаган себебим — бычакты алып жүрсөм Курский аномалия кайра-кайра тартып эле бастыра турган эмес. Бирок бычагым абдан жакшы эле да, аны кийикчилеп жүргөндө да алып жүргөн болчумун...

### Талаага чыкканда

Мен бир күнү талаага чыктым. Чыгуунун себеби болсо, табигый шарттар жана талаа айбандары менен бир аз таанышып өтүү эле.

Бир мезгилде талаадан конуп олтурган бир кушка кез келдим. Ал куш болсо, бир бүркүттү тыткылап жеп олтурган экен. Мени көрө койду да, жеп жаткан бүркүтүн таштап, мага талпынды.

Куш качырып мени тебүүгө даярданып кирип келди. Мен андан кандайча кутуларымды билбей, башымда кийип турган тумагымды кушту көздөй ыргытып жибердим. Куш шып этип тумакты илип алып жөнөп кетти.

Куш сызып алып, тумакты мыкчып, көкөлөп бара жатат. Ки-

йик көрүнсө атайын деген кичине тапанчамдын огун ошол тумагымдын кырбуусуна салып койдум эле. Ал ок ошол бойдон тумак менен кетиптир. Кийик атып алайын деген жалгыз огум, тумак менен кошо кетип калгандыгына мен бир топ капаландым. Кайдан ок таап, үйгө бир кийик атып аларды билбей, бир аз ойлоно түшүп, ок-дарыны бат эле таап койдум. Чөнтөгүмдө ширеңкенин баштарын сыдырып алган бир куру патронум бар эле. Ошого как ортосунан салдым дагы, ок ордуна бир ташты салдым да, патрондун оозун бекитип, бир даяр атылуучу ок дүрмөт камдап алдым.

Эми мага бир кийик кезигүү керек болду. Ошондуктан, кийик атуу үчүн бир калың токойду аралап, кийик табылат менен жүрүп олтурдум. Бир маалда алдымдан саксактап бир аюу кол салууга качырып калды. Мен атайын дейм, бир гана дүрмөтүм бар. Атпайын дейм, качырып эле кирип келе жатат. Муну эмне кылуу керек? Мен аны эмне кыларды таптым. Тапанчамды алдым да, шыкааламыш болуп, маңдайына туруп калдым. Аюу да менден коркконсуп, токтой түшүп басып калды.

Акырындап-акырындап олтуруп, көзүмдөн көзүн айырбай эле бетме-бет келип тиктешип калды. Мен көзүмдү ирмесем эле жарып салуучудай, бирок мен көзүмдү ирмебей эле тиктешип тура бердим. Көзүм да талып болду, андан кантип кутуларымды билбедим. Айдан келгенден кийин бир сүрөткө түштүм эле. Аны эстесем, чөнтөгүмдө жүргөн экен, аны акырын чөнтөгүмдөн алдым да, алды жагымдагы бир чөпкө илип, аюуну карата койдум. Аюу ал сүрөттү караган бойдон кала берди. Өзүм акырын жылып алып, жөнөп кете бердим.

Жүгүрүп бара жатсам, баягы куш алып кеткен тумагым жатат. Тумактын ар жагында куш өлүп жатат. Тумагымды көргөндөн кийин огум бар бекен деп, чуркап бардым. Бирок огум жок, кайда түшүп калганы белгисиз. Тумагымды күбүп-күбүп кийип алдым да, куш эмне болуп өлгөнүн билүү үчүн куштун жанына бардым. Куш өлүп жатат. Эмнеден өлгөнү белгисиз. Бутун карасам, патронумдун от берүүчү арт жагына куштун бир бармагы батып калган, ошондуктан ал огум от алып, атылып кетиптир. Кушка ошонун ичиндеги огу тийип өлүптүр.

### Мамонт тирилткенде

Менин Сибирь жакта эң бир кысталыш жумушум чыгып калып, барып калдым. Сибирге барганда жеке эле ал жумушумдун артынан түшпөй, башка дагы илим изилдөө жагына кирише баштадым. Сибирде жашоочу түрлүү улуттар менен аңгемелеше баштадым. Алардын жеринин шартына жана элинин шартына акырындап көнүгүштүм. Бирок менин оюмдан чыкпаган бир санаа да бар. Ал болсо, кайназой эрасында түндүктү муз каптаганы эсимде. Ошондуктан, ал учурда жашаган мамонт жана пил сыяктуу айбандардын Сибирде жашагандыгы да эсимде. Ошондой болгондуктан мамонттун муз доорунан калган калдыгын табууга ки-

риштим. Мен кандайча мамонттун калдыгын табууга киришкендигимди сиздерге айтып бербесем, мамонтту издегендигим туура да болуп чыкпас. Июль айынын бири дегенде бир тунгусту итине чана коштуруп, жолдош кылып ээрчитип жөнөдүм, баруучу жерим Түндүк уюл деңизи. Түндүк деңизинин муздарынын арасына катып калган мамонттордун калдыгын табамбы деген ой менен жүрүп отурдум. Иттери таскактап, жолдошум экөөбүздү сүйрөп олтурду. Арийне, иттердин таскактап чуркашы да эп эле, себеби, эки кишиге күчтүү иттерден онду чегип алгандан кийин, чуркабай койчу беле. Ошондой болсо да, бир кара ала тайган чабалактап жүрбөй калды. Мунун жүрбөй калганына эмне себеп болду. Албетте, мунун жүрбөй калгандыгына дагы бир топ толуп жаткан себептер бар болуп чыкты.

Мен аны жанымдагы жолдошум — иттердин ээсинен сурадым.

— Мунун жүрбөй калган себеби эмне болду экен? — дедим. Жолдошум анын жүрбөй калган себебин толугу менен айтып берди. Көрсө, ал кара ала тайганды мурунку күнү да чанага чегип суутпай койгон экен. Ошондуктан, ысык кетип калып, ал күнү жүрбөй калганынын себеби ошол болуп чыкты.

Кара ала тайганды чанадан чыгарып, чананын үстүнө жаткызып алып, бет алып бара жаткан узун жолубузду узарта бердик. Бир маалда түндүк уюл деңизине токтоосуз жетип барган экенбиз.

Ошентип, түндүк деңиздин чет жагына чанабызды токтотуп, жүгүбүздү түшүрдүк да, өзүбүз мамонт калдыгын издөөгө кирише баштадык. Бир маалда тоодой болуп сүзүп жүргөн муздун арасынан эле жолдошум: «Таптым эле, таптым!» — деп кыйкырып калды. Мен да анын «таптым» деген кыйкырыгына кубанып, бала болуп чоңойгондон бери бир каткыра күлбөгөн ачуу кыйкырык менен: «Ай, айланайын абаке!» — деп кыйкырып жиберген экенмин.

Ошентип, анын «таптым» деген тоодой музунун төбөсүнө чыгып барып, жолдошум «таптым» деген муздун арасын карасам, алдыңкы артылып чыккан тишинин бирөө муздан чыгып калган экен. Тиши менен буулап муздун башынан жылдырып олтуруп, кабагына түшүрдүк да, чанага салып алып, жолдошумдун үйүн көздөй кайттык. Мамонтту жолдошумдун үйүнө алып келип, тышка отту чоң жактырып коюп, мамонттун музун эритүү үчүн ар жак, бер жагын отко кактай бердим. Бир маалда дем алгансып, бир дабыш мамонттон пайда боло баштады. Жана бир аздан кийин ички мүчөлөрүнүн музу эригенде, чыны менен эле дем алып, башын ары-бери көтөрүп, көзүн ача-жума берди.

Мен мунун тирилип, мал болорун билип, эң кубанычтык менен сүйүнүп кеткен экемин. Жолдошум менин кайсы эрадагы мамонттун тоңуп калгандыгын билгендигиме ал дагы мага ошончолук кубанды. Бир аздан кийин мамонт башын чулгуп тура баштады. Бирок мындан эчен кылым бою мурун тоңсо да, ички организми жана тышкы организмдери бузулбаган экен. Ошол бойдон аман-эсен гана тоңуп жата бериптир. Бирок, менин тирилткеними бил-

бестен чоочуркап: «Кайдан келгенсиң?» — дегенсип, олурайып карап да коёт.

Кийинчерээк акырын-акырындан үйүр боло баштады. Мен ал мамонтко курсагын тойгузуу үчүн түрлүү тамактар да алып келип бере бердим. Менин алып келген тамагымды чоочуркабай эле кызыгып жей берди.

Бир канча убакыттан кийин, артынан тезегин чыгара баштады. Мага анын тезегин текшерүүгө туура келди. Себеби, ошол мамонттун музга катканда кандай чөп жеп жатканын билүүгө тийишмин. Мамонттун тезегин текшерип олтурсам, папоротник жана ийне жалбырактуу чөптөрдүн кээ бирлери учурайт. Мен ал мамонтту алып, үй жакка жол тартуума туура келди. Бир күнү жолдошум менен коштошуп, мамонтту минип алып, үйдү көздөй жөнөдүм.

### Көгүчкөн окуганда

Мен бир күнү бир зоого чыктым.

Зоонун боорунда көп көгүчкөн тууптур. Мен бул көгүчкөндүн эки-үч баласын алып келип, үйгө бакма кылууну ойлодум.

Менин ал ойлогон оюм абдан туура болуп чыкты. Себеби, жар көгүчкөн бакма болсо, үйгө кайдан да болсо таап келерин билем. Ошондой болгондуктан зоодогу уяга чыгып барып, эки балапанды алдым да, үйдү көздөй жөнөп кеттим.

Ал көгүчкөндүн балдарын абдан жакшы көрүүчүмүн жана абдан жакшылап багуучумун.

Мен жакшылап баккандан кийин, менин жанымдан кетүүчү эмес. Кайда барсам да, ээрчип жүрө берчү болду. Мен ал эки балапанга акырындык менен тил да үйрөтө берчү болдум. Алар адеп эле үйрөнгөндө, «ат» деген сөздү үйрөндү, андан кийин «ок» деген сөздү үйрөндү. Себеби, мындай бир муундуу сөз үйрөнүүгө оңой эмеспи.

Кийинчерээк абдан кыйын сөздөрдү да айтчу болду. Менин атымды, энемдин атын угуп, даана айтып жана ким экенибизди айрып да билип алуучу болду. Мен буларга жеке гана сөз үйрөтпөстөн, окута да баштадым. Эң мурун «а, б, ч, к, ш, о, т» тыбыштарын үйрөтүп, андан сөз улап жазып окуттурчу да болдум. Эң мурун жогорку тыбыштан мындай деген сөз кураттырып окуттум. «Аба», «ач, тоо» деген сөздөрдү окуттум. Кийинчерээк тыбыштын баарын үйрөткөндөн кийин, кайсы сөз болсо деле окуй беришчү болду. Бирок көпчүлүк сөздү «таш», «баш», «ат» деп окуйт. Кийинчерээк бардыгын да бир ката кетирбей окучу болду.

«Көгүчкөндөр алиппеси» деген китептин кай жеринен болсо да, алдына ачып койсом окуй берер эле.

Ал алиппенин ичинде бир куплет мындай деген ыр бар эле:

Биз, биз бакма көгүчкөн,
Окуганга көнүшкөн.
Кат жазууну үйрөнүп,
Далай кызык көрүшкөн.

Ушул ырды эң сонун көрүшүп, экөө окуп да калар эле. Кийинчерээк байкасам, ошол ырды жаттап үйрөнүп алышыптыр.

Бир күнү эртең менен уйкудан көзүмдү ачсам, кондуруп койгон жерге конуп алып эле ырдап жатышат. Бул ким ырдап жатат экен деп көзүмдү ачып, башымды көтөрсөм, жакын жерде киши көрүнбөйт. Баягы кондуруп койгон көгүчкөндөрүмү карасам, экөө жардашып туруп алып, ырдап жаткан экен. Мени көрө коюп, уялып кетишти окшойт. Башын канаттарына катышып эле, уктаган сыяктуу коңурук тарта башташты...

Мен да билер-билмексен болуп, жууркаными чүмкөнүп калдым.

Мен бул көгүчкөндөргө жеке гана сөз менен тыбыш үйрөткөн жокмун. Аларга жазууну жана цифра сандарын да үйрөтө баштадым. Бирок кез-кез жерден адашып да калуучу болду. Ал адашкан санын буттарынын бармактарын санап, бат эле таап алышчу. Эң эле мурун 10го чейинки сандарды үйрөнүштү. Албетте, онго чейин билишкенден кийин, ар жагын деле бат эле билип кетишти.

Булар бутуна карандаш, калем кармап жазууну да үйрөнүшкөн. Бир бутун көтөрүп туруп, калем же карандаш сунсаң, шып илип алчу. Бир буту менен бир нерсени кармап олтура берип, экинчи буту менен алдына кагаз коюп койсоң, жаза берчү.

Мен алардын сабатсыздыгын жойгондон кийин, көгүчкөндөрдөн чыккан маданияттуу жана бир чоң илимпозду чыгаргым келди. Андыктан буларга тажрыйба менен көргөзүп, сабак берүүгө туура келди. Жана бардык сабактан даярданууга туура келди.

Мен андай, ал жагына атайлап киргенден кийин коёмунбу. Бардык жагынан даярдап алып эле сабак бере берчү болдум. Алар менин сабагымды абдан жакшы көңүл коюп угушту жана китептен баланча жеринен окугун десем, айтканымдай окуп, айтканымдай суроого жооп беришчү.

Мен аба тууралуу сабагымды жүргүзүп жатканда ушунчалык кызыгышып, эч жакты карабастан угушчу эле. Себеби, аба тууралуу сүйлөгөндө куштар эмне үчүн абада учат жана кантип жыгылбай жүрөт, аны суроо берип коюп, жакшылап чечип, жакшылап айтканда таң калышып, мени карап калышар эле.

Алар менин колумда 8 жыл тарбияланып калышты жана булар ушунчалык жакшы окушту, а сиздерге түшүнүктүү болушу үчүн бир гана мисал айтып өтөйүн.

Бир жылдын ичиндеги орто мектептин эсеп сабагын 3 айдын ичинде гана окуп бүтүрүп коюшту. Мен деле программа менен бергим келет. Бирок кээ бир эсепти жазып убара болушпастан, ойлоп айтып коюшат. Жана кандай кыйынын берсем да чыгарып коюшат. Булар класстан класска өткөндөгү сыноодон да ушунчалык жакшы өтүшөр эле.

Эсеп, физика ж. б. сабактан текшерүү, сыноо болгондо, экөөнү эки жерге кондуруп коём. Себеби, бири чыгара албай жатса, биринен бири көрүшө коюшпасын деген максат эле. Антсем деле мен доскага жазарым менен алар чыгардым дешип бере коюшат. Текшерип карасам, абдан туура чыгарышкан, ошентип, 8 жыл

ичинде жогорку окуу бөлүмдөрү менен тең билим алгандыктан, жогорку билимдүү деген документ бердим.

**Бардык жерде**
**жүрүүчү кайык**

Бул китепчени окуучулар! Мен дагы далайларды баштан өткөрдүм го!

Мен бир күнү ойлоп олтурсам, ойлоп жүргөн кесибимдин бирөөнү унуткан экенмин.

Мен жаңыдан жөргөлөй басып жүргөнүмдө бир кумурска үйдөгү мен төгүп койгон чалчык суунун ары өйүзүнө өтүү аракетин кылып жатат. Бирок бир топко аракеттенип жатып, абдан кыйналды. Антсе деле өтө албады. Мен быякта эмнеси бар экен деп, абайлап олтурсам, ал жакта тамдын түбүндө уясы бар экен. Мен уясына кантип кирер экен деп, керели кечке ошол кумурсканын аракетин байкап олтура бердим. Улам суу соолуп кургап келе жатканда, акырын чакадагы суудан чөмүчкө сузуп келип, төгүп коём. Бир маалда кумурска ар жактан бир кургак куурайдын кичине сыныгын көтөрүп келип, суунун үстүнө салды да, өзү куурайдын сыныгынын үстүнө басып, алдыңкы эки муруту менен сууну артка күрөй берди да, бир маалда суудан чыгып, ийинине кирип кетти.

Мен эми кантип кумурскача кайык жасап, бир деңизге барып саякат кылсам дедим. Бул ойду кумурска куурай алып келип, өтүп кеткен күнү эле ойлоп койгом. Бирок ошондон бери эстебей, азыр эстегенимди карачы... Мен андыктан, бир аздан кийин абада учуучу, сууда сүзүүчү, жерде жүрүүчү кеме жасоого кирише баштадым. Ал кемени ушунчалык жакшы кылып жасадым. Жасаган кемем сууда сүзүүчү, көктө учуучу, жерде жүрүүчү болуп чыкты.

Андыктан дүйнөнү бир айланып келүүгө туура келди. Ошондой болгондон кийин бир күнү дүйнөнү айланып келүү саякатына чыктым. Үйдөн энем менен коштоштум да, бир айда келем деген убаданы энеме бердим. Энем да менин убадамды макул тапты. Мен ошол күнү учуп алып, Улуу Тынч океанына түштүм. Ошондо суу менен сүзүп олтуруп, XV деген аралдан чыктым. Ал арал ушунчалык жакшы, көгөрүп турган жыгачтар, нечен түрлүү сайраган куштар, бышып турган жүзүм, алчалар. Бирок кыбыраган адам баласы аттуу жан жок сыяктуу. Мен ал жерге 6 күн туруп, калдым, ошол алты күн ичинде жылт эткен от, кыбыр эткен адам үндөрүн уга албадым. Ал барган аралымды аралап чыктым. Үстүнөн кайыгым менен учуп, сүрөткө да түшүп алдым. Ошол түшүргөн сүрөтүмдө адамдан башка аралда жүргөн жаныбарлардын баары тең эле түшүп калган.

Түрлүү маймылдар, эчен түрлүү тотулар, түрлүү-түрлүү түстөгү чымчыктар. Эчен бир арстандар, бирок бул аралда адам пендеси жок сыяктуу. Бир аз абайлайынчы деп, тартып алган сүрөттөрүмдүн ар бир жерин байкап олтурсам, сүрөттүн четирээк

жагында бир жалгыз тартылган дуб жыгачынын түбүндө адам сыяктуу бир нерсе кошо түшүп калган. Бул адамбы, айбанбы, сүрөттөн айрып тааный албадым. Андыктан, токойдун үстүнөн кайра учуп, баягы жалгыз түп дубдун жанына барууга туура келди. Мен бир топ ойлонуп турдум да, ошол токойду көздөй кайыгымды учуруп алып жөнөдүм. Акырындап учуп олтуруп, баягы жалгыз түп дубга жакындадым. Ал дубду жана анын тегерегин чоң кылып дааналап сүрөткө түшүрүп алдым. Түшүргөн сүрөтүмдү абайлап байкасам, анык адам экен, даана эле белгиленди.

Мен эми ал адамга барып, кайдан келгендигине таанышууга туура келди. Мен шуулдап эле кайык менен жетип барууну туура таппадым. Себеби, ал адам кокустан коркуп кетеби, алда эмне болуп кетет. Андыктан кайыкты бир теректин башына кондуруп, кулап кетпесин үчүн бек кылып байлап койдум да, колума тапанчамды кармап алып, баягы дуб жыгачтын түбүндө олтурган адамды көздөй бет алдым. Акырындап эки жагымды абайлап олтуруп, баягы дубга жакындадым. Эч дабышсыз акырындап дубдун ары жагына бардым. Баягы адам капкара, чачы өсүп кеткен, кийими жок. Бир нерсени тыткылап жеп олтурган сыяктанат. Ар жагынан барып: «Амансызбы!» — дедим. Мени жалт бир карады да, айкырып алып качып жөнөдү. Мен: «Бул эмне менден коркот, бул кандай адам болду экен?» — деп өзүмө өзүм токтой түшүп, суроо берип туруп калдым.

Мен бул адамдын чыныгы ал-абалын билип кетүүм керек. Ошондой болгондуктан жанагы качкан адамдын артынан жөнөп олтурдум. Бир маалда деңиздин боюнда деңиз жакты карап олтурган баягы качкан адамыма туш келе түштүм. Деңиз жакты карап олтурганда: «Ой, адам!» — дедим. Дагы бир бакырып, деңизди көздөй качты. Бирок тереңдеп бара албай, мойнуна чейин деңиз суусу каптап калгандан кийин кайра тартып, мени көздөй бет алды. Мен анын келгенин күтүп, деңиз боюнда тура бердим. Бир маалда түптүз маа келип эле күрөшүп калды. Менин аябаган балбандык жайым бар эле. Акырын көтөрүп ала койдум. Жулунуп болбойт. Акырын көтөрүп алып, баягы байлап койгон кайыгымдын жанына алып келип, кайыкка түшүрүп учуруп алып жөнөдүм.

Ошентип жыйырма күн, жыйырма түн дегенде үйгө келип түштүм. Баягы адам болсо кайык менен келип, кете албай адашып калган жапайы (дикарь) адам болуп чыкты. Ал адам кийинчерээк тил үйрөнүп, менден окуй баштады.

Мен маданияттуу бир билимпоз киши кылып чыгарууга кирише баштадым.

## ҮЧҮНЧҮ ШАР

Жолдоштор! Мен өзүмдүн кесибимдин орчундуу жерлерин сиздерге айткым келет. Албетте, сиздер бул менин кесибимди

билгенден кийин, сиздер да меники сыяктуу кесиптерди ойлоп жана маанилүү жыйынтыкка келүүңүздөрдү күтөмүн.

Мен бир күнү асманда калкып жүргөн жаандын бууларын, абада сызып учуп жүргөн канаттуу куштардын учушун байкап, алардын асманда көтөрүлүп учуп жүргөндүгүнүн себептерин таба албай, көпкө ойлонуп жүрдүм. Бирок көп убакыттар өтсө да, алардын асманда көтөрүлүп, абада калкып жүргөндүгүн чече албадым. Менин мындай окуянын чындыгына жетүүдөгү максатым чоң эле. Мен ага тажрыйба кылуунун натыйжасы менен гана ал максатка жетеримди билдим. Ал максатты иш жүзүндө аткаруу үчүн бир топ чоң окуяларды өткөрүү керек болду.

Менин белгилүү оюма жардамдаш бир буюм табылса, ошол буюм аркылуу гана астымдагы чечилбеген максатты чечеримди билдим. Асманда дүйнөнүн боштугунан орун алып, жер шарын тегерете курчап турган абадан жеңил бир буюм табуу эле. Ал буюмду сураштырып жана тажрыйба кылып гана таптым. Ал табылган буюм асманда калкып жүргөн калың абанын бир түрү болучу. Ал водород газы эле. Бул водород газы суу составынын үчтөн эки бөлүгүн ээлеп, жалпы абадан 14,5 эсе жеңил экендиги белгилүү.

Менин тилеген буюмум табылгандан кийин, баягы чечилбеген максатым да чечилди. Мен ал водород газын бир шарга толтуруп, оозун бууп, көккө коё бердим. Ал шарым жогорулагандан жогорулап, алыстай берди. Мен, мындай жеңил газ аркылуу шардын жогорулап учушунан булуттардын жогоруда көтөрүлүп жүрүшүн билдим.

Мен экинчи шар жасап, ал шарга белгилүү оордукту көтөртүүнү ойлодум. Бир күнү экинчи шарымды жасап бүтүп, өзүмдүн багып жүргөн бир итиме жакшылап үй жасап, терезе салып, тамак камдап, абанын суюк катмарында кислороддун жетишсиздигин эске түшүрүп, иттин дем алууга керектүү абасын даярдап, газга толгон шар менен бирге чиркештирип, асманды көздөй учуруп коё бердим. Ит белгилүү ыраактыкка чейин терезеден башын чыгарып барды да, алыстаган сайын карааны жоголуп, кайда кеткени белгисиз болду.

Мен үчүнчү шар жасап, өзүм учууну туура таптым. Өзүм түшүүчү үчүнчү шарды абдан мыктап жасадым да, ага үй жасап, жолго алып жүрүүчү шаймандарымды жана азык-түлүктөрдү алып, белгисиз, калың аба боштугуна жол тартууну ойлондум. Акырында ал да орундалды. Абага көтөрүлүп уча баштадым. Шар көтөрүлгөндөн көтөрүлүп, жерден алыстагандан алыстай берди. Жердеги кыбыраган жан-жаныбарлар кичирейгенден кичирейди, алар барган сайын бопбоз болгон гана мейкин талаадай көзгө үлпүлдөп көрүндү. Бир аздан кийин эч нерсе көрүнбөй, белгисиз бир караңгы түнгө кезиге баштадым. Кайда жылып бара жатканын сезе албадым, аны токтото да албадым. Себеби, ал шарды белгилүү жакка башкаруучу менде тетик болбоду. Шардагы газды чыгарайын дейм, бирок корком, себеби газды чыгаргандан кийин токтоосуз барып жерге тиеримди билемин. Кармоого

эчтеке жок. Жалгыз гана кармалбаган абанын ичинде шар менен мен учуп бара жаткансыйм. Жер шарын тегерете курчаган абанын арасында кетип бара жаткан жандын бири мен гана болсом керек.

Күн нурун тосо албаган суюк аба менин дем алышыма да суюктук кылгансып, демим кысылып, башым каңгырай баштады. Бирок мен жолго чыкканымда, абанын сейрек болушун эске алып, өзүм менен бирге белгилүү дем алдыруучу коюу абадан запас кылып алган элем. Мен ошол запас аба менен дем алып келе жатам. Кыбыраган жан, шырп эткен дабыш жок.

Эч жылчыксыз караңгылыктын арасында гана келе жатамын, келген жолум ушул го дегенсип, үйүмдүн терезесинен башымды чыгарып ылдый карайм. Бирок миң карасам да, көзүмө караңгылыктан башка эч нерсе көрүнбөйт. Күндүн ачык-бүркөгү да белгисиз. Учсуз, түпсүз узак жолдун кайсы жагын көздөй шардын көтөрүлүп бара жатканы белгисиз. Жерден кабар алгым келди. Кат жаздым да, нандын ичине салып ыргытып жибердим. Ал каттын мааниси мындай эле.

### Асмандан алыска кат

«Мен бир шар жасап, ал аркылуу көтөрүлүп, жогоруга учтум эле. Бирок менин шарымда кемчиликтер болгондуктан жана өзүмдүн болжогон жериме бара албай, белгисиз жолго түшүп, суюк абанын арасында гана жогорулап кетип бара жатам. Жарык шооласы да жок, караңгылык, менден башка эч бир жандын бардыгы сезилбейт. Ал караңгылыкты сөз менен айтып, көз менен болжолдоор эмес.

Мен 25-майда асманга учтум эле, ошондон бери нече сутка болгондугун да билбейм, себеби, мага күндүн чыкканы жана батканы билинбейт. Андыктан жер менен байланышуу үчүн кат жазып таштоого туура келди. Ким билет, бул катым кургак жергеби, же сууга түшөбү? Мейли, эмне болсо да, тобокелге салып, бул катты жазып, атымды коюп, нандын арасына тоголоктоп салып, ыргытып олтурамын, менин азыркы кыскача абалым ушул» — деп жазып, кол койдум.

Мына мен шар менен дагы эле көтөрүлгөндөн көтөрүлүп учуп бара жаткан сыяктанам. Жерди көздөй ыргыткан катымдан гана үмүт кылгансыйм. Бирок ал каттын кетишине бир топ убакыттар болсо да, мен жакка эч кабар сезилбейт. Шарды жарып жибергим келет, кайрадан сабыр кылам.

Аңгыча, калың караңгылыктын арасынан кулагыма бир дабыш пайда болду. Бул сапар тарткандан бери дабыш укканым ушул гана. Кулакка чалынган бул дабыш санааны эчен түргө бөлдү. Ал дабыш негедир уламдан-улам жакындай бергенсиди. Дабыш катуурак угула баштады. Алыстан угулган дабышты белгилеп ажырата билүүгө болбоду. Жерге ыргыткан катымдан бир жардам келе жатабы деген ойго да батым. Бирок абанын жогорку катмарына менден башка ким келмек эле деген ойго чөгөмүн. Бир нер-

се көзгө көрүнөр бекен деп, үйүмдүн терезесинен баш багып, көзүмдү ачып, айланамды карайм. Үн чыгарайын дейм, корком. Дагы бир кырсыкка учурабагай элем деген ойго кетем.

Калың караңгылыкты жаңырткан үн жакындай берди. Бул эмненин үнү экен дегенсип, ага мен кулагымды тосуп тыңшадым. Ал үн кез-кездерде арсылдап үргөнсүп кетет. Мен ал үндү экинчи учурган шардагы ит болбосун деп болжодум. Кулагымды салып дабышты тыңшайм. Ал дабыш чыны менен иттики экени жакындаган сайын айкындалды. Бирок, ал чыккан иттин үнүнөн канча алыстыкта келе жаткандыгымды билбейм, караңгыдагы абадан көп эле алыстыктан угулгандыгы белгилүү иш. Менин итим го деген үмүт менен итти атынан чакыра баштадым, ит ого бетер дабышын күчөттү. Муңдуу үн менен улуп, тааныгансып кыңшылай баштагансыды. Итимдин артынан барган сайын чакырып, калың караңгылыктын тынчын алгандай болом. Итим да мени белгисиз жерден учураткандай болуп, кубангансып улугандан улуду.

Аңгыча жогорулап бара жаткан шарым бир буюмга урунган сыяктанды. Итимдин дабышы жогору жактан чыкканы ачык айкындалды. Бир аздан кийин шарым кайрадан жогору көтөрүлгөндөй болуп сезилди. Иттин шары үйүмдөн чыккан чырактын жарыгы менен көрүнө түшүп, ылдыйлап бара жаткан сыяктанып, шардын газы азайып, куушурулуп бара жатат.

Терезеден колумду чыгарып, ылдыйлап кетип бара жаткан шарды кармай калдым. Кармаган шарымды өйдө тарттым да, андагы итти өз үйүмө чыгарып алып, шарды коё бердим. Ал жарылып калган экен. Шуулдаган бойдон жерди көздөй түшүп кетти. Итим кайдан жолуктуң дегендей мага эркелеп, кыңшылады, итке тамак бердим. Ит мени сагынгандай, көзүн балбылдатып, мага карап жалактады. Мен жарайсың деген ой менен башынан сыладым. Менин ички сырымды ал билбей, анын ички сырын мен билбей, сүйлөшүп, акылдашпагандыгыбызга экөөбүз тең буулугабыз.

Итиме кездешкенден кийин менде да чоң кубаныч пайда болду. Себеби менден бир топ күндөр мурун кеткен итиме кездештим. Эми эли-журтума деле кездешемин деген үмүт мени бир кубанычка салгандай болот. Албетте, мындай чоң кубанычта ойдун, санаанын кайда кеткенин билбей, болуп жаткан окуяны күнүмдүк дептериме унутпас үчүн жазып да барамын.

Шар кылкылдап жогорулаганынан токтолгон сыяктуу болуп сезилди. Шардын ылдыйлашы мени дагы кубандырды. Бирок бул шардын жарылгандыгынан ылдыйлаганбы же болбосо ит экөөбүздүн салмагыбыздан болгон ишпи, айтор белгисиз. Чындыгында салмактын басышынан болуп чыкты. Жаш жүрөк кабына батпай, алып учкандай болду. Итти ким билет. Ал айбан го, билеби, билбейби, бирок ал да кубанычта экендиги сезилет.

Бир маалда калың караңгылык суюлгансып, ылдыйлаган сайын жарыктын шооласы көзгө элестей баштады.

Шардын ылдыйлаганы ыкчамдаган сыяктуу, уламдан-улам караңгылык азайып, жарык көбөйө берди. Бир маалда күндүн кө-

зүн көрдүк. Биз менен амандашкансып, жарык нурун бизге чачырата тийгендей болду. Бир калың булуттун үстүндө болдук. Андан ылдыйладык, калың булут күндүн көзүн калкалады. Бир маалда жаркылдаган чагылгандуу калың жаанга кездеше түштүк. Жер көрүнбөй калды, күн жаап жатат. Ит да чыдай албай кыңшылап, шардын бат түшүшүн күтүп жойполоктойт. Жер, ай... ой, тиричилик, жер деген ичтеги күнгүрөнгөн дабыш менен мен дагы терезеден башымды чыгарып карап турам.

Бир маалда, мунарланып тоо чокулары көрүнүп, мурда көрбөгөн, чокусун ак кар каптаган бийик тоого кездешүүчүдөй жакындап кирип келе жатабыз. Бир аздан кийин шар, эки жагы жалама кызыл чополуу жардын бооруна жакындай баштады. Шарыбыз бир гана көк чөптүү тектирчеге барып конуп калды.

* * *

Алды зоо, үстү аска, жолсуз туюк капчыгайдын арасында бир кичине тектирчеде, корккон коён өңдөнүп, итим экөөбүз алдыбызда таштан ташка урунуп, көбүрүп агып жаткан сууну карап коёбуз да олтурабыз. Жан сактап, жашап турган жар боорундагы тектирчебиздин чоңдугу чейрек гектардай гана жер. Биз турган мындай белгисиз жер жана агып жаткан суу карта боюнча кайсы жерде экени да сиздерге белгисиз. Беттешкен маңдай жагыбыз — жалама капчыгай. Туура жагыбыз болсо, бодурлуу аска таштар, үңүрөйгөн үңкүрлөр. Мындан башка көзүбүзгө эч нерсе көрүнбөйт.

Асмандан айдын шооласы — асмандап көк тиреген зоодон ашып келип, нурун чачыратат. Күндүз, күн да түшкө жакындаганда гана асман тиреген зоонун башынан ашып келип тийип, түш оогон ченде маңдай жагыбыздагы чоң зоого жашырынат да кетет. Мындан башка эч нерсе көрүнбөйт. Шар менен кошо түшкөн азык-түлүгүбүз да түгөнүүгө жакындады. Азык табууга дарман да жок. Өзүбүз жашап турган чейрек гектар түзөң тектирчеде бизге тамак болуу үчүн эч нерсе көрүнбөйт. Жалгыз гана көзгө жагымдуу көк чөп, андан башка эч нерсе жок. Мындай турмуш өтпөс жерден кантип кутуларымды да билбейм. Шар менен учуп, дагы башка жакка кетели деген үмүт болот. Бирок шарыбыз — жашап турган жерибизге коноордо, жогор жакта бир чоң борчукка урунуп жарылган. Мына азыр биздин дарман ушул гана абалда турат. Эптеп жол таап, түшүп кетемби деген ойго батам да, жол карайм.

Албетте, мынча асман тиреген бийик зоо болсо, жана алды жакта көбүгүн чачып агып жаткан чоң суудан, көзгө чоочун жерден кандайча жол тапмакчымын. Кандайча жол болмокчу. Жол жасап, ылдый түшүүгө же жогору чыгууга колдонула турган белгилүү курал жок. Жалгыз гана шар менен көтөрүлүүгө керек болчу майда курал бар. Мындан башка ырымга курал жок. Санаа көптү ойлотот, акыл жетпейт. Итим да кантип кутулабыз дегендей болуп кыңшылайт да, ички сырын мага айткансыйт. Бирок

ал — айбан, мен — адам, экөөбүздүн ортобузда акыл алмаштыруучу тил жок. Эртеден кечке аракет кылгансып, жашоо турмушун ойлоййм да олтурам. Итим да менин оюма көз салуучудай, алыска көз жиберип мандай жагыбыздагы асман тиреп, көз мелжиткен бийик зоону тиктеп, бир нерсени көргөндөй болот да, арсарс үрүп, шыйпаңдап тим болот. Мен да көк тиреген зоонун боорундагы арсак бодурлардын арасына көз жиберип, бир нерсе көрүнөбү деген үмүттө болом. Бирок, менин ал үмүтүм орундабагансып, көзүмө эчтеке чалынбайт да, үмүт үзөм.

Биздин күнүмдүк бактыбызга жаралгансыган, биз турган тектирченин күн чыгыш жагындагы зооканын боорунан жылжып агып жаткан кичине булактан суу ичем да, үнөмдүк менен тамак жейм. Кагырап каткан сухарды суугa бир кесимден салып, бир маал наар аламын да, итиме да бир маал наар алдырып, тамак берем. Шардагы үйүмө түнкүсүн кирип жатсам да, күндүзгүсүн бул арадан кутулуу аракетинде болом.

Бирок мага жардам берүүчү бирөө да болбоду. Ойлоном, санаага түшөм, кутулуу жолун таба албайм. Таң атат, күн батат, мен күн сайын аракетте болом. Албетте, канчалык аракеттенбейин, канчалык ойлонбоюн, мен ал жерден оңойлук менен кутулбай турганмын. Менде курал да жок, жалгыз гана бир бычагым бар. Анын кыры менен оттук ташты чактым. От кыпыны пайда болду. Аны пахтага тутанттым. Бирок күйүү буюму болбогондуктан, мен от аркылуу курал жасоо максатымды да таштадым. Мына мындай кырсыктар менден кетпей турган болду. Күндөр өтүп жатты, азыгым да азайды. Мен эчен аракет кылсам да, эчен акыл ойлоп, ой жүгүртсөм да, бул кыйынчылыктан кутулуунун амалын таба албадым. Жашап турган жерибизге эч бир адамзат барбаган. Жалгыз гана учкан канаттуулар бир аз коно калып, кайта учуп кетишет.

Мына ушундай абалда турушубузга он күн болуп калды. Он күндүн ичинде табияттын туткунунан бошонуп чыгуу акылын таба албадым. Эчен капага түшөм. Бир күнү ойлой-ойлой акыл таптым. Итимди кандай да болсо ушул зоодон чыгаруу максат болду. Бир күнү турган зоонун боорундагы тектирченин батыш жак жээгинен оңтойлуурак, суунун жээгине түшүүчү бир издитке көргөзүп, эмне болсоң ошол бол деп, итимди кол шилтеп, божомол жаңдоолор менен жолго түшүрдүм, ит да менин сөзүмдү түшүнгөнсүп, зоонун боорундагы жолчо менен тырбалаңдап тырышып, бутунун тырмактарын ташка мадагансып жүрүп олтуруп, суунун боюна эптеп жетип, мени карап үрүп-үрүп, узак жолго түштүм дегендей жок болду.

Мен да бир нерсени унуткансып, итке карап ойлонуп кала бердим. Менин ал оюм болсо, кат жазып туруп, иттин мойнуна байлап, белгисиз жолго салуу эле. Бирок бул оюмду унутканмын.

Тоонун башынан кылайып алтын нурун жерге сепкенсип, күлүңдөгөн күн мага таң калгандай болот да, төрт саат чамасында мен турган жерге нурун чачып, асман тиреген тоонун ар жагына жашырынат. Аскалуу зоонун боорунда мен гана жалгыз калдым.

Итимдин кеткенине бир топ күндөр болуп калды. Бирок эчен күндөр өтсө да, иттен кабар жок.

Кантип кутулсам деген ой бул арада мени басат да турат. Мына ушундай абалда ойго батып, санаага чумулуп, алды жагымдагы агып жаткан азоо сууга көзүмдү жиберип отурдум. Аңгыча маңдай жагымдагы чоң зоонун этек жагынан арбаңдап качып бара жаткан бугунун артынан түшүп, тынымсыз созулуп бара жаткан көзгө чоочун бир айбан көрүндү.

Бул кандай айбан экендиги азырынча белгисиз. Баягы бугуну кууган айбан, арылап узай түштү да, көзгө илээшпей жок болду. Мына менин биринчи айбан көрүшүм.

Бир күнү азыгымды эсептесем, орто эсеп менен 10 күнгө гана жетерлик калыптыр.

Мен азыгымды түгөткөндөн кийин эмне кылмакчымын, кандайча айла болмокчу. Чөп жеп тамактанамбы, же тамак бүтүп, чын эле өлүм коркунучунда каламбы. Кантем, мен бул даражага эмнеге туш келдим? Жарамсыз шар жасап, асмандап калың катарланган абага эмнеге учтум? — дейм да, өзүмдү өзүм кылмыштуу деп ойлоймун.

Мына ушунтип оор абалда жаш жандын айласын таба албай турганымда, жогору жагымдан иттин дабышы угулгандай болду. Сүйүнүч кирди. Бир маалда жогору жагымда шагырап кулаган майда таш аралаш кумдун шыгырап эшилип жаткандыгы көзүмө көрүнө түштү. Аңгыча жогору жактан эрбең-сербең көзгө илээшип, бир нерсе көрүнүп, ылдый карай кулап келе жатты. Бул кандайдыр бир жактан бир нерсенин запкысы тийип, кулаган жапайы айбан болуп чыкты. Ал айбанга жакындап барып, аркайган эки мүйүзүнөн тарттым. Ал тоо эчкинин токтолгон текеси болгондон кийин менин алым жетпеди, аны ордунан кыймылдата албадым. Бирок эптеп жатып жылдырып, көк чөптүү жерге алып келдим.

Мен бул кийикке таң калдым да, бирөө аттыбы, эмне кылды экен дегенсип, ар жак, бер жагын карадым. Анын арткы бутунун санынан шүүшүн кан чыгып жаткандыгын байкап, акырын колум менен кармап көрдүм. Анын бутунун сынгандыгы сезилди. Бул мен үчүн азык болот деп сүйүндүм. Аны союп, этин катыра баштадым. Азык да табылды. Өткөндөгү иттин үнү эмнегедир угулбай калышына таң калам.

Бир күнү өткөндөгү окуяны ойго салып, өзүмдүн турган аянтчамдын суу жак чекесине келдим да, бир чоң таштын үстүнө чыгып, айлана тегерегиме көз жиберип карап турдум. Бир маалда ар жактагы асканын боорунан, бир чоң үңкүрдүн оозунан бир нерсе башын чыгарып мени карайт да, кыйшайып өңүлгөндөй болот. Бул эмне балакети болду деп чочуп, баягыга көз сала баштадым. Бирок анын эмне экендигин билбедим, себеби, анын жалгыз гана башынан башка эч бир денеси көрүнбөдү. Айла куруп, жүрөктү коркунуч басты. Мен чоң таштын түбүнө барып жаттым да, уйкуга кеттим.

Күн бүркөк, жер караңгы, зоонун боoруна уюлгуп келип тий-

ген ышкырган карандай шамал. Мени коркунуч баскан, шамалга муңумду айткансып, кара таштын үстүндө олтурам. Аңгыча, замбирегин аткансып, чагылган жаркылдап, нөшөрлөп төккөн кара жамгыр куйду да турду. Асты жакта арыштап, таштан ташка тийип, экиленип агып жаткан суу бул арада кызыл кочкул болуп жатты. Менин жанымдагы жылжып агып жаткан кичине тунук булакча да, кызыл кочкул болуп ашып-ташып, шарылдап, аскадан түшүп, алды жактагы чоң сууга кошулат да, белгисиз узак жолуна түшкөндөй болот. Менин турган аянтчама жогорку жактагы зоодон шаркырап куюп жаткан жамгырдын суулары мени эчен коркунучка түшүрдү. Бир маалда аянтчамдын суу жак чекесинин бир бөлүгү күп деп көчүп, алдыдагы агып жаткан сууга түшкөндөй болду. Мени коркунуч үстүнө коркунуч басты.

Төгүп жаткан жаан бир аз токтолгонсуп, себелей баштады. Мен да бир аз эсимди жыйып чоң кара таштын далдаасынан башымды чыгарып, түнкү болуп жаткан табият окуяларын байкадым.

Мен эртеси, урап сууга кеткен аянтчамдын бир бөлүгүн байкап карасам, тең жарымы ураган бойдон сууга кеткен экен.

Мага жардам кылар итимдин менден бөлүнүп кеткендигине 23—24 күн чамаларында болсо да, ушул күнгө чейин кайрылып бир белги берүүгө жарабагандыгына капа болом. Менин аз убакытка жетүүчү белгисиз жерден кулап келген тоо текенин эти да түгөнүп калды. Ал тоо текенин этин эсептеп келгенде, араң гана 7—8 күнгө жетерлик. Менин азыркы учурум, азыркы күн көрүүм азырынча ушул гана болду. Менин бул белгисиз жерге келип түшкөндүгүмө мына бүгүн эки ай, үч күн болгон экен. Ошончо убакыттар өтсө да, менин ойлогон оюм, кылган аракеттерим мен үчүн пайдасыз болуп чыкты.

Менде белгилүү курал-жабдык болсо, мындай табияттын туткунунан кутуларыма шек болбос эле. Бирок менде куралдын болбогондугу, жердин тарлыгы — дүйнө жарыгын бүгүн көрөм, эртең көрөм менен гана «жашоодон» үмүт үзүп, айла табылбай амал бүтө тургандай болду. Эки ай, үч күндөн бери менин алым кетип, жардамдашар нерсе жок, күн бүткөнсүп көрүнөт.

Мен эмне үчүн мындай окуяга туш келдим экен? — деп ойлоймун.

Менин абалым ушундай болду. Бир күнү болгондорду санап, күндөр алга жылып, азык азайганын ойлоп олтуруп, оор уйкуга кетип да калыпмын. Бир маалда күшүлдөп, колумду жалаган бир нерсени сездим. Кандайдыр, уйкудан ойгонуп, көзүмдү ачтым. Мандайымда, көзү мага карап кадалган бир нерсе турат, бул кандай нерсе, билбейм, чочуган бойдон чындап, маңдайымдагы арсайган жүндүү айбанга көзүмдү жибердим. Ал мага белгилүү аюу болуп чыкты!

Мен анын кайдан келгенин биле албай, кантейин, экинчи кайгыга үчүнчү кайгы кошулуп, маңдайымдагы апсайган жырткычтан кантип кутуларымды билбедим. Ал мага көз жиберип, ырсайган жырткыч тишин арсайтып, алдыңкы эки колундагы тырмакта-

рын чыгарып, жүнүн сапсайтып, белгисиз жактан пайда болгон менин денеме ырайымсыз кара тумшугун матыруучудай, тырмагын денеге кадачудай болуп, бетимди көздөй оозун араандай ачып турду. Мен калпагымды чүмкөй кийип күнөөлүү немедей, башымды ташка төшөп, дармансыз эмне кылар амалын таба албай туруп калдым.

Ачуулуу, зоо жаңырткан үн менен аюу бир бакырды да, чапчып алды. «Ай, өмүр, кантесиң?» — деген ой-санаа жүгүрүп, акылым айраң, эсим дал болду.

Кандайдыр, калың кайгыга батып, аюу чапчыганда кийимден өтүп, денеге матырылган уулуу тырмагы мени бир азапка салчудай болот. Капалуу түр менен башымды көтөрүүгө аракеттендим. Бирок аюу али бул арадан кете элек экен. Менин эки-үч айдан берки жашап, күн көрүп турган аянтчамды бүт шимшилеп кыдырып чыкты. 6—7 күнгө жетерлик кургатып койгон тоо текенин эти чоң таштын түбүндө эле.

Аны аюунун жыттуу мурду чалып калдыбы. Менин өмүрлүк үмүт кылып, жан сактоочу азыгымды барып жей баштады. Кантейин, дарман кылар эчтекем жок. Кол кыска, ал жырткычка каршы туруугa кубатым жетпейт. Жашоонун акыркы күнү, акыркы түнү деген ой менен асманды карап, көзүмдөгү мончоктогон жашты кылгырттым да, кыймылсыз жаттым. Бир маалда, менин азыктарымды жеп бүткөндөн кийин, аюу кайрылып мени көздөй бет алды. Мен көзүмдү жумдум да, демимди ичке тартып, кыймылсыз абалга келе түшүп, сулк жатып калдым. Акырындык менен мени көздөй басып келип, бир нече ирет кулак-мурдумдан бери жыттагылап, ысык канга тумшугун малуучудай болуп туруп калды. Эмне кылар айламды таба албай калдым. Айла кетти, акыркы гана амалды колдонуп көрбөсөм боло турган көрүнбөдү. Андыктан, курумдагы бычагымды алып, колума камдай кармап, калыбымдай чардандап жата бердим. Жок, болбоду, кайрадан мурдубашымды жыттагылай баштады.

Кандайдыр колума, кармаган бычак менен бет жагына уруп калдым. Чаңырып алды да, менден бөлүнө түшүп, жалама зоо боорундагы бир из менен тырмышып жүрүп олтурду да, баягы, белгисиз айбан башын чыгарган үңкүргө кирди да кетти. Мен дармансыз жаш өмүр өтүп, күн бүттү го деген санаа менен ал-күчсүз темтеңдеп турдум да, аюунун калтырган тарпына бардым. Мен 6—7 күнгө жетет деген тоо текенин катырылган санынан бул учурда бир күнгө да жетерлик калбаптыр. Эми айла куруду, ал кетти, көз тунарды.

Менин наар татпаганыма бүгүн эки күн болду. Мына, менин 6—7 күнгө жетерлик тамагымды аюу жеп кеткенден кийин, мен тамак бетин көрбөдүм.

Кеч кирип, асмандан жылдыздар бирин-серин көрүнө баштаган убагы. Айла кеткендей болуп, маңдай жагымдагы мага беттешкен зоого муңумду айткансып, көзүмдү бирде ачып, бирде жумуп коём да, ачкалыктын айынан «кантем» деген сөздүн түбүнө жетип, чече албастан олтура бердим. Анын үстүнө, өткөндө аюунун тыр-

магы арка жагымды жаралаитkан. Бул да экинчи жагынан кошул-ташыл болот. Бир маалда негедир, колумду жумшак тили менен жалаган бир нерседен чочугансып, көзүмдү ачтым.

Мен ал арада калың уйкуга кирип калган экемин. Карасам, маңдайымда бетме-бет өзүмдүн итим турат. Таанымал дабышы менен үн чыгарып кыңшылап, куйругун шыйпаңдатты да, сагынычтуу үн менен ташка жөлөнүп жаткан мага эркелей кетти. Мен кандайча келгендигине аябай таң калдым, көзүмдү чоң ачсам, асмандан тийген айдын ачык нуру мени сүйгөндөй болду.

Бир аздан кийин итимдин үстүндөгү артылуу таңылчакты түшүрүп, аны ачып карай баштадым. Таңылчактын ооз жагына салынган эки барак кагаз колума келип урунду. Мен ал кагазды айдын жарыгына салып, андагы болгон сөздү окууга кириштим. Бирок ай жарыгы кат окууга жетишерлик боло албады. Мен ал эки барак кагазга жазылган жазуунун башындагы «Уулум» деген гана сөздү арандан зорго окудум. «Уулум» деген сөздү окугандан кийин, калган сөздөрдүн жана каттын кайдан келгендиги белгилүү болду. Катты бүктөп, чөнтөгүмө салдым да, таңылчакты кайрадан оодара баштадым. Ал 5 килограмм салмагындагы таңылчакта төмөндөгүдөй буюмдар бар экен. 1 килограммдай таттуу нан, 1 килограммдай момпосуй жана калганы ошол сыяктуу тамак болуп чыкты.

Таң атты, мен эки баракка жазылган катты окуй баштадым. Анын кыскача мазмуну мындай экен:

**Уулум!**

Сенин шар жасап, асманга көтөрүлгөнүңө бүгүн 92 күн болот. Мына ошол 92 күндөн бери сенин кайда экениңди биле албадык. Сенден мурун көккө учурган итиң бүгүн келди. Биз бир аз балам келер бекен, аман бекен деген ойдо болдук. Бирок итиң жаман карып тартып, арыктап калыптыр. Ал келер замат кыңшылап жиберди, чыдатпай койду, акырында анча-мынча азык артып, кайда барар экен деп коё бердик.

Билбейбиз, сага барар бекен, же башкага барар бекен. Ошентсе да, иттин аман келишинен улам, балама барар деген үмүттөболобуз. Ким билет, балам өлүүсүңбү, тирүүсүңбү? Кайда экениң белгилүү болсо, биз жактан жардам болор эле. Бирок айбан кыңшылагандан башка эч белги бере албады. Ошондой болгондон кийин, мына азыр узатып, кат жазып олтурабыз» — деп, каттын аягына «атаңдан» деп коюптур.

Мына бул катты окуганымдан кийин, иттин үйгө баргандыгы сезилди. Үй менен кабарлашкан итим келгенден кийин, мындан ары жашоо бар экендигин сездим. Бирок итим менден ажырап, жол тартып кеткенине бүгүн 29 күн болду. Ошол 29 күн ичинде алыс жол басып келгени айкындалды.

Мен итти бир аз күн эс алдырып, аны кайта жиберүүнү ойлодум. Мен ал максатыма кириштим. 4 күн болот дегенде итимди

кайта жиберүүгө кириштим. Кат жазмак болдум. Бирок менде кагаз, калем сыяктуудан эч нерсе жок эле. Бир айла таап, кок чөп менен үйдөн келген каттын аркасына жаздым. Ал кок чөп менен жазган жазуумдун кээ бир жерлери билинбей да калды.

Ал катты мындай деп жаздым эле:

### Баладан кат

«Мен болсом, эки жагы аска, алды күрүлдөгөн чоң суулуу зоонун боорунда, бөтөнчө бир кичине тектирчеде турам. Азырынча күн көрүү бар. Бирок ал кичине тектирчени суу алып кетсе, же урап көчкү жүрсө, анда жашоо деген жок болот. Мен шар менен учуп жогоруга чыккандан кийин, ал шар менен ылдыйлап отуруп, азыркы турган жериме келип түш болдум. Менин бул жерде жашап турушума үч айдан ашты. Бул жашаган жердин кайсы жер экендиги жана мен кайсы жерде экенимди биле албайм. Бирок иттин барып келишине караганда, баарыбыз эле бир материктин үстүндө турат окшойбуз. Себеби, башка материк болуп суу, деңиз, көл аркылуу барса, иттин түшүп өтөр кемеси болбогондон кийин, силерге кайдан барып келсин. Кыскасы, иттин барары менен бир жардамыңарды көргөзгүлө!

Кат жазуучу балаңар»,— дедим.

Катты чүпүрөккө ороп, иттин мойнуна бекем байлап туруп, жолуна түшүрдүм. Итим да мени менен коштошкондой болду. Ит суунун жээгине түшөр замат, мени карап бир-эки, үч үргөн сыяктуу болду да, көздөн кайым болду.

Менде андай үмүт болгондон кийин, көп капарыма албай, иттин экинчи келишин күтүп жүрө бердим. Бирок кутулуу аракетинде болом. Ошондой болсо да, үйдөн жардам күтүүгө туура келди. Мендеги бир коркунуч — өткөндөгү аюу жана жаан эле. Мен андай убактылуу жоодон коргонуунун аракетин кыла баштадым. Бирок менде курал болбогондуктан, канча аракеттенсем да, натыйжасыз чыга берүүчү болду. Натыйжасыз болсо да, менин көпчүлүк эрмегим — эмгектенүүдөн башка эч кандай бошко өткөн убактым болбоду, көбүнчө өткөндөгү келген аюунун жолун бекитүүнүн аракетинде болдум. Анын жолуна таш коюп тосо баштадым.

Экинчи жумушум; өзүмдүн жашаган аянтчамдын орто ченинен агып жаткан булактын кырына таш тизе баштадым. Себеби күн катуу жааган учурларда, суу көбөйгөндө арыктын кыруусунан ашып, аянтчамды бүт каптап кетпестей кылдым.

Бир күнү; «ай, аска-зоо, адыр-тоо, сенден качан кутулуп, кол берип коштошор экенмин» деген ойго чумуп, эки жагымды карап, алыс жактарды абайлап, эчен укмуштуу зоолордун бооруна көз жиберип олтурат элем. Бир маалда турган аянтчамдын ар жак жанындагы бир борчуктун төбө жагында, мага көз жиберип олтурган көзгө чоочун, түрлөрү башка айбандар олтурушат. Алар мени карагандай болушат. Мен аларга көз жиберип тигиле кара-

дым. Булардын көз карашы, көзгө чоочундугу, мага бир келип беттешүүчүдөй көрүнөт. Үн чыгарып кыйкырайын дейм, андан корком, себеби, адам баласынын үнүн укпагандар менин үнүмдү укса, жетип келип, бир балаа кылбасын дейм. Алар көп, мен жалгыз. Алардын баарынын көзү менден бөлүнбөйт. Мага алардын андай турушу, андай көз жиберип карашы чоң коркунучка алып келет.

Бир маалда зоонун боору менен тырышып, ар бир борчук таштарга жармашып, мени көздөй түшө башташты. «Кандай балаасы дагы туш келди экен!» — деген ойдо болуп, мени коркунуч басты. Бирок менде жалгыз бычагым жана таштан башка колумда эч бир жабдык жок. Жанагы айбандар мага бет алгандан бет алышып, жакындап келишти.

Алардын саны 15 тен кем эмес. Алар жакындаган сайын мени коркунуч басат. Азыраак убакыт өтпөй эле, тектирчеге зоодон секирип түшө баштašты. Мен аларга каршы күч камдоочудай, эки колума эки таш алып, ордумдан турдум. Алар да мага жакындагандан жакындай берди. Аңгыча 15 тей чоочун, адам менен таанышсыз айбандар мени тегеректеди да калды. Кээ бирөөлөрү көздөрүн бакырайтып, жүнүн үрпөйтүшүп, тишин чыгарып ырылдашат. Кээ бирөөлөрү жарып салам дегендей обдулушат. Кичирээктери, чоңдору обдулса обдулуп, турса туруп калат. Кээ бирөөлөрү көк, эки-экиден алышып, шибер чөпкө оонап калышат. Кыскасы, булардын көз караштары ар бириники ар башка. Мен алардын ортосунда эки ташты эки колума уучтаган бойдон турдум.

Аңгыча бирөө ырылдап келип, арка жагыма асыла кетти! Ал асылганын көргөндө калгандары турчубу, жапырт гана талай баштады. Кээ бирөөлөрүнүн тырмактары кийимден өтүп, сөөгүмө жеткендей болот. Кээ бирөөлөрү ырсыйган жырткыч тиши менен тыткылап тиштеп, тартып жатат. Мен эми өлдүм деп, колума кармаган бычагым менен далайын жараланттым.

Мен аларга алымдын жетерлигин чындап сезгендей болдум, себеби алардын чоңдугу мышыктай эле. Бирок алар өжөр жана жырткыч эмеспи, кийимиме жабышып тыткылай баштады. Мен алардын мойнун бурап, күркүрөп агып жаткан чоң сууну көздөй ыргыта баштадым, ыргыткандарым ачуулуу заар үнү менен чыңырып, сууга күп эле түшүп, дымсыз агып кетип жатты. Калгандары мага дагы эле тырмышып жатат.

Мен алардын ичинен үчөөнү уруп жыктым. Бешөөнү сууга ыргыттым. Калган эки-үчөө өтүгүмө, далы ортомо жабышып жүрүшөт. Дагы калгандары бата алышпай ырылдап, мени тегеренет да турушат. Мени кыйнагандар далы ортомо жабышкандар болду. Алардын ачылуу тырмагы, ырайымсыз тиши кийимден өтүп, денени майыштыргандай болду. Бирок аларды да акырындык менен жайлап жаттым. Бул жырткыч айбандардын денеге матырган тырмагы жана кирген тиштери бир топ оорчулукту келтирди.

Мен бул коркунучтан да кутулдум. Бир аз эс алгандай болдум. Итимдин аман-эсен үйгө жетип, бир жардам кылышын тиледим. Аңгыча асмандан куушурулуп келе жаткан бир караан бет-

ме-бет көзүмө чалына түштү. Бул кандай эме дегендей селт этип, баягы карaанга көзүм тигиле түштү. Аңгыча ал караан да жакындап кирип келди.

Бул дагы мага кастыгын тиккен канаттуу жырткычтан болуп чыкты. Мен андан кандайча кутуларымды билбей, бир топко ойлоно түштүм да, жанымдагы таштын түбүнө жата калдым.

Таш түбүндө жата калган мага келип тийбестен, ташты тепти да, кайрылып көкөлөп жогоруга чыкты. Ал белгисиз канаттуу жолго түшкөндөй болуп, көзгө илээшпей сызган бойдон жок болду. Мындай эбегейсиз чоң канаттууну биринчи көрүшүм ушул болду. Мен мындай көзгө чоочун эчен айбандарды көргөндөн кийин, мындай жерге жалгыз жан сактап тургандыгыма таң калгандай болдум. Чынында эле бул жерде жалгыз жан сактап турган мен элем. Асмандан орун алгансып дүйнө жүзүн бүт көрүп жана эки зоонун ортосунда жашаган мага таң калгансыган, асманда жайнаган миң-миллион жылдыздар турат. Ай да он бешине толгонсуп, капчыгайлуу эки зоонун боорунда кичине тектирчедеги жерде жан сактап турган мага негедир кандай жан элең деген сыяктуу жарык нурун чачыратып, бийик зоонун башынан чыгып келди. Мен да санаага батып, өзүмө өзүм таң калгандай болуп, жерден таш алдым да, алды жагымда күркүрөп, тынымсыз агып жаткан сууга ыргытып, эрмек кылгандай болом.

Кез-кезде эки оттук ташты бири-бирине уруштуруп, от чыгарып жаркылдатам. Албетте, менин бир нече айлар, күндөр бою эрмек кылуучу эч нерсем да болбоду. Ал гана эмес, адам жүзүн жана өз жүзүмдү да көрө албайм. Кезек-кезек гана агып жаткан булактын тунук жерине барып, суудан өз өңүмдү карайм. Бирок ал суу аркылуу көргөн өз өңүм өзүмө чоочун көрүнгөндөй болот. Албетте, менин өңүмдүн өзгөрүшү да эп боло турган иштердин бири эле, себеби менин чачым өскөн, кийимим жыртылган жана башка табияттын шарты, аба ырайы менин өңүмдү өзгөртүп жиберүүгө себепкер болууга тийиш.

Мен ушундай шарттар менен өзгөрсөм, өзгөрүлгөн чыгармын деген сыяктандым. Кыскасы таңдын атышы, күндүн батышы бир күнкүсү бир жылдай болуп тура берди, бат эле ушул күндөн кутулсам экен деген үмүттө болом. Албетте, 30 күн чамасында менин итим аман болсо бир кабар жеткирери шек жок иштин бири эле.

Таң аткан, бирок күн бүркөк, көзгө сайса көрүнгүс, туман менен тунжурайт да турат. Мен андай күндүн бүркөгүнөн катуу коркунучта болом. Себеби өткөндөгүдөй жашап турган аянтчамдын калган жерлерин жаандын суусу агызып алып кетсе, менин көрүүчү күнүм эмне болмокчу? Мына менин башымды дагы санаа каптай баштады. Кантейин, итимди экинчи жолу үйгө жөнөткөнүмө бүгүн араң гана 15 күн болот. Эгер бир ай чамасында кайрылып келсе, иттин келишине дагы 25 күнчө убакыт керек. «Балким, кырсык болуп, менин итим өлүп калдыбы, эмне болду, анда көрөр күнүм, ичер суум эмне болор экен?» — деген терең санаага батып, түнөрүп, тоо башын курчап турган кара булутка

муңумду айткандай болуп, көзүмдү балбылдатып жата бердим. Калдайган кара булут мээримсизденгендей, анда-санда жаанын себелетип коюп, нөшөрлөп турду. Чындап каарына алуучудай күркүрөп-шаркырап нөшөрлөнгөн кара жамгырын төгө баштады. Мен ордумдан жылып, чоң кара таштын түбүнө барып олтурдум. Айла канча, жаан чындап жааса, мен жашаган аянтчаны бүт бойдон жаандын суусу алып кетүүгө мүмкүн. Эгер бул аянтчаны жаандын суусу эзип, уратып кетсе, менде ал аянтчаны ажыратып калуучу күч жок болчу. Ошондуктан астыдан агып жаткан чоң суунун агымы менен кошо кетүү коркунучу бар эле.

Асманда уюлгуган кара булут көшөрүп, карандай кара жаанды көнөктөп куя берди. Жогору жактан шаркырап түшүп жаткан жаандын суулары менин аянтчама жайыла берди.

Тектирдин ортосунан агып жаткан кичине булак өзүнүн агып жаткан көлөмүнөн бир нече ирет ашып, туптунук булак бул арада кызыл түскө келип, мурунку жылжыган ылдамдыгын таштагансып, алды жактагы чоң сууга күрүлдөп түшүп, кошулуп жатат. «Булагым, кантесиң?» дегендей болуп, башымды көтөрүп, агып жаткан булакты улам карап коём. Ал булактын башындагы күнгө олтуруп, бети-кол жууганым, тамак-аш ичкеним ойго келет. Булактын башындагы көк чөптөр кыян менен агып келген кум менен таштын алдында калып жатат. Аларды көргөндө зээним ого бетер кейигендей болот. Мээримсиз нөшөрлөгөн кара жаан эч тынымсыз төктү да турду.

Бир маалда жаткан ташымдын эки саржандай алыстыгынан бир жик ажырап, ураган бойдон сууга күп дей түштү. Аянтчамдан айрылдым, жалгыз гана жаандан коргологон ташымдын тегереги калды. Чоң суу үстүнө урап барып түшкөн көчкүнү толкундана түшүп, тосуп алгандай болду. Мен жаткан таштын алдынан мурунку аянтчанын барында суунун чеке бели көрүнүүчү эмес эле, азыр болсо, көбүктөгөн чоң суунун бер жак чекеси да көрүнүп калды. Кантейин, муң ичке жыйылгансып, мурунку кичинекей чейрек гектарча көк мейкиндик жер — бул арада сууга кетип, ал тектирдин ордуна көз мелжиткен аска-зоо болуп калды, жалгыз гана бир боору зоого жабышкан чоң кара таштын түбүндө эки саржандай аянтча калды, калганынын баары тең сууга кетти.

Мурунку, суусунумду кандырып, бети-колумду жууп, эс алып, күн көрдүрүп турган суу, мен турган калканычтуу кара таштын ар жак капталынан тик ылдый шаркырап куюлуп жатат. Кыскасы, миң бир капа жаш башты күчөп басып, кантер айланы билбей, амал курган учур. Эгер эптеп турган кара таш зоодон суурулуп куласа, мен таштын алдында каларыма шек жок.

Бул кара жаан жердин денесин жибитип жаап жатканда, зоото жармашкан бөтөнчө кара ташты кулабайт деген да мүмкүн эмес. Чынында бул учурда мен жашоо үмүтүмдү үзгөнсүп турган элем.

Узун санаага батып, күндүн кеч киришин да билбей кала турган болдум. Баш көтөрбөй кара таштын түбүнө гана жата бердим. Албетте, таштын айланасындагы эки-үч саржан аянттан

башка жер жок. Ошондой коркунучта жатсам да, кандайдыр калың уйкуга кирип кетиптирмин. Кыскасы, уктасам уйкумда тынчым жок. Ойгонсом ойгоомдо тынчым жок болуп жаттым. Мен ошондой калың уйку ичинде күндүзгү көргөнүмдү түшүмдө көрүп, коркунуч менен көзүмдү ачамын. Көзүмдү ачып, баш көтөрүп, обдулган жүрөк, коркок көзүм менен алдыда агып жаткан чоң сууга мойнумду созуп, эки жагымды каранамын. Мээримсиз күркүрөгөн чоң суу мага жардам берчүдөй көрүнбөйт, көпкө узабай эле таң атып, күн ачылып калды.

Козголууга дарман жок, кара таштын үңкүрүнөн мойнумду созуп чыгарып, маңдай жактарга көз жиберип жата бердим. Жанымда аз гана тамак бар. Ал тамак итим алып келип берген тамактын калдыгы эле. Жейин десем жүрөгүмө баспайт. Көз тунарат, алыскы жерлерди көрө албайм, жамбашым ооруйт, тура албаймын, турууга жер жок.

Мына ошондой кыйынчылыкта калдым. Алыстан чоң суунун дабышына кошумча дабыш кошулуп, кулагыма бөтөнчө үн пайда боло баштады. Ал үндү айрып тааный албай, таң каламын. Таштын коңулунан башымды чыгарып, эки жакты каранам. Бирок эч нерсе көрүнбөйт. Кайра тынчтанам да жатам. Жок, болбойт, кайрадан кулагыма чоочун дабыш угулат. Дагы башымды көтөрүп, эки жакты карайм. Жок, эч нерсе көрүнбөйт! Кайрадан кулагым суунун дабышынан бөлүнө түшкөн бөтөнчө дабыш угат. Угулган менен эмне экенин ажырата албайм.

Бир маалда таанымалдуу итимдин дабышы кулагыма угула түштү, башымды көтөрүп, келип кеткен жолун карадым. Чын эле итим калыбындай зоо боору менен тырмышып келе жатат. Итти көргөндө денем чымырап, эсим ооп, көзүм тунарып, көзүмдөн чыккан жашты жеңим менен аарчып, кайрадан карадым. Итим чын эле келе жатат. Итимдин кеткенине бүгүн 20 күн болгон. Аңгыча, тектирченин мурунку кулаган чекесине келди да, бери көздөй жүрүүгө жол таба албады. Мен башымды таштын коңулунан чыгарып, итиме көз жибердим. Итим да көптөн бери көрбөгөнгө жана мурунку аянттын ураганына, бир кенедей аянтчада жашап тургандыгыма боору ооругансып, кыңшылап жиберди да, мага жете албай туруп калды. Үстүндө бир таңылчак жүгү бар. Анын көзү менен менин көзүм бетме-бет чагылышты да турду. Ит жол жаман жерде буттарын зоо боорунда бекем матап, коркунучтук менен турат.

Кандайдыр белгисиз жактан бир дабыш жаңыдан пайда боло баштады. Мен ал дабыштын аныгына жете албай, кулагымды тосуп туруп калдым. Итим да башын бир чулгуп алып, чыккан үндү көздөй көз жиберип үрө баштады. Жок, дабыштар чындап көтөрүлө баштады. Көз жеткис, эки жагы аска-зоолуу капчыгай адаттагысындай ал чыккан үндү да, бирге эки кылып экиленте баштады. Мен ал үндүн чыккандыгын биле албай, бир топко кулак тосуп, акыл бөлүп тыңшагандан тыңшаймын, ит ал үндүн кайда экендигин аныктагандай болот. Иттин бет алып үрүшү, көз калкып мелмилдеген зоонун чокусун көздөй багытталат. Аңгыча таштар

урай баштады. Мен ал таштын кулашынан чоку жакта бирөө бардыгын аныктадым.

Аңгыча адамдын дабышы кулагыма чалына түштү. Үңкүрдөн башымды чыгарып карай калдым. Менден 20 метрдей алыстыкта, чынжыр аркылуу зоонун баш жагындагылар менен улашкан ящиктин ичинде бир адам мени карап үн салып, сөз айтты.

Ал адамды таанибайм, белгисиз таштын коңулунан баш чыгарып, мени көздөй жылды да: «Амансыңбы, баатыр?» — деди. Мен да таштын коңулунан башымды чыгарып амандаштым. Аңгыча мен жашап турган чоң кара таштын коңулуна жакындап келди да, колун сунуп, мени көтөрүп ящигине салды. Мен да ал адам менен көрүшүп кучакташтым. Акырындап жылып, итимди да ящикке салып алып, бир нече ай бою жатып, табият туткунунан коштошкондой болуп жана менин жанымды алып калган кара таш менен коштошуп, үчөөбүз ящик менен көтөрүлүп, тартылган зым аркылуу жогору чыга баштадык, зоонун чокусуна жакындап калдык. Ал чокуда менин зоо боорунан чыгышымды күтүп турган үч адам бар экен. Алар да мени менен учурашты. Мен да катамды мойнума алгандай болуп, итиме карап аны эркелеттим. Албетте мен белгилүү даражага жетердик шар менен учсам, мындай кордукту көрбөс элем. Алар да мага таң калышкандай болушат. Итиме айрыкча кубанышат, айбан болсо да алкыш айтышат. Анан болгон окуяны менден таңыркап сурай башташты. Мен дагы көргөнүмдү, билгенимди айтып бердим. Анан алыска жолго чыктык.

Мына, менин башыман өткөн окуянын бир орчундуу жери.



# ҚАСЫМ ҚАИМОВ

Қасым Қаимов 1926-жылы Талас районуна караштуу «Коммунизм» колхозунда туулган.

Қ. Қаимов «Жаш ленинчи» журналында жана «Кыргызстан пионери» газетасында бөлүм башчы, жооптуу секретарь, редактор жана «Чалкан» журналынын редактору, Кыргызстан жазуучулар союзунун секретары болуп иштеген.

Қ. Қаимовдун «Атай», «Талаа жылдызы», «Адашуу», «Кыш ыргактары», деген роман, повесттери бар.

Балдар үчүн «Мектеп жолунда» деген аңгемелер жыйнагын жарыялаган.

## БАЛАПАН

Канаттуулар дүйнөсүнүн сырлары мени ойноо бала чагымдан бери жандырмагы чиеленген табышмактан бетер, көбүрөөк кызыктырат.

Биздин 3—4 үйдөн баш кошкон тепкедей айыл жылдын үч мезгилинде төштүн түбүндөгү ийрилип аккан кара суунун боюнда отурушуп, жайкысын гана бөксө жайлоолорго ташыныша турган. Анда эл колхоздошкон менен кыштакташа элек убак. Биздин үйдүн айланасында жана ага жанаша агып жаткан кара суунун боюнда өйүз-бүйүз өскөн калың дарак ошол айылдын береке-көркүндөй көрүнчү. Ал эми айылдын жарашыгы болгон бак-дарактар түркүн-түркүн куштар менен, өзгөчө, келгиндер келген маалда шаңга бөлөнчү.

Менин чоң атам өлөөрүндө жетимчелерине: «Силерге берер энчим ушул»,— деп тал-теректерин керээз калтырыптыр. Атам

Абдыкалык, иниси Жалил — экөө бак-дарактарын жакшы багышып, эскилерин кесип алышса, жаңыларын өстүрүшүп, маркумдун керээзин көздөрүнүн карегиндей сакташты. Мага жыгачтан көрө ага имерчиктеген ар түрдүү кооз жана таңшып сайраган акын куштар сонун көрүнчү. Менин кубанчым жазгы келгиндердин келишинен башталчу. Адегенде келгин куштардын кабарчысындай болуп жылкычы чымчык жетип келчү. Аны чоң энем башкача тосо турган.

— Сенден мурда мен көрдүм,— деп жылкычы чымчыкка өзүнүн көрөнөөктүгүн баяндап туруп, анан суроо берчү: — Умай энемдин көзү айыктыбы?

Чоң энем андан чын пейли менен сөз сураса да, көйрөңдөнгөн жылкычы чымчык жооп берүүдөн эрингенсип, кейкең-кейкең басып, анан чыйп-чыйп этип учуп кете турган.

— Умай эненин көзү эмне болгон? Чымчык аны кайдан билет? Умай эне деген ким? — деп чоң энеме суроолорду жаадырар элем. Ал эринбей жооп кайтарчу. Анын сөзү мага ишенимдүү угулчу. Жылкычы чымчыктын жооп кайтарбаганы гана Умай эне жөнүндөгү жомоктун чындыгына шек туудурчу. Анын соңунан ар түрдүү сарала моюн чымчыктар келчү. Биз, балдар, баарынан да сайроочу чымчыктарды сүйөр элек. Сасык үпүп жаңы келгенде тамагы бүткөнсүп, кыш-кыш этип, төбө чачын үрпөйтүп, бир нерсени айтууга көп эле ыкластанчу. Бирок бечаранын үнү чыгуучу эмес. Анын соңунан күкүк... Күкүктүн келиши бизге чоң кубаныч эле. Анткени анда жер көгөрүп, бак-дарактар гүлдөп калат. Күкүк да алыскы жолдон үнү кардыгып, сайрай албай, буга өзү да наразы болуп, бактан-бакка учуп-коно бере турган. «Кара жамгыр төгүлмөйүнчө, күкүктүн үнү ачылбайт» — дей турган кары адамдар. Ырас эле кара жамгыр күчөгөн кезде күкүктүн үнү ачылып, күнү-түнү менен сайраар эле.

Кимге күйөөнүн келиши — өзүнчө тамаша. Анын чоңдугу торгойдой, айырмасы эле канат-куйругу узун, мойну койкойгон, сары ала чымчык. Эркеги болсун, ургаачысы болсун «мен кимге күйөө» деп сурайт. Биз анда кимге күйөөнүн баары эркек болот экен го деп ойлоочубуз. Ошондуктан өзүбүздүн курбу кыздарга карап:

— Сен Айшага күйөө, сен Алымканга күйөө,— деп жооп берер элек. Кыздар кадыресе чычалап, биз менен урушууга чейин барчу.

Эң акырында булбулдун келиши турмуштун майрамындай туюлчу. Уккан кулагыбызга алымсынбай, булбулдун өзүн көрүү үчүн бакты керели кечке аралоочубуз. Ошондо королудан москолураак боз чымчыктын таңшып сайраганын байкасак да, ага мындай кебетени эп көрбөй, булбул эмес деп, аны издей берчүбүз...

Бизге жаман көрүнүүчү куштар да жок эмес эле. Алар сагызган, байкуш куш, таранчы жана башкалар. Сагызганды суук көрсөткөн сугалактыгы. Жоор атка жабышып алып, силкинсе да ойбоюна койбой, жонун чокуганы бизди гана эмес, чоң кишилердин да кыжырын кайнатчу. Биз аны көргөн жерден таш менен урар элек. Байкуш кушту кишилер кара ниеттиги үчүн жаман көрүш-

чү. Алар дайыма эски коргон, ээн талаалардын ураган дубалында жүргөндүктөн, адамдардын турак жайлары дайыма бизге артса экен деп тилешет имиш. Биз байкуш куштун тилегине көзүбүз жетпесе да чоң кишилерди туурап, аны да көрүнгөн жерден ташка алчубуз. Ал эми таранчы орула элек арпа-буудайды бүлдүргөндүгү үчүн кыйыгыбызга калчу.

Мага канаттуулардын кайсы бири жакшы, кайсы бири жаман көрүнгөнү менен, алардын кайсынысынын болсо да балапаны сүйкүмдүү учуроочу. Сагызган менен таранчылардын балапаны башка куштардыкынан көрө көп жана оңой табылат. Мен курбуларым менен алгач балапан багууну сагызган менен таранчыдан баштадым.

Ал кезде биздин айылда моок менен өрдөк-казды баккан кыргыз жок болчу. Ал эми ата-энелерибиз менен калаага каттаганда орус менен өзбектердин өрдөк-казы жана тооктору көзгө укмуштуудай сонун көрүнөр эле. Сууда нары-бери сүзүп, канаттарын каккылап, жуунуп-таранып турган аппак каздардан узаганча көзүмдү албоочумун. Ал эми желбиреөчүн салбыраткан кызыл короздор мойнун кержейтип кыйкырганда, кызыкканымдан оозумду ачып селейим калар элем... Мүмкүн биздин айылда үй куштары болбогондуктан, бизге балапан багуу сонун көрүнгөн чыгар.

Эс тарта баштаган кезде таандын балапанын үйрөтө турган болдук. Башка жапайы куштарга караганда чөкө таандын балапаны адамга бат үйүр болуп жана чоңойгондо да качпайт. Бирок балапандар менин колумда эки-үч айдан ашык жашоочу эмес. Көпчүлүгү кайнаган сууга же ысык сүткө түшүп өлчү.

Мен акырында борбаштын балапанын бактым. Анда 2-классты жаңы эле бүткөмүн. Биздин окуу китебибизде «Кыраан борбаш» деген кичинекей жомок бар эле. Жомоктун ээси борбашын кулжага салат. Кыраан борбаш кулжанын эки көзүн чокуп, сокур кылат. Карайлап калган кулжаны ээси оңой эле колго түшүрөт. Биз борбашты кармаганда жомоктогудай кыраан болгой эле деп тиледик. Бирок тилегибизге жетпедик. Борбашты сынаш үчүн биринчи жолу жөрөлгө катарында чымчыкка салганда эле, ал качып кетти.

1935-жылдын жайында менин атам ителгинин балапанын кармап келди. Ителги жалаң мен үчүн эмес, бүткүл айылдын балдары үчүн чоң кубаныч болду. Мына ошондон баштап, биз сагызгандын, таранчынын, таандын балапандарын үйрөтүүнү койдук. Биздин балалык доорубуздун кандайдыр бир жаңы кадамы башталгандай туюлду.

Менин жолдошторумдун баары айылдаштарым эле. Ал убакта биздин айылдар урук-жилигине карай топ-топко бөлүнүшүп отурчу.

Жолдошторум: Асанкул, Даглат, Кудун — биздин үйдөн чыккылары келишпейт. Анан калса ителгинин балапаны да кишиден чоочуркабай, тууруна тыпыйып отуруп, бизге бир нерсени түшүндүрүүчүдөй сапсары ийри тумшугун ачып-жумуп чыйпылдайт. Үнү сүйкүмдүү, жалынычтуу жана аянычтуу. Тыпыйган канаттарын

таранып, өткүр көздөрү менен «силер эмнеге бою-башыңарга карабайсыңар» дегенсип, бизге үңүлө карап коёт. Атам анын бутуна кайыштан боо тагып, боз үйдүн улага жаккы капшытындагы туурдан орун берди. Бул туур үч ачакей арчадан жасалган. Мен эс тартканы ал жайы-кышы биздин үйдөн жоголбойт. Атам ага көбүнчө куш кондуруучу. Эми аны ителгинин балапаны ээледи.

Биз ителгини таранчы жана сагызган менен багабыз. Бара-бара ал малдын жаңы этине көнө баштады.

Жем берерде атам «пө!», «кыйтуу» — деп кыйкырат. Ошондо ителги аны көздөй ыкыс берип, канаттарын далбайта көтөрүп, жаны калбай чыйпылдайт да туурунан учуп, анын колуна конот. Жеми бүткөнчө канатын жыйбай, улам эки жагын карап коюп, шашылып чокуй берет.

Бир аз күндөн кийин ийленген териден жасалган мээлейди колума кийип, мен да балапанга жем берчү болдум.

— Кыйтуу! Пө! — дейм.

Мүнүшкөрдүн айтымына караганда башка жырткыч куштарга караганда бүркүт менен ителгинин табы катуу болот. Бирок балапанынан колдо өскөнү үндөккө бат келет да, тапка оңой үйрөнөт. Бүркүт менен ителги кыйкырык-сүрөөндө жаалына келет. Муну мага атам айтып берген. Ал эми мен колума ителгини кондуруп, сыртка чыкканымда ээрчип алышкан жолдошторума куштарды кантип таптоо керектигин айтып, билгичтигиме таң калтырам. Айылдагы чоң кишилер да мени «Бул тукумун тарткан мүнүшкөр»,— деп тамашалашат. Анткени атам Абдыкалык да, иниси Жалил да кичинекейинде эле кушка ынак экен. Атам 13—14 жашында кыргый салып, кекилик алыптыр. Жалил сегиз жашарында аксарыны тузакка илинтип алып, кадимкидей тапка келтириптир. Баланын тамашасына кызыккан чоң атам ага кара өгүзүн токуп берип:

— Кушуң тапка келди. Бар эми өрдөккө сал,— дейт.

Жалил өгүзгө минип, аксарыны колуна кондуруп, кара сууда сайрандап жаткан көп өрдөккө жетип:

— Ал! — деп кушун ыргытат. Өрдөктөр бир жакка, аксары экинчи жакка карап учат...

— Пө! Пө! — Аксары чакырыкка кайрылбайт. Жалил үйгө ыйлап кайтат... Биздин айылдыктар муну анекдот катары айтышат.

Чоңойгондон кийин атам да, агам да илбээсинге мергенчилик кылышат, куш салышат...

Ителги экөөбүз бири-бирибизге абдан үйрөнүштүк. Мени көргөндө жем берүүгө келдиңби же эрмектешели дейсиңби дегенсип, дайыма чыйпылдап турчу болду. Балдар менен бирге сарымсак терүүгө же саякатка чыкканда аны дайыма кондуруп алам.

Бир күнү Асанкул, Даглат, Кудун — төртөөбүз көгүчкөндүн балапанын алуу үчүн «Сары-Булактын» башына бардык. Бул пикирди Даглат ойлоп тапты. Ал бою пас, арык чырай, бирок тырышчаак бала. Башкабызга караганда талга жана аскага чыгууга маш болчу. Асанкул бизден улуураак болгондугу үчүнбү, ай-

тор, оюндан көрө талашып сүйлөшүүнү, бирөө менен урушууну жакшы көрө турган. Ал тоого баруута балапан алуу үчүн гана макул болду. Эгер балапан табылбаса, биз менен сөзсүз урушмак. Кудун болсо көпчүлүктүн ыркы менен жүрө берген момун бала. Айылдан болжолу үч километрдей узадык. Ителгини асканын көлөкөсүндөгү серойгон таштын үстүнө кондуруп, боосун ташка бастырып коюп, өзүбүз уя издедик. Бир топ убакыт өттү.

— Муну талпынтып, көгүчкөндүн баарын үркүттүң,— деди мага Асанкул. Мен ителгимди талпынтпоо үчүн аны далдаа жерге алып бараткынымда Даглат кыйкырды.

— Мен көгүчкөндүн уясын таптым.

Ителгини ташка кондуруп коюп, Даглатты көздөй жүгүрдүм.

Ошондо боосу бош калган ителги учуп жөнөдү. Мен аны пөпөлөп чакырдым. Ал менин куру колумду билдиби, айтор, мага кылчайбай асманга айланып уча берип, бир маалда белгисиз тарапты көздөй сызды.

Мен үңүлдөп ыйлай баштадым. Даглат мени сооротуу үчүн көгүчкөндүн балапандарынын ичинен тандап туруп эң чоңун мага берди. Менин капамды көгүчкөн баса албады.

— Мындай сонун ителги табылбайт,— деп курбуларым да жолдо катар кейип келишти.

«Эми атама эмне жооп айтам»,— деген суроо маган экинчи жактан кайгы болду. Балким, ал мени мүнүшкөр боло албайсың деп сөгөр бекен же урар бекен деп да чочуймун.

Ичим бук болуп үйгө ыйлап кирдим.

— Сага эмне болду? — дешип, атам менен апам орундарынан тура калышты.

Мен жумган көзүмдү ача албай шолоктодум.

Аңгыча улага жактан күткөнүн көрө койгонунан кубангансып, чыйылдаган ителгинин үнүн угуп, жалт карадым. Ителги ордунда. Жашымды жеңим менен сүртүп алып, ителгиме умтулдум. Менин эмне үчүн ыйлап келгенимди атам менен апам ошондо гана билишти.

Ошондон кийин талаага чыкканда ителгимдин боосун бош коё турган болдум. Ал мени күтүп отурса отурду, болбосо менден мурда үйгө жетип барып, мени тосуп алат.

— Ителги жетилди. Эми аны качан саласың,— деди атам бир күнү.

— Качан салабыз, ыя! — Мен анын өзүнө суроо бердим.

— Эртең.

Мен ошол заматта курбуларыма эртең ителгини салабыз деп кабарлап чыктым. Ителги кандай кыраан болор экен деген ой менен ал түнү жакшы уктай албадым.

Айтылган күнү атам ителгини чала тоют кылып, өз колуна кондуруп, Асанкул, Даглат, Кудун — төртөөбүздү ээрчитип жөнөдү.

Бөксө жайлоонун чөбү саргайып калган кез. Бул убакта кекилик, чил балапандарын учуруп калган, бирок эттери балыр татып турган учур. Атам ителгини таан менен көгүчкөнгө салабыз

деди. Биз, албетте, макулбуз. Иши кылып, ал эмнени болсо да тээп түшүргөнүн көрсөк болгону. Бирок бизге издегенибиз учурабай койгону. Аңгыча эски таш короолордун тегерегинде жүргөн бир топ сасык үпүптөрдү көрдүк.

— Бар, жаныбар,— деп атам ителгини шилтеп калды. Баягы селпектеп жүргөн үпүптөрдүн бытычыты чыгып, короонун коңулуна житип-житип жоголушту. Биз анын качырганына эле жетине албай шаңдуу кыйкырдык. Ителги короонун кырына барып олтуруп калды.

Дагы нарылап жөнөдүк. Бир белестен ашар менен алдыбыздагы борчуктан салпаңдаган бир неме учуп жөнөдү. Атам ителгини шилтеп калды. Баарыбыз чуулдап кыйкырдык. Баягы салпаңдап учкан кушка ителги улам жакындап баратат. Качан тебээр экен деп биз күтүп турабыз. Бир маалда экөө тең эски короонун ичин көздөй куюлушуп түшкөндөй болду. Биз соңунан чуркадык.

Асанкул баарыбыздан мурда жүгүрүп жетти.

— Экөө алышып жатат! — деп кыйкырды.

Жанагы салпаңдап учкан неме байкуш куш экен. Короонун коңулуна жеткизбей ителги тырмак салганда, ал да каяша берип, балтырлашып калыптыр. Атам байкуш куштун көзүн тостойтуп туруп башын жулуп, анын жылуу этин ителгиге чокутту.

— Ушундай болорун билгемин,— деп ар бирөөбүз ителгинин кыраандыгын күн мурунтан билгенибизге мактандык.

Байкуш кушту атам бая жаңы учканда эле таанып, ителгини ага атайылап салыптыр. Себеби, ал байкуш кушту өтө жек көрө турган.

Менин ителгим тырмак алдында ошондой, адамга кыянаттык тилеген зыяндуу кушту алгандыгын укканда ого бетер кубандык...

Биздин үйгө белгилүү мүнүшкөр Кубатбек деген чокчо сакал сары кишинин келишинен кийин ителгим экөөбүз ажыраша турган болдук.

Кубатбектин айтымына караганда жаш ителги табына келе элек. «Табына жетсе карчыганы куткарбас кыраан болот»,— деди. Атам: «Эмесе бул ителгини таптап бер, акысын төлөйм»,— деди. Мүнүшкөр макул болду. Мен аны чоочун кишиге бергим келген жок. Бирок өзүм да шаарга окууга жүрө турган болгондуктан, айласыздан тим болдум.

## МЕКТЕП ЖОЛУНДА

Бекен менен Алик удаа бала. Бекен быйыл экинчи классты бүттү. Алик али мектептин эшигин ача элек. Алик өзүнүн кичүүлүгүнө карабастан дайыма агасына атаандашып жүрөт. Кийимди бирдей киет, таттыны көрсө андан мурда озунат. Эгерде Бекендин колунан жаңы топ, же бир оюнчук көрсө талашат. Бербесе ыйлап отуруп алып коёт. Бирок өзүнүн колуна Бекенде жок буюм тийсе, ага «ичиң, ичиң күйдүбү» деп бербей суктанта баш-

тайт. Бекен биринчи класста окуган жылы Алик суктангандай кадыресе чычалап калучу. Сабакка кызыгып, мектеп турмушуна, жаңы коллективге үйүр болгон сайын Аликке чоңдорчо аёо жана сүйүү сезими менен мамиле кыла баштады. Бирок Алик тентек аны менен эрегишин токтотконн жок.

Жаңы окуу жылына Бекен жай ортосунан камынды. Магазинге барып, өзүнө керектүү окуу китептерди, дептерлерди, ар түрдүү калемдерди, альбом, сызгыч, сыя челек жана башка буюмдарды чогулта баштады. Мунун баары Аликтин көзүн кычыштырды. Ал да Бекенден калбай магазинге кошо чуркап турду. Быйыл Алик 1-класска кире тургандыктан, ата-энелери да аны жөнү менен коё беришти.

Бир күнү Алик көчөдө ойноп жүргөндө Бекен үйгө кирип жуунуп, таза кийимдерин кийип жаткан. Ал чоң күзгүнүн алдында туруп, жаңы эле галстугун байланып жатканда майка, трусычан болуп чаңга аралашкан Алик үйгө жүгүрүп кирди.

— Беке! Беке! Биздин короз менен Чононун корозу урушту. Биздин короз тепкенде, тиги-ии-и... деп шашып, сөзүнүн аягына чыга албай...

— Анан эмне болду?

— Чононун корозу кулап кетти.

Бекен: «Ошондойбу?» — деп, көңүл кош жооп кайтарып, галстугу менен алагды боло берди.

— Чононун корозу жыгылган бойдон тура албай жатат,— деди Алик ага чукул келип. — Бекендин ирециnde таң калуунун белгиси жок болучу. Ал короздун урушунан да маанилүү ишке барчудай көрүндү. Алик агасынын жанына келип, жеңинен тартып, жүр демей болду эле, анын галстук байлап жатканын байкап, каякка барат деген ой менен таңыркап карап калды. Жайкы каникулга чыккандан бери Бекен бир жакка орчундуу иш үчүн барарында гана галстугун тагынчу.

— Бекен, каякка барасың? — Бекен жооп бергенче үстү-үстүнө суроо бере баштады. — Билдим, билдим, пионерлердин сборуна, же китеп алуу үчүн Сарман агайга барасыңбы?

Бекен «жок» дегендей башын чайкады.

— Айтсаң, анан каякка барасың, ыя?

— Магазинге. Китеп сатып алып келем.

Китеп деген сөздү укканда:

— Мен да барам. Мен да барам,— деп Алик сүйүнгөнүнөн секире баштады. — Мен да китеп сатып келем.

— Сен короздоруңдун урушканын көр. Сага китепти мен эле ала келейин.

— Аный, барам эле. Мени ээрчитпейсиңби, ыя? — деди Алик таарынгандай эрдин чормойтуп, көзүнүн кыйыгы менен карап.

— Мен сени короздун тамашасынан чыга албайт экен деп ойлодум эле. Андай болсо жүр.

Бекен таза жуунган, кийимдери да жаңы эле. Алик болсо, майке-трусычан болуп, көчөдө ойноп жүрүп, үйгө жаңы гана келгендиктен, кийими да, денеси да кир болучу.

— Беке, токтой турчу. Мен жаңы шымым менен апам тиккен көйнөктү кийип алайын.

— Анда кечигебиз. Кечиксек магазинчи бизге китеп бербей коёт.

— Магазинчи ачуулуубу? — деген суроосуна «ооба» деп жооп уккандан кийин жоошуп, Алик аны ээрчип жөнөдү.

Аликтин ачуулуу кишиден жалкган жайы бар. Анын оюнча ачуу менен муруттун кандайдыр бир байланышы болууга тийиш. Анткени бая күнү Алик балдар менен арыктын жанында ойноп жүрсө, бир муруттуу киши: «Суунун жыгаанын бузупсуңар»,— деп ачууланып, аларды кубалап жиберген. Кечээ эле бир муруттуу киши төө минип келе жатып: «Ээ бала, жолдон кач. Болбосо төөгө тиштетем»,— деп коркуткан.

Алар магазинге кириште. Анда сатуучу аялдан башка эч ким жок эле. «Магазинчи кайда болду экен» дегенсип, Алик элеңдеп эки жагын карады.

— Мага 3-класстын эне тилин, арифметикасын бериңизчи? — деди Бекен. Сатуучу китептерди карай баштаганда, Алик:

— Магазинчи кайда? — деди Бекенге шыбырап.

— Магазинчи ушул киши.

Сатуучу айтылган китептерди балдардын алдына коюп, Аликти кызыккандай карап турду.

— Эй, кичинекей бала, сен эмнеге келдиң?

— Китеп сатып алууга,— деди Алик.

— Сага кандай китеп керек?

— Эне тили, арифметика...— деп ал быйтыйган манжаларын санай баштады.

Аял күлүп жиберди да:

— Кайсы класста окуйсуң? — деп кайрадан суроо берди.

— Биринчи класста.

«Магазинчи мени шылдыңдап жатат. Мага китеп бербейби? Биз кечигип деле келген жокпуз го» — деп ойлоду Алик. Аңгыча сатуучу:

— Мына сага «Эне тили»,— деп «Алиппе» китебин сунду.

— Бул — «Алиппе». Мага «Эне тили» керек.

Магазинчи каткырып күлүп жиберди да, анын «Алиппени» кайдан биле турганын жана атын сурап калды.

Ошондон кийин дайыма Бекен магазинден китеп алганда, Алик да ээрчип келип жүрдү.

* * *

Бүгүнкү күн Алик үчүн өзгөчө шаңдуу туюлду. Ага эч ким мынчалык көңүл бурчу эмес эле. Аны күндөгүдөн эрте ойготушту. Сууга да Бекен экөө бирге барып жуунушту. Тамакты да бирге олтуруп ичишти. Баарыдан да кийимдеринин окшоштугун айтпайсыңбы?! Экөөнүн тең кийгени кара шым, ак көйнөк. Колдорунда портфель. Аликтин кемчилиги эле: галстугу жок. Ал галстукту апасына кечээ эле жасатып албаганына арманда болду. А, мүмкүн даяры бардыр.

— Апа, мага галстук берчи?

— Сага галстук берилбейт. Себеби, пионерге өтө элексиң,— деди апасы.

— Мен эмне үчүн пионер боло албайм? Мен мектепке бара жатпаймынбы?

— Пионер болууга жашың толо элек.

— Жашым толгондо пионер боломбу?

— Жашың толгондо сөзсүз пионерге алышат,— деди апасы.

Бекен бир колуна портфелин, бир колуна букет алды. Алар жолдо баратканда Семей, Анар, Айгүл жана Чоно кошулду. Чонону көргөндө Аликтин эсине короздордун урушканы келе калды. Бирок алдыда турган заңгыраган ак мектеп көзүнө ысык жана сонун көрүнүп, айтмакчы болгон сөздөрү унутулуп кетти. Ал балдардын арасында үнсүз, мойтоңдоп келе жатты.

Татынакай кийинишкен балдар жана кыздар мектептин айланасында топтошуп, нары-берн басып жүрүшөт. Баарынын жүзүндө кубаныч. Улам бири-бири менен учурашып, кандайдыр бир кызык сөздөрдү сүйлөшүп жатышкансыйт.

Бекен жана анын жолдоштору мектептин дарбазасына жакындаганда, орто бойлуу, сеңселген кара чачтуу жигит алардын бет алдынан чыкты. Ал — директор Сарман агай болучу. Алдында бараткан эки мугалим ага салам айтып, кол берип учурашты. Алик менен Бекен алдыда баратышкан. Бекен букетти сол колуна кармап, агайлар менен биринчи болуп салют берип учурашты.

Алик салют берүүнү билчү эмес. Ошондуктан эмне кылаарын билбей бир аз шашып:

— Саламатсыздарбы?! — деп мугалимдерге бытыйган колун сунду.

— Саламат! Кандай жигит, окууга келдиңби? — дешип мугалимдер күлүп калышты.

— Ооба, биринчи класска келдим...

Дагы нарылап жүрүштү. Бекен быйыл 3-класстан окуйт. Бирок өзүнөн чоң балдар жана кыздар менен учурашып жүргөнүнөн улам, Алик аны баары таанышат экен деп ойлоду.

— Мектептин эшигинин үстү жагында кызыл полотного жазылган чакырык илинип турат. Алик жазууну эжелеп окуй баштады.

— Же-а-ңы-ы-ы...— деп жакшылап урунуштура албай жатканда кимдир бирөө: «Жаңы окуу жылыңар куттуу болсун, балдар!» — деп шар окуп жиберди. Алик аны кылчайып карай, кай жерден көргөнүн тааный албай турганда, Бекен аны жетелеген бойдон залды аралай басты.

Мектептин ичи тышынан да кооз. Стеналарда жол башчылардын портреттери илинген. Тактайлар коңур түстөгү сыр менен тегиз сырдалгандыктан жана таза болгондуктан зымылдап турат. Чоң-чоң терезелери туптунук. Балдар нары-бери басышса же кобурап сүйлөшсө, кош жаңырык менен залдын ичи дүңгүрөйт.

Балдар залга заматта топтолушту.

«Сабак качан башталар экен? Окуу кандай болор экен?» —

деп тынчы кеткен Алик окуучулардын бардыгы бир жерге эмне үчүн чогулушуп жатканын түшүнө албады.

Ангыча Сарман агай баштаган мугалимдер президиумдун столуна келишкенде, балдар жым болуп, жай-жайларына отурушту. Директор ордунан туруп:

— Балдар! Бүгүн 1-сентябрь. Силерди жаңы окуу жылыңар менен куттуктаймын! — дегенде залдын ичи дүркүрөгөн кол чабуу менен жаңыра баштады. Директор жайкы дем алуунун сонун өткөндүгү жөнүндө, көп пионерлер лагерлерде, санаторийлерде, курорттордо дем алгандыктары жөнүндө жана окуучулардын жайкы иштери жөнүндө кыскача айтып берди.

Мугалимдин айткан сөздөрүнүн көпчүлүгүн түшүнбөсө да Алик көңүлдүү отурду. Ал түгүл жанындагы Бекендин качан туруп кеткенин да байкабады. Ал букетин мугалимине тапшырып жатканда гана оруну бош калганын көрдү.

Чогулуш бүтөөрү менен коңгуроо кагылды.

Балдар өз класстарына кире баштады.

— Мен каякка барам? — деди Алик жанына келген Бекенге.

— Сен бул жакка барасың,— деп ак жуумал кыз мойтойгон балдардын тобун көрсөттү. Алик Бекенди карабай, өз жолдошторун көздөй чуркады. Кулактары делдегей, эрди чормойгон Чоно да ошолордун арасында эле. Ал алыстан тааныды. Ана, алар класска кире баштады.

Алик эшиктен аттады.

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ



Ч. Айтматов 1928-жылы Талас өрөөнүндөгү Шекер кыштагында туулган. Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты, Кыргыз ССРинин эл жазуучусу, Париждеги Европалык искусство жана адабият академиясынын академиги, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын академиги, СССР Жогорку советинин депутаты.

«Обон» аттуу биринчи китеби 1959-жылы чыкты. Андан кийин «Жамийла», «Биринчи мугалим», «Ботогөз», «Жаныбарым Гүлсары», «Саманчынын жолу», «Кылымга тете бир күн» сыяктуу роман-повесттерди жарыялады. Чыгармалары көптөгөн чет элдик тилдерге которулган.

Ч. Айтматовдун балдар турмушун чагылдырган «Эрте келген турналар» жана «Атадан калган туяк» деген повесть, аңгемелери бар.

# АТАДАН КАЛГАН ТУЯК

Өз атасын ал биринчи жолу кинодон көрдү. Анда беш-алты жашар эселек чагы.

Бул окуя тээ кыштактын сыртында агарып турган чоң кашарда жүн кыркууда болгон иш. Совхоздун жүн кыркымы жылыга ушул жерде өткөрүлүүчү. Камыш менен жабылган төбөсү кийин шиферге алмаштырылганы болбосо, чоң кашар да ордунда. Адырдан түшө берген этекте, жол боюнда турат.

Мында ал энесин ээрчип ойноп келер эле. Энеси, Жээнгүл, совхоздогу почта бөлүмүнүн телефонисткасы, ар жылы жай баштары менен кыркынчы болуп иштей турган. Аны үчүн Жээнгүл отпускасын алып, ага кошумча кош айдоо, туут маалында эртеден-кечке: «Алоо эле! Алоо!» — деп алоолоп туш-туштан жаба-

лактаган ашыгыш кабарларды, буйруктарды, кала берсе сен-мен деген айтышууларды бирине-бирин токтотпой тезинен байланыштырып, дем алышсыз иштеген күндөрү, түндөрү үчүн убактысын эселеп, кыркын башталары менен аягына чейин күнүн коё бербей келип иштеп жүрчү... Оңой бекен, жан бакмак дегендей, жалгыз бой жесир аял ушуну менен эптеп түзүгүрөөк оокат кылуунун далалатында. Жүн кыркуунун акысы — иштеген эмгегине жараша эмеспи. Көп иштесең — көп, аз иштесең — аз аласың. Кышкы камын Жээнгүл чынында ушул жерден таба турган. Бир үйдө эки жан болсо да, отун-суу, кийим-кечек сыяктуу үй тиричилигинин эсеби бүтөбү... Баласын таштаар кишиси болбогон соң Жээнгүл аны кыркынга ала барар эле.

Ал эми Авалбек үчүн бул мезгил чексиз эркиндиктин доору. Мындай жыргалды ким көрсүн! «Қой-ай» деген киши жок, күн жылуу, алардан короо-короо кой биринин артынан бири айдалып: «Ай, бала! Қайры, тос!» — дешсе шилтеген жакка тызылдата жүгүрүп, араба, машина деген бири келип, бири кетип, ыгы келгенде араба артына жармаша да калып, айтор бака-шака дүйнөнүн кызыгына батып, керели-кечке өзүнө окшоп ээрчий келген балдар менен карала-торала болуп ойногону-ойногон.

Мына ушундай күндөрдүн биринде чоң кашарга көчмө кинонун машинасы келип калса болобу. Аны элден мурун эле Авалбек көрүп, өпкөсү жарылып кете жаздап:

— Қино келди! Тигинекей кино келди! — деп балдардан мурда озунуп, кыркынчыларга кабар салды.

Қино жумуштан кийин башталды. Ошого чейин эч бир чыдамы жетпей, күн кеч кирбей качан эми деп зарыкты, думукту. Қачан болот деп кыңкылдап, энесин да тажатып бүтүрдү. Ушунусуна жараша кино анын тилегин ойдогудай орундатты.

Қино — согуш жөнүндө экен.

Қашардын дубалына илинген аппак кездеменин үстүндө кымгуут салгылашуу жайнап жатып калды. Замбирек снаряддары жер челип, кулак тундура жарылып, удаа-удаа асманга ышкырына сызылган ракеталар түн караңгысын бир оокумга ийне көрүнчүдөй жапжарык тутандыра, боортоктоп жылган чалгынчылар жаткан жерин кулачтай селейип, кара түн, кара жер, кара асман астын-үстүн чатышып, сапырылып жатты. Ал эми пулемёттор жаакташа тытырап ок жаадырчы болсо — баланын жүрөгү алып учуп аптыккан деми колкосуна тыгылат. Мына, согуш деп ушуну айт! Мына согуш десе!

Энеси экөө жүн салынган кендир каптын үстүнө өйдөрөөк чыгып отурушкан эле. Элдин артында болсо да бул тараптан экран жакшы көрүнгөн. Авалбектин өз оюна койгондо, ал сөзсүз так экрандын түбүнө, совхоздон жетип келген өз курдуу балдарга аралашып отурмак. Ошол алдыңкы катарга кетүүгө аракеттенип да көрдү аздап, бирок Жээнгүл анысына көнбөдү:

— Жетет, безерман, керели-кечке дикилдейсиң, отур жаныма,— деп алдына алып, кучактап отурду.

Қиноаппарат лентаны бир калыбында имерип, согуш өз алдын-

ча күчөй берди. Отурган эл көзүн албай дымууда. Так кулак түптө эненин тымызын үшкүрүк тартып, түтөнгөнүн бала сезип жатты. Кээде Жээнгүл селт этип чочуп, алда кайдан чыга келген танканын ок атар оозу аларды көздөй мээлеп бурулганда, уулун бооруна бекемирээк кысып, ок тийип кетчүдөй жалтанып, жымырылып кетет. Жанаша отурган бир аял көргөнүнө ишенбей шыпшынып:

— Кудай сакта э, кудурет, бул эмнеси, кудай сактайгөр! — деп күбүрөнүп, тообасын оозунан түшүрбөдү.

Авалбек деген тигилердей жүрөксүз беле, түк бир коркуп да койгон жок. Ал түгүл ичтен шаттанып да жатты: фашисттер жалп-жалп этип тоголонгондо. Ал эми биздикилер куласа, алар бир аздан кийин туруп кетчүдөй ишенимде болду.

Жо деги согушта жүргөн кишилердин окко учканы өзүнчө бир тамаша. Куду согуш ойногон балдардын жыгылганындай кулашат. Андай кулаганды ал өзү деле эч кимден кем келтирбейт. Чуркап бара жатып, бутка бирөө тепкендей, оңко-чоңко атып сулап калат. Ырас, жер катуу эле болот, тийген жериң аябай эле ачышат. Анткен менен кайра тура калып кайра чабуулга кирсең, ооруган жериңди унутуп каласың. Айырмасы — тигилер дароо тура калбай, бүк түшүп жата берет экен.

Авалбек окко учуунун башкача да түрүн биле турган. Мисалы, айталы ок тийди. Мындай учурда алигидей тапатандан кетиш жарабайт. Адегенде ичти мыкчый кармап, анан бети-башыңды тырыштырып, тишиңди кычыратып, кускуң келгендей эңкейип, улам теңселе берип, анан шалак этип колдон куралды түшүрүп, кийин жыгылыш керек. Мындайда өзү бир аз жата түшүп, жоо, мен өлгөн жокмун деп тура жүгүрүп согушка кириш керек эле. Тигилер болсо турбай жата берет экен. Айырмасы ошол.

Экрандагы салгылашуу улана берди, бул сапар көз алдыга танкаларга ок атар замбирекчилер чыкты. Сыягы, алар бир кармашуудан экинчи кармашууга жер оошторуп жүргөн болуу керек. Замбиректин оозунан түтүнү кетелек, өздөрүн көрсөң сүрүнөн айбыгасың. Туш-туш тарабында жарылып жаткан снаряддарды аралап, от кечип, солдаттар замбиректи бетме-бет тургузуп, танкаларды тике атыш үчүн сүрөп бара жатышты. Азырынча болжолдуу ордуна жетише элек. Ан сайын жан сабалашып, алдыда кездешкен белчеден келген сууга түз эле өтүкчөн, кийимчен жапырт киришип (мен үшүнтсөм апам мени тилдейт эле го деп Авалбек оюна кетип жатты) замбиректин тыгылганына карабай, аны бардык күчүн салышып: «Давай! Давай! Вперёд!» — деп, күрөө тамырлары шишигенче бакырып жатып, акыры, сүйрөп чыгарышты.

Андан ары тик кеткен бет экен. Терең сайдын капталы асмандын жарымын калкалагансып жатты. Ошол чалкыган боз капталга тырмышып, солдаттар замбиректи өргө сүйрөштү. Капталдын бети тигинден-мындан бурк-бурк этип, ок жарылып, уюган кара түтүндөн замбирекчилер бирде көрүнүп, бирде көрүнбөйт. Замбиректи тегеректеп бир жумуру болуп, замбиректин туш-туш жагын ыйыкка салып, колго салып, аны эртерээк сайдан түртүп салууга

далбас уруп жатышты. Алардын ушул чамынган көрүнүшү, каардана тиштенген заардуу түрлөрү, алардын бардык кыймыл-аракети Авалбектин жүрөгүн гүүлдөгөн кызуу канга толтуруп, намысын, жаатын козгоп, кандайдыр бир зор даңазалуу жана коркунучтуу окуянын жакында башталарын билдиргендей, аны эрдентип да, сестентип да ичин бирде ысытып, бирде муздатып жатты.

Замбирекчилер жети-сегиз адам экен. Арасында кебете-иреңи кыргызга окшогон бирөө — а балким, ал тек гана кандаш элдерден чыгар, экранда улам көрсөтүлүп, көзгө жылуу учурай берди. Атам экен деп эч убакытта ойлобос беле, мындай ишти өзү капарына да албас беле... кандай десе болот... Энеси. Баарын энеси кылды.

— Тигиногу сенин атаң,— деп койду ал бир убакта, баланын кулагына шыбырап.

Ушундан баштап жанагы замбирекчи Авалбектин атасы болду. Ушундан баштап кино анын атасы жөнүндөгү киного айланды. Совхоздо эле жүргөн жигиттер курдуу атасы жапжаш неме экен. Тыгырчыгынан келген, тоголок жүздүү, курч тиктеген көздөрү көө, кир болгон бетинде жалт-жалт этип чагылат. Бала анын ачуулуу кабак-кашын, кашкайган тиштерин, башындагы темир каскасын, ыйыгындагы погондорун — баарын тең байкап отурду. Атасы мышыктай чапчаң экенине да баа берди. Мына азыр эле замбиректин дөңгөлөгүн карысына сала тирей берип, өзү артына чап кайрылып, алда кимге катуу кыйкырды: «Снарядды токтотпогула! Тез! Тез!»

— Апа, менин атам ушулбу? — деди бала. Жээнгүл түшүнө бербей:

— Тынч отур. Алаксытпа,— деп койду.

— Менин атам дебедиңби өзүң.

— Ийи ошол. Жөн отурчу деги. Кишилер урушат.

Аттиң десе, эмне үчүн ушинтип айтты болду экен? Көңүлү миң бөлүнүп, согушта мерт болгон теңин эстеп, ошого кайра күйүп, кайра санааркап, оозунан кокус чыгып кетти бекен? Же анчейин эле кайдыгер сүйлөп койду бекен? Же алда кандай кылт эткен оюна алданып, «Тигиногу сенин атаң» дегени, атасы аскерге кеткенде боюнда калып, дүйнөгө көз жарганы, ата дегенди билбеген, укпаган чунак бала кинодон көрүп болсо да элестетип жүрсүн дегениби?

А тиги эси жок энесинин айтканына ошол замат ишенди. Ошол замат сүйүнүп, ошол замат жүрөгү дүкүлдөп, ошол замат атага деген мээрими делебесин козгоду. Жоокер атасы менен кайсы уул мактанбасын. «Мына менин атам!» — деп көңүлүндө мактана кетти. Мына, ата деген ушул. Атасы жок жалгыз деп кордогон балдар эми көрүп алсын! Эми алар тийип гана көрсүн! Ушунда отурган чабандар да билсин, көрсүн. Булар деген кыштыр-жайдыр тоодон түшпөй, совхозго келгенде кимдин баласы ким экенин эч бир тааный койбойт. Кыркынга айдап келген коюн кайрышып, шилтеген жагына жүгүрүп, иттери тиштеше кетсе, иттерин арачалап, ушинтип жардамдашып жүрсө, качан болбосун кармап алып:

сен кимсиң, кайдансың, кай уруктансың дешип, суракка алып жүдөтүшөт. Кайсы гана чабандын көзүнө түшпөсүн, кыя өтпөйт. Ал сөзсүз аны токтотуп алып, сурай баштайт:

— Баракелде, жигит, атың ким?

— Авалбек.

— Кимдин баласысың?

Бул суроого жеткенде Авалбек чекчейип туруп жоопту айтат:

— Мен Токтосундун баласымын!

Чабандар ийнин кысышып, адегенде аңкайып калышат.

— Токтосундун? Коё турчу,— ээрден жакындаша эңкейип кайра такып сурашат. — Кайсы Токтосун?

— Мен Токтосундун баласымын! — деп, тиги да кайра кайталайт. Кишилер сурашса ушинтип айтып жүр деп үйрөтүшкөн. Жээнгүл да, эки көзү көр чоң энеси бар эмеспи, ал анын кулагын чоюп жатып: «Атаңдын атын унутпа, айтып жүр!» — деп абдан дайындаган. Кемпир ачуулуу өзү...

— А-а, тура тур, тура тур, сен алиги почтада тилипон урган келиндин баласы эмессиңби? Айтам да. Ошондой эмеспи, туурабы?

— Жок, мен Токтосундун баласымын! — деп, тиги кайра кайтпай көгөрөт.

Ошондо чабандар бир нерсени туйгандай өз ара жылмайышып:

— Туура, сен Токтосундун баласысың. Бали, атанын уулу деген ушул. Аман бол,— дешет. — Биз сени кантер экен деп сынап жатпайбызбы. Таарынба. Жыл он эки ай тоодобуз, силер болсо мындай чөптөй шуудурап чоңоёт экенсиңер. Бала-чаканы таанybай да калат экенбиз, иши кылып аман болгула.

Ушундан кийин алар дагы өз ара шыбыраша калып, бир аз өткөн соң бала тигиндей ойноп кетти го деген кыяз менен угуза-угуза сүйлөшүп, анын атасы Токтосунду кеп кылышат. Ким эле, кайдан эле, көпкө чейин кабак чытышып, анан барып эстешип, анан барып баш ийкешип, кайран жигит дешип, чырактай жапжаш кетпеди беле фронтко...

— Энеси бирөөгө тийип албайбы, жесир отура береби, жаш башы менен...

— Ал өз иши да. Аны терген кереги эмне. Үмүтү бардыр. Кайдан деп болот. Бул кыяматта өлдү дегендер тирүү калып, келип жатпайбы четинен.

— Ошону айт. Баласы да тестиер болуп калыптыр. Эне имерчиктейт эмеспи мындайда... Кичинесинен шагы сынбасын дейт го...

— Эмнеси болсо да артында туягы бар экен. Мына, а бу дегенче адам болот. Мен баланчанын баласымын деп такылдап турбайбы. Бул да болсо ырыскы, пешенедеги... А бойдок кеткендерибиз канча эле. Канакей, кетти, аты өчтү, изи жоголду...

Чоң кишилердин бул кептерин бирин түшүнсө, бирин түшүнбөй өз алдынча бүдөмүк ойго батып, ата деген кандай болду экен, ал эмне үчүн келбейт деп, ошого ызаланып, туюк санаа көңүлүн оорута турган.

Мына эми ал да аталуу болуп чыкты. Энеси: «Тигиногу сенин атаң», — дегенден бери, экрандагы солдат анын атасы болду.

Ушуга эч шек койбой ишенип, бала атасына чын дили менен жан тартып, эркелеп отурду. Мурда билип-көрбөгөн аталуу балалыктын даамын ал эми оозанды. Атасынын бардык жүргөн-турганын жактырып ичи элжиреп, аны үйдөгү айнектин астында илинип турган өз атасынын сүрөтүнө айнытпай окшоштуруп жатты. Мурду, кашы, көзү бүт эле өзү...

Жан ынтаасы менен тигиле, баланын азыр карап отурганын билгендей, анын атасы да кинодогу учкундай кыска өмүрүндө, өзүн эч убакта эстен кеткистей, кийин баласы сыймыктана тургандай жоокер кайратын кан майданда, эл алдында көрсөттү. Авалбек согуштун оюнчук эмес экенин эми сезди, окко учкан адамдын кулаганы тамаша эмес экенине да көзү жетти. Жоонун түрү каардуу, айбаттуу болуп бара жатты. Азыр эле тапкан атасы кантер экен деп, мына ошондо жакын кишиси үчүн мурда баштан өтпөгөн коркуnuч тууп, ал коркунуч баланын жүрөгүн камады.

Киноаппарат чыртылдап, согуш жүрө берди. Нары жакта каптап келе жаткан танкалар көрүндү. Шакылдаган чоюн каз тамандары удургута топурак шилеп, ок атар тумшуктары алдыга сунулуп, өңгүл-дөңгүл аңызда өйдө-төмөн килеңдеп, болот кийген кара күчтүн күркүрөп келе жатканы сүрдүү да, шаңдуу да. Танкалар көтөргөн чаң алардын артынан ээрчип, кайнап келе жатты. А биздин үркөрдөй болгон топ аскер жалгыз замбирегин сүйрөшүп, ал кезде сай кырына чыгууга жакын калышкан. Аз эле жер калган экен. Аны көрүп Авалбектин дити качып: «Ата, бол эртерээк! Бол. Биртике эле калды. Биртике эле. Карачы, танкалар келе жатат. Танкалар»,— деп атасын шаштырып сүрөп жатты.

Мына замбирек да кырга чыкты. Замбирекчилер аны майда бадалдын четине бура тартышып, танкалардын жолун тороп, ок ата баштаVшты. Бир аздан соң танкалар да ок кайрышты. Алар көп экен. Танкалардын суук түрүнөн үрөй учат...

Атышуу кызыды. Өз кыялында Авалбек атасы менен кошо өрт жалынды аралап, салгылашууда жүргөнсүп жатты. Немецтин танкалары кара түтүнгө чулганып, каз тамандары быркырап, эки көзү оюлган дөөдөй албууттанып, ордунан жылбай калганда, энесинин алдында отурган бала кубанганынан тыбырчылап, туйлап жатты. Ал эми биздин замбирекчилер жарылган снаряддардын сыныгы тийип жыгылганда, бала боюн жыйрып, томсоруп калып отурду. Замбирекчилер четинен кулап, азая берди. Эненин бети ысык жашка нымданып күйүп чыкты.

Киноаппарат бир үндө чыртылдап, согуш жүрүп жатты. Кармашуу күчөдү. Танкалар улам жакындап сүрүп келе берди. Замбиректин калканына далдаланып, Авалбектин атасы телефондун трубкасын кош колдоп кармап, алда эмнелерди заардуу кыйкырып, бакырып жатты. Бирок анын эмне деп жатканы бул алааматта кулакка илешпейт. Балким, ал жардам сурап жаткандыр, балким, жардамга келчү замбиректер мына-мына жетип да келишер, согушта кандай деп болот... Аңгыча дагы бир солдат замби-

рек жанына жалп этти. Мүдүрүлүп кайра турууга умтулуп, жүз төмөнүнөн жыгылды.

Замбиректин жанында эми эки эле киши калды. Авалбектин атасы менен дагы бир солдат. Алар замбиректи токтолбой октоп, бир жолу жана кайтара атууга үлгүрдү. Танкалар аларды кысмакка алды. Замбиректин тушуна жана бир снаряд келип жарылды эле, топурак, таш, кесектерди абага омкоро бүркүп заңк этти. Жерден эми бир гана замбирекчи өйдө турду. Ал Авалбектин атасы: замбирекке жулуна жетип, өзү дүрмөттөп, өзү мээлеп, өзү атты. Бул анын акыркы атышы болду. Жана да келип тийген снаряд, замбиректи талкалап жайлады.

Кан жайылган бир жак ныптасын кармана, Авалбектин атасы теңселип жерден зорго турду. Үстүндөгү кийими түлөп, заарканткан түрү шумдук. Жакындап келе жаткан танканы көздөй гранатаны колго алып, ал тайманбай бет алды. Алдан тайып, кансырап, жыгылып кете жаздап, Авалбектин атасы гранатаны шилтөөгө камданып, бир оокумга кулачын кере туруп калды. Экран анын көрүнүшүн көз алдыга жүгүртүп алып келип такады. Өлүмгө баш койгон жоокердин айбат чачкан ажарынан, жалтанбас кудуретинен: «Токто, фашист!» — деген таш жарган бакырыгынан кино көрүп отургандар дүр дей түштү. Жээнгүл баланын колунан бекем мыкчып жиберди. Бала атасына жетүүгө умтулуп, атасын көздөй жулунду. Дал ошол учурда танканын пулемёт атаар оозунан шалактаган ок төгүлүп, Авалбектин атасы кыйган теректей сулады. Ал эки-үч ала-сала оодарылып кетти, турууга жүткүнүп, анан чалкадан түшүп, эки колун эки жагына таштап жатып калды...

Киноаппарат токтоду, согуш да үзүлдү. Бул бир бөлүктүн аягы эле. Жаңы лентаны аппаратка коюш үчүн киномеханик электрди күйгүзө салды. Кашардын ичи жапжарык боло түшүп, отургандар көздөрүн жумуп, алакан менен басып, кинонун дүйнөсүнөн, согуштун майданынан өз дүйнөсүнө, азыркы өз абалына кайтышты. Ушинтип ал эсин жыя электе кимдир бирөөнүн сүйүнүчтүү кыйкырыгы тынчтыкты жарды:

— Балдар, менин атамдын өлгөнүн көрдүңөрбү? Ал менин атам болчу! Көрдүңөрбү, менин атам...

Кишилер жапырт кайрылып, эмне болуп кеткенин аңдабай, айран-таң болушту. Отурган каптын үстүнөн тоголоно жүгүргөн Авалбек, экрандын жанында, алдыңкы катарда жайланган орток балдарына шаттанып чуркап бара жатты. Алардын пикири ал үчүн баарынан да кымбат болчу. Бир топко чейин кашардагы көпчүлүктүн арасын оңтойсуз жымжырттык басты. Отургандар дале эмне болуп кеткенин туя бербей, бул эси жок баланын эмнеге мынча сүйүнгөнү кишилерге жетпей жатты. Өмүрү атасын көрбөгөн балага бул учурда атасынын өлүмү да мейли кинодо, мейли кандай жагдайда болсо да, анын атасы бардыгын далилдеген майрам эле. Муну эч ким түшүнбөй, баары тең ийнин кагышып, кыжаалат. Киномеханиктин колунан лентанын тунуке кутусу жерге түшүп кетип, каңгыр эте экиге бөлүнүп тоголонду. Эч ким ага кө-

нүл бурган жок, киномеханиктин өзү да тунукелерди ала койбоду. Алардын көзүн кадаганы — Авалбек. Бул Авалбек деген, майданда окко учкан баатырдын баласы, атанын эрдигин, таламын жактап:

— Силер көргөн жоксуңарбы, ошол менин атам болчу. Аны пулемёт менен атпадыбы, ал өлбөдүбү,— деп кишилер унчукпаган сайын күчөп, алардын үн катпаганына ызаланып, булар эмне үчүн менин атамды жактырышпайт, эмне үчүн аны мактапшайт деген ой менен кайта-кайта: «Ал өлбөдүбү. Ал өлбөдүбү!» — деп жатты.

Кимдир бирөө жактырбагандай чырт этти:

— Тек, антип айтпа, оозуңа таш!

— Ал эмнеси экен! — деди ары жактан мойнун созгон чал. — Эмнеси бар экен. Атасы согушта ноопат болгону жалган беле? — Анан унчукпай калып, ылдый карап кобурады. — Атасы эмей, атасы да...

Ошондо мектепте окуп калган балдардын бири чындыкты бетке айтты:

— Ал сенин атаң эмес. Эмне кыйкырасың? Түк да сенин атаң эмес, ал артист. Ишенбесең тигиногу киночунун өзүнөн сура.

Иштин жайын сезе калган эстүү-баштуулар атасыз баланын жасап алган таттуу да, ачуу да алданмасын бүлдүргүсү келбей, жок, ал сенин атаң эмес, башка дегенге оозу барбай, балдардын талашына аралашпады. Кантсе да чындыкты кино алып келген чоочун жигит өзү айтсын дегенчелик кылып, баары тең киномеханикке бет алып, күтүп калышты. Тигил да кийлигишпеди. Аппаратын оңдомуш болуп жатты.

— Жок, ал менин атам болчу, менин атам,— дей берди ызага туталанган Авалбек.

— Кайсынысы эле сенин атаң? Айтчы, кайсынысы эле? — деп алиги окуучу бала да тилин тартпады.

— Сен көргөн жоксуңбу? Менин атам гранатты алып танкага минтип. Анан минтип жыгылбадыбы. — Авалбек боюн жерге таштап, атасынын кандайча окко учканын көрсөттү. Дал өзүндөй келтирип, эки-үч ала-сала оодарылып, анан чалкадан түшүп, экрандын алдында эки колун эки жакка таштап, өлгөн жоокердей жатып калды.

Отургандар айласыздан дуу жарылып күлүп жиберишти:

— Ой, бул артист турбайбы!

— Ой, жоругуң түшкүр!..

Бирок Авалбек күлгөн жок. Былк этпей, баатыр атасынын кейпин кийгендей, ошол калыбында экрандын бери четинде сулап жатты.

Күлкү тыйыла калып, кашардын ичин дагы жүрөк өйүткөн дым басты.

— Э, Жээнгүл,— деди баягы «тообалап» кино көргөн аял. Анын үнү каргылданып, титиреди. — Эмне шал болуп отурасың? Карабайсыңбы, тетиги балаңы.

Эми элдин баары Жээнгүл жакка бурулду. Анын көзүнө жаш

алып, унчукпай эрдин бек кымтып, түз басканын узата караштı. Жээнгүл баланын жанына келди да, аны өйдө тургузду.

— Жүр, балам, жүрөгой. Ошол сенин атаң,— деп акырын айтып, аны колунан жетелеп тышка чыгып кетти.

Ушинтип алар кинону да аягына чейин көрүшкөн жок.

Ай өйдөлөп калган экен. Төбөдө да, капталда да бейкут жылдыздар бейкут бетбагып, бул дүйнөдөн эч бир кабары жоктой — алыста. Бозомук түндүн аралыгында тээ бийикте тунарыңкы агарган зор тоолор да суз. Бери четте совхоздун оттору үлпүлдөп, андан ары өлчөмсүз чоң талаа туңгуюктанып, караңгы көл сыяктуу көшүлүп жатыптыр.

Алар үйүнө кайтып бара жатышты. Энеси унчуккан жок, ал да унчукпады. Бул саатта энеси эмне ойлоп бара жатканын бала билбеди. Тек гана жана көргөн атасын эсинен чыгаралбай, кичинекей муштумдарын кекене түйүп, жанында басып бара жатты. Бүгүнтөн баштап ал ата жолуна түшкөнүн билелек эле, атадан калган жалгыз туяк экенин билелек эле...

## БУГУ ЭНЕ

Бул жомок эзелки окуя.

Атам заманда, жер бетинде чөптөн токой көп, кургак жерден суу көп болуп турган кезде, улуу уруу кыргыз журту Энесай деген өзөндүн боюн жайлап турат. Ал улуу дайра кең өзөн түндүктө Сибирь деген жерден агат. Атчан адам аерге үч жыл, үч ай жол жүрүп араң жетет. Ал дайраны азыр Енисей дешет экен. Илгери кыргыздар Энесай дешчү. Ошондон улам мобул ыр калган:

Энесай, сендей жайкын өзөн барбы,
Энесай, сендей жаркын мекен барбы?
Энесай, сендей кыйын азап барбы,
Энесай, сендей ыйык азат барбы?

Энесай, сендей жайкын өзөн болбос,
Энесай, сендей жаркын мекен болбос!
Энесай, сендей кыйын азап болбос,
Энесай, сендей ыйык азат болбос!

Энесай өзөн ушундай өзөн экен.

Ар уруу эл жашап турат анда, Энесайдын боюнда. Бирин-бири чаап алган, бири-бирин талап алган жоокерчилик заман. Кыргыз уруусун да айлана-тегерете курчап, кас уруулар туруптур. Кыргыздар да кези келгенде аттанып казат жүрүп, касташкан уруунун үйүн өрттөп, күлүн көккө сапырып, элин кырып, жылкысына тийип, малын айдап кетчү экен. Эр өлтүрүү эрдик саналып, кишини киши аябай, адамды адам тукум курут кылмай заман. Адам каны суудай агып, көк кашка суу жошолонуп, ак сары гүл манаттанып, бөрүдөй тытышкан доор экен. Эгин эгип, түшүм жыйнаар, мал багып мергенчиликтен олжо таап келер эр бүлө калбай, эл тукуму сооло берет. Буту менен басып, мурду менен

тынгандын баары тынч эмгекти таштап салып, жоокерчилик, талоончулук менен күн көрүп калыптыр. Өлтүргөндүн өчү бар, төгүлгөн кандын куну бар деген, өчөшкөн тили буруу кырк уруу бирин-бири мойсоп бүтмөйүнчө тынчый албай калган. Кыйын кезең күнгө чыдабай, адамдардын акыл-эси канга уугуп турган экен. Касташканды жараштырар жан чыкпай, душманын капилеттен чаап алган, бөтөн урууну тукум курут кырып, мал-мүлкүн талап алгандар гана кеменгер атыккан экен.

Ошондой кыйын кезең күндөрдө Тайга деген чер токойго бир сыйкырдуу куш пайда болот. Ал жөн сайрабай адамча сүйлөп, бирде ыйлап, бирде ырдап таң атканча: «Алаамат болоор! Алаамат болоор!» — деп сайрап чыкчу болот. Акыры ошол куштун айтканы келип, кыргыздардын башына каран түн түштү.

Ал күнү кыргыз уруусу аза күтүп, эл атасы, журт эгеси, сан колдун башчысы Күлчө баатырдын сөөгүн жерге бергени жаткан. Кол баштап нечен казатта жүрүп соо калган, нечен айгышкан чабыштан жеңиш менен чыккан карт баатыр көрөр күнү, ичер суусу түгөнүп, каза табат. Кыздар кызыл кийинип, катындар кара кийинип, кыргыз эли эки күн аза күтүнүп, үчүнчү күнү баатырдын сөөгүн ата салты боюнча жабыла көтөрүп, Энесайдын боюн бойлотуп, жээктин мизи менен алып өтмөк. Эл анткени — баатырдын чымын жаны көккө учуп кетер алдында Эне болгон өзөн менен, Ата болгон мекен менен коштошуп алсын, тирүүсүндө жоого аттанып баратып, жоону чаап келатып, ушу жээктен ырдап өтчү ырын чымын жаны ырдап кетсин дегени.

Энесай, сендей жайкын өзөн барбы,
Энесай, сендей жаркын мекен барбы?
Энесай, сендей кыйын азап барбы,
Энесай, сендей ыйык азат барбы?

Энесай, сендей жайкын өзөн болбос,
Энесай, сендей жаркын мекен болбос!
Энесай, сендей кыйын азап болбос,
Энесай, сендей ыйык азат болбос!

Баатырдын сөөгү жатар жайы, коёр көрү бийик дөбөнүн чокусунда. Коёр алдында эли баатырдын сөөгүн башынан өөдө көтөрүп төгөрөктүн төрт тарабына көрсөтмөк: «Алдында өзөнүң калды жайкын. Үстүңдө Теңир ээлеген көгүң турат. Өзөктүү өз тукумуң, калың журтуң сөөгүңдү көтөрүп, башын ийип астында турат азалуу. Жаткан жериң жайлуу болсун, топурагың торко болсун!» Ошентип, баатырдын сөөгүн жерге берип, көрүнүн башына өткөндөгү баатыр Ата, баатыр Бабалардын жолун жолдоп, чулу корум таштан Таш-Баба орнотмок.

Эл атасы өлгөндө айыл-айыл болуп андаалап отурган урук-урук кыргыздар жабыла көчүп келип, Энесайдын жээгине кыркаар тартып үй тигип, улуу журт курган. Көк асаба найзаларга кара түпөк байлашып, түндүктөн чыгара аза белгисин коюшкан. Эл анткени — баатырдын сөөгүн алып өтүп бараткада асабатууну баатырга баш ийдирип, кыз-келиндер чурулдап кошок ко-

шуп, уландар жер дүңгүрөтө өкүрүп коштошмок, анан сөөктү ээрчиген элге кошулуп, кийинки үйдүн тушуна жетмек, ал оропарадан да алиги жол-жосун болуп, ошентип дөбөнүн чокусуна дейре чууруп жүрүп отурмак.

Күн күнүмдүк жолуна чыкканда элдин кам-чому да бүткөн. Түпөктүү найзалар сөөк чыгаар ооздо бет катар тизилип, Баатырдын жоо жарактарын алып чыгып, сөөктүн алдынан алып жүрчү чоролор даяр турган. Кара жабуу жабылган баатырдын аргымагы сөөк артынан жетелөөгө белен суулук кемирип, кандуу көбүк булайтып, көзүн акшыйтып, жер чапчып турат. Кернейчилер кернейлерин белендеп, добулбасчылар добулбастарын белендеп, азыр сөөктү алып чыкканда кадимки жоого кирген салтындай кернейлер озондоп, добулбастар дүңкүлдөп, жер жарылар үн чыкмак. Тайга токой чайпалып, канаттуунун баарысы күндүн бетин көрсөтпөй үркүп учмак, жолборстору күркүрөп, камандары коркулдап, туңгуюк черге жите качмак, тоо жаңырып жер көчмөк, өзөн толкуп, алай-дүлөй бороон сокмок. Кошокчулар чачтарын жазып, үн салып, чоролор табытка ийин тосуп, сыңар тизелей уңкуюп отурду. Токойдун четиндеги карагайларда баатырдын кара ашына чалынар төрт түлүк мал тогуздап байланып турду.

Алаамат мына ушунда башталды. Энесайлык кырк уруу эл канча жоолашпасын, эл атасы каза таап, эл башына аза түшкөн күндөрдө бири-бирине кол салчу эмес. Бирок бүгүн салт бузулду. Салтты бузган нарксыз жоо түндөп курчап, тегеректеги токойдо бугуп жаткан. Эми эл мүңкүрөп турган чакты маалдап, капилеттен кол салды. Жарак алып каршы чыгууга, атка минип, айкырып чыгууга эч ким үлгүрбөдү. Түшкө киргис кыргын жүрдү. Өмгөктөгөн карыдан эмгектеген балага чейин кылычтын мизине, найзанын учуна, качып кутулам дегени жебенин тилине кетип жатты. Жоо ушуну көксөгөн. Кыр көрсөтүп, тизгин бербеген кыргыздарды тукум курут кырып, күлүн көккө сапырып кетели деп келген. Жоктоп алары, боздоп ыйлап калары. кун кууп издеп келери калбасын, Кыргыз деген аты өчүп, кылымдын эсинде калбасын, тыптыйпыл кылалы деп келген. Жоо ойлогондой болду...

Адамды туумак кыйын, багып өстүрмөк кыйын, а өлтүрмөк көз ачып-жумганча. Жээк бербей киши өлүгү үстү-үстүнө каршытерши сулады. Көк мөлтүр толкун Энесай кыргызынын канына кызыл-жаян болуп акты. Жээк бойлой катар тигилген үйлөр чатырап өрткө кетти. Ошентти. Кең өзөндүн жээгинде бырыксыган күл калды, каңырсыган жыт калды, кулак учунда боздогон үн калды. Кыбыр эткен жан көрүнбөй, башка эчтеме калбады. Кыргыз деген бар беле, жок беле?.. Жоо ушуну көздөгөн. Жоо көздөгөндөй болду...

«Жер биздики! Токой биздики! Мал биздики!» — деп жоо шаттанды. «Биздин жерде кыргыздын сөөгү да калбасын!» — деп, өлүктөрдү жар башынан өзөнгө кулатты. Күтүрөгөн сан түмөн малды айдап, колго илинер дүйнөнү бүт олжолоп, жолго салды. Мал артынан буруладаган чаң асманга көтөрүлүп, көк менен жер

бирикти да калды. Мына ошондо токойдон ойноо бала, секелек кыз чыкты. Тилазар балдар эртең менен эле токойго чуркап кеткен. «Баласыңбы» деген ошо да, ал экөө токой аралап, жөкө кабыктан себет токумак, себет толтура карагат, бүлдүркөн термек. Каткыра күлүп, так секире ойноп жүрүп, күн убагын унуткан. Бир маалда айыл тараптан ызы-чуу чыкканда элеңдеп артка чуркаган. Эми экөө жетип келип, кыргын тийген өлүү журттан эч кимди таппады. Ата-энеден кабар жок, ага-эжеден дайын жок. Кара жер канга эзилген, «ата», «апа» деп кыйкырса жаңырык жооп кайтарбай, үндөрү жерге жутулуп кетти. Улам бир үйдүн ордуна чуркады экөө. Бырыксыган күл жатат, үч буту көктү карап тулга жатат. Эси чыккан эки бала заматта же эртемененки калың эли жок, же эртеңки күнү белгисиз, же кечеги ата-теги жок, өлүү журтта жетим калды. Алыста токой үстүнөн чаң уюлгуп, мал айдаган жоо кетип баратты.

Балдар чаң артынан жүгүрдү. Көздөрүнөн салаа-салаа жаш кетип, эки бала жоону ээрчип баратты. «Баласыңбы» деген ошо да, жоо артынан жүгүрүп. Чоң киши болсо, жанын ала качып, тетири чуркамак. Балдардын оюнда эчтеме жок, тиги кандуу, сүрдүү жерден алыс качуу. Уул бала, кыз бала кол кармашып, «токтогула» деп суранып, «ала кеткиле» деп жалынып, жоо артынан чуркады. Жер дүңгүрөгөн доош ичинде, күтүрөгөн калың дабырт үстүндө ал экөөнүн алсыз үнүн ким укмак.

Эки бала көпкө чуркады, кууп жете албады. Эч ким кайрылбады. Мууну бошогон балдар жер кучактап жыгылды. Кылчаюудан коркушту, кыбыроодон чочушту. Эси чыккан эки бала кучакташып, калч-калч калтырап, улутуна бышактап жатып, уктап калды.

Жетимдин жары кыдыр, бирок тагдыры жети ача деген ак сөз. Түн бейкут өттү. Сүрдүү токойдун жырткычы тийбеди, жел-могузу келбеди.

Экөө ойгонсо күн чыгып калыптыр. Токойдон түрлүү баренде сайрап, дүйнө эчтеме болбогондой. Экөө турду да, из кубалап дагы жөнөдү. Мөмө-чөмө менен өзөк жалгап жүрүп отурушту. Үч күн, үч түн дегенде бир бийик дөбөгө жетип токтоду. Төмөн этекти караса, көк жайыкта улуу той болуп жатат. Тигилген үйлөргө сан жеткис, кайнаган казанга сан жеткис. Кыздар селкинчек тээп, ыр ырдап, жигиттер күч сынашып, эл шатыра-шатман үн салып, кечеги кыргызды кырган жоо минтип жеңишин майрамдап жаткан экен.

Жуук кирип бара албай, эки бала кооптонуп дөбөдө турду. Бирок тиги казандардан бышкан эттин, ысык нандын, сарымсаксогондун жыты келип, шилекейин илеп жуткурду.

Балдар чыдабады, дөбөдөн түшүп барды. Көргөндөр кызыгып, тегеректеп калды.

— Кимдин баласысыңар? Кайдан келатасыңар?

— Курсабыгыз ачты,— деди кыз менен уул,— нан бергилечи?

Жоо эли балдардын сүйлөгөн сөзүнөн кыргыз тилин баамдап, бул экөө кырылган кыргыз тукуму экенин тааныды. Өлбөй кал-

ган бул экөөн азыр жайлай салалыбы же ханга алып баралыбы деп өз ара талаша кетишти. Алар чуулдап жаткан арада бир боорукер катын эки балага алдыртан бир кесим эт бере койду. Анан балдарды ханга алпарышты, хан тобу али дасторкондон тура элек экен. Эки баланы чоң кызыл үйгө алпарышты. Кызыл үйдүн оозунда күмүш айбалтачан сакчылар турат. Ал ортодо калың элдин арасын ушак аралады: кыргындан аман калган кыргыздын тукуму бар экен, кан кууп келиптир! — деп эл сестенди. Оюн-тамашасын, тамак-ашын таштап, эл топурап хандын ордо үйүн тегеректеди. Ал учурда хан кардай аппак кийизде, жан жөкөрлөрүнүн ортосунда бал кошкон кымыздан ууртап коюп, жаагын жанган ырчылардын мактоо ырларын угуп олтурган. Эл топурап келген себепти угуп, хандын жаалы чыкты көзүнөн: «Тынчымды алган ким экен? Кыргыз уруусун тукум курут кылганыбыз жалганбы? Силерге түбөлүккө Энесайды тартып бергеним жалганбы? Эми кимден жан таштап качып жүрөсүңөр? Корккону̧ңар ушул чыпалактай эки балабы? Э, Майрык-Чаар-Жезкемпир! — деп кыйкырды хан. Анан бир кемпир топтон суурулуп, алдына келгенде ага буюрду: — Бул экөөн Тайга токойго алпаргын да, кыргыздын аты чыккыс, үнү угулгус кыл. Экинчи кыргыз деген сөздү кулагым чалбасын. Кыргыз тукумуна жер үстүндө орун жок, түбөлүк аты өчсүн! Бар, Майрык-Чаар-Жезкемпир, буйрукту аткар!..»

Ошону менен Майрык-Чаар-Жезкемпир эки баланы эки колунан жетелеп, тоо ашып, токой аралап жүрүп олтурду. Акыры Энесайдын бийик жээгине жетип токтоду. Анан балдарды жардан алыс сууга түртөөр алдында мындай деди:

— О, улуу дайра, Энесай! Эгер сага тоо омкоруп кулатса, муштумдай таш түшкөнсүп чулп этип түбүнө чөгөт. Кылым турган карагай кесип кулатса, чамындыдай толкунуңа кетет. Эмесе эки көздүн эки чечекейиндей болгон мобу адам баласын муздак койнуңа ал. Жер үстүндө бул экөөнө орун жок. Аны сага айтып-айтпай эмине, өзүң көрүп турасың. Жылдыздар адам болсо көккө батмак эмес, балыктар адам болсо сууга батмак эмес. Аны сага айтып-айтпай эмине! Эмесе ач койнунду, ал эки наристени, алып кет. Бу жексур дүйнөдөн бул экөө чырымталында кетсин, абийири таза, дили ак, арамдыкты биле элек, арам ойго кире элек periште чагында кетсин. Ач койнуңду, ал эки периштени, улуу дайра Энесай!..

Уул бала, кыз бала ыйлап турду. Кемпирдин сөзүнөн да, жардан ылдый караса жүрөктөрү алкымына тыгылып, түпкүрдөгү буурул толкун үрөй учуруп, ошого ыйлап турду.

— Кана, коштошуп алгыла, балдарым. Кучакташкан бойдон кеткиле,— деп Майрык-Чаар-Жезкемпир шымаланып жеңин түрүндү. — Мени жаман көрбөгүлө, менде эмне айып. Бешенеңерге жазылганы ушул экен. Менин эрким болсо кантер элем, ким билет, бирок ушу бойдон кеткениңер өзүңөргө жакшы...

Ушинтип сөзүн айтып, оозун жыйып алгыча жанжактан бир үн чыкты:

— Ашыкпа, акылман эне, күнөөсүз балдарды жайлаба!

Майрык-Чаар-Жезкемпир кылчак карады, кылчайып алып айран-таң: жанында Бугу-Эне турат, эки көзү балбылдап, өкүнүчтүү тиктейт. Маралдын умай энеси, асыл бугу маңкаят, омуроо төшү нарыстенин маңдайындай, жону ууз ак, боору тайлак жүндөнүп, көк буурул. Он сегиз айры мүйүзү аркайып, жонуп-жышып койгондой жымсал сулуу, көркөм. Желини таза, кан тамырлары көрүнүп, ийип турат эки балага мээримин салып.

— Сен кимсиң? Адамча сүйлөп кубулган кандай жансың? — деди Майрык-Чаар-Жезкемпир.

— Мен Бугу-Эне болом. Адамча сүйлөбөсөм сен кайдан түшүнмөксүң да, кайдан собол укмаксың.

— Каалаганың эмне, Бугу-Эне?

— Балдарды коё бер, акылман эне. Сенден сураганым, ушул эки чүрпөнү мага бер.

— Буларды эмне кыласың?

— Адамдар эгиз музоому атып өлтүрүштү. Балдарымдын ордуна бала издеп жүрөм.

— Ушул балдарды эмизип багып алам дейсиңби?

— Ошентем, акылман чоң эне.

— Жакшылап ойлондуңбу, Бугу-Эне? — деп күлдү Майрык-Чаар-Жезкемпир. — Булар деген адам баласы. Чоңоюп алып, өзүңдүн бугучаларыңа ок атат, ошону ойлодуңбу?

— Чоңойгондо булар бугучаларыма кол көтөрбөйт,— деди маралдын умай энеси. — Мен буларга чоң эне болом, булар мага бала болуп калат. Анан кантип өз ага-карындаштарына жамандык санасын?

— О, кең пейил Бугу-Эне, адам деген кандай экенин али билбейт турбайсыңбы! — деп башын чайкады Майрык-Чаар-Жезкемпир. — Адамдар кайберен эмес, бирин-бири аябайт. Сөзүмдүн актыгын өз көзүң менен көрөрсүң, өз мойнуң менен тартарсың деп, бул эки жетимди сага берип деле коёр элем, бирок башка адамдар көрөр замат бул эки кичинекей адамды өлтүрүп салат. Анда булардын да азабын тартып, сага эмне күч келди?

— Эч ким таппас алыс жактарга алып кетем бу балдарды. Аясаң, акылман чоң эне, коё берсең. Өз балдырымдан кем көрбөй асырайын, жетимдерге эне болоюн... Желиним сүткө толуп, ооруп турат. Бала деп сыздап турат, ак сүтүм. Бала деп ийип турат, ак сүтүм...

— Кантейин, болуптур,— деди ойлонуп туруп Майрык-Чаар-Жезкемпир. — Сурап калдың ал, бирок тез кет буерден. Жетимдерди алыс жериңе аман жеткир. Жок, эгер аякка жетпей жолдо өлсө, же каракчылар жайласа, же өздөрү чоңоюп алып, ак сүтүңдү унутуп, адамдык арамдыгына кетсе, өзүңөн көр.

Бугу-Эне Майрык-Чаар-Жезкемпирди алкап узатты да, анан уул бала менен кыз балага айтты:

— Балдарым, мына эми мен силердин энеңермин. Мен силерди ак карлуу алкак Ала-Тоосу бар, тоо боорунда калың токой чери бар, ортосунда Көк Теңирдин жерге тамган көз жашындай

мөлтүр Ысык-Көлү бар жерге алпарам. Ал жерди Көк Теңир бейишке арнап койгон экен. Кыргыз тукуму курут болуп кетерде экөөң калып, экөөң элдин атын өчүрбөй кайра тукум уласын, укум-тукумуна мекен болсун деп мен Теңирден сурап алдым.

Балдар так секирип кубанды, тепендешип Мүйүздүү Бугу-Эненин соңунан чуркап алды. Жүрөр жол алыс, уч-кыйры жок, жердин бир четинен бир четине. Узак жолдо балдар арып-ачты, алдан тайды. Бугу-Эне балдарын ак сүтү менен багып жүрүп отурду, күн ысыгынан көлөкөлөдү, суук түндөрдө бооруна кысып жылытты. Эне сүтүнүн кубаты канчалык, кечкисин тырп этпей жыгылган балдар эртең менен так секирип ойноп турду. Нечен күн, нечен түн өттү, эски мекен Энесай жан кейитип алыс калды, жаңы мекен Ысык-Көл көздөн учуп алыс жатты. Эки жолу кыш өтүп, эки жолу жай келди. Дагы бир жолу кыш өтүп, дагы бир жолу жай келди, балдарын ээрчиткен Бугу-Эне ашуу ашты, бел басты, агыны катуу суу кечти, мээ кайнаткан чөл кезди, бирок чарчадым-чаалыктым дебей, балдарын ак сүтү менен кубаттандырып, талбай жүрүп олтурду. Кээ күнү үйүр-тобу менен бөрүлөр кууду артынан. Бугу-Эне балдарын жонуна мингизип алып, жырткычтардан алып качты. Кээ күнү жаа тарткан мергенчилер кубалады артынан. «Бугу адамдын балдарын уурдап баратат. Карма! Карма!» — деп айкырып, жаа тартты мергендер. «Бул адамдардан жакшылык жок, балдарым, бекем олтургула!» — деп Бугу-Эне жебеге жеткирбей качты.

Ошентип жүрүп отуруп, акыры Бугу-Эне балдарын Ысык-Көлгө жеткирди. Туу чокудан карап туруп, көргөн көздөрүнө таң калышты. Тегерете курчаган ак карлуу алкак Ала-Тоо, боор жапкан көркү кооз чер токой, ортодо учуна көз жетпей көк деңиз мөлтүрөйт. Буурул жал толкундары арылдаган шамалга бир четинен түрүлүп, бир четине үркүп жатат. Көлдүн баш-аягына көз жетпейт. Этегинен күн чыкса, төрүндө али таң ата элек. Тегерете курчаган алкактанган Ала-Тоо чокусуна сан жеткис, Ала-Тоонун аркасы мунарлаган Теңир-Тоо катарына сан жеткис.

— Мына ушул жер силерге мекен болот,— деди Мүйүздүү Бугу-Эне. — Жер телип, эгин эккиле, мал багып, балык уулагыла, ошентип бейпил кеңчилик, бейкут тынчтыкта миң-миң жыл өмүр сүргүлө. Учуңар узарып, урук-тукумуңар көбөйсүн, алдыңарды бала ээлесин, арканарга мал толсун. Сүйлөсө тилге жатык, укса кулакка мукам, алыстан ала келген эне тилиңерди укум-тукумуңар унутпасын, эне тилинде эл-жерин даңазалап ырдап жүрсүн. Кишиден кем болбогула, башка элге тең болгула. Мен эми силерге, силердин укум-тукумуңарга Умай энемин, силер менен түбөлүк бирге жүрөм...

Ошентип кырылган кыргыздан калган Уул бала, Кыз бала Теңирдин батасы тийген Ысык-Көлдү мекендеп туруп калат.



# ШУКҮРБЕК БЕЙШЕНАЛИЕВ

Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Шүкүрбек Бейшеналиев 1928-жылы Нарын областынын Ак талаа районундагы Куртка айлында колхозчунун үй бүлөсүндө туулган.

Ш. Бейшеналиев университетти бүткөндөн кийин газета-журналдарда редактор, Кыргызстан жазуучулар союзунун секретары ж. б. жооптуу кызматтарды иштеди.

Биринчи китеби «Алкыш» деген ат менен 1953-жылы чыккан. Мындан кийин «Таалай жолу», «Урпактар үнү», «Карлыгач», «Данакер», «Болот калем» аттуу роман, повесттерди жазды.

Ш. Бейшеналиев балдар үчүн көп китептердн жазды. Алардын ичинен «Алкыш», «Кычан», «Ак тайлак», «Демилге», «Мүйүздүү козу», «Табышмакчы Чынара», «Ат жалында секелек», «Досума белек» деген китептери кеңири белгилүү. «Мүйүздүү козу» повести Х. К. Андерсен атындагы ардактуу дипломго татыктуу болгон. Бир топ повесттери чет элдик тилдерде жарык көргөн.

## МҮЙҮЗДҮҮ КОЗУ

### Азиз

Азиз чабандын жалгыз уулу. Ал жайдыр-кыштыр асман мелжиген тоолордун арасындагы жайыттардан алыс чыга элек. Азиздин атасынын кайтарганы килейген ириктер. А апасы болсо, боз үйүнөн чыкпай күндүзү тамак-аш даярдап, кийим-кечени жамапжаскап үй тиричилигине алек. Кечкисин койлордун астын акмалап тосуп, түнкү короонун күзөтүнө жардамдашат. Атасы жайытта жүргөндө, кечке дейре уулун аябай сагынып калат. Келер за-

мат Азизин күржүйгөн алаканына куштай кондуруп, өйдө-төмөн тоголотуп, алкымынан удаа-удаа жыттагылайт, анан топтой көкөлөтө ыргытып ойноо өнөкөтү.

— Кантесиң, жаш бала суудай. Окус жылмышып түшүп кетсе, айлабыз не болот,— деп аялы күйпөлөктөсө, ага болбой кайра ыргытат.

— Жалгыздын жаны бек болот. Ушу баштан катуу алып көндүргөнүбүз жакшы. Уулум жакында мага кошулуп кой кайтарышат!

Атасы Азиздин бат эле кадимки чабандай атты өзү алкынта бастырып, сеңселген чөптөрдү аралатып жүрсө дейт.

А апасы атасына жабышкан уулун көшөөрүп ажыратат. Атасынан бөлүнгүсү келбей уулу ыйлайт. Азиз ансайын жарпын жазган атасынын мойнуна асылып, апасынан качат. Ананчы. Атасы аябагандай чоң, күчтүү, анын чапаны койдун жүнү, оттун түтүнү жыттанат... Ушинтип жанына ынак тарткан уулун атасы бир күнү эртең менен: — Жайытка ала кетем,— деди. Апасы чебелене баштады:

— Кой, антпе, уулуң али кичине. — Экөө кыжылдашып, акыры мындайча чечишти: Азиз кимисинин чакырганына келсе, ошонусу алмай.

Азизди ортого коюшуп, эне-ата экөө бет маңдай окчун олтурушту.

Апасы төшүн ачты. Кой десе болбой, унуткарып эме койчу, апай мамасын көргөздү. Атасы тоголотуп, апчып, ыргытып ойноткон чорлуу колжогой колун жайды. Экөө тең жарыша үн салышты:

— Азиз, Азиз! Кел мага! Кел мага!..

Азиз адегенде апасын карап, мамасын көрдү да, бөйтөйгөн эриндерин чопулдатып ийди. Атасы шашкалактай, каркылдап катуу унчукту:

— Азиз, кел! Чу, чу! (Колдорун өйдө тарбаңдатып «чу, чу! ыргыт» деген Азиздин сөзүн кайталады.)

Азиз апасына текилдеди. Апасы мамасын көйнөгүнүн ичине катып, кабагын түйдү:

— О чоң торпок, уят эмеспи.

Азиз дароо бурулуп, кайра атасына чуркады. Араң турган атасы шып илип ийнине кондурду да, токулуу атын минип, Азизди өңөрүп жайылган койлорун көздөй бастырды:

— Уулума мал кайтарганды үйрөтөм. Карыганча энесинин эмчегин ээмп, үйдө олтурганы уят эмеспи.

Атасы уулу экөө жер жайнаган койду айдап, кожурашып узашты. Апасынын ичи күйүп, жалгызсырап араң калды:

— Кап, ак мамасын катпай эле сордурганымда эмне?..

Эне кургур чыдай албай, кумурага камкаймагын куюп, тасмалга нанынан ороп, алардын артынан жөнөдү.

## Азиз кой кайтара баштады

Бакисинен Азизге атасынын атка өңөрүп, кой кайтарганы жакты. Жерде кибиреп апасынын жанында жүргөндө эч нерсени көрчү эмес тура. Эмичи... Эми атасынын ээгинин астынан, чапанынын боорунан бөдөнөдөй башын кылтыйтып, залкайган аттын үстүндөгү көрпөчөлүү жумшак ээрде көкөлөп бийик. Ат аны бешиктей термеп, канаттуу чымчыктай абада калкытып жүрөт. Демейдеги кичинекей бою бийик, көзү бакырайып чоңоё түшкөндөй. Те алыстан басып калчудай болуп көк тиреп, бери салаңдаган дүңкүгүй тоолор бет маңдайында даана, жакын. Тоонун өзүн кыркалай бастырганда таптакыр коркунучтуу эмес тура. Боору толо сеңселген чоң-чоң жашыл өсүмдүктөрдү карай Азиз кубанычтуу колун сереңдетти:

— Бак, бак... ээ!

Андагы ар кыл өсүмдүктөрдүн атын али ажыратып биле элек уулуна атасы:

— Карагай, кайың, арча, четин, табылгы, карагат, шилби,— деп өзү айтып, анан Азизин кайталатты. Азиз өсүмдүктөрдү айрып таанымак кайда, жаңы сөздү үйрөнгөнүнө кудуңдады. Тоонун чокусунан төмөн карай көбүк чача күр-шар атырылып түшкөн көк кашка шаркыратманы көргөзүп, Азиз:

— Суу, суу,— деп кыйкырды.

Атасы уулунун сербейген тармал көкүлүнөн жыттагылап:

— Шаркыратма,— деди.

Азиз таң калыңкы атасын боорго сүзгүлөдү:

— Шаркыратма? Суубу?

Атасы мурутун үлп эттире бырс күлдү:

— Ооба. Шаркыратма — суу. Карачы, тоодон шаркырап атылып жатпайбы. Ошондуктан шар-кы-рат-ма дейт.

Азиз эми түшүндүм дегенсип:

— Шар-кы-рат-ма, шаркыратма,— деп доошун созуп, ыр кылып алды. Үнү ат үстүнөн тоого жабыша жаңырык чакырып, обондуу чыкканга сүйүнүп чыңкылдап кыйкыра берди.

Күн сайын атасына өңөртүп жүрүп, Азиз айлана-чөйрөдөн көп нерсени көрүп, жаңы сөздөрдү үйрөнө, тилин, акыл-эсин, байыта берди. Аны атасы кайдигер нерсе катарында капарына албады.

## Азиз атасынан калгысы келбейт

Ошондон тартып Азиз атасын бучкактап кайда барса чогуу. Апасы аябай коңултактап жүрүп араң көндү.

Эркек бала атасына жакын деген ошол. Эненин кичинекей каралдысына тарынчысы өтөбү. Кечкурун келер замат өөп, жыттагылап басып жыгылат. Бир жолу эртең менен уктатып алып калган. Азиз ойгонор замат атакелеп ыйлап качып, эңсесин кетирди.

Апасы жалынды, алдына тамак жайнатты, көтөрүп чуркады, аны-муну айтып, соолады. Баары бир Азиз чырланып басылбады. Апасы жинденип төпөштөп кирди. Азиз андан да коркпой, атасы кой жайган белести карап: — Мен атамын уулумун,— деп, өпкөсү көөп солуктай берди.

— Бооруңа келгир... атасаагын көр мунун.

Кечке дейре кандай алекеттен өткөзбөсүн, баласы түк басылбай, энени аябай беймазага батырды.

Мына ушундан кийин апасы Азизди эртелеп тургузуп, атасына кошуп берүүгө шашылчу болду.

— Атаң кетип баратат — десе, Азиз кандай уктап жатпасын, көзүн укалап ыргып турганычы.

**Чоңойгонумду**
**атама көргөзсөмбү?**

Азиз азыр баштагыдан алда канча чоңоюп, күчтөнүп калдым деген ойдо. Ананчы. Керелден кечке атасын учкаштырып, лүкүлдөгөн ириктерди каалаган жагына кайтарып жүрсө, ый-чыр дегенди караманча унутса, атасы айткандай, кадимки жигиттей болуп талаадан тамак ичсе; кээде карагайдын түбүнө көрпөчө жазданып уктаса; атасы билген сөздүн, жомоктун баарын үйрөнсө, ийнин жапкан катыш чөптү жиреп, чалынып жыгылса, кайра туруп, бийик боордон атасы көргөзгөн ышкынды, кымыздык, козу кулакты үзүп жесе; асманда калдактаган бүркүттөн коркпосо, мунун баары чындап чоңойгондуктун белгиси эмеспи.

Мурда апасына көтөртүп айылчылагандан башканы билчү эмес да.

Жайылган койлорун саксактап, атасы экөө жашыл дөбөдө жомок айтышып отурушкан. Атты тушап отко коё беришкен.

— Жандыктар алыстап кеткен тура. Алдын тосолу.

— Мен... атаке, мен... — Азиз аял-буялга келбей зымырылды. «Мына, чоңойгонумду атама көргөзбөсөмбү» деп ойлоп баратты. Анан калса, койлоруң түшкүр, жылдыздай чачырап аябай бириндеп алыс тараптыр.

— Кыр-оой, кыр-о-ой-лоп, эң алдыңкы боз ирикти карай текилдеп эле баратат.

Атасынын кубанганын коё кал. Сакал-мурутун желге таратып, уулунан көз айырбай жондо заңкаюуда:

— Каралдым, кол-арага жарай баштаганың ушулбу. Жыгылбасаң экен. Атаң айлансын сенден...

Уулу атасынын жалынычын укkансып, буту жерге тийбей шерденип, чымын-куюн. Ата уулунун ниетин түшүнгөнсүп, бактылуу бакжаюуда. Азиз о далайда тыным албай чымылдап олтуруп, ири алдыда бөлүнүп жол баштаган боз ирикке жетти. Боз ирик тай торпоктой даңкайып, өзүн бир короо койдун башчысындай сезген эме. Бала алда кайдан кыйкырып, аны бери карай имерүү үчүн аткан октой түз барса да, боз ирик такыр тоотпой маңкайып

карап койду. Анан ичке эринин эбиретип чөп башын ирмеп кирди. Азиз:

— Бас, бас,— деп боз ирикти дүлдүйгөн жумшак жонунан болп-болп чапкылады. Ирик артына бурулбастан «бала, кет нары» дегенсип башын чулгуп коюп, оттой берди. Азиз арданды. Кулачы жетпесе да боз ирикти мойнунан аткыды.

— Жүр быякка! — артына жетелемек болду. Кочушун толтура жумшак жүнүнөн тарткылады.

Боз ирик башын чулгуп, силкинип ийди. Азиз серпилип жыгылды. Бирок чеңгели ириктин моюн жүнүнө аткылган боюнча калды. Баятан бери ордунан жылбаган ирик селтеңдеп алга секирди. Азиз өчөшүп, колун бошотууну каалабады. Семиз ириктин мойнуна асылып, кээде жерге сүйрөлүп, кээде жумшак капталга булталактап тийип, кыйлага дейре туткакташып барды. Мына күп жерге тийди. Олчойгон ирик шиш туягы менен катуу тепкендей болду, буту тызылдап ооруду. Кызуулуктан тура калды. Басам деди. Бирок дарманы келбей, зорго бирпаска таканчыктап турду. Көзүнөн от чагылышып, бир жагынан жаны ооруса, экинчиден, ызасы кайнап, чыңырып-чыңырып ийди:

— Жинди, жинди-и де-се-е! — Боз ирикти дагы келтирип сөгөйүн деди эле, тили күрмөлбөй, көңүлү караңгылап, мамык бетегеге шалак жыгылды.

Алыстан кашын какпай баамдаган атанын заманасы куурулганын айтпа: «Баламдын боорун эзе теппегей эле» — деген коркунучтуу ой муздак куюндай зымырап, мээсин сыдырып өттү. Сакалын аткып, этек-жеңин делдектете анда-санда бир тийип, далпактап арыштады дейсиң. Заматта учуп жетсе... Көк шиберде уулу кыймылсыз сулоодо. Шымынын оң багалеги дал-далынан бөлүнгөн, бөрсөйгөн балтырын уюган кан жууп жатат. Куруган ата көзүнөн жаш салаалатып, Азизин алаканына салып өйдө көтөрдү. Эңирейип четтей басып, кебелбей турган боз ирикти карай тап берип ызырынды:

— Ай сениби, бозоргон доңуз-з!

### Жарааттын кесепети
### жана шарапаты

Боз ирик шылый тепкен балтыры балаалап, Азиз кыйла күндөн бери төшөктө. Эми жанында такай отурган апасы. Ал шар суунун боюндагы бака жалбырактан үзүп келип, уулунун күйүп-жанган балтырына тез-тез басууда.

— Атаңды аз ээрчи дедим, о чунагым — деп, тымызын жемелеп да коёт. Түрлөнтүп тамак даярдап, уулунун оозуна кармайт. Бирде куурдак, бирде манты жасайт. Беш бармак туурап, ойбоюна койбой алдырат. Суусунуна ынак сүттөн бөтөлкөгө куюп, булакка муздатып ичирет. Эне кургурга чогуу олтурса уулунун карааны тоодой. Жайытта мынчалык бапестелген ысык тамак ич-

мек кайда. Бирок сырттын сырттай өзүнчө ыракаты бар го. Азиз керелди күнү кечке кыймылсыз олтурганга, жатканга тажайт, а чынында атасына куса. Буту ooруксунса деле, баса албаса деле жайытка өңөртүп кеткиси келет. Боз ириктин шиш туягын таш менен сындыра чапкысы келет. Минтип күндүз көңүлү ачыкта ойлойт. Атасын күтөт. Апасы аптап-жиптеп ар уруу тамагына тойгузган соң, күн күңүрттөнүп кечтей баштаганда эти алоолонуп күйүп чыгат. Көзүнө ардеме-бирдеме, көбүнчө боз ирик көрүнүп, жөөлүп, таңды таң атканча чырлайт:

— Ата-ке-е, боз ирикти кой дечи, кар-ма-чы,— деп чочуп кыйкырат.

Көзүн ачса, атасы жалынып-жалбарып, көтөрүп олтурганы олтурган. Кечке күткөн атасына айтайын деген сөзү жаны кыйналганда аргасыз унутулат. Таңга жуук эти сууп уйкуга көшүлөт. Бир күнү, эртең менен атасы коюн айдабай, анын жаралуу бутун ачып жанында олтурганын көрдү. Негедир атасынын кабагы салыңкы. Апасына бирдеңкелерди шыбыштап, козголмокчу болду. Азиз көзүн бардап ачып жиберди. Атасынын кемселинин этегинен кармоого колун созду:

— Сени менен кетем... алып бар.

— Макул, каралдым, макул,— деди атасы күлүмсүрөп. — Апасы, кийинт уулумду. Жөнөт уулум экөөбүздү.

Атасы адаттагыдай ээрге бутун арттырып өңөргөн жок. Антсе балтыры оорумак. Ээрдин кашына жаздыкты бокчо байлап, ошонун үстүнө туурасынан олтургузуп, бооруна кучактап, койдун артынан эмес, аттын башын башка тарапка бурду. Койду апасы айдады жайытка.

— Кайда барабыз, ата? — деди Азиз.

Атасы уулунун көкүлүн мурду менен сүзгүлөп, жыттагылады:

— Айылга, уулум, айылга... — атты шыпылдата бастырып, аны-муну кобурап баратты. Таза абадан кана жутуп, атасына өңөртүп атчан бастыруу Азизге мурдагысындай эле көңүлдүү туюлду. Эти да ысыбады. Жарааты да ооруксунбады. Белестен белести ашып, биринен сала бири окчун конгон уйчу, жылкычы, койчу айылдарды аралап, кең жайлоону өрдөп аттын шайбырын чыгарып, алыстай беришти.

Качан көгөргөн көлдүн жээгиндеги апаппак узун чатырларга жеткенде атасы аттын оозун тартты. Уулун туурасынан көтөрүп, шар четки чатырга баш бакты.

Мына кызык. Ал чатыр малчылардын дүкөнү экен. Азиздин көзү ар кыл дүйнөгө чачырап таңыркаганы бүткөнчө... кара мурут дүкөнчү сыр билги элпек киши экен. Тосмонун үстүнө ага чак чотурайган чийбаркыт костюмду көргөзө кармап, шып жая салды. Кайра тез гана бурулуп, тепейген сур батинкени да тып койду.

— Бакир аке,— деди дүкөнчү Азиздин атасына кайрылып. — Булар бөбөгүмө чак кийимдер. Шаардан самолет менен жаңы алып келдим.

Азиз өзүнө энчиленип тигилген кийимдей аларды жыйнап, бооруна кучактады.

— Ал, бөбөгүм, ала кой,— деди жакшы дүкөнчү анын маңдайынан сылай.

Атасы үндөбөй уулуна күлүмсүрөп, бет аарчысынын түйүлгөн учун чечип, калдайган акчаны дүкөнчүгө сунду:

— Эми бу бөбөгүңө эки айга кенен жетерлик таттуу-паттууңдан бер.

— Жарайт, жарайт. Идишиңиз да жок экен. Жеңеме мындай буюм керек. — Дүкөнчү боолуу баштыкты өйдө көтөрдү. Бакир башын ийкегенсиди. Дүкөнчү баштыкка кумшекер, таттуу токоч толтуруп, чабандын колуна берди.

Олжо-буйлага тунган Азизди атасы жанаша чатырга көтөрүп киргизди. Ал чатырдын ичинин кандайдыр жагымдуу жытка толгону, тазалыгы баланын куштарлыгын арттырды. Аларды дүкөнчүдөн элпек, башынан тарта аппак кийинген кыз мээримдүү тосуп алды. Азиз андан дүкөндөгүдөн да артык сонун нерселер алам го деп ойлоду. Стол үстүндөгү жаркыраган бөтөлкөлөр, челектерге көзү түштү. Атасы шыбырашып, кызга сүйлөшө койду да:

— Бу жаңы кийимдерин кийгизелик ээ. Чечинсин ээ, эжеси,— деди. Аппак кыз Азизди этияттап көтөрүп, ак шейшептүү тактага жаткызды.

— Бакир аке, сиз чечинте туруңуз. Мен жаралуу бутун айыктыруучу жумшак, апай байпак кийгизе коёюн, анан бу костюмдарын кийгизебиз. Аңгыча, ме, ойноп жата тур,— деп жалтырак челекти Азизге карматты. Аппак кыздын доктур экенин Азиз эми араң билди. Доктур эжеси аны-муну айтып мактап алаксыта берип, жараатына дары жаап, даки менен зымпыйтып таңуулады. Азиз буту аз-аз ооруксунса да, чыдап берди, жакшынакай доктур эжеси мактап, айыктырганы жатса, ыйлаганы уят эмеспи.

— Анык жигит турбайсыңбы. Эми басып кете бер,— деп доктур эжеси колунан тартып тургузду. Качантан бери жер баспай жалкоотой, коркунчаак болгон жаралуу буту көпкө дейре жерге тийбей титиреди. Анан доктур эжеси кармап таканчыктатып жетелегенде, чын эле басып кетти. Ошерден жаңы кийимин кийинди. Доктур эжеси атасына даки, дары берип:

— Ар үч күндө которуп майлагыла, байлагыла. Эттүү, күчтүү тамак жараатын ырбатат, жаш баланын денесин ысытат. Мелүүн тамак, сүт, айран бергиле,— деди.

Бакир уулунун жараатынын балаалаган себебин, эттүү тамакка бордогон аялынын жоругун эми түшүнүп, ууртун тили менен бурай аймап алды. Азиз жаңы кийимчен торсоюп, чөнтөктөрүнө момпосуй, таттуу токочтон салып, култуңдап сылтый басып, мамыны көздөй жол баштады. Ал жараатын унуткарды. Эгер боз ириктен жаралуу болбогондо, узун сапар чегип жайлоонун маданий борборуна айылчылап келет беле? Жаңы кийим саттырып киет беле? Ким билет?

Атасы Азизге күнүгө эле:

— Шашпа, боз ирик, сени уулума багынтып бербесемби, өчүн алдырбасамбы,— дей берди.

Азиз аны уккан сайын сүйүнүчү койнуна батпайт. Килейген боз ирикти багынтып, өчүн алса кандай сонун! Бирок качан, кантип кегин колуна тийгизээрин билбейт. Ишенгени атасы гана.

— Балам, боз ириктен өчүңдү алдыртам эми,— деди атасы жедеп жарааты таксыз айыккандан кийин.

Азиз атасынын колундагы камчысын сууруп, бүктөй кармады:

— Урабыз, ээ?

Атасы уулуна түшүндүрө жай унчукту:

— Айбанды уруп кереги не? Бозоргон чочкого сенин ээси экениңди таанытабыз. Тилиңди угуп, бас деген жагыңа бөжөңдөп чуркап тургандай көндүрөбүз.

— Ай-ий десе... — Азиз чодураңдап секирип, кыт-кыт күлдү.

Атасы сөөмөйүн кезеп, суз сүйлөдү:

— Азиз баатыр акеси, күлбөгүнүң. Боз ирик менен сен экөөлөп кармашабыз. Ошондо коркуп кача турган болсоң, чыныңды айт ушу баштан.

Азиз сумсая түштү. Калп айткан менен болобу, боз ирикти жолуктурганда жүрөгү шуулдап, четтей басат. Баягында «кармашам» деп балтырын жардырды. Эми кармашса башын жардырып жүрбөсүн?

Атасы аны сынап жооп күтүп, үндөбөй кылтыйып ууртунан жылмайды. Окус качса, айрөк, айрөк, эркек бала, уулум жандын коркогу деп, атасы дароо шылдыңдаганы турбайбы. Баса, «экөөлөп кармашабыз» дебедиби. Атасы аны боз ирикке тебелетпей калсын. Балбылдаган кара көзүн бат-бат ирмеп, бойтойгон колун сунду:

— Коркпойм. Кел, убадалашалы.

Атасынын сом темирдей катуу колун четинен апчып, мыкчыңдап, ысык алаканы менен күчүн көргөзүп бекем-бекем кысты.

— Сөз бүттү. Азамат убадасына бек болот. Жыгылсаң, этиң ооруса ыйлабайсың, баатыр акеси. Жүр эми.

Атасы жайылган жандыктарды аралай шар адымдады. Азиз жүрөгү опколжуп, үндөбөстөн артынан чуркады. Боз ирик менен кандай кармаш болот? Азырынча ага табышмак.

Алда кайдан таанымал боз ирикти атасы койлордун арасынан түптүз качырып барып, кармоого кулачын жайганда, тигил дыргаяк берип, туура жакка булт секирди. Түз качса, кубалап кармоого мүмкүн эле. Туурага булт эткенден күү менен жеткен заңкайган киши тез бурула албай, очорулуп күп жыгылды. Семиз ириктер ээсинин бул жоругуна кошкурук атып, туш-тушка жарыла удургуй үркту. Азиз же күлө албай, же ыйлай албай алайып туруп калды. Кудай жалгап атасы тез эле тура жөнөдү.

— Адам ээй. Баламды эмес, өзүмдү маскаралагысы бар ээ... Ай сени, бозоргон доңуз, майыңды көзүңдөн актырбасамбы,—

кыйкырып сөгүп деле жүрөт, жайыттан сырттай качкан боз ирикти тарталаңдап кубалап деле жүрөт. Азиз алдын тосоюн деп чымылдап чуркагансыйт, бирок атасы менен боз ирикке караандабай алда кайда калды. Атасы о далайда араң курбу ташка капталта кууп барып зорго кармады. Койдун качканы да укмуш тура. Боз ирикке жеке Азиз эмес, эми атасынын өчөшкөнү күч.

— Ошондой тура тур, уулум. Мунун күчүн көрөйүн,— деп атасы уулуна кыйкырды да, боз ирикке бутун арта салып минди. Мына шумдугуң кур. Боз ирик кой эмес эле балээ окшойт. Бирок атасын жыкмак кайда. Сокондотуп өңкүп, мөңкүп ийди. Үстүндөгү адамды жыга алган жок. Башындагы калпагын гана түшүрдү, анан жайылган ириктерди карай чочко текирендеп чуркады. Койдун үстүндө сакал-муруту саксайып, жылаң баш, моюн жүндөн кош колдоп апчып, буту жер чийип келаткан атасынын бул күтүлбөгөн жоругуна Азиздин боору эзиле кытылдап, басууга шайы жок.

Канткен менен кой жылкы эмес да. Үстүндөгү кишинин оордугу чарчатты окшойт. Мөңкүгөнү гана түгүл, текирени да басылып, төрт туягын алмак-салмак солбуп, кылтың-култуң жорголой басты. Кой жоргонун үстүндөгү атасынын жайланганын айтпа. Моюн жүндөн аткыган колун жайып, уулуна мактанычтуу колдурап минтип ырдады:

Уулума боз ирикти мингизем,
Эсине абдан киргизем.

Ыры менен боз ирикти кылтылдатып келип, Азизди жерден илип артына учкаштырды:

— Бу доңузду жай кармап, саа мингизмекмин. Балам, териңди тескери сыйыртмак экемин да. Эми былк эткис эшектей кылып үйрөтөбүз.

Азиз эпейип, койдун жумшак соорусуна минер замат тып-тып оңду-солду сооруга тепти.

— Э боз доңуз, чу, чу!

Боз ирик туяктарын шылкылдатып, кылтың-култуң жылды. Жеңил Азиз болк-солк эткен нык жүндөн ооп түшүп кала жаздап, атасын бекем кучактап алды. Анын үстүнө кектүү касын багынтып миниш оңойбу. Азиз ылайым андан түшкүсү жок. Атасы эрегишкендей олчойгон бут менен олбуй-солбуй, боз ирикке тыным бербеди. Азиз анда:

— Чу, бас-бас. А багындыңбы, багындыңбы,— деп кайра-кайра чаңкылдап, тепең-тепең сооруга тепкилөөдө.

Учкашкан ата-балага таңыркап, чөп үзбөй селтеңдей караган койлорду боз ирик илең-салаң аралап көпкө жүрдү. Акыры солуп, баспай тык токтоду. Демейде бапсыйып, киргил тарткан уяң жүнү аппак булая бууланып, жылт-жулт тер сыгылып чыга баштады. Атасы эми араң түшүп, уулун алдыга жылдыра мингизди.

— Багынат деген ушу, балам! Эми буга такай минип жүргүн!

Ошондон тартып, Азиз менчик «аттуу» болду. Ал торсоюп, эртең менен короодон жайытка айдаганда боз ириктин үстүнө ми-

нип, жонунан бек мыкчып, бутун алдыңкы колтугуна кынчып жонөйт. Кечкисин жайыттан короого чейин минип барат. Боз ирик адегенде эсиргенинин сазайын тартып, кичинекей ээсине багынып, андан кийин баягыдай жыккан жок.

Бара-бара боз ирик Азизди үстүнө көтөрүп жүрүп оттоого көндү. Азиз ал оттогон учурда теминип, кагынбастан жөн гана оюна коюучу, же жонун сергитип, түшүп ойноп келүүчү. Азиздин боз иректи жайлата минип жүргөндөгү чоң пайдасы бу болду. Атасы кээде жөө, кээде атчан кой минген уулун жандап:

— Бир, эки, үч, төрт, беш... — деп жайылган жандыктын башын саната берди. Адегенде беш, ондон артык санатты билбеген Азиз күзүндө боз иригин минип аралай бастырып, колундагы чыбыкты селкилдетип түгөлдөп, беш жүз деген эсепти өз алдындагы иригин жонго чабуу менен бүтүүгө үйрөндү.

Ошентип жай да өттү.

Күзүндө ириктер даңкайып семиргенде атчан атасына кошулуп, боз иригин минип кылтылдата айдап барып, эт комбинатына өткөзүштү. Эң артында боз иригинен түшүрүп, килге тарттырганда Азиз атасына далдаланып, көз жашын токтото албады. Досунан ажыроо оңойбу! Аердегилердин баарысы — башкарма, ферма башчысы, кабыл алуучулар мыкты семирткендиги үчүн атасын мактап жатышты. Атасы тигилерге угуза бак-бак сүйлөдү: «Ушу эмгектин теңи менин жардамчымыкы! Кантет, кел уулум, мындай».

Тегерек калпакчан башкарма Азиздин боз иригин жакшы көрөрүн баамдаган окшойт. Жай басып келип, маңдайынан сылагылады:

— Бакир аке, эртеңден калбай короолордон козу бөлүп алыңыз! Азиз иним мотураңдаган козуларды жакшылап баксын, чоңойтсун. Сиздин бул уулуңуз аябаган малсар, анык чабан тура!

### Мүйүздүү козу

Мына кызык! Азиз эне-атасы жанында турса дале жалгызсырай баштады. Бир үйгө кирет, бир элеңдеп сыртка чыгат. Айлана жымжырт. Короо ээн. Ал төрөлгөнү айбан да болсо быкылдаган жандыктардын арасында чоңойбодубу. Кээде тоо койнунда жалгыз үй олтурушканы менен, аларды дайыма тирүү жандар — койлор курчап турчу эле го. Малдын карааны адамга канчалык дем экенин эми түшүндү белем. Туткакташып жүрүп күндүн кандай чыгып, кандай батканын сездирбеген боз ириктин баркы да эми билинүүдө. Койлордун кепшегенин, маараганын, дүргүгөнүн укпай, түнкүсүн уктаганча аябай коңултактоочу, ал түгүл чочулоочу да болду. Же үйгө, сыртка батпай чеңдеген уулун көрүп, өзү да эки күн тынч олтура албай, эриккен ата ар кайсы короодон отуздан, элүүдөн, ызы-чуу маашатып, козуларды бөлүп келе баштады:

— Мына, балам, буларды дурустап көздөйлү. Соңку жылдан

эле борук, анан ирик болот. Санап өткөрүп ал. — Атасы козуларды көргөзүп, уулуна кеңешти.

Азизге атасынын «санап өткөзүп ал» дегени аябай жакты. Топтобун бузбай үрпөйүңкү чокмороктошкон козулардын арасын чандаландап жирей басты. Колун тепендетип, бармак-сөөмөйлөрүн ачып-жума санап кирди. Козулар баягы ириктериндей бышкырык атып, туш-тарапка аны жөөлөп үркпөдү. Чоң көздөрүн жалжылдатышып, Азизди тегеректей «ма», «ма-малашып» жүткүнүп турушту. Куду өзүндөй кичинекей козулардын ыйламсыраган үндөрү аянычтуу, кейиптери ага «энебизди таап бер, курсагыбыз ачты» дегендей туюлду.

Азиздин зээни кейип, эсебинен жаңылды. Жеңи менен көзүн сүртө четтей чуркап, үй жагына баркырады.

— Айдагыла жайытка. Козуларымдын курсагы ачты,— деди Азиз чаңкылдап.

Кайда басарын билбей телмирген козуларды үйдү бекитип таштaшып, ата, апа, бала үчөөлөп көк жайытты көздөй сүрүштү. Козулардын баарысы тең эле кудум көкүлдүү бөбөктөй мотурайышып тармал. Көзгө татына. Бирок баары бир кылка эмес. Алардын ичинде жүндөрү узарып, борукка чамалаш эрте туулган дондоштор да бар. Ошо дондоштор жолду башташып оттоого киришти. Аларга жетпей беш алты кебээ козу бүжүрөп артта калышты. Же жакшылыктуу оттой алышпайт, же безилдеп үндөрүн басышпайт.

Азиз дал ошол кичинекей чабырлардын астын тосуп, бөлүп:

— Атаке-е, апаке-е, булар кичинекей экен. Алыс айдабайлычы. Мен багам! — деди.

Баласынын демилгеси атасынын курсанттыгын ташытты белем. Атайылап Азиздин жанына келип, мурутунан күлүмсүрөп, колжойгон колун сунду:

— Жарайт, уулум, жарайт. Тигилерди-и апаң экөөлөп, алмак-салмак кайтаралы. А буларды, өзүңө окшогон кичинекейлерин сен жалгыз багасың. Бүгүн эле эмес, дайыма. Макулсуңбу?

Азиз атасынын чындап айтканына кубанды. Мыйтыйган манжасын тү-түүлөп, атасынын сунулуу жазы алаканынын чок ортосун керилип туруп торс чапты:

— Макулмун. Мелдешелиби? Качпайсыңбы?

— Качпайм,— деди атасы эңкейип, уулунун маңдайынан сүйүп.

Убада, мелдеш оңойбу. Азиз ошондон бери кенже козуларын түнкүсүн гана короого кошпосо, күндүзү дайым бөлөк, үйдөн алыстатпай жаюуда. Кенжелеринин ичинен Азизге өтө жакканы — аппактыгы кардай, быжыгыр тармал козу. Азиз аны «Апакай» атады. Ал тигилерден ыманы ысык, акылдуурак. Бүрдүү чөптөрдөн башын албай быйт-быйт ирмеп, тез өңдөнө түштү. Азиз аны моюнунан кучактап, жонунан сылагылап:

— Апакай, Апакай, жүрү,— десе, ээрчип жөнөчү болду. Эми Азиз козуларды айдабастан алдыга өзү чуркайт. — Апакай, Апакай быякка... — Апакай ээсинин артынан томурандайт, калган ко-

зулар анын соңунан чубурушат. Акыры чөбү катыш, бүрлүү жайытка жетип токтошот. Апакай жол баштайт, чөптүн соңунун тандап жейт. Беркилер даамдуу отту көрбөй тебелей басканда, Апакай «мынакей, муну отто» дегенсип, чегинип чыга берет. Аны баамдаган Азиз:

— Азамат, Апакай, досторун жакшы көрөт — деп, ого бетер эркелетет.

Чабырлардын жалгыз бирөөнөн башкасы күн өткөн сайын торсоюшуп торолууда, семирүүдө. Ал Апакайга ыктаган менен деле дурусураак тоюна албай, ичи кабырылган, дүңкүйүп мүйүз чыгып келаткан боз козу. Бакиси тең токол. Ушул гана мүйүздүү. Неликтен ушунчалык арык. Же мүйүзүнүн саатынанбы?.. Ага Азиздин боору ачый баштады.

— Неге баары тыңыса, сен жүдөп баратасың?— деп, мүйүзүнөн кармаса, ал башын чулгуп кежирленди.

— Эх-ей,— деди Азиз бир нерсени эсине түшүрүп,— сенин өңүң, кыялың боз иригиме окшошот да. Кантип семиртем ыя сени... Мүйүздүү козум жалгыз сен болсоң.

Азиз мүйүздүү боз козусун кантип тыңытуу жөнүндө атасына айтты. Атасы улагадагы буума капты көргөздү:

— Мында чабыр, ыландагандарга сактаган буудай акшагы бар. Ушундан бурдатчы.

Азиз акшактан калпагына үймөлөп, мүйүздүү козусунун тумшугуна каптаса, анысы ачууланып башын калжактата чайкады.

— Ай-рөк, ай-рөк, тамактын таттуусун билбейт экенсиң — деп, Азиз козусун мүйүзүнөн кармап, оозуна бир чымчып акшакты зордоп куйду.

Акшак тилине барганда даамын билди окшойт, мүйүздүү козу быйтылдатып кепшеп кирбедиби.

Анан ээсинин калпагына өзү моюнун созуп ирмей баштады. Мүйүздүү козу калпагындагыны түгөтмөйүн, карыш жылбады. Айбанга колдон тамак жедирүү оңойбу.

— Ушундан тамак жеп, ичип көн, макулбу? — деп калпагын чөмкөрүп, булактан сузду.

Мүйүздүү козу чындап суусаса керек. Ээсинин эки четинен оозуна кармаган калпагынан сууну тынбастан шимирди.

— Апакай, Апакай, кел! — Азиз мүйүздүүнүн жанына олтуруп, алыстан чакырды. Апакай мурдагысындай шар томураңдабастан, жай каалгып илең-салаң туягын шилтеди. Кыязы, ээси бүгүн мүйүздүү козуну бапестегенге ичи тарый түшкөн окшойт. Анын артынан берки козулар дагы жай каалгышты. Азиз Апакайынын таарынганын туйбады. Апакай ныксырап сулаган мүйүздүү козуну шектүү жыттагылады. Аны туурап калгандары да мүйүздүү козуну туш-туштан жыттагылашты.

— Эх-е. Кеткиле. Тоюп жаткан арык мүйүздүүм тынч эс алсын. — Азиз колун сереңдетип Апакайын баш кылып кубалады. Алар нарылап, көңгөн чөбүн кырт-кырт оттоп киришти.

Ошондон кийин мүйүздүү козусу тигилерден бөлүнүп, Азизди жалгыз ээлеп, анын калпагынан такай жем жеп жүрдү.

Апакай жолдоштору менен адеп кубаланган соң, өзүлөрүнчө алыс оттоого көнүштү.

Мүйүздүү боз чөп ирмебес болду. Азизди такай ээрчип, анын сүйгүнчүгүнө айланды. Жемдин күчү оңойбу, бат эле күрсүйүп семирди. Мүйүзү да оркоюп өсүүдө. Бир короо козудан мүйүздүү бир ошо болсо, ал артынан ээрчип, калпагынан тамак жесе, Азиз кантип кубанбасын, колундагы нанын сунса да, мүйүздүүсү тамшанып жеп алчу болду. Азиз аны мүйүзүнөн кармап, өзүн тизеге нукутуп, дароо чалкасынан кетип ойногонду тапты. Өсүп келаткан жаш мүйүзү кычышабы же ээсинин көндүргөнүнөнбү, боз козу жыгач бадалды торс челип калат.

Азиз бир жолу мына буга таң калды. Мүйүздүүсүн ээрчитип козуларын аралап келаткан. Капысынан күп эткен дабыш угуп, кайрылса... Мүйүздүүсү керилип туруп көгүлтүр козуну сүзүп жатыптыр. Ал козу айбат бере албай качып жөнөбөдүбү. Азиз мүйүздүүсүнө маашыркаганын коё кал:

— Азамат, жарайсың. Сен булардын баарын багынтасың. Боз ириктен да күчтүү болсоң.

Азиз өзү дагы бир козу кармап, мүйүздүүсүнө чекесин тостура:

— Кел сүзүш,— деп жүткүнттү эле, мүйүздүүсү ээсинин оюн түшүндү белем, тарс эттире токол козуну алыс ыргыта челди.

— Ох-о, сүзөөнө-к, азамат! — Азиз ого бетер мактап, ого бетер барктап бакты. Атасы буума акшактын каптын түбүнө түшүп баратканынан улам:

— Ия балам, жемди бүт мүйүздүү козуңа жедирип бүтүрөсүңбү. Жандыктан ылаң чыкса, эмне берип багабыз. Токтот эми! — десе, Азиз эдирендеп башын чайкады.

— Эх-е, акшагыңарды аясаңар, мейлиңер. Өзүм ичкен тамагымды деле берем!..

Атасы уулуна көзүн аңтара тиктеди да, андан кийин такыр унчукпады.

Азиз көрүнгөн козуга тап берип:

— Сүзөөнөк, сүзөөнөк, качыр,— десе, мүйүздүүсү кээсин челип, кээсин жаный сүзүп четинен коркута баштады. Анын ар жолку «жеңишин» ээси жактыруунун үстүндө. Бара-бара андан бардык козу чочуй баштады. Мүйүздүү козу күн сайын өзүнүн күчүнүн ташыганына корстон. Апакайды Азиздин көзүнчө карс эттире бир сүздү. Мүйүздүүгө теңеле алабы. Апакай четтей секирип, Азизге тигининди кой дегендей жалжылдай карады. Азиз азыр аны эмес, мүйүздүүсүн эркелете мүйүзүнөн кармап турганын көрүп, нары кылчайбастан басып кетти. Мал да болсо мурда жакшы көргөн ээсине таарынды белем. Ошондон кийин Апакай короодогу чоң чабан кайтарган козуларга кошулуп, жайытка кетчү болду. Балким, мүйүздүү козуну Азиз сүздүрбөй кармап калса, же какыс-кукус кылса, Апакай антпес беле?

Аны Азиз сезип да койбоду. Калган козулар сүзөөнөккө жасакерленишип артынан сагалашат. Окус сүзсө «акырын, акырын, акеси» дегенсишип, капталдарын тосуп бөйпөндөп турууга көнүштү.

Азиздин жалгыз көрөр көзү мүйүздүү боздун басканы да өзгөрүлдү. Дүгдүңдөп мүйүз кырданта, башын кыйшайта буруп жүрүүчү өнөкөт үйрөндү. Бордолгон жаш мал бат семирип, бат чоңоёт тура. Кышында дагдайып төшү чыгып, короодогу бардык козудан кырдуу көрүндү. Башка дондоштор жука беттерден кар түртүп, эптеп курсак тойгузуу алакетине түшсө, сүзөөнөк Азиздин жанында калып жем жейт. Эми козу эмес, итти челип качыруудан тайманбайт.

### Сүзөөнөк мүйүзүнөн айрылды

Күндөрдүн биринде Азиз сүзөөнөгүн жаматташ коктудагы койчунукуна ээрчитип барды. Өзүнөн улуу Султан деген балага жолугуп:

— Мүйүздүү козуң барбы? Сүзүштүрөсүңбү? — деди дондошун мүйүзүнөн кармап мактана.

Султан аны жактырбаңкы үнсүз башын чайкады. Азиз тигинин тоотпогонсуганына ызаланып кетти.

— Анда өзүңдү сүздүрөйүнбү? — деди Азиз эдиреңдеп. Султан күпчүйүп тончон, чокойчон эле. Ага ишенбей:

— Эр болсоң эле сүздүрүп көр,— деди.

— Анан ыйлабагының! — Азиз согуш жарыялаган немече кыйкырып, мүйүздүү козусун жүткүнтө, Султанга тап берди:

— Качыр! Качыр!

Мүйүздүү дондош текчейип кетенчиктей түшүп, кериле секирип сүзгөндө эле Султан кар таянды:

— Карма! — деп бакырды ал, чындап корkконунан.

Азиз дондошун адатынча мүйүзүнөн тутамдап карга матыган Султанга жанакыдай мактанычтуу эдирейди:

— Көрдүңбү! Ишендиңби!?

— Кыйын экенсиң,— деди Султан, сары тонунун жеңиндеги карын күбүй. — Эртең сүзөөнөгүңдү апкел. Менде да мүйүздүү бирөө бар. Атам жайытка айдап кетти. Эртең короого алып калайын. Сүзүштүрүп көрөлү. Мунуң кудай ургандай күчтүү экен! — деди.

Жеңиштүү Азиз, Султандан сөгүү эмес, мактоо уккан соң, макул болду. Сүзөөнөгүн аябай жемге тойгузду.

Эртеси атасы короодо жандыктарды айдаар замат Азиз сүзөөнөгүн ээрчитип, Султандын короосун беттеди. Султан аны жарым жолдон тосуп алды. Мейманын балбаны экөөнү короосуна киргизип, илгичин илди да, наркы бастырманын түбүнөн чыгырык мүйүз ак кочкорду айдап чыкты. Азиз аны көрүп, дароо мүйүзүнө илип кетчүдөй кетенчиктеди:

— Алпар нары. Чоң кочкор тура. А меники кичине да, козу кочкор да.

Султан чуркап келип, Азизди колдон кысты:

— Коркпо, бул сүзбөйт. Карган эме!

Чын эле ак кочкор алар менен иши жоктой каалгый басып кетти.

Сүзүшүүнү каалабады.

— Чын эле сүзөөнөгүмө баары тең багынып келатпайбы. Бу карган эмени деле качырар,— деп ойлоду Азиз. Мүйүздүү боз дондошун бошотуп, адатынча ак кочкорду карай тап койду:

— Сүз! Качыр! Багынт!

Азиздин дондошу кочкорду боорго, жонго күрс-күрс чолуду. Кочкор адегенде этибар албады. Анан өтө ооруксунганда чыдабай кетти окшойт. Ачуулуу көздөрүн кызартып, жонун дүгдүйтүп чыгырык мүйүзүн тосо бурулду.

— И, эми сүз! Багынт! — Азизге кошулуп Султан да мүйүздүү дондошту ыраак кетенчиктетип туруп көкүтүп тап беришти. Дондош ыраактан түйүлүп барып түпкүчтөй ийрилген карт мүйүзгө текчигий мүйүзүн сайылта карс сүздү. Негедир карт кочкор менен жаш кочкорчо бөлүнүшө албай туткакташа түшүштү. Шиштигий жаш мүйүз ийрилген куу мүйүзгө илинип калыптыр. Карт кочкордун ачуусу анык келген экен. Балдар чырылдап жеткенче, кочкор сүзөөнөк дондошту мүйүзүнөн илген боюнча бутун жерге тийгизбей бултактата түпкүчтөй башын тыяк-быякка булкуп нарылай арыштай чуркады. Мына бир маалда боз козу күп эте алда кайда ыргып түштү. Азиз чымылдап жетсе, сүзөөнөк дондошунун башы кызыл жаян кан, эки мүйүзү тең түбүнөн омкорулуп түшүптүр. Султанды, анын кочкорун сөгүп, жер тепкилеп ыйлап жиберди Азиз. Айла канча. Султан кочкорунун мүйүзүнө илинип шалдыраган морт мүйүздү Азиздин колуна берип, араң илкиген дондошун жетелешип короосунан узатты.

Уулу ыйлап барса, атасы кытылдап күлүп, мындай деди:

— Балам, чала болуптур. Сен аны чексиз эсиртпедиңби. Дондошуңдун эртерээк мүйүзүнөн айрылганына сүйүн. Ал сенин өзүңдү сүзүп, мандемге учуратабы деп чоочучу элем. Коё бер короого. Андан өлбөйт. Эми чырсыз тынч жүрө берет.

Апасы мүйүзүнөн айрылган боз дондошту уулунун колунан бошотуп жетелеп барып короого кошсо, козулардын баары андан үркүп, жанына жолотпой качышты.

Азиз букулдап, жедеп көз жашы кургаганда араң:

— Мен өзүм сүзгөнгө көндүрбөсөм, боз козум мүйүзүнөн ажырабайт эле. Чынбы, атаке,— деди солуктап.

Атасы уулунун ийининен таптады:

— Чын, кагылайын. Малды да эсирткен ээси болот. Эми колуң бошоду. Кошо кайтаруудан коркпосоң, жүрү. Жайыт жаңылайлы.

— Коркпойм! Мындан кийин козуну сүзөөнөк кылып үйрөтпөйм,— деди.

## ТАБЫШМАКЧЫ ЧЫНАРА

Бакыран көз, сексек чач Чынара деген кыз бар. Ал Кыргызстандын борбору, бак-шактуу Фрунзе калаасында беш кабаттуу

жаңы имаратта жашайт. Чынарлардыкы болгондо да бешинчи кабаттагы бешинчи үй. Ал тургай Чынаранын өзүнүн жашы дагы беште. Байкагылачы, бардык жагынан кандай сонун бап келген!

— Чоңойдум эми, бешке чыгып калбадымбы? Балдар бакчасына эмне үчүн барбайм? — дейт Чынара. Аны эч ким сезбейт. Кыязы, апасы менен атасы билишпейт окшойт.

Ал экөө тең үн алыша кызын минтип жооткотушат:

— Азыр кыш. Ичикий суук. Жаз келет, анан жай деген бар. Күзгө чейин чыда. Аз эле калбадыбы? Ага дейре чачың дагы узун өсөт. Эки саамайыңды өрүп, кыпкызыл гүлдөн кыстарып, аппак көйнөк, аппак туфлий кийгизип, экөөбүз эки колуңдан жетелеп алып барабыз. Аңгыча жомокту көп-көп үйрөн. Көп-көп бийлеп, жакшы балерина бол. Антпесең бакчага албай да коюшат.

Чынара ата-энесинин узун сабак акыл-насаатына ынанып эңсегенин коё калат. Терезеден көчөдөгү аппак карды көргөн сайын мурчуя түшөт. Күн жылып, кар эрийт. Ал болсо жаздын келгени. Анан гүл ачылат, алма бышат. Ал жай мезгили. Мына ошондон кийин гана... тээ далайда, далайда күз... Чынара күзгө дейре аябай чымырканып чыдашы керек. Бакча, бакчага бат эле барса экен! Тезинен чачын өрдүрүп, кызыл гүл тагынып, ак көйнөкчөн болуп бакчага барчу күнүн дегдегени ченемсиз. Бармак сөөмөйүн ачып-жуумп келер күздү эсептей эле берет. Манжалары гана аздык кылат. Баары бир терезенин ары жагында аппак кар. Чынара карга тигилип ачууланат:

Эмгиче неге эрибейт?

Күндөрдүн биринде атасы, апасы экөө бирдей, түп борбор Москвага сапар чегишти. Үйдө, тээ алыстагы айылдан атайын келген чоң энеси экөө гана ээлик болуп калышты. Түшкө маал Чынара чоң энесин колунан жетелеп, бош кезинде атасы өзүн ээрчитип сейилдеткен үйүнүн тике маңдайындагы бакка барды. Ал жерде кыргыз, орус балдары томполоңдошуп карды тоголоктоп ойноп жатышыптыр. Чынара да аларга аралашты. Чоң эне скамейкага олтуруп, кичинекейлерден көзүн айырбайт. Антпегенде кантет, картаң эне кар томолоктоп ойномок беле. Дүкөнгө ээрчишип кирип, чоң эне небереси менен бир стакандан жүзүм шербетин ичкенде аябай жарпы жазылды.

— Сен жакшы экенсиң! — Чынара аны мактай кетти. — Атам, апам экөө тең жүзүм шербетин жаман көрүшөт. Дайым эле томат шербетин ичишет. Ал таттуу эмес, кычкыл.

Чоң эне кызынын мактоосуна күдүңдөп таттуу токоч-печенье сатып берди.

Айтор күндүзү зериккен жок. Качан гана түнкү тамакты ичип, жат-жатка келгенде чоң энеси экөө чарпыша түштү. Чынара жатаканага барып, өзүнүн кичинекей кроватынын жабуусун сыйрып, жаздыгын, жуурканын жерге коюп иреттеп жатты. Чоң эне мейман көмүтүнө көлпүктүрө кең-кесири төшөктү салып койду да, небересинин үстүнө кирип, таңгалыңкы алаканын шак чапты:

— Ыя, сексейген чунак, бул эмнең? Керебетиңе жалгыз жатканы жүрөсүңбү?

Чынара чоң энесине мактанычтуу мулуң эте:

— Ананчы! Апей, билбейт турбайсыңбы. Мен күндө-күндө эле жалгыз жатып жүрбөймүнбү.

Чоң эне өзүнө чакан ак жака жуурканын бүктөп салууга бою жетпесе да, тырбаландаган небересин дароо төшөгү менен кошо бурдай бооруна кысып жыттагылады:

— Дымагыңдан сенин сексегейим. Бармактай сени кантип бир көмүткө жападан жалгыз жаткызайын. — Чоң эне өз төшөгүн карай көтөрүп жөнөгөндө неберeси тыбырчылап колунан суурулуп түштү.

Уйпаланган капкара чачын үксөйтүп, бакыракай көзүн аңтарылтып, бөрсөйгөн кош эринин чормоңдото:

— Кызык экен. Чоң энеси кантип кызын таарынтсын.

Чоң эне, чын эле кабагын үтүрөйтүп чытыган небересине жалынычтуу:

— О, чунак, сексейген десе, кичинекей кызы кантип тоодой болгон чоң энесин таарынтсын.

Чынара мукактана сөз табалбай турду да, бир колуна жууркаңын кучактап, бир колуна чоң энесин жетелеп, жатаканасына кирип, төр жактагы кош керебетти жаңсады:

— Корком десең мында жат.

Чоң эне колун тартып алып, сени элеби дегенсип муштумун түйө сес көргөздү:

— О, сексейген какмар десе. Келининин керебетине уялбай кантип энеси жатсын. Жүрү дегенде, жүрү.

Чынара көзүн алайтып кетенчиктей басты:

— Барбайм, барбайм. Мен чоң кыз болсом, сенин койнуңа жатсам, уят болом.

Чоң эне тескери бурулду да, чөнтөгүнөн шалдыраган топ ачкычты алып ыргытты.

— Арам сексегей, мен таарындым сага. Үйүмө кетем анда. Өзүң жалгыз кал. Ме, ачкычтарыңды.

Чынара мурчуюп карап турду да, бир аздан кийин сыртка карай тескери баскан энесинин артынан текилдеп барып, жер чийип көлкөйгөн көк шайы көйнөгүнүн этегинен кучактады.

Чынара сырт көйнөгүн да чечпестен энесин кекете жууркан ичинде үнсүз туйтуйду.

А чоң эне болсо, аны менен иши жок. Неберeсин бойтойтуп кучагына тартканга курсант. Үлпүлдөгөн чачынан жыттап, бөрсөйгөн кызыл жуурканды сыртынан куйрукка тиер-тийбес алаканы менен таптап:

— Керели кечке тепеңдеп жүрүп чарчаган экенсиң, сексегим. Уктай кой, сексегим, уктай кой! — Чоң эне өз алдынча кобурап, улам-улам ушул сөздү кайталап таптай берди. Калп эле көзүн жумуп кыймылсыз бөжөйгөн Чынара энесинин бул жоругунан тажап кетти сымалданат. Чыңкылдап башын көтөрө:

— Кызык экен, чоң баланы да ушинтип уктатабы?

Неберeсин небак көшүлдү деген чоң эне чочулап кошо козголду:

— Сербейген сексегей жөн жат. Болбосо эшиктен мокочолордун баарын чакырам.

Чынара бул жолу ал сөзүнөн коркмок турсун:

— Чоң эне деген кызына жомок айтып уктатат. Билдиңби? А сен алаканың менен чапкылайсың. Уят болот. Жомок айтып бер. Уктуңбу,— деп демитти.

Чоң эне небересинин жаак-башынан сылагылап:

— Карган киши жомокту унутуп калат эмеспи. Эртеңкиге дейре эстейин. Бүгүн тынч уктайлы. Жата кой, сексегим!

Чынара энесинин бул сөзүн да жактырбай башын чулгуду:

— Анда мен айтайынбы? Менин көп-көп жомогум бар.

Чоң эне небересинин чыртылдагы жоголуп, чери жазылып келатканын баамдап кайра жаздыкка башын койду:

— Мына, айта кой, сексегим, жомогуң таң аткыча жетеби?

Чынара култуңдап сүйүнүп, энесинин кулагына эрдин чормойтуп жакындатты:

— Жетмектен жетет. Угуп эле жата бер. И... кайсынысынан баштасам экен.

— Таптым, таптым... Илгери, илгери бир балерина болуптур...

Чоң эне чын дили менен билгиси келдиби:

— Ыя, сексегим, малерина деген эмне?

Чынара ордунан ыргып туруп, караңгыда көзүн ого бетер бакырайтып чоң энесине таң калыңкы:

— Ошону билбейсиңби, албы, ал... жүрүчү... — секселеңдеп стол үстүндөгү тегерек шамды тырс эттире басып күйгүздү да, кайра келип энесин колдон жетеледи. Үйдө айбыгар эч жан жок эркиндиктенби, чоң эне да небересинин оюю менен жылаң аяк балпактай ээрчий басты. Чынара радиоприёмникти сайып, анын добушун күтпөстөн эле: — Карап турчу, балерина деген ушундай болот,— деп тегеренип бийлей баштады. Аңгыча ток жетти белем, радиоприёмниктен Чынара күткөн музыка эмес, Москвадан Левитандын коңур үнү угулду.

Чынара ачуулуу колу-башын силкип чуркап барып тытылдаттырып, кыйлада араң приёмниктин сайгычын суурду.

Чоң эне не кылар айласын таппай, көк ала башын үксөйтүп, үй ээсисинип баш-көз болгон бармактай небересинин жанына имерчиктеди. Ушинтип үйдө калган чоң эне менен небере бири менен бири алек болушуп, биринчи түндү өткөзүштү. Элеттик картайган чоң эненин шаардагы кичинекей небересин айыл балдарындай эмдеп-домдоп баш ийдирүү мүмкүн эместигине көзү даана жетти. Жадаганда уктаарында баланы жомок, ыр менен көндүргөн не деген тарбия? Сөзгө башынан шыгы жок кемпир өз алдынча кейип, кепчип да алат. Айла канча? Баланы алаксытуу мойнуна парс. Кантип? Ан үстүнө эртели кеч сейилдегенде Чынара: «Чоң эне, эртең эстейм дебедиң беле, эми жомок айтып бер. Бол, бачым»,— деп чекилдеп жаны-манын койбойт. Чоң эненин айта салайын десе да ылайыктуу жомогу да жок. Кыйналып да бүттү. Бир маалда эсине беш-алты ооз табышмагы түшө калса болобу. Жолдон алтын тапкансып кызына күлө бакты карыган эне:

— Мен сага табышмак айтам. Сен кыйын экенсиң жандырмагын тап. Макулбу, сексегей?

Чынара үлбүрчөк кабагын бүркөдү:

— Андайды кичине балдар билбейт.

Чоң эне азоолок кырдана:

— Угуп турсаң, сексегей. Сен ойлоп табасың. Эгер такыр түшүнбөсөң, анда жомок айт деп кыйнаба мени, арам сексегей. Уктуңбу?

Чынара ылдый жер карап буйтуюп, үнсүз алдыртадан энесин тыңшап турду.

— Мына сексегей, илгери бала чакта коломтонун жээгинде момундай табышмактарды айтуучубуз.

— Коломто деген эмне? Андай неме бизде жок эмне?..— деп сурады Чынара.

Чоң эне небересине жылмайыңкы тигилип жай унчукту:

— Силерге коломтонун кереги не. Ашканада аш бышырчу мешиңер (газ дегени) даяр. Ысык суу үй-үйгө түтүк менен чуркап келет экен. Айт, сексегейим, табышмакты тапкың келеби?

Чынара башын ийкеди.

Элестүү болсун үчүн сөөмөйүн жогору көтөрүп, кайра ылдый тартып, чоң эне сөзүн баштады:

— «Кырдан кызыл көйнөк кыз чуркап келе жатат». Бул эмне, сексегей?

Чынара ийнин куушуруп, ууртунан бырс этти:

— Кызык. Тээтиги кырдан мендей кызыл көйнөк кыз чуркап келатабы? Ушул элеби? Анан эмне болду? Театрга кеттиби? Же мектепке кеттиби?

Чоң эне шыпшына санын жаный:

— О, сексек, бул жомок эмес, табышмак деген болот. Таппайсыңбы?

— Мектептен таап келейинби, кызды? Чын элеби ыя?

Чоң эне бир чети ызалана Чынараны шып тизесине кондурду да:

— Угуп тур, секелек. Табышмак деген эмне экенин билбейт турбайсыңбы?

«Кырдан кызыл көйнөк кыз чуркап келатат» — деген мурундун каны.

Чынара энесинен көзүн айырбай күлүмсүрөп:

— Эх, калпычы. Алдаба мени.

Чоң эне кур сес көргөзүү үчүн үнүн ачуулуу чыгара:

— Жөн укпасаң бакырайган көзүңдү чукуп коём, арам сексегей!

Бырыш баскан сөөмөйү менен өз мурдун черткилеп:

Мобу мурун, кырдай болуп коңкоюп турабы?

— Ооба...

— Мындан аккан кан кыпкызыл көйнөк кыздай чуркайбы? «Кырдан кызыл көйнөкчөн кыз чуркады» деген мурундун каны экени төгүнбү? — Азоолок уюп, элдир-селдир элестете баштаган небересине эне он кайталап жатып табышмакты жандырмагы ме-

нен түшүндүрдү. Анан Чынаранын кубанычы койнуна батпай, тыпыйган алаканын чапкылап:

— Азамат, чоң эне! Сонун тура! Дагы айтчы табышмакты. Эми таппасам элеби? — деп жабышканын айтпа. Чоң эне «кызыл көйнөк кызды» баштап келатканда эле, Чынара «мурундун каны» деп токтотот. О бир оокумда бааланып жатып, чоң эне экинчи табышмакты баштады.

— «Айланасы таш, ортосунда бышкан аш». Бул эмне, сексегей?

Чынара эринин бөйтөйтүп, бакырайган көзүн аландатып, тепейген кичинекей сөөмөйү менен чекесин тырмалап далайга ойлонуп калды. Ары ойлоду, бери ойлоду, такыр таппады.

Акыры чоң энесине келип жалбарды:

— Кагылайын чоң энекебай, ушуну эле айтып берсең. Кийинкисин баарын өзүм табам. Алтын энекебайым!

Чоң эне ашканага кирди да күйпөлөктөп жүрүп, уучуна бирдемени чеңгелдеп келди:

— Сексегей, жандырмагын сенин көзүңө көргөзөйүн. Антпесе оңой менен боолголоочу кейпиң жок. Мына карап тур,— деди сол учун жаза жылга-жылга изге тебеленген кургак алаканында дөңкөйүп жалгыз жаңгак турду. — Ме, сексегей, кармап көрчү?

Чынара чачын сексендетип башын чайкады.

— Эх, кызык экен!

— «Айланасы таш, ортосунда бышкан аш» эмне? — Ошону айтпайсыңбы? Кереги жок жаңгакты, жебейм мен.

Чоң эне курулай сөз көргөзүп үтүрөңдөй, небересин чекеге жаңгак менен акырын нукуп койду:

— Ме, карма дегенде карма, арам сексегей! «Айланасы таш, ортосунда бышкан аш» — деген мына ушул!

Чынаранын көзү ого бетер бакырайып, шектене чоң энесине алайды.

— Ихи, кана ташы, кана ашы?

Чоң эненин көңүлү эми жайланыңкы. Жаңгакты тегерете черткилеп кызына карматып:

— Мына сексегей, быягы да, тыягы да, бардык айланасы таштай катуу бекен? «Айланасы таш» деген ушул.

— Э... эй кызык, чын эле,— деди Чынара эрдин чормойто. Чоң эне бычактын учу менен жаңгактын сөөгүн чакты да, ичиндеги уюл-уюл данегин алып, а дегенде «виссимилла» деп өз оозуна салып, анан небересине берип:

— Көрдүңбү сексегей. «Ортосунда бышкан аш» деген ушул. Таштай болгон кабыктын ичинде өзүнөн өзү бышып калган үчүн дароо эле чагып жеп жатпайбызбы. Билип кой сексегей, чоң энең анчалык эле чогоол эмес!

Чынара «Айланасы таш, ортосунда бышкан аш» — жаңгак деп адатындай бир нече мертебе кайталап чыкты. Атасы, апасы кыска жомок айтканда дайыма кайталатып көндүрүшкөн. Ал мөтүрөйүп күлмүңдөп турду да, энесинин эки бетинен эки ирет чоп эттире бөрсөйгөн эрдин тийгизди:

— Сен бар эмеспи, акылдуу чоң энем экенсиң! — Анан тегеренип үй ичиндеги буюм-теримдерине көз жүгүрттү. — Мына буларды баарысын табышмактаттырып айтса болот ээ?

Чоң эне арсар, күмөн ойго чалдыга, бирок сыр билгизбей небересинин көңүлүн улап, аста-секин башын ийкеди.

Ошондон баштап Чынаранын бийге да, жомокко да табияты мурункудай тартпастан, ар нерсени кармалап, өз алдынча чоң энесине табышмак айтууга далалаттанды. Анын эң алгачкы тапкан табышмагы бул: Үйдүн боорундагы чоң күзгүдөн өзүн көрүп, ары-бери секирип ойноп жатты да:

— Караса өзүн көрөт, бул эмне? — деп айтарын айтып алып борсулдап күлгөн боюнча, энесинин тизесине арта салынды. Кытылдап күлкүсүн тыйбай кубанган небересин чоң эне бооруна кыса кучактап тура калды:

— Акыл-эсиңден айланайын сексек! Кана, кайра айтчы, табышмагыңды?

Чынара башын көтөрсө, энеси экөө алиги күзгүдөн даана көрүнүүдө. Апакай колун тепеңдетип, тигине дегенсип, күзгүгө карай шилтеди.

— «Караса өзүн көрөт» —деген тиги күзгү эмеспи.

Чоң эне небересинин алкымынан, чачынан, колунан жыттагылап: Ооба, ооба, «караса өзүн көрөт» — деген табышмактын жандырмагы күзгү. Жыгылдым сага, сексегим. Болду эми, элдин көзүнчө көп дөөрүбөй жүр, макулбу? — деп карыган неме жакасын кармап, тобо кыла ичинен кобурады.

Чоң энеси кубаттап жыгылдым деген соң, Чынара эдиреңдеп шерденип калды. Акырын басып, эки колун аркасына кайрып, бычакты катып турду да:

— «Нанды да, этти да кесет», ал эмне? — деп сурайт энесинен. Анын бар кыймылын абайлаган чоң эне шар кетет:

— Ал бычак эмеспи, секелек?

Дептерди койнуна катып:

— «Сүрөт тарткан, кат жазган» эмне?

— Кагаз,— дейт энеси.

— Таптың. Жыгылдым чоң эне — деп, текилдеп барып аны ордуна коёт да, башка бир буюмду алып келет. Баары бир кайсы буюмду жашырып туруп табышмактатып айтпасын, чоң энеси дароо эле таап коёт.

Бара-бара чоң энесинин тапкычтыгы небересине анчейин жагыңкырабады. Чынаранын табышмактан кызыгы тарап бараткан-да, чоң энеси чыны менен эле бир нерсеге оозун ачып айта албай койсо болобу.

Ал мындайча башталды. Эртең менен чоң эне терезеден көзүн айырбай, беш кабат үйдүн таманындагы чоң көчөдө биринен сала бири өтүп зып-зып кубалашкан кичине-чоң машиналарды, жашкары дебей догдогон элди карап телмирип олтурган. Чынара ар кыл сервиздер толгон буфетти карап далайга мурчуюп ойлоно берип, анан бутун артына шилтеп, чоң энесине дабышсыз жетти да, этектен булкту:

— Чоң эне, «ичи толгон идиш». Ал эмне? — деди мостоюнку.

Бир чети зеригип, көңүлү алагды болгон эне эмне экенин дароо таппай калды.

Небересинин колу-башын караса мурункудай катып алган эчтеме жок. Чынара чекилдеп энесине тыңсына:

— Эхе, таппасаң уят болосуң. «Ичи толгон идиш». Ал эмне? Кана айтчы? — Чоң эне ары ойлонуп, бери ойлонуп тажаган соң, дагы эле Чынарага тигилди. Бала неме канчалык амалданайын деген менен көзүн бажырайтып, ирмебей кадалып, «ичи толгон идиш» кире бериш бурчта турган буфет экенин билгизип койду.

— Арам сексегей, «ичи толгон идиш» — дегениң тигил эмеспи? — деди чоң эне мойнун созуп.

Чынара үтүрөйө:

— Атын айт, ал эмне экен? — деп тырсылдады. Мына чоң эне дал ушул жерден карматты. Анткени, идиш салган буюмду көрүп турган менен анын аты эмне экенин билүүчү эмес. Үкөк дейин десе, ага окшобойт. Сандык дейин десе буга да окшобойт. Өзү болсо өмүрүндө мындай буюм урунуп көргөн эмес. Бул буюмдун келинуулунан уккан аты такыр эсинен чыккан. Ан үстүнө айтууга оозу да эп келбейт. Чоң эне о далайга дейре телмирип турду да, ичиндеги гана идиштер түгүл, сырты да күзгүдөй жалтыраган жаңгак жыгачынан жасалган буфетке барып, ары-бери карап тилсиз дапдаарыды. Жылга-жылга бырыш баскан чекесинде чыбырчыктаган терди ээгинен чала байланган жоолук учу менен сүрттү. Окуучусунан жооп күткөн мугалимден бетер «качан эми» деп торсоюп кыймылсыз тигилген бакыраң көз, сексек чач небересин карап аргасыз жылмайды:

— Сакалдуу киши колго түшөрбү деген ушул, сексегей. Бул жаңынын асыл буюму. Айтчы өзүң, тилим келбейт.

Чоң энесинин үнү колдурап, мурункусунан өөн учураганы аз келгенсип, тилим келбейт деп, буюмдун атын таппай кыйналганы Чынаранын жарпын жазды. Ал кызыл көйнөгүнүн кат-кат бүктөмө кош этегин делдиретип, тегеренип мактанычтуу бийлеп, чыңкылдап үнүн созду:

— Энекемдин тили келбейт, тили келбейт. Тай-рай-рай! Тайрай-рай!..

Анысы аз келгенсип чекчеленденп кыйнап кирди:

— Чоң энеси билбесе кызы уят болот да. Үйрөтөйүн сага. Кана буфет деп айт.

Чоң эне үстүнкү тиши жок эрдинен жел чыгара:

— Пупе, вувед — дей берди.

— Ай яй-яй... — деди Чынара бөрсөйгөн кош эринин чормоңдото. — Бу-фе-т,— дебейсиңби?

Чоң эне кичинекей небересинин чекчейип өзүн деле салабаттуу кармаганына карабастан, тыбырчылатып жерден эңип, көнүмүшүндөй өөп-жыттагылап, жүдөтүп жиберди:

— Мээси бөксөргөн карыган энеңди, өмүрүндө урунбаган буюмду сурап, тантытпай жүр, сексегей. Макулбу? Экинчи минтпейсиңби?

— Макул эле, макул,— убадасын берип жатып арадан зорго кутулду, Чынара чоң энесинин уйпалаганынан.

Чынара убадасын бат эле танды. Ага эми чыны менен табышмактан сонун эч нерсе жоктой сезилди. Энеси экөө отурганда, жатканда эң кызык эрмеги табышмак. А дегенде чоң энесин кыйнайт. Ал баягы төрт табышмагын баштап келатканда эле: «мурундун каны», «жаңгак»... деп нары бурчатпайт. Өзү болсо мурдагысындай кыйналбастан, ар бир көзүнө көрүнгөн нерсе жөнүндө бат эле табышмак айта салат. Кийинки күндөрү электр шамы жөнүндө: «Өзү эле илинип турат, үйдү жарык кылат», телефон жөнүндө: «Чыр-чыр этет, колума алсам Москвадан атам сүйлөшөт», телевизор жөнүндө: «Энем экөөбүз үйдөн театр көрөбүз» ал эмне?..

Шаардык буюм-теримди көрсө да атын билбеген, же тили келбеген карган эне небересинин оболуна көнүп, бир чети табалбай оозун ачып, ыңгайсыз абалда калып, кичинекей кызына тамаша салса, экинчиден, өзү да сексегейинин тез илип кеткен зээндүүлүгүнө ичинен ыраазы.

Айтор чоң энесинин бардык табышмагы төрттөн ашпай кайра-кайра башынан түшө берсе, Чынаранык көбөйгөндүн үстүнө көбөйүүдө... Чоң эне менен небере эртели-кеч бош кездеринде табышмак айтышып олтурушуп, бир айдын кандай тез өткөнүн да сезбей калышты.

Күндөрдүн биринде сырттан басылган коңгуроо үйдүн ичин жаңыртты. Чынара чуркап чыгып, кайра колуна бир бөртүм кагаз кармай кирер замат, көзүн бакырайтып, кыйтылыңдап эки-үч тегеренип бийлеп кыйкыра сүйлөдү:

— Жаңы табышмагым бар! «Атам, апамдын келерин билдирген кагаз».

Ал эмне?

— Кат,— деди чоң эне.

Чынара жообун тактай:

— Телеграмма. Кел экөөбүз чогуу айталы «теле-грамма!» Чоң эненин аны ээрчип кайталаганы бул:

— Дил-ги-рем!

— Мен муну почтальонго окутуп туруп алдым. Атам, апам эртең Москвадан самолётко түшүп келебиз дептир. Карап тур, чоң эне, атам менен апама келер замат табышмак айтып оозун ачырам. Алар бар эмеспи, жомоктон башканы такыр билишпейт. Жомок, жомок деп эле отурушат. Акылдуу энекем десе. Көп-көп табышмактын баарын сен үйрөттүң... Чын, чын ээ...

Аңгыча телефон шыңгырап, Чынара Москвадан атасы менен оозмо-ооз сүйлөштү... Чоң эне капкара баркут кемселинин өңүрүн кайрып, небересин тизесине отургузду да, үлпүлдөгөн кош саамайынан карган арчанын тамырындай тарамыштары бутактана көгөрүп сыртына чыккан ичке манжалары менен жай гана кайра-кайра сылагылап, угулар-угулбас кобуроодо.

— Ооба сексегейим, сенин зээниңден, акыл-эсиңден курман кетсин чоң энең. Алтымыштагы менин билгеним төрт ооз, алтыга чыга элек сексегейим, сенин билгениңе эсебим жетпейт. Таали-

миң, тарбияң, заманаң, дооруң ушундай. Сенин көргөнүң, укканың көп. «Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет» деген эл оозундагы макал калетсиз тура. Жаратканым жаныңды бек кылсын. Аман-эсен чоңойсоң, акылдуу адам болосуң сексегейим...

Карт энесинин сөзүнө уюгансып, көңүлү шат небереси Чынара да кирпик серппей, бөйтөйгөн эрдин чормойтуп, алакай көзүн бакырайтып, чоң терезеден көргөн көктү тиктөөдө. Мүмкүн, атасы, апасы учуп келүүчү самолёт жөнүндө табышмак ойлоп жаткандыр. Мүмкүн, төгөрөктүн төрт бурчун чарк айланып учкан жердин жандоочусу жөнүндө табышмак ойлоп жаткандыр. Мүмкүн!..



# ДҮЙШӨН СУЛАЙМАНОВ

Дүйшөн Сулайманов 1929-жылы Сокулук районундагы «Белек» айлында, азыркы «Дружба» колхозунда туулган.

Дүйшөн Сулайманов 1948-жылдан бери жазат. Анын кыргыз жана орус тилинде балдар үчүн жазган «Менин досторум», «Менин белегим», «Сыйкырдуу сандык», «Алтын куш», «Биздин айылдын балдары», «Аттын жонуна бышкан коон», «Жолборс терисин жамынган музоо», «Кара моюн», «Меке чал», «Мен эмнени жек көрөм», «Камчыбектин саякаты», «Нан», «Мактанчаак бөжөк», «Алдардын жоруктары» сыяктуу китептери жарык көргөн.

## КАМЧЫБЕКТИН САЯКАТЫ

Деги Камчыбекти кантсем экен? Кишинин жанын койбойт. «Жүрсөң тигил жакка, жүрсөң бул жакка» деп тынчыңды алат да турат. Колу-жолу бош болгондон кийин ага эмне, өз ишин бүтүрсө болду да. Чынында эле мен андан жадап кетем. Анысы аз келгенсип ал:

«Чымчыктар эмне үчүн үй кушу эмес?», «Тооктор эмне үчүн сууда сүзбөйт?», «Балыктар эмне үчн кургакка чыкпайт?» — Мына ушундай ондогон суроолорду берип эсимди эки кылат. Рас, айрымдарына эптеп-септеп жооп берсем да, айрымдарына жооп табалбай «кийин чоңойгондо билесиң» — деп кутулам. Бирок ал менин бул сөзүмө ого бетер жабышып алат да:

«Сен чоң эмессиңби, эмне үчүн билбейсиң?» — деп өзүмдү уяткарат. Чынымды айтайын буга уялып калам. Анымды билдирбес үчүн «Сураганыңды токтот, болбосо түк эч нерсе айтпайм» — деп коркутуп коём. Камчыбек ага таарынбайт:

«Макул сурабайын» — дейт. Бир аздан кийин эле дагы бирдемелерди ойлоп таба коёт да кайра сурайт. Бирок бул үчүн мен Камчыбекти жемелебейм. Ар нерсени билүүгө далалат кылганы үчүн аны жакшы көрөм. Өз оюмда: сураса да мен билгендерди, мен көргөндөрдү сураса экен деп турам.

Бүгүн экөөбүз тең эрте турдук. Ал менден мурда оокатын ичти да, сыртка чуркап чыгып кетти. Бир аздан кийин укурук жасап алып сүйрөп үйгө кирди да:

— Аалы байке, бул укурук менен түлкүлөрдү кармоого болобу? — деп сурады. Мен эмне дээримди билбей күлүп жибердим. Чынында өзүңөр эле калыс болгулачы, түлкүнү укурук менен кармоого болобу? Бул күлкү келтирерлик эле суроо эмеспи?

— Укурук менен түлкүнү кармайт деп кимден уктуң? — дедим мен ага жылмая карап. — Түлкүнү тайганга алдырат же капканга түшүрүп алат. Түлкүлөрдү көбүнчө кышында кармайт, карда анын изи калат, ошол изине, көп баскан жерине капкан коёт. Ал эми жайдын күнү анын изин кантип кууйбуз. — Мен түшүндүрүп айтып жаттым. Бирок менин бул акылмандуулук сөздөрүм ага анчалык деле таасир кылган жок окшойт. Ал минтип айтты:

— Сеники туура, байке. Бирок түлкү кекиликтердин, кыргоолдордун балапандарын жеп жатпайбы. Аны жакшылап издесек эле укурук менен кармап алабыз. Менин тилимди деле алып койсоң, байке. Мени токойго ээрчитип барсаң?! Мен эч качан токойдо боло элекмин. Буюрса түлкүнү да кармап алабыз да...

Мындай учурда Камчыбектен кутулуу оңой эмес. Ал бир нерсени беттеп алса, аягына чыкпай койбой турганын мен жакшы билем. Камчыбектин суроосун канааттандырбаска болбой калды. Эмнеси болсо да аны токой менен тааныштырууну чечтим.

Ошентип экөөбүз токойду карай жол тарттык. Тим эле кой десем болбой Камчыбек баягы укурукту сүйрөп жөнөдү. Мен атамдын дүрбүсүн асынып, колума узун таяк алдым. Токой өзөндүн имерилишиндеги кара асканын алдында эле. Бат эле суу жээктеп барып калдык.

Токой суунун жээгинде болгондуктан, өзөндү кечип өтүшкө туура келди. Суу бир топ эле чоң экен. Адегенде мен кечип чыктым. Баягы укуруктун пайдасы тийди. Жиптин бир учун Камчыбекке карматып , укуруктун сабын өзүм кармадым да, инимди суудан өткөрүп алдым. Ошондо Камчыбектин сүйүнгөнүн айтпа. Ал улам эле: «Байке, укуруктун пайдасы тийди ээ»,— дей берди. Албетте, мен «ооба»,— дегенден башка эмне айтмак элем. Чынында эле Камчыбектин укурукту алып алганы туура болгон экен. Кийин да анын көп пайдасы тийди. «Керектүү таштын оордугу жок» — деген атамдын сөзүн эми да бир жолу эсиме түшүрдүм.

Күн ачык эле. Тиги кара асканын боорунан каргалардын какылдаганы, көгүчкөндөрдүн күүлдөгү угулат. Асканын башында жорулар айланат. Бирок Камчыбек аларга назар салган жок. Анын караганы тал-теректер менен ак кайындар, долоно, шилбилер. Албетте, Камчыбек баягы суроолорун бере баштады. Мен

өзүм билген өсүмдүктөрдү, бадалдарды көрсөтүп, алардын бири-биринен кандай айырмасы бар экендигин айтып берип жүрдүм. Ал баарынан мурда жапайы алмаларга, кызыл мөмөсү бар долонолорго тигиле карайт. «Мөмөсүн жесе болобу? Буларды ким тиккен?» — деп сурайт. Алардын жапайы экенин, тигил биздин огородубуздагы алмалар ушул жапайы алмалардан кыйыштыруу аркылуу алгандыгын айтып бердим. Кожогат, карагаттар али бышпаса да Камчыбек алардын мөмөсүн үзүп оозуна сала бериптир. Муну колдору менен оозу көпкөк болуп калганынан байкап, анын чийки экенин, көп жесе ич оорута тургандыгын айттым эле, мындан кийин Камчыбек мөмөлөрдү үзүп жегенин койду.

Ар түркүн куштардын сайраганы, бакырганы, чырылдап-чыйылдаганы кулак тундурат. Ала каргалар, таандар узун кайыңдардын бутактарына чоң-чоң уя салышкан. Чыйырчыктар, таранчылар экиден, бирден болуп тал-теректердин бутактарына салган уяларынын оозунда олтурушат. Бутакта олтурган жапалак үкүлөр. Оздорун ачып, жем сураган балапандардын баштары көрүнөт. Камчыбек аларды өз көзү менен көрүп турса да, менден дүрбүнү ала коюп карайт. Бутактан уча качкан сагызгандын кайсы бадалга барып конгонун көрүүгө аракеттенип: дүрбүнү ошону карай сунат. Анан олтура калат да жыгачтардын арасын карайт. Анын жерден эмне издеп жатканын сурайм. Ал: «Түлкүнү карап жатам. Көрсөк эле кармайбыз» — деп жооп берет. Анын бул жообунан түлкүнү көрүүгө аябай ынтызар экени байкалат. Ушуга жараша куу түлкү бир жолу болсо да көрүнүп койсо боло деп ойлойм. Албетте, биз ойлогондой эле боло бербесин билем, бирок түлкүнү көрүүгө өзүм да кызыгам. «Мүмкүн көрүп калаарбыз»,— деп Камчыбекти сооротом.

Убакыт өтүп жатты. Бир кезде Камчыбек мени колумдан тартып жерге олтура калып:

— Сен уктуңбу? — деп кулак түрүп тыңшады. Мен да уктум. Бир коркунуч болгондо куштар дал ушундай чырылдап жиберишет. «Кыязы куштун уясына бир нерсе коркунуч түшүрүп жатса керек. Азыр алар балапан чыгарып жаткан кез эмеспи» — деп ойлодум. Камчыбек да ушундай ойлогон окшойт. Экөөбүз бири-бирибизди тиктеше калдык да, үн катышпастан алдыга карай шашыла бастык. Бир аз басканда эле менин бутумдун алдынан ак каш чымчык бырп этип уча качты. Анын артынан экинчиси учуп, туура жактагы долоно жыгачына барып конуп калды. Экөө тең куйруктарын сороңдотуп тынчы кетип чыйк-чыйк үн катышат. Камчыбек экөөбүз улам алга баскан сайын ого бетер чебеленип чырылдашат: улам бир бадалдын бутагына коно калышып, кайра учуп биздин төбөбүздөн айланышат.

Биз эки жагыбызды, буттарыбыздын алдын теше карап бараттык. Камчыбектин тынчсызданганын айтпа. Кайра-кайра менден сурап калат: «Түлкүнү көрүп коркуп жатышкан го я?» Мен анын суроосуна жооп берген жокмун да: «Алдыңды абайлап бас» — деп койдум.

Аңгыча ал:

— Балапан экен! — деп жерге отура калды. Мен да көрө коюп айттым:

— Уясынан түшүп кеткен тура!

Чөптүн арасында оозун аңырдай ачып чыйпылдап жаткан, буттары тарбайган, башы чоң, тал канаттары чыгып калган балапан экен. Камчыбек аны оң колу менен жерден алып, сол колунун алаканына салды. Камчыбек кобурап коёт: «Түлкүнүн көрбөй калганын көрсөң». Менин буга күлкүм келет. Анан күлбөй турган жорукпу, эки сөзүнүн бири эле кайдагы бир түлкү. Түлкү жөнүндөгү апамдын айткан жомокторду анын эсинен чыккыс болуп калса керек деп ойлойм...

Балапандын эне-аталары чырылдап-чыйпылдап, биздин үстүбүздөн кайкып учуп өтүшөт. Алар мындан башка эмне кылышмак? Балапанга тийбе деп жатышпайбы. Биз деле аны түшүнөбүз. Бирок аларга жардам берген жатканыбызды тигилер кайдан түшүнсүн. Бир кезде чымчыктардын бирөө Камчыбекти канаты менен башка чаап кетти.

— Булар жинди го я. Мен силердин балапаныңарга тийбейм! — деди Камчыбек ордунан тура калып.

— Албетте, биз жардам беребиз, ал эми жардам бербей өлтүрүп коё тургандар да бар эмеспи,— дедим мен. — Булардын душманы азбы?

— Түлкү жеп коёт да,— деди Камчыбек мурчуя.

— Албетте, түлкүдөн да башка булардын душманы көп. Эми эмне кылабыз?

— Багып албайбызбы? — деп Камчыбек мени карады. Анын көздөрүнөн балапанды аёо сезими көрүнүп турду. Бирок ал балапандарды багуу канчалык кыйын экенин билбейт да. Аларга жем берүү керек. Алар күчүк эмес, үч-төрт маал сүт берип койсо жата бере турган. Буларга курт-кумурска, көпөлөк, чегиртке кармап аз-аздан берип туруш керек. Ушунун өзү эле канча убакытты алат.

— Жок,— дедим мен. — Мунун уясын издеп таап, ошого салып коюшубуз керек. Уя ушул жерде, издейли.

Камчыбек дарактардын башын карап, ары-бери элеңдейт. Ал эми ар бир бадал уядан куру эмес. Бул балапан кайсы уядан түшкөнүн билүү да кыйын эле. Ошентсе да, мен балапан жакын эле жердеги уялардын биринен түшкөнүн күмөн санаган жокмун. Бир кезде кайындын бутагындагы уяны карадым. Чыйылдап оозун ачкан эки балапандын баштарын көрө койдум. Аңгыча тигил чыйылдап учуп жүргөн ак каш чымчыктар да келип коно калышты. Мына ушундан улам тигил балапан ушул уядан кулап түшкөнүнө бекем ишендим. Эми балапанды алып барып уяга салуу гана калды. Мен өз оюмду Камчыбекке айттым. Ал буйдалып турган жок. Балапанды этияттык менен чөнтөгүнө салды да, кайың жыгачына жармашып чыга баштады.

Ак каш куштар жан алакетке түшүп чебеленип учуп жүрүштү. Алар Камчыбектин жан-жагынан чырылдап кайкып, канаттарын дирилдетип өтүп жатышты. Эгер колдору болсо Камчыбектин тө-

бө чачынан кармап жогору көтөрүп учуп кетчүдөй. Чынында да бул көрүнүш мага ушундай элес берди.

Камчыбек бат эле чыгып барды да балапанды уяга салып кайра түшө баштады. Ушундан кийин гана балапандын ата-энелери тымтырс болуп калышты. Биз да балапанды өз уясына салганыбызга эми толук ишендик.

Ак каш чымчыктар уянын кырына олтуруп калышты. Уядагы балапандар моюндарын созуп чырылдап жатышты. Мунусу тамак жегибиз келет деп жатканы эле.

Мына ушул балапандар менен болгон окуя Камчыбектин турмуш жолундагы биринчи окуя эле. Биз кетип бара жатканда ал менден минтип сурады:

— Эми түлкү балапанды жей албайт ээ?

— Ооба, эми жей албайт. Сен чоң иш иштедиң, балапанды түлкүдөн сактап калдың,— деп мактап койдум. Бул сөзүмө ал мурдун дердеңдетип кубанып, укуругун сүйрөп алып алдыга жөнөдү. Мындан кийин ал түлкү жөнүндө сураган жок...

## II

Бул окуя бир нече күндөн кийин болду. Камчыбек экөөбүз дагы токойдо жүргөнбүз. Камчыбек майда бадалдарды аралап жөнөдү. Бирок күтпөгөн жерден тып токтой калды. Бир канатын жерге сүйрөгөн кызыл ала кооз куш бизди көздөй качырып сала берди да, аксаңдаган бойдон өтүп кетти. Камчыбек аны кармап алмакчы болуп артынан кууп жөнөдү. Мен ага бекер эле убара болуунун кереги жок экенин айтсам:

— Канаты сынык экен, буттары да аксак экен. Кармап алып багат элек,— деди ал өкүнгөндөй.

— Ал кыргоолдун корозу,— дедим мен,— бизди алаксытып жатат. Анын канаттары да, буттары да соо.

— Ал кандайча? — деп сурады Камчыбек таң кала.

— Кекилик, кыргоол, каракурлар ушундай куу болот.

Бул кыргоол жакын жерде жумуртка басып жатса керек. Ошол уясынан бизди адаштырып жатат,— дедим мен.

— Андай болсо уясын таап, жумурткаларын көрөбүз.

Мен ага муну айттым:

— Кокус анын жумурткаларын кармап койсок, анда кыргоол жумурткасын таштап, балапан чыгарбай кетип калат.

— Булар балапандарын да таштап кетип калышабы. Анда жаман куштар го.

— Жок, балапандарын эч бир куш таштабайт, жумурткасын таштап кеткен учурлары бар. Эгер балапандары болсо, сөзсүз, кайра кайрылып келет,— дедим мен.

— Сөзсүз, балапандарын таштабас керек. Ошентсе да уяны издеп табалы,— деди Камчыбек.

— Ашыкпай коё тур, бир аз күтөлү. Биз убара болбойбуз. Эгер балапан чыгарса өзү эле көрсөтөт,— дедим Камчыбекке өз билгендеримди айтып.

Бул сөздөрүмө Камчыбек ишенди көрүнөт, көңүлү жай боло түштү. Экөөбүз катар өскөн чоң түп карагандын түбүнө жашынып олтурдук. Бир топ убакыт өткөндөй болду. Камчыбектин чыдамы кетип, уламдан-улам тура калып карайт. Мен аны колунан тартып олтургузуп коём. Бир кезде кыргоолдун чаар ала мекияны башын койкоңдотуп, бизге жакын эле жерден чыга калды. Камчыбек:

— Бул жанагы эмес, башка экен,— деп мага шыбырап айтты. Мен ага бул кыргоолдун ургаачысы, жанагы биз көргөн корозу экенин айттым. Ушул учурда тиги кыргоол «кыш-кыш» этип үн чыгарды эле, жер алдынан чыга калгансып, бир топ балапандар дүмүрөңдөп аны көздөй жөргөлөштү. Алар өтө эле кичинекей, кээ бирөөлөрүнүн жондорунда аппак бир нерселер топчудай болуп жабышып жүрөт. Баамымда алар жумурткадан чыгып, жарык дүйнөгө келгенине бир аз эле убакыт болсо керек. Балапандардын жондорундагы жумуртканын кабыктары ушуну айтып турду. Ошентсе да алар дыр коё чуркап, бирдемелерди терип жеп жүрүштү. Албетте, мунун өзү табигый закондуулук болчу. Ар бир жаныбардын өзүнө тийиштүү, түйшүктүү турмуш тиричилиги, жашоо жолу бар экендиги белгилүү да.

Кыргоол тоок сыяктуу «кыр» деп койду да балапандарынын алдына түштү. Балапандар болсо энесинен калышпай тоголонуп-жумаланып, анын артынан ээрчип бара жатышты. Бул көрүнүш кадимки эле биздин үйдө жүргөн тооктордун турмушунан эч айырмасы жок эле.

Кыргоол бизден узап кетти. Камчыбек аларды ушунчалык кызыга карап отурду дейсиң, ал ордунан козголуп да койгон жок, тек катырып койгон сыяктуу.

— Дагы эмнени карап жатасың? Алар кетип калбадыбы? — дедим мен.

— Таң каларлык,— деди ал мага бурулуп,— бая күнкү ак каш чымчыктардын балапаны менен булардын айырмасы көп экен. Жумурткадан жаңы эле чыгып чуркап жүрүшөт. А тигилер бир нече күн өтсө да баса алчу эмес.

— Дал ошондой. Таң кала турган нерсе жок. Сен абдан туура айтып жатасың. Анын да себеби бар: кээ бир канаттуу куштардын балапандары: өзгөчө даракка, жарга уя салгандары жумурткадан чыккан кызыл эт болот, ошондуктан аларды эне-аталары уясында бир нече күнгө чейин тамактандырат, канат-куйругун жетилтип учууга жараганда гана жерге түшүрөт. Ал эми жумурткадан чыгаар менен эле басып кеткендери да бар экенин сен азыр эле өз көзүң менен көрдүң. Мындайча айтканда, чоң куштар: тоок, улар, каракур, күрптөрдүн балапандары дал ушундай болушат. Буларды өз өмүрүңдө дагы бир нече ирет көрөсүң. Ошондо ага өзүнчө баа бересиң.

Камчыбек менин бул сөздөрүмдү ынтызар коюу менен угуп, бардыгын көңүлүнө түйүп жаткандыгы анын көз карашынан байкалып турду. Ансыз деле анык баамчыл экенин мен мурда эле билчүмүн. Камчыбектин көргөндөрү, билгендери ал үчүн кичинекей болсо да чоң табылга экендигине шек жок.

Силер да муну эсиңерге түйүп койгула.

### III

Жайдын толук кези. Камчыбек экөөбүз жайлоодо болчубуз. Баягыдан кийин ал токойго барууну абдан жакшы көрүп калса керек, таятабыздан сурап калды:

— Таята, бул жерде токой барбы?

— Бар эмей,— деди таятам,— тетиги кырды ашсаңар эле токой. Эмне, баргыңар келеби?

— Барбаганда анан, анда түлкү да барбы? — деп сурады Камчыбек мурдун теңирендетип. Мен күлүп жибердим. Деги ал түлкүнү унутпас болду. Бир жакка чыкса эле түлкү анын оюнан кетпейт.

— Түлкү бар эмей, аны токойго барсаңар эле көрөсүңөр. Жапайы чочколор да бар,— деди таятам, анан сурап калды. — Эмне, ат токуп берейинби?

— Ат болсо абдан жакшы эмеспи, болбосо жөө деле барып келебиз, андан көрө дүрбүңүздү бериңиз,— дедим мен. — Мылтык алсак жакшы болоор эле,— Камчыбектин сөзүн таятам жактырган жок. Өңү өзгөрүлө түштү:

— Кой, айланайын, мылтыктын кереги жок. Андан жалкып калган жайым бар. Бералбайм,— деди да болгон бир окуяны биздин эсибизге салды. — Өткөн жылы Кумар деген жылкычынын силердей эки баласы ошол токойго мылтык алып барыптыр. Анан сагызган атам деп чоңу кичинесин атып алыптыр. Дагы өлбөй калганы жакшы болбодубу. Бирок бир колу эч нерсеге жарабайт, чолок болуп калды. Деги мылтык атып токойдогу жан-жаныбарларды чууга түшүрүүнүн эмне кереги бар. Алар да адам сыяктуу, тынч, бейпил жашаганды жакшы көрүшөт. Куштарды көрүп, алардын сайраганын угуп, жорук-жосундары менен эле таанышып алуунун өзү да чоң иш. Эгер мылтыксыз барбайбыз десеңер өзүңөр билгиле, барбай эле койгула. — Ал жасап жаткан казыгын бүттү да, ордунан туруп үйдөн жыйырма-отуз метр жерге барып кага баштады.

Камчыбек экөөбүз бири-бирибизди карап калдык. Мунубуз көпкө созулган жок. Камчыбек биринчи болуп сөз баштады:

— Таята, мен жөн эле айткам. Мылтыктын бизге кереги жок. Мен атканды билбейм.

Мен унчуккан жокмун.

— Андай болсо, бүгүн кеч болуп калды. Эртең эртең менен баргыла. Мен ат токуп даярдап коём,— деди.

Таятамдын бул сөзүнө макул болдук да, биз күндө кыла жүргөн ишибизге — чоң суудан балык кармоого жүрүп кеттик.

Бизди эртең менен эрте ойготту. Таятам бизди атка мингизди. Мен ээрге миндим. Көрпөчө салып Камчыбекти артыма учкаштырды. Таянем курсагыңар ачканда жеп алгыла деп нан-эт салып, бир боз баштыкты канжыгабызга байлап берди. Мен дүрбүнү мойнума асып алдым.

— Баргыла эми, жолуңар ачылсын! Кокус жыгылып калбагыла. Сак болгула,— деди таятам биз бастырып бара жатканда артыбыздан.

— Коркпой эле койгула, биз сак болобуз,— деп кыйкырды Камчыбек артын карап.

Биз күн чыгыш жактагы кырды бет алып бара жаттык. Бир аздан кийин кырдын этегине жетип кыя жолго түштүк. Жай бастырып бара жатканбыз.

— Кыбыратпай бат эле жүрсөң,— деди Камчыбек эки буту менен атты чандырга тепкилеп. Кытыгысы барбы ким билсин, атыбыз бурула түшүп эки арткы бутун көтөрүп мөңкүмүш болуп койду. Биз буга маани берген жокпуз. Өзү кашаң ат көрүнөт, улам өөдөлөгөн сайын араң эле жылып калды. Мен эки бутумду тындырбай теминем, камчы менен моюнга чапкылайм. Камчыбек улам аттын соорусуна жылмышып кетип, кайра мени бекем кучактап бери жылып отуруп келаткан. Бир кезде атыбыз канчалык тартсам да болбой, кайра артына бурула калды. Кокту жакта жылкылар жүргөн экен, ошолорду карап кишенеп жиберди. Эптеп жатып башын буруп кыялап жөнөдүк. Бир кезде дагы артына бурулду.

— Камчыны мага берчи,— деди Камчыбек. Мен үн катпастан суроосун канааттандырдым. Ал антип-минткенче болбой атты чандырга эки-үч жолу чаап жиберсе болобу. Ат күүлөнүп туруп эки жолу секирди эле, экөөбүз тең аттын үстүнөн кулап түштүк. Ат болсо төмөн карай желген бойдон кете берди. Камчыбекти билбейм, менин анчалык деле эч жерим ооруган жок.

— Кетсе кете берсин, жөө деле барабыз,— деген Камчыбектин сөзүн угуп аны карадым. Уйдун жампасына жыгылса керек, бети-башы карала. Мен күлүп жибердим. Ал да күлдү. Мен го эмнеге күлгөнүмдү өзүм билем, Камчыбек эмнеге күлдү?.. Жөн эле аттан жыгылып калганыбызга күлүп жатса керек деп ойлодум. Чынында, өзүбүздүн атка бекем олтура албаганыбызды айтып ого бетер каткырып күлдүк. Көрсө биз ал аттын сырын таятамдан сурабай калыппыз. Мындан кийин эсте болсун дедик.

Ордубуздан туруп, бат эле кырга чыгып бардык да эс алып отурдук. Алдыбыздагы өзөндөн чоң токой көрүндү. Токойдун дал ортосун жарып чоң суу агып жатат. Аны жөө киши кечип өтө албайт, атырылып катуу агат. Кирген убакта ат-төөлөрдү да агызып кете турганын айтып жүрүшөт.

Биз дүрбүнү алып алмак-салмак токойду, андан аркы төрлөрдү карап жаттык. Адегенде токойдон учуп-конуп жүргөн сагызгандарды, кара карга, чар каргаларды, көгүчкөн, чөкө таандардан башка эч нерсе көрө алган жокпуз. Биздин үстүбүздөн жорулар айланып учуп, аркы кырды ашып кетип жатты. Ал жакта кандайдыр бир тарп болсо керек.

— Жорулар өлгөн жаныбарлардын гана этин жешет дейт го?— деп сурап калды Камчыбек.

— Ошол туура,— дедим мен, анан элден уккандарымды айтып

бердим. — Жорулардын бүркүттөрдүкүндөй тырмактары жок. Ошондуктан башка айбанаттарды алып жешке күчтөрү келбейт. Ооруп өлгөн текелердин, түлкү, карышкырлардын этин жеп кетишет. Ошентип, жугуштуу оорулардын жапайы айбандарга, куштарга жугуп калышына жол бербейт. Ошондуктан аларды канаттуу санитар деп аташат.

— Биринчи угушум, анда жорулар пайдалуу куш турбайбы,— деди Камчыбек менин сөзүмө таңдана, анан баягы адетинче өз оюн айтты. — Биз жоруну кармап алып, үйрөтүп алсак кандай сонун болоор эле. Анда мен аны ээрчитип алып көчөдөгү сөөксактардын баарын ошого жедирээр элем. Ошондо мени бардык балдар, ээрчип алышмак.

Камчыбек кызык. Ал кайдагы бир кызык ойлорду айтып кыялдана берет. Ал жоруну үйрөтүп алгысы бар. Бирок жоруларды үйрөтүү оңой ишпи? Деги аларды үйрөтүп ээрчитип жүргөндөрдү көз менен көрүп, кулак менен уккандар бар болду бекен? Чын эле аны кармап алып үйрөтсө эмне үчүн болбосун деген ойду өзүм да ойлоном. Мен Камчыбекке күлүп айттым:

— Сен жоруларды биринчи жолу үйрөткөн дүйнөдөгү биринчи дрессировщик болосуң! — Камчыбек менин шылдыңдап жатканыма көңүл бурган жок... Кайра:

— Болсо болом. Арстандарды үйрөткөн адам, жоруларды да үйрөтөт,— деп өз оюн бекемдеди. Албетте, бул иштин канчалык пайдалуу-зыяндуу экендигин териштирген жокпуз. Жору жөнүндөгү сөздөр ушуну менен кала берди.

Ушул учурда токойдун четинен оозуна бир нерсе тиштеген түлкү көрүнө калса болобу? Камчыбек түлкүнүн сүрөтүн китептен гана көрүп жүргөн. Тирүү түлкүнү көрө элек болчу. Түлкүнү биринчи болуп Камчыбек көрдү.

— Токойдун четинде кандек баратат. Оозуна бир нерсе тиштеп алыптыр,— деп дүрбүнү мага бере койду. Карасам түлкү экен.

— Түлкү экен! — дедим.

— Түлкү! Түлкү! Куу түлкү! — деп ал ордунан тура калып токойду карай чуркап жөнөмөкчү болуп обдулганда, мен аны токтотуп айттым:

— Баары бир сага карматпайт. Андан көрү кайда барып, эмне кылар экен, карап туралы.

Камчыбек эңсеп жүргөн түлкүнү көрүп, бардыгын унутуп, бүт көңүлү түлкүдө болуп калганын көрүү кыйын эмес эле.

— Куу түлкү кекиликти тиштеп алса керек. Же балапан болду бекен?! Байкуш, бекер өлүм болду ээ. Мүмкүн тирүү чыгар. Жүрсөң кубалайлы!

— Түлкү бизге жеткирмек беле. Анын да балдары болсо керек. Андан көрү карап туралы,— дедим. Камчыбек мага таарынгансып эч нерсе айтпастан, түлкү кетип бара жаткан жакты карап көзүн айырбай турду. Бир кезде түлкү желип-жортуп калың бадалга кирип көрүнбөй калды. Биз канчалык күтсөк да ал көрүнгөн жок.

— Жапайылардын турмушу ушундай. Алы жеткендери алсыз-

дарын жеп күн көрүшөт,— дедим акырында Камчыбекке. Ал бул сөзүмө толук түшүнбөсө да күңк этип өз оюн айтты:

— Мылтык болгондо түлкүнү атып салат элек!..

Биз дагы дүрбү салып карап отурдук. Күн ысып кетти. Мындай учурда токой ичи аябай үп болот эмеспи. Бир кезде эки мамалагын ээрчитип аюу чоң суунун жээгинде турганын көрдүм да:

— Камчыбек, сен көрдүңбү? — деп сурадым.

— Жок, эмнени?

— Мамалагы бар аюу турат, суу жээгинде!

— Кана, берчи мага дүрбүнү,— Камчыбек менин колумдан дүрбүнү тарткылады. Мен дүрбүнү ага берип, токойдун баш жагындагы ачыктагы суунун жээгин карагын дедим. Камчыбек бир топко чейин көрө алган жок. Акыры менин жардамым менен аюуну дүрбүгө илиндирди да, андан көзүн албай быдылдап сүйлөп жатты:

— Эки мамалагы ойноп жатат. Энеси сууну тиктеп турат. Чоң аюу экен! Кокус бизди көрүп кубалап жүрбөсүн?! — Ал тынчсызданып дүрбүнү көзүнөн алып, качалыкпы дегендей мени карады:

— Коркпой эле кой,— дедим мен. — Ал бизди көрбөйт, алыс. Көрсө да балдарын таштап бизди кубалабайт.

Камчыбек аюуну кызыга карап турса да, энтендеп коркуп турганы байкалып турду.

Аңгыча болбой аюу мамалактарын айдап сууга түрттү. Мамалактар сууну бир аз кечип келет да, кайра артка бурулуп жээкке чыга качат. Аюу экөөнү тең түрткүлөп жүрүп бир топ убара болду. Биз бул окуяга түшүнө албай аң-таң болдук. Суудан кечип чыккан жатат деп ойлодук. Эми аюу суунун ортосуна чейин келип сууга оонап жата калды да, кайра туруп жээкте күрөшүп жаткан балдарын карады. Анысын биз: «суу тайыз, келгиле, менин артыман ээрчигиле» — дегени го деп түшүндүк. Бирок мамалактар энесин карап да койгон жок. Ошондо ал жээкке кайра чыкты да, бир баласын кучактап көтөрүп келип сууга салды. Мамалак кайра тура калды да жээкти карай жанталашты. Бирок энеси аны кайрадан кармап алып дагы салды. Мамалак бир аз агып барып жээкке чыгып, силкинип-силкинип жиберип жогору карай качты. Энеси аны жөнүнө койду. Ал экинчи мамалагын сууга айдады. Мунусу өтө кежир көрүнөт, жата калып сууну көздөй такыр баспады. Анан ал баягысындай эле эки колу менен мамалакты көтөрүп келип сууга салып жиберди. Муну көргөндө Камчыбек сабырсыздана түштү.

— Бул жинди аюу го. Баласы сууга агып кетпейби,— деди. Мен ага аюулар сууга акпай турганын, сууда жакшы сүзө турганын айттым. Биз аюудан көз айырбай карап тура бердик. Тигил мамалак суу ылдый агып жөнөдү. Энеси жээк менен төмөн чуркады да сууга секирип түшүп, агып келе жаткан баласын кармап алды да жээкке чыкты. Анан өзү алдыга түшүп токойду карай жөнөдү. Эки мамалак анын артынан томурандап ээрчип алып токойго кирип кетишти.

Биз ушундан кийин гана аюу берки жээкке чыкпай эле мамалактарын суугa түшүрүүгө келгенин түшүндүк.

— Кадим эле адам сыяктуу экен, балдарын суугa түшүрөт тура. Ошон үчүн циркте ойноп жүрөт да,— деди Камчыбек мени карап. Мен:

— Аюулар акылдуу болушат. Тазалыкты ким жаман көрсүн. Сен дейсиңби, муздак суугa бети-колуңду жуубаган,— дедим. Камчыбек үн каткан жок, ойлонуп калганы сезилип турду.

Биз ушундан кийин эле үйгө кайттык, анткени Камчыбек токойго баруудан баш тартты. Кызы, ал аюудан коркту го деп ойлойм. Бирок мунусун ал билдирген жок. Аюу менен түлкүнү көргөнүн үйдөгүлөргө ал өзүнчө кумарлануу менен айтып берди... Анын сөздөрүн угуп бүткөндөн кийин таятам мындай деди:

— Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны деген кеп бар. Анын сыңарындай, үй күчүк болуп үйдө отурганча жер көрүп, көп нерселер менен таанышып, алардын сырын билип алганыңар жакшы. Силер билбеген көп, ошолорду көрүп таанып алышка талапкер болгула.

## IV

Жайлоодо күн салкын. Күндө эле бир маал жамгыр жаап кетет. Ошондон улам көпчүлүк балдар суугa түшпөйт. Анын үстүнө тоо суусу өтө эле муздак. Анткени тиги ак карлуу чокулардан агып келген суулар, жер алдынан чыккан булактар кошулуп отуруп чоң сууну пайда кылат эмеспи. Бирок мен андан коркчу эмесмин, түшө берчүмүн. Камчыбек мурда түшчү эмес, баягы аюулардын балдарын көргөндөн кийин эсине келдиби билбейм, бир топ күндөн бери чоң суугa түшчү болду. Кантсе да балдар аны суктана карап калышчу. Албетте аз-аздан жүрүп үйрөнүп кетти. Ошентип, Камчыбекти туурап башка балдар да түшчү болду. Чынында эле, Камчыбектин бул иши мактоого татыктуу го деп ойлойм.

Ошентип, кезектеги суугa түшүүгө бара жатканбыз. Күндөгү жерге түшпөй, айылдан бир топ алыс жерге барууга туура келди. Анткени ал жерден койчу-жылкычылар чогулуп чөп чаап жатышкан. Биз аларды да көрүп келмек болдук.

Суугa түшүп алдык да, чалгычыларды карай бет алдык. Чөп аралап келе жатканбыз. Камчыбек алдыда болчу. Бир кезде «баа» — деп бакырып жиберди да, артын карай жалт бурулду.

— Эмне болду, эмне көрдүң?! — деп сурадым. Ал мукактанып айтты:

— Эмне экенин билбейм. Тигине карабайсыңбы? — деп оң колунун сөөмөйү менен алды жакты көрсөттү. Балдар да көрүп калышыптыр.

— Жылан!

— Кирпи экен, Кирпи!

Алга жүткүнүп карасам, бир кирпи жыланды башынан тиштеп алып жерге басып калыптыр. Жыландын куйругу эле сороктойт. Биз жакын келдик. Менин жумушум бүттү дедиби, же бизден

корктубу, кирпи чөптүн арасына жөргөлөп кирип кетти. Жылан-дын чала-була жаны бар экен. Биз таш менен ургулап башын жанчып салдык. Бирок Камчыбек урган жок, аң-таң болуп карап туруп сурады:

— Кирпи эмне үчүн жыландан коркпойт?

— Ар ким өз душманынан ар түрдүү жол менен коргонот,— деди мага теңтуш Бейшен деген бала,— кирпи жыландан коркпойт. Ал жыланды өзүнө жакын жолотпойт, аны андып туруп мойнунан тиштейт да, жерге басып алат. Жылан аны ороп алып, кысууга аракет кылат, бирок моюндан тиштеп койгондон кийин, канча аракет кылбасын, өлдү дей бер. Ошондуктан кирпилер жүргөн жерде жылан аз болот. Китептен окугам,— деп кошумчалады ал сөзүнүн аягында. Мен туура дегендей баш ийкедим.

Эмнеси болсо да кирпинин жыланды өлтүргөнү Камчыбекке чоң таасир берди көрүнөт:

— Өзү кичинекей болсо да эр жүрөк экен. Кирпини өлтүрүүгө болбойт тура. Өгүнү Чоной бир кирпини менин көзүмчө таш менен уруп өлтүргөн. Кап, бекер кылган экенбиз, мындан ары эсте болсун,— деди өкүнүп.

Мен Камчыбектин ушунусун жакшы көрөм. Ал бир нерсеге бачым түшүнөт да, андан өзүнчө жыйынтык чыгарат. Азыр да анын оюн бекемдеп:

— Ошент, эмкиден кийин зыянсыз жаныбарларга тийбе. Алардын ар кимисинин өзүнчө пайдасы бар,— дедим.

V

Биз кирпи жөнүндө ар ким өз билгенибизди айтып, кужу-кужу сүйлөшүп келатканбыз. Аңгыча болбой менин алдыман бир кекилик жылт этип жөргөлөп барып учуп кетти. Баарыбыз анын учкан жагына карап калдык. Кандай да болсо уя баскан кекилик дедик да, анын уясын издеп бат эле таап алдык. Уяда туура он алты жумуртка бар экен. Өңү көгүш. Балдар жумуртканы бөлүп алып кетишмек болду. Бирок Камчыбек да, мен да ага каршы турдук.

— Муну кайнатып жегенден курсагыңар тойбойт.

— Бул жумурткадан балапан чыгат, андан көрү балапандарын алып багып чоңойтобуз,— деди Камчыбек өз оюн айтып.

Ары кетип, бери кетип жатып балапандарын алууга макулдашып, уянын турган жериндеги чөптөрдүн башын байлап белгиледик да чөпчүлөргө жөнөдүк.

Эртеси Камчыбек «көрүп кетелик, жумурткаларды» деп сурап туруп алды. Экөөбүз эч кимге көрүнбөй баягы жерге келдик. Уя бар. Жумурткалар жок.

— Тиги балдар алып кетишкен тура, жүр ошолордон сурайбыз,— деди Камчыбек эдиреңдеп. Мен анын оюна макул болдум. Келип балдардан сурасак, алар албагандыктарын айтышты. Бул

кандай? Чын эле кекилик жумурткасын башка жакка алып кеттиби? Камчыбек экөөбүз таятамдан сурадык эле ал күлдү да:

— Эгер жумурткасын киши көргөнүн сезип калса, бир эле түндө жумурткасын ташып кетет, же ал уяга келбей коёт, силерди ырас гана таш жалак калтырыптыр,— деди.

— Андай болсо эң жакшы экен. Эми он алты балапан чыгарат. Балдары менен болот. Иши кылып душман колуна кетпесе болгону,— деди Камчыбек.

Ошентип, Камчыбек экөөбүз тоодогу турмуштун дагы бир кичинекей сырын билгенибизге ыраазы болдук.

## МАКТАНЧААК БӨЖӨК

Токойдо бир сур бөжөк жашады,
Алыска угулду анын «атагы».
Балдар, тыңшап тургула эми,
Ошол бөжөктүн жоругун айталы.

Бул бөжөк башкалардай эмес,
Ага жакчу эмес берген кеңеш.
Бирок угуп койгула, силер да,
Айтыш кыйын ал бөжөктү кеңкелес...

* * *

Чынында эле бул бөжөк башкалардан айырмаланып турчу. Башка бөжөктөрдү жан катары эсептөөчү эмес. Аларды кордоп:

— Силер кеңкелес! Мен баатырмын! Акыл да, айла да менде. Секиргенден, чуркагандан жеткирбейм силерге! — дечү төшүн койгулап.

Ата-энеси ага көп мактануу жаман экенин дайыма эскертип жүрдү. Бирок бөжөк алардын акылына кулак каккан жок. Айткан жообу бул болду:

Өзүмдү өзүм билем,
Өтүгүмдү төргө илем!
А мен ойной албаймын
Өңчөй макоолор менен!

Мындан кийин токойдогу бөжөктөр аны «Мактанчаак» — деп чакырып калышты. Ошентип анын аты Мактанчаак аталып кетти. Мактанчаак менен башка бөжөктөр ойнобой турган болушту.

Бирок биздин мактанчаак ага капа болгон жок, кайра сүйүндү.

— Мен силердей сур бөжөктөр менен ойнобоймун! Мен өзүмчө жүргөндө ким болсо да тааныйт. Силерди бир-бириңерден ажыратыш да кыйын. Кете бергиле, коркоктор, узун кулактар! — деп кыйкырып жүрдү.

Ошентип, бадалдын түбүндөгү коңулга үй жасап алды да жалгыз жашап жүрө берди.

Албетте, биздин Мактанчаак али жаш эле. Быйыл жазында гана туулган. Ал жакшы менен жаманды да, жаз артынан жай келээрин да, жайдан кийин күз, анын артынан кыш болорун да

билчү эмес. Ошондой болсо да, өз оюнда баарын билем деп ойлоочу.

Биздин бөжөк бир нерсени жаман көрчү: эмне үчүн башка коёндорго окшоп сур болуп калган? Эмне үчүн ал кара, жашыл, ак болуп калбады экен. Андай болгондо тиги сур бөжөктөрдөн даана бөлүнүп турмак. Бирок ал бул суроого өзүнчө жооп бералбайт эле. Анын бардык оюу: сур бөжөктөрдөн айырмаланып туруу.

Мына эми күз да кирип келди. Токойдогу дарактардын жалбырактары түштү. Тал-теректер менен чөптөрдүн да өңү сур. Боз туман чалып, айлана-тегерек да сур тартып турду. Бул мезгилде айбанаттардын да, куштардын да өңү мезгилге жараша өзгөрдү. Бирок тиги бөжөк аны билген жок.

Мактанчаак үйүнөн чыга калып, карагайда олтурган жапалак үкүдөн сурады:

— Жапалак, Жапалак! Мени карачы, мен кандай болуп өзгөрдүм! Чоңоюп да калдым. Жүндөрүм да башкача!

Ансыз да күндүз көзү жакшы көрбөгөн үкү төмөндө турган коёнду карады да:

— Сен баягы эле сур бойдонсуң. Андан башка мага эч нерсе көрүнбөйт,— деди.

Бул жооп биздин Мактанчаакты аябай капа кылды. Өзгөрбөгөнү кандай? Эмне үчүн ал башка бөжөктөрдөн айырмалана албайт?

Күн өтө берди. Күн суук тартты. Кыш да келди. Токой ичи ак карга оронду. Бирок Мактанчаак кыш келгенин билген жок.

Ал эртең менен тура калды да, бети-колун жуунуп жатып, өзүнүн жүндөрү аппак болуп калганын көрүп, аябай сүйүнүп кетти, ырдап да жиберди:

Мен өзгөчө коёнмун,
Өзгөлөрдөн оёнмун!
Аппак болгон тонум бар,
Артык болчу оюм бар!
Мындай тонду ким билет,
Менден башка ким киет?
Баарыңар келип көргүлө,
Ким экеним билгиле!

Ал сүйүнгөн бойдон үйүнөн чуркап чыкты. Өзүнүн аппак коён болуп калгандыгын башкаларга көрсөткүсү келди. Андан башка аппак коён эч жерде жок, болгон да эмес! Анын оюу боюнча ушундайча эле. Ал өз көзүнө өзү ишенген жок. Айлананын баары: бадалдар да, жер да аппак. Мактанчаак карды биринчи жолу көрүп отурбайбы. Ошондуктан ал бул көрүнүшкө түшүнө алган жок.

Мактанчаак аң-таң болуп карап турду да, карагайда олтурган Жапалак үкүдөн сурады:

— Жапалак, Жапалак! Карачы, менин тонум кандай аппак. Мурдагыдан жакшы бекен?!

Жапалак үкү болсо ордунан козголбостон, эки кулагын тикчийтип жерди карап:

— Эч нерсе көрүнбөйт. Бардыгы аппак. Сенин алардан эч айырмаң жок,— деди.

Жапалактын көзү жакшы көрбөсө да, ал чындыкты айткандыгын биздин бөжөк өзү да жакшы сезди. Ал башкалардан айырмалана албаганына катуу өкүндү. Бир нече күн үйүнөн чыкпай жатып калды.

Ушул арада күн жылуу тийип, кар кетип, жер карайып калды. Эми айланада Мактанчаактан башка эч бир ак нерсе жок эле. Ал үйүнөн чуркап чыгып, карагайда олтурган Жапалак үкүгө кайрылды:

— Жапалак, Жапалак! Мени жакшылап карачы. Эми мага окшогон эч нерсе жок!

Жапалак үкү кулактарын тикчийтип жерди карады да:

— Эң сонун! Жерде сенден башка эч нерсе көрүнбөйт. Сен аппаксың. Сен эң эле сулуусуң! — деди.

Биздин бөжөк андан ары чуркап жөнөдү. Карагайда конуп олтурган чымчыктар чырылдашты:

— Эң сонун коён экен! Аппак экен!

Кайында конуп олтурган сагызган:

— Ак тонуң кут болсун! Бирөөлөрдүн көзү түшпөсө болду! — деп шакылыктады.

Биздин бөжөк жапайы торопойлордун жанынан өттү.

Алар:

— Укмуш экен, аппак экен! — дешип мурундарын көтөрүп карап калышты.

Биздин бөжөк токойдо көңүлдүү ырдап баратты:

Мен өзгөчө коёнмун,
Өзгөлөрдөн оёнмун!
Аппак болгон тонум бар,
Артык болчу оюм бар,
Мындай тонду ким билет!
Менден башка ким кият!
Баарыңар келип көргүлө,
Ким экеним билгиле!

Ал токойду аралап баратып чынар теректин бутагында олтурган чоң үкүнү көрдү да, ага кайрылды:

— Үкү, үкү үргүлөбөй мени карачы. Мендей сулуу, мендей аппак бөжөктөрдү көрдүң беле?

Тигил кадимки үкү болчу. Анын көздөрү балбылдап турат. Бул үкүлөр күндүз жакшы көрбөйт, ал эми түнкүсүн бүркүттөр менен кармашуудан коркпойт.

Картаң үкү көздөрүн ачып-жуумп, карайган жерде кулактарын серейтип турган аппак бөжөктү көрө койду. Анын курсагы ач эле.

— Аппак экенсиң, эми менин курсагыма кетесиң! — деди да канаттарын күүлөп качырып сала берди.

Мактанчаак качып жөнөдү дейсиң, буттары жерге тийсе тиет, тийбесе жок! Албетте, ал күлүктүгүнөн гана аман кутулуп кетти. Калың бадалдын арасына кире качты.

Мактанчаак көпкө чейин жатты. Анан демин жыйып, барды-

гын унутуп койду да, кайрадан токойду аралап секирип жөнөдү. Токойдун ачыгына чыга бергенде аны кызыл түлкү көрүп калды. «Балдарыма жем табылды» — деди да. Мактанчаакты кууп жөнөдү. Бөжөк кулактарын жапырып, жерге андан-мындан бир тийип качып берди. Түлкү болсо куйрукту жаадай сунуп жиберип анын артында келатты. Ким билсин, мүмкүн биздин бөжөк түлкүгө жем болмок, бирок ачык талаага чыкканда асманда айланып жүргөн бүркүт түлкүнү көрүп качырып сала берди. Көп узатпай түлкүнү илип алып, көтөрүп учуп кетти.

Бөжөк мындай коркунучка экинчи жолу дуушар болгондуктан, үйүнөн үч күнгө чейин чыккан жок. Сыртка чыгып, шырт эткен дабышты укса эле дыр коюп үйүнө кире качып жүрдү.

Бирок үчүнчү күнү ал кайрадан баягы ырын ырдап, токойду аралап келе жатып даракка жөлөнүп олтурган картаң карышкырды көрө койду да:

— Сен кимсиң? Эмне үчүн кебетең жаман? — деп сурады. Карышкыр ак бөжөктү көрө койду да:

— Мен карышкырмын, сени жеймин! — Ал ордунан тура кууп калды. Бөжөк безип жөнөдү. Ушул учурда мылтык үнү «тарс» этти. Карышкыр көмөлөнүп кетти. Бөжөк артын кылчайып кароого да чамасы келген жок, үйүнө кире качты. Ал эми карышкырды болсо токойчу аткан.

Мактанчаак башынан өткөргөн окуяларга аябай капа болду. Эмне үчүн башкалардан бөлөкчө ак болуп калганына өкүндү. Анын оюнча ал башкалардан ак болгону үчүн ушундай кырсыктуу окуяларга жолугуп жаткандай болду. Бирок ал кандайча кылганда ак болбой калат? Мезгилге жараша коёндордун өңдөрү да өзгөрүп турарын ал кайдан билсин.

Кар жаай баштады. Кайрадан токой-талаа, карагай-бадалдар ак карга оронду. Мактанчаак жалгызсырай баштады. Ошентсе да башка бөжөктөргө барып көрүнүүнү ойлоду. Анткени алар өзүндөй ак эмес, баягыдай эле сур болуш керек. Ушул оюна жеңдирди да, бөжөктөрдү издеп токойдун экинчи четине барды.

Чынында бүгүн аны эч ким кууган жок. Ал келе жатып аппак бөжөктөрдүн ойноп жатканын көрүп, таңдана токтой калды. Бөжөктөр да көрө коюшуп:

— Мактанчаак келди! Мактанчаак келди! — дешип анын алдынан жабыла тосуп чыгышты.

Мактанчаак эми гана өзүнүн тигилерден эч бир айырмасы жок экенин билди да:

— Достор, туугандар! Мени Мактанчаак дебегиле. Мен түшүндүм, мындан ары силер менен бирге боломун,— деди да өз башынан өткөргөн окуяларын аларга айтып берди.

Бөжөктөр аны ортого алып, ырдап-бийлеп жүрүштү.



# ШАТМАН САДЫБАКАСОВ

Прозаик жана акын Шатман Садыбакасов (1932—1983) Жумгал районундагы «Дыйкан» колхозунда колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн.

Автордун биринчи китеби «Пейил» деген ат менен 1958-жылы жарыкка чыккан. Кийинки учурларда ал «Күндөр» аттуу роман, «Бир үзүм жалын» деген повестти жазган.

Ш. Садыбакасовдун балдарга арнаган «Сонун бала» жана «Күзгү» аттуу аңгемелер жыйнагы бар.

## БИЛЕМ

— Сен чоң атаңды билбейсиң,— деди чоң энеси.

— Билем... билем чоң атамды.

— Кантип билесиң?

— Мальчиш-Кибальчишти билесиңби?

— Аның ким эле,— деди чоң энеси түшүнбөй.

Мирлан оозундагы шилекейин кылк жутуп алды. Ага бирөө ушундай суроо бергенде оозуна шилекейи топтолтура болуп калчу.

— Мальчиш-Кибальчиш деген, ал биздин советтик бала. Ал Кызыл аскер болгон. Ал будёновка кийген. Чекесине кызыл жылдыз тагынган. Ал ат минген, аты кыйын күлүк болгон. Колунда жаркылдаган кылыч бар, буржуйларды кубалаган. Чоң атам ошенткен, туурабы? Билет бекемин?

— О-оо, сен чоң атаңды билет экенсиң. — Чоң эне Мирланды маңдайынан сылады,— айланайыным, ошентип аталарын билген

жакшы болот. Бүгүнкү жыргап жүргөнүңөр оңой-олтоң келе койгон эмес.

Мирландын оозу дагы былкылдап кетти:

— Билем,— деди ал шилекейин жутуп,— бала бакча жок болчу, электр жок болчу. Балдар жаман ойногон...

Чоң эне бырс күлүп алды.

Мирлан асманга көзү өтүп чыйылдап жиберди:

— Реактивный... тигине, Нестеров петлясын жасап жүрөт.

Чоң эне небересинин сөзүнө толук түшүнгөн жок, апапак жол калтырып, күндүн кулагына ойноп бараткан реактивдүү самолетко да көзүнүн курчу жетпейт эле.

Баары бир ал небересине кубанып олтурган.

Баланын «билем» дегенине чоң кишилер кантип кубанбасын...

## АПАМА АЙТАМ

— Төкпөсөң боло,— деди апасы.

— Өзү эле. Мына,— деди Азимжан мурчуюп. Ошентти да, кашыкка сузган сүтүн «өзү эле» төгүп койду. — Мына.

— Қашыкты түз кармабайсыңбы?

«Сүт өзү төгүлсө деле ишенбейт». Азимжан апасына таарынды. Оюнчуктарына барды. Алар менен коштошту: «Қошкула эми. Аман-эсен калгыла. Мен кеттим» — деди ал жашып. «Қой, кете албайсың, сен кайра эле келесиң» дегендей маймыл оюнчугу ырсайды.

— Жок, такыр келбейм,— деди да, апасына карап да койбой эшикке жылып чыкты. Качты... Чуркады... Түнт токойду аралады.

Анан адашты...

Жолунан коён жолукту.

— Менин үйүм кайда, байке? — деди андан.

— Сен каякка бараттың эле?

— Апаман качып...

— Аа, апаңан качсаң сага эчтеке айтпайм,— деди коён мурдун былкылдатып, көзүн бакырайтып. Анан сереңдеп чуркап кетти.

Азимжанга эми түлкү жолукту.

— Менин үйүм кайда, байке?

— Сен каякка баратасың, бала? — деди түлкү кылтыңдап, жылмаңдап.

— Апаман качып...

— Аа, апаңан качсаң, анда сага сүйлөбөйм. — Түлкү да булаңдап, шойкумданып кетип калды.

Анан Азимжанга майпаңдап аюу жолукту. «Үйүм кайда десем бу деле айтпайт» — деп Азимжан тултуюп унчукпай койду. Аюу да унчукпай бышылдап, анын бети-башын жалап кирди. Өзгөчө мурдунан көбүрөөк жалады.

— Апама айтам! — деди Азимжан чаңырып.

Ошенткенде аюу жаланып-жаланып, шашпай дөңкөйүп ары ба-

сып жөнөдү. Эми бирдеме чыкса: «Апама айтам!» — деп кыйкырат. Бу «апама айтам» деген жакшы сөз экен.

Бирок, эми жолунан эчтеме жолукпады. Азимжан коркуп өңгүрөп ыйлап ийди. Ал ыйлаганда токой шуудурады, жан-жаныбарлар жайнап чыкты.

— Э-эй, ыйлаба, үйүңө бар,— деди бир чымчык.

— Э-эй, бу бала мени таш менен урган! — деди экинчи чымчык.

— Бу баланы мен жейм! — деди карышкыр тишин шакылдатып.

— Койгула! Баланын эсин чыгарбагыла! — деп бир көк арча карышкырды жаткыра чапты да, Азимжанды колунан жетеледи.— Жүрө гой, ыйлаба. Мындан кийин үйүңөн качпай жүр.

Бак-дарактын баары аны ээрчип алды. Жолдон аксаган бир кайың жолукту. Кайың да аксайбы?!

— Сен эмне аксайсың?

— Бир бутагымды сен сындырбадың беле,— деди кайың.

«Эмне үчүн сындырдым экен?»

...Азимжан үйүнө киргенде баягы оюнчук маймылы ырсайып күлдү. Оюнчук болсо да Азимжан аны карай албай уялды. Бул эмне мага күлөт? «Шашпа, эртең апама айтам» деп кекенди. «Апама айтам» деген абдан жакшы сөз экенин оюнчуктар али биле элек болсо керек...

## ИШЕНБӨӨ

Иттин көңүлү жай, бүгүн мышык экөө достошот. Мындан кийин экөө бирин-бири көргөндө мурундары тырышпайт, эч ким да аларды бири-бирине «кас» деп айтышпайт. Басса-турса эле «ав-ав» дечү ит шимшип жүрүп тапкан бир кесим майын алды да мышыкты издеп жөнөдү.

Баятан капарсыз күнгө кактанган мышык иттин шыбыртын алда кайдан сездиби, жерге андан-мындан бир тийип зымырады.

— Токто... сага достошкону келдим... токто... — Ит мышыктын артынан чуркады.

«Мени чындап кубалаган экен» — деп мышык андан бетер качты. А ит болсо: «Бүгүн чыгынганда достошоюн, эртең унутуп калам же майымды өзүм жеп салсамбы»,— деп артынан бучкактады. Мышык тикенди араласа, тикенди аралады, тешиктен өтсө тешиктен өттү, эмнеден секирсе ошондон секирди...

Мышык жан талашып теректин башына чыга качты. Караса иттин тили салаңдап, көзү кызарган.

— Ит! Иттигинди койбодуң... Эмне кубалайсың?

— Мышык? Мышыктыгыңды койбодуң... Эмне качасың?

— Сен эмне кубалайсың?

— Сен эмне качасың?

— Сен эмне кубалайсың?

Сага дос болоюн деп...

— Калп... кубалап достошосунбу?

Кыйкырышып жатып экөөнүн үндөрү да бүттү.

— Алдагы агарган эмне? — деди мышык теректин башынан.

— Май... сага берейин деп,— деди ит төмөндөн.

— «Бул алдап атат. Ит кантип мага дос болсун»,— деп мышык теректен түшпөдү.

Күн жаап кирди.

«Мейли, күн жааса... Колумда май турганда достошпосом, кийин такыр ишенбейт»,— деп ит кетпеди.

«Ии, бул күндүн жааганына карабай мени аңдыды»,— деп мышык терекке улам өйдөлөп чыкты.

Экөө бири-бирине ишенбеди.

Жаан көнөктөп төгө берди.

## МЕБЕЛЬ

«Мебель алабыз... Мебель алабыз»,— деп жүрүштү атам, апам. Мен да көчөдөгү балдарга мактандым:

— Биз мебель алабыз... Мебель алабыз.

Эрик аны билбейт экен: «ал эмине, техникабы» деп сурады.

— Эң сонун бирдеме... Эң сонун. Сага сөзсүз көргөзөм,— дедим.

Бир күнү кирсем эле үйүбүз кооз болуп калыптыр. Жыгач дейин десем күзгүдөй жалтырайт. «Оми-ий» деп кармалап жибердим.

— Кокуй, токто, булгайсың, колуңду жуугун,— деди апам.

Жуунуп, аарчынгандан кийин мебелди көрөт экен.

Ошентип, мен мебель менен таанышкам.

Мебель турган төркү үйгө кирип баратсам эле апам «шымыңды чечип кир, колуңда мык жокпу, чийип ийбе, чукуп ийбе» деп текшерип турат. Эмне үчүн антет, билбейм. Менин төркү үйгө такыр киргим келбей калды. Ал жактын терезеси сонун болчу: дарактардын башында чымчыктар ырдап олтурчу, жазында чыйырчыктар келип кончу, чабалекейлер кубалашып ойночу. Алар эми мебелдин ар жагында калышты. Бир күнү мурдум кычышып, танаомон суу акты. «Кокуй, этиң от менен чок, ооруп калыпсың» деп апам мебель-комнатага жаткырып койду. Мен ооруганыма аябай сүйүндүм. Акырын туруп терезеге бардым: курсактары чоңчоң чымчыктар олтуруптур — түндө Индиядан учуп келишсе керек. Балдар суу кечип жарышып жүрүшөт. Эрик башына жыртык чака кийип чуркап баратыптыр, белине жалбырактарды байланып алыптыр.

— Эрик! Эрик, беркел. Мени көрдүңбү?!

— Аный, барбайм, апаң урушат,— деди Эрик.

— Апам үйдө жок!

Эрик кирип келди. Ал мебелди көргөн жок. Колу суу, шымына баткак жабышып калыптыр.

— Токто, шымыңды чеч,— дедим мен Эрикке.

Ал эчтеме түшүнгөн жок.

— Колуңда мык жокпу? Чийип ийбе, чукуп ийбе... биздин мебель...

— Канакей мебель? — деди ал дагы эле көрбөй.

Аңгыча апам кирип келди, ал Эрикти колунан кармап эшикке чыгарды.

Ошондон кийин Эрик биздикине баш бакпайт.

Менин апам эң жакшы, апамы эч кимге теңебейм, жалтыраган мебелге дагы.

Апам, кээде атам да мебелин кебез менен сүртүшөт. Баары бир мен мебелге абдан капамын. Көп мебелден көрө мага төркү үйдүн терезеси жакшы болучу.

Өзүмдүн бул оюмду апама, атама айта албай жүрөм.

## АТ ЖАКШЫ КӨРГӨН БАЛА

Асылтай бажырандап сүйүнүп үйгө кирди:

— Мени ат жыттап койду. Мени ат жакшы көрөт!

— Калпычы,— деди Абылтай ага ишенбей. — Ат жакшы көргөндү билбейт.

— Билет! Жүрчү, көргөзөйүн.

Экөө жетелешип мамыга байлануу аттын жанына барышты. Асылтай акырын алдыга өттү да аттын тизгинин кармап, көкүлүнөн сылады. Ат былк этпеди, ооздугун шылдырата башын салаңдатып Асылтайдын иймейген колун жыттады, тумшугун ийинине сүйөдү.

— Сага сүйлөп атабы? — деди Абылтай, аттын кыпкызыл таноосунан, арсайган тиштеринен коркуп.

— Сүйлөгөн жок. Жакшы көрүп атат.

— Эмне үчүн жакшы көрөт?

— Мен аны сугаргам. Арыктын боюнан өткөзгөм. — Асылтай дердейип койду. Атты мамыдан чечип, аркы дүмүргө тартып минип алды.

Абылтай ат каякка басса ээрчий чуркап, ат менен Асылтай экөөнүн бири-бирин жакшы көрүшкөнүнө сүйүнүп, өзү да ошондой болсом деп кыйкырып жүрдү:

— Асылтайды ат жыттап койду! Асылтайды ат жакшы көрүп койду.

Бир күнү Абылтай аттын жанына барды да, кулагына шыбырады:

— Ой, ат. Мени жакшы көр,— деди сөөмөйү менен көзгө сайып. Ат селт этип башын көтөрүп, кайрадан үргүлөп туруп алды.

— Ой! Мени жытта. Жакшы көр,— деди атты кекетип. Ат дагы эле унчукпады. Абылтай анын мурдуна муштумун такап чаңырды.

— Ат! Сени өлтүрөм!

Ат кулагын тикчийтип, ооздугун качыр-качыр чайнады. «А-а, коркутуп салдым» деп ойлоду Абылтай:

— Мени жакшы көрбөсөң өлтүрөм! — Ал чөнтөгүндөгү мыгын алды да, атты мурунга сайып ийди.

Ат таноосун тарсайтып, көзүн чакчарылта тикесинен секирди. Абылтай бакырып жыгылды.

Ошондон кийин Абылтай атка жакындабады. Жакындаса эле кулагын чунаңдатып, кошкуруп, көзүн чакчаңдатат.

Асылтайга болсо антпейт. Ал каякка жетелесе же минсе деле каалаган жагына кете берет. Аны бу көчөдөгү балдар, ал тургай чоң кишилер да «Ат жакшы көргөн бала» деп аташат. Мына, Абылтайдын иниси Асылтай! Шаарга кеткиче чоң атасынын атын минип, көп жерге бастырып жүрдү. Абылтай бир да жолу өзүнчө минип бастырган жок.

Кызык, эмне үчүн Асылтайды ат жакшы көрдү? Эмне үчүн Абылтайды жаман көрдү?

## БИР ТҮП БУУДАЙ

Мен талаадагы чоң таштын түбүндө олтурам. Жанымда тилин салаңдатып, акактап Сапаке жатат. Экөөбүздүн төбөбүздө бир карыш дагы жылып койбой асмандагы күн турат.

— Эй, Сапаке?

Сапаке ыкшыйып карады, анын бир көзү сокур — былтыр башка иттерге кошуп жарыштырганда артта калган, анан ызаланып шиш менен көзгө сайып ийген болчумун. Көзү айыкканча мени ээрчибей таарынып жүрдү. Эми деле колуна шиш кармаган бирөөнү көрсө куйругун кыпчып, каңкылдап качып жөнөйт.

— Сапаке, алдагы эмине чөп?

— Мен чөп эмесмин, жакшы бала,— Сапакенин мурдунун учун сайгылаган саргыч чөп өзү сүйлөдү. — Мен... мен буудаймын!

— Буудаймын?! Буудаймын дейсиңби?

— Жакшы бала, мен буудаймын. Сенин апаң мени нан жасайт. Аны сен жейсиң, көп жейсиң.

Мен таңыркап, оозумду ачып карап калдым.

— Сен таңыркаба, Мирлан.

— Сен менин атымды кайдан билесиң?

— Билем. Сен нанды ыргыткансың. Эсиңдеби, бир жолу нанды тээп ийгенсиң.

Эсим чыгып кетти, бир жолу нанды билбей ыргытып ийгем; апам мени жазалаган болучу: «дүйнө жүзүндөгү эч бир адам, ал тургай айбан дагы нанды ыргытпайт» деген болучу атам. Ошону бул талаада жатып кайдан билип алган?

— Сен, Мирлан, башыңды көтөрчү, тетиги өзөндөгү кылкылдаган буудайды көрдүңбү, ай-ай, карачы...

Талаа кылкылдаган буудай болчу. Мен өгүнү арасынан адашып кеткем. Буудайдын баштары мени чапкылаган, этимди ачыш-

тырган, кычыштырган. Шуудурап, желпилдеп түртүшүп, кабыктарын жарып дандары ырсыйып келатыптыр. Мына, буудай деп ошону айт, ошол нан болот! Ал мына бу кодойгон калпычы, буудайга окшош бирдеме го?

— Сен буудай эмессиң!

— Буудаймын. Мен да талаага жазында себилгем. Ошол жерден мени быякка кумурска көтөрүп келген.

— Кумурскабы?

— И-ии, кумурскага нан болмокмун. Ал кумурска өрттөнүп кетти. Сен өрттөдүң?! Билесиңби жазындагыны, колуңа ширеңке кармап келгениңи? Ушерге өрт койгонуңу? Аркы кара күйүк талтеректи карачы. Мен аман калгам, кумурсканын ийнине кулап түшкөм. Жазында жамгыр жаады — өнүп чыктым. Эми күн жаабайт, тамырымда ным жок. Же нан болбой, же жем болбой... Ах, бир ууртам суу... бир тамчы суу!

Мен кулагымдан бери өрттөнүп сууну көздөй чуркадым:

— Суу... Суу! Мен бейбаш болбойм, уктуңбу. Кашка суу, сен бир тал чөпкө, бир түп буудайга керек экенсиң!

## ГҮЛДӨРДҮ КИМ ЖАКШЫ КӨРӨТ

— Мен жакшы көрөм гүлдөрдү,— деди Асык гүлдөрүнө суу жайып.

— Сенден мен жакшы көрөм! — деди Кастай мактанып, гүлдөрүн жыттагылады, өпкүлөдү. Ошентти да, гүлдөрүн тырсылдатып үзө баштады:

— Мен катып коём.

Эртеси караса «катып койгон» гүлдөрүнүн өңү өчкөн, солуган. Бул эмнеси?

Асык гүлдөрүнө суу сээп жүрүптүр. Гүлдөрү кечээкиден да көп, кызыл-тазыл. Гүлдөрү да күлөт, өзү да күлөт:

— Мен гүлдөрдү жакшы көрөм... үзбөйм... багам...

Буга Кастайдын ичи күйдү, ыйлады. Гүлдөрү да шүмүрөйдү, солуп жатты. Кимиси гүлдөрдү жакшы көрөт?

## РОЗА

Роза шаардан такыр чыкпайт. Чыкса эле адашып, карышкыр жеп койчудай коркот.

Бир күнү, жайында машинеге түшүп кыштакты карай жөнөдү. Узак жол жүрүштү, анан аккан суунун жээгине токтошту. Балдар суунун жээгинде чуркап жүрүштү. Роза гана сууга жолободу, жылан чагат, бака тиштейт деп коркту. Жан-жагын карап, кымырынып олтуруп, бир убакта кыйкырып жиберди:

— Э-эй, балдар! Кызык.. тигини карагылачы, уйга окшош экен...

Балдар кыраан-каткы күлүштү:

— Ал уйдун баласы... уйдун музоосу...

Мурдун таңырайтып, музоо да Розадан көзүн айырбады. Роза музоодон уялып жер карады.

## ЧЫМЧЫКТАР

Мен бул чымчыкты жакшы билем. Мойну сарала, кооз чымчык. Оозуна сөөлжан тиштеп, жан-алы калбай чыйпылдап ээрчип алган. Канаттары дирилдеп так төбөмдө учуп жүргөн. Колумду сунсам карматпай койгон.

Эми жаздыгымдын бир бурчунда олтуруптур. Кооз мойну шылкыйып калыптыр, кичинекей тумшугунан шуу эткен үшкүрүк чыкты:

— Эмне үчүн... Эмне үчүн балдарымды өлтүрдүң? — деди.

— Алар балдар эмес, балапандар...

— Балапандар менин балдарым... балдарым эмеспи,— чымчыктын мончоктой көзүнөн жаш агып кетти. Канаттары титиреп жыгылып калды, оозун араң ачып шыбырады. — Кана, балдарым... Алар сага эмне кылды? Эми мен кантем? Айтчы? Сережа... Сереженька...

Чымчыкка боорум ачып эчкирип ыйлап ийдим.

— Сережа. Сереженька...

Көзүмдү ачсам мандайымда апам олтуруптур. Түш көрдүңбү, эмнеге ыйладың деп сураган жок. Сураса да эмне үчүн ыйлаганымды айтпайт элем.

«Каралдым» деп күбүрөп көкүлүмөн өөп койду. Апамдын өзүн татынакай кооз чымчыкка окшоштурдум. Мени «Сережкалаганы» да чымчыктын чыйпылдаганындай угула берди.

Бетимди жуунуп алып токойго жөнөдүм. Токой биздин үйгө жакын. Шамалда жалбырактары шуулдап, туйлап, бирдемелери качырап сынып турчу.

Мен кечөөгү сарала чымчыкты издедим. Такыр таанибай койдумбу, же бир жакта балдарын эстеп чыйпылдап ыйлап олтурабы? Кайдасың сонун чымчык? Башка жакка учуп кетип калдыңбы? Кел, Сарала чымчык, мен сени таанибайм, сен мени таанып тургандырсың. Кел, Сарала чымчык, колума кон, көкүлүмө кон. Келгилечи, чымчыктар, канатыңарды сылагым келип атат. Ишенгиле чымчыктар. Мындан кийин силерге, силердин балдарыңарга да тийбейм. Ишенгиле чымчыктар.

Чымчыктар ишенбеди. Бирөө да көрүнбөй койду. Чыркылдаган кубанычтуу үндөрү угулбады. Токой арасы көңүлсүз. Токой арасы коркунучтуу.

Сережанын эси чыкты. Олтура калып ыйлап ийди. Анын ыйлаганы да чымчыкка окшош болучу.

— Тигине, Ысык-Көл чалкалап жатат,— деди чоң энеси колун шилтеп.

Алийса көзүн балбылдатып кирпигин ирмебей алды жакты тиктеди. Ысык-Көлдүн «чалкалап жатканы» анын көзүнө көрүнбөдү.

— Жарыктык, мөлтүрөп бышып турган убагы. — Чоң энеси дагы кобурады.

Алийса көзүн бекем жумду, анан кайра-кайра ушалап, жаап, ачып баары бир «мөлтүрөп бышып турган» Ысык-Көлдү дагы көрө албады. Ал безеленип жиберди:

— Чоң эне мен Ысык-Көлдү көрбөй атам. Кажерде турат?

Чоң энеси шыпшынып алды:

— Тигил эмне, көпкөк болуп жатпайбы, кубулжуп...

Алийса Ысык-Көлдү таптакыр көрө элек болчу.

Ысык-Көл жөнүндө көп эле уккан.

Ысык-Көл сонун... Эртең менен агарып, кечинде кызарып турат. Толкун жүрөт Ысык-Көлдөн... ачууланат Ысык-Көл, ойнойт Ысык-Көл.

Эми ошол Ысык-Көлдүн жанында турду Алийса. Көл акырын чайпалып, кыймылдап, жыңайлак бала басып бараткандай шырпылдап; бирде анын ушул шырпылдаганы энесинин шыбыраганындай угулуп кетти кулагына. Көлгө колун салды, энесинин койнундай жыпжылуу экен!

Эмеле көпкөк болуп турган көл эмеле апапак болуп, бети толтура күн болуп чачырап, чагылышып, учу-кыйырына көз жетпей, асман каякта, көл каякта экени билинбей; анын жээгине эмеле келишкен Алийса менен чоң энеси да көл болуп кубулуп турушту.

Алийса дагы көзүн жуумп безеленип жиберди:

— Энеке... энеке, мен кызык болуп кеттим.

— Асманды кара... асманды карачы.

Асманда, бийик булуттун үстүндө самолёт учуп баратыптыр.

— Эми көлдүн түбүн кара,— деди чоң энеси.

Ошол самолёт көлдүн түбүндө учуп баратыптыр караса. Көлдүн түбүндө булут да сүзүп, ак чардактар учуп жүрөт. Көлдүн түбүнөн дагы бир күн тийип туруптур. Көлдүн тереңинен дагы бир кыз тиктеп туруптур: Ал Алийса экен, жанында чоң энеси менен!

— Энеке... Энеке! Ысык-Көл күзгү... кимдин күзгүсү?

Чоң эне шыпшынып алды, көл менен Алийса экөө шырпылдабай сөз тыңшашты:

— Ысык-Көл баарыбыздын күзгүбүз... баарыбызга күзгү.

Илгери... илгери пери кыздар жашаган бул жерде. Канаттары жалтылдап булутка жуунуп учуп жүрүшчү. Тигил тоодон бул тоонун башына күлкүлөрү угулуп, тескейдеги көк шиберге ак чөлмөк ойношкон. Ой, кандай сонун күндөрдү өткөрүшкөн. Кайгы-капаны билишчү эмес. Бирөөнөн бирөө сулуу, бирөөнөн бирөө акылдуу болушкан. Бир күнү пери кыздын бирөө учуп баратып колунан

күзгүсүн түшүрүп жиберет. Жерге түшкөн күзгү көлкүлдөп эрип туш-тушка карай суу болуп агып жөнөйт. Ошондо кыркалекей тоолор агызбай тосуп калыптыр. Ысык-Көл ошо пери кыздын күзгүсү экен. Карачы, кандай таптаза күзгү?!

— Пери кыздар кайда чоң эне?

— Көлдүн түбүндө, эң тереңинде жашайт алар. Түнүчүндө, айдын жарыгында көлдүн үстүнө сүзүп чыгышат. Көлдүн жээгине олтуруп алышып, узун чачтарын таранышып созолонуп ырдашат. Алардын үнүн укканда асмандан жылдыздар жаайт, тоолор улам бийиктей берет, катуу шамал басылат. Ысык-Көл да эртеңине чейин мемиреп уктап калат. Көлдүн түбүндө... Эң тереңинде шаар бар. Ал шаар көлдүн үстүндө ай менен жылдыздарды жамынып калкылдап турганын көргөм.

— Көрдүң беле? — деди Алийса көзүн балбылдатып, таң калып. — Мага көргөзчү? Көргөзөсүңбү?

— Көрүнбөйт! — чоң эне кабагын бүркөп жерди бир тепти.

Алийсанын айланасы күр-шар этип, негедир мөлтүрөгөн бейкапар Көл тунарып, шарактап кайнап, көктү көздөй сапырылып, түрүлүп, күзгүдөй бычырап жатыптыр.

— Мына, жарыктык, көл ачууланды,— деди чоң энеси Алийсаны колунан жетелеп.

— Эмнеге... Эмне үчүн ачууланды?

— Тигини көрдүңбү.

Көл шаркырап чуркап келип топтомолок бирдемени ыргытып жиберди. Ал топтомолок аябай жаман топ экен, көлдүн жээгинен Алийсаны бутуна чейин кирдетип салды, күзгүдөй көлдүн үстүндө бир кочуш кара май кылкылдап, анын жыты мурунга урунду.

Чоң эне тигил топту аңгекке алпарып көөмп салды, анан жолду катар кобурай берди.

— Жарыктык көл... Күзгүдөй болгон айланайын... Күзгүнү таза кармашпайбы... Күзгүнү кирдетип бирдемелерди ташташат. — Алийсага эңкейип анын көзүнө үңүлүп сурады. — Билдиңби, көл булганганда, эчтеме көрүнбөй коёт. Көл ошого ачууланат. Сен да көлдү булгайсыңбы?

Алийса таңдайын шык эткизип, желбиреген бантигин кармалады.

— Жок!

Кечинде ал бантигин апакай жууду, бети-колун да кайра-кайра жууду. Эртең татынакай болуп алып көлгө барат, балким пери кыздарга жолугат же көлдүн түбүндөгү шаарды көрөт. Таза, күзгүдөй көлдөн баары көрүнөт турбайбы.

Чын эле Алийса түнүчүндө ак кууга окшоп, ай-жылдыздарга учуп баратыптыр. Алдында күзгүдөй чалкалап көгөргөн көл жатыптыр. Жээгинде дарактары өскөн, кыркалекей шаары бар сонун күзгү экен, Ысык-Көл...

## МАРАТ ДЕГЕН БАЛА

Мен, Марат деген баламын.

Жөн эле ойноп, типтике кыр ылдый чапкылап келаткам. Жөн чапкылабай «Атчан чалгындап» деген ырды ырдап келаткам. (Бул ырды илгери чоң атам биздин жер-сууну буржуйлардан кайтарып жүргөндө ырдачу экен):

Атчан чалгындап,
Асман тоолордон,
Арстан жүрөкпүз,
Ашкан зоолордон...

Алдымдан бир топ жөө кишилер чыга калышты. Алар да жөн эмес экен: ар биринде салаңдаган фотоаппарат, беттерине чейин капкара көз айнек, мурундарына жалбырак жабыштырып алышкан. Булар чет элдик туристтер экенин дароо билдим. Алдыма, артыма чуркашып, чөгөлөшүп, жата калышып мени сүрөткө тарта башташты. Мен эрдимди бекем тиштенип, атымды ансайын ыкчырылта бердим. Алар ат ойнотконума ырсайышып, баш бармактарын көргөзүп жатышты. Мен да аларга ырсайып койдум.

Бети-башы жүндүү бирөө мага бир ууч чемишке сунду. Ат минип жүрүп кишилер чемишке чакпайт, мен башымды чайкадым. Дагы бирөө узу-ун тумшук чаар шапкесин алып, менин башымдагы ак калпагымды көргөзүп, алмашалы дегендей кылды. Мен башымды чайкадым. Ал шымынын арткы чөнтөгүнөн эки сагызды алып шапкесине кошуп сунду. Мен унчукпадым. Таңдайын так эткизди. Мен да таңдайымды так эткиздим. Ал дагы арткы чөнтөгүн аңтарып шапкесине бир бүтүн, анан жарты шоколад кошту.

Мен ачуум кайнап минттим:

— Бул деген ак калпак. Баш кийимди сасык чөнтөгүңдөгү сагызга алмашпайм. Эй, мистер, бул деген атамдын ак калпагы. Апам жасап берген. Шоколадыңды өзүң чайна.

Алар бирөө да калбай автобуска түшүп кеткиче көзүмдү айырбай карап турдум. (Мүмкүн, жашынып калышып бирдемени уурдап кетишет.) Кеткиле! Кеткиле мистерлер... Бербейм эчтеке! Албайм эчтеке!

Ак калпагымды ыкчырылтып кайрадан кыр өйдө айылга жөнөдүм. Чоң атамдын ырын ырдап бараттым:

«Учкан куштай зымырап,
Атчан жолдоштор
Ойго жетебиз ойлогон...»

Мына, Марат деген бала.

## КОРОЗ

Чупа деген кичинекей балапан чоң үзүм нан таап алды. Таттуу нан экен, көтөрүп алып, бир туугандарын карай чуркады:

— Таптым... таптым! Таттуу нан.

Топуракты үстүнө чачып ооноп жаткан короз дагдандап чуркап Чупанын алдын тосту:

— Ой, токто, сен нанды кимге алпарасың?

— Бөбөгүм бар, ошого. Апабыз жумушта.

Короз Чупаны шилиден тиштеп ыргытып жиберип, нанын сугунуп алды. Тооктун баары чуркап келишип Корозду тегеректешти, аны чокулап канаттарын жулушту.

— Силер, тооктор жамансыңар? Мен силер менен жашабайм.

Ошентип Короз кетип калды. Сууну бойлоп жүрүп отурду. Чегирткелерди, кумурскаларды терип жеди. Бир убакта жардын башына жетти. Жардын алдында кашка суу агып жатат. Анда өрдөктөр сүзүп жүрөт.

— Ой, өрдөктөр,— деди ал жардын башынан кыйкырып. — Силер сүзгөндү билбейт экенсиңер. Мындай сүзгүлө. Чумкугула. Бутуңарды чойгула. Мына, мен кыйын сүзөм.

Короз сууну кече баштады, кечкен эле жерден кашка суу аны агызып жөнөдү:

— Өрдөктөр, байкебайлар,— деди ал жанталашып,— өлдүү-үм!

Короз агып кетмек болчу. Ала канат таргыл өрдөк корозду желбирөөчүнөн жээкке сүйрөп чыкты.

Чала болот, чоңдугуна мактанган корозго!

## КАРЫШКЫР

Таң үрүл-бүрүл. Көк жал карышкыр шагыл таштуу кырда желип баратты. Бир ташты кылдыратпайт, бир да чөптүн башын кыбыратпайт. Ал ушул заңгел кыр менен нечен жолу өйдө-төмөн каттаган. Ар бир чөптүн жытын билет, ар бир таштын ордун билет.

Ал тикчийип тык токтоду: мурдуна бөтөн жыт урунду, миздүү кызыл таш ордунан козголуп, беш-алты чөп уйпаланып калыптыр. Карышкыр шарт бурулду; бурулар замат алдыңкы бир колу чак дей түштү. Ал оңкосунан сайылды. Канжардай аппак тишин карсылдатып, жулунуп-жулкунду. Капкан чабылган шыйрак териси сөгүлүп, сөөгү кашкайып калды. Капкандын чынжыры шаркылдап, майда таштар, майсан чөптөр сапырылды. Жаалданып, көзү чычаладай жанып капканды, шагыл таштарды качырата чайнады. Тишинен кан шорголоп, ансайын кычышып, капкара узун тумшугу ансайын жыйрыла берди.

Ал бошонбосун билди. Салаңдаган ууртгарын диртилдетип, бир гана жолу озондоп улуп алды да, капканды төшүнө басып комдонуп жата кетти.

Аскага ак шоола салып таң атты. Кулпурган терең өзөнгө асман көмкөрүлүп турду. Ошол өзөндөн, түндө көк карышкыр бир короо койду эски чүпүрөктөй тыткылаган. Байкуш койлор түндө көк жал аралаганда биринен-бири үркүп, бирин-бири тепсеп, боо

түшүп куланбады беле: тамагы шылынган, куйругу жулунган, ичегиси чубалган...

Кырдын шамалы шуулдады. Көк жал куйругун жерге бир сабап, үч буттап ыргып турду.

Те төмөнкү кайкыда ийнинде мылтыгын соройтуп мергенчи келаткан. Көк жал жаланып, кыңшылап кайрадан жата калды. Капканды жыттагылады да, анан шыйрагын азуусуна салып буйдамга келтирбей кырча чайнады. Өзүнүн буту, өзүнүн каны оозуна толо түштү.

Мергенчи капканына жеткенде карышкыр үч буттап эки кырды ашып кеткен. Канга жуулган шыйрагын улам кашкайтып жалап коюп качып бараткан.

Бир ташты кылдыратпайт, бир да чөптүн башын кыбыратпайт.

Мылтыгы соройгон мергенчи анын изине түшүп сая кууп келатты.

Ал көк жалды таба алаар бекен?

## КУЛАГЫ ЭМНЕГЕ УЗУН

Бактын көлөкөсүндө үргүлөп бараткан апасына Асан мындай деди:

— Апа, жакшы кеп айтайынбы?

— Айта бер уулум, көзүм менен угат белем, кулагым сенде.

— Билесиңби апаке! Сатардыкы сени ушактады, жаман киши дешти сени.

Ордунан тура калып апасы оозун бүлк эттирди:

— Качан айтты?

— Эмеле көпөлөк кууп жүрсөм.

— А шордуу уулум ай. Көпөлөк кууп жүрүп уктуңбу? Сатардыкы үйдө жок экенин билесиңби...

Асан кулак-мурду кычышып уялды. Ары караса дубалга сүйкөнүп эшек туруптур.

— Апаке! Тиги эшектин кулагы эмнеге узун...

— Кулагы эмнеге узун дейсиңби?.. Эшек үйдөн үйдү кыдырып тыңшачу экен. Калпты чындай айтып ушакчы болуптур, анан кулагы узарып кетиптир...

Асан кулагын кармалап туруп калды.

## АПАМДЫ БАГАМ

Бирге чай ичип олтурган апасы ачка сыяктанды. Токторбай эңкейип нандан алды да, майдан калың сыйпады:

— Ме, апаке! Жесең...— Берген нандын чекесинен апасы тиштеп жегенине сүйүнүп: «Мына, апамды багып жатам, үйдөгүнүн баарын ушинтип багам»,— деп ойлоду. Бирок, жанагы май сүйкөл-

гөн нан өзүнүн сүт куюлган чынысына тууралып, ал тургай жеп алганын да билген жок.

...Кечинде апасы көйнөк тикти. Токторбай да: «Эми апамы жаап уктатып коёюн»,— деп жанында аңдып олтурду. Көпкө созулбады, аздан кийин үргүлөй баштаганда апасы аны көтөрүп барып кроватына жаткызып койду, мурдунан чымчып өөп, жалынды:

— Мына, мени багып жатат.

Чын эле кимиси багып жатат?

## УЧАТ ЭЛЕМ

Гүлай мышык менен ойноп жатып зерикти да, терезеге барды. Бутунун башы менен тура калып, секирсе да көчөнү көрө алган жок. Тигинде, чатырдын башында бир көгүчкөн таранып олтурат. Ал кандай бактылуу: учат, жер көрөт, булуттан үзүп жейт. Гүлай эмнеге антпейт?

Ал машина тигип жаткан апасынын жанына келип:

— Апаке, сен баарын тиге аласыңбы?

— Ооба, эмне экен?

— Канат тигип берчи, учат элем...

Энеси күлүп, маңдайынан өптү:

— Эртең учасың.

Гүлайдын кездемеден канаты болсо уча алат беле?

## КАЛП ЖАМАН

Чынара жолдошторунун баарына кабарлады:

— Жүргүлө биздикине! Менин туулган күнүм...

Жолдоштору чогулуп аныкына барышты.

— Келгиле, садагалар! — деди үй жууп жаткан апасы.

Анан алардын колунан: «Чынарка, туулган күнүң менен!» деген белектери көрүнүп калды. Чынара башка күнү туулган эле.

— Чынара, сен эмне калп айтасың? — деди апасы.

Чынара таптакыр унчуккан жок.

Буга апасы да уялды. Анан Чынаранын туулган күнүнө аябай камданды. Ар түркүн тамактарды жасады. Чынара болсо жолдошторун чакырып жүрдү.

— Жүргүлө биздикине. Бүгүн туулган күнүм!

Апасы экөөлөп Чынаранын жолдошторун күтүштү. Бирөө да башбакпады. Бир убакта күчүк үрдү. Чынара сүйүнүп чуркап чыкса эч ким жок.

Күчүгүн бир чапты:

— Эмне калп үрөсүң? Калп жаман болот!

## ҚАНТИП

Коноктор жайланып, Асан бурчта калды. Энеси жанынан өтүп баратып, колунан жетелесе болбой кежеңдеди:

— Аный, үйүңө кирбеймин.

Ал үй ээндегенден кийин гана атасынын тизесине олтуруп, таарынычын айтты:

— Я, атаке! Мени төргө олтургузган жоксуң?

— Сен сакалдуу болгондо олтурасың.

Асан атасын кучактап, сакалынан кармалады.

— Атаке! Бирдеме сурайын, берем дечи?

— Макул, берейин.

— Анда сакалыңды бере турчу, тигил үйгө мейман болуп келейин, кайра эле өзүңө берем.

— Жо-ок, сакалдуу болуудан мурда чоңойгун.

— Қантип чоңоём?

— Таарынба, элпек, тил алчаак бол...

## СОНУН БАЛА

Асылтай кичинекей, бою козудан аз эле чоңураак. Ал апасына тил албай шымын өзү кийди. Кийип алып баса албады, жыгылды.

— Шым бузук экен,— деди шымы менен урушуп. Эки бутун бир багалегине салып алганын билген жок.

Апасы «бузук шым» менен сүйлөшүп, ондоп кийгизди эле, Асылтай ойногону эшикке чуркап чыкты. «Апам акылдуу, шым да апамдын тилин алат, мен андан жакшы тил алайын» — деп кайра үйгө кирди:

— Апа, мени чакырдыңбы?

— Жок, садага.

Асылтай чуркап чыгып эле, кайра кирет: кокус апасы чакырдыбы, ал укпай калдыбы?

— Апа, сенин тилиңди алам.

Анын эшик тындырбаганынан апасы жадап, минтти:

— Тил алып жөн ойно, мен чакырмайынча келбе...

— Макул,— деди Асылтай элпек гана эшикти жаап.

Мына, тил алчаак, элпек, сонун бала!

## МАЗМУНУ

**Теңдик Аскаров**

Балдар сезиминде чагылган дүйнөнүн көп кырдуулугу . . . . 3

**Тоголок Молдо**

Тоотай мерген менен үч аркар *(легенда)* . . . . . . . . . . 6
Үркөрдүн кызы үлпүлдөк сулуу *(легенда)* . . . . . . . . 7
Толубай *(легенда)* . . . . . . . . . . . . . . 7

**Касымалы Баялинов**

Чабалекей менен жылан *(жомок)* . . . . . . . . . . 9
Ажар *(повесть)* . . . . . . . . . . . . . . 11
Мурат *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . . . 26
Ал эми жетим эмес *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 34

**Аалы Токомбаев**

Акай мерген *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . . . 37
Мезгил учат *(повесть)* . . . . . . . . . . . . . . 43
Даат *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . . . . . 86

**Касымалы Жантөшев**

Акылман бала *(жомок)* . . . . . . . . . . . . . 97

**Мукай Элебаев**

Бороондуу күнү *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . . 112
Зарлык *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . . . . 115

**Касымбек Эшмамбетов**

Төрт жолдош *(жомок)* . . . . . . . . . . . . . 129
Адыл өчүн алды *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 132

**Түгөлбай Сыдыкбеков**

Сагынбадымбы! *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . . 136
Достук *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . . . . 138
Күтүү *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . . . . . 143
Тоо балдары *(романдан үзүндү)* . . . . . . . . . . . 152

**Насирдин Байтемиров**

Адику *(повесттен үзүндү)* . . . . . . . . . . . . 162

**Айым Айтбаева**

Атанын жагоосу *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 176

**Кусейин Эсенкожоев**

Саякатчы бала *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 193
Үчүнчү шар *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 205

**Касым Каимов**

Балапан *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 221
Мектеп жолунда *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 226

**Чыңгыз Айтматов**

Атадан калган туяк *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 231
Бугу эне *(жомок)* . . . . . . . . . . . . 239

**Шүкүрбек Бейшеналиев**

Мүйүздүү козу *(повесть)* . . . . . . . . . . . . 246
Табышмакчы Чынара *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 260

**Дүйшөн Сулайманов**

Камчыбектин саякаты *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 270
Мактанчаак бөжөк *(жомок)* . . . . . . . . . . . . 282

**Шатман Садыбакасов**

Билем *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 286
Апама айтам *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 287
Ишенбөө *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 288
Мебель *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 289
Ат жакшы көргөн бала (аңгеме) . . . . . . . . . . . . 290
Бир түп буудай *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 291
Ким гүлдөрдү жакшы көрөт *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 292
Роза *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 292
Чымчыктар *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 293
Күзгү *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 294
Марат деген бала *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 296
Короз *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 296
Карышкыр *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 297
Кулагы эмне үчүн узун *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 298
Апамды багам *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 298
Учат элем *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 299
Калп жаман *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 299
Кантип *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 300
Сонун бала *(аңгеме)* . . . . . . . . . . . . 300

**Антология киргизской советской детской прозы**

Для детей среднего школьного возраста

*На киргизском языке*

Издательство «Мектеп»

Составители *Шукурбек Бейшеналиев, Абзий Кыдыров*

Редактору *Д. Сулайманов*
Сүрөт редактору *Ж. Карыпаев*
Техн. редактору *Р. Муканбетова*
Корректору *Ш. Мендешева*

[illegible]